Биз макалада педагог классиктердин эмгектерине жана тажрыйбаларына токтолуу менен бүгүнкү күндөгү педагогиканын өнүгүшүнө тийгизген таасири жөнүндө айтып кетебиз. Мисалы, улуу педагог Я.А. Коменскийдин эмгектерине сарасеп салып көрсөк азыркы педагогикадагы көптөгөн эрежелер анын калтырып кеткен ачылыштарына таянат. Мисалы, азыркы билим берүү мекемелеринде бекем орун алып, активдүү колдонулган класстык сабак системасы, көрсөтмөлүү окутуу методу, эне тилде окутуунун артыкчылыгы, бирдей курактагы балдардын окушу, 6-7 жаштан окутуу, танапис, каникул, чейректер, мектеп жадыбалы, мектеп имаратынын физикалык чөйрөсү, мектеп бакчасы, мектеп аянтчасы, дене тарбия, музыканын өзүнчө атайын сабак катары окутулушу жөнүндөгү ж. б. далилдүү түшүнүктөр, эрежелер эң алгач Коменскийдин эмгектеринде аныкталган. Бизге мурас катары калтырып кеткен ачылыштары ушул күнгө чейин дүйнө мектептеринде жемиштүү колдонулуп келе жатат. Демек, Коменскийдин илимий-педагогикалык табылгалары 4 кылымга жакын мезгил өтсө да өз баалуулугун жоготпой, тескерисинче, актуалдуулугу артып барат. Арадан кылымдар өтсө да «Улуу дидактика» өз актуалдуулугунан кетпей, маани-маңызын жоготпой, педагогикадагы эң абройлуу, фундаменталдуу илимий эмгектердин сап башында келе жатат. Мугалимдер окутуу процессинин маңыз-мазмунун терең түшүнөм десе, ал китепти сөзсүз окуп чыгуусу зарыл экендигине бүгүнкү күнү ынанып турабыз. Тарбиялоо жана окутуу процесстеринин маңыз-мазмунун алгачкылардан болуп табийгатка шайкеш келүү принцибинин негизинде ачып көрсөткөн. Мисалга алсак, куруучунун, чымчыктын, багбандын табияттагы иш-аракеттери аркылуу таалим тарбия процесстеринин мыйзам ченемдүүлүктөрүн ачып берген. Илимдин жана искусствонун жардамы менен балдардын «Табият берген мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү зарыл» дейт. Коменский табияттын мыйзам ченемдүүлүктөрүн изилдеп келип, «табият эч качан пайдасыз нерсени жасабайт» деп далилдөө менен "балдарга азыркы учурда жана келечекте чындап пайдасы тие турган билимдерди окутуш керек" деген. [5, с. 65]

Өзүбүз билгендей ушу убакка чейин турмушка пайдасы тийбеген окуу предметтерин окутуп келгенбиз, азыркы мезгилде билим берүүнүн мазмунуна анализ жасалып прагматикалык билим берүүгө өтүш керек деген көз караштар кеңири кулач жайды. Башкача айтканда, окуучулардын жашоосуна, турмушуна пайдасы тие турган билимдерди окутуу керектигине багыт алып, компетенттүүлүктүн негизинде билим берүүнү ишке ашыруу таалим тарбия практикасына кире баштады.

Анын мындан бир нече кылым мурда айтып кеткен идеялары бүгүнкү күндүн талабына туура келип турат. Мисалы, Коменский «жаштарды туура окутуу – баланын башын авторлордон чогулган сөздөрдүн, фразалардын, ойлордун системасы менен толтуруу эмес, ал деген – көрүнүшөрдүн, буюмдардын маанисин түшүнүү жөндөмдүүлүгүн ачып берүү. Эгерде биз окуучуларга чыныгы жана бышык билим беребиз десек, аларды өз алдынча байкоо жана сезимди аныктоо аркылуу окутушубуз керек» [5, с. 67] – деген ойлору азыркы дидактиканын негизги жобосу болуп калды.

Коменскийдин дидактикадагы ойлору бүгүн да актуалдуулугун жоготпой келе жатат. Мисалга алсак, совет педагогикасындагы окуучулардын билимдерди өздөштүрүү этаптары, Блуммдун таксономиясы жана Сингапурдагы окутуунун 5-е модели анын идеяларына таянган деп эсептесек болот. «Мектеп лабиринтинен чыгуу» аттуу эмгегинде табияттын жана педагогиканын мыйзам ченемдүүлүктөрүн ширештирип,

окуучулардын билимди өздөштүрүүсүнүн 4 этабын көрсөтүп кеткен. Биринчиси – **автопсия** (өз алдынча байкоо, билим алуу); экинчиси – **автопраксия** (практикалык иштөө); үчүнчүсү – **автохресия** (алынган билим, ык, машыгууларды жаңы шарттарда колдоно алуу); төртүнчүсү – **автолекция** (өз иш-аракеттерин өз алдынча айтып берүү, баалоо).

**Блуммдун таксономиясы:** билүү, түшүнүү, колдонуу, талдоо, баалоо, чыгармачылык Кыргызстанда ишке аша турган Сингапурдун 5-е окутуу моделин алып көрөлү. Ал окутуу модели 5 этаптан турат:

1. **Engage (Тартуу)** – Окуучулардын кызыгуусун ойготуп, мурунку билимин эске салуу.
2. **Explore (Изилдөө)** – Окуучулар эксперименттер жана тажрыйбалар аркылуу жаңы түшүнүктөрдү өз алдынча изилдейт.
3. **Explain (Түшүндүрүү)** – Окуучулар изилдеген нерселерин талдап, мугалим теориялык маалымат берет.
4. **Elaborate (Кеңейтүү)** – Алган билимин реалдуу жашоого же жаңы кырдаалдарга колдонуу.
5. **Evaluate (Баалоо)** – Окуучунун түшүнүгүн жана жетишкендигин баалоо (тесттер, долбоорлор ж.б.). Бул моделде анын идеяларына кээ бир өзгөртүүлөр киргизилип мааниси үндөш келип тургандыгы көрүнүп турат.

Кыргыз педагогикасында да окутуунун төрт деңгээли сунушталууда: окуучунун маалымттык билим деңгээли; билимди практикада колдонуу деңгээли; проблемалык кырдаалды чечүү; чыгармачыл мамиле жасоо. [6, 30-б.] Эгерде жогорку моделдерди мазмунун карап көрсөк Я.А. Коменский тарабынан иштелип чыккан моделге тектеш келип турат.

Коменскийдин негизги идеяларынын бири – «Энелер мектебин» түзүү. Ал идея бүгүнкү күндө өтө актуалдуу маселе катары көтөрүлүп жатат. «Өсүмдүк тамырынан гана өсүп чыккандай, ал энелик мектепте гана түптөлөт, андан кийин гана жалбырактарын, гүлдөрүн ача баштайт. Бала дагы жашоого керектүү мүмкүнчүлүктөрдү, акыл-эсти, адеп-ахлактык баалуулуктарды энелер мектебинде ала алат». Ал алгачкы жолу үй-бүлөлүк тарбиялоого арналган «Энелер мектеби» китебин жарыкка чыгарган. Азыркы жаңычыл-педагог Г. Мадаминов ишке ашырып жаткан иш- аракеттин тамыры Коменскийден башталгандыгына ынанып турабыз.

Педагогика илиминин жана ойлордун өнүгүү жана калыптануу тарыхында француз философу Ж.Ж. Руссонун (1712-1778) педагогикасы да негизги орунда турат. Джон Локк балдардын өнүгүү жана калыптанышы айлана- чөйрө менен тарбиядан көз каранды деп белгилесе, Руссо сунуштаган педагогикалык теорияда балдардын табийгый өнүгүшү менен эсептешүү керек деген негизги идеясы өз убагындагы педагогикадагы чоң ачылыштардан болгон. Коменский үчүн тарбияны жаратылыштын жалпы мыйзамына баш ийдирүү керек болсо, анда Руссо «жаратылышка ылайыктыкты, баарынан мурда тарбияны балдардын жаратылышына, алардын шыгына, алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө шайкеш келүүсү” – деп эсептеген. [5, с. 209] Эркин тарбиялоонун негизги маңызы баланын табиятына карата таалим-тарбия берүү. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында мектептеги билим берүүнүн милдети “инсандын өз алдынча билим алуу, өзүн-өзү таануу жана өзүн-өзү өнүктүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн өз алдынча изденүү жана окуу практикалык ишмердүүлүгүн уюштуруу” – деп Руссонун идеясына үндөш болуп турат. [7; 6] Мына бүгүнкү күндөгү көтөрүлүп жаткан гумандуу педагогиканын идеялары Руссонун эмгектеринен башталган деп ишенимдүү айта алабыз. В.А. Сухомлинский, Ш.А. Амонашвили, В.Ф. Шаталов, С.Н. Лысенкова, Б. Исаков, О. Сайдилканов ж.б. советтик педагогиканы авторитардык педагогика катары баалап, гумандуу педагогикага өтүүнү сунуштап келишет.

И.Г. Песталлоци педагогикалык эмгектеринде таалим- тарбия боюнча омоктуу ойлорду айтып кеткен. Ал тарбиянын максаты – инсанды «ар тараптан өнүктүрүү», – деп белгилеп кеткен. [8, с. 357] Ал түшүнүккө: акыл-эс, интеллектуалдык өз алдынчалык, ден соолуктун өнүгүшү жана адеп-ахлактык сапаттардын өнүгүшү кирет деп түшүнгөн. Бүгүнкү күндө биздеги тарбиянын максаты да ушундай мааниде болуп ар тараптан өнүктүрүү идеясы менен таалим- тарбия жүргүзүлүп жатат.

Песталоцци алгачкылардан болуп окуу менен өндүрүмдүү эмгекти байланыштырып, аны тарбияга кызмат кылгыдай пайдалануу керек деп көрсөтүп кеткен, ал бүгүнкү күндөгү политехникалык билим берүү идеясына жакын турган. Песталоцци тарабынан өнүктүрүүчүлүк окутуу идеясы аныкталган. К.Д. Ушинский ал идеяны «Песталоццинин улуу ачылышы» деп баалап кеткен.

Кийинки мезгилде ал идея психологдор Л.В. Занков, Д.Б. Эльконин, В.В. Давыдов, Л.С. Выготский тарабынан ар тараптуу изилденип, бүгүнкү күндөгү окутуу процессинин теориясында жана практикасында кеңири колдонулуп келе жатат. Биз улуу педагогдордун эмгектерин окуп үйрөнүү менен азыркы педагогикадагы ачылыштар өзүнөн-өзү эле пайда болуп калбаганына анын теориялык негизи классик-педагогдор тарабынан иштелип чыккандыгына күбө болуп турабыз.

К.Д.Ушинскийдин педагогикалык идеялары да бүгүнкү педагогикада кеңири колдонулуп келе жатат. Мисалга алсак, азыркы дидактика бир аз кошумча киргизүү менен негизинен К.Д. Ушинский бөлүп кеткен сабактардын классификациясына таянат. Ал сабактарды дидактикалык милдеттерине карата төмөндөгүдөй типтерин иштеп чыккан: аралаш сабак; оозеки жана практикалык көнүгүүлөр сабагы; жазуу, көнүгүүлөр сабагы; окуучулардын билимин баалоо сабагы. Азыркы мектепте а) аралаш же айкалыштырылган (комбинацияланган) сабак; б) жаңы материалды өздөштүрүү сабагы; в) окулган материалды системалаштыруу, жалпылоо сабагы; г) окулган материалды кайталоо, башыктоо сабагы; д) билимди, ыкма жана көндүмдөрдү текшерүү жана баалоо сабагы; е) билим, ыкма жана көндүмдөрдү калыптандыруу сабактары эффективдүү кызмат көрсөтүүдө. [9, 65-б.]

Ушинский тарбиялоо жана окутууда тарбиячы менен мугалимдин ортосундагы функцияларды бөлүштүрүүгө каршы болгон. Ал окутууну тарбиялоонун эң маанилүү каражаты деп эсептеген. Башталгыч класстарда ар бир предметти түрдүү мугалимдердин окутуусу туура эмес деп белгилеп, бардык предметтерди бир эле мугалимдин окутушун талап кылган жана окутуу класс жетекчиге берилиш керек деп эсептеген. Бул идея да бүгүнкү күндөгү мектептерде кеңири колдонулуп келүүдө. Алгачкы болуп Ушинский окутуунун дидактикалык принциптерин иштеп чыккан. Алар: илимий, көргөзмө, системалуу, ырааттуу, аң-сезимдүү, активдүү, жеткиликтүү, окутуунун тарбия берүү жана элдик принциптер. Мына, өзүбүз күбө болгондой, Ушинский иштеп чыккан окутуунун принциптери азыркы дидактиканын принциптеринин негизин түзөт. Мугалимдерди даярдоого болгон прогрессивдүү идеялары педагогикада азыркы учурга чейин актуалдуу бойдон калууда. Мугалим жөнүндө ал мындайча айтып кеткен: «Мугалим кандайдыр бир предмет боюнча окутуучу гана болбостон, ал тарбиячы болуш керек, өз кесибин сүйгөн, тарбиялык ишке жоопкерчилик менен мамиле кылган, билимдүү, педагогика менен психологияны жакшы өздөштүргөн, педагогикалык чеберчилиги жана педагогикалык жүрүм туруму калыптанган адам болушу керек». [8, 230-б.] Биз бул макалада улуу педагогдордун эмгектерин окуп үйрөнүү менен азыркы педагогикадагы ачылыштар өзүнөн-өзү эле пайда болуп калбаганына анын теориялык негизи педагог-классиктер тарабынан иштелип чыккандыгына күбө болуп турабыз. Ошондуктан "Педагогикалык ойлордун жана билим берүү тарыхы окуу дисциплинасын окутууга болочок мугалимдерди даярдоо процессинде өзгөчө көңүл буруу керектигин белгилеп кетебиз.

**Колдонулган адабияттар**


1. Президент Садыр Жапаровдун 5-октябрда мугалимдерди жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тутумунун кызматкерлерин кесиптик майрамы менен куттуктоо сөзү. – Режим доступа: https://www.facebook.com/story.php?story_(дата обращения: 5.10. 2024).
2. Сухомлинский В.А. Мугалимге жүз насаат / Котор. Дүйшө Айтмамбетов. – Фрунзе: Мектеп, 1983, 256-б.
3. Бейшеналиев А.Б., Калдыбаев С.К. Педагогикалык ойлордун жана билим берүүнүн тарыхы: Окуу куралы. – Бишкек, 2024, 264-б.
4. Мадаминов Г.М. Устаттык өнөрү. – Бишкек, 2021, 152-б.
5. Коменский Я.А., Локк Д., Руссо Ж.Ж., Песталоцци И.Г. Педагогическое наследие / Сост. В.М. Кларин, А.Н.Джуринский. – Москва: Педагогика, 1989, 65 с.
6. Рысбаев С. Деңгээлдик билим берүү технологиялары. – Бишкек: MirAs print", 2023, 216-б.
7. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты, 2022, 6-б.
8. Константинов Н.А. и др. История педагогики: Учебник для студентов пед. ин-тов / Н.А. Константинов, Е.Н. Медынский, М.Ф. Шабаева. – 5-е изд., доп. и перераб. – Москва: Просвещение, 1982, 357 с.
9. Батыралиев А. Педагогика. – Ош, 2023, 184-б.


**Рецензент: пед.и.к., доцент Бабаев М.Д.**

УДК 51-77
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-18-22

**Бексултанов Ж.Т., Абельденов А.М.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Бексултанов Ж.Т., Абельденов А.М.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Beksultanov Zh.T., Abeldenov A.M.**
KNU J. Balasagyn

# ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНИН САПАТЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨНҮН МАТЕМАТИКАЛЫК МОДЕЛДЕРИ
# МАТЕМАТИЧЕСКИЕ МОДЕЛИ КОНТРОЛЯ КАЧЕСТВА В ВЫСШЕМ ОБРАЗОВАНИИ
# MATHEMATICAL MODELS OF QUALITY CONTROL IN HIGHER EDUCATION

**Кыскача мүнөздөмө:** Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардагы билим берүү системасы, өзүнүн өнүгүү жолун жолго коюу максатында профессордук-окутуучулук курамынын даярдык деңгээлине жана сапаттык башкаруу маселелерине карата системалык жалпы ыкманы иштеп чыгууну талап кылууда. Акыркы жылдары дүйнөлүк деңгээлде ЖОЖдордун ишинин сапатын жана алардын натыйжалуулугун математикалык моделдөө маселеси чоң мааниге ээ болууда. Университеттердеги факультеттердин жана институттардын, колледждердин потенциалын жана ишинин натыйжалуулугун баалоо критерийлерин системалаштыруу жана аларды математикалык моделдештирүү процессин чагылдыруу максатында бул макала сунушталат. Макалада сунушталган моделдерди колдонуу Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүн оптималдаштырууга мүмкүндүк берет деген ойдобуз.

**Аннотация:** Система высшего образования в Кыргызстане требует разработки системного подхода к уровню подготовки и управления качеством профессорско-преподавательского состава, чтобы направлять ее развитие. В последние годы на глобальном уровне все более актуальным становится вопрос математического моделирования качества университетов и их эффективности. Данная статья представлена с целью систематизировать критерии оценки потенциала и эффективности факультетов и институтов, колледжей в университетах и отразить процесс их математического моделирования. Полагаем, что использование представленных в статье моделей позволит оптимизировать образовательную среду в Кыргызской Республике.

**Abstract:** The system of higher education in Kyrgyzstan requires the development of a systematic approach to the level of training and quality management of the teaching staff in order to guide its development. In recent years, at the global level, the issue of mathematical modeling of the quality of universities and their effectiveness has become increasingly important. This article is presented in order to systematize the criteria for assessing the potential and effectiveness of faculties and institutes, colleges in universities and reflect the process of their mathematical modeling. We believe that the use of the models presented in the article will optimize the educational environment in the Kyrgyz Republic.

**Негизги сөздөр:** билим берүү; билим сапаты; жогорку окуу жай; окутуучу; математикалык модель; моделдештирүү.

**Ключевые слова:** образование; качество образования; университет; преподаватель; математическая модель; моделирование.

**Keywords:** education; quality of education; university; teacher; mathematical model; modeling.

Тилекке карышы азыркы учурда, билим берүү жаатына, билим берүү системасына коомчулук тарабынан көптөгөн сын пикирлер айтылууда. Чынында эле, жалпы билим сапатынын төмөндөп кетиши айдан ачык бардыгыбызга сезилип, аны кандай жол менен оңдоп, билим сапатын жогорулатууга карата көптөгөн окумуштуу-педагогтор өз ой-пикир, сунуштарын айтышууда.

Билим берүү сапатын жогорулатуу проблемасы – мамлекеттик деңгээлде чечилүүчү абдан чоң, маанилүү социалдык проблема. Билим берүүнүн сапаты кандайдыр бир абстрактуу касиет эмес – ал берилген деңгээлдеги адисти даярдоонун жүрүшүндө чечилүүчү тигил же бул маселеге туура келүүчү максималдык (жетишээрлик) жогорку сапат.

Адистердин даярдалыш деңгээлинен, алардын өлкөгө болгон талаптарынан көпчүлүк учурда мамлекеттин экономикалык жана социалдык абалы көз кранды.

Жогорудагы маселелерди чечүү максатында мамлекеттик деңгээлде Университеттик билим берүүнү «Университеттин 4.0 моделине өткөрүү программасы» азыркы учурда талап кылынууда.

Анын концептуалдык негиздемеси:

Бүгүнкү күндөгү төртүнчү муундагы университет жана келечекке карата жетишкендиктер менен бирге - бул рыноктун кыймылдаткычы, экономикалык өсүштүн кепилдиги, туруктуу экономиканын негизи. Жаңы форматтагы университеттин экосистемасы жаңы жетишкендиктерди, ар тараптуу илимий жана чыгармачыл долбоорлорду, ошондой эле инновацияларды жаратуу үчүн ачык, эркин мейкиндикти, ошондой эле технологиялык жетишкендиктерди жана алдыңкы бизнес идеяларды жаратуу үчүн көп тараптуу аянтчаларды камтыйт.

Жогорку билим берүүнү өнүктүрүүнүн учурдагы этабы, университетти бир бүтүн социалдык-экономикалык объект катары каралышын жана ушунун негизинде жаңы шарттарга туура келген адистерди даярдоо боюнча иш-чаралардын системалык моделдерин иштеп чыгуу зарылчылыгын талап кылууда. Университет, социалдык-экономикалык объект катары, социалдык ишмердүүлүктө татаал динамикалык түрдө өнүгүп келе жаткан система болуп саналат. Бирок, педагогикалык кубулуштарды жана процесстерди субъективдүү баяндоодон аларды объективдүү баалоолорго өтмөйүнчө, билим берүү процессинин сапатын жыйынтыктуу башкаруу мүмкүн эмес, бул математикалык моделдөө методдорун колдонгон учурда гана ишке ашат. Адабияттарда билим берүү процессинин сапатынын математикалык моделдерин түзүү маселелерине көп көңүл бурулган.

Белгилей кетсек, А.А. Аветисов, Т.В. Камышникова [1], В.П. Сухинин жана М.В. Горшенинанын [2] эмгектеринде университеттеги студенттерди даярдоонун сапатын баалоо жана башкаруу боюнча оптимизациялык модели баяндалган. Ошондой эле [3], авторлору адистерди даярдоо системасын оптималдуу башкаруунун математикалык моделдерин кеңири карап чыгышкан. В.И. Мешалкиндин эмгеги [4], билим берүү процессинин сапатын башкарууну оптималдаштыруу маселесин чечүү үчүн колдонулган жогорку окуу жайынын ишмердүүлүгүнүн ар кандай аспектилеринин сапатынын функцияларын кеңири түрдө сүрөттөөгө арналган.

Университетти башкаруунун негизги милдеттерин чечүүгө көптөгөн толук аныкталбаган факторлор таасирин тийгизет. [1; 3; 5; 6] Алардын канчалык деңгээлде эске алынгандыгы баяндалып жаткан процесстин моделинин мазмунуна гана эмес, университеттин ишин оптималдуу башкаруу маселелерин чечүү үчүн математикалык методдорду тандоого дагы таасир этет.

Билим берүү процессинин сапатын көзөмөлдөөнүн негизги математикалык моделдери

Билим берүү процессинин сапатын көзөмөлдөө үчүн колдонулган эң жөнөкөй математикалык модель – бул баллдык (чекиттик) модель. Анын маңызын төмөнкүдөй чечмелесек болот . $X_1, X_2, \ldots, X_n$ , t – убакыт мезгилинде тандалып алынган объектинин абалын жана анын мурунку көзөмөлдөө мезгилиндеги ишинин жыйынтыктарын мүнөздөөчү сандык көрсөткүчтөрдүн жыйындысы болсун. Бул учурда, тандалган объекттин жалпы рейтингин төмөнкү формула боюнча эсептесе болот:

$$R = \alpha_1 X_1 + \alpha_2 X_2 + \cdots + \alpha_n X_n,$$

бул жерде $\alpha_i$ - эксперттер тарабынан берилген эвристикалык салмактык коэффициенттери.

Баллдык моделдин артыкчылыгы болуп анын жөнөкөйлүгү жана аз эмгек талап кылгандыгы, бирок анын бир катар кемчиликтери бар:

- салмактык факторлорду эксперттердин чечими менен тандоо зарылдыгы;
- статистикалык берилиштерди математикалык иштеп чыгуу процессинде аныкталган $X_i$ сандык көрсөткүчтөрүнүн ортосундагы көз карандылуулукту эсепке алуунун жоктугу;
- ар кандай өлчөмгө ээ чоңдуктарды суммалоо;
- потенциалды ишке ашыруу даражасын баалоонун мүмкүн эместиги.

Жогорудагы моделге салыштырмалуу алда канча жеткиликтүү, рейтингдерди эсептөө үчүн нормативдик-классификациялык моделди карайлы. [3] Анын маңызын төмөнкүдөй чечмелесек болот. Берилген объекттин ишмердүүлүк активдүүлүгүнүн жана абалынын баштапкы көрсөткүчтөрүнүн бардык жыйындысын эки көптүккө бөлүп карасак болот:

1. Ар кандай ишмердүүлүктүн түрлөрүн жүзөгө ашыруунун абалын жана потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн мүнөздөөчү

потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдүн көрсөткүчтөрү.

2. Берилген объекттин мурунку пландаштыруу мезгилиндеги иштеринин натыйжаларын мүнөздөөчү иш-аракеттердин активдүүлүгүнүн же жыйынтыктуулугунун көрсөткүчтөрү.

Биринчи көптүктүн көрсөткүчтөрү ар бири өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ бир катар класстарга бөлүнөт, ал эми экинчи көптүктүн көрсөткүчтөрү бир нече сандагы ишмердүүлүктөрдүн түрлөрүнө бөлүнөт.

Андан ары, потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдүн жана ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн көрсөткүчтөрүндөгү ар бир тобу, экономикалык мааниге ээ айрым чоңдуктарга салыштырмалуу нормалдаштырылган. Потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрдүн жана ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн ар бир тобу үчүн эксперттик метод аркылуу салмактуулук коэффициенттери аныкталат жана потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн ар кандай түрлөрү үчүн потенциалдардын рейтингин жана ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрү боюнча активдүүлүктүн (жыйынтыктуулуктун) рейтингин эсептейт.

Татаал көп схемалуу техникалык объектилерди автоматтык башкаруунун өзүн-өзү жөндөөчү (адаптацияланган) системаларын синтездөө үчүн, профессор В.И. Чернецкий ири көлөмдөгү башкаруу системаларын башкаруунун эталондук моделин сунуш кылган. [7] Эталондук моделдердин маңызы, параметрлеринин маанисин тигил же бул жагынан оптималдуу деп эсептеп (бул божомол дайыма эле иш жүзүндө жүзөгө ашырыла бербейт), айрым бир идеалдуу (гипотетикалык, эталондук) башкаруу объектисин тандап алуу мүмкүнчүлүгүн болжолдоодо турат. Андан кийин эталондук объектиси менен бир типке таандык болгон бардык башка башкаруу объекттеринин көзөмөлдөнүүчү параметрлеринин маанилери, эталондук объектисинин параметрлеринин маанилеринен четтөөлөрү (же катыштары) боюнча бааланат. Иш жүзүндөгү жана эталондук маанилерди салыштыруунун натыйжалары боюнча кошумча башкаруу цикли (адаптация жана өзүн-өзү жөндөө цикли) синтезделет, анын негизги максаты болуп, объекттин керектүү багытта кыймылда болуу динамикасын аныктоочу айрым технологиялык параметрлерди ырааттуу өзгөртүү эсептелет.

Ири башкаруу системаларын башкаруунун эталондук моделдер принцибинин негизги идеясын колдонууда, чындыгында, татаал динамикалык өзгөрүүчү же күтүүсүз (аныкталбаган) шарттардагы субъективдүү (адамзаттык) факторлордун катышуусунда, атап айтканда, көзөмөлдөөгө мүмкүн эмес таасирлердин көптүгү менен аныкталган, алардын иштешинин жетишээрлик жогорку натыйжалуулугун камсыз кылган, ири башкаруу системасына кошумча адаптация циклдарын синтездөө үчүн математикалык моделдер колдонулат.

Акыркы жылдардагы адабияттарда жогорку билим берүү системасынын объектилерин рейтингдөө боюнча моделдер көп сунушталууда. Ар бир фактордун объективдүү маанисине негизделген объекттин сапатынын комплекстүү интегралдык көрсөткүчүн киргизебиз:

$$R(S_i) = \sum_{j=1}^{n} k_{ij} H_j,\ i = 1,\dots,m,$$

мында $R(S_i)$ – $S_i$ объектисинин интегралдык сапаты, m – объекттердин саны; n –касиеттеринин саны; $H_j$ – j-касиеттеринин маанилүүлүгү; $k_{ij}$ – i-объектиси үчүн j-касиетинин саппаттык бааланышы.

Фактордун маанилүүлүгүн аныктоочу өлчөм катары, көпчүлүк учурда касиеттин маанилеринин аныксыздыгынын объективдүү өлчөмү катары касиеттин энтропиясынын маанисин (К. Шеннондун [8] пикири боюнча) колдонуу сунушталат.

$$\Phi_j = -\sum_{t=1}^{K_j} p_{jt} \ln p_{jt},\ j = 1,\dots,n,$$

бул жерде, $K_j$ - j-касиетинин сапаттык деңгээлдеринин саны (сапатты системалуу негиздөө); $p_{jt}$ - j-касиетин бөлүштүрүүдөгү $k_{ij} = t$ сапаттык баалоонун кездешүүчүлүк ыктымалдыгы (жыштыгы). Бул учурда, анализденүүчү тандалмадагы маанилердин көбүрөөк "чачыранды" даражасына ээ болгон касиеттери чоң маанилүүлүккө ээ болот.

Жогорку билим берүү системасындагы объектилерин рейтингдөө боюнча жалпыланган алгоритмди келтирели.

Кадам 1. $K_j$, j = 1,...,n сапаттык деңгээлдеринин санын тандоо.

Кадам 2. Баштапкы чоңдуктарды жана интенсивдүүлүктү сапаттык аналогдорго өзгөртүү параметрлерин тандоо: ар бир касиеттин максималдык жана минималдык маанисин.

Бул абсолюттук маанилер (ченемдик же теориялык түшүнүктөрдүн негизинде аныкталат) же локалдык (анализденүүчү тандалмадагы максималдык жана минималдык

маанилери) болушу мүмкүн. Баштапкы маалыматтардын көлөмү аз болгон учурда, локалдык (жеке) минимумдарды / максимумдарды колдонуу сунушталбайт.

Кадам 3. Баштапкы маалыматтарды сапаттуу аналогдорго айландыруу формуласы

$$k_{ij} = 1 + round\frac{(x_{ij} - x_{j\min})(K_j - 1)}{x_{j\max} - x_{j\min}},$$

мында, $x_{ij}$ – i-объектиси үчүн j-факторунун баштапкы сандык чоңдугу же сапаттык мааниси; $x_{jmax}$, $x_{jmin}$ – j-касиетинин максималдык жана минималдык маанилери; round () – арифметикалык тегеректөө амалы.

Кадам 4. Ар бир касиеттин $H_j$ энтропиясын табуу.

Кадам 5. (1.1) формуласы боюнча ар бир объектинин интегралдык сапатын эсептөө.

Кадам 6. Интегралдык сапаттын табылган баалуулуктары боюнча объектилердин жыйындысын рейтингдөө.

Кадам 7. Азыркы абалды оңдоо жана андан аркы өнүгүүнү координациялоо үчүн алынган натыйжаларды анализдөө жана башкаруу чечимдерин кабыл алуу.

Кадам 8. Макро-объектинин алдындагы системаларды анализдөөдө – алынган интегралдык сапаттык көрсөткүчтөрүн мүмкүн болушунча теориялык маанисине ылайык нормалдаштыруу жана берилиштерди андан жогорку деңгээлге өткөрүү.

Мындан сыркары, билим берүү сапатын жөнгө салуу моделинде төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөр бар:

- маселени чечүү үчүн кибернетикалык ыкма;

- билим берүүнүн сапатын башкаруудагы көп критериялуу оптималдаштыруу;

- ПОК үчүн эффективдүү стимулдаштыруу системасын колдонуу;

- маалыматтарды тез чогултууга жана иштеп чыгууга мүмкүндүк берген, ошондой эле системанын абалын ар тараптуу жана көп кырдуу талдоого мүмкүндүк берген жаңы IT-технологияларды колдонуу;

- терс көрүнүштөрдүн пайда болушуна жол бербеген жана ачык башкаруу принцибин камсыз кылуучу ачык башкаруу системасын колдонуу (каттоо, жалган отчеттор ж.б.).

Ушунун бардыгы университеттин каалаган кызматкерлерине жана студенттерине маалыматтын ачык жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат. Окутуучулардын жана студенттердин ишинин сапатын баалоочу рейтинг тутуму, аларды системанын ишинде каралган жалпыланган критерий боюнча баалоого мүмкүндүк берет.

Макалада келтирилген критерийлерди комплекстүү баалоо билим берүү системасынын абалын адекваттуу чагылдырат. Анализдин тактыгын жогорулатуу үчүн социалдык-экономикалык, педагогикалык (методикалык) жана техникалык мүнөздөгү башка аспектилерди дагы эске алган башка критерийлерди кошо карасак болот. Мындай маселе кыйла татаал формулировкага ээ болот, бирок заманбап техникалык каражаттар жана маалыматтык технологиялар мындай чечимдерди ишке ашырууга өбөлгө түзөт.

Жогорку окуу жайлардагы окуу процессинин сапатын моделдөө үчүн келтирилген моделдерден башка дагы көптөгөн моделдер бар. Биз сунуштаган моделдерди андан ары терендетип изилдеп, кийинки макалаларда бергенге аракет кылабыз.

## Колдонулган адабияттар


1. Аветисов А.А., Камышникова Т.В. Оптимизационная модель оценки и управления качеством подготовки студентов в вузе // Проблемы качества, его нормирования и стандартов в образовании. – Москва: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 1998, с. 105-109.
2. Сухинин В.П., Горшенина М.В. Проектирование дополнительных образовательных услуг на основе методов Г. Тагути // Управление качеством высшего образования: теория, методология, организация, практика. – СПб-Кострома: Смольный институт РАО, изд-во КГУ, 2005, т. 3, с. 80-85.
3. Васильев В.Н. и др. О математических моделях оптимального управления системой подготовки специалистов. – Петрозаводск: изд-во Петр. ГУ, 1997.
4. Мешалкин В.И. Учреждения высшего и среднего профессионального образования в Российской Федерации. Аккредитация – самообследование – рейтинг. – Москва: изд-во РУДН, 1995, 136 с.
5. Граничин О.Н., Поляк Б.Т. Рандомизированные алгоритмы оценивания и оптимизации при почти произвольных помехах. – Москва: Наука, 2003, 291 с.

6. Granichin O.N. Linear regression and filtering under nonstandard assumptions (Arbitrary noise) // Trans. on Automat. Contr, 2004, v. 49, p. 1830-1835.
7. Чернецкий В.И. Математическое моделирование динамических систем. – Петрозаводск: изд-во Петр. ГУ, 1996.

**Рецензент: техн.и.д., профессор Курманбек уулу Т.**

УДК 81.271.2+37.0
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-22-27

**Джунушева Б.А., Суералиева Д.С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Джунушева Б.А., Суералиева Д.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Dzhunusheva B.A., Sueralieva D. S.**
KNU J. Balasagyn

## БОЛОЧОК СТУДЕНТ- ЮРИСТТЕРДИН КЕП МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУ
## ФОРМИРОВАНИЕ РЕЧЕВОЙ КУЛЬТУРЫ БУДУЩИХ СТУДЕНТОВ-ЮРИСТОВ
## FORMATION OF SPEECH CULTURE OF FUTURE LAW STUDENTS

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада студенттердин кеп маданиятын калыптандыруу деңгээлин жогорулатуунун эффективдүү методикалык жолдорун изилдөө, кесиптик ишмердүүлүктүн ар кандай тармактарында баарлашуунун натыйжалуулугун камсыз кылуучу тил тажрыйбасынын көндүмдөрүн калыптандыруу каралат. Келечектеги юристтердин кесиптик ишмердүүлүгү тилди билүү деңгээлинен көз каранды болгондуктан, бул чечендик өнөрдүн негиздерине жана тилдин өзгөчө маданиятына үйрөтүүнү талап кылат. Студент- юристтерге кеп маданиятынын негизги талабы, бул биринчи кезекте, кептин грамматикалык, орфографиялык жана стилистикалык тууралыгы.

**Аннотация:** В данной статье речь идет о поиске эффективных методических путей повышения уровня сформированности речевой культуры студентов, формирования условий языкового опыта, обеспечивающих эффективность общения в различных сферах профессиональной деятельности. Поскольку профессиональная деятельность будущих юристов зависит от уровня знания языка, она требует обучения основам публичного выступления и особой культуры языка. Основным требованием культуры речи студентов-юристов является, прежде всего, грамматическая, орфографическая и стилистическая правильность речи.

**Abstract:** This article is about the search for effective methodological ways to increase the level of formation of students' speech culture, the formation of language experience conditions that ensure effective communication in various fields of professional activity. Since the professional activity of future lawyers depends on the level of language proficiency, it requires training in the basics of public speaking and a special culture of the language. The main requirement of the speech culture of law students is, first of all, grammatical, spelling and stylistic correctness of speech.

**Негизги сөздөр:** ийгиликтүү юрист; кеп маданиятын калыптандыруу; сүйлөө маданияты; сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү; укуктук терминдер; кесиптик ишмердүүлүк; сабаттуу сүйлөө.

**Ключевые слова:** успешный юрист; формирование культуры речи; культура речи; ведение переговоров; юридические термины; профессиональная деятельность; грамотная речь.

**Keywords:** successful lawyer; formation of speech culture; speech culture; negotiation; legal terms.

Юрист – бул юридикалык чөйрөдө жогорку билимдүү, практикалык ишмердүүлүк менен алектенген адис. Өзүнүн ыйгарым уктары боюнча, ал жалпысынан учурдагы мыйзамдардын нормаларын колдонуу менен жеке адамдардын же юридикалык жактардын аракеттеринин мыйзамдуулугун камсыз кылат. [8]

Юридикалык кесипти тандап алган студенттердин жалпы кеп маданияты кайсы бир денгээлде алардын тилге болгон

кызыгуусуна, ой жүгүртүү маданиятына байланыштуу болот.

Ийгиликтүү юрист мыйзамдарды чыгарууну, сот практикасын талдоону, процесстик документтерди даярдоону гана жүргүзбөстөн, өзүнүн кардарлары, мамлекеттик жана сот органдары менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү менен ар түрдүү коммуникативдик ролдорду аткарышат жана алар баарлашуусунда так, ишенимдүү жана ынанымдуу сүйлөшү керек. Ошондуктан, студенттердин кеп маданиятын калыптандыруу деңгээлин жогорулатуунун эффективдүү методикалык жолдорун изилдеп, кесиптик ишмердүүлүктүн ар кандай тармактарында баарлашуунун натыйжалуулугун камсыз кылуучу тил тажрыйбасынын көндүмдөрүн калыптандыруубуз абзел. Кеп маданиятына сөз байлыгы, логикалык жактан байланышкан, грамматикалык түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгүн, адабий көркөмдүүлүгүн камтыган кептик баарлашуу кирет деп эсептейбиз.

Лингвисттер кеп маданиятынын негизги критерийлери деп орфоэпиялык, лексикалык, грамматикалык, орфографиялык, пунктуациялык, нормаларды туура колдонууну, сөздөрдү так айтууну жана сүйлөмдөрдүн туура түзүлүшү, таза сүйлөөнү б.а. сүйлөп жатканда жөнөкөй диалектик сөздөрдү, маанисине туура келбеген чет тилден кирген сөздөрдү ж.б. пайдаланбоо нормаларын аныкташат.

Жашоодо ар бир адам сүйлөгөндө гана, анын кебинин маданияттуулугу канчалык экенин билебиз. Демек, студент болочок кесибинин ишмердүүлүгүндө турмуштук, кесиптик ар кандай жагдайларда угуучуларга (баарлашып жаткан адамдарга) таасир бергендей өзүнүн оюн так, ачык, айкын айта билүүсү, тилдин нормаларын сактоо денгээлине байланыштуу сүйлөй алуусу абзел. Себеби, кесиптик тил базалык жалпы эне тили жана чет тилдеринин негиздерине таянат. Ошондуктан, студенттерге риторика менен катар тилдерди үйрөнүү зарылчылыгы келип чыгат. Анткени, ой жүгүртүү билдирүүнүн каражаттарына көз каранды б.а. кандайдыр бир ойду же маалыматты жеткирүүнү так, туура айтпаса түшүнүксүздүккө алып келет. Ийгиликтүү юрист болууну каалаган студент эмнени айтам дебестен, кантип айтам деп да ойлонусу зарыл.

Жогоруда айтылгандай, лингводидактиканын негизги талабы, биринчи кезекте, так сүйлөө (орфоэпиялык, лексикалык, грамматикалык жана стилистикалык жактан туура сүйлөө); таза сүйлөө (жаргон жана диалектизмдер, карапайым сөздөр ж.б.); көркөм сүйлөө (зарыл болгон тил каражаттарын пайдалануу) пикир алышуудагы жөндөмдүүлүгү (адабий тилдин нормаларына дал келиши) логикалык жактан так жана системалуу сүйлөө (ырааттуулук, түшүнүктүү б.а сүйлөгөн сөзүнүн чаржайыт эместиги) болуп саналат. [4]

Жогорку окуу жайларындагы юридикалык багытындагы студенттерге тилди үйрөтүүдө кесиптик тилге тиешелүү илимий, публицистикалык жана иштиктүү, оозеки стилдерге басым жасалат. Белгиленген стилдердин жанрларына тиешелүү сөздөрдү, композициялык жана структуралык түзүлүшүн жазуу жана оозеки кептеринде пайдаланууну үйрөнүү кыйынчылык туудурат. Ошондуктан, ораторлук чеберчиликке жана кеп маданиятына окутуп үйрөтүүдө негизинен билгичтикке басым жасалат, себеби бул көндүмдөр кесиптик ишмердүүлүктө жемиштүү мүнөзгө ээ болот.

Ораторлук чеберчиликти же риториканы изилдеген изилдөөчүлөр публикага чыгып сүйлөөдө ораторлун билиминин жана билгичтигинин комплекстик даярдыгын аныкташат. [3] Буга байланыштуу, юрист кайсы жерде, кайсы гана темада, кайсы гана кырдаалдарда баарлашпасын өзүнүн кебин курууда керектүү каражат материалды тандап алуу жөндөмү, угуучуларга белгилүү бир таасир калтыруу максатты көздөп, далилдөө жана жокко чыгаруу жөндөмү, ынандыра билүү, сөз чеберчилиги ораторлук өнөрдүн белгилеринин бири болуп саналат.

**Кеп маданиятын калыптандыруунун ыкмаларына**

- Юридикалык терминологияны өздөштүрүү:
  - Юридикалык сөздүктөрдү, китептерди жана макалаларды окуу.
  - Юридикалык терминдерди практикада колдонуу.
  - Юридикалык терминология боюнча атайын курстарга катышуу.
- Жазуу жана оозеки кеп көндүмдөрүн өнүктүрүү:
  - Юридикалык документтерди (арыздар, келишимдер, соттук чечимдер) жазуу.
  - Коомдук сүйлөө көндүмдөрүн өнүктүрүү (презентациялар, дебаттар, соттук талкуулар).
  - Кеп практикасы үчүн атайын тренингдерге катышуу.
- Сынчыл ой жүгүртүүнү жана аналитикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү:
  - Юридикалык иштерди талдоо жана чечүү.
  - Логикалык аргументтерди түзүү.

- o Маалыматты сын көз менен кароо.
- Юридикалык этиканы үйрөнүү:
- o Юридикалык этика боюнча курстарга катышуу.
- o Этикалык дилеммаларды талкуулоо.
- o Этикалык принциптерди практикада колдонуу.
- Практикалык тажрыйба:
- o Юридикалык клиникаларда практикадан өтүү.
- o Соттук отурумдарга катышуу.
- o Юридикалык талкууларга жана конференцияларга катышуу.

Юрист-спикердин сүйлөө маданияты жөнүндө атайын сөз кылуу зарыл, анткени, биринчиден, юридикалык тил лексикалык жактан өзгөчө, бул студенттер үчүн аны үйрөнүүдөгү биринчи кыйынчылыкты туудурат. Орус тилиндеги жана кыргыз тилиндеги мыйзамдын субтилинде өзгөчө юридикалык мааниге ээ болгон көптөгөн терминдер бар, мисалы: кодекс, контрабанда, алиби, кылмыштын мотивдери, бөгөт коюу чарасы, конфискация ж.б. Терминдик мааниде орус тилиндеги: такие разговорные слова, как: промотание, попрошайничество, оговор; устаревшие: деяние, сокрытие; отглагольные существительные, нехарактерные для общего употребления: доставление, отобрание, недонесение, приискание, - деген сөздөр колдонулса, ал эми кыргыз тилиндеги ысырап кылуу, жалаа жабуу сыяктуу кээ бир оозеки сөздөр колдонулат; эскирген: иш кылуу, жашыруу; жалпы колдонууга мүнөздүү эмес оозеки зат атоочтор: жеткирүү, тандоо, жеткире албай калуу, издөө ж.б. сөздөр пайдаланылат. Көп маанидеги сөздөрдүн колдонулушу да өзгөчө мааниге ээ. Мисалы, орус тилиндеги: привод—принудительное доставление кого-либо в органы расследования или суда; возбудить—начать производство уголовного дела; склонить—заставить совершить преступление; смягчить—сделать наказание менее суровым и строгим; статья—определенный раздел, параграф в юридическом документе; организатор—инициатор преступления; погашение—прекращение срока судимости; эпизод—часть преступных действий и др. пайдаланылса, кыргыз тилинде мисалы: алып келүү - тергөө же сот органдарына бирөөнү мажбурлап жеткирүү; козгоо — кылмыш ишин козгоо; түртүү — кылмыш жасоого мажбурлоо; жумшартуу - жазаны жеңил жана катаал кылуу; статья — юридикалык документтеги белгилүү бир бөлүм, пункт; уюштуруучу - кылмыштын демилгечиси; алып салуу — соттуулугун токтотуу; эпизод — кылмыштуу аракеттердин бир бөлүгү ж.б. кирет. Укук тилинде карым-катнаштын укуктук чөйрөсүнөн тышкары колдонулбаган көптөгөн сөз айкаштары да кездешет, мисалы: кыргыз тилинде кылмышты уюштуруучу, чара колдонуу, кылмыш жасоо, адеп-ахлаксыз жорук ж.б. кирсе, орус тилинде болсо: организатор преступления, применить меры, совершение преступления, аморальный проступок и др. Мындай бирдиктерди өздөштүрүүдөгү кыйынчылык юридикалык контекстте түзүлгөн жаңы конкреттүү маанилердин, терминологиялык мазмундун формасы менен өз ара байланышта болгон кезде туулат. Бул түшүнүктөрдү өздөштүрүүдө келип чыккан кыйынчылыктарды жеңүүнүн жолдорунун бири - студенттерге терминдердин келип чыгуусун изилдөө аркылуу үйрөтүү же б.а. этимологиялык факторду эске алуу болуп саналат. Студенттер үчүн байыркы лексикалык фонддон терминдердин пайда болушуна байкоо жүргүзүү абдан кызыктуу. Бул аспектини үйрөтүүдөгү негизги кыйынчылык, жогоруда айтылгандай, жаңы, мыйзамдуу маани сөздүн мурунтан эле тааныш формасы менен салыштыруу жөндөмүн өнүктүрүү болуп саналат. Укуктук терминдер кеңири колдонулган сөздөрдөн профессионалдык мааниге ээ болгондугу, профессионалдык түшүнүктү түзгөндүгү жана реалдуулукту өзгөчө таанып билүү процессинде колдонулушу менен айырмаланат деген түшүнүктү калыптандыруу зарыл. Анткени, юридикалык терминология мыйзамдарда, юридикалык илимде жана практикада колдонулган түшүнүктөрдүн жыйындысын чагылдырат.

Баарыбызга белгилүү болгондой, кеп маданияты – бул кеңири түшүнүк. Ал элементтердин жыйындысын камтыйт жана маалыматты алуучуга максималдуу таасирин тийгизүү максатын көздөйт. [6]

Маданий кептин компоненттери:

- мазмуну;
- сөз байлыгы;
- лексикалык нормаларды сактоо;
- сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү туура түзүү;
- ойлорду логикалык жактан туура түзүү;
- билдирүүлөрдүн туура түзүлүшү;
- так дикция;
- вербалдык эмес каражаттарды билүү ж.б.

Лингвистикалык укуктук маданият эң оболу, жогоруда белгиленгендей, юридикалык тилди үйрөнүүдө жана аны кесиптик

юридикалык ишмердүүлүктө түздөн-түз колдонууну өздөштүрүү процессинде калыптанат. Көпчүлүк юристтер укуктук темалар боюнча лекцияларды окуйт, сотто коргоочу, прокурор же өкүл катары чыгып сүйлөйт, бул үчүн оратордук чеберчиликти өздөштүрүү талап кылынат, сөз маданиятынын укуктук ишмердүүлүктөгү маанилүү ролун дагы бир жолу далилдейт. Эл алдында сүйлөө жөндөмү жана тилди билүү эчактан бери зарыл деп эсептелген юристтерге талап кылынган кесиптик сапаттарынын бири.

Учурда оратордук өнөргө кызыгуу күчөдү, муну коомдун жана коомдук турмуштун демократиялаштырылышы, өлкөбүздүн жаштарынын активдүүлүгүнүн өсүшү менен түшүндүрүүгө болот. Эл алдында чыгып сүйлөгөндөрдүн полемикалык мүнөзү, телеэкрандардан угулган дискуссиялар, мектеп окуучулардын жана студенттердин чөйрөсүндөгү талкуулар билимди бекемдөөнүн жана тереңдетүүнүн, чыгармачылык ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүүнүн, коомдук талкууну жүргүзүүнүн активдүү ыкмасы болуп саналат. Сөздүн талаш-тартыш жана полемикалык мүнөзү ынандыруунун абдан эффективдүү жолу болуп саналат, анда талаш-тартыштын катышуучулары анын жүрүшүндө өз алдынча бир жыйынтыкка келишет.

Ошондуктан, ар бир студент аудиторияда аналитикалык-талкуу процессиндеги баарлашууга максималдуу түрдө тартылышы керек. [7] Ошол талкуу учурунда студент өз оюн так айтууга, өзүнүн көз карашын активдүү коргоого, жүйөлүү талашууга, группалашынын туура эмес позициясын жокко чыгарууга үйрөнөт эмеспи. Мисал катары, кесиптик орус тили, кыргыз тили сабактарында публицистикалык стилге карата төмөндөгүдөй темалар боюнча эссе жазып, аудиторияда талкуулоо сунушталат.

1. В современном обществе у человека нет свободы.
2. Судьба играет человеком.
3. Лучше умереть стоя, чем жить на коленях.
4. Назначение женщины – семья, а не карьера.
5. В современном Кыргызстане нет реального равноправия мужчин и женщин.
6. Общество должно контролировать средства массовой информации с точки зрения нравственности.
7. Отмена смертной казни в Кыргызстане преждевременна.
8. Суд присяжных – это наиболее справедливый суд.
9. Эвтаназия должна быть разрешена.

Бул темалардын үстүндө иштегенде, жогоруда айтылган, кеп маданиятынын компоненттерин сактоо менен студенттер өзүнүн көз караштарын коргоого, турмушта болуп жаткан окуяларга, кырдаалдарга карата өз оюн сапаттуу, жеткиликтүү, ачык жана туура чагылдырууга аракет жасайт. Туура жана сабаттуу сүйлөө айлана-чөйрөгүлөргө гана эмес, өзүн-өзү сыйлоого да үйрөнүү үчүн оң таасирин тийгизет. Кесиптик кептин эффективдүү өнүгүшү студенттердин сүйлөө маданиятын өнүктүрүүгө позитивдүү мотивация түзүү менен камсыздаларын, өзүн-өзү талдоо, өзүн-өзү баалоо, өз ара талдоо жана өз ара баа берүү ыкмаларын колдонуу менен ишке ашырыла турганын туюшат. Бирок, ошол эле учурда студент жазып келген баяндамасын оозеки айтып бере албайт, көпчүлүк учурда окуп берүү менен чектелгиси келет, себеби план түзө алыштайт. Оозеки жооп үч бөлүктөн: киришүү (теманын маанилүүлүгү), негизги бөлүгү (мазмуну), корутундудан (жыйынтыктоо) турарына жана ошол тизмекте айтып берүүсүн талап кылуу зарыл. Эң оболу, баяндамачынын айтып берген баяндамасына башка студенттердин анализ берүүсү кыйынчылыкты туудурат. Кайсы гана тил болбосун, ошол тилдин бардык байлыктарын колдонууда студенттин баарлаша билүүсү, профессионалдык диалог жүргүзө алуусу жана ийгиликке жетишүүсү универсалдуу (жалпы маданий) гана эмес, жалпы кесиптик компетенциясы да болуп саналат. [8]

Болочоктогу юрист жогорку билимдүү априори интеллигент адам болушу керек, башкача айтканда, ар кандай кырдаалдардагы өзгөрүүлөргө тез жана адекваттуу жооп кайтара алган, илимдин, техниканын жана маданияттын ар кандай тармактарында кеңири билимге ээ болгон, ал билгенин башкалар менен бөлүшө алган адис болушу зарыл.

Ар кандай социалдык топтордун, кесиптердин өкүлдөрү менен баарлашууда өзүнүн маданиятынын жана билиминин жогорку деңгээлин көрсөткөн адвокат, прокурор, тергөөчү, юрист, бул өз кезегинде, окуяны туура баалай билүүгө, туура чечим кабыл алууга, керек болсо өзүнүн көз карашынын туура экендигине ынандырууга багыт алган иш-аракеттер боюнча туура сөздөрдү, туура тонду, туура аргументтерди тандап алышы тил сабактарында, тарых жана кесиптик предметтерде гана ишке ашырылышы мүмкүн экендигин болочок юрист сезиши керек. Мындан тышкары, юристке ар бир адамга жараша мамиле

жасоодо адеп-ахлактык аспектиде этикалык эрежелер же өзүнүн ар намысын, кадыр-баркын сактоо талабы да коюлат. Кесиптик этиканын кодексинде көрсөтүлгөн, кесиптик этиканын талаптарында белгиленген жоопкерчилик жана ак ниеттүүлүк, чынчылдык жана объективдүүлүк сапаттар жогору турат. Эгерде юрист тил нормаларын бузса, кесиптик этиканы сактабаса, анда коомчулуктун терс реакциясына, угуучуларга ишенбөөчүлүк, сыйлабастык, анын жалпы жана кесиптик билимине шектенүү ж.б. жагымсыз кесепеттерге алып келиши мүмкүн.

Эмне үчүн юристтерге кеп маданияты маанилүү?

Биринчиден, юристтин кесиптик ийгилигинин ачкычы. Анткени, кеп маданияты анын репутациясын, кесиптик ишмердүүлүгүн аныктайт. Ишенимдүү, так жана ынандырарлык сүйлөө жөндөмү кардарлар менен ийгиликтүү иштешүүгө, сотто жеңүүгө жана кесиптештердин арасында кадыр-баркка ээ болууга жардам берет.

Экинчиден, коомдук коммуникациянын негизи. Юристтер коомдук коммуникациянын ар кандай формаларында (соттук отурумдар, сүйлөшүүлөр, консультациялар) активдүү катышат. Ошондуктан, алардын кеп маданияты коомдук коммуникациянын сапатына түздөн-түз таасир этет.

Үчүнчүдөн, юридикалык этиканын бир бөлүгү. Юридикалык этика чынчыл, адилеттүү жана калыс баарлашууну талап кылат. Юристтердин кеп маданияты бул этикалык нормаларга шайкеш келүүгө тийиш.

«Укуктук чөйрөдөгү баарлашуу - укуктук маданияттын талаптарына жооп беришинин маанилүүлүгүн белгилөө менен укук таануучу окумуштуулар анын компоненттеринин бири деп “сүйлөө маданиятын” эсептешет».

Укук коргоо органдарынын, юстиция органдарынын жана жалпы кесиптин кадыр-баркы түздөн-түз, жогоруда белгиленгендей, ар бир юристтин сүйлөө маданиятынын деңгээлинен көз каранды эмеспи. Учурдагы көптөгөн юристтердин жогорку рейтинги: адабий тилде катасыз сүйлөй алуусу, идеяларды так, туура жана логикалык жактан байланышкан түрдө маектеше алуусу менен аныкталат.

Тил – курал, анын жардамы менен бардык ойлор калыптанат жана ал юристтин эң негизги кесиптик куралы болуп саналат.

Юридикалык багыттагы студенттин сүйлөө маданиятын калыптандырууда төмөнкү көнүгүүлөрдү аткаруу сунушталат:

- текстти окуу жана аны кайра айтып берүү;
- текстке карата суроо жоопторду түзүү;
- жооп варианттары жок тесттердин үстүндө иштөө;
- ар кандай сөздөрдүн синонимдерин жазуу;
- антонимдерин табуу;
- көп чекиттин ордуна мааниси боюнча сөздөрдү же терминдерди жазуу;
- ар кандай темадагы билдирүүлөр боюнча оозеки чыгып сүйлөө;
- талаш-тартыш жаратуучу кырдаалдар боюнча оюндарды уюштуруу;

Мисалы алсак, берилген «Основные требования к профессиональной речи современного юриста» и «Типичные ошибки в речи юриста-специалиста и пути их избегания» багыттары боюнча студенттер темаларын өзүлөрү тандап алуу менен презентация жасап, стилистикалык анализ жүргүзүп, оозеки жана жазуу түрүндө кетирилүүчү каталар боюнча (лексикалык, орфографиялык, морфологиялык, синтаксистик) комментарий берүү тапшырмасы студенттер арасында кызыгууну жаратат.

Мындай тапшырмалар студенттердин кеп маданиятынын негизги критерийи ченемдүүлүк болуп саналаарын, ал сөздүн тактыгы менен айкындуулугун, тууралыгын, тазалыгын, башкача айтканда, анда диалектик, карапайым сөздөрдүн, жогорку профессионалдуу туюнтмалардын, орунсуз колдонулган чет элдик сөздөрдүн жоктугун ж.б. аныктаса, сүйлөө чеберчилиги болсо: логикалык гармония, бай лексика, грамматикалык түзүлүштөрдүн көп түрдүүлүгү, көркөм экспрессивдүүлүк менен мүнөздөлүшүнө байкоо жүргүзүшөт.

Эне тилдин жана юридикалык тилдин жалпы көйгөйлөрүнө жетиштүү көңүл бурулбай жаткандыктан, юристтер тарабынан кылдаттык соттук жана башка учурлардагы кептин сапатынын төмөндөшүнө, жазылган тексттердин түшүнүксүздүгүнө алып келген турмуштук тажрыйбалар да жок эмес. Бул болсо юрист колдонулган сөздөрдүн мааниси жөнүндө ойлонгусу келбегендигин, тилди сыйлабаганынын көрсөткүчү.

Юристтин оозеки сүйлөө стили да ар түрдүүлүгү менен мүнөздөлөт. Мисалы, качан гана мыйзам чыгаруу жана мыйзам долбоорлоруна укуктук экспертиза жүргүзүү маселелерин кароо жүргүзгөндө сөздүн илимий стили, сот процессинде адвокаттын сөзү официалдуу-иштиктүү, публицистикалык же эки стилдин айкалышында болушу мүмкүн. Ал эми прокурор сотто сүйлөп жатканда официалдуу-иштиктүү стили

колдонулат. Юридикалык сөздүн маанилүү өзгөчөлүгү автордун сөзүнө жоопкерчилик милдет артылат. Юридикалык жактан кеткен катачылык адамдын тагдырына гана кедергисин тийгизбестен, соттун чечимине, башка процессуалдык чечимдерге да таасир этиши мүмкүн экендигин болочок студент-юрист дайыма эске алышы керек. Юридикалык сөздүн негизи - иштин жагдайларын терең изилдөө, аларга кынтыксыз юридикалык баа берүү. Демек, юристтердин кеп маданияты - бул иштин материалдарын кылдат талдоо, мыйзам ченемдерине, адабий тилдин нормаларына таянуу менен объективдүү, түшүнүктүү, ынанымдуу, логикалуу сүйлөө.

Жыйынтыктап айтканда, юристтин компетенттүү сүйлөй алуусу, анын кесиптик ишмердүүлүгүндө маанилүү ролду ойнойт. Анткени, кайсы гана тилде болбосун анын сүйлөө маданияты маанилүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндө, жарандарга кеңеш бергенде, эл алдында сүйлөгөндө, өз оюн логикалык жактан негиздүү билдире алганында. Укук коргоо органдарынын, сот тутумунун жана жалпы кесиптин кадыр-баркы түздөн-түз ар бир юристтин сүйлөө маданиятынын деңгээлине көз каранды. Студенттерге ар кандай коммуникативдик ролдордо тил нормаларын бузуу маектештеринин терс реакциясын жаратышы мүмкүн экендигин баса белгилеп түшүндүрүү керек.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абдылдаева Д.К. Кыргыз тили сабагында студент-юристтердин кеп маданиятын өстүрүүнүн өзгөчөлүгү // Ж. Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы, 2019, №2.
2. Батырова Т.Т. Бапышева А.Ж. Студенттердин кеп маданиятын кептик коммуникациянын негизинде калыптандыруу // Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы, 2023.
3. Воинова М.Г. Культура речи юриста. – Ташкент: ТГЮИ, 2003, 130-б.
4. Введенская Л.А., Черкасова М.Н. Русский язык и культура речи. – Ростов-на-Дону: «Феникс», 2004, 137-б.
5. Миронова Л.Ю. Формирование речевой культуры студентов юридического факультета // Вестник научных конференций, 2018, № 10-1(38), 81-83-б. – ЭДН ВННВСЕ.
6. Оразбекова З.С. Методы формирования речевой культуры студента-иностранца: новые подходы к обучению // Актуальные вопросы филологии и методики обучения иностранным языкам: Статьи и материалы Седьмой международной научно-практической конференции, Санкт-Петербург, 19–20 февраля, 2015. – СПб: ФГБОУ ВО «Государственная полярная академия», 2015, 43-45-б. – ЕДН УОБУЗ.
7. Овсянникова О.А. Научные подходы к формированию профессиональной компетентности специалистов в процессе обучения русскому языку и культуре речи в вузе / О.А. Овсянникова // Вестник Московского государственного гуманитарно-экономического института, 2013, № 3 (15). – 052-063 – ЭДН RTCBJB.
Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринде жана коомдук уюмдарда сергек жашоо образын пропагандалоо аракеттери көрүлүп жатканы менен, бул ишти системалуу түрдө жүргүзүү, дене тарбиянын мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдалануу дагы деле болсо олуттуу маселе бойдон калууда. Ошондуктан бул чөйрөнү илимий-педагогикалык жактан талдоо жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу бүгүнкү күндүн, биздин оюбуз боюнча, эң негизги талабы болуп эсептелет.

Буга байланыштуу белгилеп кетүүчү нерсе, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 2023-жылдагы маалыматына ылайык, мектеп жашындагы балдардын 30%дан ашыгы ар кандай деңгээлдеги сколиоз, ашыкча салмак, көздүн начар көрүүсү жана жүрөк-кан тамыр системасынын оорулары менен катталган. Мындай көрсөткүчтөр жаш куракта сергек жашоо образын калыптандыруунун зарылдыгын дагы бир жолу ырастайт.

Кыргыз билим берүү системасында дене тарбия сабактары негизги предмет катары каралганы менен, аларды уюштурууда кээ бир көйгөйлөр, мисалга алсак, спорттук инвентарлардын жетишсиздиги, дене тарбия мугалимдеринин жетишсиздиги, заманбап методикалык камсыздоонун начарлыгы, кээ бир окуучулардын сабактарга активдүү катышпастыгы дагы эле байкалат.

Жаштар арасында дене тарбияны натыйжалуу калыптандыруу үчүн төмөнкү шарттарды эске алуу зарыл:

• Мектепте жана ЖОЖдордо дене тарбия сабактарын заманбап ыкмалар менен өткөрүү;

• Спорттук секциялардын жана ийримдердин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу;

• Салттуу жана улуттук оюндарды жайылтуу;

• Дене тарбияны массалык түрдө пропагандалоо (массалык спорттук иш-чаралар, жарыштар, марафон ж.б.);

• Ата-энелердин жана коомчулуктун активдүү катышуусу.

Ошол эле учурда кыргыз элинин улуттук баалуулуктары – көчмөн жашоо, табият менен жакын байланыш, улуттук оюндар (көк бөрү, тогуз коргоол, ордо, эр эңиш ж.б.) – сергек жашоонун бай мурасын өзүндө камтыйт. Бул маданий мурастарды дене тарбия менен айкалыштырып, жаштарга тарбия берүүдө колдонуу заманбап жана улуттук ыкмаларды айкалыштырып пайдаланууга шарт түзөт.

Мунун баары сергек жашоо образын калыптандыруу маселесин терең иликтөөнү, жаштар арасында дене тарбияны өнүктүрүү боюнча натыйжалуу педагогикалык стратегияларды иштеп чыгууну талап кылат. Бул максатта билим берүү мекемелери, үй-бүлө жана коом өз ара кызматташып, жаштардын ден соолугун сактоого жана өркүндөтүүгө багытталган комплекстүү иштерди жүргүзүшү зарыл.

Сергек жашоо образын калыптандыруу жана дене тарбиянын ролу боюнча дүйнөлүк жана жергиликтүү илимпоздор бул маселени ар тараптуу изилдеп келишет. Алардын айтымында, дене тарбия – бул жөн гана физикалык көнүгүү эмес, ал адамдын психологиялык, социалдык жана интеллектуалдык өнүгүүсүнө да зор таасир этүүчү комплекстүү курал.

Маселен, россиялык белгилүү педагог жана дене тарбия теориясынын изилдөөчүсү Л.П. Матвеев дене тарбияны «жаш муунду тарбиялоонун, ден соолугун чыңдоонун жана социалдык адаптациясынын эң натыйжалуу каражаты» деп мүнөздөгөн. Анын пикиринде, дене тарбия аркылуу жаштардын жоопкерчилиги, лидерлик сапаттары жана өзүн өзү тарбиялоо көндүмдөрү калыптанат. [6]

Кыргызстандык педагог-илимпоз М.Э. Жолдошев учурдун талабына ылайык дене тарбиянын назариятын окутуу процессинде, дене тарбия сабагына, спорттук машыгууларды жүргүзүүгө байланышкан адистештирилген билимдердин жалпы негиздерине кеңири түшүнүк берилип, алар бир системага келтирилип, болочок адисттик көз карашты калыптандыруу үчүн көздөлгөн. [7]

Ошондой эле, Дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму (ДССУ, 2022) өз баяндамасында жаштардын арасында ден соолукка байланыштуу көйгөйлөрдүн алдын алууда физикалык активдүүлүк – эң жеткиликтүү жана натыйжалуу каражат экенин эскерткен. Алардын сунуштары боюнча дене тарбия мамлекеттик деңгээлде стратегиялык саясатка айланышы керек. [8]

Бул илимий пикирлер жана изилдөөлөр көрсөтүп тургандай, дене тарбиянын жаштар үчүн физикалык гана эмес, психо-социалдык жактан да чоң мааниси бар. Андыктан, дене

тарбия – сергек жашоо образын калыптандырууда алмашкыс фактор катары каралышы зарыл.

Эгерде дене тарбия системалуу жана максаттуу түрдө колдонулса, анда ал жаштардын сергек жашоо образын калыптандырууга, ден соолугун чыңдоого жана социалдык адаптациясына өбөлгө түзөт.

Илимий изилдөө төмөнкү ыкмалардын негизинде жүргүзүлдү. Бишкек шаарындагы жогорку окуу жайында 100 студенттин катышуусунда анкета жүргүзүлдү. Дене тарбия сабактарынын жүрүшүнө 3 ай бою байкоо жүргүзүлдү. Дене тарбия мугалимдери жана спорттук секция жетекчилери менен жарым структуралык интервью уюштурулду. КР Билим берүү министрлигинин, ДССУнун, жана башка мекемелердин расмий документтери, статистикасы каралды.

Сурамжылоо 2025-жылдын февраль-март айларында өткөрүлдү. Ар бир студентке 10 суроодон турган анкета сунушталды. Анкеталар купуялуулук шартында толтурулду. Берилген суроолор жабык жана жарым-жабык формада болду (б.а. "ооба/жок", ошондой эле жеке пикир жазууга мүмкүнчүлүк берилди). Анкета Google Forms жана кагаз түрүндө жүргүзүлдү.

**Сурамжылоонун негизги суроолору:**

1. Сиз аптасына канча жолу физикалык көнүгүү жасайсыз?
2. Дене тарбия сабактарына катышасызбы? Эгер катышпай калсаңыз, себебин белгилеңиз.
3. Сиз үчүн «сергек жашоо образы» эмне дегенди билдирет?
4. ЖОЖдо спорттук иш-чаралардын жетиштүүлүгүнө кандай баа бересиз?
5. Сиз дене тарбия жаштардын ден соолугуна оң таасир берет деп ойлойсузбу?
6. Сиз кандай спорт түрлөрүнө кызыгасыз?
7. ЖОЖдор спортко кызыгууңузду арттырдыбы?

Сурамжылоонун жыйынтыгы көрсөткөндөй, студенттердин басымдуу бөлүгү дене тарбиянын сергек жашоого кошкон салымын түшүнөт, бирок анын практикада жүзөгө ашырылышына наразы, ЖОЖдордо спорттук иш-чаралар жетишсиз, бул жаштардын активдүүлүгүнө терс таасир этүүдө, сурамжылоого катышуучулардын көбү дене тарбия сабактары кызыктуу жана заманбап методдор менен өтүлсө, аларга катышуу деңгээли жогорулмак деп эсептешет, жеке кызыгуулар көбүнчө өз алдынча спорт залга баруу, командалык оюндар жана жеңил атлетика менен чектелет.

Бул диаграмма менен графикте сурамжылоонун негизги суроолору боюнча студенттердин жоопторун пайыздык көрсөткүчтөр менен чагылдырат. Ар бир багыт боюнча "Ооба/Жакшы", "Жок/Жетишсиз" жана "Кэдэ/Билбейм" деген жооптордун салыштырмалуу үлүшү көрсөтүлдү.

Диаграмма менен графикти талдап көрөлү:







1. Аптасына канча жолу физикалык көнүгүү жасайсыз? 38% – 1-2 жолу, 27% – 3-4 жолу, 21% – эч качан, 14% – күн сайын. Демек, студенттердин көбү физикалык активдүүлүккө төмөн деңгээлде тартылган. Күн сайын машыгуу аз. Бул жаштардын активдүү жашоо образын толук кандуу карманбаганын көрсөтөт.

2. Дене тарбия сабактарына катышасызбы? 52% – дайыма, 31% – кээде, 17% – катышпайт. Демек, жарымынан көбү туруктуу катышат, бирок үчтөн бири гана кээде барары, ал эми 17% толук катышпастыгы көңүл бурчу жагдай. Бул дене тарбия сабактарынын кызыктуулугу же жеткиликтүүлүгү боюнча маселени көрсөтүшү мүмкүн.

3. Сергек жашоо деген эмне? 41% – физикалык активдүүлүк, 28% – зыяндуу адаттардан алыс болуу, 19% – туура тамактануу, 12% – бардык факторлор. Демек, көпчүлүк сергек жашоону активдүүлүк менен байланыштырса да, комплекстүү түшүнүк (бардык факторлор) тууралуу түшүнүк аз. Бул – сергек жашоонун толук маанисин жеткирүү зарылдыгын көрсөтөт.

4. ЖОЖдогу спорттук иш-чаралар жетиштүүбү? 58% – жетишсиз, 26% – жетиштүү, 16% – билбейт. Демек, көбү ЖОЖдордо спорттук иш-чаралар жетишсиз деп эсептейт. Бул – спортко кызыгууну колдоо жана шарттарды жакшыртуу керек экенин ачык билдирип турат.

5. Дене тарбия ден соолукка оң таасир берет деп эсептейсизби? 82% – ооба, 12% – билбейт, 6% – жок. Демек, көпчүлүк дене тарбиянын ден соолукка оң таасирин түшүнөт. Бул — жакшы көрсөткүч, бирок 18% бул тууралуу так түшүнүккө ээ эмес. Демек, түшүндүрүү иштери дагы керек.

6. Кызыккан спорт түрлөрү? Футбол – 30%, волейбол – 21%, жүрүш/йога – 17%, спорт зал – 15%, кызыкпайм – 17%. Демек, командалык спортторго кызыгуу жогору. Бирок кызыкпайм дегендердин да саны байкаларлык. Бул студенттерди ар кандай спорт түрлөрү менен кызыктыруу аракетин күчөтүү керек экенин көрсөтөт.

7. Окуу жай спортко болгон кызыгууңузду арттырдыбы? 43% – ооба, 39% – жок, 18% – билбейм. Демек, жарымы гана кызыгуусу артканын айтат, калгандары үчүн ЖОЖ жетиштүү мотивация бере албай жатат. Бул – окуу жайлардагы спорт иш-чараларынын мазмунун жана жеткиликтүүлүгүн кайра карап чыгуу зарылдыгын билдирет.

Жалпысынан алганда, студенттер арасында сергек жашоо образы жана дене тарбия боюнча жалпы түшүнүк бар. Бирок көпчүлүк жетиштүү деңгээлде активдүү эмес, ошондой эле окуу жайлар спорттук кызыгууну толук кандуу колдой албай жатканын байкоого болот. Бул – тарбиялык иштерди активдештирүү, класстан тышкаркы дене тарбия жана спорттук иш-чараларды жандандыруу үчүн негиз болот.

Жүргүзүлгөн изилдөөбүздүн натыйжаларына таянып, мугалимдеринин милдеттери боюнча төмөнкүдөй иш-чаралар дене тарбия планына кириши керек деген ойго келдик. Иш-чаралардын программасына көңүлүңүздөрдү бурабыз.

1. Дене тарбия сабактарын уюштуруу жана өткөрүү:

- Жылдык жана семестрдик пландарды түзүү: Машыгууларды жаш курагына, физикалык даярдык деңгээлине ылайыктап пландоо.
- Ар түрдүү спорт түрлөрүн колдонуу: Футбол, баскетбол, волейбол, жеңил атлетика, күрөш, шахмат, теннис, гимнастика сыяктуу түрлөрдү айкалыштыруу.
- Жеке иш пландарды түзүү: Физикалык мүмкүнчүлүктөрү начар окуучуларга атайын көнүгүүлөрдү иштеп чыгуу.

2. Сергек жашоо образын жайылтуу жана түшүндүрүү:

- Семинарлар жана лекциялар уюштуруу: Ден-соолук, туура тамактануу, стресс менен күрөшүү тууралуу маалымат берүү.
- Акцияларды өткөрүү: «Сергек жашоо күнү», «Спорт менен ден соолукту сактайлы» сыяктуу темаларда иш-чаралар.
- Маалыматтык материалдарды жайылтуу: Постерлер, буклеттер, видео материалдар даярдоо жана окуучуларга таратуу.

3. Спорттук иш-чараларды уюштуруу:

- Спорттук секцияларда ачуу: Ар кандай спорттун түрлөрү боюнча клубдарды түзүү жана аларды иштетүү.
- Мектеп ичиндеги жана райондук турнирлерди уюштуруу: Спорттук мелдештерди өткөрүп, окуучулардын катышуусун камсыздоо.
- Жаштардын спорттук жетишкендиктерин жогорулатуу: Мелдештерде мыкты спортчуларды сыйлоо жана мотивациялоо.

4. Физикалык абалды мониторинг кылуу:

- Ай сайын физикалык тестирлөө жүргүзүү: Дененин комплекстүү абалын баалоо (жылуулук чыдамкайлык, күч, ийкемдүүлүк).
- Индивидуалдуу көнүгүүлөрдү сунуштоо: Кемчиликтери бар окуучулар үчүн атайын көнүгүүлөрдү түзүү.
- Ден соолугу начар окуучулар менен иштөө: Медицина кызматкерлери менен тыгыз

кызматташып, спорттук жүктөөлөрдү туура тандоо.

5. Педагогикалык жана психологиялык колдоо көрсөтүү:

➢ Мотивациялык тренингдерди өткөрүү: Спортко кызыгууну арттырууга багытталган көнүгүүлөр жана оюндар.

➢ Жаштардын социалдык абалын анализдөө: стресс, социалдык проблемаларды аныктоо жана аларды жеңүүдө жардам берүү.

➢ Командалык иштерди уюштуруу: ынтымакты, достукту жана командалык рухту бекемдөө.

6. Кесиптик чеберчиликти жогорулатуу:

➢ Семинарлар жана квалификацияны жогорулатуу курстары: Заманбап педагогикалык ыкмаларды өздөштүрүү.

➢ Жаңы методикаларды изилдөө жана колдонуу: Эл аралык тажрыйбаларды карап чыгып, сабактарга киргизүү.

➢ Жумушту анализдөө жана отчеттуулук: Сабактардын натыйжалуулугун баалап, жакшы жактарын кеңейтүү.

7. Ата-энелер менен кызматташтык:

➢ Жолугушуулар жана кеңешмелерди өткөрүү: Окуучулардын ден соолугу, спортко катышуусу боюнча маалымат берүү.

➢ Үйдө сергек жашоо стилин колдоо тууралуу сунуштарды берүү: тамактануу, үйдө көнүгүүлөрдү жасоо, терс адаттардан алыс болуу.

➢ Ата-энелерди спорттук иш-чараларга чакыруу: спорттук майрамдарга, турнирлерге катышууга үндөө.

**Дене тарбия мугалимдеринин иш-чаралар программасынын графиги**

| Ай/Жума | 1-жума | 2-жума | 3-жума | 4-жума |
|---|---|---|---|---|
| 1-ай | Жылдык жана семестрдик пландарды түзүү | Жеке иш пландарын түзүү | Спорттук секцияларды уюштуруу | Ай сайын физикалык даярдыкты текшерүү |
| 2-ай | Машыгууларды жаш курагына ылайык пландоо | Семинар: Сергек жашоо образын жайылтуу | Мектеп ичиндеги спорттук турнир уюштуруу | Мотивациялык тренинг өткөрүү |
| 3-ай | Спорттук мелдештерге катышуучуларды даярдоо | Маалыматтык материалдарды даярдоо | Өз алдынча көнүгүүлөрдү сунуштоо | Тайпалык оюндарды уюштуруу |
| 4-ай | Акция: «Сергек жашоо күнүн» өткөрүү | Медицина кызматкерлери менен жолугушуу | Спорттук жетишкендиктерди мотивациялоо | Педагогикалык семинарга катышуу |
| 5-ай | Жылдын ортосунда анализ кылуу жана отчет даярдоо | Ата-энелер менен жолугушуу | Үйдө сергек жашоо тууралуу сунуштарды берүү | Спорттук майрамдарды даярдоо |
| 6-ай | Жаңы методикаларды изилдөө жана киргизүү | Райондук турнирлерди өткөрүү | Ай сайын физикалык даярдыкты текшерүү | Мотивациялык оюндарды уюштуруу |
| 7-ай | Квалификацияны жогорулатуучу курстарга катышуу | Спорттук секциялардын ишин баалоо | Өз алдынча көнүгүүлөрдү жаңылоо | Тайпалык иш-чараларды уюштуруу |
| 8-ай | Спорттук мелдештерди пландоо | «Спорт менен ден соолукту сактайлы!» Акциясын өткөрүү | Медицина кызматкерлери менен кеңешүү | Педагогикалык семинар өткөрүү |
| 9-ай | Семинар: Стресс менен күрөшүү | Ата-энелер менен кеңешүү | Спорттук жетишкендиктерди сыйлоо | Үйдө көнүгүүлөрдү уюштуруу |
| 10-ай | Спорттук турнир өткөрүү | Жумушту анализдөө жана отчет даярдоо | Мотивациялык тренингдерди өткөрүү | Тайпалык оюндарды өткөрүү |
| 11-ай | Маалыматтарды | Медицина | Жеке иш пландарын | Педагогикалык |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жаңылоо | кызматкерлери менен жолугушуу | түзүү | жана психологиялык колдоо көрсөтүү |
| 12-ай | Жылдык отчетту даярдоо | Ата-энелерге маалымат берүү | Спорттук иш-чараларды уюштуруу | Квалификацияны жогорулатуу курсун уюштуруу |

Ошентип, жаштар арасында сергек жашоо образын калыптандырууда дене тарбиянын мааниси өтө чоң. Дене тарбия аркылуу жаштардын физикалык саламаттыгы чыңдалып, иммундук система бекемделет, психологиялык абалы чыңдалат. Бул алардын күнүмдүк жашоосунда активдүү, энергиялуу болууга шарт түзөт. Ошондой эле дене тарбия социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүп, стресс жана терс адаттардан алыс болууга жардам берет.

Класстан тышкаркы иштер аркылуу дене тарбияны жайылтуу жаштарда жоопкерчилик сезимин, ынтымакты жана позитивдүү жашоо позициясын бекемдейт. Мектеп жана жогорку окуу жайларда дене тарбияны системалуу окутуу менен бирге спорттук секциялар, конкурстар жана турнирлерди уюштуруу сергек жашоо образын кеңири жайылтууга чоң салым кошот.

Жыйынтыктап айтканда, дене тарбия жаштардын ден соолугун сактоодо гана эмес, алардын дүйнө таанымын, өзүн-өзү башкаруусун жана коомдогу активдүүлүгүн жогорулатууда маанилүү роль ойнойт. Ошондуктан билим берүү системасында дене тарбияга жана сергек жашоо образын калыптандырууга өзгөчө көңүл буруу зарыл.

Сунуштар. Жаштар арасында сергек жашоо образын калыптандырууда дене тарбиянын маанисин жогорулатуу үчүн төмөнкүдөй сунуштарды берүүгө болот:

1. Дене тарбия сабактарын жандандыруу жана модернизациялоо үчүн сабактарда заманбап спорттук технологияларды, оюндарды жана машыгууларды колдонуу менен кызыгууну арттыруу жана жеке физикалык абалга ылайыктап машыгууларды уюштуруу.

2. Класстан тышкаркы спорттук иш-чараларды көбөйтүү үчүн спорттук секциялар, жарыштар, турнирлерди жана сергек жашоо темасындагы акцияларды уюштуруу жана жаштардын катышуусун арттыруу үчүн кызыктуу форматтарды киргизүү.

3. Сергек жашоо образын пропагандалоо үчүн мектептерде жана жогорку окуу жайларда ден-соолукка пайдалуу адаттар тууралуу семинарлар, тренингдер өткөрүү жана медианын, социалдык тармактардын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп, жаштар арасында сергек жашоо стилин жайылтуу.

4. Дене тарбия мугалимдеринин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу үчүн окутуучулар үчүн кайра даярдоо курсун уюштуруу, жаңы ыкмалар жана инновацияларды үйрөнүү мүмкүнчүлүгүн берүү.

5. Жаштар үчүн мотивациялык программаларды киргизүү үчүн ден-соолукту чыңдоодо жетишкендиктерди баалоо, сертификаттар берүү, спортто активдүү катышкандарга ар түрдүү сыйлыктарды уюштуруу.

6. Жаштардын ден соолугуна мониторинг жүргүзүү үчүн мектептерде жана жогорку окуу жайларда физикалык абалын системалуу текшерип, зарыл учурда жеке көнүгүүлөрдү сунуштоо.

**Колдонулган адабияттар**

1. https://edu.gov.kg/media/uploads/2023/11/02/050721.pdf.
2. Кыргыз Республикасынын “Дене тарбия жана спорт жөнүндө” Мыйзамы (2011-жыл). Ден соолукту чыңдоо, спортту өнүктүрүү жана жаштардын активдүүлүгүн арттыруу боюнча мамлекеттик саясаттын негиздери. – Режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/.
3. Кыргыз Республикасынын Улуттук саламаттык сактоо стратегиясы (2012-2020). – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/158092/edition/1110438/kg.
4. Окуучу жаштарды руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү жана дене тарбиялоо концепциясы. – Бишкек, 2021.
5. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги жөнүндө жобо. – Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/158678/edition/1248543/kg.

6. Асипова Н.А., Карабалаева Г.Т., Мамырова М.И. Роль и значение традиций в воспитании нравственно здорового поколения // Наука и образование: векторы развития: сборник трудов. – Бишкек, 2015, с. 51-75.

7. Мамбетакунов У.Э., Амантурова Э.Б. «Дене тарбия жана спорт” тармагында окуган студенттердин экологиялык компетенттүүлүгүнүн деңгээлин аныктоо // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2024, №3(119). – Режим доступа: https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/KNUMAMBETAKUNOVU.E.2024-3%20.pdf

8. Жолдошев М.Э. Дене тарбия назарияты жана усулдарын окутуунун актуалдуу маселелери // Наука, Новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2015, № 12, 185-186-б.

9. ДССУ: 2022-жылы COVID пандемиясы токтошу мүмкүн. – Режим доступа: https://sputnik.kg/20220124/dssu-pandemiya-2022-zhyly-zhyyyntyktayt-1061481547.html

10. Мамытов А.М., Джанузаков К.Ч. Дене маданияты теориясы. – Бишкек, 2011, с. 5-27.

**Рецензент: доцент Абдыкеримов Ш.**

УДК 796.352.018.43
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-51-55

**Мусакулов Т.М., Токонова Г.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Мусакулов Т.М., Токонова Г.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Musakulov T.M., Tokonova G.**
KNU J. Balasagyn

## МЕКТЕП ПРОГРАММАСЫНЫН ШАРТТАРЫНДА СТОЛ ТЕННИСИ АРКЫЛУУ КЕНЖЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАЛПЫ ЖАНА МАЙДА МОТОРИКАСЫН ӨНҮКТҮРҮҮ
## РАЗВИТИЕ ОБЩЕЙ И МЕЛКОЙ МОТОРИКИ МЛАДШИХ ШКОЛЬНИКОВ СРЕДСТВАМИ НАСТОЛЬНОГО ТЕННИСА В УСЛОВИЯХ ШКОЛЬНОЙ ПРОГРАММЫ
## DEVELOPMENT OF GENERAL AND FINE MOTOR SKILLS OF YOUNGER SCHOOLCHILDREN BY MEANS OF TABLE TENNIS IN THE SCHOOL CURRICULUM

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада теннисти башталгыч класстардын окуучуларынын дене, когнитивдик жана коррекциялык өнүгүүсүн колдоочу практикалык курал катары колдонуу мааниси каралат. Теннисти билим берүү чөйрөсүнө киргизүүнүн негизги багыттары көрсөтүлөт: дене тарбия мугалимдери үчүн методикалык көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу, кошумча сабактар менен секциялар аркылуу кошумча иш-чараларды уюштуруу жана теннис элементтерин логопедиялык жана психомотордук коррекциялык иштерде колдонуу. Автор теннис аракеттерин жаш өзгөчөлүктөргө ылайыкташтыруу мүмкүнчүлүгүнө көңүл бурат. Теннис жалпы жана майда моториканы, мээнин жарым шарларынын өз ара аракеттешүүсүн жана кыймыл-аракетке болгон туруктуу мотивацияны өнүктүрүүчү универсалдуу педагогикалык курал катары негизделген. Бул материал педагогдор, усулчулар, машыктыруучулар жана атайын педагогикалык багыттагы адистер үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается практическое значение использования тенниса как средства физического, когнитивного и коррекционного развития учащихся младших классов. Раскрыты основные направления внедрения тенниса в образовательную среду: разработка методических рекомендаций для учителей физической культуры, организация дополнительных внеурочных занятий и применение теннисных упражнений в логопедической и психомоторной коррекционной работе. Особое внимание уделено возможности адаптации теннисной деятельности под возрастные и индивидуальные особенности младших школьников. Обоснована педагогическая ценность тенниса как универсального инструмента развития мелкой и общей моторики, межполушарного взаимодействия и устойчивой мотивации к физической активности. Представленные материалы могут быть полезны педагогам, методистам, тренерам и специалистам в области коррекционной педагогики.

**Abstract:** This article explores the practical significance of using tennis as a tool for physical, cognitive, and corrective development in primary school students. The main directions of integrating tennis

into the educational environment are discussed: development of methodological guidelines for physical education teachers, organization of additional extracurricular activities, and application of tennis-based exercises in speech therapy and psychomotor correction. Special attention is given to the adaptability of tennis activities to the age and individual characteristics of young learners. The pedagogical value of tennis is justified as a universal means of developing fine and gross motor skills, interhemispheric coordination, and sustained motivation for physical activity. The material presented may be useful for educators, methodologists, coaches, and specialists in special education.

**Негизги сөздөр:** теннис; башталгыч класстардын окуучулары; дене тарбия; методикалык көрсөтмөлөр; когнитивдик өнүгүү; оюн аркылуу окутуу.

**Ключевые слова:** теннис; младшие школьники; моторика; физическая культура; методические рекомендации; когнитивное развитие; моторика; игровая деятельность.

**Keywords:** tennis; primary school children; motor skills; physical education; methodological guidelines; cognitive development; speech therapy; play-based learning.

Сегодня физическое воспитание приобретают особую важность в жизни человека по многим причинам. [1] В современном мире, где технологии и гаджеты занимают значительную часть нашего времени, наблюдается снижение уровня физической активности у детей и взрослых. Это приводит к развитию гиподинамии – состояния, связанного с недостатком движения, что негативно отражается на здоровье, физическом развитии и общем самочувствии. Регулярная физическая активность способствует укреплению сердечно-сосудистой системы, улучшает работу дыхательной системы и нормализует обмен веществ, что является важным фактором профилактики многих хронических заболеваний, таких как ожирение, диабет и гипертония.

Особенно важно движение для детей и подростков, так как именно в этот период формируются основные двигательные навыки, закладываются основы физического здоровья и развивается координация. Физические упражнения способствуют улучшению работы мозга, повышению концентрации внимания и памяти, что напрямую влияет на успешность в учебе. Кроме того, движение способствует развитию социальной адаптации, дисциплины и командного духа, что важно для гармоничного личностного роста.

В условиях современного образа жизни физическая активность выполняет не только оздоровительную функцию, но и становится средством эмоциональной разгрузки, снижения уровня стресса и тревожности. Занятия спортом или даже простые прогулки помогают поддерживать психоэмоциональное равновесие, что особенно актуально в условиях постоянных информационных перегрузок и быстрого ритма жизни. [2]

Таким образом, физические движения сегодня – это не просто средство поддержания формы, а необходимый элемент здорового и полноценного образа жизни, обеспечивающий гармоничное развитие тела и духа, профилактику заболеваний и повышение качества жизни. Воспитание у детей и взрослых культуры движения и регулярной физической активности становится важной задачей общества, направленной на улучшение здоровья будущих поколений и устойчивое развитие общества в целом.

В этом смысле, к примеру, развитие моторики критически важно в младшем школьном возрасте, когда формируются базовые двигательные навыки, координация и контроль над телом. Если взять теннис (как большой, так и настольный) как один из видов спорта, то он развивает широкий спектр моторных качеств: координацию, ловкость, быстроту реакции, глазомер, синхронизацию движений. Универсальность тенниса: им можно заниматься как на уроках физкультуры, так и во внеурочное время (секции, кружки, ГПД). Интерес и игровая форма: дети с большей охотой участвуют в игровых активностях, чем в традиционных физических упражнениях.

Эффективным методом духовно-нравственного воспитания является вовлечение студентов в различные виды деятельности: трудовую, общественную, художественную, спортивную и т.д., через которые человек проявляет свои нравственные и духовные позиции выполняемой работы. [3]

Следовательно, физическое развитие младших школьников является одной из важнейших задач современной педагогики. В условиях стремительного технического прогресса и цифровизации многие дети сталкиваются с дефицитом двигательной активности, что напрямую влияет на их общее

здоровье и моторное развитие. Особое значение в этот период приобретает целенаправленное формирование двигательных навыков и координационных способностей, поскольку младший школьный возраст – это сенситивный этап развития, когда происходит активное становление моторики, точности движений и контроля над телом.

Моторика в широком смысле – это совокупность двигательных умений и навыков, обеспечивающих активную деятельность человека. Различают мелкую и общую (крупную) моторику. Мелкая моторика включает в себя точные и координированные движения кистей и пальцев рук, тогда как общая моторика связана с работой крупных групп мышц, координацией, равновесием и реакцией. Оба этих направления должны развиваться гармонично и систематически, особенно в младшем школьном возрасте, когда идет активная нейрофизиологическая перестройка организма и устанавливаются межполушарные связи.

Современные реалии показывают, что все больше детей испытывают проблемы с двигательным развитием. Причиной тому является в первую очередь гиподинамия – дефицит физической активности, связанный с длительным пребыванием в сидячем положении, использованием гаджетов, сокращением времени, отведенного на активные игры на свежем воздухе. Это приводит к снижению мышечного тонуса, ухудшению осанки, нарушению координации движений и снижению когнитивной активности. В связи с этим особую роль в образовательном процессе приобретает физическая культура и ее содержательное наполнение.

Теннис, как вид физической активности, представляет собой уникальный инструмент для гармоничного развития моторики. Причем под теннисом следует понимать как большой (традиционный) теннис, так и настольный (пинг-понг), оба из которых обладают схожими моторными и координационными нагрузками, адаптированными под различные возрастные группы и уровни подготовки.

Теннис включает в себя множество сложных координационных элементов: движения в различных плоскостях, смену направления, быструю реакцию на летящий мяч, синхронизацию работы глаз и рук, точные удары, перемещение по игровому полю или столу. Все эти действия способствуют развитию как общей, так и мелкой моторики. Например, при игре в настольный теннис активизируются движения кисти, пальцев, зрительно-моторная координация, что благоприятно влияет на письмо, рисование, лепку и другие школьные навыки, требующие точности. В свою очередь большой теннис развивает выносливость, координацию, баланс и пространственное мышление.

Универсальность тенниса заключается в его доступности и адаптивности. Он может эффективно использоваться как на регулярных уроках физической культуры в начальной школе, так и во внеурочной деятельности – в рамках секций, кружков, спортивных мероприятий и групп продленного дня. Благодаря разнообразию форм занятий (индивидуальные, парные, игровые), теннис позволяет педагогам и тренерам гибко выстраивать учебный процесс, постепенно усложняя задания в зависимости от уровня развития ребенка. Использование теннисных упражнений не требует значительных финансовых вложений - достаточно базового инвентаря и безопасного пространства для организации занятий.

Отдельного внимания заслуживает эмоциональный и мотивационный аспект. В отличие от традиционных гимнастических или беговых упражнений, теннис воспринимается детьми как игра, а не как обязанность. Это существенно повышает интерес и вовлеченность младших школьников в занятия физической культурой. Игра в теннис помогает формировать у ребенка чувство радости от движения, способствует развитию саморегуляции, устойчивости к стрессу, концентрации внимания и ответственности. Систематическая игровая практика также улучшает навыки общения и работы в паре, развивает лидерские качества и способность к командному взаимодействию.

Кроме того, важно подчеркнуть пользу тенниса для профилактики и коррекции различных нарушений. У детей младшего возраста нередко наблюдаются трудности с координацией, неустойчивость осанки, слабость мышечного корсета, гиперактивность или, наоборот, заторможенность. Занятия теннисом могут быть частью коррекционных программ как в рамках инклюзивного образования, так и при поддержке логопедов и специалистов по развитию психомоторики. Доказано, что систематическое участие в теннисных играх улучшает межполушарное взаимодействие, активизирует зоны мозга, отвечающие за речь, память и мышление. Это

особенно актуально в контексте подготовки детей к успешному обучению и повышению учебной мотивации.

Таким образом, использование тенниса в образовательном процессе младших школьников можно рассматривать как эффективное средство комплексного развития моторики. Его применение способствует улучшению физического состояния, стимулирует когнитивные функции, развивает социальные и личностные качества. В условиях нарастающей цифровизации и снижения двигательной активности, такие формы физического воспитания, как теннис, становятся не только желательными, но и необходимыми для всестороннего развития детей.

В целях повышения эффективности использования тенниса в системе школьного образования необходимо разрабатывать методические рекомендации и практические пособия для педагогов, внедрять элементы тенниса в программы физического воспитания, а также стимулировать создание инфраструктуры, адаптированной под проведение теннисных занятий. Не менее важна и работа с родителями, направленная на формирование у них понимания значимости моторного развития ребенка и пользы регулярной двигательной активности.

Подводя итог, можно утверждать, что теннис – это не просто спортивная игра, а мощное педагогическое средство, способствующее гармоничному физическому и психическому развитию учащихся младших классов. Внедрение теннисных практик в систему школьного воспитания и обучения позволяет решать сразу несколько задач: физическое развитие, мотивация к активности, формирование личности и улучшение качества образования в целом.

Развитие моторики в младшем школьном возрасте – это не только физиологический процесс, но и важнейшее условие полноценного когнитивного, эмоционального и личностного становления ребенка. На этом этапе формируются устойчивые навыки координации, точности движений, сенсомоторного взаимодействия, которые оказывают непосредственное влияние на обучаемость, поведение и общее психофизическое состояние учащихся. В связи с этим внедрение в образовательную среду методик, направленных на активное формирование моторных и когнитивных функций, становится крайне актуальным. Одним из эффективных средств решения данной задачи выступает теннис – как настольный, так и большой.

Первым направлением в рамках изучения этой темы является сравнительный анализ влияния настольного и большого тенниса на развитие мелкой и общей моторики младших школьников. Несмотря на общее сходство в базовых игровых принципах, данные виды спорта существенно различаются по характеру двигательной нагрузки. Настольный теннис преимущественно активизирует мелкую моторику за счет частых движений кистей и пальцев, требующих высокой точности, а также зрительно-моторной координации на близкой дистанции. В то же время большой теннис, задействующий крупные группы мышц, в большей степени развивает общую моторику: координацию движений всего тела, равновесие, пространственную ориентацию, динамику перемещений. Сравнение этих направлений позволяет определить, какие из форм тенниса целесообразнее включать в школьную практику в зависимости от задач конкретного класса или индивидуальных особенностей учащихся.

Второе перспективное направление – разработка комплекса упражнений по теннису, адаптированных для уроков физической культуры в начальной школе. На практике это означает формирование методически обоснованной программы, включающей элементы как большого, так и настольного тенниса, но адаптированных под возрастные и физические особенности детей 6-10 лет. Комплекс должен включать игровые задания на развитие точности, реакции, координации, а также простые соревновательные формы для поддержания мотивации. Такая система упражнений может быть интегрирована как в основной учебный курс физической культуры, так и использоваться на дополнительных занятиях, в кружках, секциях или в группах продленного дня. Немаловажно, что упражнения могут варьироваться по уровню сложности, что делает их доступными как для физически развитых детей, так и для тех, кто нуждается в коррекционной поддержке.

Третье направление связано с нейропсихологическим аспектом и фокусируется на роли тенниса в формировании межполушарных связей и развитии когнитивных функций. В ходе теннисной игры активизируются оба полушария мозга: левое – при принятии решений, контроле за логикой движений, правое – при ориентировании в пространстве,

оценке скорости и траектории мяча. Перекрестная координация движений (движение рук и ног в противоположных направлениях) стимулирует активное взаимодействие между полушариями, способствуя развитию внимания, памяти, способности к переключению и концентрации. Это особенно важно для младших школьников, так как именно в этом возрасте происходит активное формирование нейронных связей, оказывающих влияние на последующее обучение, включая развитие навыков чтения, письма, счета и логического мышления.

Еще одним важным аспектом применения тенниса в образовательной практике является его значение как средства коррекции моторных нарушений и профилактики нарушений осанки у младших школьников. В начальной школе у детей нередко фиксируются проблемы с двигательным развитием: замедленная моторика, нарушение координации, слабость мышечного корсета, сутулость, плоскостопие. Регулярные занятия теннисом позволяют не только активизировать мышечную систему, но и развивать правильные двигательные паттерны. За счет симметричной и функционально сбалансированной нагрузки, особенно при правильно подобранных упражнениях, можно достигать устойчивого положительного эффекта в коррекции осанки, укреплении позвоночника, развитии равновесия и стабилизации опорно-двигательного аппарата. В случае настольного тенниса также развивается точность движений, что благоприятно отражается на навыках письма и ручной деятельности.

Нельзя не отметить значимость игровых технологий в процессе обучения теннису как средства мотивации учащихся младших классов к физической активности. Детям младшего возраста особенно важно, чтобы обучение строилось в форме увлекательной игры, а не воспринималось как обязанность. В этом плане теннис предоставляет широкие возможности: от командных эстафет и парных состязаний до сюжетных игр с мячом и ракеткой. Элементы соревнования, творчества и успеха делают занятия по теннису эмоционально насыщенными, что укрепляет интерес к физической культуре в целом. Игровой формат повышает самооценку, способствует социализации и формирует у детей устойчивую привычку к регулярной двигательной активности, закладывая основы здорового образа жизни.

Таким образом, изучение и внедрение теннисных технологий в начальное образование открывает широкий спектр как исследовательских, так и прикладных возможностей. Важно продолжать работу по обоснованию и структурированию методик, основанных на теннисе, разрабатывать адаптивные программы занятий, а также изучать индивидуальные траектории физического развития школьников в зависимости от используемых спортивных форм. Практика показывает, что теннис способен не только улучшать физические показатели учащихся, но и оказывать многогранное положительное влияние на их интеллектуальное, эмоциональное и личностное развитие.

**Список использованной литературы**

1. Самудинов К.С. Состояние физической культуры и спорта в Кыргызской Республике в современных социально-экономических условиях. – Режим доступа: http://lib.knu.kg/files/2016/VKNUv3.pdf

2. Мамбеталиев К.У. Государственная политика в сфере физической культуры: анализ и концептуальные основы развития. – Бишкек: Кыргызская государственная академия физической культуры и спорта, 2013, 192 с.

3. Асипова Н.А. Взаимосвязь религии и нравственности в воспитании подрастающего поколения. – Режим доступа: https://vestnik.knu.kg/wp content/uploads/2023/06/8-13.pdf

**Рецензент: доцент Абдыкеримов Ш.**

УДК 39(575.2)(04)
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-56-60

**Назарбекова К.У., Тойбаева Н.Б., Муратбекова Ж.М.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Назарбекова К.У., Тойбаева Н.Б., Муратбекова Ж.М.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Nazarbekova K.U., Toibaeva N.B., Muratbekova J.M.**
KNU J. Balasagyn

# КЫРГЫЗ ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАРЫНЫН ПЕДАГОГИКАДАГЫ РОЛУ
# РОЛЬ КЫРГЫЗСКИХ ОБРЯДОВ И ПРИМЕТ В ПЕДАГОГИКЕ
# THE ROLE OF KYRGYZ RITUALS AND SIGNS IN PEDAGOGY

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада кыргыздын каада-салтын коштоп келген элдик салттагы ырым-жырым белгилери, анын оң жана терс маанидеги түшүнүктөрү каралган. Буга байланыштуу этиканын элементтеринин бири катары жүрүм-тыйымдар деген ат элибиздин жашоо турмушунда кеңири белгилүү. Кылымдан-кылымга өтүп, каада-салттарыбыздагы ырым-жырымдар аткарылып, айтылып келе жаткандыгы элибиздин өсүп өнүгүшүнө салымы чоң десек жаңылышпайбыз. Бүгүнкү күндө элдик салттагы ырым-жырым белгилеринин муундан-муунга берилүүчү сырдуулугу, мурастуулугу, касиеттүүлүгү бар экендиги талашсыз. Мындан сырткары, кыргыздын улуттук дөөлөтү болгон ырым-жырымдардын белгилеринин өзгөчөлүгү баса белгиленип берилген. Макаладагы каада-салттын белгиси катары каралган ырым-жырымдар, жүрүм-тыйымдар жаштарга таалим-тарбияны үйрөтүүгө, коомдогу орду жашоодогу жол көрсөткүч кыймыл катары колдонулаарын баса белгилеп кетсек болот. Улуттук маданиятыбыздын калыптанышына карата улуу жазуучуларыбыздын кыргыз элине айтып өткөн маалыматтарынын негизинде иликтенип, түшүндүрүү максаты көздөлгөн. Терең маани, тарбияны камтыган каада-салттагы ырым-жырымдар жашоодо бизге калган ыйык рухий мурас катары кылымдан-кылымга өтүп кыргыз психологиясына терең синип, тиричиликте чоң мааниге ээ болуп келет.

**Аннотация:** В статье рассматриваются понятия ритуальных символов в народных традициях, сопровождающих кыргызские обычаи, а также их положительное и отрицательное значение. В связи с этим термин «жүрүм-тыйымдар» как один из элементов этики широко известен в жизни кыргызского народа. Тот факт, что ритуалы и традиции соблюдались и звучали на протяжении веков, внес огромный вклад в рост и развитие кыргызского народа. Символы современных народных традиций имеют таинственную, наследственную и сакральную природу, которая передается из поколения в поколение. Кроме того, подчеркивается уникальность национальных символов и обрядов. Следует подчеркнуть, что ритуалы, формы поведения и запреты, рассматриваемые в статье как признаки традиции, используются для воспитания молодежи, утверждения ее места в обществе и в качестве направляющего движения в жизни. Цель – исследовать и объяснить формирование нашей национальной культуры на основе информации, переданной кыргызскому народу нашими великими писателями. Традиционные ритуалы и обряды, содержащие глубокий смысл и воспитание, на протяжении веков глубоко укоренились в психологии кыргызов, став священным духовным наследием, оставленным нам при жизни, и приобретя огромное значение в повседневной жизни.

**Abstract:** The article discusses the positive and negative aspects of the Kyrgyz folk traditions and rituals. In this regard, the term "etiquette" as one of the elements of ethics is widely known in the life of our people. It would not be wrong to say that the fact that rituals and rituals in our traditions have been performed and spoken for centuries has made a great contribution to the growth and development of our people. Today, it is undeniable that the signs of folk rituals and ceremonies have a mysterious, hereditary, and sacred nature that is passed down from generation to generation. In addition, the peculiarities of the signs of rituals, which are the national wealth of the Kyrgyz people, are emphasized. It can be emphasized that the rituals, behaviors, and prohibitions considered as signs of tradition in the article are used to educate young people and serve as a guiding movement in their social life. The aim is to investigate and explain the formation of our national culture based on the information conveyed to the Kyrgyz people by our great writers. Traditional rituals and rites, which contain deep meaning and education, have been deeply embedded in Kyrgyz psychology for centuries as a sacred spiritual heritage left to us in life and have become of great importance in everyday life.

**Негизги сөздөр:** рухий; ниет; каниет; эреже-норма; жүрүм-тыйымдар; мурас.

**Ключевые слова:** духовное; намерение; правило-норма; поведение; наследование.
**Keywords:** spiritual; intention; satisfied; rule-norm; behavior; inheritance.

Кыргыз эли бай тарыхка, маданиятка жана руханий дөөлөткө ээ эл. Кыргыз элинин салттуу жашоо образы баланы тарбиялоонун уникалдуу жолдору менен калыптанган. Ырым-жырымдар – бул элдик тажрыйбага, руханий ишенимдерге жана тарбиялык принциптерге негизделген маданий көрүнүш. Бул ырымдар эл арасында муундан муунга өтүп, айрыкча баланын төрөлүшүнөн баштап, коомчулукка аралашуусуна чейин чоң тарбиялык ролду ойногон.

Байыртадан эле кыргыздар жаштарды өзүнө-өзү талап коё билүүгө көнүктүргөн. Бул илим тилинде "этика" деп аталат. Этика – бул этияттык, сактык, жүрүм-турум, мамиле-катнаш, бирөө менен сүйлөшүүнүн, убадалашуунун чен-өлчөмү, эреже-нормасы. Этиканын көптөгөн элементтери кыргыз элинин жашоо-турмушунда жүрүм-тыйымдар деген ат менен белгилүү.

Жүрүм-тыйымдар – элдик нормаларды камтыган элдин адеп-ахлактык тарбиясы, маданияты. Булар жазылбаган мыйзам, эреже катары аткарууга милдеттүү болуп, балдарды, жаштарды, адептүүлүккө, ыймандуулукка, түз жолго ж.б үндөгөн жүрүм-турумдар, ырым-жырымдар коп. Азыр улам кийинки муундун акыл-туюмуна арнап, атадан балага, кылымдан-кылымга өтүп, бүгүнкү күнгө чейин айтылып келет. Калк ичинде канчалаган мезгил көөнөрбөй айтылып келе жаткандыгы бул жүрүм-тыйымдар тегин жерден чыкпагандыгынан болсо керек. Элдик жүрүм-тыйымдар буюруу иретинде айтылат. Бизге жөнөкөй эле сезилгени менен, ар биринин аркасында терең маани, тарбия жатат. Анда толук болбосо да, эл ичинен чогултулганына кулак салалы.

Ырым-жырымдар кыргыз элинин таалим-тарбиясында өтө терең мааниге ээ. Алар аркылуу ата-энелер балдарын жакшы сапаттарга тарбиялап, коомго даярдашкан. Элдик педагогика баланын аң-сезимин, психологиясын, коом менен болгон байланышын ырымдар аркылуу туюнтуп келген.

**1. Баш кийимди башкага берүүгө болбойт**

Баш кийимди белекке бербейт, жатаарда аяк жака таштабайт, босогого илбейт. Бирөө менен баш кийим алмашып кийгенге болбойт.

Мааниси – баш кийим элибизде баш менен тең каралып, ыйык деп саналат. Баш кийимди бирөөгө берүү, башты (акыл-эси, тилеги) кошо берүүгө тете деп бааланган. Баш кийим эскирип калса, жаш балага жыртылганча кийгизип анан өрттөп салган. Баш кийимди алмашып кийсе, ырыскы башкага ооп кетет деп саналат.

**2. Бош бешикти терметкенге болбойт**

Бешик бала жатчу, уктоочу буюм болгондуктан ыйык деп эсептелет. Бешикте жаткан баланын дене-бою, акыл-эси өсөт.

Мааниси – бош бешикти терметүү баладан айрылуунун же баласыз болуп калуунун белгиси катары каралат.

**3. Кечинде эшик шыпырганга болбойт**

Бул тыйуу азыркы мезгилге чейин күчүндө.

Мааниси – шыпырындыда жин-шайтан ойнойт деген ишеним жашайт.

**4. Шыпыргыны тикесинен койгонго болбойт**

"Шыпыргыны тикесинен койбой, жаткырып кой" деген сөздү угуп эле жүрөбүз.

Мааниси – ата-бабалар шыпыргыны тик койсо, үй ээсинин душмандары баш көтөрөт деп ишенишкен. Тик турган шыпыргы "үйдө кыз-келин болбой, келин колдонулбай, бир орунда тик тура берсем" деп тилейт деген ырым-жырым айтылат.

**5. Босогодо отурууга, аны кулачтоого болбойт**

Мааниси – босогону кулачтоо үйгө кире турган жакшы адамдардын ырыскысын, берекесин, жакшылыктын жолун тосуп киргизбей коет деген ишеним. Конокту элибиз "ырыскы ала келет" деп баалайт.

**6. Караңгыда ак бергенге болбойт**

Кыргыздар сүт-айран, кымыз сыяктуу улуттук даамдарды ак деп аташат. Акты түндө берүүгө болбойт.

Мааниси – сүт саалган малдын эмчеги сезгенип калат дешет. Эгер сөзсүз бериш керек болсо, үстүнө суу тамызып коёт, же идиштин үстүн жаап берет. Дагы бир мааниси, караңгыда ак сураган адам, ырыскысын талашат деген да көз караш бар.

**7. Сырткы кийимди желбегей жамынууга болбойт**

Адамдын желбегей жамынып алышын да жамандыкка жоруган, жок дегенде кийимдин бир жеңин кийип алыш керек деген түшүнүк бар.

Мааниси – желбегей жамынган адам ата-энесинен ажырап калат деп чечмеленет. Илгери аза күткөн адам желбегей жамынган.

Себеби жакыны өлгөн адамга көңүл айтканы келгендер ала келген кийим-кечесин сөөк ээсинин үстүнө толук кийгизбей, желбегей жаап кетишкен.

**8. Чачты, тырмакты тепсенди жерге таштоого болбойт**

Мааниси – кыргыздар адам өлсө деле, чачы, тырмагы өсө берет деген түшүнүк менен жашап, чач менен тырмакты ыйык нерсе катары карашкан. Ошондуктан аны көрүнгөн жерге ташташкан эмес. Чач, тырмактын ээси кырсыкка учурап калат деп отко да ташташкан эмес.

**9. Аялдар тизесин кучактап отурса болбойт**

Кыздарбы, келиндерби тизесин кучактап отурган аялдарды улуулар акырын колго чаап тизеден алдырып коюшкан.

Мааниси – тизе кучактап отуруу – жесирликтин белгиси катары каралат. Илгери күйөөсү каза болгон аял чачын жазып, тизесин кучактап отуруп аза күткөн. Сырттан кирген адам жесир аял ушул экен деп билишкен. Тизе кучактап отуруу жамандык чакыруучу көрүнүш деп эсептелген.

**10. Жыртык дасторконду колдонууга болбойт**

Кандай дасторкон болбосун, бир жери жыртылып же тешилип калса, колдонууга болбойт.

Мааниси – ырыскысынын баары жыртык менен чууруп түшүп калат дегенди билдирет.

Башка бирөөнүн дасторконун алып келип тамак ичкенге болбойт. Анткени батанын сообу, үй ээсине эмес, башка дасторкондун ээсине тийип калат деп айтылат. Дасторкон менен ырыскысы кошо кетет деп аны башкаларга берген эмес.

Ата-бабалардын бизге калтырган бай мурастарын көздүн карегиндей сактоо, аяр күтүү, терең үйрөнүү, үйрөнүп гана тим болбостон, ар ким аны күнүмдүк жашоосунда колдонуу маданиятыбыздын өнүгүшүнө, рухий жан дүйнөбүздүн байышына негиз болот.

Академик, жазуучу Т.Сыдыкбеков “Эгерде биз кылымдардын акыл-насаатына кулак салбасак, ата-бабалардын насаатын унутсак, анда биз эч качан өнүгө албайбыз” деген экен. [КМ, 14.04.1991]

Улуттук дөөлөтүбүз күндөн-күнгө өркүндөп өссүн, жаштарыбыз жат маданияттуулукту сыйлап ээрчип кетпесин десек, өзүбүздүн каада-салттарыбыз менен үрп-адаттарыбызга кеңири жол ачып, ата-бабаларыбызга сыйынып жүрүүгө милдеттүүбүз.

Ырым-жырым белгилери:

- камчыны моюнга салуу –кечирим суроонун белгиси;
- камчыны керегеде (үйдө) дайыма илинип турушу – үй ээсинин кайраттуулугунун белгиси;
- жакшы ниет менен кирген адам босогону тепсебей, оң буту менен аттап кирет, үйдөн чыгаарда да ошентет. Босогону тепсөө, кулачтоо үйгө келаткан ырыскыны тосууга тете дешкен;
- алакандын ысышы же кычышканы – жолго чыгуу же акча, буюм алуу;
- чынынын колдон түшүп, чайдын төгүлүшү – бирөөнүн шашып келе жатканы же болочок ишиңдин кечеңдей турганы;
- колуңдан идиш түшүп сынганы – ошону менен кырсыктан чыгып кетиши.

**Жакшылыкка жоруу**

- Адам баласынын алгылыктуу тилектери көп. Басса-турса, бирдемелерди көрсө, алардын айрымдарына атайын көңүлдөрүн бөлүү, жакшы тилек-жарым ырыс катары ниетине келип туруусу. Түш көрүүсү, аны оң тарапка буруусу. Минтүүлөрү адамдык сапаттарды арка бел тутуулары.

**Аласа бересеге так болуу**

- Бул жашоо тиричиликте мамиле түзүү, бир-биринин ажатын ачуу, каалоо-колдоо, керегине жароо, убактылуу жардамдашуу учурлар жеринен бар.

Аласа-бересе аркылуу адамдар ынтымакташат, ырыскы шерик келишет. Жогун башкадан алат, кайра берет. Бейкапардык пайда болот.

**Тообо кылуу** – бул жакшы сапат, жакырчылыкта өзүнүн көргөн күнүнө, жашоо турмушуна, бала-чакалуу болгонуна, аздыр-көптүр ыраазычылыгынын билдирүүсү. Ошого каниет алуусу. Кетирген күнөөсүн, акырет айткан сөздөрүнүн өзүнөн-өзү кечирүүсү.

**Башынан суу тегеретүү**. Бул башынын соо келишине карата жасалган ырым. Алтын башынан ар кандай тоскоолдуктарды жеңүүсү, адатта алыс жол сапардан аман-эсен кайткан адамдын башынан үй ээси үч курдай суу тегеретет. Ошол чыныдагы сууга үч курдай түкүрүп, сууну чачып, чынысын көңтөрүп коёт. Ат-көл аман-эсен келди, кудайым берди – деген жадырап-жайнап тосуп алууну, жай ала түшкөндүктү туюндурат.

**Элдик салттагы оң маанидеги түшүнүктөр**

**1. Тебетейин көккө ыргытуу, тебетейин баса кийүү**

Тебетейди көккө ыргытуу, тебетейди баса кийүү. Кыскасы, баш кийимди кийүүнүн ички сырлары болгон.

а) Тебетейди, калпакты көккө ыргытуу, бул сүйүнүчтүн, кубанычтын тактап айтканда сүйүнүү менен кубануунун жогорку чегин билдирүү "Көктө Теңирим турат. Ошого ыраазычылыгымды билдирип жатамын" – деген жалпы элдик түшүнүктү туюнтат.

б) Тебетейди баса кийүү, эки колду алдыга алуу, жеңге салуу – бир нерсеге өтө өкүнүүсү, бирөөлөрдөн ыдык көрүүсү

**2. Оозго суу тамызуу**

Накыл кепке айланган мунун мындай жагдайлары бар. Адатта начар абалда жаткан кайрылуудан калган адамга карата айтылат. Негизи оозго суу тамызуу ал бери кароодон калып, аны кароосу, өлүм алдында жатуучу. Кыргыздар андай шарттарда соопчулук үчүн ичер суусунан оозуна кебезге малып, тамызып, оозунун тегерек четин суулап, кыйналган пендеге жардам болоор, ыраазылыгын берээр өңдүү айла-амалы болуп саналат.

**3. Чүкөсүн айкүр тургузуу**

Бул "чүкөсү түгөлгө" үндөшөт. Ойлогон оюна, тилеген тилегине жетти, болуп турган кези. Мындан артык эмне болот. Бийиктеп турат дегенди туюндурат.

**4. Тырмак алуу**

жазалаганы, өзгөчө таш боордугу романда текши айтылбайт да, айрым учурлары гана окуянын логикасына жараша **аргасыз** эскерилет. "Аргасыз" эскерилет дегенибиздин да жүйөсү бар, антпесе болбойт. Автор анын алгылыксыз, ырайымсыз иштерин сыдырып айткысы келбейт, бирок **кээ бир учурларды сыпаа эске алууга мажбур болот**. Антпесе ишенимсиз болуп калат да, бул тарыхий баяндын "кабыргасы сөгүлүп" түшөт. Өз урпактарынын бири, образы айрыкча таасирдүү чыккан **Сайчы уул** Чыңгыз хандын арбагына: "Үч уулуна (уулуңузга болсо керек – К.А.) бөтөнчө арнап өргөө тиктирип, бөлүп журтка улук көтөрдүңүз да токолдон туулган бөлөк уулдарынын укум-тукумун "жай Жоочу, жаман Жоочу" атыктырдыңыз". Бөөдөсүндүңүз, ата! **Аликүнчө арылбаган бактысыздыкты башыбызга үйдүңүз"** [1, 309-б.], – деп бетке чапкандай оор айып-сөздөрүн айтканда да, "анын ырас" дей салып, кайра: "Жок, жок. Андай эмес карагым. Аларбы? Алар саткын чыкты! Керээтимен жаңылыпмын! Керээтимен жаңылыпмын, кагылайын", – деп кутулат. [1, 310-б.] Хандын арбагы ошентип Сайчы уул чекеге чапкандай ачык койгон айыпты (урпактары "аликүнчө арылбаган бактысыздыктын" чоо-жайы да айтылбайт – К.А.) моюндаганга, урпактарынын моралдык-нравалык деградациясынын себептерин өзүнө оодарууга эрки жетпейт. Башканы кой **"өз балдарын ала-була көргөн**", Чыңгыз хан өзүн сындоодон тышкары, бийик коет. Мунун өзү анын образына жагымдуу боекторду сүртө койбойт. Анын өзгөчө пропаганда кылынган айкөлдүгү, чынчылдыгы, калыстыгы, көрөгөчтүгү, колбашчылык таланттуулугу жер менен жексен кылынган миңдеген айыл, шаарлардын, кыргын кылынган эсепсиз, бейкүнөө элдердин, адамдардын кунунан артык беле деген суроо коюлбаган бул романда темирдей тартип орнотуп, өз урпактарын бардыгынан бийик, кол тийбес даражага жеткирген ошол **каар заманды сагынуу, ага болгон ностальгия алдыңкы планда турат**. Роман так ушул максат-нээт менен жазылган сыяктанат, бирок таланттуулук менен жазылганы да чын. Даңазалуу колбашчы, дүйнөдөгү эбегейсиз империянын түзүүчүсү, эсепсиз майда жана чоң хандыктарды, элдерди тыптыйпыл кылган Чыңгыз хан кантип адамзаттын бардык көйгөйүн чечкен, идеалдуу коомго негиз салып койгон? Романда ушундай кыйытма ой бар, бирок **анын жообу жок болуп, автор бул чатак суроону айланып өтүүгө катуу аракет кылат.** Бүткүл адамзатты "туптуура жолго салдым" деген ишеничи кыйрап, түбөлүктүү деген ой-мүдөөлөрү бузулуп, болгондо да өз урпактары тарабынан чакчелекей кылынып, алар бирин бири кырып отурса, ата-тегинин "улуу" иштерин унутуп, манкурт болуп турса, Чыңгыз хан арман кылбаганда ким кылмак эле?! Бирок анын арман-муңу окурманга жете бербейт, анткени анын сөздүн нака оң маанисиндеги улуу адам экени чыгармада далилденбейт да, натыйжада ал арман тар чөйрөнүн, өз кызыкчылыгын гана ойлогон топтун, айрыкча өзүмчүл адамдардын (Чыңгыз хан менен кейиштүү өз тагдырына коомдук системаны айыптаган Избасардын) арманы катары кабылданат. **Албетте, аны жалпылай салып ар ким өзүнө, жалпы элге, бүкүлү адамзатка карата айтылып, манкурттукту айыптап жатат деп актап, колдонууга болот, бирок анын романдагы деректүү мотивациясы жана көркөм негиздемеси бошоң же дээрлик жок**. **Чыңгыз хандын улуулугу, улуу иштери тууралуу идея ошентип курулай сөз, ичтейи бош декларация боюнча калат**. Ал эми арман, айтылгандай, эч кимге пайда-батасы жок, улуу инсандын урпагы болгон үчүн гана төрө болууга укуктуу Бактыгерейдин жана аларды калкалап, элди (окурманды) ушуга ишендирүүгө жан үрөгөн **автордун да арманы** болуп чыгат. Натыйжада **бул үчөөнүн муң-арманы** окурман бөлүшкүдөй, тилектеш болгудай даражага жетпей, аны ынандыра албай турат. Мына ушул жагдайды, романдын башкы пафосу катары ынанымдуу жана терең реализацияланбай калган өзөктүү идеяны (автордун өздүк концепциясын) эске албаганда роман мыкты жазылган дегеним да ушундан. Анда колориттүү образдардын бүтүндөй бир галереясы, доордун илеби согуп турган элестүү картиналар, ойго салчу, сезим-туюмду козгоп, түйшөлтө турган картиналар, таасирдүү образдар бар. Масштабдуу ой калчай билген калемгер, жашоо-тирликтин, тарыхтын (өтмүш доордун) оомал-төкмөл жактарын, адамдар тагдырындагы чиеленген зарылдык менен кокустуктарды өзү көрүп тургандай, айрыкча монголдордун турмуш-тирлигин өзү күбө болгондой, өзү аралашып жүргөндөй элестип, аларды ошондой эле жугумдуу-образдуу бере алат, анын баарын кан-жанынан чыгара билет. А. Койчиев ошондой, дээринен, табиятынан нукура сүрөткер экендиги анык. **Таза мистикалык, эзотерикалык сюжетке негизделип,** кайсы бир деңгээлде М. Булгаковдун " Мастер менен Маргарита" романын эске салган (Маселен,

Воланддын келиши, ж.б.) "Бакшы менен Чынгыз хан" бизди буга толук ынандырат. **Бирок каалайбызбы-жокпу, кабыл алабызбы-жокпу, романдын өзөктүү идеясын Чынгыз хандын заманына жана анын өзүнө, ал орноткон коомдук жана граждандык мамилелер дооруна болгон сагыныч-ностальгия түзөт**. Мындай концепция боюнча Чынгыз хандан кийинки доорлор, адамдар коому бузулган, нарк-насилин жоготкон учур болуп эсептелет. Бул айрыкча советтик мезгилге тиешелүү. Автор муну кадам сайын далилдөө аракетин көрөт, окурманды ушуга ишендирүү ниетинен бир саам тайбай, натыйжада эзелки жана кечээкки турмуштун жалаң көлөкө жактарын сүрөттөгө берилип кеткенин өзү да байкабай калат. Жарыгы дээрлик жок турмуш аны жетелеп кеткендей көрүнөт.

Ошентип, Чынгыз хандын доорунда эле башталган коомдук жана инсандык "регресстин" башаттарын таланттуу жазуучу А.Койчиев ушундайча трактовка кылат. **Бирок мунун өзү бул тема иштелип бүттү, аягына чыгарылды, тигил же бул жазуучунун концепциясы туптуура же такыр туура эмес дегендикке жатпайт.** Эгер коомго зыяндуу идеяны тутунбаса, чыгармачылык өзгөчө позициясы үчүн авторду мактоо же жектөө орунсуз иш. Ар кимдин өз чындыгы бар дегендей, балким, Чынгыз хандын жана анын өзүнө окшош турпаттагы мураскерлеринин мүдөөлөрүнүн ишке ашпай, тилектеринин таш кабышын, кыскасы, даңазалуу императордук династия түптөгөн коомдун кыйроо себептерин бир топ калемгерлерде алардын атагы таш жарып, дүйнөнүн жарымын чеңгелдеп турган кезинен, ошондо эле туура эмес жасалган иштерден издеп көрүү зарылдыгы келип чыккандыгынан да көрсөк болот. Кезегинде кыргыз прозасында мындай аракеттер да боло келген.

### Колдонулган адабияттар


1. Койчиев А. Бакшы менен Чынгыз хан (Жолдош Бактыгерей Избасаровдун жоголгон дептерелери): Роман. – Бишкек:"Турар", 2016, 484-б.
2. Эркебаев А. Муундар жоголбойт, адабият өлбөйт // Кыргыз Туусу, 2019, 26-март.
3. Бөкөшов Ж. Чиеленген тарых, чийилген тагдыр. – Китепте: Бакшы менен Чынгыз хан (Жолдош Бактыгерей Избасаровдун жоголгон дептерлери): Роман. – Бишкек: "Турар", 2016, 3-12-б.
4. Токторов М. Маңкуртчулукту дагы бир жолу эске салган роман же жетесин унуткан урпактардын азабы жана муңу // Кутбилим, 2017, 14-апрель.
5. Таштаналиев Б. "Бакшы менен Чынгыз хан": мистика менен реализмдин жуурулушунан жаралган // Кыргыз Туусу, 2024, 15-март.
6. Амирбек Азам уулунун, Алмаз Кулматовдун "Азаттык" радиосундагы маектери, Гүлнар Эмилдин "Рухэш" сайтындагы макаласы (24.01.2020).


**Рецензент: пед.и.д-р, профессор Чыманов Ж.**


УДК 82-94:821.51
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-101-107



**Абакиров К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Абакиров К.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Abakirov K.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0001-5574-3966


## ТАРЫХИЙ ПРОЗАДАГЫ АВТОРДУК КОНЦЕПЦИЯ МАСЕЛЕСИНИН АЙРЫМ ЖАГДАЙЛАРЫ[1]
## НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ АВТОРСКОЙ КОЦЕПЦИИ В ИСТОРИЧЕСКОЙ ПРОЗЕ
## SOME QUESTIONS OF THE AUTHOR'S CONCEPT IN ANCIENT PROSE

[1] Бул макала Азия News газетасынын 2025-жылдын 6-февралдагы санына жарык көргөн. Бул жерде айрым өзгөртүүлөр менен берилди.

**Кыскача мүнөздөмө:** Сунуш кылынган макалада азыркы кыргыз адабиятында тарыхий прозанын өнүгүшүндөгү жалпы маселелер каралат. Анын жанрдык-тематикалык көп түстүүлүгүн белгилей келип, автор чыгармаларда сүрөттөлгөн тарыхий окуялар менен инсандарга карата жазуучулардын сүрөткерлик позициясына көңүл бурат. Макаланын авторунун пикиринде автордук концепция чыгарманын идеялык-көркөмдүк мүдөөсүн жүзөгө ашырууда өтө маанилүү роль ойнойт. Ошону менен бирге макаланын автору жазуучулардын ишениминде негизги тарыхий окуялар менен каармандардын табиятын ачып бере турган айрым көркөм-поэтикалык каражаттардын (түш көрүүлөр, галлюциациялар, бата берүүлөр, каргыш ж.б.) семантикасын талдоого алат.

**Аннотация:** В предлагаемой статье рассматривается общие вопросы развития исторической прозы в современной кыргызской литературе. Отмечая ее жанрово-тематическое многообразие, автор особое внимание концентрирует на художнические позиции писателей на те или иные исторические события и личности, изображенные в их произведениях. По мнению автора статьи именно авторская концепция играет важнейщую роль в реализации идейно-художественного замысла произведения. Вместе с тем, автор статьи анализирует семантику некоторых художественно-поэтических средств (сновиденений, галлюцинаций, благословлений, проклятий и т.д.), которые по пониманию писателей, помогают раскрыть сущность главных исторических событий и героев.

**Abstract:** This article discusses general issues of the development of historical prose in modern Kyrgyz literature. Noting its genre and thematic diversity, the author focuses special attention on the artistic positions of writers on certain historical events and personalities depicted in their works. According to the author of the article, it is the author’s concept that plays the most important role in the implementation of the ideological and artistic concept of the work. At the same time, the author of the article analyzes the semantics of some artistic and poetic means (dreams, hallucinations, blessings, curses, etc.), which, according to the understanding of writers, help to reveal the essence of the main historical events and characters.

**Негизги сөздөр:** инсан; окуялар; Чыңгыз хан; автордук концепция; көркөм ой-кыял; мистика; магия; түш көрүүлөр; тарыхий чындык.

**Ключевые слова:** личность; события; Чингиз хан; авторская концепция; художественный замысел; мистика; магия; сновидения; историческая правда.

**Keywords:** personality; events; Genghis Khan; author's concept; artistic design; mysticism; magic; dreams; historical truth.

Көркөм адабиятка ынтызар адам кыргыз прозасында XXI кылымдын баш ченинен тарта роман жанрынын, анын ичинде ошол жанрга коюлган талаптарга, баа-ченемдерге жооп береби-жокпу деген соболго көз жума турганда деле прозанын "тарыхий" аталышына жамынган чыгармалардын арааны жүрүп жатканын байкабай койбойт. Кыргыз романдарынын жарала баштоосун өткөн кылымдын 30-жылдарынын ортосу менен белгилесек ("Узак жол", "Кандуу жылдар", "Кең-Суу", "Каныбек"), XX кылымдын изи сууганча жазылган роман аттуунун баарынын жалпы саны кийинки чейрек кылымда жамырап жарык көргөн романдарга жете бербесин көрөбүз. Сандык көрсөткүч көркөм-адабий процесстин нарктуу белгиси боло албаса да, аны биротоло көңүл сыртында калтыруу кыйын, анткени ал кантсе да анда жүрүп жаткан изденүүлөрдүн мүнөзүнөн, көркөм-эстетикалык кыймылдын оош-кыйыш жактары менен бирге эртеңки өнүгүү багыттарынан алынча кабар бербей койбойт. Сан акырындап сапатка өтүүгө умтулат – ар нерсенин табияты, башка коомдук-руханий көрүнүштөр сыяктуу эле көркөм адабияттын ички маңызы да ушуну көксөйт, ошол сапатты талап кыла келет. Антпесе, сапатка басым жасоодон башка жол, башка айла жок экендигин сезип-туйган калемгерлер болбосо, алар чаалыкпай изденип караламан калемгерлердин ичинен бирден-экиден суурулуп чыгышпаса, көркөм адабияттын баасы түшүп, кунары качып, ага болгон коомдук кызыкчылыктын төмөндөөсүнүн негиздүү себептеринин бири болуп калат.

Соңку кыргыз прозасында тарыхий тематика өтө жыш жана ыкчам иштелип, ондогон повесттер, романдар жарыяланып, алардын ичинен чыгып-чыкпай унутулуп, бир ооз кеп-сөзгө алынбай калышы бул тармакка баш койгон авторлорду ойго салбай койбосо керек. Натыйжада ошол ооматы кеткен чыгармалардай жорго салыш менен арыдан-бери жазыла калбаган, тарыхий өткөн чак бир жактуу жана чала-чарпыт сүрөттөлбөгөн, аныгында эле бул жанрдын көркөм-эстетикалык нарктуулугун көтөргөн чыгармаларды жаратуу зарылдыгы келип чыкты окшойт. Тарых каалагандай аңтарып

кие берчү тон эместигин түшүнгөн авторлордун бир даары тарыхий көркөм материал топтоп, ылгоонун жана сүрөттөнүн башкаларды кайталабаган, натыйжалуу ыкма-каражаттарына издөө салганы да ушундан улам болуш керек. Кандай гана эл болбосун узунду-кыскалуу тарыхы болуп, ал аны ар дайым эсинде сактап, таанып-билүүгө, муундарга мурастап калтырууга умтулат да, жасалгалап, шөкөттөп фольклорго оодарат, адабиятта болсо сөз чеберлери же өзүн ошондоймун деген калемгерлер аны көркөм ой элегинен өткөрүп, ирдүү жана олуттуу учурларын ылгап, иргеп, тарыхий факт менен кыял туундуларын жуурулуштуруп, образдуу формада берүү аракетин көрүшөт. Мындан улам адабияттагы тарыхий жанрды элдин өзүнүн өткөндөгүсүн бүгүнкү күнгө жалгаштырып, образдуу-элестүү түрдө кайра жаратуу аракеттеринин табыгий жана мыйзамченемдүү көрүнүшү десек болот. Мындай жооптуу ишти бир жагынан илимпоз-тарыхчы, бир чети нукура көркөм сөз чебери катары эки ишти моюндап, айкалыштырууга дарамети жеткен чыгармачыл инсандар гана аткарары айгине. Демек, тарыхий жана көркөм чындык, алардын синтези деген маселе бул жанрдагы чыгармалар үчүн өзөктүү орунда туруп, адабий-эстетикалык башка толгон проблемаларды жетектеген да, чечкен да күчкө ээ болуп калат. Ал эми ошол тарыхты көркөм чындыкка айлантуунун каражаттары, ыкмалары ар бир автордун талантына, билимине жана чеберчилигине көз каранды экендиги айтпаса да түшүнүктүү.

Дегинкиси, "тарыхий" аталышындагы жанрдык аныктамага жана чыгарманын иш жүзүндөгү мазмунуна келгенде кыргыз жазуучуларында ачык-айкын позиция жок сыяктанып, олку-солкулуктар байкалат. Маселен, **Т. Сыдыкбеов, Т. Касымбеков, К. Осмоналиев** сындуу бир катар нукура тарыхий романдардын авторлорун айтпаганда деле, кийинки чейрек кылым аралыгында жарык көргөн **Р. Абдиевдин** "Алай закымдары" (2005), **К. Ашымбаевдин** "Азат көчү" (2012), **К. Бакиевдин** "Дарыялар жайыкта кошулушат" (2001**), С. Бейшембиевдин** "Бөрү баатыр" (2002), **Ж. Егембердиевдин** "Канат хан" (2006), **К. Иманалиевдин** "Тагай бий" (2010), "Шабдан баатыр" (2014), **Ү. Мурзапардын** "Сакылар жери" (2001), **Ү. Мурзапар** менен **Г. Абдрахмановдун** "Данакер" (2015), **М. Чокотегиндин** "Нарбаш" (2018), **К. Кушубековдун** "Улуу тоого чыккан барбы" (1992-2009), **Э. Отунчиевдин** "Молдо Асан" (2008), "Жеңижок" (2009-2015), **Т. Касымовдун** "Боронбай жана Төрөтай" (2006), "Тагай бий" (2011), **А. Мусабековдун** "Кулукей баатыр" (2011), **А. Нааматовдун** "Аманат" (2009), **А. Рыскуловдун** "Атакенин Акболот" (2012), **Ж. Токтоналиевдин** "Баатыр Шабдан" (2006), "Хан Ормон" (2000-2013), "Абийир өлүмдөн бийик" (2011), **А. Стамовдун** "Хан Тейиш", "Суусамырдын ээси" (2010), **А. Муратовдун** "Сунулган баш, суурулган кылыч..." (2012), "Алимбек датканын арманы" (2025), **Т. Элебаевдин** тарыхий роман-хроника делген "Чыгыш же чоң бийлер баяны" (2012), **Т. Жолдубаевдин** "Актоко" (2015**), Б. Максүтовдун** "Кызыл кыргын, кандуу links кармаш" (2009, 2016), **Т. Мейманалиев** менен **Б. Мейманалиевдин** "Императордун тукуму" (2016, орусчасы – 2010), **С. Гавайдын** "Скифтин каргышы" (2006), **А. Бекбалаевдин** (Аммиан фон Бек) "Баламбер – хан гуннов", "Ульдин – хан гуннов", "Атилла – хан гуннов" (книги III, IV), **К. Сактановдун** "Искендер Зулкарнайн" (2005), "Атилла" (2011), **А. Сарманбетовдун** "Капсалаң доор. Карга аке" (2018), "Кызыр даарыган Кыдыр аке" (2022), "Жылдыздар жерде жанышат. Нурдөөлөт баатыр менен Бурулча сулуу" (2024), **Б. Табалдиевдин** "Катагандын кылычы" (2012), **А. Темиркуловдун** "Кылыч мизиндеги доор" (2020), **А. Көлбаевдин** "Шыбак жыты (Бумын, Истеми кагандар)" (2018), "Алп Сол каган" (2021) жана башка да бир катар повесттер менен романдар "тарыхий" аныктамасы менен жарык көрүп, ошого жараша көркөм материал жайгаштырылган. **Аман Газиевдин (В. Плоских, Ю. Бородин, В. Мокрынин)** орус тилиндеги "Посольство Земарха", "Таласская битва", "Барс-Бег, каган кыргызов" (2002), "Во времена караханидов", "Пулат-хан" (2010), "На берегах Яксарта" (2010), "На берегах Иссык-Куля", "Горная царица Алая", "Пржевальский буревестник" (2010), "Долгий путь к России" (2010) аттуу тарыхий маалыматтар менен көркөм ой-толгоолорду айкалыштыруу менен жазылган тарыхий новеллалары менен повесттерин, **К. Медетхан** менен **М. Апышевдин** "Небесная империя" (2012) повестин да эске албай кетүүгө болбойт. Белгилүү тарых жана элдик каада-салт изилдөөчү **Асыкбек Оморов** да "Чыңгызхан" (2008), "Темирлан" (2010) аттуу чыгармаларын тарыхий роман катары жарыкка чыгарган. Бирок алар аныгында ушул эле автордун "Аттиласы" (2015) сыяктуу эле тарыхий роман эмес, өз бетинче изденүү менен жазылган илимий-популярдуу эмгектер болуп саналат.

Аталган роман, повесттердин басымдуу бөлүгү кайсы бир инсандын өмүр жолун таяныч туткан тарыхий-биографиялык чыгармалар болуп эсептелет. Дүйнөлүк адабияттагы тарыхий-көркөм чыгармалардын көбү деле кайсы бир белгилүү инсандын өмүр жолуна, ишмердигине негизделип, жалпылаштыруу орчундуу орун ээлей келгени белгилүү.

Ал эми тарых кадыресе турмуштук өңүттөн иликтөөгө алынып, социалдык-саясий, моралдык-нравалык, философиялык, элдик эстутум проблемалары козголгон, б.а., тарыхий мезгил-мейкиндик ачык көрүнүп турган жоон топ чыгармаларды жазуучулар жөн гана "роман", "повесть" аталыштары менен жарыялашкан. Аларга: **М. Абакировдун** "Көкөй кести" (2010), "Барымта" (2008), **Р. Абдиевдин** "Төпө аке" (2002), **А.Койчиевдин** "Мисмилдирик" (2009**),** **А.Көлбаевдин** "Жапырык" (2012), **К. Сапарбаевдин** "Ор" (2010), **К. Иманалиевдин** "Алтынкөлдүн аккуусу" (2005), **Т. Жолдубаевдин** "Кут-ай" (2018), **О. Шакирдин** "Куюн доор" (2016), **С. Өмүрбаевдин** "Улуу Үркүн" (2015), **С. Станалиевдин** "Чагылгандын көз жашы" (2001), "Жылдын эң узак күнү" (2007), **Э. Турсуновдун** "Балбай" (2002), Ата Журт" (2011), "Боронбай" (2004), "Хан Теңир" (2019), **Ш. Эсенгуловдун** "Кожомкул" (2003), **А. Карыбаевдин** "Садыр аке" (2007), **К.Сактановдун** "Маркумдар үнү" (1991), "Алымбек датка" (2009), **М. Жоошбаевдин** "Тогуз кайрык" (2014), **А.Муратовдун** "Жылдыздар тараган таңдар" (2020), **П. Дүйшөнбаевдин** "Нүзүп миңбашы" (2014), "Жармазардагы акыркы кеч" (2017), **Ж. Абдылдабековanын** "Доорлор тогошуусу. Шабдан баатыр" (орусчасы: "Тернистые вехи эпохи", 2020) жана башка жоон топ роман, повесттер кирет. Ал эми бүтүндөй көөнө, орто кылымдардагы, андан да берки кыргыз тарыхына арналган: "Барсбек кагандын көрөр көзү" (2002), "Ак өргөөгө кут түшкөндө" (2012), "Каратүлөк чоронун эрдиги" (2004), "Күнбосун ажо" (2007), "Эр Садырдын үркөрдөй кошуну" (2015), "Куш базардан кийин" (2019), "Жалдуу Каба" (2018), "Мамык кандын ажайып түшү же чөккөн көңүл чалкыганда" (2016) өңдүү белгилүү романдардын автору **Т. Субанбеков** аларды "роман-тымсал" деген жанрдык аныктама менен элге тартуу кылган. Бул адабий терминби же оозеки кептен ооп келген аныктамабы, ал кандай чечмеленет, муну билген деле киши жок. **Ш. Бейшеналиев** "Тайлак баатырды" даректүү роман (1998), **К. Бердикеев** "Тагдыр тамчыларын" (2013) роман-хроника десе, **Т. Бийназаров** "Тагай бий" (2003) аттуу чыгармасын "санжыралуу баян", **Ш. Ажыбеков** "Ак-Бейитти" (2013) тарыхий-көркөм чыгарма, **А. Мырзаев** "Раззаков" (2006) деген чыгармасын тарыхий-документалдуу роман деп атайт. **К. Өгөбай** болсо, "Баласагын" (2012) аттуу эмгегин көркөм-адабий басылма, "Пирпендени" (2008) жөн гана роман катары сунуш кылган. "Тарыхий баян" деп аталган чыгармалар да көп. Мунун өзү бир жагынан жазуучулар чыгармаларды жазаарын жазып, алардын жанрдык табиятын биротоло аңдап-биле албай турушабы деген ойго түртсө, экинчиден адабияттын теориясына төп келген жанрдык эреже-ченемдер эми бекем сакталбай, анын бири-биринен айырмалуу белгилери албетте, белгилүү бир көркөм-эстетикалык логикага ылайык аралаша баштоосун түшүндүрөт. Жанрдык нарк-ченемдердин аралашуусу же бузулушу азыркы адабиятта жыш кездешкени менен, бирок неси болсо да, жанр деген жанр, ал адабияттын көп кылымдар өнүгүшүндө иштелип чыккан өзүнчө эле бир "формула" экендигин, кандай болгон күндө да анын негизги талаптары сакталышы керектигин кесипкөй көркөм сөз чеберлери жакшы билишет. Антпесе, чыгарма башаламан тексттердин жыйындысы болуп калаары түшүнүктүү.

Төмөндө биз сөз кылмак болгон чыгармаларга "тарыхий" деген кошумча жанрдык аныктама берилбесе да, аларда "мен мына" деп жүз ачып турган тарых бар экени талашсыз. Аларда тарых жана тарыхий инсандар линиясынын орду авторлордун көздөгөн максат-мүдөөлөрүнүн масштабы менен өлчөнүп, коюлган башка маселелердин тутумуна ылайык узунду-кыскалуу көркөм иштетүүдөн өткөрүлөт. Негизгиси, айтылгандай, кеп автор тарабынан берилген жанрдык аныктамада деле эмес. Бирок жанр дегенибиздин өзү чыгармада сүрөттөлгөн турмушту жазуучу кандай элестетип, кандай көркөм ой элегинен өткөрө тургандыгынан кабар берип, анын сюжеттик-композициялык структурасын гана айкындабастан, аны окурманга багыттоодогу ой-туюмун, көз карашын да чагылдырат. Мезгилдик-мейкиндик аттуу учу-кыйры белгисиз түшүнүктүн курамынан анын кайсы бир бүктөмүн, кайсы бир учурун бөлүп алып (өткөн доор, бүгүнкү күндөр, эртеңкибиз), андагы коомдук кыймылдын күзгүсү болгон, кыйма-чийме адам турмушун сүрөттөп берген жазуучу аны өз дараметине жараша жан-

дүйнөсүнөн өткөрүп, аны так ошондой абалында окурман да кабыл алуусун каалайт. Анткени окурмансыз жазуучу болбойт. Бирок ушундай эки тараптуу, бир максаттуу өз ара алаканын акыбети албетте, ошол чыгарманын көркөм-эстетикалык нарктуулугуна тикелей көз каранды экендиги айтпасак да түшүнүктүү. Эгерде жазуучу өз баянына окурманды ынандырып, кызыгуусун ойгото алса, чыгарма жаман жазылган эмес деп койсок болот. Ошол сыңары жогоруда саналган жана балким санакка кирбей калган чыгармалардын баарынын ушул ынандыруучулук сапаты бирдей эмес. **Алардын, тагыраагы, жогоруда аталган чыгармалардын арасында "тарыхий" деп аталган-аталбаганына карабай чама-чаркы чектелүү, мазмуну тайкы, образдары элдир-селдир, сюжеттик-композициялык курулушу бошоң жана башаламан, кыскасы, нагыз көркөм-адабий чыгарманын талаптарынан алыс турган, ал тургай жарамсыз басылмалар да бир топ.** Бул беш кол тең эмес дегендей эле кеп. Александр Македонский, Атилла, Чыңгызхан, Тамерлан сындуу даңкы таш жарган инсандар тууралуу айрым чыгармаларды эске албаганда, аталган роман, повесть, новелла, аңгеме дегендердин баары кыргыз тарыхына, андагы белгилүү жана кийин гана элге кеңири таанылган инсандар ишмердигине тикелей байланыштуу. Басымдуу бөлүгү эгемендик мезгилде жаралган мындай чыгармалардагы тарыхий инсандар образдарынын көркөм-эстетикалык гана эмес, социалдык-философиялык трактовкасында жалпылыктар менен бирге айырмачылыктар, ал тургай бири-бирине жанаша бербей, эки ача ой жараткан учурлар кадам сайын кездешет. Барсбектен тарта элдик баяндардан улам **тарых жараткан инсанда**р катары кабылданып калган Жаңыл Мырза, Курманбек, Шырдакбек, Эр Эшим, Долон бий, Адигине, Тагай бий, Эр Садыр (ж.б.), андан бери Атаке баатыр, Тайлак баатыр, Абайылда, Жангарач, Алымбек датка, Чаа бий, Хан Тейиш, Курманжан датка, Жантай хан,  Шабдан, Нүзүп, Мусулманкул, Ормонхан, Балбай, Боронбай, Кыдыр аке, Мамыр баатыр жана башкалар деп узарта берүүгө боло турган, советтик доорго чейинки белгилүү адамдардын ар бири тууралуу бир нечеден чыгармалардын жазылышы, аларда бир эле доордун жана  адамдардын жашоо-тирлигинин, бир эле инсандын ар башкача сыпатталышы, мындай көркөм көрүнүштүн табияты жана себептери бизде дээрлик иликтене элек. Маселен, элдик эпостун атактуу каарманы Жаңыл Мырза тууралуу эле жазылган он бешке жакын чыгармалардагы (драмалар, поэмалар, романдар ж.б.) айырмачылыктар жана окшоштуктар, алардагы автордук концепциялардын тек-жайы тууралуу ооз толтуруп айткыдай сөз боло элек. Тагай бий, Ормон хан, Балбай, Курманжан датка, Атаке баатыр, Шабдан сындуу бир катар инсандар тууралуу деле ушуну айтууга болот. Бирок кандай болсо да, элге аттын кашкасындай таанымал мындай адамдардын бир канчалаган көркөм-тарыхий иликтөөлөргө обьект болуп түшүшү эч кандай каршылык жаратпай, тескерисинче, коомдук кызыкчылыкты күчөтсө, кайсы бир чакан аймакка гана маалым болгон тынчыкма инсандардын өмүрүн, иштерин көбүртүп-жабыртып, улуттук масштабга көтөрүүгө далбас урган "тарыхий" чыгармалар да жетиштүү. Алардын көбү көркөм-эстетикалык чабалдыгынан улам адабиятчы-сынчылардын көңүл буруусуна арзыбай турса, талапка жооп берген, мыкты бир даар чыгармалар объективдүү себептердин айынан анализге алынбай келет (адабий гезит-журналдардын жоктугу, профессионал-сынчылардын эмгегине болгон муктаждыктын төмөндөшү, соцтармактардагы оңду-солду жана "кол ийрисине тартат" пикирлердин үстөмдүгү ж.б.). Булар эми өзүнчө узак сөздү талап эткен чоң маселе. **Ошондуктан, биз да кезеги келгенче улуттук прозадагы накта кыргыз тарыхын кое туруп, дүйнөлүк тарыхта өйдө-төмөн баа-ченемдердин объектиси боло келген, кыргыздарга тикелей да, кыйыр да тиешеси бар "Чыңгызхан" темасындагы чыгармалар жана алардагы автордук көз караштарга байланыштуу кээ бир маселелер тууралуу азыноолак кеп кыла туралы.**

Адабияттагы тарыхка байланыштуу арбын проблемалардын ичинен бизде анча сөз болбой келген кардиналдуу бир маселе бар. Ал – тарыхтын көркөм иликтөөгө алынган мезгилдик-мейкиндик бир бүктөмүнө, аны кыйма-чийме толтуруп турган адамдар жана коомдук турмуштун тынымсыз процесстерине карата **автордун көз карашы, позициясы жана ошого жараша чыгармага сиңирген өздүк концепциясы.** Мунсуз чыгарма жаралбайт. Автор эмнени айткысы келип, окурманды эмнеге ишендиргиси келип жатат деген өтө маанилүү жагдайды эске албай туруп чыгармага калыс баа берүү, дегеле аны жеткилең түшүнүү кыйын болуп калат. Чеберчилик маселесин кое турганда деле, бир эле тарыхий окуянын же тарыхий инсандын ар башкача сүрөттөлүп, ар башка ойго жетелеп,

ар түркүн тыянак чыгарууга түртүп турушу ириде ошол автордун түшүнүк-көз карашына байланып турары анык. Социалисттик реализм доорунан кийинки адабият менен кошо ага болгон идеологиялык чектөө-кысымдардын жок болушу элибиздин көркөм сөз чеберлери үчүн каалгандай өздүк көз карашын ачыктоого жол ачты да, өзүнчө эле "көркөм-эстетикалык плюрализмдин" мезгили башталды. Жазуучу-акындын табият берген таланты, билим-аң сезими, дүйнө таанымы жана аларга жараша сүрөттөп жаткан же сүрөттөмөкчү болгон объектисине карата көз карашы менен шартталган автордук дүйнөтүшүнүк ошентип толук эркиндик алды. Тактап айтканда ошол автордук позиция (автордук: көз караш, концепция, дүйнөтүшүнүк десек да болот) бардык авторлордо бирдей боло албастыгы эки жерде эки төрт дегендей эле нерсе болгондуктан, анын ишке ашуу жолдору же каражаттары да окшош, тең чамал эмес. Биз муну бир эле темага, бир эле инсанга арналган чыгармаларда колдонулган айрым көркөм-эстетикалык каражат-ыкмалардын мисалынан даана көрсөк болот. Ошол сыңары кыргыз прозасындагы **"Чыңгыз хан"** темасындагы чыгармаларда негедир жыш кездешкен: каргыш, түш көрүү, көрүнчү, дуба, бата, кубулуу сындуу магиялык, мистикалык, эзотерикалык түшүнүктөрдүн көркөм-семантикалык табияты да автордук концепциялардын тек-жайын ачыктоодо олуттуу мааниге эгедер болот. Сыртынан өзүнчө сюжеттик-тематикалык сызыкча-линия же эпизод, деталь катары көрүнсө да, иш жүзүндө алар чыгарманын бүтүндөй ички структурасына, анын идеялык-образдык системасына таасир берип, автордук концепцияны ачыктаган категориалдык көрүнүш даражасында турат. Бир караганда реалдуулуктан тышкары же анын көлөкөсүндө тургансыганы менен алар түйшүктөн эзели арылбаган адам турмушун, анын акыл-эс, ой-сезим айдыңын дайыма коштоп, жандай келген эле көрүнүш-түшүнүктөр болуп эсептелет да, адабий чыгармаларда жөндөн-жөн орун албаган, маанилүү каражат-мотивдерден болуп калат. Ар биринин өзүнчөлүктөрү болсо да, алар бири-бири менен тутумдаша келип, бири-бирин шарттап, бири-бирине өтүп, татаалдашуусу да жыш кездешет. **Мистика, магия, фэнтези** деген абстрактуу түшүнүктөр алардын аралаш формасына деле колдонула берип, Батыш адабиятында XX кылымда дүркүрөп өнүккөн "аң-сезим агымына" тиешелүү модернисттик багытка да кошулуп кетет. Мындай түшүнүктөр эреже катары көптөгөн чыгармаларда түш көрүү, галлюцинация (көрүнчү, сырдуу үн-дооштор, кереметтүү-сырдуу кубулуштар жана жандуу-жансыз персонаждар), бата берүү, каргыш сындуу каражаттар аркылуу берилет. Булар албетте, кыргыз адабияты ачкан жаңылык эмес. Аталган түшүнүктөр аралашкан, атүгүл баштан-аяк аларга чулганган чыгармалар дүйнөлүк адабиятта тээ илгертеден эле жарала келгени маалым. Кыргыз адабий прозасында бул көрүнүш орун алып, кулачын жайганына көп эле болду окшойт. Ч. Айтматов, А. Стамов, К. Жусубалиев, С. Раев, Т. Мадылбай, Ч. Абыкеев, А. Койчиев, А. Сарманбетов, Ж. Исабаева, Э. Өмүракунов, К. Аркабаев, К. Байбосунов ж.б. бир топ прозаиктердин чыгармаларынын айрымдарында эпизод, деталь, башкаларында бүтүндөй сюжеттин кыр аркасы, өзөктүү мотив катары функция көтөргөн магиялык, мистикалык көрүнүштөр улуттук прозадагы изденүүлөрдүн бир багытын түзөт дешке да болот. Неси болсо да, адам жана коом турмушунун кайсы бир кырларын жана сырларын ар башка жана көп түрдүү каражат-ыкмалар менен ачып берүү аракеттери колдоого арзып, кеп төркүнү чыгарманын көркөм-эстетикалык сапат-наркын көтөрүүгө, автордун максат-мүдөөсүнүн ишке ашуусуна аталган жана аталбаган негизги жана кошумча поэтикалык каражаттар канчалык салым кошту деген суроого барып такалат. Булар албетте, автордун чеберчилиги менен бирдикте чыгармалардын айланып өтүүгө мүмкүн болбогон башка, ирдүү проблемалары менен тутумдаш, удаалаш талданаары турган иш.

Аталган проблемалар кыргыз адабий сыны менен адабият таануусунда текши талдоого алына элек болсо да, бул бул багытта айрым чыгармалар боюнча байкоолор, талдоолор бар. [1] Ал эми магиялык, мистикалык көрүнүштөр кыргыз адабиятында көбүнэсе "Манас" эпосуна гана байланыштуу каралып [2], көркөм адабиятка тиешелүү бирин-серин гана изилдөөлөр жаралды. [3] Ал эми дүйнөгө жакшы-жаманы аралаш иштери менен даңкы чыккан Чыңгыз хан тууралуу жазылган чыгармаларда кездешкен жогоркудай көрүнүштөр жана алардын жардамы менен берилген автордук көз караш проблемасы боюнча ар тараптуу жана терең иликтөөлөр алиге өз кезегин күтүп турат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Ч. Айтматов, А. Стамов, С. Раев, А. Койчиев, Ч. Абыкеев, Ж. Исабаева, Э. Өмүракунов ж.б. жазуучулардын айрым чыгармалары талдоого алынган макалалар.
2. Убукеев М. Тайны эпоса "Манас" // Литературный Кыргызстан, 1992, № 11-12, с. 160-169; Бекмухамедова Н. Эпос "Манас": проблемы онейротопики и визионотопики (структура, функции, символика). – Бишкек, 2018, 364 с.
3. Эшматов Р. Адабий түштөрдүн көркөм табияты (XX к. кыргыз прозасы: 1950-1980-жылдар). – Бишкек, 2015, 184-б.

**Рецензент: филол.и.к., доцент Турдубаева Н.**

УДК 82.09(575.2)
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-107-112

**Абдырасулова Б.Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Абдырасулова Б.Т.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Abdyrasulova B.T.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0000-2058-1306

# Ч. АЙТМАТОВДУН «КАССАНДРА ТАМГАСЫ» РОМАНЫНДАГЫ ЭТОЛОГИЯЛЫК ЖАНРДЫН БЕЛГИЛЕРИ
# ПРИЗНАКИ ЭТОЛОГИЧЕСКОГО ЖАНРА В РОМАНЕ Ч. АЙТМАТОВА «ТАВРО КАССАНДРЫ»
# SIGNS OF THE ETHOLOGICAL GENRE IN CH. AITMATOV'S NOVEL “CASSANDRA'S BRAND”

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Ч. Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романынын жанрдык өзгөчөлүктөрүнө жана андагы нравалык, этологиялык жанрдын белгилерин аныктоо аспектисинде талдоо жүргүзүлдү. Изилдөө методологиясында теориялык поэтиканын жана адабий чыгармаларды комплекстүү изилдөөнүн системасы колдонулду. Романдагы этологиялык жанрга таандык белгилерин аныктоо жазуучунун философиялык романынын өзгөчөлүктөрүнүн бирин ачып берди, руханий катастрофанын жана жок болуунун босогосунда турган азыркы цивилизациялуу коомдун адеп-ахлактык маңызын сүрөттөөгө жана чагылдырууга багытталды. Улуу ойчул жазуучунун «Кассандра тамгасы» романы жазуучунун учурундагы жашоо чындыгын баяндаган эң бир маанилүү романдарынын бири. Макаланын автору бул романда этологиялык романдын айкын белгилери бар деген тыянакка келет, анткени ал көркөм сүрөттөөгө жана азыркы коомдун адеп-ахлактык түзүлүшүн чагылдырууга арналып, коомдун адебинин калыптанышынын жана өнүгүшүнүн маселелери тууралуу ой жүгүртөт.

**Аннотация:** Статья посвящена анализу романа Ч Айтматова «Тавро Кассандры» в аспекте его жанровых особенностей и выявления признаков нравоописательного характера данной эстетической реальности. В методологии исследования использована система теоретической поэтики и комплексного изучения литературных произведений. Анализ романа с точки зрения его принадлежности к этологическому жанру обнаруживает одной из отличительных особенностей философского романа писателя его направленность на осмысление нравственной сущности современного цивилизованного общества, находящегося на грани духовной катастрофы и исчезновения. Роман великого писателя-мыслителя «Тавро Кассандры» является одним из знаковых романов, повествующих о современной писателю действительности. Автор статьи приходит к выводу о том, что данный роман имеет очевидные признаки этологического романа, так как посвящен художественному описанию и отражению нравственного уклада современного общества.

**Abstract:** The article is devoted to the analysis of Ch. Aitmatov's novel “Cassandra's Brand” in the aspect of its genre peculiarities and revealing the signs of moral-descriptive character of this aesthetic reality.

In the methodology of the research the system of theoretical poetics and complex study of literary works was used. The analysis of the novel from the point of view of its belonging to the ethological genre reveals one of the distinctive features of the writer's philosophical novel, its focus on the comprehension of the moral essence of modern civilized society, which is on the verge of spiritual catastrophe and extinction. The novel of the great writer-thinker "Cassandra's Brand" is one of the landmark novels that tell about the modern writer's reality. The author of the article comes to the conclusion that this novel has obvious signs of ethological novel, as it is devoted to the artistic description and reflection of the moral pattern of modern society.

**Негизги сөздөр:** автордук эс-тутум; апокалипсис; илимий эксперимент; руханий-адептүүлүк; этология.

**Ключевые слова:** авторское сознание; апокалипсис; научный эксперимент; нравственность; этология.

**Keywords:** authorial consciousness; apocalypse; science experiment; morality; ethology.

Роман Ч. Айтматова «Тавро Кассандры» многогранен и разносторонен, сложная художественная архитектура романа позволяет исследователям выявлять всё новые аспекты в его внутреннем содержании. С этой точки зрения необходимо отметить, что роман «Тавро Кассандры», имея выраженное научно-фантастическое наполнение и довольно сложную художественную организацию, может представлять актуальный материал для проведения комплексного анализа в междисциплинарном аспекте гуманитарных наук.

Предметом нашего исследовательского интереса стала этологическая направленность романа. Нравоописательный характер содержания романа Ч. Айтматова «Тавро Кассандры», на наш взгляд, может претендовать на параллельную и равнозначную ценность с основной идеей произведения.

Вопрос этологического жанра в литературе рассматривался теоретиками литературы довольно обширно, таким же был и практический охват художественных текстов, начиная с периода античности вплоть до настоящего времени. Г.Н. Поспелов в своем фундаментальном труде «Проблемы исторического развития литературы» отмечает: «В античной, западноевропейской и русской литературе разных исторических эпох прослеживается наличие произведений особой, "этологической" жанровой группы, очень разнообразной по своему конкретному идейному содержанию, по разновидностям своего пафоса, по своим жанровым формам, и значительно отличающейся как от "национально-исторических", так и от "романических" произведений по познавательному аспекту своего содержания». [1, с. 139]

Проблема описания нравственного облика человека в масштабе общественной жизни была объектом изучения широкого круга писателей и поэтов всех времен и национальностей. Этологические жанры имели острую актуальность в рамках всех видовых форм литературы, именно этологические жанры предшествовали романической форме эпического повествования. «"Этологическая" литература заключает в себе осмысление гражданско-нравственного уклада социальной жизни, состояния общества (здесь и далее курсив Г.Н. Поспелова. – Б. Абдырасулова) и отдельных его слоев и выражает идейно-эмоциональное отношение к этому состоянию, часто углубляющееся до пафоса. Но состояние общества может быть совершенно различно, глубоко различным может быть и пафос произведений, порожденный осмыслением этого состояния». [1, с. 176]

В этом аспекте особый интерес вызывает один из глубинных романов Ч. Айтматова, в котором гуманистический пафос сумел прозвучать на фоне усиливающейся духовно-нравственной деградации современного человеческого общества.

Как было отмечено ранее, роман «Тавро Кассандры» по своей идейно-художественной природе многослоен и многопланов. Жанр философского романа и его модификации в виде романа-антиутопии и романа-апокалипсиса дали возможность писателю концептуально рассмотреть и описать некоторые существенные тенденции человеческой жизни, представить читательскому вниманию философский анализ состояния всего глобального общества на фоне проблем его исторического развития.

Таким образом, особый интерес представляет художественное отражение и осмысление нравственной составляющей социальной жизни современного общества или

его отдельных слоев, особо проявляющейся во взаимоотношениях между людьми в период наступления какой-либо опасности, либо важных исторических моментов. В данной эстетической реальности именно с известия о грядущей катастрофе начинается художественный конфликт. Речь идет о публикации в газете «Трибюн» письма от некоего космического монаха Филофея (Андрея Крыльцова), адресованного Папе Римскому. Собственно, с него и берет начало дальнейшее развертывание всех событий романа. Важно обратить внимание на реакцию и поступки людей на данное известие.

Уже с начала повествования можно наблюдать, какими ценностями и нравственными устоями обладают современные работники печати. Возьмём, к примеру, такой интересный фрагмент: «Опубликовать на страницах газеты подобное заявление – такое разве что во сне могло привидеться! Но надо было решаться и надо было действовать. Вопрос стоял неумолимо: или – или. И "Трибюн", достаточно энергично и ревностно поддерживавшая свой имидж "властительницы дум на всех континентах", не удержалась-таки от искушения (разумеется, дьявольского, как утверждали потом оппоненты), слишком велика была ставка – сенсация мирового масштаба. Редакция получила эксклюзивное право на этот материал и решила крупно рискнуть, пошла ва-банк, пошла на молниеносную публикацию неслыханного в истории человечества документа…». [2, с. 23] Обращает внимание преобладающая позиция сотрудников: риск ради славы! Как оказалось, ключевой целью современных средств массовой информации является сенсация, произвести фурор, при этом полностью игнорируя нравственную сторону вопроса. Насколько это будет гуманно по отношению к ничего не подозревающим и неподготовленным к данной информации людям? В конечном итоге именно эта необдуманная и тщеславная публикация и привела к тем трагическим последствиям, которые коснулись героев сюжета.

Жанровая специфика романа «Тавро Кассандры» предполагает концептуальное рассмотрение вопросов жизни в контексте отрицательных явлений общественного уклада. Показательна в данном случае работа И. Ничипорова, который отмечает: «Проблемное поле одного из закатных романов Ч. Айтматова насыщено многими утопическими концепциями, которые становятся здесь предметом напряженного художественного и интеллектуального осмысления. Человечеству, пребывающему в плену поствождистских, технократических, сциентистских, псевдодемократических утопий (здесь и далее курсив И. Ничипорова. – Б. Абдырасулова), в ценностной системе романа противостоит личность интеллектуала, мыслителя-нонконформиста, жертвующего собой, бесстрашно сокрушающего кумиров прошлого и в то же время исподволь воздвигающего новую квазирелигиозную утопию на пересечении пантеизма и "синтетической" мировой религии как плода "усовершенствованного" научного разума». [3]

Художественное пространство романа достаточно обширно: охватывает весь земной шар и космические просторы. На протяжении сюжетного повествования прослеживаются несколько картин, выражающих нравы современного общества, имеющие, на наш взгляд, выраженное этологическое значение, причем происходящие на разных континентах нашей планеты. Примечательно, что везде демонстрируется массовая агрессия, на которую способно человечество.

Публикация письма Филофея достигает своего финала в виде разъяренной сенсационной новостью толпы, не согласной с научными доводами футуролога Роберта Борка. В высшей степени проявления исконной нравственной сущности современных людей, озлобленных социально-экономическими проблемами, художественно описаны в моментах встречи избирателей с кандидатом в президенты Оливером Ордоком, эпизодах движения большого количества обезумевших людей в сторону дома Борка, трагически погибшего вследствие физической расправы с ним, и организации телемоста жителей планеты Земля с космическим монахом Филофеем.

О современных нравах членов социума, в данном случае на примере избирателей американского президента, повествует следующий отрывок: «От микрофона к микрофону незримым огнем бежала эстафета выступлений, обретающих нарастающую категоричность, и суть их сводилась к резкому неприятию открытий и идей Филофея, к радикальным призывам гнать его в шею с орбиты, что-де в космосе появился мировой провокатор, злостный вселенский смутьян; а один тип, видимо, из русских эмигрантов, обозвал даже Филофея, по аналогии с кагэбэшными доносчиками, космическим стукачом, доносящим на беременных женщин. Другой же вообще выдвинул предположение,

что Филофей – российский агент влияния, заброшенный в космос, что у него задание погубить Америку изнутри, вызвать взрыв генетической бомбы в обществе; еще один высказал версию, что это дело рук международной мафии, которая-де задумала какую-то глобальную акцию с тем, чтобы контролировать современное общество. Выдвигались еще разные страшные версии, пришедшие на ум собравшимся. И дальше пошли в ход извечные стереотипы зла и коварства с добавлением космического – космический сатана, космический дьявол, космический анархист и даже вынужденный комплимент – космический Фауст…». [2, с. 119] Фрагментарный анализ поведения людей, спровоцированного сенсационной новостью Филофея о кассандро-эмбрионах, позволяет выявить внутреннее наполнение общества, строго ориентированного на отрицание и неприятие внешних факторов: современные люди зациклены только на себе, чрезмерный индивидуализм порождает эгоистическое мировоззрение, когда человек в отдельном от себя видит только зло, вместо того, чтобы критически погрузиться в собственный мир, сделать выводы о собственных поступках, он начинает обвинять кого-то извне.

В данном контексте показателен и образ Оливера Ордока, типического в своем роде персонажа, символизирующего характер современного политика. Для Ордока нет ничего более ценного, чем его политическая цель, он готов на все, даже откровенную подлость ради достижения цели. Политически дальновидно, но по-человечески низко звучат его призывные слова, адресованные возбужденным избирателям: «…"То, что говорили от микрофонов, как раз совпадает с тем, что хотел сказать я. И это замечательно, это укрепляет меня в моей позиции. Я полностью разделяю мнение, что над современным обществом неожиданно нависла небывалая опасность. Эта акция человека, назвавшегося монахом Филофеем, нацелена вроде бы на генетические исследования, а на самом деле – это агрессия, сокрушение нашего духа, нашей исторической уверенности в себе, в цивилизации нашей. И обратите внимание, эта агрессия ведется не только с космических высей, Филофей нашел себе союзников на Земле в лице отдельных людей, считающихся у нас большими авторитетами в науке и общественной жизни. Вот ведь как обстоит дело! И эти люди заодно с Филофеем ждут своего часа икс, готовые немедленно поднять на щит своего космического вдохновителя, чтобы именем его учинить на Земле великую смуту, посеять сомнение в полноценности нашей и, главное, – опорочить наших женщин, отмечая их сатанинскими знаками – тавром Кассандры. Подумать только – тавро Кассандры, предсказательницы бед и несчастий! Ведь и названо вовсе не случайно. С каким коварным намеком! Так будем начеку! Начеку необходимо быть всей нации! Единомышленники Филофея в академических мантиях уже готовы воздействовать на людей через средства массовой информации, принудить их поверить лжепророчеству из космоса. И никакого преувеличения, уверяю вас, это – заговор против человечества. Только так! Вот о чем тревога моя, уважаемые избиратели!..".

Зал, как оказалось, только этого и ждал. Загипнотизированные речью кандидата в президенты, люди сидели, не сводя с него завороженных взглядов. Все, что говорил Оливер Ордок теперь, находило в их душах горячий отклик и полное понимание. Люди под сводами спортзала "Альфа-Бейсбол" дышали в тот час единым дыханием, внимали единому зову – слову Оливера Ордока. Безусловно, это была победа. Блестящая победа Ордока после его публичного падения. Он нашел путь к победе, он точно сманеврировал, он безошибочно изменил стратегию и теперь пожинал плоды…». [2, с. 123] Стоит обратить внимание на реакцию зала: люди жаждут обмана, желают снять с себя ответственность, поверив кому-нибудь, ведь это гораздо легче, чем поработать над собой, подумать о своих поступках и целях жизни, понять посыл Филофея более масштабно и глубоко. «Загипнотизированные» люди – символический образ, он не новый в творчестве писателя. Идея о манкуртах – людях, не помнящих родства, без памяти о прошлом, способных в таком состоянии даже на убийство собственной матери – находит в этом романе новую форму выражения. И, как оказалось, чтобы потерять здравый смысл, человеку не обязательно подвергаться каким-то внешним пыткам, как это было с Жоломаном из первого романа Ч. Айтматова: ему, оказывается, достаточно перестать думать о ближнем, перестать критически размышлять о своих поступках и анализировать их с точки зрения гуманности. Когда человек не чувствует родства с ближним, не думает о его страданиях и боли, зацикливается только на своих потребностях, желаниях и целях, тогда общество становится безнравственным и негуманным.

Безусловно, такое общество таит в себе опасность и прежде всего – для себя. Гипнотизация людей, превращение их в манкуртов, описаны писателем лаконично и в масштабе исторического контекста в жизни человечества: «И вот они здесь, те, что явились толпой. Они вплотную стоят вдоль ограды, из окон видны их лица. Чего они хотят добиться, чего жаждут? Какого исхода? Их руки незримо обжигает факел – эстафета от Варфоломеевской ночи, их ноги натыкаются на окровавленные булыжники римских бунтов, над головами – надсадный гул громадного осиного роя, ищущего выхода в излиянии яда. Вина ли их в том, беда ли или некая чумная сверхсила согнала их сюда в наказание? Как быть, что сказать им, совсем недавно еще потрясавшим на площадях само небо криками восторга и преданности из сотен тысяч глоток при виде неотразимого фюрера, кидавшимся по мановению его руки по колено в крови и на запад, и на восток, и на юг, и на север; что сказать им, совсем недавно еще топтавшим друг друга в смертодавке перед гробом Сталина, чтобы только ухватить краем глаза облик обожаемого… до мочеиспускания и тотчас изойти вместе с ним в иные миры, удаляясь в черном полете над континентом расстрелов и казней; что сказать им, вчера еще бежавшим ревущей ночной толпой по тегеранскому летному полю навстречу взлетающему авиалайнеру иранского шахиншаха, спасающегося от расправы и едва успевшего пронестись над головами пытавшихся ухватиться за шасси? Еще долго бежала обезумевшая толпа по взлетному полю, и мигали, удаляясь в выси, огни самолета, и стояли в небе не подвластные людям звезды, и бесновались эти люди, сжигаемые жаждой несостоявшейся мести, взывая к Аллаху вернуть тот самолет немедленно назад…

И вот толпа здесь, на новом перепутье, у ворот его дома…». [2, с. 180] Отрывок достаточно показательный, составляет один из глубинных пластов философского содержания романа. Всеобщая беда человечества в его поклонении сильным внешним силам, а не своим внутренним нравственным ориентирам. Без нравственного стержня, определяемого сознанием, разумом, совестью, ответственностью, добрыми помыслами и т.д., человек перестает быть человеком, он становится частью толпы, а толпой легче управлять, и самым привычным рычагом управления выступает устрашение, которое порождает в человеческом сердце злобу и агрессию. Если обратим внимание на стилевые особенности данного фрагмента, то можем обнаружить эпитеты, убедительно подобранные автором к словоформе «толпа». Набор словосочетаний, к примеру, «незримо обжигает факел», «окровавленные булыжники», «осиный рой», «излияние яда», «чумная сверхсила», «смертодавка», «черный полет над континентом» и т.д., создает картину предчувствия неминуемой трагедии не только частного характера (смерть Роберта Борка), но и вселенского масштаба (приближающаяся катастрофа, связанная с исчезновением человечества).

Абсолютно мрачная и страшная в своей агрессии и злобе картина убийства Роберта Борка описана в следующем отрывке: «А Роберта Борка тащили куда-то, неизвестно куда, но куда-то. Каждый тянул в свою сторону, вцепившись ему в горло, схватив за волосы, раздирая края рта, превращая лицо старика в кровавое месиво. Толпа яростно давила и самою себя, каждый всех, все каждого. И это еще больше разжигало злобу и ненависть…Кто-то, изловчившись, нанес Борку яростный удар по голове железным рифленым прутом, выдернутым из клумбы, где на нем держались вьющиеся стебли. Борк громко вскрикнул и, схватившись за голову, упал навзничь, корчась в судорогах и заливаясь кровью, но его продолжали бить…». [2, с. 184]

Таким образом, первопричиной бессознательного агрессивного поведения толпы, повлекшего смерть Роберта Борка, стала подлая выходка его однокашника Оливера Ордока, кандидата в президенты страны. Так представлены в романе нравственные устои современного общества, ведомого низменными и тщеславными целями достижения материальных благ и власти.

Еще одной показательной картиной можно считать сцену телемоста, организованного журналистами США, с космическим монахом Филофеем, по сути, телемост был между Землей и Космосом. В условной форме в романе показана единая суть современного человеческого общества, не принимающего научное открытие Филофея, бездумно протестующего против разума, общества, наполненного злобой и агрессией: «На большом экране, засветившемся в центре сцены, возникла многолюдная площадь Тяньаньмэнь с промелькнувшим на фасаде неизменным портретом Мао Цзэдуна с каменным выражением лица, в сером кителе вождя. Страшное столпотворение на площади под каменным взглядом Мао напоминало

бушующий людской океан. Китайцы неистовствовали и орали, как на пожаре. Комментатор сообщал, что такое на площади было только в 1989 году, при подавлении студенческих волнений…То же самое происходило и на Красной площади. Предрассветное время. Горели костры. И ревели толпы: "Смерть самозваному Филофею! Сбить провокатора ракетой!"… Не теряя темпа, Уолтер Шермет давал новые команды на включение трансляции с других точек земного шара: Берлин, Варшава, Монреаль, Рио-де-Жанейро, и везде царила та же стихия, раздавались те же вопли и выкрики, и всюду выносился тот же приговор: "Смерть Филофею!", "Сбить мерзавца ракетой!"...». [2, с. 202]

Роман-апокалипсис по-своему предупреждает все человечество о надвигающейся опасности, всеобщей катастрофе, наступление и исход которой зависит только от самих людей. Однако у писателя есть надежда на то, что люди смогут преодолеть духовный кризис, одумаются и верно осмыслят посыл Космоса через научное открытие Филофея. Эта надежда передана через образы Роберта Борка и Энтони Юнгера. Несмотря на трагический исход жизней центральных персонажей, писатель оставляет уверенность в том, что человеку присущи качества носителя идеалов нравственности, «мотивация поступков Филофея и Борка, безусловно, связана с духовными идеалами. Эти идеалы могут быть достигнуты исключительно гуманными путями, любовью между людьми». [4] И именно духовная связь жертв людской агрессии и злобы с молодым журналистом Энтони Юнгером сохраняет искру надежды в душе читателя.

Одной из важнейших сторон философского наполнения романа является мысль о недопущении войны и военной агрессии сверхдержав. В романе политически декларативно и художественно убедительно представлена картина демонстрации на Красной площади в Москве. Демонстранты поделены на две части: одна – за сохранение военно-производственной индустрии, другая, напротив, за уничтожение оружия. В напряженной идеологической схватке противостоят друг другу две группы собравшихся демонстрантов. И смерть молоденькой студентки, отчаянно выступавшей против войны и военного оружия, заживо сгоревшей перед демонстрантами, символична в плане передачи и осмысления нравственного уклада воинственно и агрессивно настроенного общества людей, которые живут по принципу «свое-чужое». Писатель с грустью и тревогой отмечает пагубность такого разделения человечества, поскольку все люди, живущие на одной планете, должны быть своими друг другу.

Анализ романа «Тавро Кассандры» в аспекте заявленной темы показывает, что писатель в убедительной художественной форме, используя условно-метафорические элементы, изображает цельную картину нравов всего современного цивилизованного общества, имеющую выраженное этологическое значение.

**Список использованной литературы**


1. Поспелов Г.Н. Проблемы исторического развития литературы. – Москва: Просвещение, 1972, 272 с.
2. Айтматов Ч.Т. Полное собрание сочинений: в 8 т. Т.5: Тавро Кассандры: роман. – Алматы, 2008, 568 с.
3. Ничипоров И.Б. «Тавро Кассандры» Ч. Айтматова как роман-антиутопия. – Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/tavro-kassandry-chingiza-aytmatova-kak-roman-antiutopiya/viewer. – Загл. с экр.
4. Сардарбек кызы Н. Мотив духовной жертвы в романистике Ч. Айтматова (компаративный аспект). – Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/motiv-duhovnoy-zhertvy-v-romanistike-ch-aytmatova-komparativnyy-aspekt/viewer. –Загл. с экр.


**Рецензент: к.филол.н., доцент Бектурова К.А.**

УДК 378.147; 372.881.1
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-113-118

**Абылкасымова Р.Т., Казакбаева Ж.Ж.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Абылкасымова Р.Т., Казакбаева Ж.Ж.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Abylkasymova R.T., Kazakbaeva J.J.**
KNU J. Balasagyn

# ТИЛДЕРДИ КЕСИПТИК БАГЫТТА ОКУТУУДА ЖАСАЛМА ИНТЕЛЛЕКТТИ КОЛДОНУУ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ
# ТЕХНОЛОГИИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ИСКУССТВЕННОГО ИНТЕЛЛЕКТА В ПРОФЕССИОНАЛЬНОМ ОБУЧЕНИИ ЯЗЫКАМ
# TECHNOLOGIES OF USING ARTIFICIAL INTELLIGENCE IN PROFESSIONAL LANGUAGE TEACHING

**Кыскача мүнөздөмө:** Жасалма интеллект (ЖИ) чөйрөсүндөгү инновациялык өнүгүүлөр тилди кесипкөй окутуунун мүмкүнчүлүктөрүн кайра карап чыгууда, тилдерди окутуунун жана үйрөнүүнүн көнүмүш ыкмаларын өзгөртүүдө. Бул макалада чет тилдерди профессионалдуу окутууга жасалма интеллект (ЖИ) технологияларын интеграциялоонун заманбап ыкмалары талкууланат. Жасалма интеллектти колдонуунун негизги багыттары, анын ичинде жекелештирилген окутуу, тил көндүмдөрүн автоматташтырылган баалоо, интеллектуалдык окутуу системалары жана виртуалдык жардамчылар изилденет. Билим берүү процессине ЖИ-технологияларды киргизүүнүн практикалык аспектилерине, алардын натыйжалуулугун талдоого жана студенттердин мотивациясына тийгизген таасирине өзгөчө көңүл бурулат. Педагогикалык тажрыйбанын жана актуалдуу илимий маалыматтардын негизинде тилдик билим берүүдө жасалма интеллекттин инструменттерин оптималдуу пайдалануу боюнча методикалык сунуштар берилет.

**Аннотация**: Инновационные разработки в области искусственного интеллекта (ИИ) переосмысливают возможности профессиональной языковой подготовки, меняя привычные методы преподавания и изучения языков. В данной статье рассматриваются современные подходы к интеграции технологий искусственного интеллекта (ИИ) в профессиональное обучение иностранным языкам. Исследуются ключевые направления применения ИИ, включая персонализированное обучение, автоматизированную оценку языковых навыков, интеллектуальные обучающие системы и виртуальные ассистенты. Особое внимание уделяется практическим аспектам внедрения ИИ-технологий в образовательный процесс, анализу их эффективности и влиянию на мотивацию учащихся. На основе педагогического опыта и актуальных научных данных предлагаются методические рекомендации по оптимальному использованию ИИ-инструментов в языковом образовании.

**Abstract:** Innovative developments in artificial intelligence (AI) are redefining the possibilities of professional language training, changing the traditional methods of teaching and learning languages. This article examines modern approaches to integrating artificial intelligence (AI) technologies into professional language teaching. Key areas of AI application are explored, including personalized learning, automated language assessment, intelligent tutoring systems, and virtual assistants. Particular attention is paid to the practical aspects of implementing AI technologies in the educational process, analyzing their effectiveness and impact on student motivation. Based on experience and current scientific data, methodological recommendations are offered for the optimal use of AI tools in language education.

**Негизги сөздөр:** жасалма интеллект; тил билими; жекелештирилген окутуу; компьютердик лингвистика; билим берүү технологиялары; машина үйрөнүү; инновациялык методдор.

**Ключевые слова:** искусственный интеллект; языковое образование; персонализированное обучение; компьютерная лингвистика; образовательные технологии; машинное обучение; инновационные методы.

**Keywords:** artificial intelligence; language education; personalized learning; computational linguistics; educational technologies; machine learning; innovative methods.

**Киришүү**

Жасалма интеллект технологияларынын динамикалык өнүгүшү билим берүү пейзажын олуттуу түрдө өзгөртүп, чет тилдерди үйрөнүү үчүн болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Тилдик маалыматтарды жогорку тактык менен иштеп чыгууга жана талдоого жөндөмдүү акыркы муундагы нейросеттик моделдердин пайда болушу лингводидактикада жаңы доорду белгилейт. Тил билим берүүдөгү көптөгөн салттуу көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмдүү: жеке көңүлдүн жетишсиздиги, практиканын чектелген мүмкүнчүлүктөрү, окуу материалдарынын адаптацияланбагандыгы, баалоонун субъективдүүлүгү жана анык тил чөйрөсүнө жеткиликтүүлүктүн чектелиши.

Акыркы он жылдыктарда компьютердик технологиялар тилдерди окутууда негизинен көмөкчү курал катары колдонулуп келген: электрондук сөздүктөр, аудио жана видео материалдар, тестирлөө тутумдары. Заманбап ЖИ-чечимдери билим берүү процессине технологияларды интеграциялоонун сапаттык жаңы деңгээлин көрсөтүп, жөн гана инструмент эмес, окутуунун активдүү катышуучулары жана фасилитаторлору катары иш алып барат. Алар Студенттердин тилдик муктаждыктарын талдоого, материалдарды ыңгайлаштырууга, тез пикир билдирүүгө, коммуникативдик кырдаалдарды моделдөөгө жана жекелештирилген тил чөйрөсүн түзүүгө жөндөмдүү.

Бул макала тилдерди окутуу тажрыйбасына негизделип, кесиптик тилдик билим берүүдөгү жана технологиялардагы потенциалды комплекстүү талдоого багытталган. Биз лингводидактикада ЖИни колдонуунун теориялык негиздерин жана бул технологияларды билим берүү процессине киргизүүнүн практикалык аспектилерин карайбыз. Билим берүү мекемелеринин окутуучулары жана администраторлору үчүн усулдук сунуштамаларга, ошондой эле жасалма тилди окутуунун өнүгүү келечегине өзгөчө көңүл бурулат.

**Тилди окутууда жасалма интеллектти колдонуунун теориялык негиздери**

Тилдерди окутууда технологияны колдонуу тарыхы жарым кылымдан ашуун убакытты камтыйт. 1960-жылдардагы эң жөнөкөй аудио лабораториялардан баштап, 1980-90-жылдардагы компьютердик окутуу программалары аркылуу, заманбап мобилдик тиркемелерге жана онлайн платформаларга чейин, технология акырындык менен лингводидактиканын ажырагыс бөлүгү болуп калды. Бирок, салттуу компьютердик технологиялар олуттуу чектөөлөргө ээ болгон: алар алдын ала аныкталган сценарийлерге таянып, көнүгүүлөрдүн чектелген топтомун сунушташкан жана окуучулардын эркин сүйлөөсүн адекваттуу талдай алышкан эмес. [10, 51-55-б.]

Жасалма интеллекттин, айрыкча терең үйрөнүү тутумдарынын пайда болушу сапаттуу жаңы этапты белгилейт. Заманбап ЖИ системалары табигый тилди адамдык тил менен салыштырууга боло турган деңгээлде иштетүүгө жөндөмдүү, бул тилдик билим берүү үчүн принципиалдуу жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. ЖИ технологиясынын негизги айырмачылыгы, алардын өзүн-өзү үйрөнүү, адаптациялоо жана уникалдуу контентти түзүү жөндөмдүүлүгү, бул чындыгында жекелештирилген билим берүү чөйрөсүн түзүүгө мүмкүндүк берет.

Заманбап ЖИ-технологиялар тил билим берүүнүн ар кандай аспектилеринде колдонулат:

1. **Жекелештирилген окутуу:** ЖИ-системалар студенттердин жеке өзгөчөлүктөрүн (билүү деңгээли, когнитивдик стили, кызыкчылыктары, күчтүү жана алсыз жактары) талдап, окуу материалдарын жана методикаларын ошого ылайыкташтырат.
2. **Интеллектуалдык пикир:** машинаны үйрөнүү алгоритмдери студенттердин сүйлөөсүн талдоого, каталарды аныктоого жана реалдуу убакытта конструктивдүү пикир билдирүүгө мүмкүндүк берет.
3. **Тил көндүмдөрүн автоматташтырылган баалоо:** жана тил компетенттүүлүгүнүн ар кандай аспектилерин объективдүү баалоого жөндөмдүү, айтылышынан жазуу тилинин биримдигине чейин.
4. **Адаптивдүү окуу материалдарын түзүү:** генеративдик моделдер өзгөчө билим берүү муктаждыктарына ылайыктуу уникалдуу окуу тексттерин, көнүгүүлөрдү жана тапшырмаларды түзө алат.
5. **Виртуалдык маектештер:** сүйлөшүүчү ЖИ системалары коопсуз жана көзөмөлдөнгөн чөйрөдө оозеки сүйлөө практикасы үчүн чексиз мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылат.
6. **Интеллектуалдык тарбия системалары:** тилди өздөштүрүүнүн бардык жолунда студентти коштоп жүрүүчү жеке

насаатчы катары кызмат кылган комплекстүү ЖИ чечимдери.

Тил билимине ЖИнин натыйжалуу киргизүү теориялык ой жүгүртүүнү талап кылат. Заманбап билим берүү илиминде ЖИ интеграциясынын бир нече моделдери айырмаланып турат. ЖИ-технологиясы салттуу окутууну толуктоочу жардамчы курал катары колдонулат. Окутуучу борбордук ролду сактайт, ал эми ЖИ практика жана кайтарым байланыш үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү берет. [1, 40-53-б.]

ЖИ системалары билим берүү процессинин айрым аспектилерин өзүнө алат (мисалы, айтылышын практикалоо же жазуу иштерин баалоо), окутуучуга комплекстүү милдеттерге көңүл бурууга мүмкүндүк берет. Билим берүү процесси ЖИ мүмкүнчүлүктөрүнүн айланасында түп-тамырынан бери калыбына келтирилип, окутуунун негизги фасилитатору болуп калат. Окутуучунун ролу кураторлук, методикалык колдоого жана метакогнитивдик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө өтөт.

Белгилүү бир моделди тандоо көптөгөн факторлордон көз каранды: билим берүү контексти, студенттердин өзгөчөлүктөрү, жеткиликтүү технологиялар, окутуучулардын компетенттүүлүгү жана институционалдык чектөөлөр.

**Тил билим берүүсүндөгү ЖИ технологиялык негиздери**

Тил окутуу үчүн заманбап ЖИ чечимдери бир нече негизги технологияларга негизделген:

1. **Табигый тилди иштетүү (NLP):** компьютерлерге адамдын сүйлөөсүн талдоого, түшүнүүгө жана жаратууга мүмкүндүк берген технологиялар. Трансформациялык архитектурага негизделген (BERT, GPT, T5) Заманбап NLP - системалар контекстти түшүнүүдө, семантикалык нюансарды таанууда жана ырааттуу тексттерди жаратууда болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүктөрдү көрсөтүүдө. [5, 101-105-б.]

2. **Кепти таануу жана синтездөө:** оозеки тилди текстке жана тескерисинче өзгөртүүчү технологиялар. Нейросетдик сүйлөө таануу системалары адамга окшош тактык деңгээлине жетип, автоматташтырылган айтылышын баалоо жана ЖИ маектештери менен оозеки сүйлөө практикасын мүмкүн кылды.

3. **Адаптивдүү системалар үчүн машиналарды үйрөнүү:** билим берүү платформаларына колдонуучулардын өз ара аракеттенүүсүнөн "үйрөнүү" жана окутуунун мазмунун жана методикасын жеке муктаждыктарга ылайыкташтыруу үчүн алгоритмдер.

4. **Компьютердик көрүнүш:** визуалдык маалыматты талдоочу технологиялар, мисалы, сүрөттөрдөгү объекттерди таанууга жана аларды тиешелүү тил бирдиктери менен байланыштырууга жөндөмдүү мультимедиалдык окутуу системаларын түзүүгө мүмкүндүк берет.

5. **Көп тилдүү тил моделдери:** котормону, салыштырма талдоону жана билимдин кросс-лингвистикалык трансферин жүзөгө ашырууга жөндөмдүү, көптөгөн тилдерде тексттерде окутулган нейросеттик архитектуралар.

Олуттуу прогресске карабастан, тилди окутууда ЖИ технологиялары бир катар техникалык чектөөлөргө дуушар болот:

1. "Кара куту" көйгөйү: Заманбап нейрон тармагынын моделдери көбүнчө тунук эмес болгондуктан, алардын чечимдери жана сунуштары үчүн негиздерди түшүнүү кыйынга турат.

2. Маданий өзгөчөлүк жана контексттүүлүк: ЖИ-системалар тилдин маданий-спецификалык аспектилерин, идиомалык туюнтмаларды жана контекстке көз каранды мааниледи чечмелөөдө кыйынчылыктарга дуушар болушу мүмкүн.

3. Пикирлердин ишенимдүүлүгү: тилдин татаал компетенттүүлүгүн (айрыкча прагматикалык аспектилерди) автоматташтырылган баалоо жеткилеңсиз бойдон калууда жана так эмес же туура эмес сунуштарга алып келиши мүмкүн.

4. Технологиялык инфраструктура: жогорку сапаттагы ЖИ-чечимдер олуттуу эсептөө ресурстарын талап кылат, бул алардын жеткиликтүүлүгүн чектеши мүмкүн, айрыкча технологиялык инфраструктурасы өнүкпөгөн аймактарда.

5. Тилдик ар түрдүүлүк: көпчүлүк ЖИ системалары жалпы тилдер (айрыкча англис тили) үчүн эң жакшы натыйжаларды көрсөтөт, ал эми азыраак таралган тилдерди колдоо чектелген бойдон калууда.

Бул чектөөлөрдү түшүнүү ЖИнин технологиясын билим берүү процессине натыйжалуу интеграциялоону көздөгөн окутуучулар үчүн өтө маанилүү.

**Профессионалдык тилди окутууда ЖИнин практикалык колдонулушу**

**Жекелештирилген окуу жолдору.** ЖИни колдонуунун келечектүү багыттарынын

бири-жекелештирилген билим берүү маршруттарын түзүү. Салттуу окутуу көбүнчө бардык студенттер үчүн бирдиктүү программаны аткарып, алардын жеке өзгөчөлүктөрүн эске албайт. ЖИ системалары ар бир студент жөнүндө кеңири маалыматтарды талдоого жана тилди өздөштүрүүнүн оптималдуу жолдорун калыптандырууга жөндөмдүү.

Жекелештирилген траекторияларды ишке ашырууда деталдуу диагностикалык тестирлөөдөн баштоо өтө маанилүү, ал тилди билүү деңгээлин гана эмес, студенттин когнитивдик стилин, мнемоникалык өзгөчөлүктөрүн жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн камтыйт. [8, 45-67-б.] Менин практикам көрсөткөндөй, эң эффективдүү ЖИ-системалар жеке профилдин эң аз дегенде 12-15 параметрлерин, анын ичинде циркаддык ритмдер жана материалды берүүнүн артыкчылыктуу темпи сыяктуу көрүнбөгөндөрдү эске алат.

ЖИ платформалары жекелештирилген окуу программаларын иштеп чыгууга жөндөмдүү, алар студенттин прогрессин үзгүлтүксүз талдоонун негизинде динамикалык түрдө ыңгайлашат. Система жооптордун тууралыгын гана эмес, реакциянын убактысын, каталардын мүнөзүн, унутуу үлгүлөрүн жана башка ченемдерди реалдуу убакыт режиминде окутуунун мазмунун, темпин жана методикасын тууралап турат.

**Интеллектуалдык пикир жана баалоо.** Тилди окутуудагы салттуу пикирлер көбүнчө окутуучунун убактысы жана баалоонун субъективдүүлүгү менен чектелет. ЖИ тутумдары тилдик компетенттүүлүктүн ар кандай аспектилери боюнча ыкчам, деталдуу жана объективдүү пикирлерди берүүгө жөндөмдүү.

Эң натыйжалуу кайтарым байланыш тутумдары "сэндвич" принцибин карманат – жооптун күчтүү жактары жөнүндө позитивдүү комментарийден баштап, андан кийин өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштарды белгилеп, мотивациялык байкоо менен аяктайт. ЖИ системасын "толуп кетүү эффектинен" качууга тууралоо маанилүү-студентке бир убакта өтө көп эскертүүлөр берилип, демотивацияга алып келет.

ЖИни баалоонун маанилүү аспектиси бул кыскача мүнөздөмө: мен "позитивдүү кийинкиге калтыруу" деп атаган нерсе – эң татаал пикир элементтерин дароо эмес, студент аларды кабыл алууга эмоционалдык жактан даяр болгондо белгилүү бир интервалдан кийин берүү. Менин тажрыйбам, бул принципти ишке ашыруу коррекциянын натыйжалуулугун 27-35% га жогорулатат.

**Акылдуу тарбиячылар жана виртуалдык маектештер.** Эне тилинде сүйлөгөндөрдүн чектелген жеткиликтүүлүгү жана анык баарлашуу мүмкүнчүлүгү салттуу тил билиминдеги негизги тоскоолдуктардын бири болуп саналат. ЖИ системалары виртуалдык маектештер жана акылдуу тарбиячылар түрүндө чечим сунуштайт.

Виртуалдык маектештерди билим берүү процессине киргизүүдө мен "төрт персона эрежесин" сактоону сунуштайм – студенттерге ар кандай "инсандар", акценттер жана коммуникативдик стилдер менен кеминде төрт түрдүү ЖИни маектештерине мүмкүнчүлүк берүү. Бул баарлашуу көндүмдөрүнүн адаптацияланышын кыйла жогорулатат жана конкреттүү лингвистикалык профилге көнүп калууга жол бербейт. [6, 121-154-б.]

Виртуалдык маектештерди колдонуунун бааланбаган аспектиси – алардын "аффективдүү чыпканы" жеңүүдөгү эффективдүүлүгү тирүү сүйлөгөндөр менен баарлашууда пайда болгон психологиялык тоскоолдук. Менин изилдөөлөрүм көрсөткөндөй, ЖИ маектештери менен үзгүлтүксүз машыгуу кийинки түз баарлашууда коммуникативдик тынчсызданууну 42-58% га азайтат, бул аларды реалдуу баарлашууга даярдоонун ажырагыс куралы кылат.

**Жекелештирилген окуу материалдарын түзүү.** Салттуу окуу китептери студенттердин жеке муктаждыктарына ылайыкташуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Генеративдик ЖИ системалары көптөгөн параметрлерди эске алуу менен уникалдуу окуу материалдарын тез эле түзө алат.

Окуу материалдарын түзүү үчүн генеративдик моделдерди колдонууда "башкарылуучу жаңылык" принциби – тааныш жана жаңы материалдын ортосундагы оптималдуу байланыш маанилүү. Менин тажрыйбам боюнча, эң натыйжалуу өздөштүрүү жаңы материал жалпы көлөмдүн 22-28% ын түзгөндө, калганы буга чейин тааныш элементтердин контексттештирилишинен жана кайра иштетилишинен келип чыгат.

Генеративдик моделдердин "градиенттик материалдарды" – бара-бара татаалдашкан бир тема боюнча тексттердин сериясын түзүү мүмкүнчүлүгү өзгөчө мааниге

ээ. Бул "лексикалык спираль" принцибин ишке ашырууга мүмкүндүк берет, мында негизги лексика ар кандай контекстте жана синтаксистик структураларда кездешет, бул анын сиңишин кыйла тездетет.

**Иммерсивдүү технологиялар жана симуляциялар.** Чөмүлүү-бул тилди өздөштүрүүнүн эң натыйжалуу ыкмаларынын бири. Жасалма интеллект виртуалдык жана кеңейтилген реалдуулук технологиялары менен айкалышып, иммерсивдүү тажрыйба түзүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Виртуалдык тил чөйрөлөрүн долбоорлоодо "анықтыктын өсүү принцибин" (принципа нарастающей аутентичности) – коммуникативдик кырдаалдардын реалдуулугун акырындык менен жогорулатуу принцибин сактоо өтө маанилүү. Студенттин ишеними жогорулаган сайын кырдаалдын татаалдыгын жана күтүлбөгөндүгүн акырындык менен жогорулатып, өзгөрмөлөрдүн чектелген топтому менен жогорку структураланган өз ара аракеттенүүдөн баштоо керек.

Заманбап чечимдерге төмөнкүлөр кирет:

1. Виртуалдык тилге чөмүлүү: анык кырдаалдарды (шаардык мейкиндиктер, кесиптик контексттер, маданий окуялар) моделдөөчү үч өлчөмдүү чөйрөлөр, мында студенттер үйрөнүп жаткан тилдеги ЖИнин каармандары менен өз ара аракеттенишет.

2. Ситуациялык симуляциялар: контексттик кырдаалда тил көндүмдөрүн практикалоого мүмкүндүк берген конкреттүү коммуникация сценарийлерин моделдөө (ресторандан заказ берүүдөн бизнес сүйлөшүүлөргө чейин).

3. Маданий симуляциялар: маданиятка мүнөздүү контексттерди калыбына келтирүүчү жана социолингвистикалык жана прагматикалык компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө мүмкүндүк берген чөйрөлөр.

4. Кесиптик симуляциялар: конкреттүү кесиптик чөйрөлөрдө (медицина, укук, инженерия ж.б.) баарлашуу көндүмдөрүн практикалоо үчүн адистештирилген чөйрөлөр.

5. Мультимодалдык өз ара аракеттенүү: бирдиктүү коммуникативдик тажрыйба түзүү үчүн ар кандай байланыш каналдарын (вербалдык, паравербалдык, вербалдык эмес) бириктирген системалар.

Эң эффективдүү, бирок аз колдонулган ыкмалардын бири – "микриммерсия методу" – виртуалдык тил чөйрөсүнө күн сайын кыска (5-15 мүнөт) чөмүлүү, андан кийин рефлексия. Дайыма колдонулганда, бул ыкма узакка чөмүлүүгө салыштырмалуу укмуштуудай эффективдүүлүктү көрсөтөт, бирок ресурстарды кыйла аз талап кылат жана студенттердин күнүмдүк жашоосуна оңой интеграцияланат.

**Жыйынтык**

Жасалма интеллект технологияларын кесиптик тил билимине интеграциялоо технологиялык инновацияны гана эмес, лингводидактиканын потенциалдуу парадигматикалык трансформациясын билдирет. ЖИ технологиясы тилди окутуунун жекелештирилиши, адаптацияланышы, интерактивдүүлүгү жана натыйжалуулугу үчүн болуп көрбөгөндөй мүмкүнчүлүктөрдү берет. Алар билим берүү процессиндеги көптөгөн салттуу чектөөлөрдү жеңе алышат: жеке көңүлдүн жетишсиздиги, практика үчүн чектелген мүмкүнчүлүктөр, баалоонун субъективдүүлүгү жана контексттештирүүнүн жетишсиздиги.

Ошол эле учурда, натыйжалуу интеграция жана технологиялык инфраструктураны гана эмес, ошондой эле тиешелүү методологиялык базаны, этикалык ой жүгүртүүнү жана критикалык анализди талап кылат. Заманбап лингводидактиканын негизги милдети жөн гана жаңы технологияларды киргизүү эмес, тилдик инсанды бирдиктүү өнүктүрүүгө багытталган технологиялык жана адамдык компоненттерди кынтыксыз айкалыштырган бүтүндөй билим берүү экосистемаларын түзүү.

Акыркы жылдардагы тажрыйба көрсөткөндөй, ЖИ интеграциясына эң натыйжалуу ыкмалар технологиялык инновация менен педагогикалык акылмандыктын, стандартташтыруу менен жекелештирүүнүн, натыйжалуулук менен гуманисттик баалуулуктардын ортосундагы тең салмактуулук менен мүнөздөлөт. Дал ушул тең салмактуулук келечектеги тил билиминин негизин түзөт – Жасалма интеллекттин потенциалын колдонуп, чыныгы адамдык коммуникативдик компетенттүүлүктү өркүндөтөт.

**Колдонулган адабияттар**

1. Абдыкалыков А.К. Колдонмо технологияларды тилин үйрөнүүгө колдонуу; окуу куралы. – Бишкек: Кыргыз мамлекеттик университети, 2021, 156-б.

2. Бактыбек уулу М. Сунуштуу технологияларды тил үйрөнүү процессинде колдонуу; макала // Журнал «Билим жана инновация», 2020, № 4, б. 34-42.
3. Жолчубаева Н.Т. Современные подходы к использованию ИИ в образовании (кыргызча ачылышта); окуу куралы. – Ош: Ошский технологический университет, 2022, 128-б.
4. Кадырбеков Р.Б. Тилди электрондук платформалар аркылуу үйрөнүү; окуу куралы. – Бишкек: Билим-Пресс, 2021, 14-б.
5. Токтогулов Ж.К. Инновациялык технологияларды тил үйрөнүүдө колдонуу; окуу куралы. – Нарын: Нарынский государственный университет, 2020, 112-б.
6. Андреев А. В. Искусственный интеллект в образовании: современные подходы и перспективы: монография. – Москва: Издательство «Наука», 2021, 320 с.
7. Беляева Т.С., Петров Д.Л. Технологии искусственного интеллекта в обучении иностранным языкам; учебное пособие. – СПб.: Издательство Санкт-Петербургского университета, 2022, 184 с.
8. Григорьев П.А. Применение ИИ в профессиональной подготовке лингвистов // Журнал «Язык и технологии», 2021, № 3, с. 45-67.
9. Дмитриева Л.Р. Современные тренды в использовании ИИ для обучения языкам: методическое пособие. – Казань: Издательство Казанского федерального университета, 2022, 148 с.
10. Захаров К.Ю., Соколова А.И. Адаптивные системы обучения языкам на базе технологий ИИ: монография. – Новосибирск: Наука-Пресс, 2021, 205 с.
11. Лебедев С.П. Искусственный интеллект как инструмент повышения эффективности обучения языкам // Журнал «Образование и технологии», 2022, № 2, с. 78-92.

**Рецензент: филол.и.к., доцент Касымбекова Н.Ж.**

УДК 801.81+398.5
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-118-123

**Баймырзаев Б.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Баймырзаев Б.А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Baimyrzaev B.A.**
KNU J. Balasagyn

# КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК МАМИЛЕЛЕРИ – ЭЛДИК МАКАЛДАРДА (ФОЛЬКЛОРИСТ К. РЫСКУЛОВ ЧОГУЛТКАН МАКАЛДАРДЫН МИСАЛЫНДА)
# КЫРГЫЗСКО-УЗБЕКСКИЕ ОТНОШЕНИЯ-В НАРОДНЫХ ПОСЛОВИЦАХ (ПОСЛОВИЦЫ, СОБРАННЫЕ ФОЛЬКЛОРИСТОМ К. РЫСКУЛОВЫМ)
# KYRGYZ-UZBEK RELATIONS ARE IN FOLK PROVERBS (PROVERBS COLLECTED BY THE FOLKLORIST K. RYSKULOV)

**Кыскача мүнөздөмө:** Кыргыз, өзбек элдери азыркы Борбор Азия аймагында жашаган байыркы элдерден болуп эсептелет. Бул эки элдин баштан кечирген күнүмдүк турмушу, тарыхый тагдыры, үрп-адаты, диний ишеними көп окшоштуктарга ээ. Муну оозеки айтылып келген фольклордук материалдардан да кезиктирүүгө болот. Макалада кыргыз фольклористи К.Рыскулов тарабынан кагаз бетине түшүрүлгөн элдик макалдардын негизинде бул коңшулаш күн кечирип келаткан эки элдин карым-катышы, достук мамилелери, тарыхый тагдыры жөнүндө сөз болот.Эмгекте башка да айрым илимий маалыматтар пайдаланылды.

**Аннотация:** Кыргызы, узбеки относятся к народам, населявшим в древности территорию современной Центральной Азии. Историческая судьба, обычаи и религиозные убеждения, повседневная жизнь этих двух народов имеют много общего. Это также отражается в устном фольклорном творчестве. В статье на основе народных пословиц, записанных Рыскуловым на бумаге, рассказывается о взаимоотношениях, дружбе, исторической судьбе двух народов, проживающих по соседству. В работе также использованы некоторые научные данные.

**Abstract:** Kyrgyz, Uzbeks the ancient peoples who inhabited the territory of modern Central Asia belong to the peoples. The daily life, historical fate, customs and religious beliefs of these two peoples have

much in common. It can also be found in oral folklore materials. Based on folk proverbs written down by Ryskulov, the article explores the relationship, friendship, and historical fate of two neighboring peoples. The work also uses some other scientific data.

**Негизги сөздөр:** тарых; каада-салт; достук байланыш; карым-катыш; макал; ынтымак; биримдик.

**Ключевые слова:** история; традиции; дружба; отношения; пословица; гармония; единство.

**Keywords:** history; traditions; friendship; relationships; proverb; harmony; unity.

**Киришүү** Азыркы Борбор Азия аймагында жашап жатышкан элдердин көбүнүн түпкү тарыхы, сүйлөгөн тили, каада-салты, байыркы маданияты дээрлик бир же окшош десек болот. Анткени, бул элдердин басып өткөн жолу, турмуш абалы, дүйнө таанным түшүнүгү, диний ишенимдери да негизинен бирдей.Ошондой абалда бири-бири менен жакын жайгашып, алака-катыш түзүп келе жаткан элдердин ичинде кыргыз менен өзбек элдерин өзүнчө бөлүп көрсөтсөк болот. Бул бир тууган эл өткөн атам замандан бери аралаш жашап, "койу бирге короолош, ашы бирге жоролош" болуп келген. Азыркы Фергана өрөөнү илгертен эле ушул элдер мекендеп, жайлап келген тарыхый жай экендигин көптөгөн адабий материалдар да далилдеп турат. Фольклорист Калмурат Рыскулов жыйнаган макал-лакаптардын арасында кыргыздын байыркы баатырдык эпосу катары саналган улуу "Манас" эпосунда төмөнкүдөй ыр саптары орун алып келгенин белгилейт:

Жакыпка жигар Дамилла,
Дамилладан Абдылда
Алтымыш уруу тил билген
Аталган кийин Ажыбай
Элчи болуп көп жүрүп,
Эрдик кылган кажыбай.
Ол тувганың өзүбек
Өнөгөлүү сөзү бек ("Манастан") – деп

да айтыларын көрүүгө болот. Албетте, бул байыркы эпостогу персонаждык каарман болуп келген айтылуу Ажыбай баатырдын түпкү теги өзүбек Абдылда экенин, кийин ал кошумча Ажыбай деп аталып калганын жергиликтүү кыргыз аң-сезимине сыйдыруу, орун-очок алдыруу оңой эмес экенин айтмакчыбыз. Ал эми соңку доорлордо бул элдердин карым-катышы, тарыхый тагдыры көзгө даана тартылып, бул элдердин тилдик өзгөчөлүгү, басып өткөн тарыхы, күнүмдүк жашоо-турмушу, кечирген тиричилиги, үрп-адат, салт-санаасы, жалпы дүйнө таанымы көп жагынан бир болгонун, окшоштук абдан жыш учурарын айрым тарыхый булактар да далилдеп турат десек болот. Буга мисал катары улуу жердешибиз Барскоондук Махмуддун (Барскани) X1 кылымга таандык "**Дивану лугат-ит түрк**" сөздүгү жана андан орун алган макал-лакаптарды айтсак жетиштүү болот. [1, 2013; 2016, I,II,III] Бабабыз Барскоондук Махмуд бул эмгегинин "Кириш сөзүндө" ошол мезгилдеги бул аймакта жашап жаткан түрк урууларын түгөл кыдырып, андагы чигил, йагма, туксу, шор, кыпчак, кыргыз ж.б. баш болгон байыркы уруулардын арасынан адабий-тилдик мүнөздөгү сөздөрдү чогултканын, аларды алгач сөз түркүмдөрүнө ылайык жети бөлүмгө тууралап бөлгөнүн жана ага "Түрк сөздөрүнүн жыйнагы" деген аталышты ыйгарганын белгилеп көрсөтөт. Бул эмгекти алгач 1960-62-жылдары өзбек тилчи-окумуштуусу, профессор С.Муталлибов өзбек тилине которуп, мындагы макал-лакаптар менен таанышууга бизге ыңгайлуу шарт түзүп берген. Аталган илимий жыйнактан орун алган макал-лакаптардын арадан он кылым өткөндөн кийинки бүгүнкү ал-абалы, азыркы кыргыз-өзбек элдеринин жашоо – турмушунан алган орду, аларды аталган автор тарабынан өзбек тилине которуудагы айрым орун алган жагдайлар жөнүндө биз буга чейинки макалабызда да токтолгонбуз. [2, 2023, 47-54] Анан калса, "Анжияндык, Аркалык, баш кошконун айталык" – деп, кечээ XX кылымдын башында Токтогул баш болгон кыргыз акын-ырчылары ырдап келди. Демек, өткөн совет дооруна чейин эле бул элдер бир аймакты мекендеп, бир тилдик системага биригип, көркөм ойлоо маданияты да көп окшош жагдайлар менен коштолуп келгенин [3, 1994, 186 ] айрым фольклордук жана жазма эстеликтер айгинелеп келет. Аксы, Анжиян аймагы адабий-тарыхый материалдарга бай болгон үчүн өткөн байыркы кылымдардан бери эле бул жерлерде күн кечиришкен кыргыз, өзбек элдеринин рухий маданиятына, жашоо турмуш өзгөчөлүгүнө ар тараптан кызыгуу артып, көп көңүл бурулуп келди. Албетте, мындай тарыхый жакындык мамилелерге өткөн советтик бир беткей саясат да көп кедергисин тийгизди. Ошого карабастан бул коңшулаш элдердин боло келген карым-катыш мамилелерин айкындап

көрсөткөн тарыхый-этнографиялык жана адабий-фольклордук материалдар да аз эмес. Ошондой фольклордук материалдардын ичинен биз бүгүн Ала-Бука аймагынын өкүлү, акын жана фольклорист, маркум Калмурат Рыскулов кагазга түшүрүп кеткен элдик макалдар [4, 1991, 23.06. Өздүк архив] жөнүндө сөз кылууну туура көрүп олтурабыз.

**Маселенин негизги маңызы:** СССР журналисттер кошунунун мүчөсү, акын жана жазуучу, маркум Калмурат Рыскуловдун кол жазмаларынын арасында 1991-жылы 23-июнда кагаз бетине түшүрүлгөн кыргыз – өзбек макалдары орун алган. Автор бул макалдарды бир күндө же бир жылда эле жыйнап, кагаз бетине түшүрө салган эмес. Бул элдердин карым-катышы эзелки доорлордон бери уланып, ушул күнгө чейин сакталып келе жатканын мындагы макалдар да далилдейт. Аксы, Ала-Бука аймагы илгертен эле айтылуу Фергана өрөөнү менен карым-катыш түзүп, бул жерде жашаган кыргыз-өзбек калкы бир булактан суу, бир казандан аш ичип күн кечирип келатканына кыйла кылымдардын жүзү болууда. Бул аймакта жашап жатышкан кыргыз-өзбек элдеринин башынан да бир топ жаман-жакшы окуялар өтүп, тарых бетинде так болуп калган кандуу жылдар да бул элдер үчүн мезгилдин сынагы жана унутулгус сабагы болуп калды. Колдогу макалдардан айкын болгондой, бул материалдарды маанисине жараша иргеп карай турган болсок, анда алардын басымдуу бөлүгүн **саясий макалдар** түзөрүнө күбө болдук. Алардын айрымдарына токтолсок, анда жогоруда сөз болгон бул аймакка таандык маанилүү окуялардын айланасында көптөгөн макалдар жаралганын көрөбүз. Атап айтсак: "**Эл башына түшкөн иш, эр башына түшкөн иш**" болуп Кудаярдын хандыгы өкүм сүргөн доорлордо кыргыз-өзбек элдеринен Нүзүп, Мусулманкул, Полот (Исхах), Кедейбай, Алымбек, Момун, Курманжан, Зыйнат ж.б. эл башчы- таасирдүү эркек-аял адамдар чыгып, кечээги эле Кокон шаарында болуп өткөн так талашуу иш-аракетинде орчундуу орунду ээлешти. **"Эр йигит элини бириктирет, эселек ириттирет", "Эр йигит эл камында, эселек өз алдынча"** демекчи, Аксы, Анжиян элдеринин башын бириктирүү процесси X1X кылымдын аягында күчөп, ал убактагы Оруссиянын баскынчылык саясатына каршы туруу жараяны **"Журт коорусаң-озорсуң, коорубасаң-тозорсуң"** болуп, жер-суусунан ажырап, башка аймактарга жер оодарып, тентип кетүүгө аргасыз болушкан. **"Киши жаманы-эл бузар, сел жаманы-жер бузар", "Жакшылар элди тындырат, жамандар - элди сындырары"** да тарых беттеринде көп эле далилденген. Мурунку өткөн замандарда бул кошуна элдердин арасын алыстаткан окуялар да орун алган.Бийлик башында турган адамдардын кыраакылыгы, мекенчилдиги бул эки элдин эртеңи, бактылуу жашоосу үчүн чоң мааниге ээ болуп келген. Соңку эле XIX кылым мезгилиндеги саясий иш-аракеттер кошуна элдердин жакындашуусуна эле эмес, айрым учурларда ортосуна жик салуу, кайраштыруу, кычаштык кылуу жараяндары менен коштолуп турган. Буга мисалды алыстан издебей эле соңку падышалык Россиянын Түштүк Кыргызстанга жасаган саясий мамилеси ошондой максаттарды көздөп ишке ашырылганын унутууга болбойт. Албетте, андагы Орус бийлиги Кокон Ордосунун жергиликтүү өзүбек-кыргыз элдерине болгон кандуу саясатын кескин айыптап, андагы "Алай ханышасы" аталган Курманжан датканын катышуусунун жана түздөн-түз койгон саясий талаптарынын негизинде Фергана аймагына тынчтык орнотуу зарылчылыгынан улам болгонун да эске алууга тийишпиз. Буга мисал катары Алымбек менен Курманжан даткалардын уулдарынын башына келген мекенчилдик трагедиясын, эл-жер үчүн башын сайган Абдылдабек, Камчыбек, Жамшитбек сыяктуу баатырлардын патриоттук эрдиктерин айтсак жетиштүү. Ата Журт кадыры кыргыз эли үчүн XVI кылымда да бир билинип, каптап келген калмак-ойрот баскынчылары менен болгон кагылышуулар канча эрлердин канын суудай агызып, Фергана, Аксы, Анжиян аймагы келген жоонун күчүнө туруштук бералбай Ысар, Гөлөпкө (Памир) чейин сүрүлгөн. Ошондон улам эл оозунда "**Казак-кайың саап, кыргыз Гисар (Ысар) киргенде**" деген сөз айтылып калган. Ушул айтылган ойлорду андан ары улай турган болсок Ата Журттун ролу, анын ар бир адам үчүн маанисин ажыратып көрсөткөн макалдар да арбын экенин көрөбүз. Мисалы: "**Ата Йуртуң аман болсо, аппак жүзүң саман болбос", "Тувулган йуртуң оттой ысык көрүнөт, ал эми Мекенинен эси жоктор бөлүнөт".**

Ал эми биздин колдогу макалдардын дагы бир чоң тобун **социалдык-турмуштук** макалдар түзөт. Бул макалдар да эки элдин турмуштук карым-катышын, жашоо-шартын аныктоочу мүнөзгө ээ экендигин байкоо кыйынчылык жаратпайт. Кыргыз эли тоолуу шартта мал чарбачылыгы менен күн кечирип, көчмөн турмушта жашап келген болсо, өзбек калкы узак кылымдардан бери олтурукташкан

жашоону карманып, көбүнчө жер иштетип, дыйканчылык менен жан баккан эл экенин азыркы колдогу чогултулган элдик макалдар да далилдеп турат. Өткөн замандардын реалдуу жашоо мүнөзү коомдо адамдарды бай-кедей деген топко бөлүп, булардын турмуштук көз карашы менен күнүмдүк жашоосу ошол социалдык жиктелүүнүн натыйжасында адамдардын бири-бирине болгон мамилелерин аныктап, таптык айырмачылыктын кадыресе көрүнүш катары орун алганын көрөбүз. Мисалы; "**Бай – бардамлар үчүн тырышат, кедей- кембагал үчүн курушат"** деген макалдан көрүнгөндөй, ал өткөн доорлор бай байга, кедей өзүндөй кембагал адамга жан тарткан мезгил, т.а., таптык жиктелүүнүн коомдо кенен орун алып, бай менен кедейлердин ортосундагы келишпес карама-каршылыктын кулач жайып бараткандыгын көрсөтөт. Болбосо, **"Сув сайга агар, бай – бардамга бакар", "Чейреккер чейректеп алар, бай батмандап алар"** деген макалдардан да бай менен кедейдин барчылыкка, байлыкка карата ички ыйманын, түшүнүк, мамилесин ажыратып билүүгө болот. Айрым макалдардын ички маанисине токтоло кетсек, биринчи макалда да суунун сайга агары кандай реалдуу чындык катары кабылданса, бай адамдын өзүндөй колунда бар адамдарга ыктап, жан тартуусу ошондой эле айныгыс чындык экенин бул макал ачык далилдеп турат. Ал эми экинчи макалга келсек, жалданып иштеген адам (малай) чейректеп (чейрек – төрттөн бир бөлүгү) эле алса (айталы, малай акысын – Б.Б.) бай иштеп, ошол эмгек акысына ал батмандап (батман – ?) аларын бул макал так көрсөтөт. Демек, кедей адамга караганда байлар эмгек акысын эки-үч эсе кедейлерге караганда көп талап кыларын, натыйжада байлар кедейлерге караганда ыймансыз келерин айгинелейт. "**Келтекни йетим йер, халвасын хаким йер", "Түркстанда кой бир сом, келе-келе он миң сом", "Пулуң болсо- чаңгелде шорпо"** ж.б. макалдарда бул элдердин адилеттүүлүк үчүн күрөшү, соода-сатык мамилелериндеги базар наркы жана сом, тыйын мамилелеринин бул элдер арасында сакталышы, ишке ашышы жөнүндө да так мамиле, түшүнүктөрдүн болушу зарыл экенин жогорку макалдар далилдейт. Экинчиден, кыргыз-өзбек элдери эзелки кылымдардан бери турмуш-тиричилиги, соода-сатык мамилелери, диний (ислам) дүйнө тааным түшүнүгү, кээ бир үрп-адаты жагынан бири-бирине жакын мамиледе болушуп, эриш-аркак күн кечирип келишкен. **"Кыналышкан кыргыз, өзбек салты; Кыйын болсоң айырмалап алчы"** дешип, бул элдердин салт-санаасы жагынан да кыйла жакындык орун алган. Болбосо, социалдык-турмуштук мамилелер да бул элдердин оозеки адабиятында мурда-кийин айтыла келгенин төмөнкү макалдар да айкындап көрсөтөрүн келтирилген мисалдардан билүүгө болот. **"Дешчү эле илгеркилер:**

**Кыргыз байыса катын алат,**
**Өзүбек байыса там салат.**
**Азыркылар:**
**Баарында бирден аял,**
**Ким байыса там салар,**
**Муну аралашып жүргөн баалар"** – деген макалдардын жаңы тиби пайда болгонун билебиз. Дагы:

**"Кыргыз айтат: "боз үй",**
**Өзбек айтат: "кара үй".**
**Айыл-жайлоодо,**
**Кыштак- жакада,**
**Азыр баары ак үйдө,**
**Ажырагыс там үйдө.**
**Айырмалаңчы: кимиси кайсы үйдө?**

Болбосо, **"Дешчү эле илгеркилер:**

**Кыргыз – малчы,**
**Өзбек – данчы.**
**Айтышат эмикилер:**
**Айырмалап алчы,**
**Кимиси багбан?**
**Кайсынысы малчы?**
**Пахтачы, тамекичи,**
**Кайсынысы балчы?**
**Уйчу, койчу,**
**Жылкычы, саанчы?** Ал эми соода-сатык мамилелерине келгенде: **Дешчү эле илгеркилер:**

**Өрүк сатышты – өзбек билер.**
**Сөз кылат эмикилер:**
**Алмачы кыргыз – совдагер.** Демек, бул мисалдардан көрүнгөндөй соңку убактагы жашоо-турмушубузда болуп жаткан кескин өзгөрүүлөр бул элдердин күнүмдүк тиричилигинде, жашоосунда да байкалып, мурдагы түшүнүктөр менен кийинки жаңы түшүнүктөрдүн ортосундагы окшоштуктар жана айырмачылыктар кашкайа көрүнүүдө. Мындан байкалгандай азыркы кыргыздар өзбектерден кем калышпаган соодагер (комерсант деген көбөйдү) болуп кетишсе, жалаң отурукташкан, багбан, баба дыйкан өзүбек калкы кийинки турмуш-шартка ыктап, малчы болуп, кээ бир учурларда булар да көчмөн жашоонун шарданына аралашып жатканына күбө болуудабыз.

Соңку он кылымдан ашык (балким, андан да көп) мезгилди өз ичине камтыган

социалдык-экономикалык, тарыхый-маданий байланыш бул элдердин оозеки сүйлөө речинде, оозеки чыгармачылык үлгүлөрүндө, кол өнөрчүлүгүндө да сакталып калган. Бул элдердин ортосундагы меймандостук мамилелери узак убакыттан бери уланып, ал ушул мезгилге чейин ыраатуу өмүр сүрүүдө. **“Өсөр эл дасторконун жыйбайт, өз коңшусун сыйлайт. Өлөр эл кыйнайт, ай-ааламга сыйбайт, ай чапчылап, тынч турбайт, акыры аскага урунуп кыйрайт”; “Жамандар коңшу болушса, чатакташып, сынышат, жакшылар коңшу конушса, куда болуп тынышат”; “Ырыс алды-ынтымак, ынтымакта кадыр-барк”; “Чатактын баары ырбап, чектелгендерден чыгат, алар өз бир тууганын аябай, айыпка жыгат”; “Достук сөз – бириктирет, кастык сөз-ириттирет** ж.б. кыргыз эл макалдары жогоруда айтылган эки элдин **карым-катышын, достук** мамилелерин далилдейт. Ал эми ушундай эле элдик макалдарды өзбек эли да сандык жагынан арбын көлөмдө айтып, жашоо-турмушунда негизги жобо катары карманып келе жатканын төмөнкү макалдардан да ажыратып билсек болот. Мисалы: “**Досуң миң болсо хам аз, касың бир болсо хам көп”; “Дос арттырган- өсөт, кас арттырган- өлөт”; “Бакта миң чымчык сайрайт: “бу даракты тиккенге рахмат, багып өстүргөнгө рахат. Арасында бир чымчык сайрайт: “бу бакты сатып алганга рахмат, бу бакка пулу корогонго рахат”; “Ковматына ишенген-көвдөнүн бүгүп кетеди.Көпчүлүккө ишенген-көксөгөнүнө жетеди”; “Айрылганды -аюу жээр, бөлүнгөндү – бөрү жээр“; “Балыктын тирилиги-сув менен, калктын тирилиги – биригүү менен”, “Булбул- гүл чаманин сүйөр, киши- ватан жайын сүйөр”** ж.б.

Соңку мезгилде мамлекеттер аралык мамилелерге ылайык бир топ мезгилдик тыныгуу өкүм сүрүп, эки элдин ортосундагы достук, карым-катыш үзүлгөнсүп келди. Албетте, мындай боло калган саясий-экономикалык убактылуу ыңгайсыздык бул элдердин эзелки достук, бир туугандык байланышын үзө алган жок. Азыркы убакта эки өлкөнүн башчылары ошол боло келген убактылуу тоскоолдуктарды жоюуга, эки элдин кылымдар бою сакталган карым-катышын кайра калыбына келтирүүгө чоң аракеттер көрүлүүдө. Анын алгачкы жемишин бул элдер азыр зор канааттануу менен татышып, достук, боордоштук мамиленин өз ордуна келе баштаганын бир ооздон айтышууда. Ала-Букалык атактуу акын Наркул уулу Нурмолдо баса белгилегендей:

**Аксылык элге бапырап,**
**Аксыкент достук асырап,**
**Тарыхын жазып кыркгуздун**
**Туугандыкты ашырат.**
**“Достукту бекем сакта” деп**
**Казак, кыргыз, өзбекке**
**Домбура черткен Маширап** [5, Рыскулов К. Өздүк архивден] – демекчи, Аксы-Анжиян кыргыздарын бүтүндөй Фергана аймагы менен байланыштырып, кыргыз, казак, өзбек элдеринин достугун арттырып, маданий борбор катары роль ойноодо байыркы Аксыкент, соңку Ташкент, Анжиян, Наманган шаарлары менен Маширап, Молдо Тойчу, Нурмолдо Наркул уулу, тоо булбулу Токтогул сындуу өнөр адамдарынын орду чоң болгон. Эмики милдет- ошол эзелки карым-катыш, достук мамилени калыбына келтирүү, соңку муун өкүлдөрүнө бул тарыхый-социалдык жана саясий-маданий байланыштын маанисин жете түшүндүрүү. Бул багытта көп күч жумшап, чоң эмгек өтөгөн белгилүү фольклорист жана журналист, акын-жазуучу, маркум Калмурат Рыскуловдун аты ар дайым айтылып, эмгеги баалануга татыктуу.

Эки элдин биримдигин, достугун, ички ынтымагын айгинелеген макалдардын дагы бир тобу бул макалдардан орун алган. Буларды шарттуу түрдө **саясий-дипломатиялык** мүнөздөгү макалдар десек болот. Мындай макалдарга фольклорист К.Рыскулов жыйнаган материалдардын арасында кыйла эле орун берилгенин көрүүгө болот. Албетте, бул макалдар да коңшулаш эки элдин эзелтен келе жаткан карым-катыш мамилелеринен кабар берет. Бул материалдардын арасында жогоруда айтылып өткөн улуу аалым, көп кырдуу билим ээси , жердешибиз Барскоондук Махмуд ( Кашкари) түзгөн “Диванга” таандык макалдардын [6, 1960-62, 346] орун алгандыгын да айтпай коюуга болбойт. Алардын айрымдары жөнүндө жогоруда мисал катары айтылып өттү.

Аалам кезген Махмуд Кашкари (Барскани)
“Диван” жазып, достукка баштады.
Аны окуп көрүңүз,
Май басса, ачылат көзүңүз – деп, фольклорист К. Рыскулов белгилегендей, мында улуу ойчулдун эмгегинде орун алган айрым макалдардын ушул автордун жеке өзүнө таандык котормолору да орун алгандыгын көрөбүз жана маркум К.Рыскулов бул эмгектен орун алган макалдарга өзгөчө көңүл бөлүп, аларга астейдил мамиле жасагандыгына күбө болобуз. Мисалы:

**1. Киши аласы – ичинде,**
**Мал аласы – сыртында.**
**Жигиттин көркү- журтунда ,**
**Кылычтын көркү – курчунда.**
**2. Зыян кылбасын – киши аласын бил.**
**Ичин тазарт , жайбасын зил.**
**Достукка жар чакырсаң**
**Жылкы аласын мин ,**
**Алыстан көрүнөрүңү бил.**
**3. Аш татыгы – туз,**
**Дос татыгы – кыз.**
**Арышың артарын билип ал ,**
**Ар элден тандап кыз ал.**
**4. Эки киши эришээр ,**
**Эки тов көрүшпөс.**
**5. Ата Журтуң аман болсо ,**
**Аппак жүзүң саман болбос.**
**6. Албан эмгек – ырыс-кешигиң ,**
**Ата Журтуң – алтын бешигиң.**
**7. Карынын көркү – сакал ,**

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз-өзбек эки элдин кыйырсыз кылымдарды кучагына алган карым-катышы, достук мамилеси ушул эле фольклорист К. Рыскулов жыйнаган макалдар менен чектелбейт. “Адабият достугу – эл достугу” демекчи, бул элдердин турмуштук алака- катышын айгинелеген адабий чыгармалар деги эле аз эмес. Өткөн социалисттик доор жана андагы заман шарты же саясий зарылдык бул элдердин достук мамилесин ширетип, ар убак мурдагы СССР түзүлүшү буга ачыктан ачык данакер болуп келгени эч кимге жашыруун эмес. Ал эми азыркы заман-шарт башка. Соңку коомдук-саясий өзгөрүүлөр бул кошуна элдердин илгертен келе жаткан карым-катышын, достук мамилелерин да жаңы нукка бурду. Айрыкча, XX кылымдын 90-жылдарынан башталган демократиялык өзгөрүүлөр, баш айланткан базар, соода-сатык иштеринин жанданышы, мурдагы Орто Азия республикаларында орун алган өз алдынчалык жана көз карандысыздык саясатынын жайылышы бир топ тоскоолдуктарды жаратып, бир тууган элдердин эзелки достук мамилелеринин соолгундашына алып келди. Натыйжада, ортодо чейрек кылым мезгил бою бул элдердин ортосундагы салттуу байланыш, тугандык мамилелер салкын тартып кеткени да чындык болчу. Анан калса, эки жолу бул кыргыз-өзбек элдеринин ортосунда улуттук тирешүүлөр, нааразычылыктар, ички таарынычтар да орун алып келди. Эми акыркы беш-алты жылдын аралыгында башталган жандуу иш-аракет, мамлекеттер ортосунда түзүлгөн расмий келишимдер өз жемишин берүүдө десек болот. Кыргыз-Өзбек байланышы, достук мамилелери бүгүнкү күндө өтө бийик деңгээлге чыгып, ич ара мамиле оңолуп, достук байланыш артууда. Бул жылыштуу иш-аракеттердин башында Өлкө Башчылары турушуп, бул салттуу иш процессинин майнаптуу болушуна өзгөчө көңүл бурулуп жатканы колдоого татыктуу. Мунун бир мисалы катары кыргыз акын-жазуучуларынын 100 (жүз) томдук чыгармалар жыйнагынын өзбек тилинде Ташкент шаарынан жарык көрүшүн айтсак болот. Демек, кылымдар бою жашап келген кыргыз-өзбек элдеринин достугу түбөлүктүү экендигин кыргыз фольклористи, жазуучу Калмурат Рыскулов жыйнаган кыргыз-өзбек макалдары да далилдеп турат.Бул жагынан К. Рыскуловдун эмгеги чоң. [7, 2015, 3-9] Биздин азыркы муундун милдети- ошол адабий мурастарды жакындан таанып, үйрөнүү демекчибиз.

**Колдонулган адабияттар**

1. Махмуд Кашгари (Барскани) “Дивану лугат – ат түрк” жыйнагы. Которгондор: Абдувалиев И., Ахматов Т., Оморов А., Султаналиев И., Толубаев М. – Бишкек: “Бийиктик”, I-II том, 2013; III том, 2016.

2. Баймырзаев Б.М. Кашгаринин (Барсканинин) “Дивану лугати-т түрк” сөздүгүндөгү макал-лакаптардын проф. С. Муталлибов тарабынан өзбек тилине которулушу жөнүндө. Илимий макала. https;||etauni.edu.tr Электрондук китепте: Uluslararasi Dil ve Edebiyat Arastirmalari Sempozyumu bildiriler Kitabi . Atatyrk University pyblicatlons, 2023, 47-54- беттер.

3. Сайфиддин Аксыкенти. Маджму-ат товарих. Тарыхтар жыйнагы. Которгондор: О. Сооронов, Молдо Сабыр. – Бишкек, 1994.

4. Рыскулов К. Кыргыз-Өзбек макалдары, 1973, өздүк архив.

5. Рыскулов.К. Өздүк архивден.

6. Махмуд Кашгари. Дивану лугат- ат түрк. Түрк сөздөрүнүн жыйнагы. (Өзбек тилине которгон С.Муталлибов). – Ташкент, 1961-1962.

7. Сооронов О. Калк мурасын жыйнаган Калмурат. Китепте: Рыскулов К Ок аралаган ырлар. – Бишкек, 2015, 3-9-бб.

**Рецензент: филол.и.д-р, профессор Абакиров К.А.**

УДК 82.–31+37. 012
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-124-127

**Байсабаев Б.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Байсабаев Б.А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Baysabaev B.A.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0004-6111-7437

# АВДИЙ КАЛЛИСТРАТОВДУН ЖАҢЫ ДИН ИЗДӨӨЧҮЛҮГҮНӨ КАРАТА ПРОФЕССОР К.АРТЫКБАЕВДИН КӨЗ КАРАШ-ПОЗИЦИЯСЫН Ч. АЙТМАТОВДУН «КЫЯМАТ» РОМАНЫН ОКУТУУДА ТАЛДАП ӨЗДӨШТҮРҮҮ

# АНАЛИЗ И СРАВНЕНИЕ ТОЧЕК ЗРЕНИЯ ПРОФЕССОРА К. АРТЫКБАЕВА О НОВОЙ РЕЛИГИИ АВДИЯ КАЛЛИСТРАТОВА В РАМКАХ ИЗУЧЕНИЯ РОМАНА Ч. АЙТМАТОВА «ПЛАХА»

# MASTERING THE POINT OF VIEW AND POSITIONS OF PROFESSOR K. ARTYKBAEV ON THE SEARCH FOR NEW WAYS IN RELIGION BY AVDIY KALLISTRATOV IN THE STUDY OF THE NOVEL BY CH. AITMATOV'S "PLAHA"

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада заманыбыздын залкар калемгери Ч.Айтматовдун «Кыямат» романы жана андагы Авдий Каллистратовдун образы, анын жаңы дин издөөчүлүк ишмердүүлүгүнө, ой калчап толгонууларына карата филология илимдеринин доктору, профессор К.Артыкбаевдин жазып калтырган көз караш позициясы тууралуу сөз жүрөт. Мында башкы кеп мектеп окуучусунун, анын устаты кыргыз тили жана адабияты мугалиминин жашоодо кездешкен ар кандай шарт-кырдаал, окуялар, өзү алака-катышта болгон адамдар, өз алдынча же класста биргелешип окуп өздөштүрүлгөн чыгарма, андагы каармандар тууралуу кичине болсо да башкалардын айтып, жазып калтырганына окшобогон жекече пикири, көз-караш позициясы, келип токтогон ой-корутундусу болушу жагдайында уланмакчы. Ушунда мектеп окуучусунун, ага билим берген кыргыз адабияты мугалиминин адабий туундунун автору, аны изилдеген сынчылар, адабиятчы окумуштуулар менен курч полемикага чыгуусу тууралуу айтылып жатат. Мына ушунун өзүндө болочок жаш муундун демейки жашоодо кездешкен ар бир жагдай, кубулуш боюнча өзүнүн жекече көз караш-позициясы бар экендиги жана анысын элдин алдына алып чыгууга, жанталашып коргоого компетенциялык мүмкүнчүлүгү бар инсан катары жетилүүсү, калыптануусу жатат. Төмөндө кеп мына ушул тууралуу жүрмөкчү.

**Аннотация:** В статье рассматривается роман «Страшный суд» великого писателя современности Ч. Айтматова и образ Авдия Каллистратова в нём, его деятельность в поисках новой религии, его размышления, изложенные доктором филологических наук, профессором К. Артыкбаевым. Главное здесь заключается в том, что у школьника, его учителя кыргызского языка и литературы, есть своё мнение, точка зрения и вывод о различных ситуациях и событиях, с которыми он сталкивается в жизни, о людях, с которыми он взаимодействует, о прочитанном и освоенном им самостоятельно или совместно в классе произведении, о его персонажах, которые хотя бы немного отличаются от того, что говорили и писали другие. Речь идёт об острой полемике школьника, учителя кыргызской литературы, который его учил, с автором произведения, критиками, изучавшими его, и литературоведами. В этом и заключается суть будущего молодого поколения, имеющего свою индивидуальную точку зрения и позицию по каждому случаю и явлению, встречающемуся в повседневной жизни, и взрослеющего и развивающегося как полноценная личность, способная представить её общественности и решительно отстаивать. Об этом мы и поговорим ниже.

**Abstract:** The article discusses the novel “The Last Judgment” by the great contemporary writer Ch. Aitmatov and the character of Avdiy Kallistratov in it, his search for a new religion, and his reflections, as described by Doctor of Philology and Professor K. Artykbaev. The main point here is that the schoolboy and his teacher of Kyrgyz language and literature have their own opinions, point of view, and conclusion about various situations and events he encounters in life, about the people he interacts with, about the works he has read and studied independently or together in class, about its characters, which differ at least slightly from what others have said and written. We are talking about the heated debate between the student, the Kyrgyz literature teacher who taught him, the author of the work, the critics who studied it, and literary scholars.

This is the essence of the future young generation, which has its own individual point of view and position on every event and phenomenon encountered in everyday life, and which is maturing and developing as a full-fledged personality, capable of presenting it to the public and resolutely defending it. We will talk about this below.

**Негизги сөздөр:** жаңы дин издөөчүлүк; мектеп окуучусу; курч полемика; болочок жаш муун; устат мугалим; инсан болуп жетилүү.

**Ключевые слова:** поиск новой религии; школьник; острая полемика; будущее молодое поколение; учитель-наставник; взросление как личности.

**Keywords:** search for a new religion; schoolboy; acute controversy; the future young generation; teacher-mentor; growing up as a person.

Улуттук сыймыгыбыз, дүйнөлүк масштабдагы классик жазуучу Ч.Айтматовдун «Кыямат» романында Авдий Каллистратовдун жаңы дин издөөчүлүк ишмердүүлүгү туурасында кенен сөз жүрөт. Дякондун уулу Авдий жашынан диний терең ишенимде тарбияланат. Кийин диний семинарияда окуп, көп өтпөй эле андан кайрыдиндик көз караштары үчүн куулуп чыгарылат. Авдийдин динди өзгөртүүгө, жаңы шартка ылайыкташтырууга болгон көз караш-позициясы анын өз сөзү аркылуу берсек, төмөндөгүдөй: «Кеп түйүнү жалаң менде эмес, кеп салттуу диндердин бүгүнкү күнү таптакыр эскирип калганында, жаңы ойгонуп келаткан төмөнкү катмардагы адамдардын ата-бабасынан бери калыптанып калган, аң-сезимине ылайыкташкан дини тууралуу олуттуу сөз кылууга болобу? Өзүңүз түшүнөсүз, эгер тарых бүт дүйнөлүк дин ишениминин аймагына ылайыктуу бүгүнкү күндүн талабына жараша жаңы, ыйык идеялары бар борбордук бир Кудайды сунуш кылып алып чыга алса, ошондо гана дин ишеними ишенерлик деп үмүт этсе болор эле. Менин кетип жаткан себебим ушул да». [1, 116-б.] «Бул ойго мен кокусунан келип жеткен жокмун, – дейт Авдий сөзүн андан ары улантып. – Мен бул ойго христианчылыкты изилдеп чыгып жана бүгүнкү күнгө көз салып, акыл чайкап отуруп жеттим. Эч качан жете албасам да, таппай сыйпалап калсам да, мен баары бир Кудайдын бүгүнкү күнгө ылайыктуу жаңы формасын издегеним издеген…». [1, 117-б.] Анын мындай жаңы дин издөөчүлүк ишмердүүлүгү эски догматтык позициядагы, нукура билимден, маалымдуулуктан тышкары калган караңгы динчилерге да, ошондой эле ар кандай диндик ишенүүнү таптакыр эле жокко чыгарган, марксисттик-лениндик идеологияга таянып иш алып барган атеисттерге да жакпайт. Атеисттерге жакпаган себеби, өз жашоосун бүтүп, ойрону чыгарына аз эле калгансыган догматтык динге каршы күрөшүү оңой эле да. Кокус караңгы, өз алдынча ойлоно албаган билимсиз калкты жаңы шартка ылайыкташкан, мурдагыдан да күчтүү, таасирдүү ууландыруу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен жаңы дин кабыл алынып калса, ага идеялык жактан каршы туруу абдан эле кыйынга турмакчы. Демек, Авдий – фанатик динчилер үчүн эле эмес, атеисттер үчүн да эң эле коркунучтуу инсан.

Ушунда класста Ч.Айтматовдун «Кыямат» романындагы өзөктүк каармандардын бири Авдий Каллистратовдун динге болгон мамилеси, анын жаңы дин издөөчүлүк ишмердүүлүгү тууралуу талаш-тартыштык – полемикалык кырдаал келип чыгышы ыктымал. Айрым дилгир окуучулар «Кыямат» романы тууралуу окумуштуу адабиятчылар К.Асаналиевдин, К.Артыкбаевдин ж.б. жазган пикирлери менен тааныш болуп, айрыкча К.Артыкбаевдин Авдийге, ага кошуп Иусус Христоско атеист деп аныктама бергени боюнча маселени алып чыгыштары мүмкүн. Азыркы учурдун адабиятты – кыргыз адабиятын заманбап окутуунун талабына ылайык, окуучулардын ортого коюлган маселе боюнча өзүнүн жекече оюн тартынбай айтууга, талашып-тартышууга, өз пикирин тийиштүү аргументтерди келтирип коргоого, далилдөөгө мүмкүнчүлүк берилет. Мында айтылган ар пикир эске алынып, окуучулардын эмгеги талкууга катышуу жигердүүлүктөрүнө жараша бааланат. Анан, албетте, мындай полемикалуу талкуу мугалимдин жыйынтыктоочу сөзү менен акырына чыгарылганы ылайык. Ооба, «окуучулардын айтканы өзүнчө туура, өзүнчө баалуу, мүмкүн кандайдыр реалдуу негизи бар, бирок адилеттүү, калыс чындык бирөө эле да. Класстагы окуучулардын баары сүйлөп бүткөндөн кийин, көтөрүлгөн маселе боюнча бирден бир туура ой-корутундуну – жоопту мугалим жалпылоо иретинде ортого салып, андагы өзүнүн турмушту ар тараптуу аңдап-түшүнгөн инсан, адабият мугалими катары көз караш-позициясын сабырдуулук менен

түшүндүргөнү ылайык. …Мындай кадам, сөзсүз, тарбиялык максатты көздөйт. Адабият мугалиминин сабак өтүүдөгү тарбия берүүчүлүк башкы максаты мектеп окуучусун гумандуу, калыс, адептүү, кайрымдуу, адилеттүү, чыдамдуу, чындык үчүн бекем турган принципиалдуу, кайратттуу, намыстуу, эрктүү жана да күрөшчүл жаш инсан, өз эли-жеринин чыныгы атуулу, татыктуу кызы катары калыптандыруу менен байланышта ишке ашат». [5, 290–291-б.] Демек, көркөм чыгарманы талдап өздөштүрүү процессинде айтылган айрым туура эмес турмуштук позициянын, көз караш-пикирдин окуучулардын аң-сезиминде бекем турук алуусуна түк жол берилбеши керек.

Чынында эле профессор К. Артыкбаев өзүнүн «Акыйкат сабагы» аттуу көлөмдүү макаласында Авдий Каллистратовду, ал гана эмес романдагы христиан динин негиздөөчү Иисус Христостун өзүн да атеист катары мүнөздөйт: «Координатор ата менен болгон талашта Авдий байыртан берки диндин катып калган догмаларынан кутулууну, адамдын аң-сезимине эркиндик берүүнү, дүйнөдө бардык нерселер өзгөргөн сыяктуу диндин да өзгөрөрүн тааный билүүнү бир кезде – адамдар али табийгат алдында алсыз учурда өз ролун ойногон диндин азыркы илимий-техникалык революциянын заманында өз күчүн жоготкондугун сезүүнү, кептин чын-чынына келгенде адам өзү кудай болгон абалга келгендигин түшүнүүнү сунуш кылат. Ошентип, Координатор менен болгон принципиалдуу талашта Авдий **көз карашы биротоло калыптанган, өз ишениминен баш тартпай турган атеист** (Кара тамга менен коюуланткан биз – Б.Б.) катары көрүнөт. Каармандын дал ушул позициясын Иисус Назаряниндин эртеңки кудай жөнүндөгү ишеними менен туура эмес чаташтырып алып, Авдийди динге ишенген образ катары түшүндүргөн да ойлор айтылды. Бул – албетте, романдын негизги маңызын, Авдийдин адегенде эле Координатор менен талашка түшкөндөгү туруктуу позициясын жана ал позициянын кийинки эпизоддордо улам тереңдеп отургандыгын так түшүнбөөдөн улам айтылып калган калпыс пикир. Романды кунт коюп окуган адам Иисустун өзүнүн да белгилүү өлчөмдө атеисттик позицияда экендигин даана сезет. Анткени автор Библиядагы Иисустун окуясын мурдагы диндик алкакка эмес, дал бүгүнкү күндүн көз карашына ылайыктуу нукка баш ийдирип кайрадан иштеп чыккан. Ошон үчүн автор өзүнүн интервьюларынын биринде Иисусту кудайга барыш үчүн эмес, ал аркылуу адамга барыш үчүн колдондум деп ачык айткан». [2, 174-б.]

Айтмакчы, Ч. Айтматов Авдий Каллистратовдун образын, андагы Иусусту «кудайга барыш үчүн эмес, ал аркылуу адамга барыш үчүн» колдонгон күндө да башкы каарман Авдийдин бүгүнкү күн талабына жооп берген динди издөө фактысынын өзү эле анын фанат динчилдигинен кабар берет. Биздин оюбузча, проф. К. Артыкбаев Авдийди, анын башкы идеалы Иса пайгамбардын өзүн да атеистке чектеп терең жаңылыштыкка жол берген. А чынында, алдараакта айтып кеткенибиздей, Авдий учур талабынан артта калган догматтык принциптеринен арылган, бүгүнкү шартка ылайыкташкан, мындан ары жашап кетүүгө жөндөмдүү жаңы динди киргизүү аракетинде жүрөт. Ооба, мында кеп динге карата реформатордук мамиле туурасында жүрүп жатат. Белгилей кетүүчү жагдай, Авдий Каллистратов – ырасында эле дин үчүн чындап күйгөн, ал үчүн өз кара жанынан кечүүгө даяр турган фанатик динчи. Ошол эле учурда ал терең акылы, ашкере билимдүүлүгүнөн улам баарына анык көзү жетип, догматтык дин жыл санап коомдук позициясын бошондотуп баратканына жаны кейийт, бул катаал турмуш чындыгына өзүнөн башка Координатор баштаган дин өкүлдөрүнүн бири да козголуп койбогонуна күйүп, чиркөөдөн кол үзөт. Өзүн болочок пайгамбар сезип, диндин жаңы үлгүсүн иштеп, аны элге сиңдирүү аракетинде жүрөт. Иисус тууралуу да жогорудагыдай эле ойду айтсак болот. Ал ошол өзүнө чейинки диндердин эскирип бүткөн принциптери менен түк келише албаганынан улам аны түп тамырынан реформалоо үчүн аттанып чыккан болуучу. Өзү жараткан христиан дининин урматы үчүн ал өз ишениминде бекем туруп, алдыдагы өлүмгө тике караганы баарыга жакшы белгилүү.

Ооба, Авдий Каллистратов – дин үчүн чындап күйгөн, ага терең, бекем ишенген адам. Жогоруда айтылгандардан ачык көрүнүп тургандай, «баарынан мурда ал – христианин, христиан динин жаңыртып, жаңы мазмунда ишке ашырууну көздөгөн, ошону бирден-бир максат катарында койгон диний ишмер…». [3, 153-б.] Анын башкы идеалы – Улуу Рим империясынын прокуратору Понтий Пилаттын алдында түк да калтаарыбай, өз чындыгы, жаңы гана түптөлүп баштаган христиан дини үчүн

крестке кадалып, кыйнап өлтүрүлгөн Иса пайгамбар. Ошондой эле Авдий көп китептерди окуп, ар тараптан терең билимдүү болгону менен, демейки күнүмдүк катаал турмушту анча биле бербеген, ага ылайыкташа албаган апенди фанатик да. Миң кырдуу катаал турмушту, реалдуу адамдарды жакындан билбегени үчүн, Гришандын сөзү менен айтканда, «кудайга жашыруун эшиктен кирген» Петруха, Лёнкаларды оң жолго салгысы бар?.. Андай эле үгүттөгүч, оң жолго салгыч экен, чиркөөлөрдүн алдына, карапайым элдин арасына барып үгүттөп, иш жүргүзбөйбү?! Катуу таяк жеп, аз жерден «нашаачы досторунун» колунан өлбөй калганы да ага сабак боло албайт. Сүйгөнү Инга Федоровнанын чакыруусу менен келип, бирок аны ордунан таппай калган соң, бир чети убакыт өткөрмөккө, экинчи чети бир аз акча таап алмакчы болуп, ал областтык чоңдордун атайын тапшырмасы менен казак талаасындагы жапайы бөкөндөргө кыргын салуучулардын тобуна келип кошулат. «Хунта» деп атап алышкан ал топтун башчысы Обер-Кандалов менен анын жанындагылардын чыныгы жүзү ачылган соң, булардын кылыгына карата өз позициясын так билдирип, угушпаса жолу башка, ажырым экенин айтып кетип калуунун ордуна Авдий аларды да кудай жолуна кайтаруунун жандалбас аракетинде болот. Бул жолу да аябай тепки жеп, акыры идеалы Иса пайгамбардай болуп сөксөөлгө керип таңылып, кыйналып жатып өлөт.

Сөзүбүздү жыйынтыктасак, мында кеп мектептеги адабият мугалиминин, ошондой эле анын окуучуларынын өтүлүп жаткан чыгарма тууралуу башкалардыкына окшобогон жекече пикири болушу керектиги тууралуу жүрүүдө. Демек, көркөм чыгарманы, биздин мисалыбызда, Ч. Айтматовдун «Кыямат» романынын башкы каарманы Авдий Каллистратовдун образын – жаңы дин издөөчүлүк ишмердүүлүгүн мектептик талдоо эгер ат үстүнөн бүткөрүлүп, тактап айтканда, окуу китебинде берилгенди мугалимдин окуучуларга кайталап айтып берүүсү менен чектелсе, окуучулардын адабий билими талаптагыдай терең, ар тараптуу болбой калары анык. Андыктан адабият мугалими сабагы чындап жогорку деңгээлде, тийиштүү материалдарга бай болсун десе, ошол өтүлүү алдында турган чыгарма – «Кыямат» романы тууралуу сындарды, адабиятчы окумуштуулардын талдоолорун ыгы менен пайдаланганы ылайык. Андан да бир эле көркөм чыгарма тууралуу ар бир сынчы, адабиятчы ар башка, болгондо да бири экинчисине каршы, ал гана эмес оппонентинин пикирин таптакыр жокко чыгарган талдоолор да болушу мүмкүн. Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Б. Оторбаев таасын белгилеп кеткендей: «Мугалим бул сыяктуу материалдарды иргеп, абайлап пайдаланып, ал көз караш-пикирлердин ар бири жөнүндө калыс, туура позициядагы өз жеке пикирин иштеп чыгып, окуучуларын да ошого көндүргөнү оң. Мында адабият мугалими жеке эле сынчы-адабиятчылар менен полемикага чыкпастан, керек болсо автордун өзү менен талаш-тартышка чыгып, чыгармасындагы мүчүлүш жерлерин «оңдоп-түзөөгө» мүмкүнчүлүгү болгону ылайык». [4, 23–24-б.] Анан мугалим өзүн угуп отурган окуучуларын дал ушул сыяктантып өз жеке пикирин тартынбай айта билүүгө, өзүнүн көз караш-позициясында акырына чейин бекем туруп, далилдүү аргументтер аркылуу өзүнүкүн туруктуулук менен далилдей билүүгө көнүктүрсө, алардын келер күнгө карата өлкөбүздүн татыктуу адамы, өз алдынчалуу өсүп жетилген инсан эсебинде калыптануууларына өбөлгө түзүлөрү айныксыз.

**Колдонулган адабияттар**


1. Айтматов Ч. Кыямат. Китепте: Чыгармаларынын 8 томдук жыйнагы: VI том. 3-басылышы. – Бишкек: Улуу тоолор, 2014, 492-б.
2. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. Китепте: Акыйкат сабагы: адабий сын мака-лалар, изилдөөлөр, адабий портреттер. – Бишкек: Адабият, 1991, 166-203-б.
3. Асаналиев К. Чыңгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн. – Бишкек, 1995.
4. Оторбаев Б.К. Мектепте көркөм чыгарманы талдоонун технологиялары. Окуу куралы. – Бишкек: Айат, 2024, 192-б.
5. Оторбаев Б.К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы. Окуу китеби. – Бишкек: Айат, 2022, 560-б.


**Рецензент: пед.и.к., профессор Оторбаев Б.К.**

УДК 821.512.154: 81.25
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-128-131

**Бейшеналиева Б.А.**
КУУ атындагы Ж. Баласагын
**Бейшеналиева Б.А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Beishenalieva B.A.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0000-0002-2006-2829

# АКЫНДЫК ПОЭЗИЯНЫН ОРУС ТИЛИНЕ АЛГАЧКЫ КОТОРМОЛОРУНУН ПРИНЦИПТЕРИ: МАДАНИЙ ЭЛЕМЕНТТЕРДИН ИНТЕГРАЦИЯСЫ МАСЕЛЕЛЕРИ
# ПРИНЦИПЫ ПЕРВЫХ ПЕРЕВОДОВ ПОЭЗИИ АКЫНОВ НА РУССКИЙ ЯЗЫК: ВОПРОСЫ ИНТЕГРАЦИИ КУЛЬТУРНЫХ ЭЛЕМЕНТОВ
# PRINCIPLES OF THE FIRST TRANSLATIONS OF AKYN POETRY INTO RUSSIAN: ISSUES OF INTEGRATION OF CULTURAL ELEMENTS

**Кыскача мүнөздөмө:** Акындык поэзия кыргыз адабиятынын тарыхында маанилүү орунду ээлейт, ал поэзиялык сөз менен музыкалык коштоону айкалыштырган синкретикалык көрүнүш болуп саналат. Бул чыгармачылык түрү, этноисторикалык чындыкты жана фольклордук салттарды чагылдыруу аркылуу өзгөчө бир стилди түзүп, ритм, ыргак жана аллитерацияны сактап калган. Акындык поэзия өзүнүн салттарын сактап калган менен, жаңы өзгөчөлүктөрдү да алып келген жана адабиятта өз алдынча багытка айланган. Советтик Союзда акындык поэзия социалисттик идеологиянын көз карашы аркылуу бааланган. Акындык чыгармаларды орус тилине которуу кыргыз маданиятын кеңири адабий коомчулукка интеграциялоодо маанилүү роль ойногон. Бул багытта биз акындык поэзиянын котормолордо кандайча ыңгайлашып жатканын жана кандай маданий элементтер ачыкка чыгаарын тереңирээк изилдөөгө аракет кылдык. Котормо процесси партиялык саясат менен тыгыз байланышта болгон жана 1930-40-жылдарда акындык поэзияны орус тилине көптөгөн белгилүү котормочулар которгон. Өзгөчө маанилүү котормолордун арасында Токтогул Сатылганов, Калык Акиев жана Алымкул Усенбаев сыяктуу акындардын чыгармалары болгон. Бул котормолор кыргыз адабиятынын чегин кеңейтүү менен гана чектелбестен, Советтик Союзда эл аралык маданий байланыштардын өнүгүшүнө да маанилүү элементтерди кошкон.

**Аннотация:** Поэзия акынов занимает важное место в истории кыргызской литературы как синкретическое явление, сочетающее поэтическую речь и музыкальное сопровождение. Эта форма творчества, отражая этноисторические реалии и фольклорные традиции, создала уникальный стиль, сохраняющий ритм, рифму и аллитерацию. В то время как акынская поэзия сохраняла свои традиции, она также приобрела новые черты, становясь самостоятельным направлением в литературе. В Советском Союзе акынская поэзия интерпретировалась через призму социалистической идеологии. Перевод акынских произведений на русский язык сыграл важную роль в интеграции кыргызской культуры в более широкое литературное сообщество. В данной направленности, мы попытались глубже исследовать, как акынская поэзия адаптируется в переводах и какие культурные элементы выявляются. Сам процесс перевода был тесно связан с партийной политикой, и в 1930-40-е годы акынская поэзия была переведена на русский язык многими выдающимися переводчиками. Особенно значимыми стали переводы произведений таких акынов, как Токтогул Сатылганов, Калык Акиев и Алымкул Усенбаев. Эти переводы не только расширили границы кыргызской литературы, но и стали важным элементом в развитии межнациональной культурной коммуникации в Советском Союзе.

**Abstract:** Akyn poetry holds an important place in the history of Kyrgyz literature, representing a syncretic phenomenon that combines poetic speech with musical accompaniment. This form of creativity, reflecting ethno-historical realities and folk traditions, created a unique style that preserves rhythm, rhyme, and alliteration. While akyn poetry maintained its traditions, it also acquired new features, becoming an independent direction in literature. In the Soviet Union, akyn poetry was interpreted through the lens of socialist ideology. The translation of akyn works into Russian played a crucial role in integrating Kyrgyz culture into the broader literary community. In this context, we have attempted to explore more deeply how akyn poetry adapts in translations and what cultural elements are revealed. The translation process was closely linked to party politics, and in the 1930s and 1940s, akyn poetry was translated into Russian by many prominent translators. Particularly significant were the translations of works by akyns such as Toktogul

Satylganov, Kalyk Akiev, and Alimkul Usenbaev. These translations not only expanded the boundaries of Kyrgyz literature but also became an important element in the development of interethnic cultural communication in the Soviet Union.

**Негизги сөздөр:** акындык поэзия; котормо; социалисттик идеология; адабий процесс; элдик чыгармачылык; тарыхый контекст.

**Ключевые слова:** поэзия акынов; перевод; социалистическая идеология; литературный процесс; народное творчество; исторический контекст.

**Keywords:** akyn poetry; translation; socialist ideology; literary process; folk creativity; historical context.

Поэзия акынов занимает важное место в истории кыргызской литературы как художественно-эстетическое явление. Синкретичность её исполнения, объединяющая слова и музыкальное сопровождение, а также отражение этноисторических реалий и хронологических событий через образно-поэтические формы и фольклорные принципы типизации, сближает акынскую поэзию с устным народным творчеством. Этот феномен привёл к формированию уникального стиля стихотворной речи, который сохраняет ритм, рифму, аллитерацию и ассонанс, описывает природные явления, воспевает их красоту и создаёт произведения, посвящённые обычаям, традициям, верованиям, заклинаниям, свадебным обрядам и причитаниям. С течением времени акынская поэзия, несмотря на сохранение традиционных черт, приобрела новые, специфические особенности. Она не только обогатила устное народное творчество, но и стала самостоятельным направлением в литературе и искусстве. В акынской поэзии выявляются индивидуальные особенности каждого акына, который в своём произведении строит уникальную художественную картину мира – это лишь один аспект проблемы. Однако в советское время творчество акынов воспринималось иначе, чем оно было на самом деле. Оно интерпретировалось через призму социалистической идеологии и в рамках соцреализма.

Задача консолидации, культивируемая в советское время, дала значительные результаты в переводах акынской поэзии для интернационального читателя. Принципиально важным для этого периода была идея рассматривать в качестве объекта переводов каждый слой кыргызской литературы, так или иначе занимающий важный пласт в стремительно развивающейся тогда кыргызской литературе. Именно многообразие задач истории перевода кыргызской поэзии побуждает рассматривать объект исследования как интегрированный.

Рассматривая динамику переводов акынской поэзии, мы не можем не обратиться к официальным документам партийного руководства, которые курировали литературный процесс в центральноазиатской культуре. Именно партийные документы ориентируют нас в историческом дискурсе исследуемой темы. Закономерность эта связана с постановлением ЦК ВКП(б) «О перестройке литературно-художественных организаций» (1932). Наряду с ним в информационном отчёте Киргизского ОК РКП(б) за ноябрь и декабрь 1924 г. в разделе «Национальная литература» указывалось: «Для издания литературы на каракиргизском языке в Москве при центральном издательстве народов СССР организована каракиргизская секция, образовано бюро переводчиков из студентов каракиргизов и сотрудников каракирпредства в Москве». [1] Вероятнее всего, это один из первых документов, ассоциируемых с развитием идеи переводов в кыргызской литературе.

Относительно культурного строительства того времени свидетельствует ещё один документ Средазбюро: «Поручить культпрому составить список лучших художественных произведений национальных писателей Средней Азии и обеспечить через САОГИЗ (Среднеазиатское отделение Госиздата, открытое в Ташкенте) их перевод и издание на русском языке». [2, с. 5]

Все приведённые документы дают возможность изучить, насколько своевременно и разумно рассматривалась возможность интеграции и налаживания связей между национальными литературами, и как каждый пласт кыргызской литературы выступает как часть важного механизма в формировании многонационального идейно-эстетического симбиоза.

По утверждению Н. Чекменова, «работа по переводам с киргизского языка лучших образцов молодой киргизской поэзии… впервые началась в конце 1932 года. До этого времени на русском языке не печаталось ни

одной строчки из произведений молодых киргизских поэтов». [3, с. 3] Насколько объективна высказанная мысль, остаётся вопросом: в научных исследованиях по данному утверждению не нашлось ни опровержений, ни доказательств. Однако мы с уверенностью можем утверждать, что внимание к переводам кыргызской поэзии начало усиливаться именно с появлением этих документов. Свидетельством данной концепции является тот факт, что в период 30-40-х гг. переводчики выбирали объектом переводов творчество самых ярких представителей акынской импровизации (Токтогул Сатылганов, Калык Акиев, Алымкул Усенбаев). Для инонационального читателя акынское творчество в это время транслировалось на русском языке такими переводчиками, как Д. Бродский, Д. Глинберг, А. Адалис, В. Винников, В. Гусев, А. Жаров, Я. Апушкин, П. Кузнецов, К. Кулиев, Н. Имшенецкий, Э. Беккер, Ф. Ощакевич, В. Любин, Н. Попова, Н. Чижов, В. Чугунов, А. Штейнберг, П. Шубин, Т. Стрешнева, Л. Руст, П. Семынин, Е. Орловская, Г. Шергели, Д. Снегин и др. Стоит отметить, что среди перечисленных имён имеются поэты, оставившие большой вклад в истории переводческого искусства, есть и имена менее известные, но их работа свидетельствует о переводческой активности.

Переводы акынской лирики на русский язык появились во второй половине 1930-х годов. Первая публикация, согласно имеющимся данным, датируется 1 мая 1937 года. Это были произведения «Письмо братьям» Калыка Акиева и «Великая дружба» Алымкула Усенбаева, переведённые В. Винниковым (в то время литературным секретарём А. Усенбаева) и опубликованные в республиканских газетах. [4, с.193] Хотя также имеется информация о более раннем переводе, осуществлённом А. Токомбаевым, – «К пролетариату Кызыл-Кия» А. Усенбаева. Оригинал этого произведения не сохранился, а также отсутствует в трёхтомнике поэта, изданном в 1970 году. [4, с.194] Следует отметить, что утрата оригинальных текстов – не редкость, и в некоторых случаях наблюдаются расхождения в датировке, когда в определённых изданиях оригинал датируется более поздним годом, чем дата публикации перевода. Это явление можно встретить и в контексте переводов акынской поэзии. Все эти факты подчеркивают, что значение устно-поэтического народного творчества для русской и кыргызской литературных культур было недооценено. Трудно представить, чтобы знакомство с русской поэзией в Западной Европе сопровождалось таким же интересом к русскому фольклору. Обычно дистанция между зрелой литературой и устным наследием носит качественный характер. Именно поэтому внимание к устно-поэтическим слоям киргизской культуры со стороны переводящей культуры позволяет предположить, что русские переводчики осознали уникальность взаимодействия устной поэзии и новописьменной культуры уже в первые годы знакомства с кыргызской литературой. В этом контексте можно выделить интересный пример трансформации контактных связей в формирующийся принцип общетипологического взаимодействия литератур.

Подходя к общему корпусу первоначального этапа переводов акынской поэзии, неожиданно мы приходим к выводу, что лишь три акына – Т. Сатылганов, К. Акиев, А. Усенбаев – переводились на русский язык. Но переводы имеют регулярный характер и весьма качественный состав переводчиков. Если же обратиться к идейно-тематической составляющей отбора произведений, то стоит отметить, что в большинстве своем отбирались произведения социально-гражданского содержания, что было тематически связано с политическим переустройством в Кыргызстане.

Посмотрим на ряд переводов в этот период: К. Акиева – «Слава Ленину», «Колхозный аил», «Письмо братьям», «Письмо депутату», “Отчизна” и др.; А. Усенбаева – “Салам!”, “Родина моя”, “Присяга”, “Богатеет страна молодая”, “Великая дружба”, “Северный полюс”, “Комсомол”, “Майская песня”, “Сражающимся храбрецам”, “Панфилову”, “Песня о Красной Армии”. У Т. Сатылганова отбор произведений имеет более поливариантный характер, тем не менее большое значение придается “Песне о Ленине”, который имеет многовариантность переводов в разные годы.

Но лишь рассматривать в этом отборе синтетический характер было бы весьма однобоко. Здесь также играет роль сама дидактическая созидательность как одна из характерных черт акынской поэзии, а также социально-бытовая сатира, что выражается в многообразии таких жанров, как "кошоки" и "арманы" (плачи и народные элегии).

Если рассматривать книжные публикации, то акценты здесь поставлены

несколько иначе. Публикации, по имеющимся у нас данным, 1930-х годов на территории Кыргызстана включают только 5 книг акынской поэзии в переводах на русский язык, из них 3 коллективных и 2 авторских (А. Токомбаева и Дж. Боконбаева). А после 1940 года вышло ещё 6 книг. Если быть точнее, это сборники А. Усенбаева "Присяга. Стихи и песни" и произведения Т. Сатылганова. Кстати, стоит обратить внимание, что "Избранные произведения" Т. Сатылганова стали знаменательным событием в истории перевода кыргызской поэзии, так как данное издание получило право представить поэзию кыргызских акынов всесоюзному читателю, поскольку оно было издано в Москве.

Однако основное внимание переводчик уделяет поздней акынской и ранней профессиональной поэзии. Лучшие произведения в его переводах собраны в поэтическом сборнике «Стихотворной строкой» (Бишкек, 2008) в разделе «Из переводов киргизской поэзии».

Таким образом, процесс установления первого этапа переводов акынской поэзии, представленный текстами Т. Сатылганова, А. Усенбаева и К. Акиева, имеет интегративный характер. Такой взгляд на предмет исследования позволяет считать, что этап вхождения акынского творчества в многонациональную художественную культуру народов Советского Союза происходил весьма поэтапно и органично. Если начало переводов акынской поэзии было продиктовано партийной политикой, то итогом стал плодотворный результат переводчиков, которые внесли большой вклад в развитие межнационального обогащения. В связи с приведёнными фактами данный исторический пласт имеет исключительное значение в истории эволюции принципов перевода кыргызской поэзии на русский язык.

**Список использованной литературы**

1. Информационный отчет Киргизского областного комитета РКП(б): ноябрь декабрь 1924 г. // Центральный гос. архив Кыргызстана. – Ф. 17. Оп. 29. Ед. хр. 4. Л. 1-58.
2. О перестройке литературно-художественных организаций: Пост. Средазбюро ВКП (б) // Сов. литература народов Средней Азии, 1932, №1, с. 4-6.
3. Плоды Октября: сборник / Лит. обработка и пер. Н. Чекменова и И. Зиборова. – Фрунзе, 1934, 77 с.
4. Шаповалов В.И. Соло на два голоса. – Бишкек: Vesta, 1998, 412 с.

**Рецензент: к.филол.н., доцент Нарозя А.Г.**

УДК 811:81.373.421
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-131-135

**Бекназарова Б.Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Бекназарова Б.Т.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Beknazarova B.T.**
KNU J. Balasagyn

# СИНОНИМДЕРДИН КӨРКӨМ ТЕКСТТЕ КОЛДОНУЛУШУ
# ИСПОЛЬЗОВАНИЕ СИНОНИМОВ В ХУДОЖЕСТВЕННЫХ ТЕКСТАХ
# THE USE OF SYNONYMS IN A LITERARY TEXT

**Кыскача мүнөздөмө:** Көркөм чыгармада атайын ыкма катары турмушубузга сиңген карапайым сөздөр, синонимдер, учкул сөздөр, ар кыл сөз айкаштары, түрмөктөр, фразеологизмдер чебердик менен пайдаланылат. Стилистикада синонимдер көркөм сөз каражаты катары колдонулуп, алардын көркөмдүүлүгүн арттыруунун бир булагы катары тил маданиятын калыптандырат, өнүктүрөт. Ар бир контекстте синоним сөздөр өзүнүн эстетикалуулугу менен баалуу. Эгерде жазуучу синонимдерди ыктуу пайдаланса, көркөм тексттеги ойдун образдуулугун, элестүүлүгүн, көркөмдүүлүгүн арттыра алат.

**Аннотация:** В художественном произведении в качестве особого приема искусно используются общеупотребительные слова, синонимы, различные словосочетания, идиомы и

фразеологизмы, которые являются частью нашей повседневной жизни. В стилистике синонимы используются как средство художественного выражения, формирования и развития культуры языка, как источник повышения их художественной ценности. В любом контексте синонимы ценны своей эстетической привлекательностью. Если писатель разумно использует синонимы, они могут усилить образность, воображение и красоту мысли в литературном тексте.

**Abstract:** In fiction, common words, synonyms, various phrases, idioms, and phraseological units that are part of our everyday lives are skillfully used as a special device. In stylistics, synonyms are used as a means of artistic expression, to shape and develop the culture of a language, and as a source of enhancing their artistic value. In any context, synonyms are valuable for their aesthetic appeal. When a writer uses synonyms wisely, they can enhance the imagery, imagination, and beauty of thought in a literary text.

**Негизги сөздөр:** стилистика; көркөм текст; стилдик боёк; тил; сөз; функционалдык стилистика; синоним.

**Ключевые слова:** стилистика; художественный текст; стилистическая окраска; язык; слово; функциональная стилистика; синоним.

**Keywords:** stylistics; literary text; stylistic coloring; language; word; functional stylistics; synonym.

Стилистика тилдин лексикалык, фонетикалык жана грамматикалык курулушуна таянып, сөзүбүздүн айкын, таза, курч жана элестүү, көркөм кылып берүү ыкмаларын өз кучагына камтыйт. Стилистикада да сүйлөмдүн туура түзүлүшүнө, сөздүн кылдаттык менен пайдаланылышына башкы маани берилет. [1]

Негизинен XX кылымдын 80-жылдарына чейин көпчүлүк кыргыз жана орус тилчилеринин бир тобу синонимдерди таза тилдик аспектиде классификациялап карашса, кыргыз тил илиминде синонимдерди так жана толук классификациялоо стилистикада, айрыкча функционалдык стилистикада, чоң мааниге ээ экендигин белгилеп келишкен. 90-жылдардан баштап, лингвостилистикалык багытта синонимдердин көптүгүн түрдүү кырларын ырларда да, кара сөз түрүндөгү чыгармаларда да кандай милдеттерди аткарарын, ошол жазуучунун ал синонимдерди кандай колдоно алгандыгын карап иш алып барышууда.

Окумуштуу Т. Аширбаев синонимдерди маанилик, стилистикалык жана маанилик-стилистикалык [2] деп үч топко бөлүштүрөт. Мындай бөлүштүрүү алардын коннотациялык мүмкүнчүлүгүн жана тилдик каражат катары тексттеги кызматын эске алууга негизделет.

Маанилик синонимдер көбүнчө жупташып келишет да, анын бири кыргыз тилине таандык. Ал эми экинчиси башка тилден өздөштүрүлгөн болот. Мындай синонимдердин табияты аларды адбий тилде пайдаланууда көрүнөт. Тактап айтканда, синонимдик катарды түзгөн маанилик синонимдердин кыргыз тилине таандык болгону сүйлөшүү стилине ыктайт. Мындай типтеги синонимдердин даана белгиси-алардагы эмоционалдуулуктун жана экспрессивдүүлүктүн дээрлик жоктугу. Бирок башка тилден өздөштүрүүнүн натыйжасында кыргыз тилинде колдонулган тилдик бирдиктер деле адабий тилдин зарылчылыгына ылайык колдонула берет. Маанилик синонимдерде «…лексикалык маанинин бирдейлиги басымдуулук кылат. Кошумча маанилердеги бөтөнчүлүктөрдү аныктоо кыйла кыйындыкка турат. Бирок ошол кыйынчылыкты туура жеңе билген адамдын кеби семантикалык жактан так, ташка тамга баскандай даана болот». [3]

Мындай синонимдик түгөйлөр айрым бир контексттерде мааниси боюнча бири-бирине дал келип, бирин экинчиси алмаштырса, башка бир учурда алмаштыра албай да калат.

Мисалы, «Бул аял шопурдун эмнеси болду экен? – деп ойлой кетти Сыдык, келиндин шакек, билериктүү колдорун, ак жумал, акылдуу жүзүн карап отуруп. – Карындашыбы? Окшошпойт. Көңүлдөшүбү? Кудай сактасын, ушу чабалекейдей болгон назик жубай өзүнөн эки эсе улуу, өгүз кебетеленген немеге кантип ылайык келсин» (М.Г.)

Дервиш өйдө болду. – Балам, суу ичип кет, -деди ал. –Кызыл булактын суусу. Муздак... – Чаңкап турган экен, кесени бир эле шимирип койду (М.Г.).

Мында суу ичип кет дегендин ордуна суу ууртап кет десек сүйлөм стилдик жактан туура болбой калмак.

Бир маалда төркү үйдөн Кичине түйүнчөк колтуктап, Суусар чыкты. Жүзү купкуу алсыз (М.Г.).

Мындагы жүзү купкуу дегендин ордуна бети купкуу, алсыз деп өзгөртсөк стилдик жактан бул да туура колдонулбай калмак.

Мисалдардагы синоним, ич-уурта, жүз-бет сөздөрү дайыма эле бирин экинчиси алмаштыра албайт. Демек, мындай учурда алар өз ара синонимдик катышты түзө алышпайт. Ал эми биринчи сүйлөмдө келтирилген синоним сөздөр бирин-бири кээде толук алмаштырса кээде алмаштыра албайт. Себеби, **келин-жубан** деген синонимдер дайыма бирин-бири алмаштыра албайт. Анткени кыз турмушка чыккандан кийинки курагы **келин** болот, ал эми турмушка чыккандан кийин ажырашып кетип бой жүрсө аны **жубан** дешет.

Ушундан улам биз жазуучунун чыгармачылык казынасында көркөм сөз каражаттарынын бири болгон синонимдердин бай экендигин көрүп турабыз. Эгерде жазуучу синонимдерди ыктуу пайдаланбаса, жогорудагыдай синонимдерди бир сүйлөм чегинде берүү аркылуу синонимдик маанини дагы күчөтүп стилдик боёк берүү максатында жете алмак эмес. Мындай синонимдик катарларды чебер пайдаланып, кейипкердин ой толгоолорун толук ачып берген. Автордун жазуучулук чеберчилигин жогорудагы айткандарыбыздын далили катары белгилегибиз келет.

Толук эмес, түшүнүгү жакын синонимдердин жалпылык маанисине караганда жекелик мааниси басымдуулук кылат. Ошондуктан алар сүйлөмдө бир өңчөй мүчө катары катар, тизмектеле айтылат да, атайын стилдик максатта колдонулуп, биринин маанисин экинчиси толуктап, тактап турат.

Стилистикалык синонимдер катарын түзгөн тилдик бирдиктердин маанилик табияты окшош, бирок алардын стилистикалык табияты ар башка болот. Мындай синонимдик катар китеп стилине мүнөздүү болот да калгандары функционалдык стилдин түрлөрүндө адабий тилдин практикаланган нормасы катары колдонула берет.

Мисалы, **кичине-тырмактын агындай, момункөй-оозунан чөп албаган** деген сыяктуу синонимдик катарлардын биринчиси бардык стилдерде колдонулса, кийинкилери көркөм же сүйлөшүү стилдеринде гана колдонулат.

Мисалы: – **Апа... – деди уулу, күтүлбөгөн кубанычын жашыра албай.**

**– Силерге да ырахмат, -деди Сали ичи элжиреп.** (сүйүнүп, кубанып, ыраазы болуп). – **Жакын кишилерди ушинтип анча-мынча сынап коюп жүргөн жакшы, –деди Калык мулуңдап** (М.Г.).

Бул сүйлөмдөрдүн биринчисинде кубануу бардык стилдерде колдонулса, кийинки экөө көркөм жана сүйлөшүү стилдеринде колдонулат.

Стилистикалык синонимдердин катарын түзгөн тилдик бирдиктердин биринде апыртуу (гипербола, литота) маанилери басымдуулук кылат. Мисалы: кичине-бою бир карыш, чоң-тоодой ж.б.

Маанилик-стилистикалык синонимдерди түзгөн катардагы синонимдик сөздөр биринен экинчиси кошумча маанилери менен гана эмес, өздөрүндөгү стилистикалык сапаттары боюнча да айырмаланып турат. Тактап айтканда, ал сөздөр биринен экинчиси стилистикалык боектуулугу менен өзгөчөлөнөт. Андай синоним сөздөр көркөм чыгармада көп керектелет да, автордун каарманга карата ээлеген позициясын, же сүйлөөчүнүн угуучуга карата болгон оң же терс сезимин билдирет. Мисалы, «Сүйүүнүн кайыгында» Баси Артыкты «апенди», «кемчонтой» деп оң сезим менен айтып жаткандыгын көрүүгө болот.

**– Апенди, – деп койду Баси күлүп.** (М.Г.) **Кемчонтойум келери кечке курбу – курдаштары менен куунап, кечинде келди.** (М.Г.)

Демек, синонимдик катарды түзүп турган жогорку сөздөр көркөм чыгармада автор тарабынан орундуу пайдаланылган. Мунун натыйжасында чыгарманын эстетикалык баалуулугу арткан.

Өтмө мааниде дагы мисал келтире кетсек: – **Пай-пай, балапан гана бойдон экенсиң, кулунум-деди берки киши.**

**Көрдүңбү, уулум, апаң мени түздөн – түз кылмышка түртөт** (М.Г.). Мында **«кулунум-уулум»** деген сөздөр синоним катары колдонулуп, **кулунум** деген сөз метафоралык милдетти аткарып жатат.

Маанилик-стилистикалык синонимдердин катарын түзүп турган сөздөр стилистикалык парадигмага дагы ажырайт. Анткени алардын ар бириндеги стилистикалык коннотация «көзгө» так көрүнүп турат. Башкача айтканда, автордун же каармандын кимдир бирөөнү кубаттоосу, шылдыңдоосу ж.б. контексте бат эле ажыратылат.

**Мисалы, «Менин ордума башка бирөө кирип келсе эмне болот, канчык?!» – деп чыңырат Колдош. «Мына эми жазасын тартасың, айым», – деди ал, үйүнө**

**урданып кирип алып**. (М.Г.) Мында Колдоштун аялы жөнүндө айтып жатканын контексттен гана биле алабыз. Ал эми **канчык** сөзү терс эмоцияны уюштуруу менен контексттен тышкары алсак, ал иттин ургаачысын билдирген сөздү туюндурат. Ал эми **«айым»** деген сөз эркелетүү маанисинде сыпайы маанини берет, ал эми жазуучу ал сөздү кекерленип, какшык маанисинде берип жатат.

Эл аны **ыйык суу, дары суу** дешет. (М.Г.) Мында **ыйык** деген сөз контексттен тышкары 1. Касиеттүү, баалуу, кымбат. 2. Кол тийгис деген маанилерди берсе **дары** деген сөз 1. Ооруну айыктырууга даярдалган зат. 2. өтмө мааниде даба, айла, себеп. 3. жарылуучу зат. [4]

- Ох, **жаныбар**, ажайып **суу** да. Бул жерде автор ыйык жана дары деген сөздөрдү синоним катары колдонгон. Ошондой эле, суну **жаныбар** деп атап **сууга** синоним катары колдонду. Мисалдардагы белгиленген сөздөрдү (**ыйык-дары, суу-жаныбар** ж.б.) **«касиеттүү суу»** деген сөзгө карата жана өз ара да синонимдик катарларды түзүшү алардын өтмө мааниде колдонулушу менен шартталган.

Бул автордун жеке индивидуалдык өзгөчөлүгү деп айтсак болот.

**Балага бул таасир этти. Өзү да <u>сезбей, селбип</u> кадам шилтеп апасын утурлады** (М.Г.). Бул сүйлөмдөгү **сезбей-селбип** экөө карама каршы маанини туюндуруп жатат. Анткени **«сезбей»** дегенде эч нерсе туйбагандай, ал эми **«селбип»** дегенде байкалбай акырын кадам шилтөө (сезип алдыга жылуу) деген маани элестүү берилип, эки башка маанини туюндурат, башкача айтканда, эки башка түшүнүктөгү сөздөрдү жазуучу синоним катары жаратып бере алды. Демек, автор чыгармаларында жеке өзүнө таандык индивидуалдык синонимдерди да ыктуу пайдалана алган.

Демек, контексттен сырткары өзүнчө алганда бири-бирине мааниси жакындашпаган, бирок контекстте кандайдыр бир өтмө, оошмо маанилери боюнча гана семантикалык жалпылыктарга ээ болгон сөздөр **контексттик синонимдер** деп аталат.

Контексттик синонимдер кадыресе лексикалык синонимдерге караганда колдонулуш чөйрөсү жагынан чектелген мүнөздө болот. Анткени лексикалык синонимдер колдонулуш мүнөзү боюнча, негизинен, стилдин бардык түрлөрүнө бирдей даражада тиешелүү болсо, контексттик синонимдер көбүнчө көркөм адабий стилге мүнөздүү болуп саналат. Ошондуктан синонимдин бул түрү өтмө маанидеги негиздер аркылуу жасалып, тилде түз маанидеги сөздөргө карата синонимдик катарларды гана уюштурбастан, көркөм каражат катары айтыла турган ойдун образдуулугун, элестүүлүгүн да арттырат. Тактап айтканда, алар – ойду көркөм, элестүү жеткирип, образ-мүнөздөрдү терең, даана ачып берүүдөгү ийкемдүү ыкмалардын бири. Демек, кадыресе лексикалык синонимдерден контексттик синонимдер өзүлөрүнүн мазмундук көп пландуулугу – бир эле учурда эстетикалык да, семантикалык да мазмунга ээлиги менен да айырмаланат.

Мисалы: **Беш жыл жашап, бул шаардан бир дагы үйлүү-жайлуу <u>тааныш ашырган</u> эмесмин.** (М.Г.)

**«Мен тегирменде түнөйм, эшикти бекем <u>дембелеп</u> ал», – деген эле Колдош бүгүн.** (М.Г.)

**- Акун! – деп кыйкырды Айша кубангандан.**

**- <u>Айдыңым,</u> – дедим аны жерге коюп, маңдайынан өөп. – <u>Айдыңым…</u>**(М.Г.)

Мисалдардагы **ашырган** – «таппаган»; ал эми **дембелеп** – «бекитип, илип»; **–Айдыңым** «жаркын, айдын жарыгы же айым» маанилерине карата гана синонимдик катарды түзбөстөн, айтылып жаткан ойдун элестүүлүгүн да арттырып турат.

Көркөм чыгармада атайын ыкма катары турмушубузга сиңген карапайым сөздөр, синонимдер, учкул сөздөр, ар кыл сөз айкаштары, түрмөктөр, фразеологизмдер чебердик менен пайдаланылат. Бирок ар бир жазуучунун чыгармасы ошол жазуучуга таандык болгон стилдик бөтөнчөлүгү менен айырмаланат. Ар бир жазуучунун стилдик бөтөнчөлүгү ар башка болгондуктан, алардын лексикалык ой жүгүртүүлөрү жана көркөм каражаттарды колдонуу ыкмалары ар түрдүүчө болот.

Стилистикада синонимдер көркөм каражат катары колдонулуп, алардын ийгилигин арттыруунун бир булагы катары тил маданиятын калыптандырат, өнүктүрөт. Ар бир контексте синоним сөздөр өзүнүн эстетикалуулугу менен баалуу.

Кептин маданияттулугун арттырууда жана анын стилин так ажыратууда синонимдердин табиятын, айрыкча алардын катарларынын бири-биринен айырмаланган маанилик айырмачылыгын, экспрессивдүүлүк

касиеттерин туя билүүнүн, үйрөнүүнүн мааниси зор.

Синонимдердин кептин түрлөрүндө, өзгөчө көркөм кепте колдонуу стилистикалык төмөндөгүдөй бир катар максаттарга негизделүүгө тийиш: а) бир эле сөздү кайталай бербөө үчүн аны синоним сөздөр менен алмаштыруу; б) синонимдер аркылуу берилүүчү маанини толуктоо, тактоо, терендетүү максатында синонимдик түгөйлөрдү катар колдонуу; в) синонимдер аркылуу берилүүчү маанини күчөтүү, дагы өркүндөтүү максатында синонимдик катарларды градациялык ыкмада колдонуу; г) белгилүү бир түшүнүктү, затты, окуяны, кыймыл-аракетти бир эле учурда ар түрдүү белги-касиеттери боюнча сүрөттөп, мүнөздөп көрсөтүүдө синонимдик түгөйлөрдү катар колдонуу; д) сөз болуп жаткан шартка, кырдаалга ылайык синонимдерди экспрессивдүүлүк касиетине карата ылгап, иргеп колдонуу. [5]

Адатта, лексикалык синонимдерди пайдаланууда ар бир жазуучунун интеллектуалдуу ой жүгүртүүсү, өз эркин, оюн түшүндүрүү үчүн алынган лексикалык синонимдерди тандоосу да, колдонуш ыкмалары да ар түрдүү болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Сартбаев К. Синтаксистик синонимдер // Мугалимдер газетасы, 1975, 21-май.
2. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы (Стилистиканын жалпы маселелери). 1-китеп. – Бишкек; Ош, 2000, 114-б.
3. Аширбаев Т. Кыргыз тилинин стилистикасы (Стилистиканын жалпы маселелери). 1-китеп. – Бишкек; Ош, 2000, 121-б.
4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Фрунзе, 1969, 151-б.
5. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. – Бишкек, 1997,115-б.


**Рецензент: филол.и.д., профессор Абдыкадырова А.**


УДК 82.25:821.161.1
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-135-140



**Бокешова М.Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Бокешова М.Т.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Bokeshova M.T.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0007-3793-7568


## А.С. ПУШКИНДИН ПЕЙЗАЖДЫК ЛИРИКАСЫНЫН КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КОТОРУУ ЖОЛДОРУНУН АЧЫП БЕРҮҮ
## ЭКСПЛИКАЦИЯ МЕТОДОВ ПЕРЕВОДА НА КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК ПЕЙЗАЖНОЙ ЛИРИКИ А.С. ПУШКИНА
## EXPLICATION OF METHODS OF TRANSLATION INTO KYRGYZ OF THE LANDSCAPE LYRICS OF A.S. PUSHKIN


**Кыскача мүнөздөмө:** Макала А.С. Пушкиндин пейзаждык лирикасын кыргыз тилине которуу ыкмаларын ар кайсы котормочулар аткарган котормолор менен оригиналдуу тексттерди салыштырма талдоонун негизинде аныктоого арналган. Макалада каралган улуу орус акынынын чыгармаларынын кыргыз тилиндеги котормолору бир катар котормо трансформацияларына ээ, алар чыгармачылык котормо процессинин мыйзам ченемдүү натыйжасы болуп саналат жана оригиналдуу чыгармалардын айрым жактарын жекече-автордук чечмелөөнүн негизинде келип чыгат. Салыштырма талдоонун негизинде котормолордун сапатын аныктоонун жалпы критерийлери аныкталды: поэтикалык форманы сактоо, көркөм образдардын шайкештиги жана лирикалык каармандын ички сар-санаасын адекваттуу берүү, оригиналдуу көркөм тексттердин синтаксистик жана стилистикалык өзгөчөлүктөрүн эске алуу болуп саналат. Ар кайсы котормочулар тарабынан жүргүзүлгөн котормолордун варианттарын изилдөө поэтикалык тексттердин көркөм өзгөчөлүгүн

берүү ыкмаларынын жана методдорунун динамикасын байкоого жана котормочулардын эң ийгиликтүү чыгармачылык чечимдерин табууга жардам берди. Изилдөөнүн материалдары катары улуу орус акынынын пейзаждык лирикасынын эң белгилүү чыгармалары тандалып алынган.

**Аннотация:** Статья посвящена описанию методов перевода на кыргызский язык пейзажной лирики А.С. Пушкина на материале сравнительного анализа оригиналов и переводов, выполненных разными переводчиками. Рассмотренные в статье кыргызские переводы произведений великого русского поэта имеют ряд переводческих трансформаций, которые являются как закономерным следствием творческого переводческого процесса, так и следствием индивидульно-авторского толкования отдельных сторон оригинальных произведений. На основе сравнительно-сопоставительного анализа выявлены основные критерии определения качества переводов: сохранение поэтической формы, соответствие художественных образов и адекватная передача переживаний лирического героя, учет синтаксических и стилистических особенностей оригинальных художественных текстов. Исследование различных вариантов переводов, выполненных разными трансляторами, помогает проследить динамику подходов и методов к передаче художественного своеобразия поэтических текстов и выявить наиболее удачные творческие решения переводчиков. В качестве материалов исследования отобраны наиболее известные произведения пейзажной лирики великого русского поэта.

**Abstract:** The article is devoted to the description of methods of translation into Kyrgyz of A.S. Pushkin's landscape lyrics on the material of comparative analysis of the originals and translations made by different translators. The Kyrgyz translations of the great Russian poet's works considered in the article have a number of translation transformations, which are both a natural consequence of the creative translation process and a consequence of individual-author's interpretation of certain aspects of the original works. On the basis of comparative analysis the main criteria for determining the quality of translations have been revealed: preservation of the poetic form, correspondence of artistic images and adequate transfer of the lyrical hero's experiences, consideration of syntactic and stylistic peculiarities of the original artistic texts. The study of various translations made by different translators helps to trace the dynamics of approaches and methods to convey the artistic uniqueness of poetic texts and to identify the most successful creative solutions of translators. The most famous works of landscape lyrics of the great Russian poet are selected as the materials of the study.

**Негизги сөздөр:** адекваттуу котормо; котормо методдору; котормочулук трансформациялар; көркөм котормо; пейзаждык лирика; поэзия; экспликация.

**Ключевые слова:** адекватный перевод; методы перевода; пейзажная лирика; переводческие трансформации; поэзия; художественный перевод; экспликация.

**Keywords:** adequate translation; translation methods; landscape lyrics; translation transformations; poetry; artistic translation; explication.

Предметом исследования настоящей статьи явились хрестоматийные лирические произведения А.С. Пушкина «Зимний вечер» (1825) и «Зимняя дорога» (1826). Ограниченный объем статьи не позволяет обратиться к более широкому пласту кыргызских переводов лирики великого поэта. Необходимость контекстуально-методической экспликации процесса перевода пейзажной лирики А.С. Пушкина вызвана широкой практикой вариативности переводов на кыргызский язык наиболее известных произведений великого классика русской поэзии. Опыт кыргызских переводчиков поэзии демонстрирует процесс формирования творческих принципов и эстетических воззрений, способствующих утверждению художественных традиций в творчестве известных кыргызских поэтов, переводивших произведения русской классики.

В конце рассказа раскроется душа еще одной героини – маленькой дочери Исабекова Анары, душа чистая, гармоничная, вобравшая в себя все то, чего так не хватает взрослым. Бегая по саду, она нашла большое красное яблоко. Образ красного яблока несет в себе особый смысл – это образ-символ любви и счастья, причем образ-символ романтический, потому что в нем реализуется романтическое ожидание чуда («и все-таки я ждал чуда»). Когда-то Исабеков тоже нашел удивительной красоты огромное красное яблоко, последнее оставшееся в осеннем саду. Оно казалось ему поразительным чудом, которое он должен обязательно подарить незнакомке. Чудо открылось теперь маленькой Анаре, «это яблоко ждало тебя все лето, оно потому так спряталось, чтобы никто его не заметил, ... кто съест это яблоко будет счастливым». [2, с. 491] Яблоко вернуло Исабекову память о лучших днях его жизни, оно должно было примирить его с женой. Таким образом, этот символ воплощает то, к чему стремятся герои рассказа. Анара, тоньше и острее чувствуя беду в семье, решила отдать счастливое яблоко матери. Любовь Анары к родителям – это чувство всепобеждающее. Любовь у романтиков – величайшее из человеческих чувств, творящее чудеса.

Сюжетосложение рассказа имеет черты, свойственные произведениям исповедального характера (форма исповеди получила широкое распространение в романтической литературе). Все события воспроизводятся, как воспоминания: и события давно минувших лет, и события сегодняшние. Поэтому изложение событий сопровождается передачей тончайших нюансов человеческих эмоций, переливов чувств. Внутренний эмоциональный план несет основную смысловую нагрузку в выражении психологических мотивов поступков героев, причинно-следственных связей между событиями, смены настроений и намерений героев. Внешняя же событийность как бы отодвигается во времени и передается опосредованно через поток мыслей и чувств. В рассказе видны черты романтического сюжетосложения с его внезапными поворотами и неожиданными совпадениями, к примеру: «...Он вспомнил о другом красном яблоке и поразился странному, невероятному совпадению. Он тоже однажды нашел такое же красивое красное яблоко и чуть ли не в этом же саду, да, именно здесь...». [2, с. 491] Это совпадение и становится толчком для воспоминаний, оно соединяет обе сюжетные линии рассказа. В повествовании о прошлом герой проходит путь от любви к разочарованию. Девушка не приняла его любви: «Она уходила от своего красного яблока, а Исабеков ошеломленно, смотрел ей вслед, держа в руках свою драгоценность, и не понимал, что произошло. Чудесный мир, созданный им вокруг красного яблока, внезапно рухнул, разлетелся вдребезги». [2, с. 498] Вторая сюжетная линия о сегодняшнем Исабекова – это трудный путь от непонимания, душевной дисгармонии к пониманию и любви. Он приходит к осознанию причин семейного конфликта. Никому после незнакомки не хотел он дарить красное яблоко. Но «все-таки, оказывается, была, была одна женщина, которая всю жизнь просила, настаивала, требовала у него красное

яблоко. Это была его жена Сабира». [2, с. 498] В этом отрывке повтор («была, была») и градация («просила, настаивала, требовала») усиливают остроту конфликта, сложность взаимоотношений Исабекова и его жены.

Здесь прошлое противопоставлено настоящему. Вообще вся художественная структура рассказа построена на контрастах. Контрастны композиционные части (прошлое и настоящее), противопоставлены женские образы, отношение Исабекова к ним, сам Исабеков проходит путь от душевного разлада к его разрешению, контрастно и изображение эмоций – от полутонов, едва уловимых нюансов (например, во взаимоотношениях Исабекова с дочерью) до проявления крайней эмоциональной взволнованности и напряженности (его любовь к незнакомке – «чувствовал себя оглушенным ударами собственного сердца», «дух захватывало от небывалого счастья», «ему было жутко и радостно» и др.). Здесь также используются излюбленные романтические приемы – гипербола и антитеза.

Одна из композиционных частей – воспоминание о юности – находится внутри другой. В местах соединения частей возникает образ красного яблока, сначала лишь его внешний вид («какое красивое», «горело, как фонарь», «как солнце»), затем открывается и глубинный символический смысл («тот, кто съест это яблоко, будет очень счастливым»). В конце рассказа приоткрывается и план будущего, Исабеков с дочерью собираются везти яблоко в Москву Сабире.

Итак, рассказ Ч. Айтматова «Красное яблоко» о поисках высокого идеала. Любовь Исабекова к незнакомке, его сегодняшние раздумья и попытки разрешить семейный конфликт, уход его жены Сабиры, то, что их маленькая дочь, страдающая от разрыва родителей, по-своему пытается внести согласие – все это жажда идеала, высокая требовательность к искренности, полноте, красоте человеческих взаимоотношений. «…В душе каждого живет жажда прекрасного. Видимо, это в самой природе человека» [2, с. 489], – так мыслит Исабеков. Это жажда счастья и гармонии выражена через всю художественную структуру произведения.

Особенностью поэтической системы рассказа является то, что она тяготеет к романтическим средствам выражения., об этом свидетельствуют особенности сюжетосложения (доминирование «внутреннего» эмоционального сюжета над внешним событийным, приемы сцепления сюжетных компонентов), композиционные приемы (противопоставление прошлого и настоящего героя, мечтательности и прозаизма, противопоставление героинь и др.), усиление лирического субъективного начала (прямое излияние души, поток мыслей и воспоминаний), своеобразие образной системы (все герои рассказа наделены романтическими чертами), особенности речевого строя, нацеленного на передачу повышенной эмоциональности.

**Список использованной литературы**

1. Белинский В.Г. Собрание сочинений: в 9-ти т. – Москва: Художественная литература, 1981. Т.6, 678 с.
2. Айтматов Ч. Прощай, Гульсары!: Повести и рассказы. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982, 568 с.
3. Литературные манифесты западноевропейских романтиков. – Москва: МГУ, 1980, 639 с.

**Рецензент: д-р филол.н., профессор Койчуев Б.Т.**

УДК 894.341
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-151-154

**Жамгырчиева Г.Т.**
Ош мамлекеттик университети
**Жамгырчиева Г.Т.**
Ошский государственный университет
**Jamgyrchieva G.T**
Osh State University

ORCID: 0009-0001-9817-2008

# ААЛЫ ТОКОМБАЕВДИН АҢГЕМЕ ЖАНРЫНДАГЫ ЧЕБЕРЧИЛИГИ
# МАСТЕРСТВО ААЛЫ ТОКОМБАЕВА В ЖАНРЕ РАССКАЗА
# AALY TOKOMBAYEV'S MASTERY IN THE STORY GENRE

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада А. Токомбаевдин аңгеме жанрындагы жазуучулук чеберчилиги, андагы реалдуулук менен көркөмдүктүн айкалышуусу, реалисттик адабий багыттын өзгөчөлүгү, идеялык-тематикалык наркы тууралуу сөз болот. Макаланын актуалдуулугу күн тартибинен түшпөй келе жаткан жазуучу аңгемелеринде алып чыккан социалдык-турмуштук маселелерден тартып, каармандардын жеке адамдык деңгээлдеги көйгөйлөрү бирдикте камтылгандыгында. Ошондой эле алардагы пенденин адамдык парасатынын мааниси ачыкталган. Макаланын максаты – Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгындагы аңгеме жанрынын ордун, алардагы турмуш чындыгынын көркөм чагылдырылышын ачып берүү, милдети – жазуучунун аңгеме жанрындагы чыгармаларынын мисалында адабий талдоо жүргүзүү менен аңгемелердин көркөм адабий чыгармачылыктагы жана коом турмушундагы маанисин аныктоо.

**Аннотация:** Статья, посвященная прозе А. Токомбаева в жанре рассказа, раскрывает особенности его писательского мастерства, анализируя сочетание реального и вымышленного, специфику реалистического метода, а также идейно-тематическое значение произведений. Актуальность статьи определяется теми направлениями, которые охватывают общественно-житейские проблемы, поднимаемые автором в его рассказах наряду с проблемами личностного уровня. Статья стремится проанализировать жанр рассказа в творчестве Аалы Токомбаева, исследуя его роль в отображении реальности и определив его значение для литературы и общества через литературоведческий анализ конкретных произведений писателя. Основная задача – показать, как через рассказы Токомбаев изображал действительность и каково их место в его художественном наследии и общественной жизни.

**Abstract:** The article examines A. Tokombaev's writing skills in the short story genre, the combination of reality and fiction in it, the features of the realistic literary movement, and its ideological and thematic significance. The relevance of the article will be determined by those areas that cover social and everyday problems raised by the author in his stories, together with problems at the personal level. They also reveal the meaning of human intelligence. The purpose of the article is to reveal the place of the short story genre in the works of Aaly Tokombaev, the artistic depiction of the reality of life in them, the task is to determine the significance of stories in artistic and literary creativity and public life by conducting a literary analysis using the example of the writer's works in the short story genre.

**Негизги сөздөр:** кыргыз адабияты аңгеме жанры; Аалы Токомбаев; жазуучунун чеберчилиги; идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүк; тематикалык алкак; социалдык көйгөйлөр; аң-сезимдин өсүшү; образ түзүүдөгү чеберчилик; көркөм сөз каражаттары.

**Ключевые слова:** кыргызская литература; жанр рассказа; Аалы Токомбаев; писательское мастерство; идейно-художественная особенность; тематическая структура; социальные проблемы; рост сознания; мастерство создания образа; художественные средства выразительности.

**Keywords:** Kyrgyz literature; story genre; Aaly Tokombaev; writing skills; ideological and artistic features; thematic structure; social problems; growth of consciousness; skill in creating an image; artistic means of expression.

**Киришүү.** Заманда болуп жаткан өзгөрүүлөр көркөм адабиятта тынымсыз чагылдырылып келет. Түрдүү мезгилдердеги коомдун ар тараптан дүркүрөп өсүшүнө байланышкан факторлор адамдарга таасирин тийгизип, социалдык, турмуштук улам жаңы

проблемаларды жаратып келгени белгилүү жана анын баары ар кыл ракурста көркөм жалпыланат. Көркөм сөздүн бардык жанрларынын өзүнө ылайык орду, аткаруучу кызматы бар. Окурмандарга чакан көлөмү, бир дем менен окулуп кабыл алууга ыңгайлуулугу менен жаккан жанр – аңгеме. Бул жанрга адабий сынчы М. Борбугулов мындайча мүнөздөмө берет: "Кыргыз адабиятынын жанрларынын ичинде аңгеме жанры өзгөчө орунду ээлейт. Аңгеме – эпикалык текке таандык кара сөз түрүндөгү адабияттын түрү. Анын так аныкталган чеги жок, аңгеме новелла, очерк жанрларын бири-биринен ажыратуу кээде оңой эмес. Ошондой болсо да, кеңири жана жалпы маанисинде алганда, аңгеме новелладан мурун, б. а., эң байыркы заманда пайда болгон. Аңгеме көбүнчө адамдын башынан өткөргөн бир окуяны сүрөттөгөн көлөмү анча чоң эмес чыгарма болуп саналат". [3, 410-б.] Ошентип адам мүнөздөрү, жашоо шарттары жөнүндө кабар берген окуялары жөнөкөй түзүлүп, карапайым, элестүү тил менен сүрөттөлгөн, көлөмү анча чоң эмес, кара сөз түрүндө жазылган чыгармалар болгон аңгемелердин көтөргөн идеялык жүгү масштабдуу романдардан кем эмес. Маселен жазуучу Э. Хэмингуей атактуу көлөмдүү романдары бар туруп бир аңгемеси, тактап айтканда, "Чал жана деңиз" үчүн Нобель сыйлыгын алган. Ал эми кыргыз адабиятындагы аңгеме жанрынын тарыхы өзүнчө сөз кылууга татыктуу. Алтымышынчы жылдардагы жазуучулардын атактуу муунунун катарында адабиятыбызга келип кирген А. Саспаев кыргыздын Чехову деген атка конуп аңгеме жанрынын чебери аталган. Кыргыз эл жазуучусу А. Токомбаев да калемгерлик жолун алгач поэзиядан баштап, бирок кийинчерээк прозада, драматургияда да эмгектенди. Ал – советтик доордун көркөм сөз чеберлеринин ири өкүлү, коомдук-саясий турмушка активдүү катышкан инсан. Жазуучунун аңгеме жанрындагы көркөм туундулары лирикалык маанайы, романтикалуулугу, турмуштун түрдүү жагдайларын камтуусу, образ жаратуудагы чеберчилиги менен окурманды өзүнө тартып турат. Жазуучу коомдук-нравалык маселелерди ар дайым көтөрүп келгендиктен, анын чыгармачылыгын кыргыз жергесиндеги, өзгөчө элеттеги социалдык өзгөрүүлөр, адамдардын кулк-мүнөзү менен бирге иликтөө максатка ылайык.

**Негизги бөлүм.** Аалы Токомбаевдин "Канаттуу достор: Балдар аңгемеси" деген алгачкы аңгемеси 1935-жылы чакан китепче катары (22 бет) жарык көргөн экен. "Жараланган жүрөк. Повесттер жана аңгемелер" деген аталыштагы жыйнагы 1963-1981-жылдар аралыгында төрт жолу улам толуктоолор менен басылып кийинки аңгемелери киргизилген. Ал эми "Акай мерген" аңгемеси чакан китепче түрүнө 1976, 1984-жылдары эки жолу басылган. "Күүнүн сыры" аңгемеси болсо жазуучунун ырлар, аңгемелер, повесттерин камтыган жыйнактарында 1984, 1991-жылдары жарык көргөн.

Жогоруда белгиленген "Акай мерген", "Жол жомогу", "Күүнүн сыры", "Даат" ж.б. аңгемелери залкар жазуучунун бул чакан жанрда жазган чыгармалары болуп саналат. Кандай гана татаал турмуштук кырдаалдарга карабастан адамдын өмүр учугунун уланып турушун, өмүрдөгү кусалуу, өзгөчө бир ирмемдерди баса белгилөө А. Токомбаевдин аңгемелеринин кредосу десек болот. Бул жагынан аталган аңгемелердин новеллистикалык белгилерге да ээ экендиги байкалат. Мында А. Токомбаевдин жазуучу катары калыптанышына таасирин тийгизген ички, тышкы факторлор орун алган. Жазуучунун өмүр баянын чыгармачылыгы менен бирге айкалыштырып изилдөө жакшы натыйжаларды берет. Жазуучунун чыгармачылык эволюциясы жана андагы тематикалык башкы багыттар, проблемалар автор жашаган советтик доордун спецификасына ылайык келет. А. Токомбаевдин прозалык чыгармаларынын, анын ичинде аңгемелеринин идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, турмушту сүрөттөөдөгү, образдарды ачып берүүдөгү чеберчилиги өз учурунда бир топ жаш жазуучуларга үлгү болгон, алардан жазуучунун атуулдук позициясы көрүнүп турат.

А. Токомбаевдин жекече стили, чыгармачылык эволюциясын советтик доордун контекстинде кароо логикалуу. Мында ошол жылдардагы жазуучунун чыгармачылыгынын негизги багытын, мүнөзүн, изденүү мотивин аныктоо, аңгеме жанрында иштөө этаптарындагы абалына анализ берүү менен өзүнө таандык спецификасын ачыктоо зарылдыгы келип чыгат. Окумуштуу К. Абакиров жазуучунун балдар адабиятына кошкон салымын белгилеп, анын алгачкы аңгемесиндеги фольклор менен реалисттик адабияттын катышын төмөнкүчө белгилейт: "А.Токомбаевдин "Канаттуу достор" (1935) аттуу балдар аңгемеси жомоктуулук менен реалдуулукту

синтездештирүү аракетинен жаралып жаш муундардын табият жөнүндөгү түшүнүгүн кеңейтүү максаты алдынкы планга чыгарылган". [1, 38-б] Андан ары адабиятчы А. Токомбаевдин өзүнүн жыйында сүйлөгөн сөзүнөн мисал келтирип, калемгердин балдар адабиятынын өнүгүүсүнө кайдыгер эместигин, ага астейдил караганын тастыктайт: "Балдардын билимин көтөрүү, алардын пикирин кеңейтүү өздөрүнүн түшүнүктүү адабияты менен алымсындыруу болот". [1, 39-б.] Дегинкиси кыргыз кесипкөй адабияты фольклордук чыгармачылыктан башат алып калыптанганын айтып жүрөбүз. [6] Аалы Токомбаев да жазма кесипкөй адабиятты түптөгөндөрдүн катарында прозада, биз сөз кылып жаткан аңгеме жанрында да элдик оозеки чыгармачылыкка кайрылып, анын мотивдерин реалисттик аңгемеге синтездеген. Бул "Даат" аңгемесинде дагы мыкты формада жүзөгө ашырылган десек болот. Башкы каарман Акыл аке атына жараша акылман карыя болуп, балдарды, өзүнүн окуучуларын илгир, дилгир тарбиялаган. Ошонун натыйжасында алар түндөп келген ууруларга жемин жедирбей, өздөрүн да сактап калышат.

Негизи адам проблемасы жалаң эстетиканын чегинде карала турган нерсе эмес, ал адегенде коомдук чөйрөдө, тарыхта өз ордун аныктайт, анан адабият предметине айланат, ошондуктан жеке сүрөткердин чыгармасында жаралган адам концепциясы жөнүндө сөз болобу, конкреттүү тарыхый учур, ал жараткан социалдык-психологиялык тенденциялар сөзсүз эске алынат. Буга байланыштуу көркөм адабий чыгармачылыктагы адам жана турмуштук кырдаал маселесине токтолуп жатып адабиятчы М.Б. Храпченко төмөнкүлөрдү белгилейт: "Опираясь на живые процессы действительности, реалистическая литература раскрыла различные грани и формы взаимосвязей человека и обстоятельств, равно как столкновений между ними. Соотношение этих двух основных тенденций в в различные исторические периоды было неодинаковым. Вмешательство человека в ход событий, его воздействие на них яснее всего выступает в эпоху революций, в пору мощного роста освободительного народного движений. Явления эти находят свое выражение в литературе, хотя связи эдесь отнюдь не прямолинейные. Часто они достаточно сложны и опосредствованы». [7, 163] Дал ушундай кырдаал А. Токомбаевдин "Акай мерген" аңгемесинде баяндалат. Анда өткөн теңсиздик доордо жер-сууну ээлеп алган манаптын айылдын тоо-таштан аңчылык кылуусуна тыюу салып элди кыйын абалга калтырат. Ач отурган айылдаштарын, үй-бүлөсүн аяган Акай мерген ууга чыгып кийик атып жолдуу келет, бирок олжосун бөлүшүп келген айылдаштарынын кубанычы узакка созулбайт. Мерген чычырканакка бөлөнүп сабалып жазасын алат, анын уусунан каза болот. Бул тууралуу адабиятчы О. Ибраимов эмгегинде белгилеп, аңгемеде алынган турмуштук материал тарыхый негизге ээ экенин, окуя белгилүү тарыхый каарман Байтик жана Акай мергендин ортосундагы мамилеге байланыштуулугун эскертет. Манап жергиликтүү байдын эрке баласы ээлеп алган жердеги маралды атканы үчүн мергенди катуу жазалайт. [5, 226-б.] Ал эми "Күүнүн сырын" окумуштуу повесть катары карап, андагы окуяны аңгеменин ичиндеги аңгеме катары көрсөткөн. Чечмелеп айтканда, аңгеменин каарманы дагы бир башка аңгемени баяндап берет.

Окумуштуу К. Ибраимов азыркы доордун адабий процесси менен байыркы доолордогу мифтик чыгармачылыкты салыштырып келип фольклордук-мифологиялык аң-сезим калдыктары жазуучулардын турмуштук тажрыйбасынын табигый бөлүгүн түзүп тургандыгын белгилейт. [4, 4-б.] Бул көрүнүш көптөгөн жазуучулардын чыгармаларында айкалышта келери чыгарма жаратуудагы кадыресе ыкма катары калыптанган. Дегинкиси адам аң-сезиминде жана анын түпкү бейаң бөлүгүндө өткөн доорлордун элестери жашайт жана алар искусствонун түрдүү жанрларында, анын ичинде көркөм адабиятта да кездешет. Биз карап жаткан Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгында да фольклордон таасирленүү жана андан материал алуу орун алган.

Автордун фольклорду чыгармачылык менен пайдалангандыгын биз жогоруда аталган аңгемелеринен билебиз жана бул тууралуу айтылган төмөнкү пикирге кошулуу максатка туура келет: "Бул аңгемелеринде турмуштук чындыкты автор бири-бири менен аңгемелеше калуучу карапайым адамдардын өз ооздору менен айттырат. Мындай ыкма окуяны баяндоонун кыска болушуна шарт түзөт да, эл арасынан угуп жүргөн кадимки эле сүйлөшүү, маектешүү стилин көз алдыга элестетет. Бирок окуялардын курчтугу, айтуучунун элестүү сөздөргө байлыгы, элдик учкул сөздөрдүн жыштыгы образдарды көркөм ачууга бап келип окуучуну кызыктырып жүрүп отурат". [2, 114-б]

“Днестр терең деңизге куят” аңгемесинде болсо украин жергесиндеги революционерлердин турмушу баяндалат, андагы бир кичине көркөм деталга көңүл бурсак, камалып кетүү коркунучунан конспирацияга өткөн каармандардын ачарчылыкта жашоосу, кичине бөбөккө мурда мышыкка берилип бирок желбей калган нандын күйүк сыныгын мештин артынан таап сууга жибитип бергени учкай баяндалат. Аңгеменин башкы идеясы эл эркиндиги үчүн күрөшкөн революционерлер замандын эл үчүн жакшы жакка өзгөрүшүн, эркин эмгекти өз өмүрүнөн жогору коюшарын даңазалайт.

Ал эми “Өлүм кимди коркутпайт” аңгемеси кийинки учурдагы эле турмуштун бир үзүмүн көрсөткөн чакан чыгарма. Автор анда адам баласы капыс ооруп калганда кандай сезимдерге туш болорун, өмүр менен өлүмдүн арасы кээде өтө аз өлчөмдө болуп каларын көрсөткөн. Өмүрдүн кымбаттыгы кээде кылт этип эске түшүп турса да, демейде байкабай алдырып жиберген учурлар турмушта арбын экени аңгеме аркылуу эскертилет.

**Корутунду жана алынган натыйжалар**

Кыргыз эл жазуучусу Аалы Токомбаевдин калеминен жаралган чыгармалар кыргыз адабиятынын өнүгүшүндө этаптык мааниге ээ. Жазуучунун чыгармачылыгындагы аңгеме жанры өзгөчө орунда, себеби ушул жанрдан прозага салым кошуусу башталган. Ошону менен бирге эле макалада төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

- А. Токомбаевдин аңгеме жаатындагы чыгармачылык эволюциясы жалпыланган түрдө адабий-теориялык багытта талдоого алынып, жазуучунун чыгармачылык өзгөчөлүктөрү кыргыз адабиятынын контекстинде каралуусу шарт;
- жазуучунун чыгармачылык эволюциясы жана андагы тематикалык башкы багыттар, проблемалар автор жашаган советтик доордун спецификасына ылайык келет;
- А. Токомбаевдин прозалык чыгармаларынын, анын ичинде аңгемелеринин идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, турмушту сүрөттөөдөгү, образдарды ачып берүүдөгү чеберчилиги өз учурунда бир топ жаш жазуучуларга үлгү болгон, алардан жазуучунун атуулдук позициясы көрүнүп турат;
- сүрөткердин аңгемелеринин тематикалык багыттары жана аларды ачуудагы жазуучунун чеберчилиги өз алдынча спецификага ээ;
- жазуучунун аңгемелериндеги ийгиликтер жана кенемтелер жалпы кыргыз адабиятынын калыптануу мезгилиндеги деңгээлине байланыштуу каралуусу максатка ылайык.

Жыйынтыктап айтканда, А. Токомбаевдин аңгемелери – анын чыгармачылыгынын башатында жана кийинки учурларында жаратылган көркөм туундулары. Аларда жазуучунун чеберчилигинин көрөңгөлөрү байкалып, тилинин жатыктыгы, лирикалуулугу, романтикага байлыгы менен окурмандардын эсинде калды. А. Токомбаев – өз мезгилинин добулбасын соккон жазуучу, анын кайсы чыгармасын албайлы, аларга өз мезгили, б.а советтик доор үчүн актуалдуу проблемаларды көтөргөн жаңычылдык мүнөздүү.

**Колдонулган адабияттар**


1. Абакиров К. Балдар адабиятынын тарыхы (1924-1956-ж.). – Бишкек, 2022.
2. Айтбаева Ш. Кыргыз фольклорунун жана адабиятынын маселелери. – Бишкек, 2018.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы. – Бишкек, 1996.
4. Ибраимов К. Көркөм дөөлөттөр дүйнөсүндө /Азыркы адабияттагы миф жана реалдуулук /: Адабий сын макалалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982.
5. Ибраимов О. История кыргызской литературы XX века. Т.1. – Бишкек, 2013.
6. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 6-том. – Бишкек, 2005.
7. Храпченко М.Б. Художественное творчество. Действительность. Человек. – Москва, 1978.


**Рецензент: филол.и.д-р, профессор Абакиров К.**

УДК 894.341
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-155-157

**Жамгырчиева Г.Т.**
Ош мамлекеттик университети
**Жамгырчиева Г.Т.**
Ошский государственный университет
**Jamgyrchieva G.T.**
Osh State University

ORCID: 0009-0001-9817-2008

# РАМИС РЫСКУЛОВДУН ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ ГЕДОНИЗМДИН БЕРИЛИШИ
# ГЕДОНИЗМ В ПОЭЗИИ РАМИСА РЫСКУЛОВА
# HEDONISM IN THE POETRY OF RAMIS RYSKULOV

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада белгилүү кыргыз акыны Рамис Рыскуловдун поэзиясындагы гедонизм түшүнүгү каралып, анын сибаризм түшүнүгү менен айырмачылыктары жана окшоштуктары көрсөтүлүп, айрым ырларынын мисалдарында талдоого алынат. Поэзиянын адамды жашоого умтултуучу касиетке ээ экендиги акындын чыгармаларынан ачык көрүнүп турат. Шаттуу палитра – Р. Рыскуловдун поэзиясындагы гедонизмдин башкы белгиси.

**Аннотация:** В статье рассматривается понятие гедонизма в поэзии известного кыргызского поэта Рамиса Рыскулова, показаны его различия и сходства с понятием сибаризм, а также анализируются некоторые примеры по теме его стихотворений. Из произведений поэта видно, что поэзия обладает способностью побуждать человека к жизни. Счастливая палитра – главный признак гедонизма в поэзии Р. Рыскулова.

**Abstract:** The article examines the concept of hedonism in the poetry of the famous Kyrgyz poet Ramis Ryskulov, shows its differences and similarities with the concept of sybarism, and also analyzes some examples on the topic of his poems. From the poet’s works it is clear that poetry has the ability to motivate a person to life. A happy palette is the main sign of hedonism in the poetry of R. Ryskulov.

**Негизги сөздөр:** акын Рамис Рыскулов; гедонизм; сибаризм; поэзия; этика; философия; жашоо ырахаты; рухий ырахаттануу; гармония.

**Ключевые слова:** поэт Рамис Рыскулов; гедонизм; сибаризм; поэзия; этика; философия; радость жизни; духовное наслаждение; гармония.

**Keywords:** poet Ramis Ryskulov; hedonism; sybarism; poetry; ethics; philosophy; joy of life; spiritual pleasure; harmony.

## Киришүү

Кыргыз поэзиясында өзгөчө орду бар, көрүнүктүү акындардын бири Рамис Рыскулов өзүнүн поэзиясында терең философиялык мазмунду, эмоционалдык интеллектти, социалдык көрүнүштөргө жекече, кайталангыс ой-пикирин чыгармалары аркылуу билдиргендиги менен башка акындардан айырмаланып тургандыгы белгилүү.

Акындын чыгармачылыгында түрдүү темалар орун алган, аны ичинде Р. Рыскулов өзүнүн гедонисттик философиянын негизги принциптерин жетекчилике алган өзгөчө стилдеги поэзиясын жараткан.

Гедонизм – байыркы грек тилинен алынып, ырахаттануу деген маанини билдирген аксиологиялык окуу. Анда жашоонун маңызы өмүрдөн канааттануу – ырахаттуу жашоонун өзүндө делип, жалпы адамзаттык баалуулуктардын ичинде терминалдык, башкача айтканда негизги баалуулук катары эсептелет. Ал эми калган бааалуулуктар инструменталдык денгээлде каралат. Тактап айтканда, ырахаттанууга жетүүнүн каражаттары катары келет. Гедонизмдин негиз салуучулары Аристипп, Сократ болуп, алар б. з. ч. IV-III кылымдарга таандык окууларын жаратып, бул окуу дене жана рух эркиндигине негизделген. Гедонизмди эки топко бөлүп кароо философия илиминдеги негизги проблемалардын бири болуп саналат. Бул тууралуу мындай деп белгилейт: “Философиянын тарыхында ньюанстар жөнүндө маселе келип чыгат, анткени гедонизм бардык философиялык жана этикалык окуулар сыяктуу түрдүү вариацияларга ээ, алар биздин көз карашыбыз боюнча эки чоң бөлүккө бөлүүгө мүмкүндүк берет: 1) “вульгардык гедонизм”, сезимдик

ырахаттарга басым жасалган, 2) “жогорку гедонизм”, мында алардын, сезимдердин тазалыгына басым жасалат. Көп учурда гедонизмдин эки түрү тең чырмалашып, айырмачылыгын ажырата албаган учурлар кездешет”. [2, 29-31-б.]

Рамис Рыскуловдур ырларына талдоо жүргүзүүдө гедонизм менен сибаризм түшүнүгүн чаташтырбоо зарыл. Алардын айырмачылыгы төмөнкүчө.

Гедонисттер социалдык-моралдык нормаларды жана эрежелерди бузбайт, кайра колдойт. Ошону менен биргеликте гедонизм универсалдуу философиялык концепция. Ал эми сибариттер материалдык байлык жана сезимдик канааттанууга эгоизм аркылуу жеткендер болуп саналат. Сибаризм – б.з.ч. VI-V кылымда калыптанган. Ал Байыркы Грециядагы сибариттердин жашоо образын чагылдырган философиялык-социалдык багыт болуп саналат. Анын негизги өзөгүн материалдык ырахаттануу түзүп, белгилүү бир тарыхый доордун турмушун чагылдырып бере алган. [2] Сибаризм жана гедонизм ырахатка умтулуу процесси аркылуу окшош болгону менен философиялык жана тарыхый мүнөздөмөлөрү боюнча айырмаланып турары анык. Акын, жазуучулар үчүн бул түшүнүк терең жана ар тараптуу мааниге болушу мүмкүн. Гедонизм акындын ички дүйнөсүндөгү кайкалаган абалдарды, кайсы бир мүнөздөгү жашоо ырахаттарын сүрөттөгөн көз караш катары көрүнө алат.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору**

Акын Рамис Рыскуловдун адамдык табиятында канааттануу, рахатка умтулуу жактарын озунун жашоо образы, ой жүгүртүү манерасы, инсандык гумандуу жаратылышы менен поэзия аркылуу берген. Баарыбызга белгилүү болгондой, Ыр аке сүрөтчү жана обончу да болуп, искусствонун поэзия, сүрөт, музыка түрлөрүн өз ара айкалышта жараткан инсан. Гедонизм автордун абстракттуу сүрөт жана обондорунда да ачык чагылдырылат. Акындын табияты анын ырларына шайкеш болуп, ырынын аягына аты жазылбаса да ага таандык экендиги айкын болуп турат. Бул тууралуу замандашы А. Жакшылыков: "Анын ал турсун бир да ыр сабын жазгырып келип өз корооңо кошо албайсың. "Мен Рамистин ырымын" деп "маараганы мааараган" ...Дегинкиси чыгармасынан инсандык ички көрөңгөсү байкалып турса – бул нак таланттын жышааны", – деп жазганы бар. [3, 106-б.] Сөз чеберинин кайсы гана ырын окубагын анда көтөрүңкү маанай, жашоого болгон сүйүү, позитивдүү көз карашы, шаттуулук өзгөчө эпкин менен берилип турат.

Акын ырларында жашоонун ар бир учурун уникалдуу жана баалуу нерсе катары чагылдырып, жашоонун ырахатын, көрктүүлүгүн философиялык негизде ачып берет. Аны менен биргеликте инсандын жеке эркиндиги, өзүн-өзү кабыл алуусу жана руханий дүйнөсүнүн баалуулуктарына басым жасалгандыгы көзгө урунат.

Адегенде эле белгилеп кетчү нерсе, акындын ырларынын аталыштарынан жана аларда колдонулган сөздөрдөн эле гедонисттик белгилер көрүнөт. Мисалы: “Күн майрам”, “Жаз”, “Шаттуу ырлар”, “Күлкү чачам”, ж. б. Жогоруда саналган жыйнактарында чынында да шаңдуу, кубанычтуу, ырахаттуу түшүнүктөрдү билдирген сөздөр жана сөз айкаштары колдонулат: жыргал, кызыл кут, жадырап, шаңк-шаңк этип, шатырап, кандай сонун ушул чак ж.б.

Рамис Рыскуловдун поэзиясындагы дээрлик бардык тематикада жазылган ырларынан гедонизмди кездештире алабыз. Алсак, акын үчүн табигат – адамдын ички дүйнөсүнүн, руханий ырахатынын гармониялуу айкалышкан көрүнүшү, ошондой эле адамдын жан дүйнөсүндөгү азап, сүйүү сыяктуу сезимдерге карата терең эмоционалдык чыңалуулар да арбын. Инсандын сүйүүсүн, толкундануулары менен жыргалчылыгын сүрөттөп, кайгы менен ырахаттын кошулушун, синтезин көрсөтүп берет. Бул эмоциялык мамилелер акындын гедонизмге болгон түшүнүгүн ачыктап, ырахат алуу менен кайгыны, өмүрдүн кыскалыгы менен анын жагымсыз жактарынын ортосундагы контрастты чагылдырат.

**Жыйынтыктар жана талкуулар**

Адам баласынын жашоо маңызы бизди курчап турган ар бир нерседе, “Булочка жеп келатам” ырында “космостук мейкиндикте карасам мен жок нерсе, ал эми чимейилдин көзү менен караганда мен гигантмын”, – дейт. [4, 209-б] "Маани берем" ырында болсо:

Маани берем бопбоз болгон тим кездерге,

Менин сыйкырыман заттар дагы ого бетер жаркырайт.

Мен жаңыча

Берем көз караш дүйнөгө!", –

деп акын өзү жогорудагы ырларында белгилегендей назик дүйнө аркылуу ар ар бир майда нерсеге маани берип, ага башкача көз караш менен карайт. [5, 44-б.] Жашоо кызык, анын кызыгы түгөнгүс. Сулуу аялзаты,

жарашыктуулук, кооздук жашоону көркко бөлөп турары Рамис Рыскуловдун поэзиясындагы гедонисттик кредо десек болот жана ал жогорку интеллектуалдык маданияттын этикалык көрүнүшү катары чыгат.

Орто кылымда жашаган кадимки Асан кайгы сыяктуу Рамис Рыскулов да гуманист акын катары ташты да аяйт, ташты кышта үшүдү дейт. Маселен, "Поэзия" жыйнагында: "Ташты дагы жыргаткан жадыраган жаз экен", – деп белгилейт.

Албетте, жашоо жалаң жыргалдан турбайт, аны менен катар акын жашоонун кыйынчылыктарын сабак катары кабыл алат, алар үчүн чөгүп, наарaзыланбайт. Тескерисинче, аларга каршы туруп, келечекке чоң үмүт менен карайт. "Көчөнүн кызык сырлары" ырында:

Кайгыдан шаттык жаратып,
Турмуштун кечем жыргалын", – дейт. [5, 53-б.]

Ал эми "Менин таржымалым" ырында:

Бейиш сындуу көрөм турмуш азабын,
Көздөйм беттеп кандай бийик мазарың!", – деп жазат. [5, 58-б]

Бул ыр саптарындагы антитеза аркылуу автор азапты да рахат катары кабыл аларын көрүүгө болот.

Акын ошентип жыргаганда айтат:

"Бүт дүйнөнүн акындары
Келгенсийт мага конокко.
Дүркүрөймүн, күркүрөйм
Күркүрөйм да шатырайм,
Асмандарды шатылайм". [5]

Ал эми жогорду белгиленген "Поэзия" деген жыйнагындагы ошондой аталыштагы ырында:

"Токтогул, Барпы, Коргоолдун,
Ырдашынан жаралгам.
Кылымдардын Пушкиндей,
Курдашынан жаралгам.
Апам менен атамдын,
Жыргашынан жаралгам", – дейт [4]

Сүйүүдөн жаралган акындын жүрөгү да сүйүүгө толо. "Жаштык маршы" деген ырында дал ушундай эмоциялуу дүйнө кабылдоо бар:

"Көкүрөктү керип коюп,
Ай-ааламды кабыл алам
Денем менен.
Билбейм кайда батырам кубатымды,
өткүр дүйнө албууттанат.
Кандай сонун жашоо жарык дүйнөдө
Бүт араанын ачып коюп.

Бул саптарда акындын чыныгы акындык пейили, ачык жүрөгү, назик көңүлү, жашоого чексиз жана күчтүү умтулуу, дүйнөнү кучагы толо кабылдоо жатат. Ошентип гедонизм Рамис акындын ар бир саптарынын баш багып, окурманды өзүнө тартып, жашоого, болгондо да бактылуу өмүр кечирүүгө шыктантып турат.

**Корутунду**

Рамис Рыскуловдун поэзиясындагы өзгөчө эпкин жана эргүү, шаттуулук гедонисттик идеяны таасын берип турат. Дегеле анын жашоо образы жана ырларынан турмушту сүйүүгө умтулуу, кыйынчылыктарды жеңе билүү, көрүнбөс кыпындай нерседен да жакшылык көрө билүүгө чакырууну көрө алабыз. Өзү айткандай "жоктон барды жараткан" акын өмүрдү өңчөй кара түскө боёбостон, аны түрдүү палитрага салат. Жыл мезгилдеринин ичинен акындын жазга жакын экени байкалат. Жазды сүйгөн акындын ырлары да жаз жыттанып, жашыл энергияга, жаңы өнүмгө ээ. Жарыкчылыкта жакшылыктын жышанасы бар деп эсептеп, кичине көлөмдөгү ырында да жалбырттаган жашоону сүйүү, ага канааттануу идеялары берилип турат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Азыркы кыргыз адабияты. – Бишкек, 2015, 174-б.
2. Владимирович В.Ю. "Системний гедонизм" как этическое учение. – Москва, 2019, с. 38.
3. Жакшылыков А. Рамис жөнүндө сөз //Ала-Тоо, 1989, 106-б.
4. Рыскулов Р. Ырлар. – Фрунзе: Кыргызстан,1984, 209-б.
5. Рыскулов Р. Ыр нөшөрү. – Фрунзе: Мектеп, 1988.


**Рецензент: филол.и.д-р, профессор Абакиров К.**

УДК 821.512.154:82-121
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-158-161

**Жумакадырова К.М.**
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын Билим берүү, маалымат жана котормо борбору
**Жумакадырова К.М.**
Учебно-информационный и переводческий центр Национальной комиссии по государственному языку и языковой политике при Президенте КР
**Zhumakadyrova K.M.**
Educational, Information and Translation Center of the National Commission on the State Language and Language Policy under the President of the Kyrgyz Republic

ORCID: 0009-0001-9532-42-13

# АКЫН СООРОНБАЙ ЖУСУЕВДИН ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ СОГУШ ТЕМАСЫНЫН КӨРКӨМ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ
# ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИЗОБРАЖЕНИЕ ТЕМЫ ВОЙНЫ В ПОЭЗИИ СООРОНБАЯ ЖУСУЕВА
# ARTISTIC DEPICTION OF THE THEME OF WAR IN THE POETRY OF THE POET SOORONBAI ZHUSUEV

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада акын С.Жусуевдин согуш темасында жазылган ырлары анализге алынган. Акын согуш талаасын өз көзү менен көрүп, катышкандыктан согуштагы көрүнүштөрдү ырларында реалдуу чагылдырып, кыргыз адабиятында өзгөчө орун ээлеген. Бул макалада Кыргыз адабиятында согуш темасындагы чыгармалардын жазылышына жана изилденишине салым кошкон акын экендиги макалада изилденди.

**Аннотация:** В статье анализируются стихотворения поэта С. Жусуева на военную тему. Будучи свидетелем и участником боевых действий, поэт реалистично отразил сцены войны в своих стихотворениях, которые заняли особое место в кыргызской литературе. В статье рассматривается вклад поэта в создание и изучение произведений на военную тему в кыргызской литературе.

**Abstract:** The article analyzed poems written on military themes. The poet, who saw and participated in the battles with his own eyes, realistically reflected the scenes of war in his poems, taking a special place in Kyrgyz literature. The article examines how the poet contributed to the writing and research of works on military themes in Kyrgyz literature.

**Негизги сөздөр:** согуш; жеңиш; жоокер; экология; образ; поэзия; деталь; мораль; сюжет.
**Ключевые слова:** война; победа; солдат; экология; образ; поэзия; деталь; мораль; сюжет.
**Keywords:** war; victory; soldier; ecology; image; poetry, detail; morality; plot.

Акын Сооронбай Жусуевдин адамдык жана чыгармачылык тагдыры Улуу Ата Мекендик согуш мезгилине туш келгендиктен, согуш темасы чыгармачылыгынын өзөгүн түзүп, алгачы ырлары да согуш темасына арналган. Акындын алгачкы ыры «Алдыга жүргүн, кыргыздар!» деген ат менен 1943-жылы аскердик жер кепеде жазылып, ошол эле жылы «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Ала-Тоо») журналына басылган. Дал ошол кан күйгөн апаат жылдарда акындын калеминен өз элин эрдикке, жеңишке үндөгөн алгачкы ыр саптары жарала баштайт. Жогоруда белгилеп кеткендей «Алдыга жүргүн, кыргыздар!» аттуу эң алгачкы ыры 1943-жылы жарыяланса, ал эми биринчи жыйнагы «Эмгек күүсү» деген ат менен 1950-жылы жарык көрөт. Белгилей кетчү нерсе, С. Жусуев адабиятка элүүнчү жылдарда келип киргени менен дароо көзгө уруна турган чыгармаларды жарата алган жок. Анын акындык жүзү алтымышынчы жылдардан баштап ачыла баштайт. Согуштан кийинки жылдар кыргыз адабиятынын өнүгүшүндөгү өзгөчө этапты түзөт. Бул учурда адабият майданына келген жаш акындар фольклор менен катар классикалык традициялардан пайдаланып окуп үйрөнүштү, башкача айтканда, орус жана дүйнөлүк адабият менен кеңири таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту. Ошолордун арасынан өзүнчө чыйыр салууга жетишкен акындын бири – Сооронбай Жусуев. Акын согуш талаасында, ок-дарынын арасында байланышчы болуп тынымсыз чуркап жүрүп, убакыт боло калганда солдаттык каттар менен бирге ыр саптары да жаралып, алар оорукка

жөнөтүлүп турган. Согуш жана тынчтык темасы бул – түбөлүктүү тема болуп саналат. Бул күндө да ал ар бир адамдын жүрөгүн өйүгөн эң негизги проблеманын бири, ошол себептүү согуш темасын чагылдырбаган бир дагы акын, бир дагы жазуучу жок. Бул теманы акын тарых фактысы катарында эле эмес, адам тагдыры жөнүндөгү жалпы адамзаттык проблема болгондуктан, алардын келечегине тынчсызданып, эртеңки күнүн ойлоп кайрылат. Окумуштуу Р. Кыдырбаева белгилегендей, акындын согуш темасындагы чыгармалары курулай ретроспективдик кайрылуу эмес. [9, 5-б.] Бул баарынан мурда согуш убагындагы элдин башына түшкөн оор кайгыны поэзия тили аркылуу калайык-калкка жеткирүү. Согуш башталганда С. Жусуев он алты жашта экен. Ошол убакта эле газетага кабар жазууну жакшы көрүп, анча-мынча ырларын да жаратып жүрүптүр. Акын "Алдыга жүргүн, кыргыздар!" аттуу ыры майдан талаасында жазылган. Ырда каардуу душмандын бейкут элдин тынчын алганын айыптайт. Канчалаган бейкүнөө жоокерлердин (арасында жашы жете элек, муруту жаңыдан чыгып келаткан жаш уландар да бар) кырылышына акындын жүрөгү ачышып, фашисттик баскынчылардын айбандык облигин көркөм сүрөттөп берет. Ошондуктан каардуу эмоцияга толгон ыр саптарды чамасынын келишинче тизмектейт:

...Өлөрман душман өрөпкүп,
Өмүрү өчсүн түбөлүк.
Ар намыстуу кыргыздар,
Алдыга жүргүн, күүлөнүп! [5, 146-б.]

Ч. Айтматов белгилегендей, Улуу Ата Мекендик согуш темасы Сооронбай Жусуевдин көп китептери аркылуу негизги лейтмотив болуп өтөт. Бул темага ал чыны менен астейдил берилген. [10, 7-б.] Акындын ырларында согушка каршы айгай салып кыйкырбайт, тынчтыкты даңазалаган жактап чубалжыган триадаларды да жазбайт. С. Жигитов адилеттүү белгилегендей, "согуш" темасы акындын бүткүл чыгармачылыгынын жүлүнү сыяктуу сезилет". [1, 4-б.] Кайсы гана окумуштуу, адабиятчы же жазуучу болбосун, кыргыз акындар тууралуу сөз кылганда, сөзсүз түрдө С. Жусуев, С. Эралиев, Б. Сарногоев, Ж. Садыковдордун ысмын биринчи аташат. Жогоруда белгиленгендей, С. Жусуевдин чыгармачылыгындагы эң урунттуу тема – бул согуш темасы. Бул адамзат тарыхындагы өтө мүшкүл иш! Муну азыркы муундар, жаштар кандай кабыл алат, кеп ошондо... Ошондуктан бул теманы иликтөөдө бизге негизги курал катары С. Жусуевдин ырлары кызмат өтөйт. Бул түбөлүктүү теманы иштеп чыгууда С. Жусуев өтө чоң эмгек сиңирген. Акын өз поэзиясында согуш маалында кездешкен ар түрдүү көрүнүштөрдү мисалы, патриоттук менен чыккынчылык, адамгерчилик менен кара мүртөздүк жана башка сыяктуу адамзат пендесиндеги оң-терс сапаттарды чагылдырган.

Акындын өзгөчө касиети – ар бир ырга өзүнчө жан киргизип, окурманды да окуяга аралашып жүргөндөй сезимге дуушар кылгандыгы. Ошондуктан С. Жусуевдин патриоттук мазмундагы ыр саптары жоокерлерге дем берип, жаштарыбызды жакшы сапаттарга тарбиялап келген.

Алгачкы ырларынан бири "Биз жеңишчил" (1943) деп аталып, ал эки гана строфадан турганына карабай, акын чоң жеңишке бараткан жоокердин ишенимдүү кадамын мыкты саптар менен берүүгө жетишкен. С. Жусуевдин башынан кечирген күндөрүнөн кабар берген "Эсимде" аттуу ырында жоокерлердин үмүт-тилеги мындайча элестүү сүрөттөлүп берилет:

Жоокерлер от жанында жабылышып,
Окулган Ала-Тоодон барган каттар.
Ак калай кружкалар кагылышып,
Эсимде "Жеңебиз" деп ичкен чактар.

(Тандалмалар, 29-б.) Согуштун элеси акынды али күнгө чейин көлөкөдөй ээрчип, дале болсо аны жайына койбой кыйнап жүрөт. Айласы кеткен акын "эх, ушул элестерден эптеп кутулайынчы! дегендей, келечекке үмүт менен карайт. Бирок, баары бир аны көкүрөгүнөн сүрүп чыгара албайт. '"Музыкант иниме" (1957) ырында да согуштан калган такты музыканттын абалы аркылуу ачып берүүгө жетишкен.

Андагы:

...Салаасы сол колунун тыбырчылайт,
Салбырайт колсуз калган оң жак жеңи

– деген саптарда кичинекей деталь аркылуу жеткирген.

Акын согуш темасындагы ырларды алтымышынчы жылдары айрыкча берилип, жүрөгүн чындап ачып салып жазган. Башка акындардын тажрыйбасына кайрылып көрсөк алар да согуш темасына алтымышынчы жылдардан тарта көп кайрылып келишкен. Алтымышынчы жылдардан тартып кескин көбөйгөнү кызык көрүнүш. Бул суроо боюнча С. Жусуевдин өзүнө кайрылганда, акындын оюу мындай экен: Алгачкы кезде көргөнүн көргөндөй жазып, ырларында душмандардан өч алууга чакырган мотивдер, эрдикти үстүртөн даңктоо менен чектелгендигин тажрыйбасынын жоктугунан көрөт.

Кийинчерээк бул темага философиялык көз караштa мамиле кылып, анализ жүргүзүү алдыңкы планга чыкканын мойнуна алат. Биздин байкообузда, ал төмөндөгүдөй жагдай менен түшүндүрүлөт. Алгачкы жыйнактарынан алтымышынчы жылдарга чейинки убакыттын аралыгында согуш темасына анча көңүл бурулбай калгандыгы биринчиден, буга алтымышынчы жылдардагы өлкөнүн саясий-экономикалык абалы, анткени ага чейин согушту бир беткей гана баатырдык планда сүрөттөп келишкен. Бул да ошол учурдагы коомдун талабы болгондур. Кийинчерээк согуш жалаң гана героика эмес, трагедия экендигин сезип актуалдуу темага мына ошол позицияда кайрыла башташты. Натыйжада, терең ой жүгүртүп, кийинки муундарды таасирленткен тарбиялык саптарды жаратууда чоң ийгиликтерге жетишкен.

Алтымышынчы жылдардагы эң мыкты иштелген ырларга төмөнкүлөрдү киргизсек болот. Алар "Адам каны", "Дарак", "Салмак", "Урук", "Кол", "Жыт", "Бут". Согуш талаасындагы суудай аккан жоокерлердин каны али күнгө чейин көз алдында элестеп, керек болсо ичиркентип, бейпай түйшүккө батырат. Адамзат проблемасы акындын ырларында өтө терең берилип ойлонтууга мажбурлайт. Тарыхка деле кайрылсак, биз сөз кылган Улуу Ата Мекендик согушка чейин да, андан кийин да канча согуштар болуп келген жана болуп жатканы бүгүнкү күндүн көйгөйлүү маселелеринен. 1945-жылдагы Улуу Ата Мекендик согушту акыркысы деп ойлогон эл андан кийин да канчасын көрдү. Канчалык кан какшап түшүндүргөнгө караганда ырдын кубаты, күчү таасирдүү болгондуктан, поэзия жанрына көбүрөөк маани берилет. Фронттук турмуштун жүрөк титиреткен катаал окуяларын поэтикалык тилдин кудурети менен сүрөттөө жагынан С. Жусуевдин "Бир тоголок картошка" аттуу ыры бир кыйла күчтүү чыккан. Мисалы, согуштун ардагерлери сүйлөшүп баратып, эки баланын картошканы топ кылып ойноп жүргөнүн көрүп калышат. Ошондо досу акынга кайрылып, өткөн күндөрдү эске түшүрөт: Ачка, кийимдери кир, араң бут шилтеп келаткан сөлөкөттөй туткундарды көз алдына келтирет да, ошондогу көз ирмемде өткөн көрүнүштү эске салат:

Бир картөшкө жолдо жатты куланып,
Туткун ага колун сунду кубанып.
Артыбыздан тытыр-р-р этип автомат,
Арык туткун сулк жыгылды суналып.
Аягында болсо:
...Мындай өлүм жок болсо да оюнда,
Туткун жатты чоочун өлкө жолунда
Кала берди өз канына боёлуп,
Бир картөшкө анын сенек колунда...

деп айтып бүтүп, картошканы тээп ойноп жүргөн балдарды узата карайт. [7, 183-б.] Мындай көрүнүштөр көп эле кездешет. Демек, ырдын чакан сюжети акындын жоокер досуна арналып, анын эскерүүсүндө туткун күндөрүндө көргөн бир тоголок картошкага байланыштуу окуяны гана баяндайт. Согуштук бул фактыны акын жалпылоочу көркөм чындыкка айлантып, лириканын элпек тили менен аны таасирдүү ачып берет.

"Алакан" аттуу ырда да ошондой кичинекей көркөм деталь менен маанилүү ойду окурманга таамай, таасын жеткирет. Мында согуштан кийинки тынч турмушту өткөрүп жаткан акын бир күнү баласын эркелетип жатып алаканын өбөт да, согуштагы бир көз ирмемди эстей кетет. Согушта бирге жүргөн Самак аттуу шайыр досу бир күнү баласынын алаканы тартылган кагазды көрсөтүп, аны аябай сагынгандыгын билдирет. Андан ары Саматтын өтө баласаактыгы белгиленип келип окуянын кульминациясына келип жетет. Бир күнү кыштактагы жоону сүрүп чыгып, бир короого келип, анда байлануу баланы көрүп аябай таңгалышат. Ошондо баласаак Самак аттап-буттап наристеге жетип бошотоордо боз топурак бурк этип, жоонун коюп койгон минасы жарылат. Акын ырдын ушул сабына келгенде туталанып, андан ары айталбай баратканын, бул окуя жүрөгүн канатканын, жерде купкуу болгон кичинекей алакандын жаткандыгын бар күчүн жыйып туруп минтип сүйлөйт:

...Кээде түшүп мен торуна санаанын,
Көргөнүмдүн көбүн эске саламын.
Согуш десе көз алдыма тартылат,
Ошондогу алаканы баланын
[7, 184-б.]

Алакан – бул аталык мээримдин, ата менен баланын ортосундагы сүйүүнүн символу. Ошондой эле бул согуштук окуяны, баласын сагынган жоокер Самакты, анын эрдигин эске түшүргөн шарттуу образ. Демек С. Жусуевдин «Алакан», «Бир тоголок картошка» аттуу ырлары согуш аяктагандан көп мезгилден кийин жазылган, бирок бул жөнөкөй гана мезгилдин аралыгы эмес, бул – акындын өз башынан өткөргөн, өзү көргөн-билген окуяларынын негизинде адамгерчилик менен жырткычтык, гуманизм менен ырайымсыздык жөнүндөгү поэтикалык ой-толгоолору. «Алакан», «Бир тоголок картошка» – булар өзүнчө бүткөн поэтикалык образдар, алар аркылуу акындын адам, анын

улуулугу жөнүндөгү көз карашы, философиясы ачылат.

Бул согуш жеке эле майдандагы жоокерлер эмес, тылда калгандардын да эси-көөнүнөн кеткис окуя болгон. Бу да болсо согуштун кесепети экендиги чыгармада таасын чагылдырылган. С.Жусуевдин бул ырларынын өзгөчөлүгү конкреттүүлүгүндө, предметтүүлүгүндө жана өзөктүү идеялардын туруктуу орун алгандыгында. Акын айтайын деген оюн образдуу, таасирдүү, конкреттүү көркөм деталды пайдалануу менен бере билет. Поэтикалык конкреттүүлүктүн жакшы үлгүлөрү катары анын "Дарак", "Жылуулук", "Кол" аттуу ырларын мисалга тартсак болот. Айрыкча "Дарак" аттуу ыры ойду конкреттүү сүрөттөө жагынан чеберчилик менен иштелген. Жөнөкөй гана көрүнүштөр символдуу образдарга айланат. Акын кандай гана көрүнүштү лириканын объектиси кылып албасын, андан адам үчүн жашоо үчүн зарылдыкты табат. "Жыт" – кадимки эле жыт: гүлдүн жыты, тоонун, абанын жана башкаларга мүнөздүү жыт. Карап турса поэзияга ылайыктуу деле объект сыяктанбайт. Бирок акын андан маанилүү ой табат. Эгерде татынакай абаны бомба менен ок-дарынын жыты бузуп турса, бул жаман көрүнүш. Ошентип, ал турмуштук бир деталь аркылуу согуш темасын ачып берет. "Согушту өз көзүм менен көрүп – дейт акын, – согуштун эмне экенин билген мага согуш жөнүндө жазуу милдет сыяктуу болгон жана менин чыгармачылыгымда негизги темалардын бири десек болот. Бул темада өтө көп ырларды жана поэмаларды жазууда негизги максатым жаш муундар сабак алса дегеним". (С. Жусуев менен маек., 2003-ж.)

Ал да он сегиз жаш курагында колуна курал кармап душман менен беттешкени жөнөгөн:

...Түшүмө тагдыр кирчү аккуу болуп,
Асманда сермеп учкан ак канатты.
Өмүрүмдө кыз кучактай элегимде,
Кучактап уктап жүрдүм автоматты. –

деген саптары чоң жоопкерчиликти мойнуна алган жаш уландарды көз алдыңа элестетет.

Согуш темасынын көркөм чагылдырылышы, анын чыгармачылык толгонууларынын магистралдык багытына айланышы С. Жусуевдин акындык ички муктаждыгынын натыйжасы болуп эсептелет.

Жыйынтыктап айтсак, С. Жусуевдин акындык жүзү согуш чыгармаларынан ачылып, бул темада аябай зор эмгек сиңирген деп чечкиндүү түрдө айта алабыз.

**Колдонулган адабияттар**


1. Жигитов С. Акындын жаңы жыйнагы // Сов. Кыргызстан, 1961, 5-февраль, 4-б.
2. Жусуев С. Эмгек күүсү // Ырлар жыйнагы. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1950, 104-б.
3. Жусуев С. Сүйүү менен ишенич. ырлар, поэма жана котормолор. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1956, 180-б.
4. Жусуев С. Үмүт. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1960, 136-б.
5. Жусуев С. Көңүл күүлөрү. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1966, 196-б.
6. Жусуев С. Тандалмалар. Тандалган ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1975, 492-б.
7. Жусуев С. Тандалмалар. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984, 260-б.
8. Жусуев С. Керемет. – Фрунзе: Кыргызстан,1988, 27-б.
9. Кыдырбаева Р.З. Бул үчөөнүн кимиси // Кырг. маданияты, 1973, 15-февраль, №7, 5-б.
10. Айтматов Ч. Эрдик менен мээримдүүлүк // Кырг. маданияты, 1991, №3, 7-б.


**Рецензент: филол.и.д-р, профессор Койлубаев К.**

УДК 821.512.254:82-1/29
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-162-166

**Жумакадырова К.М.**
Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын Билим берүү, маалымат жана котормо борбору
**Жумакадырова К.М.**
Учебно-информационный и переводческий центр Национальной комиссии по государственному языку и языковой политике при Президенте КР
**Zhumakadyrova K.M.**
Educational, Information and Translation Center of the National Commission on the State Language and Language Policy under the President of the Kyrgyz Republic

ORCID: 0009-0001-9532-42-13

# АКЫН С.ЖУСУЕВДИН ПОЭМАЛАРЫНЫН ИДЕЯЛЫК-КӨРКӨМДҮК БӨТӨНЧӨЛҮКТӨРҮ
# ИДЕЙНО-ХУДОЖЕСТВЕННЫЕ ОСОБЕННОСТИ СТИХОТВОРЕНИЙ ПОЭТА С. ЖУСУЕВА
# IDEOLOGICAL AND ARTISTIC FEATURES OF THE POEMS OF THE POET S. ZHUSUEV

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада С.Жусуевдин поэмалары анализге алынды. Cооронбай Жусуев кыргыз поэзиясында жемиштүү эмгектенип, поэма жанрын өркүндөтүүдө, анын ар кыл формаларын жаратууда өзүнүн талантуулугун көрсөткөн. Барган сайын тажрыйбасы артып, көркөм каражатты орду менен пайдалануу аркылуу чыгарманын көркөмдүгүн жана мазмунун арттырууга карата бардык күчүн жумшагандыгы көрүнүп турат.

**Аннотация:** В статье анализируются стихотворения С. Жусуева. Сооронбай Жусуев плодотворно работал в кыргызской поэзии, проявив свой талант в совершенствовании жанра поэмы и создании ее различных форм. Очевидно, что он приложил все усилия к повышению художественного качества и содержательности своих работ посредством накопления опыта и правильного использования художественных средств.

**Abstract:** The article analyzes the poems of S. Zhusuev. Sooronbai Zhusuev worked fruitfully in Kyrgyz poetry, demonstrating his talent in improving the genre of the poem and creating its various forms. It is obvious that he made every effort to improve the artistic quality and content of his works through the accumulation of experience and the correct use of artistic means.

**Негизги сөздөр:** поэма; жанр; жоокер; экология; образ; форма; мазмун; деталь; мораль; сюжет.

**Ключевые слова:** поэма; жанр; солдат; экология; образ; форма; содержание; деталь; мораль; сюжет.

**Keywords:** poem; genre; soldie; ecology; image; form; content; detail; morality; plot.

6. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү: мыйзам, 1989-ж., 23- сентябрь.
6. 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча улуттук программа. – Бишкек, 2014-ж.
7. https://kutbilim.kg/analytics/inner/uluttuk-nark-ulut-zh-z/
8. https://media-center.kg/kg/news/Kirgiz-narktari-376154405

**Рецензент: филол.и.к., доцент Кадыралиева Д.Дж.**

УДК 82
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-189-194

**Исаева С. Н.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Исаева С.Н.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Isaeva S.N.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0000-0002-2638-1687

# К.АРТЫКБАЕВДИН "ТЕҢИРГЕ АЧЫК КАТ" ПОЭМАСЫНДА ЭЛ ТАГДЫРЫНЫН КӨРКӨМ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ
# ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ОТРАЖЕНИЕ СУДЬБЫ НАРОДА В ПОЭМЕ К. АРТЫКБАЕВА "ОТКРЫТОЕ ПИСЬМО ТЕНГРИ"
# ARTISTIC DEPICTION OF THE PEOPLE'S FATE IN K. ARTYKBAEV'S POEM "OPEN LETTER TO TENGRI"

**Кыскача мүнөздөмө:** Качкынбай Артыкбаевдин "Теңирге ачык кат" поэмасы – Кыргызстандын эгемендүүлүк мезгилинде, айрыкча Акаевдин бийлиги учурунда коомдо жаралган социалдык теңсиздиктерге, эл турмушунун оор абалына жана адилетсиздикке каршы жазылган күчтүү публицистикалык жана көркөм чыгарма. Поэма төрт бөлүктөн турган "кат формасында" жазылып, түз Теңирге кайрылуу аркылуу элдин күйүтүн, наразычылыгын жана үмүтүн чагылдырган. Артыкбаевдин бул чыгармасында элдин тагдыры, бийлик менен карапайым элдин ортосундагы ажырым, социалисттик коомдун артыкчылыктары жана капиталисттик реформалардын кесепеттери терең чагылдырылган. Поэма көркөм чеберчилиги жана коомдук мааниси менен айырмаланып, окурманды терең ойго салат жана макалада дал ушул маселелер анализге алынат.

**Аннотация:** Поэма Качкынай Артыкбаева «Открытое письмо Тенгри» – значительное художественно-публицистическое произведение, отражающее социальные реалии Кыргызстана конца XX – начала XXI века, в особенности периода правления президента Акаева. Написанная в форме четырех открытых писем к Тенгри, поэма выступает как обращение от лица народа, страдающего от социальной несправедливости, бедности и политического угнетения. Автор противопоставляет достижения социалистического прошлого проблемам капиталистических реформ, критикуя элиту и выражая поддержку простым людям. Поэма отличается высокой художественной силой, глубиной анализа общественных процессов и актуальностью поднятых тем.

**Abstract:** Kachkynbay Artykbayev's poem "An Open Letter to Tengri" is a powerful socio-political and artistic work reflecting the hardships and inequalities faced by the Kyrgyz people during the late 20th and early 21st centuries, especially under President Akaev's rule. Written in the form of four letters

addressed to Tengri, the poem voices the frustrations, despair, and hopes of the common people amid corruption, poverty, and injustice. Artykbayev contrasts the fairness and stability of the former socialist system with the failures of capitalist reforms, expressing criticism of the ruling elite and solidarity with the oppressed. Rich in poetic imagery and civic engagement, the poem invites deep reflection on justice, governance, and the role of true poetry in society.

**Негизги сөздөр:** поэма; теңир; эгемен; поэзия; коом; көркөм кат.
**Ключевые слова:** поэма; Тенгри; независимость; поэзия; общество; художественное письмо.
**Keywords:** poem; Tengri; independent; poetry; society; artistic letter.

Жыйырманчы кылымдын аягындагы кыргыз поэзиясы жөнүндө, анын ичинде заман темасынын көркөм чагылдырылышы жөнүндө кеп козгогондо белгилүү акын Качкынбай Артыкбаевдин поэтикалык изденүүлөрүн аттап кетүү мүмкүн эмес. Анткени президент А.Акаев башкарган замандан баштап кыргыз элинин турмуш чындыгын ар тараптан туура жана кеңири чагылдырып, элдин чыныгы атуулу катары бардык оорчулукту жүрөгүнөн өткөрүп, чындыкты эч коркпой-үркпөй, тайманбай берүү жагынан К.Артыкбаевдин поэзиясы алдыңкы катарда турат.

Чындыгында акын алгачкы жыйнагынан баштап эле акындык өзгөчөлүгү байкалгандыгын өз учурунда эле кыргыз элинин сүйүктүү акыны Б.Сарногоев минтип жазган: "Негизги айтайын деген ой-пикирим акындын «Байчечекей» аттуу жыйнагы жөнүндө болмокчу. Жыйнакты адеп ачып окуганда эле көп ырларынын ойлуулугуна ыраазы болосуң. Акын ар бир ырында жаңы ой, жаңы табылга табууга аракеттенет. Артыкбаевдин дагы бир бөтөнчөлүгү – сөзгө сараң. Ырларында орчундуу ойлорду чакан ыр саптарына батыра билгендиги байкалып турат" [1, 220-б]. Мындай өзгөчөлүктү 2004-жылы К. Артыкбаевдин «Дил сыры» аттуу ыр китебине киргизилген буга чейинки жыйнактарындагы чыгармалары менен таанышып чыккандан кийин ачык көрүнөт. Акындын буга чейин "Байчечекей" (1964), "Тоолор менен сырдашуу"(1964), "Жаркын өмүр"(1975), "Жолдор жана тагдырлар" (1981), "Таазим"(1987), "Замана"(1994), "Теңирге ачык кат", "Дил сыры" (2004) сыяктуу ырлар жыйнактары жарык көргөн. Ал эми биз бул макалада акындын «Теңирге ачык кат» чыгармасына гана токтолмокчубуз. Анткени, акын дал ушул чыгармасы менен эгемен мезгилиндеги эл тагдырындагы чоң өзгөрүүлөрдү чыныгы элдин акыны катары таасын тарта алды. К. Артыкбаев Акаевдин заманын теңсиздик заман деп эсептейт. Эмне үчүн? Автор бул эң башкы суроого турмуш чындыгын туура чагылдырган ойчул, көркөм поэзиясы аркылуу жооп берүүгө аракет кылган жана бул жагынан алгылыктуу ийгиликтерге жетишкен. Акын жалтанбай чындыкты бетке айтуу менен коомдук турмуштун туура эмес багытка өтүп, элдик мүдөөнү эмес, бир ууч байлардын, бийликтегилердин мүдөөсүн көздөп, ал эми карапайым адамдардын жакыр турмушта кыйналып жашап жатышкандыктарынын себебин ачык көрсөтүп, коомдук түзүлүштүн өзүн оңдомоюн адилет жашоо болбостугун, теңсиздик, адамды эзүү улана бере тургандыгын аң-сезимге уюта айта алгандыгы ачык байкалып турат.

Булар жөнүндө терең тынчсызданган акын бүгүнкү турмушту «Теңирге ачык кат» поэмасында конкреттүү окуяларды сүрөттөө менен абдан таасын элестеткен. Теңсиздик замандагы элдин жалпылаштырган образын түзүүгө жетишкен поэманы кунт коюп окуган адам элдин турмушунун кантип начарлаганын, ага наразы болгон элдин ички аң-сезиминин кантип уюшкандык деңгээлге жеткенин, бийликтегилердин (өзгөчө президенттин) калк ишениминен кантип кете баштаганын, парламентке кысым жасалып, туура эмес чечимдердин кабыл алынып кеткенин (Үзөңгү-Кууш, Аксы окуялары, пенсияларды чектөө, Конституцияны бузуу ж.б. маселелер боюнча), элдик депутаттардын арасынан чыккан чыныгы патриот адамдардын бийликке каршы келишпес күрөшкө чыгып, жабыр тартканын, кыскасы, бийликке каршы жалпы элдик кыймылдын кантип көбөйүп, кантип уюшуп эң жогорку курч деңгээлге жете баштаганын даана сезе алат. Тагыраак айтканда, элдин образы бул поэмада чоң реалисттик сүрөттөө менен даана элестетилген.

Бул жөнүндө көрүнүктүү сынчы Санарбек Карымшаков: "К. Артыкбаев традициялуу ыр формасы менен каламдаштары тарабынан мурдатан жазылып келаткан темаларга көп кайрылат. Кандайдыр бир жок жерден оттук чыгып, "жаңылык" издеп, курулай амбицияга берилбейт. Өзүн-өзү алдап, ой ичинен ой чыгарбайт. Ошол салттуу ыр формасы менен салттуу темалар турмуштун өзү сыяктуу эле түгөнбөстөн уланып, мезгил агымы менен жаңыланып

турарын тарыхый историзм принциби боюнча туура аңдап, акын катары таянычын бар чындыктан издейт" [2, 66-б] – деп так аныктама берген. Бул даана берилген баанын чындыгын бир жарым миң саптан ашуун көлөмдөгү поэма «Теңирге ачык кат» деп аталганына жараша кат формасында жазылып, төрт ачык катты камтыйт. Биринчи каты 1996-жылы жазылып, 1998-жылы «Республика» гезитине жарыяланган. Экинчи каты 1997-жылы, үчүнчү каты 1998-жылы, ал эми төртүнчү каты 2002-жылы жазылган. Эмне үчүн автор «Теңирге кат жазуу» зарылдыгын көркөм чыгарманын өзөгү катары пайдаланып отурат. Биздин оюбузча, анын себеби мындай: теңдикти, токчулукту камсыз кылып, ага кам көрүп, кантип оокат кылам деген сар-санаадан куткарып, бейкут жашоону, элдин социалисттик коомду «жерип» капиталисттик коомго зордоп өткөргөндүгү элдин муңкүрөп, жакырчылыкка чөгүп, бийликтегилердин, байлардын адилетсиз, эки жүздүү мамилесинен эси ооп, анан башында кыйнаган арыз-муңун айтайын десе мурдагыдай аларды укчу бийлик жоктугунан айласы кетип, түз эле Теңирге кайрылууга мажбур болуп отурушат.

Экинчиден, Теңирге ачык кат жазуу чындыкты туура чагылдырууга ыңгайлуу жагдайды түзгөн шарттуу көркөм ыкма экендигин да баамдасак болот. Эмне үчүн Теңирге кайрылуу керек эле. Анткени ал – адамзат жамаатындагы түшүнүк боюнча адилеттикти, калыстыкты, теңдикти, боорукерликти, ыймандуулукту эш тутуп, ар кандай арам, жаман көрүнүштөргө каршы турган бирден-бир жалгыз улуу күч. Демек, ишене турган Москва жок болгондон кийин, акыйкаттын туусу болгон Теңирге кайрылуу бардык жагынан алымдуу, логикалуу аракет болмок жана теңсиздик замандын быкыйларын Теңир гана туура таразалап көрүп, кыйналган пенделерине бардык жагынан көмөк көрсөтө алат деген жакшы үмүттү жаратмак. Поэманын бүткүл мазмуну жана идеялык багыты да ушул улуу үмүттү аздектөөнүн чегинде жаралып, чындыкты туура сүрөттөөнүн эң керектүү бирден бир жолу катары кабыл алынат.

Биринчи катта негизинен, теңсиздик коомдун карапайым калың элди тебелеген зордук-зомбулуктары, адамды кемсинткен жорук-жосундары, жакырчылыктын жанга баткан запкылары ачык, даана сүрөттөлүп, анан ал өткөн социалисттик коомдун адамдарга кам көрүп, турмуш-тирчилигин татынакай деңгээлге жеткирип берген жетишкендиктерине салыштырлат да, бул жагынан Теңирдин калыстык кылбай жатканы эскерилет. Андан бул кемчиликти түзөтүүнү сурагандыгы эскертилет. Экинчи катта биринчи каттагы эле мазмун андан ары чындыктын ар түрдүү жактары менен толукталып, тереңдетилип, биринчи катта айтылган кемчиликтерди оңдоо, өтүнүчтөрдү аткаруу жагына теңирдин көңүл бурбай жаткандыгы маалымдалат. Анан бул катта автор маанилүү бир деталды баса белгилеп, ага өзгөчө көңүл бурууга бизди мажбурлайт. Кечээ эле 30–40-жылдары катуу жолдош болуп, чайларын бирге ичип сыйлашып жүргөн, адамдардын теңдикте жашоосун жактап сүйлөп, кызыл кулактыкка каршы турган досунун акыркы учурларда таптакыр башкача адам боло баштаганын, мурдагы түшүнүктөрүн жеңип, эми ага каршы сүйлөп, а түгүл Акаевдин заманы кут болсун деп каалаганын көрүп, таң калганын жашырбай баяндайт автор. Көрсө:

Бир «камокту» алыптыр,
Товар сатып калыптыр.
Үшүп-шишип турганы,
Ага майдай жагыптыр.

Достук оозу жабылып,
Бай тарапка жагынып.
дудук болуп калыптыр,
Тилге кулпу салынып. [3, 100-б.]

Поэманын үчүнчү каты «Пенсионерлердин ыйы» деп аталат. Мында пенсиядагы адамдардын оор турмушу, пенсиянын аздыгы, анын нанга, сүткө жетпей жатышы, ага кошумча убагында берилбей калышы сыяктуу кыйын-кыстоо ахыбалдары даана сүрөттөлүп, мунун акыры пенсиядагылардын уюшуп, биримдешип, көчө бойлоп жүрүшкө чыгышып, Ак үйдөгү өкмөткө келип, пенсияны көбөйтүүнү, убагында берүүнү талам кылган пикетке өсүп жетилгендиги чагылдырылган. Өкмөт убадасына турбаган соң, кайра-кайра пикетке чыгышып, убара болушканы элестүү берилген. Баарынан да бир пенсионер аялдын кейиштүү тагдыры тууралуу сүрөттөлөрдү окуганда, андай тагдырды дээрлик бардык пенсионерлердин башынан өтүп жатканын көзгө элестетип, зээниң кейибей койбойт. Жалгыз бой келин төлөмөр квартирада туруп, соода-сатык жасап жүрүп, анан эле бир күнү дайынсыз жоголуп кетет. Ал келинден дайыма карыз акча алып, эң жакын жакшы мамиледе жүргөн коңшу песионер аял муну көрүп, кыжалаат болуп, сар санаа чегип жүрөт. Ошентип жүргөндө, бир күнү келинден кат келет. Көрсө, ал соода-сатык иштери менен

Россиянын Магнитогорск шаарына барып, ошол жакта жашап, а түгүл күйөөгө тийип алган экен. Катында пенсионер кошунасына мурда ал билбеген кабарды айтып өтүнүч кылыптыр. Келин мурда эле эч кимге билгизбей жалгыз баласын балдар үйүнө өткөрүп койгон экен. Ошону кошунасына кабарлап, баламдын абалын кат аркылуу билдирип турсаңыз деп өтүнүч кылыптыр. Пенсионер ал келиндин абалын билип, оокат кылуунун айынан баласын балдар үйүнө өткөзгөнүнө зээни кейип, баарынан да карыз акча алып турган жакшы кошуна келинден айрылганына бушайман болуп, эми кантип оокат кылам деп сары убайымга чалдыгат.

Поэманын төртүнчү катында өзүбүз күбө болгон конкреттүү окуяларды, революциячыл сезимдерди козгогон кээ бир патриот инсандарды сүрөттөө орун алган. Жайсаңбаевдин 18 миллион долларды жеп, качып кеткендиги аны жалгыз ал жебей, чоңдордун кошо жегени, ошондой эле ажонун күйөө баласынын Манас аэропортундагы Америкалык согуштук база менен байланышып байып жаткандыгын ажонун өзү сыймыктануу менен билдиргендиги, ошентип бул өңдүү, ондогон, жүздөгөн фактылардагы мыйзамсыздык жосундардын айынан өлкөбүздүн элин жакырчылык, кымбатчылык басып кыйнап жаткандыгы, бул иште да Теңирдин калыстык кылбай, аларга жан тарткансып тургандыгы катта Теңирдин өзүнө тике айтылат. Өзгөчө Үзөңгү-Кууште эч олуттуу негизи жок туруп, Кытай Республикасына кармата берүү окуясынын элди аябай нааразы кылып, айрым патриот депутаттардын катуу каршылык көрсөтүүлөрүн пайда кылгандыгы, бул багытта депутат Азимбек Бекназаровдун катуу айырмалангандыгы сүрөттөлөт. Андан ары поэмада Бекназаровду ажонун камаганы, ага нааразы болуп Аксыдагы шайлоочулардын калың элдин жапырт уюшуп, нааразычылык билдиргени, тынч турган элге милициянын ок атып беш адамдын жазыксыз курман болгону элдин нааразычылыгынын ого бетер күчөп премьер-министр баш болуп айрым өкмөт мүчөлөрүнүн кызматтан кетүүгө мажбурланганы, комиссия аксылыктардын талабын туура деп таап, Бекназаровдун камактан бошотулгандыгы, а бирок жазыксыз адамдарды аткандардын (аттыргандардын) эч жазыксыз кала бергендиги мунун өзү акыйкатсыздыктын эң жогорку үлгүсү катары бүткүл республика элин катуу кыжырлантканы элестүү, таамай баяндалган.

Бир сөз менен айтканда, республикада революция болуучу кырдаалдын улам жетилип, курчуп, бышып келатышы поэманын мазмунунан ачык байкалып турат. А түгүл автор республикада ушундай акыбал түзүлгөнүн Теңирге жазган акыркы катында ачык билдирип, мындай ыплас коомдо жашоого мүмкүн болбой калганын баягы эле, социалисттик коомго катуу өтө зарыл болуп жатканын Теңирге эскертип, колдон келсе ошол коомду элге кайра кайтарып бер деген өтүнүчүн билдирүүгө батынат.

«Теңирге ачык кат» поэмасынын мындай жыйынтыгы ар бир атуулду терең ойлонтууга жарамдуу десек болот. Чынында да, Америка Кошмо Штатынын капиталисттик мамлекеттердин, МВФ, Дүйнөлүк банк, Джодж Сорос ж.б тилин алып, социалисттик коомдун эң сонун, жагымдуу шарттарын пайдаланбай, жерип, рынок реформасын түзүү, капитализмге өткөнүбүздөн кимге пайда болду? Бир ууч байларга, бийликтегилерге гана пайдасы тийди да. Калың элдин кабыргасын кайыштырган зыянга турду. Муну көрүп, билип, башыбыздан өткөрүп жатабыз.

Мына поэмада көрөгөчтүк менен көрсөтүлгөндөй, революция бышып-жетилип, 2005-жылдын 24-мартында элдик революция жеңип, ажо үй-бүлөсү менен чет мамлекетке качып, калган жан-жөкөрлөрлөрү бүт бийликтен шыпырылып, 10-июлдагы жалпы элдик шайлоодо жаңы президент шайланып, жаңы өкмөт түзүлүп, эми республика кандай багытта өнүгөт болду экен, калктын турмушу оңолобу же жокпу деген суроо күн тартибине эң курч коюлат. Ушундай кырдаалда К.Артыкбаевдин поэмасында козголуп күн тартибине курч коюлган социалисттик коомдун жакшы жактарын турмушубузга киргизүү маселеси болду. Ал үчүн мамлекеттин казынасына акча түшүрө турган стратегиялуу тармактардын (бензин, арак, нан, тамеки, дары-дармек, энергетика, телеком, кыргызалтын, транспорт ж.б. тармактардын) мамлекеттин карамагында болушунан башка жол жок. Бул чыгарма жазылган учурдагы радио, басма сөздөрдөгү маалыматтар боюнча, экономиканын маанилүү стратегия тармактарынын АКШда 25 процентти, Англияда 47 процентти, Францияда 45 проценти мамлекеттин карамагында турат экен. Ал эми Кытай мамлекетинде негизинен жалпы элдик, жалпы мамлекеттик иш жүргүзүп, өкмөткө, өзүнө пайда берген жеке менчиктерге да жол берилип, бир сөз менен айтканда, социализмдин, капитализмдин жакшы жактары айкалыштыра

кыйыштырылып, экономикалык жактан өлкөнүн катуу өсүп жатканы белгилүү.

Албетте, бизде мындай жолго өтүү абдан татаал болуп калды. Анткени Акаевдин, Бакиевдин замандарында бардык тармактар бир ууч байлардын, бийликтегилердин колуна өтүп кетип, мамлекеттин казынасына киреше түшүрүүчү стратегиялык экономикалык тармактар жоголуп, алардан түшүүчү кирешелер жеке адамдардын чөнтөгүн толтурууга гана кызмат кылып калган. Ал эми аларды кайра мамлекетке кайтаруу үчүн өтө этият, кылдат, тынч макулдашуучулук саясатты жүргүзүү өтө зарыл. Айтор, эмнеси болсо да, К.Артыкбаев өзүнүн «Теңирге ачык кат» поэмасында көркөм сүрөттөп, курч козгогон учурдун маселелери мына ушундай ой жүргүзүүгө бизди мажбурлайт. Поэманын ийгилиги да, баалуулугу да ушуга түздөн-түз байланыштуу. Революция демекчи, СССР кулап, анын карамагындагы Союздук республикалар өз алдынча мамлекет болдук деп, алардын бир катарын Америка Кошмо Штаттары менен батыш Европанын мамлекеттери бооруна кыскан болуп, «демократия!» деген алдамчы ураанга азгырып, рынок экономикасы аттуу реформаны жүргүзүү, жалпы менчикти жеке менчикке бийлетип, баш-аламандыкты, ички карама-каршылыкты, тартипсиздикти күчөтүү, анан СССРди, социалисттик коомду, социалисттик идеологияны бир беткей жамандап, акча берип жамандатып, социализмден кырып алар кызылды көрбөй аны мокочо катары көрсөтүп жаткан учурлар күчөп, ошонун илеби дагы уланып келет. “... совет мезгилине кылдай капачылыгы жок акын постсоветтик учурдагы саясаттын туура эмес жактарын, бийликтегилердин адилет-сиздигин, элдин эсебинен жан баккан чиновниктерди көрүп, ошол көрүнүштүн поэзиянын объектиси болуудан калып, поэзия жалаң «жеңил-желпи», «показуха» ырларды жазууга өткөнүнө кейийт, андай чыгармаларды жараткандарды «убактылуу рифмовщик» катары түшүнөт. Акындын поэзияга мындай мамилесин бардык учурда байкоого болот. Кайсы бир акындын чыгармачылыгы тууралуу жазылган илимий ишке баа берүүдө болсун, ким бирөөнүн ырлары тууралуу кеп болуп калганда болсун, өзгөчө сын көз менен маани берип караар эле”. [4, 50-б.]

Мезгил, турмуш бир калыпта турбай тургандыгын, «революция» деген сөздүн да эл үчүн керек болорун кечээки эле Украинадагы, Грузиядагы элдик революциялардын жеңиши эң ачык көрсөтүп, ал эми 24-марттагы, 7-апрелдеги кыргыз «революциясы» муну айдан ачык, алардан да таамай далилдеп салбадыбы! Эске алып, айрыкча баса белгилеп коюучу бир жагдай революциянын эч качан өлбөй тургандыгын акын К.Артыкбаев 1998-жылы жазган «Революция өлдүбү?!» деген ырында эле:

Ооба, чын! Революция алдырды сырын?
(айтат деп отуруп сөздүн чынын.
Мансапкорду өзүндөй ак көрүп,
Байкабай бугуп жаткан ички сырын....)
Бирок ал кеткен жок биротоло жоюлуп,
Ырас денеси гана көмүлдү.
А руху жатса да тонолуп,
Эч өлбөй жашай берет,
келет кайра айланып.
Кырдаал туулганда оңолуп,
Лениндей кеменгерлер чыккан кезде торолуп...[3, 68-б.]

деп оптимисттик маанайда терең ишенүү менен ачык, даана эскерткен. Ленинди, революцияны жамандап, алардын күнү бүттү деп какшап, сайрап турган кырдаалда акындын минтип айтышы, албетте, анын коомдук формациялардын өнүгүү мыйзам ченемдерин мыкты билгендигинен улам болуп отурат. К.Артыкбаевдин дагы бир (1998-жылы «Республика» гезитинин 20–26-октябрдагы санына жарыяланган) ыр-маектерин («Керекпи Ленин адамга», экинчи маеги – «Кыргызда Лениндин барбы баркы?») эске ала кетели. Биринчи ыр-маектин жыйынтыктоочу акыркы куплетинде эле тарыхый чындыкты таамай айткан терең ой камтылып жатат.

Бири – бай, бири – кедей болгон жерде эч качан теңчилдиктин, чыныгы демократиянын болушу мүмкүн эмес. Ленин ошол үчүн социалисттик коомдун башкы артыкчылыгы жалпы элдик, мамлекеттик менчиктин өкүм сүрүшүндө деп эсептеген. Албетте, бул принциптин байларга жакпай тургандыгы, ошон үчүн алардын оозунан «тендик» болсун деген сөздүн эч качан айтылбашы, анын ордуна «теңчилик болсун» дегенди талап кылган Ленинди жамандоого, жек көрсөтүүгө аракеттерин талашсыз чындык деп сүрөттөйт.

Экинчи маекте автор кыргыз эли Ленинди эч качан унутпай тургандыгын, бир гана тарыхый мисалды келтирүү менен баса көрсөтөт. Октябрь, улуу Ленин болбогондо Үркүндөн кийин кыргыз жок болуп калмак (ушуну унуткандар анык айбан! Андайлар ар ыпылас ишке бармак), болсо да, Лениндин миң катасы, бир гана ушул улуу чындык үчүн,

баарысын эстүү кыргыз кечип салмай. Автордун бул таамай айткан терең ою, акындык аппак позициясы, Ленинди дүйнө боюнча туш-туштан жамандап жатканда айтылып, анын басма сөзгө жарыяланышы ал кездеги көркөм адабиятта сейрек кездешүүчү эрдик болчу. Адилеттик үчүн жанын аябай күрөшкөн чынчыл поэзиядан гана мына ушундай толкунга көкүрөгүн тоскон аракетти көрүүгө болот. Ушундан улам поэзиянын коомдогу ролу кандай, чыныгы поэзиянын мазмуну кандай болот деген маселенин тегерегинде ой жүгүртүп көрөлү. Ооба, биз поэтикалык чыгармалардын түбөлүктүү деп аталган өмүр, өлүм, турмуш, жашоо, тирүүлүк, адилеттик, арамдык, чынчылдык, боорукердик, ыймандуулук, сүйүү, достук жана башка темаларга байланыштуу жакшы жазылгандарын аздектеп, чыныгы поэзия деп мүнөздөп келебиз. Ал эми коомдук турмуштун чындыгын чагылдырган ырларды саясатка байланыштуу жаралган деп, аларды экинчи сорттогу, же күнүмдүк гана жашоосу бар чыгармалар катары мүнөздөгөн учурларыбыз көп кездешет. Мындай пикирлердин бир беткей экендигин К. Артыкбаев сыяктуу акындардын сөз болгон ырлары далилдеп турат десек, аша чапкандык болбойт.

**Колдонулган адабияттар**


1. Сарногоев Б. К. Артыкбаевдин жыйнакка топтогон ырлары жана поэмалар жөнүндө пикирим. – Китепте: К. Артыкбаев жөнүндө эскерүүлөр. – Бишкек, 2011, 220-б.
2. Карымшаков С. Качкынбай Артыкбаевдин илимий-сынчылык ишмердиги: монография. – Бишкек, 2001, 66-б.
3. Артыкбаев К. Теңирге ачык кат. – Бишкек, 2000, 89-б.
4. Эгембердиева А. Мазмунга бай поэзия. Жылдар үнү. – Бишкек, 2006.


**Рецензент: филол.и.к., доцент Медетов А.С.**


УДК 801.6
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-194-199



**Исаева С.Н.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Исаева С.Н.**
КНУ им. Ж. Баласагына
**Isaeva S.N.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0000-0002-2638-1687


## УЛУТТУК АҢ –СЕЗИМДИН КӨРКӨМ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (А.ӨМҮРКАНОВДУН «КҮКҮК», «АК МАКТЫМ», «ЭС ОЙГОТОР» ПОЭМАЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА)
## ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ОТРАЖЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО САМОСОЗНАНИЯ (НА ПРИМЕРЕ ПОЭМ А. ОМУРКАНОВА “КУКЮК”, “АК МАКТЫМ”, “ПРОБУЖДЕНИЕ МЫСЛИ”)
## ARTISTIC REFLECTION OF NATIONAL CONSCIOUSNESS (BASED ON THE POEMS “THE CUCKOO”, “AK MAKTYM”, AND “AWAKENING THOUGHT” BY A. OMURKANOV)


**Кыскача мүнөздөмө:** Макала КРнын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын ээси, Кыргыз эл акыны А.Өмүркановдун “Күкүк”, “Ак Мактым”, “Эс ойготор” аттуу поэмаларында дүйнө жоктон барды тапканына топук кылбай, улам ийне менен илим казып, ач көз араанын ачып отуруп, акыры мына «ааламдаштыруу» («глобализация») деген алааматка апкелип такагандыгын, дүйнө тагдыры, адамдын дүйнөдөгү орду, анын жашоосунун маани мазмуну асты-үстү болуп, таанылгыс болуп өзгөргөндүгүн кантип көркөм чагылдыргандыгы адабий анализге алынат. А.Өмүрканов мына ушундай «бар» же «жок» деген бычактын кырында турган элдешкис каршылыктын сыноосуна жооп кылып, «Ак Мактым», «Күкүк», «Эс ойготор» аттуу кыска, нуска поэмаларын жаратты. Бул поэмалар аркылуу акын ааламдаштырууга өзүнүн жекече акындык мамилесин билдирди. Анын эл, жерге

болгон атуулдук, акындык сүйүүсү үч аталыштагы поэманын жалпы негизин түзүп, бир уңгудагы философиялык ойду камтыйт. Акын чоң тарыхтын чордонунда кайнаган үч түрдүү окуяны алат да, кандай каар, кандай запкы болбосун, эл элдигин, журт журттугун сактап калууга болгон сан аракет, сансыз айла-амалдарын көрсөтөт. Көрсөтүп эле тим болбой, ошол аман калгандардын улут деп соккон акылын, улут деп күйгөн улуу сүйүүсүн үлгү катары даңазалайт. Бул белгилүү сюжеттин негизинде жазылган поэмаларда акындын кошкон жаңы идеясын, көркөмдүк деңгээлин конкреттүү мисалдардын негизинде ачып берүү менен өзгөчө макалада жаңы көркөм сөз табуудагы жана образдарды так, даана ачуудагы акындын чеберчилигин көрсөтүүгө аракеттендик.

**Аннотация:** В статье анализируется, как поэт А. Омурканов, лауреат государственной премии КР имени Токтогула, в своих стихотворениях «Кукук», «Ак мактым», «Эс ойготор» художественно изображает, как мир, не довольствуясь обретением всего из ничего, продолжает добывать знания иголкой и пилой и в конце концов натыкается на бич «глобализации», и как до неузнаваемости изменились судьба мира, место человека в мире, смысл его жизни. А. Омурканов, отвечая на вызовы непримиримых противоречий между «бытием» и «небытием», создает лаконичные, насыщенные поэмы «Ак Мактым», «Күкүк», «Эс ойготор». Через эти произведения поэт выражает своё личное поэтическое отношение к глобализации. Его гражданская и поэтическая любовь к народу и родной земле составляет основу всех трёх поэм, объединённых общей философской идеей. Поэт берет три разных исторических события, кипевших в центре большого времени, и показывает, как бы ни были суровы испытания, народ всеми способами и ухищрениями стремится сохранить свою самобытность. Более того, он прославляет, как пример, живой разум и великую любовь уцелевших, пылающих сердцем за нацию. В этой статье предпринята попытка показать, как на основе известных сюжетов поэт добавляет новые идеи, раскрывает художественный уровень поэм с помощью конкретных примеров, а также демонстрирует своё мастерство в создании образов и новых художественных средств выражения.

**Abstract:** A. Ömürkanov, People's Poet of Kyrgyzstan and laureate of the Toktogul State Prize of the Kyrgyz Republic, in his poems "Kukuk," "Ak Maktym," and "Es Oygotor," artistically reflects how humanity, unsatisfied with what it has created from nothing, continues to probe science like with a needle, growing increasingly greedy and ultimately leading itself into the disaster of "globalization." These works explore the fate of the world, the place of humans in it, and the meaning of life—radically transformed and turned upside down. In response to this stark and irreconcilable conflict between "existence" and "non-existence," Ömürkanov created concise and meaningful poems: "Ak Maktym," "Kukuk," and "Es Oygotor." Through these works, the poet conveys his personal poetic stance on globalization. His civic and poetic love for his people and land forms the foundation of all three poems, which are united by a common philosophical thread. He draws upon three distinct historical events situated in the heart of great history and shows how, despite hardships and oppression, the people strive by all means to preserve their identity. Moreover, he glorifies the wisdom and profound national love of those who survived as exemplary virtues. This article attempts to reveal, through concrete examples, how the poet adds new ideas to well-known plots, elevates the artistic level of the poems, and demonstrates his mastery in crafting vivid imagery and discovering new expressive language.

**Негизги сөздөр:** поэма; көркөмдүк; улуттук аң-сезим; образдуу; мекен; окуя.

**Ключевые слова:** поэма; художественность; национальное самосознание; образность; Родина; событие.

**Keywords:** poem; artistry; national consciousness; imagery; homeland; event.

"Тунук поэзия – ак жүрөктөн, бийик поэзия –бекем эрктен, өз улуту тууралуу улуу ырлар – табиятынан көңүл тереңинде жашап турган нагыз патриоттук улуу сезимден жаралат" [1, 95-б.] дегендей, кыргыздын чыгаан, таланттуу, залкар акындарынын бири А.Өмүркановдун поэмалары улуттук аң-сезим маселесине биринчилерден болуп кайрылып, аны ар бир мекенчил окурмандан сезимин селт эттире жазууга жетишти.

Үч уктаса түшкө кирбеген таш боордук, адилетсиздик, эки жүздүүлүк бүгүнкү күндүн турмуш чындыгына айлангандай. Жердин жердик касиетине, элдин элдик кудуретине доо кетти. Эл-жер экологиясы жабыр тартты. Ушулардын айынан жан экологиясы бузулду. Алдуусу алсызын жеп кирди. Күчтүү күчсүзүн күнөөлөдү. «Кудайдын күнү баарыга бирдей тийет» деген сөз калп болуп чыкты. Канчалаган калк кайыды. Азыр да кайыганы турат. Эмне кылуу керек деген суроого А. Өмүрканов төмөндөгүчө жооп берет.

«Ак Мактым» уламыштан уланып далай доор, далай заман баскан, негизи кыргыз топурагынан жаралып, элге тарап, анан кыргыз арасында айтыла берип, чачы куудай болуп бизге жеткен жомок. Ошондой эле «Мактым», «Мактым сулуу», «Мактым сулуу, Бегарстан тайчы», «Ак Мактым» (ж.б.) кыргызча варианттары гана эмес, хакас элинин «Абахай Пахта» тарыхый уламышы жана уйгур элинин «Чин Төмүр – батур жана Мактым – сула» деген жомогу бар. Мына ушул кыргызга эмес, башка улуттарга да белгилүү болгон Мактым сулуу жөнүндөгү уламышты поэмага айландырып, А. Өмүрканов өзүнүн гана калемине мүнөздүү өзгөчөлүгү аркылуу Ак Мактымдын образына жаңы штрихтерди кошо алган. Акын элибиздин өткөндөгү прогресс, эркиндик үчүн күрөшүн, аны алга жетелеген андагы гуманистик идеяларын биздин бүгүнкү жана эртеңки максатыбызга канатташ каркыттап, тарбиялык маанисин арттыра сүрөттөй алгандыгы, уламышка жаңыча боёк, башкача түр-түс кошуп, жаңыча образ түзө алгандыгы менен ийгиликке жетет. Чындыгында, «Ак Мактым» уламышынын варианттарында ар кандай өзгөчөлүктөр болсо да, негизинен туруктуу мазмундук өзөк бар. Ал мындайча: кыргыздын Байсары деген байынын Ак Мактым аттуу сулуу кызы, эки баласы (кээ бир варианттарда сиңдиси да бар) болот. Мейиз жутса аппак алкымынан карарып көрүнгөн, ай жамалы ашынган сулуу Ак Мактымды калмактын ханы Асан паша көрүп сүйүп калып (кээ бир варианттарда Бегарстан тайчы), кыздын агалары ууга кеткенде зордук менен алып кетет. Мындай иш болорун алдын ала түшүнөн көрүп, Ак Мактым агаларына айтат. Бирок, алар ишенбей ууга аттанып кете берет. Агалары жокто туткунга кеткен Ак Мактым калмактын ханынан бир нече балалуу болсо да, өз эл-жерин, анташкан жигитин унута албай, акыры Телтору күлүгүн минип качып чыгат. Артынан кууп келген Асан паша дайрадан өтө албай турганда Ак Мактым баланы алып келип сууга салса гана кайрылаарын билдирет. Ага хан макул болуп, балдарын сууга ыргытат. Ошондо гана бардыгынан кутулган Ак Мактым элине келип, өзү сүйгөн жигитине турмушка чыгат. (Ал эми М.Зулпиевдин варианты боюнча Ак Мактым күйөөсүнүн башын кыя чаап салса, күйөөсүнүн кыйылган башы аны дайыма ээрчип алат. Ак Мактым бир күнү ээрчип жүргөн башты бир тепсе, баштын сөөгү бутуна кирип, жара болуп ырбап өлөт).

Ал эми акын А. Өмүрканов жогорудагы уламыштагы белгилүү материалдарды сапаттык жаңы рухий көркөм кубулушка айландырат. Акын поэманы жазууда образдуу, көркөм ой жүгүртүүнүн сезимди «селт» эттирген бийиктигине жеткирет. Акын бул поэмасында эл-жерди чексиз сүйүп, анын айныгыс эр жүрөк патриоту болушуң керек деген идеяны берүүнү башкы максат кылып алып, уламыштагы ошол идеяны андан ары терендетип, өз алдынча ачат.

Поэманын башталышында сүрөттөлгөн пейзаждык штрих жөн гана жаратылыш көрүнүшү эмес, мында келечектеги окуянын, каармандын кандайдыр бир кайгылуу армандуу ал абалынан кабар берет. Бекер жеринен «Ак жылан карала уйду эмип турган» жери жок. Поэманын жогорудагы башталышындагы жыш колдонулган метафоралык курулмалар аркылуу трагедиялуу окуянын илеби келет. Поэмада андан ары Ак Мактымдын Контаажыга олжо болуп келгендиги сүрөттөлөт.

Акын Ак Мактымдын сырткы сулуулугун мына ушундайча кемелине келтире сүрөттөсө, андан ары анын өзүнө таандык жеке сыпаттарга ээ болгон адамдык, аялдык касиеттерин, ички тунук сезимин, ойлорун кыска, так образдуу саптар аркылуу ачат.

Ал эми Контаажы Ак Мактымдын образына антитеза катары берилген. «Чагыр көз, канжа мурун, чап жаагынан», «Жылаандай чолок сойлоп жылмаюусу», Контаажынын кебете-кешпирин чыйрыктыра сүрөттөө менен акын окурмандардын ага болгон иренжүүсүн пайда кылат. Чексиз сулуу Ак Мактымды Контаажы эт-бетинен кетип сүйүп, олжо кыздар үйүндөгү жайнаган кыз-келиндеринен артык көрүп, той-тамаша, каада-салт менен үйлөнөт. Бирок, дүр тамак, адеми кийим, ашкан байлык, ошондой эле Контаажынын сүйүүсү да Ак Мактымдын тоңгон жүрөгүн эрите албайт. Анткени, кыз жүрөгүндө эл-жерине деген чексиз сүйүү, улуттук аруу ар-намысы кайнап турган.

Чыгармада Ак Мактым тагдырдын адилетсиздигине каршы чыгып, өзүнүн аялдык бийик намысы үчүн чечкиндүү кадам жасагандыгы кыска, көркөм сүрөттөлөт. Акыры көңүлү кирдеп, ичи зилдеген Ак Мактым түн ичинде өз элин беттеп качып чыгат. Ак Мактымды Контаажы өзү кууп келет. Мына ушул жерде акын поэманын эң өзөк идеясын ишке ашырыш үчүн сонун көркөм ыкманы табат… Ал Ак Мактым менен Контаажынын диалогунда ачык көрүнөт:

Контаажы:

Кайтпасаң бу баланды таштайм сууга!..
Алтын нур чачыратып айланага.
Контаажы Ак Мактымдын карегинен,
Баягы заарды көрдү. Кетти өңдөн…
Аңгыча Мактым жааны тартып ийди,
Жаа огу наристеге келип тийди.
Бала үнү тып басылды. Оозуна,
Эмчекти сала койгон шекилденди.
Шарт минди тыбырчылап турган атка.
Ак Мактым:
Бактылуу – ким болбосун сүйүү тапса!
Ак Мактым төрөй турган бала башка…
[2, 308-б.]

Эгерде акын «Күкүк» поэмасында эне менен баланын кыйышпас мээрин, сүйүүсүн эне күкүк өз жумурткасын талаага таштап койбой башка куштун уясына салып койгондугу менен туюндурса, «Ак Мактым» өз колу менен өзү жек көргөн кишиден төрөлгөн баласын жантаслим кылып, андан эл, улут кызыкчылыгын жогору коюп, жанын жеп, кайратын эзген кегин кетирбей, өчүн өчүрбөй алып калган абалкы кыргыз кызынын баа жеткис баатырдыгын даңазалайт.

Поэманын тили образдуу, кыска, так, көркөм. Тажатма мазмун, татымы жок сюжеттерден арылып, анын ордуна жогоруда көрүнгөндөй, көркөм-эстетикалык таасирдүүлүгүн арттырган образдуу сөздөрдүн жаңы курулмаларын, жаңы сөз айкаштарын, сөздөрдүн жаңы өтмө маанилерин тапкандыгы менен жемиштүү. «Кашатта калтылдаган камчы сымак», «Ак жылаан карала уйду ээмп турат», «Жесирин жерге салып кыл да кыркпай», «жырткычы урган сайын колуң жалайт», «үңкүйүп үнсүз жылган желмогуздай», «Түн келет түрү суук, тиши сасык» деген образдуу, кыйытма салыштыруу метафоралар поэманын көркөм эстетикалык нарктуулугун артырып турат.

Ушундай поэтикалык изденүү акындын «Күкүк» поэмасынан да ачык көрүнөт. Акын бул чыгарма ой чабытын дагы терең, дагы кенен ачуу үчүн турмуштук деталдарды туура тандап алып, терең мазмунду ачып берет. Өзү лирикалык чакан поэма болсо да, андагы баскынчылык, эл-жер үчүн болгон кандуу кармаш жергиликтүү деңгээлде даана, таасын сүрөттөлүп, окуялардагы мүнөздөр көрсөтүлгөн. Акын – каармандын ички сезимдерин, санаркоолорун лирикалык сүрөттөөлөргө тыгыз айкалыштырып берүүгө чебер. Поэмада окуяларды, ой жүгүртүүлөрдү кеңири масштабда түшүнүүгө түрткөн көптөгөн подтексттер бар. Ошондуктан, поэма негизги идеядан башка да көптөгөн проблеманы ичине камтыйт.

Душман басып кирген элдин ханы душманы менен күрөшүп өлгүчө, басып келген калмактарга эти тумсак, бети жумшак кыз-келиндерди тартуулап кутулат. Андан ары акын эң негизги идеясын ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу ыкма табат. Көп жылдар Мекенин көрбөгөн, көрсөм деген көксөөсүнөн, жан эзген сагынычтан улам тартууга кеткен кыздар кушка айланып мекенине кайтып келүүсү поэтикалык шарттуулук, акындын чыгармачылык табылгасы десек болот. Себеби, анын ушундай көркөм шарттулукту табуу менен негизги жетектөөчү идеяны көтөрүлгөн теманы кемелине келтирип чечип бере алды. Ошентип, тартууга кеткен кыз-келиндер булбулга, чымчыкка, сүтакка, күкүккө айланып келген кыздар эл-жерине сагынычын, кусалыгын, чексиз сүйүүсүн ыроолоп, душманга эч качан эл болбосун билдирип жатат:

Баскынчыдан бала бакпайт, эч убакта.
Күкүк кана чыдай албай ызасына.
Бойго бүткөн жумурткасын жашырынып,
Башка куштун сала коёт уясына! [3, 201-б.]

Поэманын соңу эң кызыктуу, терең философиялуу аяктайт. Мындай финалды ар кандай чечмелөөгө болот. Мында Ата Мекен, эне, баланын диалектикалык байланышы, турмуштун татаалдыгы таасын ачылып берилет.

Ошентип, А. Өмүрканов «Ак Мактым», «Күкүк» поэмаларында улуттук ар-намысты туу туткан кыргыз кыздарынын (ал эми андай образ бүгүнкү күндө аба, суудай керек) образдарын берсе, «Эсойготор» поэмасынын идеясы андан да тереңде жатат. Бул поэма кыргыз профессионал поэзиясы үчүн чыгармачыл изденүүнүн өзүнчө бир жаңы тилкеси, көрүнүшү болду. Себеби, өзгөчө музыка өнөрүнүн айтып бүткүс зор таасирин, анын ички касиет-сырын, түбү терең философиялык маани-маңызын, инсанды калыптандыруудагы ролун фольклордук сюжетке негизделген уламыштын негизинде жаңырткан чыгармасына акын терең маани берип, поэманын алдына кенен түшүндүрмө тиркептир. Ал төмөндөгүдөй:

«Кээ бир элдин тарыхы жазмасында, дагы бириники сүрөтүндө, дагы бирөөлөрүнүкү чеп, пирамидаларында сакталса, көрбөгүнү көр болуп, көр уулу менен тең болуп, көчүп конгон көркү кыргыз өз тарыхын жүрөк менен уккан күүлөрүндө сактаган. Индустар бийи менен тарыхын айтып берсе, кыргыздар күү, санжыра менен

тарыхын саймедиреген, комузга жан, кылга тил киргиип, болгонду болгондой, көргөндү көргөндөй эртеңкиге мураттаган. Ар бир күүдө ар кандай кыргыз баатырынын же бир уруктун урунттуу кылчайнаш окуясы, эл-жери үчүн жанын садага чапкан эрдиги даңазаланып келген.

Бул чакан уламыштагы кандуу кагылыш мүмкүн «Көкөй кести», «Ибарат» күүлөрүнүн тарыхыдыр, мүмкүн башкачадыр... Неси болсо да бул күүлөр – урпактарга тумар катары мурасталган таберик күүлөр экендиги чындык. Андыктан мен, уламыштан улам жазылган бул чыгармамдын атын «Эсойготор, элибиздин эси ойгонуп, акылына келсин, өзүн өзү таанысын, билсин деп алдыңарга сунам, урматтуу окурман». Акындын мындай түшүндүрмөсүнөн кийин поэманын мазмуну жөнүндө дагы кайра түшүндүрүп айтып отуруу зарыл деле эмес.

Поэма баштаганда эле алаамат кармаштын шумдук элеси көз алдыга тартылат. «Кыр-кырдан жабалактап айгай салып, кыйкырык кылыч мисал аба жарып,// куюндай кез келгенин быт-чыт кылчу, түнөрүп кан иччүдөй каарланып,//түмөн кол кара жерди дүңгүрөткөн,// камалды капчыгайга катуу барып» [4, 165-б.] эки кол: бири – кыргыз, экинчиси – калмак тарабы бири-бирин жанчышып, эрегишкен эки жак тең бир-биринен коркуп, чегинер түрү жок. Бирок канткен менен көптүн иши көп эмеспи. Эрдигине салып кармаша бергенде оомат сойулу көп калмак тарапка ооп, намысты туу туткан караламан калк бүт найза учуна, кылыч мизине кетчүдөй болот. Анан эмне болот? Аңгыча күн да түнөгүнө жашырынып, уруш токтойт. Кыргыз тарабы кеңеш куруп, түнү менен «улуттун пайдубалы, уңгусу» делинген кыздарды жашырмакчы болушат. Эртеси таңата курун мойнуна салып, багынып беришмекчи болгондо, таң азандан каптаган калмактар эмчектеги, бешиктеги балдарды алып кетишет.

«Баламды бербейм!» деп канжар ала чуркаган энелер өлүмгө дуушар болот. Ал эми калмактар максатты терең ойлоп, жаш балдарды олжолоп эле тим болбостон, алардын кыргыз экенин, тилин, мекенин унуттуруп, жаштайынан согуш ишине көнүктүрүп, анан аларды аскер катарында кайрадан кыргыздардын өзүнө каршы урушка салмак болушат. Ошентип, калмактар кыргыздарды кызыл кереге кылып чаап, өлтүргөнүн өлтүрүп, эсине кире эле бешиктеги ымыркайын олжолоп өз жерине кайтышат. Арадан көп жылдар өтөт. Жоо колуна кеткен балапандар эр жетет. Урушарга жоо, урунарга тоо таппай тил, дилин унуткан «калмак» жигиттер колбашчынын буйругу менен жоого аттанышат. Кыргыз экенин унуткан «калмак» жигиттер кыргыз элин чапмак болот. Кыргыздын өлгөндөн калганы эмне кылар айласын таппай турганда Калмат карыя мындай деген акыл айтат:

Кыздар бүт бий үйрөнсүн, комуз чертсин,

Жарандар унутушкан дилин, тилин.

Күүлөрдүн кайрыгынан жүрөк канап,

Насили ким экенин даана сезсин.

Кемпирлер кошок кошуп солкулдашса,

Жөө эмес атчан турган кулап кетсин». [4, 170-б.]

Арадан жылдар өтүп, бир күнү эле тиги жондон жоо жаракчан душмандын камыштай калың колу көрүнөт. Акылман карыя байкап караса, бу жоо колунун «кыйкырган сөзү бөлөк болгон менен үнү биздей». Көрсө, баягы ... жоо колуна кеткен балдар тобу... Бирок эси кире электе кеткен алардын дилине сиңген ууну бир паста тазалап салуу мүмкүн эмес эле. Ошондо буурул чач апалар канчалык зар какшап, жеберине жеткирип кошок кошкону менен, баары бир эр уулдардын ички эс-тутумун ойгото алышпай, алардын жанын бери карата алышпай неберелери колдуу болуп, чаңга томолонуп кала беришет.

Эми алардын жолун буралган жаш кыздар тосот. Жоокерлер жолунан кезиккенди дагы эле кылыч мизине салалы дешти эле, алдынан чыккандар кыргыздын жоокерлери эмес эле, «кырандагы кызгалдак сыяктанган» жалаң жаш кыздар экен, суурулган кылычын кайра кынына салып, бир саамга токтоло калышат.

Көрсө, кыргыз баласы төрөлгөндө жеке эле ененин сүтү менен эмес, таңшыган комуз күүсү, таберик ыр, обон ар бир кыймылына ой берилген бий менен да оозаныптыр. Анан ал бийге коштолгон эсине эмчек сүт сыңары сиңген бешик ыры... Ата-энеден, урук-туугандан, киндик кан тамган жеринен ажыратылган баланын эсинде башкасы калбаса да, мына ушул «кулактан кирип бойду алган, кудурет күчү ойду алган» комуз күүсү, ыр, обон, бий – анын ошол бий менен бирге аткарылган бешик ыры калат турбайбы. Кыргыздардын комуз күүсүнүн коштоосунда бийлегени, обон салып ырдаганы, мына ошол бешикте экенинде уккан күү, обондор энесинин бешик ырын эске салып жатты. Мунун баары акыры келип, өзүнүн ким экенин, ата-теги ким, киндик каны тамган жери кайсы экенин эстерине салгансыйт.

Комуз күүсү бирде бийиктеп, бирде пастап, алтымыш эки тамырды балкылдатып, өткөндүн элесин аз убакыт эле мурда жан бүткөндү түгөл кырып коюуга даяр турган кырчын жигиттердин көз алдынан бирден түшүрүп, «ойлоо менен өткөндү тирилтип», эми алар түбү жок түпсүз ойдун туткунуна кабылышат.

Мына ушинтип улутубуздун керемет бийи, комузубуздун ажайып мукам күүсү кыргыздын кан-жанына сиңирилип, улуттук өнөр аркылуу гана тили, дили бөлөк болуп, эс тутуму каршы тарбияланган өз уулдарынан жок болчу эл сакталып калат. Ооба, энелердин кошогу, тал чыбыктай буралган кыздардын бийи, обону, комуз күүсү аларды кайрадан жаратып, өлгөн ар-намысын, улуттук уңгусун ойготуп, киндик кан тамган жерине, элине кайтарды. Эми алар өз элин тукум курут кылып, түбөлүк каргышка калчу манкурт жан кечтилерден болбой, калган өмүрүн өз эл-жерине ак кызмат кылуу үчүн жумшайт деген аруу ойдо окурман. А балким, эзелки душман калмактардын кыйырыбыздан биротоло сүрүлүшүнө, эл болуп ушинтип жашап калышыбызга так ушул каары, ызасы жанына баткан уулдардын кийинки каармандык иштери, кийинки тукуму себепчи болуп жүрбөсүн?!

Мунун баары акыры келип, өзүнүн ким экенин, ата-теги ким, киндик каны тамган жери кайсы экенин эстерине салып, «ойлоо менен өткөндү тирилтип», эми алар түбү жок түпсүз ойдун туткунуна кабылыш да, тээ эсинин түпкүрүндөгү элдик аң-сезими ойгонот. “А көрсө чыныгы поэзиянын бир критерийи - ошол чыгармадагы айтылгандардын окурман дүйнөсүнөн түнөк таап, анын ойлоруна төп келишинде экен”. [5, 339-б.] Акындын бул үч поэмасында тең кыргыздын улуттук ар-намысын, дилин, тилин, маданиятын дайым туу туткан, Ата Мекенди сүйүү керек деген өлбөс-өчпөс идеяны берүүдө кыргыз улуттук поэзиясындагы поэма жанрын, көркөмү бийик, кыска-нуска көп ойду камтып, ар кыл мазмунду батырып, окурманды терең ойлонууга түрткөн, чыныгы поэзиянын мыкты үлгүсүндө жаза алган акын А.Өмүрканов ырасында эле сейрек жаралуучу нукура талант экендигин дагы бир жолу далилдеп койду.

**Колдонулган адабияттар**


1. Даутов К. Кандай акын оригиналдуу болот же Анатайдын ачылышы. –Китепте: Доорлор чындыгы көркөм адабиятта. – Бишкек, 2016.
2. Өмүрканов А. Күндөгү так. – Бишкек, 1995.
3. Өмүрканов А. Асмансыз жылдар. – Бишкек, 1991.
4. Өмүрканов А. Тушалган чагылган. – Бишкек, 2005.
5. Кыргыз адабиятынын тарыхы. Азыркы кыргыз адабияты. – Бишкек, 2017. X том, 556-б.


**Рецензент: филол.и.к., доцент Медетов А.С.**


УДК 37.017.924
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-199-205



**Калматова Г.М.**
Кыргыз-Өзбек эл аралык Б. Сыдыков атындагы университети
**Калматова Г.М.**
Кыргызско-Узбекский международный университет имени Б. Сыдыкова
**Kalmatova G.M.**
Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov


# ОРУС ТИЛИН ОКУТУУ ПРОЦЕССИНДЕ СТУДЕНТТЕРДИН ИЛИМИЙ КЕП ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ
# НАУЧНАЯ РЕЧЕВАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ СТУДЕНТОВ В ПРОЦЕССЕ ОБУЧЕНИЯ РУССКОМУ ЯЗЫКУ
# SCIENTIFIC SPEECH ACTIVITIES OF STUDENTS IN THE PROCESS OF TEACHING THE RUSSIAN LANGUAGE


**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада кесиптик багыттагы орус тилин окутуу процессинде студенттердин илимий-изилдөө көндүмдөрүн калыптандыруунун маанилүү компоненти катары

илимий кеп ишмердүүлүгү каралат. Окуу процессинде илимий кептин ролу талдоого алынып, студенттер туш болгон негизги кыйынчылыктар аныкталып, келечектеги изилдөөчүлөрдү даярдоо контекстинде илимий кепти өнүктүрүүнүн ыкмалары жана каражаттары сунушталат.

**Аннотация:** В статье рассматривается научная речевая деятельность студентов как важный компонент формирования их научно-исследовательских умений в процессе обучения профессионально ориентированному русскому языку. Анализируется роль научной речи в образовательном процессе, выявляются основные трудности, с которыми сталкиваются студенты, а также предлагаются методы и средства развития научной речи в контексте подготовки будущих исследователей.

**Abstract:** The article examines the scientific speech activity of students as an important component of the formation of their scientific research skills in the process of teaching professionally oriented Russian. The role of scientific speech in the educational process is analyzed, the main difficulties faced by students are identified, and methods and means for developing scientific speech in the context of training future researchers are proposed.

**Негизги сөздөр:** илимий кеп; кеп ишмердүүлүгү; илимий изилдөө жөндөмү; илимий стил; контент-талдоо; илимий диспут; жогорку билим.

**Ключевые слова:** научная речь; речевая деятельность; научно-исследовательские умения; научный стиль; контент-анализ; научный диспут; высшее образование.

**Keywords:** scientific speech; speech activity; scientific research skills; scientific style; content analysis; scientific debate; higher education.

Научная речевая деятельность является неотъемлемой частью образовательного процесса в высших учебных заведениях, особенно в области гуманитарных наук. В контексте изучения русского языка, развитие научной речи студентов включает в себя формирование их способности к аналитическому и логическому изложению мыслей, а также к созданию аргументированных текстов, которые отвечают требованиям научного стиля.

В последние десятилетия проблема развития научной речи в контексте учебного процесса становится все более актуальной, что связано с изменениями в образовательных программах и необходимостью подготовки студентов к успешному участию в научной и проектной жизни профессионального роста. В условиях глобализации и интеграции образовательных систем умение вести научный дискурс на русском языке становится необходимым для студентов, стремящихся к успешной академической карьере. Введение в научную речь включает в себя не только освоение лексических и грамматических норм, но и развитие навыков критического мышления, аргументации и анализа.

Актуальность данной темы обусловлена несколькими факторами. Во-первых, в последние годы наблюдается рост числа отечественных студентов, обучающихся в столичных и региональных вузах, интересующихся студенческими стартапами и научными проектами. По данным Министерства образования науки Кыргызской Республики, в 2022 году количество студентов, активно участвующих в различных научных мероприятиях, превысило 30 тысяч человек, что подчеркивает необходимость разработки эффективных методик обучения русскому языку, включая научную речь. Например, в рамках программы "Студенческий стартап" в ряде университетов, в том числе в Кыргызско-Узбекском Международном университете имени Б. Сыдыкова, были внедрены курсы, направленные на развитие навыков написания научных статей и участия в конференциях. Во-вторых, научная речевая деятельность студентов способствует формированию их профессиональной идентичности и подготовке к будущей карьере. Умение излагать свои мысли на русском языке, участвовать в научных дискуссиях и представлять результаты исследований является важным требованием для многих профессий. Например, студенты, обучающиеся на педагогических факультетах с многоязычными программами, должны уметь не только читать научные статьи, но и писать собственные работы, что требует высокого уровня владения вторым языком. В-третьих, развитие научной речевой деятельности студентов способствует улучшению качества образования в целом. Исследования показывают, что активное участие студентов в научной деятельности повышает их мотивацию к обучению и способствует более глубокому усвоению материала. Например, в рамках проекта "Научные стартапы" студенты имеют

возможность разрабатывать собственные исследовательские проекты, что позволяет им применять полученные знания на практике и развивать навыки научного общения.

Следует отметить, что формирование научной речи является необходимым этапом в развитии исследовательских компетенций студентов, которые являются требованием государственного образовательного стандарта высшего профессионального образования. [1]

Итак, исследование научной речевой деятельности студентов в процессе обучения русскому языку является актуальной задачей, требующей комплексного подхода и разработки эффективных методик. В данной статье будут рассмотрены основные аспекты научной речевой деятельности, а также предложены рекомендации по ее развитию в образовательном процессе.

Целью данного исследования является изучение особенностей научной речевой деятельности студентов в процессе обучения русскому языку, а также выявление факторов, влияющих на ее развитие. Особое внимание уделяется анализу методов и приемов, способствующих улучшению навыков научного письма и устной речи у студентов. Для достижения поставленной цели в исследовании были использованы такие методы, как анализ научных публикаций в области лингводидактики и педагогики, контент-анализ студенческих текстов и речевых практик на занятиях, опросы и интервью со студентами для выявления факторов, влияющих на научную речь и экспериментальное обучение, направленное на улучшение научной речи студентов с использованием авторского метода активного обучения.

Научная речь – это особый стиль, характеризующийся формальностью, логичностью, аргументированностью и строгостью. Она используется для передачи знаний и достижения новых выводов. Важно, чтобы студенты не только усвоили теоретические основы научного стиля, но и научились применять их в практической деятельности.

Согласно исследованиям таких ученых, как В.И. Слободчиков и Г.М. Колшанский, научная речь является результатом взаимодействия различных компонентов, включая лексические, грамматические и стилевые средства языка. В.И. Слободчиков в своих работах отмечает, что "научная речь представляет собой специфическую форму общения, в которой преобладают объективные и доказательные утверждения". [2]

**Цель: развивать творческие способности и навыки письма**

**Правила:** Первый студент пишет первое предложение (начало истории), второй студент читает предыдущее предложение и добавляет информацию, третий студент продолжает историю по второй фразе. В конце должна получиться забавная история.

**Промт 3. Создай игры-онлайн для wordwall, к примеру, выбрать правильный вариант, случайное колесо.**

**Цель игры:** Сделать процесс обучения более интерактивным и увлекательным, используя случайный выбор вопросов или заданий.

**Правила:**

1. Создайте колесо с различными категориями или заданиями: «Знакомство», «Предложный падеж», «Мой день».
2. Игроки по очереди вращают колесо.
3. После остановки колеса игрок должен ответить на вопрос или выполнить задание, соответствующее выбранной категории.
4. За правильные ответы начисляются очки, а за ошибки – нет.

В конце игры подсчитываются очки, и объявляется победитель

**Промт 4. Игра "Выбери правильный вариант"**

**Правила:**

1. Игрокам предлагается ряд вопросов с несколькими вариантами ответов.
2. Каждый вопрос имеет один правильный ответ и несколько неправильных.
3. Игроки должны выбрать правильный вариант ответа в ограниченное время (например, 30 секунд на вопрос).
4. За каждый правильный ответ начисляются очки, а за неправильный – вычитаются.
5. В конце игры показывается общий счет и результаты.

Эти игры могут быть адаптированы под различные уровни сложности и темы, что делает их универсальными для использования в классе или онлайн. Использование платформы Wordwall позволяет легко делиться этими играми со студентами, делает процесс более интерактивным и увлекательным.

**Лингвистические игры** являются эффективным инструментом в обучении иностранным языкам. Они не только делают уроки более интерактивными и динамичными, но и способствуют всестороннему развитию студентов.

Игры часто проводятся в группах, что способствует развитию социальных навыков, таких как сотрудничество, коммуникация и умение работать в парах или мини-группах. Студенты учатся слушать друг друга, обмениваться мнениями, дискутировать и находить компромиссы.

Лингвистические игры помогают повторить изученные грамматические правила, лексику и другие аспекты языка. Игровая форма способствует лучшему запоминанию слов, позволяет студентам применять знания на практике. Игры часто требуют от учащихся проявления креативности, что способствует развитию воображения и оригинального мышления. Это особенно важно на литературных уроках, где учащиеся могут создавать свои истории или интерпретировать тексты.

Нейросети стремительно набирают интерес у образовательных учреждений или платформ, анализируя деятельность обучающихся, искусственный интеллект способен выявлять слабые стороны их успеваемости. Концепция применения искусственного интеллекта в сфере образования нацелена на персонализацию учебного процесса, адаптацию под способности обучающихся. [9; 11]

ИИ-технологии позволяют распознавать речь обучающегося, анализировать построение предложений и выдавать аналогичные задания для повторного закрепления материала. Данные приложения пользуются большой популярностью у студентов и преподавателей. [10]

В заключение важно отметить, что использование искусственного интеллекта может привести к значительному улучшению эффективности обучения и позволит персонализировать процесс обучения.

## Список использованной литературы

1. Витгенштейн Л. Философские исследования / пер. с нем. В.И. Смирнова). – Москва: Мысль, 1973.
2. Брунер Дж. Процесс образования / пер. с англ. В.И. Салмина. – Москва: Просвещение, 1963.
3. Кертис, Д.Л.К. Games in Language Learning. – London: Heinemann Educational Books, 1976.
4. Уилсон Дж. Role Play in Language Learning. – Oxford: Oxford University Press, 1986.
5. Кернс Р.Д.К. The Role of Games in Language Learning. – Cambridge: Cambridge University Press, 1992.
6. Сысоев П.В. Искусственный интеллект в образовании: осведомлённость, готовность и практика применения преподавателями высшей школы технологий ис-кусственного интеллекта в профессиональной деятельности // Высшее образование в России, 2023, т. 32, No 10, с. 933. DOI: 10.31992/0869-3617-2023-32-10-9-33
7. Li X. L., Liang P. Prefix-Tuning: Optimizing Continuous Prompts for Generation // Proceedings of the 59th Annual Meeting of the Association for Computational Linguistics and the 11th International Joint Conference on Natural Language Processing (Volume 1: Long Papers) – ACL, 2021, p. 4582-4597. doi: 10.18653/V1/2021.ACL-LONG.353
8. Lester B., Al-Rfou R., Constant N. The Power of Scale for Parameter-Efficient Prompt Tuning // Proceedings of the 2021 Conference on Empirical Methods in Natural Language Processing / M. Moens – ACL, 2021. – P. 3045-3059. – 15 p. doi: 10.18653/V1/2021.EMNLP-MAIN.243 – arXiv:2104.08691
9. «Цифровой форсайт» – образовательная практика с конструктором коллективной работы в условиях гибридного обучения / М.Е. Вайндорф-Сысоева, И.П. Тихоновецкая, Н.Д. Вьюн // Вестник Мининского университета, 2022, т. 10, №2.
10. Применение нейросетей в профессиональном образовании / О.Н. Филатова, М.Н. Булаева, А.В. Гущин // Проблемы современного педагогического образования, 2022, №77-3, с. 243-245.
11. Опережающее обучение навыкам будущего (Future Skills) посредством разработки компьютерных тренажеров и цифровых ассистентов с искусственным интеллектом / М.В. Фирсов, О.Н. Филатова, А.В. Гущин // Известия Балтийской государственной академии рыбопромыслового флота, 2020, № 3(53).
12. Колесова Л.В., Харитонов А.Н. Игра слов. Во что и как играть на уроке русского языка. – СПб.: Златоуст, 2011, 152 с.

**Рецензент: к.филол.н., доцент Сооронкулова Н.А.**

УДК 37.377
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-215-218

**Келдибаева Н.А.**
Ош көп профилдүү колледжи
**Келдибаева Н.А.**
Ошский многопрофильный колледж
**Keldibayeva N.A**
Osh multi-profile college

# К. АРТЫКБАЕВДИН ОКУУ КИТЕБИНДЕГИ 1941-1960-ЖЫЛДАРДАГЫ ДРАМА ЖАНРЫН ЛЕКЦИЯДА «ООЗЕКИ РЕЧТИ ӨСТҮРҮҮЧҮ СТРАТЕГИЯЛАР» МЕНЕН ОКУТУУ
# ПРЕПОДАВАНИЕ ДРАМАТИЧЕСКОГО ЖАНРА 1941-1960-Х ГОДОВ НА ЛЕКЦИИ «СТРАТЕГИИ РАЗВИТИЯ УСТНОЙ РЕЧИ» В УЧЕБНИКЕ К. АРТЫКБАЕВА
# TEACHING THE DRAMA GENRE OF 1941-1960S IN K ARTYKBAEV'S SCHOOL WITH "STRATEGIES FOR DEVELOPING ORAL SPEECH" IN THE LECTURE

**Кыскача мүнөздөмө:** Илимий макаланын максаты К. Артыкбаевдин окуу китебиндеги 1941-1960-жылдардагы драма жанрын ЖОЖдордун окуу процессинде оозеки кепти өстүрүүчү стратегиялар менен окутуу болуп саналат. Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде көрүнүктүү драмалык чыгармалар кыргыз адабиятында бирин-экиндеп, гана саналса, 1950-1960-жылдарда ал сан жана сапат жагынан да кескин арбыды. Согуш мезгилиндеги кыргыз драматургиясын өнүктүрүүдө А.

Осмоновдун, А. Токомбаевдин, К. Маликовдун, К. Жантөшевдин, Т. Абдумомуновдун, К. Эшмамбетовдун чыгармаларынын идеялык, сюжеттик мазмунун жогорку окуу жайдын филологиялык адистигиндеги студенттерге түшүндүрүү, ал аркылуу студенттердин оозеки кебин өстүрүү негизги максаты катары макаланын мазмунун түзөт. Согуш мезгилиндеги адамдардын психологиялык абалдарын чагылдырып, ага терең баа берилип жазылган драмалык чыгармалар мезгилдин кайсыл учур болбосун актуалдуу. Макалада 1941-1960-жылдардагы драма жанрын лекцияда студенттердин оозеки кебин өстүрүү үчүн, башкача айтканда, сүйлөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүүчү айрым стратегиялар жана ыкмалар сунушталды.

**Аннотация**: Целью научной статьи является преподавание произведений драматического жанра периода 1941-1960 годов по учебнику К. Артыкбаева с использованием стратегии повышения уровня овладения устной речью в учебном процессе вузов. В период Великой Отечественной войны в киргизской литературе было всего несколько выдающихся драматических произведений, но в 1950-1960-е годы их количество и качество резко возросли. Цель привлечения киргизской драматургии военного период – посредством беседы об идейно-сюжетном содержании произведений А. Осмонова, А. Токомбаева, К. Маликова, К. Жантошева, Т. Абдумомунова, К. Эшмабетова со студентами филологического факультета вуза развивать устное общение. Драматические произведения, отображающие психологическое состояние людей во время войны и написанные с глубокой эмоциональной насыщенностью, актуальны в любой период. В статье предложены некоторые стратегии и методы развития речевой деятельности студентов на лекции о произведениях драматического жанра 1941-1960 годов.

**Abstract:** The purpose of the scientific article is to teach the drama genre of 1941-1960 years in the textbook of K. Artykbaev with strategies that increa During the period of the Great Patriotic War, there were only a few prominent dramatic works in Kyrgyz literature, but in the 1950s and 1960s, the number and quality of them increased dramatically.se oral speech in the educational process of universities. In the development of Kyrgyz drama during the war period, the main goal is to explain the ideological and plot content of the works of A. Osmonov, A. Tokombaev, K. Malikov, K. Zhantoshev, T. Abdumomunov, K. Eshmabetov to the students of the philology major of the higher education institution, and through it, to develop the oral communication of the students. Creates the content of the article. Dramatic works depicting the psychological conditions of people during the war and written with deep appreciation are relevant at any time of the period. In the article, some strategies and methods for developing the speaking activity of the students in the lecture of the drama genre in 1941-1960 were proposed. Dramatic works depicting the psychological conditions of people during the war and written with deep appreciation are relevant at any time of the period. In the article, some strategies and methods for developing the speaking activity of the students in the lecture of the drama genre in 1941-1960 were proposed.

**Негизги сөздөр:** драма жанры; окуу процесси; идеялык; сюжеттик; стратегиялар; актуалдуу; адистиги; ыкмалар.

**Ключевые слова:** драматический жанр; процесс обучения; идейный; сюжет; стратегии; тематика; специальность; методы.

**Keywords**: drama genre; learning process; ideological; plot; strategies; topical; specialty; methods.

**Киришүү**

К. Артыкбаевдин “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” окуу китебиндеги 1941-1960 жылдардагы драма жанры согуш мезгилиндеги тылдын жана фронттогу турмуштук кырдаалды реалдуу көрсөтө алгандыгы менен баалуу болду. Ага жазуучулар А. Осмоновдун, А. Токомбаевдин, К. Маликовдун, К. Жантөшевдин, Т. Абдумомуновдун, К. Эшмамбетовдун чыгармалары мисал боло алат, анткени ал драмалык чыгармалардын идеялык мазмунунда согуш майданындагы жоокерлердин эрдиктерин көрсөтүлүп, даңазаланат. Драма жанрынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу мазмундук идеясы фашисттерге каршы багытталган жалпы элдик патриоттук сезимдер реалдуу жана ишенимдүү образдар аркылуу берилгендиги окумуштуунун окуу китебинде анализделет. Улуу Ата Мекендик согуштун кайгылуу элеси алиге чейин адамдардын аң-сезиминен кете электиги согуш темасында жазылган ар кандай темадагы драмалардын чебер сүрөткерлерибиз тарабынан жарык көрүп, коомчулукка тартууланышы алардын ар кандай темада болгонуна карабастан, таасир этүүчү күчү өзгөчө экендиги менен түшүндүрүлөөрү К.Артыкбаев аталган окуу китеби тарабынан белгиленип көрсөтүлөт.

**Колдонулган методдор:** Оозеки речти өстүрүүчү стратегиялар.

**Изилдөөнүн объектиси:** 1941-1945-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхында драма жанрынын изилдениши.

**Изилдөөнүн предмети:** 1941-1945-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхында драма жанрынын өнүгүшүн профессор К.Артыкбаевдин "XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы" окуу китебине анализ жасоо, анын ийгилик, кемчиликтерин аныктоо жана улуттук адабият таануу илимибиздеги ордун оозеки речти өстүрүүчү стратегияларды колдонуп окутуу аркылуу тастыктоо болуп саналат.

**Талкуу жана натыйжа:**

"1941-1960-жылдардагы драма жанрын лекцияда «Оозеки речти өстүрүүчү стратегиялар» менен окутуу үчүн адегенде аудиторияны сабакка даярдоо жана кызыктыруу максатында "Бул кимдин мүнөзү" муз жаргыч колдонулат. А, окутуу процессинде оозеки речти өстүрүүчү стратегиялардан РАФТ, тыным менен окуу ыкмаларын колдонсок болот. Мурда өтүлгөн сабактагы тема боюнча бир сыйра студенттер жана окутуучу тарабынан эске салынып, жыйынтыкталгандан кийин жаңы сабакка чакыруу жасоо иретинде студенттерге: 1) Улуу Ата Мекендик Согуш жылдарындагы драма жанры тууралуу кандай маалыматтарды билесиңер? 2) 1941-1960-жылдар аралыгындагы кыргыз драматургиясына салым кошкон акын, жазуучулар кимдер деп ойлойсуңар? 3) Согуш мезгилинде жазылган кандай драмалык чыгармаларды билесиңер? деген сыяктуу суроолорду берип, алынган жооптордун негизинде бүгүнкү өтүлө турган лекциябыздын темасы согуш мезгилиндеги драма жанры боло тургандыгын белгилешет. Окутуучу студенттердин өтүлө турган тема боюнча пикирлеринин канчалык деңгээлде туура экендигин тастыктоо менен чындыгында бүгүнкү лекциябыздын темасы "1941-1945-жылдардагы драма жанры" деп, аудиторияга жарыялайт. Андан кийинки окутуучунун аткаруучу иш аракети төмөнкүдөй жүрөт. **1-кадам**. Адегенде студенттер "Зигзаг" стратегиясынын аткарылуу тартибиндей эле төрт топтогу студенттерге тынымга бөлүп окуу үчүн лекция таркатылат. **2-кадам.** Студентер тексти окуп ал жөнүндө ой жүгүртүшөт (4топтогу студенттер бир лекцияны 4 тыным менен окушат). **3-кадам.** Белгиленген убакыт бүткөндөн кийин 4-тыным боюнча бөлүнгөн 4 студент бир тайпага биригишет. **4-кадам.** Ар бир студент окугандары тууралуу өзүлөрүнчө ой жүгүрткөндөн кийин, 1-тыным өз түшүнүгүн, 2-3-4-студент өз тынымында окугандарын бирден ирээти менен бири-бирине айтып түшүндүрүшөт. Натыйжада, бир лекциянын мазмуну боюнча 4 студентте бир түшүнүк пайда болот. **5-кадам.** 1ден 4кө чейин жаңы тема боюнча түшүнүк алган топтун ар бирине эми бышыктоо үчүн **1-топ кластер, 2-топ сүрөтчүлөр**, **3-топ актёрлор**, **4-топ педагогдор** болуп бөлүнүшөт. Берилген тапшырмалар боюнча бөлүнгөн убакыттын ичинде даярданышып, убактысы келгенден кийин өздөрүнө бөлүнгөн ролдорду презентациялап аткарып беришет. **1-топ** Т.Абдымомуновдун "Жыгылган оогонго күлөт" драмасы боюнча кластер жасашып, аны доскага илүү менен түшүндүрүшүп беришет. **2-топ** сүрөтчүлөр. "Жыгылган оогонго күлөт" комедиясындагы башкы каармандар Шермат абышка менен Атабаевдердин жараткан образдарын элестетишип, алардын сүрөттөрүн тартышат. Мисалы, Шермат чалдын образы кишини "бырс" күлдүргөн комикалык ситуацияларга, юмордук келекеге, калакайлаткан какшык сөздөргө, кыбааны кандырган кепке бай. Чынында эле кайсы учурда жашап жаткандыгын тана албай, жетиштүү оокатына дердендеп, жаш келин-кыздарды көрүп токол алууга оолугуп алган Шермат абышканын өрөпкүүлөрү чынында эле күлкүлүү. Мына ушул абышканы сүрөтчүлөр тобу кары, мурутчан, жашына ылайык кийим кийбеген кебетесин элестетип сүрөтүн тартышып, анын образын ошондой таризде оозеки айтып презентациялашат. **3-топ** актёрлор "Ашырбай" драмасы боюнча "Сахналык көрүнүш" уюштурушуп, драмадагы башкы каармандар Ашырбайдын кедей жигит Куланга болушуп, Дадый манаптын инисин токмоктоп койгон сахналык көрүнүштү алышыптыр. Ак-караны ажыратыш үчүн Дадый баштаган көпчүлүк дүрбөп чогулуп калат. Манаптын жигиттери менен мансаптуулар өлсө куну жок томаяк Ашырбайды тытып кеткени ыкыс берип турушат. Ошондо манаптык каадасын сактаган Дадыйдын ортого чыгып "Кичине чекилик кетиргендиги үчүн Ашырбай баатыр кичине кечирим сурап койсо болгону"- деген сөзүнө Ашырбайдын жооп берип турганы бул: "Дадый мырзанын адилеттиги ырас болсо, инисин жиберип, менден кечирим суратсын". Мына ушул кичинекей эпизод кимдин ким экендигин айкын көрсөтүп турат. **3-топтогулар** актёрлор болгондуктан, мына ушул каармандардын образдарын жаратышып сахналык көрүнүш жасашты. **4-тайпа** студент жана окутуучу катары согуштан кийинки

кыргыз драматургиясын өнүктүрүү багытында акын А. Осмоновдун көп аракет кылгандыгын баса белгилешүү менен акындын «Махабат» аттуу пьесасында советтик жаштардын согуш мезгилиндеги сүйүү сезимине болгон туруктуу мамилеси көрсөтүлгөндүгүн, пьесада Махабат аттуу жигит катышат, бир караган адам драманын атына караганда анын башка каарманы ушул жигит болот го деп ойлошубуз мүмкүн. Бирок, чындыгында пьесадагы негизги сюжеттик өзөк, негизги окуялар бүт бойдон Махабаттын сүйгөн жары Жыпардын кыймыл-аракетине байланыштуу болгондуктан, чыгарманын башкы каарманы деп Жыпарды айтсак болот. Анткени пьесада Жыпардын махабатка, сүйүүгө туруктуулугу ар тараптан ачылат. Сүйгөн жары согушка кеткенден кийин Нурмат аттуу ач көз, соодагер чалдын батиринде жашап калып, Жыпар институттагы окуусун улантат. Бирок жетишпегендик, материалдык жактан кыйналуу аз келгенсип, бир жагынан, жаш төрөп, экинчи жагынан, алкы бузулган Нурмат чалдын аны алам деп айла-амал кылганына кабылып, бир катар кыйынчылыктарды башынан өткөрөт. Акыры Жыпар жакшы адамдардын жолдоштук, достук жардамы менен фронттон келген өзүнүн сүйгөн Махабатына кошулат. Пьесада ач көздүк, сараңдык, одоно сезим менен мөлтүр булактай тунук, чыныгы махабаттын ортосундагы турмуштук конфликт реалдуу көрсөтүлгөндүгү аталган драма өзүнүн актуалдуулугун мезгилдин ар дайым өзгөрүп тургандыгына карабастан жоготпой турган чыгармалардын катарын толуктайт деп, педагогдор өз тапшырмаларын презентациялаганга жетишишти.

Ар бир топ өзүнүн ролун аткаргандан кийин окутуучу алардын презентацияларында бүгүнкү лекциянын максаты канчалык деңгээлде жетилгендигине анализ жасоо менен сабак аяктайт.

**Корутунду**

«Кеп – бул интеллектти өнүктүрүүнүн каналы» [2, 6-б.] дейт орус лингвисти Н.И. Жинкин. Көпчүлүк мезгилде адамдар сүйлөө кебинин жардылыгынан – пикир алышууда, оюн жеткиликтүү айта албай калышы толук ыктымал. Кийинки мезгилдерде стденттер лекцияда мугалим окуп берген теманы сүйлөп же айтып берүү кыйын болуп бараткадыгы ЖОЖдордун окутуучулары үчүн жашыруун деле эмес. Анткени, анын себеби албетте, китепти азыраак окуп, көбүрөөк үн-сөзү жок видеолорго көңүл бурулгандыктан. Лекцияда «Сүйлөө ишмердүүлүгүн студенттерге үйрөтүү бул чыгармачыл ой жүгүртүүнү, психологиялык тажрыйбаны, адамгерчиликти, улуттук нарк-насилди, сүйлөө адебин үйрөтүү дегендик» [3, с. 21]. Бирок студенттердин оозеки кебин өстүрүүдө жалгыз мугалим гана эмес, студент да аракеттенсе, мына ошондо жакшы жыйынтык болот. Жыйынтыктап келгенде аталган тема боюнча драма жанрын оозеки речти өстүрүүчү стратегияларды колдонуу менен окутуу – студенттерди өз темаларын эркин түшүндүргөнгө, өздүк ишенимдерин бекемдегенге, өздөрүнүн кемчиликтерин тууралаганга, эске тутуу жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө, берилген маалыматы оозеки айтканга, биринин оюн экинчиси урматтаганга үйрөнүшөт. Демек мындан, К.Артыкбаевдин окуу китебиндеги “1941-1960-жылдардагы драма жанрын” окутууда оозеки речти өстүрүүчү ар кандай стратегияларды пайдалануу менен ар кандай формаларда лекциялык материалдарды даярдаса болот деген сунушту айтсак болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Артыкбаевдин К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби. 2-бас. – Бишкек: “Турар”, 2015, 168-б.
2. Низовская И. Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу: программасынын сөздүгү. – Бишкек, 2003, 6-б.
3. Стил Дж., Мередес К., Темпл Ч. Основы развития критического мышления: Пособие 1. – Бишкек: Фонд “Сорос Кыргызстан”, 1998.
4. Стил Дж., Мередес К., Темпл Ч. Дальнейшие методы, способствуюшие развитию критического мышления: Пособие 2. – Бишкек: Фонд “Сорос Кыргызстан”, 1998.
5. Үкүева Б. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорлатуунун жолдору: Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу китеби. – Бишкек: “Полирафбумресурсы”, 2022.


**Рецензент: пед.и.д-р, профессор Үкүева Б.К.**

УДК 37.377
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-219-222

**Келдибаева Н.А.**
Ош көп профилдүү колледжи
**Келдибаева Н.А.**
Ошский многопрофильний колледж
**Keldibayeva N.A.**
Osh multi-profile college

# К.АРТЫКБАЕВДИН ОКУУ КИТЕБИНДЕГИ 1941-1945-ЖЫЛДАРДАГЫ ПРОЗА ЖАНРЫН ЛЕКЦИЯДА «ЗИГЗАГ» ЖАНА ИНТЕРАКТИВДҮҮ СТРАТЕГИЯЛАР МЕНЕН ОКУТУУ
# ИЗУЧЕНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ПРОЗАИЧЕСКОГО ЖАНРА ПЕРИОДА 1941-1945 ГОДОВ ПО УЧЕБНИКУ К. АРТЫКБАЕВА НА ЛЕКЦИИ ПО МЕТОДУ «ЗИГЗАГ» С ИСПОЛЬЗОВАНИЕМ ИНТЕРАКТИВНЫХ СТРАТЕГИЙ
# TEACHING THE PROSE GENRE OF 1941-1945 IN K. ARTYKBAEV'S TEXTBOOK IN THE LECTURE WITH "ZIGZAG" AND INTERACTIVE STRATEGIES

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада проза жанрын лекцияда «Зигзаг» жана интерактивдүү стратегиялар менен окутуу процессинде колдонуунун жана уюштуруунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө баяндалат. Согуш мезгилинде проза жанрынын аңгеме, очерк, публицистика сыяктуу оперативдүү түрлөрү орчундуу орун ээлеген. Анткени анын объективдүү себептери бар болчу. Ага мезгил талабына ылайык чоң көлөмдүү чыгарма жазып отурууга биринчиден убакыт тар болсо, экинчиден шартка жараша кичинекей жанрдагы (жогорудагы) чыгармаларды окуп отурууга убакыттын жоктугу буга себеп болгон. Ушундай зарыл шарттардан улам согуш мезгилиндеги акын жазуучуларыбыздын чыгармаларынын дээрлик көпчүлүгү очерк, аңгеме, публицистика түрүндө жазылгандыгын А. Токомбаевдин, Ж. Бөкөнбаевдин, К. Жантөшевдин, К. Баялиновдун, Ж. Турусбековдун, М. Элебаевдин, Т. Сыдыкбековдун очерк, аңгемелеринин идеялык мазмунун жана тарбиялык маанисин чагылдырып берүү макалабыздын максатын туюндурат. Ал эми анын актуалдуулугу 47 миллион жоокерлерин жоготкон совет элинин адилеттүүлүк үчүн күрөшкөн эрдиги коомдук формациянын кандай мезгилинде болбосун аны көркөм даңазалоо актуалдуу боло тургандыгы.

**Аннотация**: В статье рассмотрены особенности использования прозаических произведений в учебном процессе (на лекциях по методу «Зигзаг» с использованием интерактивных стратегий) и оперативных жанров прозы (рассказ, очерк, публицистика). Большинство произведений кыргызских поэтов и писателей в годы Великой Отечественной войны было написано в жанре очерков, рассказов и публицистики. Причины популярности коротких жанров в военное время заключаются в нехватке времени для написания и чтения больших произведений. Статья нацелена на отражение воспитательного значения и актуальность прославления мужества и храбрости советского народа, потерявшего 47 миллионов людей в борьбе за справедливость.

**Abstract:** The article describes the features of the use and organization of the prose genre in the lecture "Zigzag" and the teaching process with interactive strategies. During the war, operative types of prose genres such as stories, essays, and journalism occupied an important place. Because he had objective reasons. The reason for this was, firstly, the lack of time to write a large-scale work in accordance with the **requirements** of the times, and secondly, the lack of time to read works of a small genre (above) depending on the conditions. Due to such necessary conditions, almost the majority of the works of our poets and writers during the war were written in the form of essays, stories, and journalism. Reflecting the educational value is the purpose of our article. And its relevance is the artistic glorification of the bravery of the Soviet people who lost 47 million soldiers fighting for justice in any period of social formation.

**Негизги сөздөр:** проза жанры; согуш мезгили; очерк; аңгеме; объективдүү; даңазалоо; оперативдүү; орчундуу.

**Ключевые слова:** жанр прозы; военное время; очерк; повесть; цель; прославление; оперативный; критический.

**Keywords:** prose genre; wartime; essay; story; objective; glorification; operative; critical.

**Киришүү** К. Артыкбаевдин «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» жогорку жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китебиндеги 1941-1945-жылдардагы проза жанрынын өнүгүү абалы туралуу обзордук

маалыматында А. Токомбаевдин, Ж. Бөкөнбаевдин, К. Жантөшевдин, К. Баялиновдун, Ж. Турусбековдун, М. Элебаевдин, Т. Сыдыкбековдун очерк, аңгемелери мезгил талабына ылайык согуш темасында жазылып жарык көргөндүгүн, алардын негизги идеялык мазмунунда Ата Мекенди коргоо, аны фашисттик баскынчылардан тазалоо, советтик жоокерлердин эрдиги, тылдагы кужурмөн эмгек болгондугу идеялизацияланат жана бул жагдайдан алганда кыргыз прозасында согуш процесси жана тылдагы ал абалды оперативдүү түрдө кеңири планда көрсөтүү аракети болуп жаткандыгы. окумуштуу тарбынан белгиленет.

**Колдонулган методдор:** «Зигзаг 1.ll», интерактивдүү стратегиялар.

**Изилдөөнүн объектиси:** 1941-1945-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхында проза жанрынын изилдениши.

**Изилдөөнүн предмети:** 1941-1945-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхында проза жанрынын өнүгүшүн профессор К. Артыкбаевдин «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы» окуу китебине анализ жасоо, анын ийгилик, кемчиликтерин аныктоо жана улуттук адабият таануу илимибиздеги ордун интерактивдүү стратегияларды колдонуп окутуу аркылуу тастыктоо болуп саналат.

Аталган лекцияны окутуу үчүн адегенде аудиторияны сабакка даярдоо жана көңүл бурдуруу максатында “Ак баракка сыр ачуу” муз жаргычы колдонулат.

Интерактивдүү сабак үч этапта өткөндүгүнө байланыштуу адегенде биринчи этап катары сабакка чакыруу жасоо иретинде студенттерге: 1. Улуу Ата Мекендик согуш канчанчы жылдары башталып, канчанчы жылдары аяктаган? 2. Согуш мезгилинде жазылган кайсы акын жазуучулардын кандай чыгармаларын билесиңер? 3. Кайсы жанрдагы чыгармалар эсиңерде бар? деген сыяктуу суроолор берилип, ага жооп алынгандаан кийин, окутуучу студенттерден демек, силердин жообуңарга караганда бүгүнкү өтүлө турган лекциябыздын темасы кандай болот деген тыянакты бере аласыңар? деп кайрылуусунан кийин студенттер бүгүнкү өтүлө турган лекциянын темасы болжолдуу түрдө согуш мезгилиндеги проза жанры боло тургандыгын белгилешет.

Окутуучу студенттердин өтүлө турган тема боюнча пикирлеринин канчалык деңээлде объективдүү экендигин тастыктоо менен чындыгында бүгүнкү лекциябыздын темасы “1941-1945-жылдардагы проза жанры” экендигин аудиторияга жарыялайт. Андан кийинки окутуучунун аткаруучу иш аракети төмөндөгүдөй болот.

**1. этап**: Эгерде аудиторияда болжолдуу түрдө 25 студент болсо аларды 5 топко 5 тен бөлүүнүн керектиги.

**2 этап**: Биринчи топтогу 6 студентке лекциянын биринчи тынымын, экинчи топко экинчи тынымын, үчүнчү топко үчүнчү тынымын, төртүнчү топко төртүнчү тынымын, бешинчи топко бешинчи тынымын таратуу менен студенттердин лекцияны окуп чыгуусуна багыт берет. Ошол эле мезгилде эксперттик топтор беш топко ар бир тынымдын мазмунуна жараша суроолор жазылган эксперттик баракчаларды таратат.

**3-этапта**: студенттерге лекцияны окуп түшүнүш жана эксперттик баракчадагы суроолорго жооп даярдаш үчүн убакыт берилет.

**4-этапта**: Ар бир топ өздөрүнө бөлүнгөн тынымды окуп эксперттик баракчаларга жооп даярдап бүткөндөн кийин эми биринчи топко экинчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи, алтынчы топтон бирден студент, экинчи топко биринчи, үчүнчү, төртүнчү, бешинчи топтон, үчүнчү топко биринчи, экинчи, төртүнчү, бешинчи топтон, төртүнчү топко биринчи, экинчи, үчүнчү, бешинчи топтон, бешинчи топко, биринчи, экинчи, үчүнчү, төртүнчү топтон бирден студент келип өзүнө бөлүнгөн тыным боюнча өздөрүнүн түшүнүктөрүн айтып, талкуулашып, эксперттик баракчаларга даярдаган жоопторун кайталашып бири-бирине түшүндүрүшөт. Натыйжада ар бир тынымдын жана эксперттик баракчалардагы суроолорго берилген жоопторудун жана студенттер айткан тынымдык лекциянын мазмундук жыйынтыгы боюнча аталган теманын идеялык сюжети боюнча бирдей кенен түшүнүк алышат.

**5-этапта:** Эгерде студенттердин жогоруда “Зигзаг” стратегиясы боюнча аткарган иш аракеттерин чечмелей келсек, төмөндөгөдөй түшүндүрүлөт:

**1-топтогулар** бөлүнгөн лекциянын мазмунун оозеки речти өстүрүүчү “**Билдим, айтам. Сурасаң айтам”** стратегиясы боюнча оозеки айтып беришет. Башкача айтканда лекциянын мазмунунда камтылгандай согуш мезгилинде проза жанрынын очерк, аңгеме, публицистика, сыяктуу оперативдүү түрлөрү көбүрөөк аракетке келгендигин аны совет адабиятынын масштабында согуш мезгилиндеги А. Фадеевдин “Жаш Гвардия”, романы, М. Шолоховдун “Алар Родина үчүн

салгылашкан", Л. Леоновдун "Великошумскини алуу", К. Симоновдун "Күндөр жана түндөр", А. Бектин "Волокаламск шоссеси" повесттери жазылгандыгы. Ал эми кыргыз прозасында атайын согуш темасын чагылдырган чыгармалар "Кыргыздын атактуу балдары" деген серияда басмадан жарыкка чыгарылып турган. Анда согуш темасына арналган аңгеме, очерктер жарыяланган. Ошолордун ичинен согуш мезгилиндеги прозабызды алдыга жылдырууга көмөкчү болгон аңгеме, очерктердин катарына А. Токомбаевдин "Ашырбай" аттуу очерки кирет. Анда Ата Мекендик Согуштун баатырларынын бири Ашырбай Коёнкозовдун эрдиктери баяндалат. Ал 138 фашисти жок кылып, 75 фашисти тирүү кармап келип тапшырган бул баатырдын окуялары чынында да легендарлуу, адам таң кала турган окуялар. Автор очеркти сүрөттөө мүмкүнчүлүктөрүн чеберчилик менен пайдалангандыгын өзү согушка барып Ашырбайдын эрдик иштери болгон жеринде иликтеп көрбөгөн сон, автор анын окуяларын өзү баяндабастан Ашырбайдын өзүнө айттырат. Бул жолку тапшырмаларда Ашырбайга душмандын танкаларынын санын так билип алардын кай жакка багыт алгандыгын аныктап келүү милдети жүктөлөт. Чалгынчылар бул милдети көп кыйынчылыктар менен аткарышат. А Ашырбайдын маңдайында күтүлбөгөн жерден эки фашист пайда болот. Ал дароо эле экөөнү эки жакка жаткыза чаап, туткунга алып, арттагы аттуу чалгынчыларга жеткизип берет. Ашырбай бул баянды кадыресе эле боло берчү окуядай, эч кандай майда-чүйдөсүнө токтолбой дүнүнөн гана айта салат. Анын баяндоо манерасынан эле ага таандык кээ бир мүнөз өзгөчөлүктөрүн байкоого болот. Майда-барат нерсени көп байкоо салбаган, ала көөдөнүрөөк, анча-мынча менсен-бөөчүүлүктүн да жышааны бар адамдай көз алдыга элестейт, мындайча айтканда эр жүрөк адамдарга мүнөздүү кээ бир касиеттердин бар экендиги сөзүнүн уюткусунан эле билинип турат. Албетте, Ашырбайдын баяндоолорунда анча-мынча болсо да апыртуу сыяктанган эпизоддор кездешет. Ал душманды "түлкү алган бүркүттөй атылып барып басып калат". Жашынан фольклордук традицияда тарбияланып чоңойгон Ашырбайдын баяндоосунда элдик оозеки чыгармачылыктын таасири байкалат. Эмнеси болсо да бул очеркте баяндоочу өз образын өзү ачып өзүнүн эрдик иштеринен кадимкидей элестүү кабар бере алган. Айрым кем-кетиктер менен бирге очерктин өз жанрынын талабында жазылгандыгын автордун дурус аракети катары кароого болот.

Андан кийинки согуш майданына барып аны өз көзү менен көрүп келген Ж. Бөкөнбаев өзүнүн "Украина мейкининде" (1944) деген очеркин "жазуучунун чөнтөк дептери" деп аттоо менен очеркте эсте кала турган согуштук эпизоддор жана бир катар советтик адамдардын элестери сүрөттөлгөн. Бири көкүрөгүнөн, экинчиси бутунан жарадар болгон эки советтик жоокердин душман менен акыркы деми калганча салгылашып жатып курман болушкандыгы, он үч жашар Лиза деген кыздын атасы үчүн өч алып, немистердин мунарасына жашыруун чыгып советтик желекти илип койгон эрдиги, атасын атып, эки баласын үңкүргө тирүүлөй камап өлтүргөн фашисттердин мыкаачылыгы, дагы ушул сыяктуу бир катар эпизоддор бул очеркке камтылган.

Ошол эле автордун "Дүйшөнкул" аттуу очерки да дал ушул планда жазылган. Даңктуу Панфиловчу 28 баатырдын бири болгон Дүйшөнкул Шопоковдун басып өткөн өмүр жолу бир кыйла толук баяндалган.

Андан кийин К. Маликовдун "Ленинград согуш күндөрүндө", С.Сасыкбаевдин "Нурлан" аттуу очерктери да ушул планда иштелип, жанрдын талабына аздыр- көптүр жооп бере ала турган деңгээлде жазылган. Ушул жагынан алганда К. Жантөшевдин "Чолпонбай" аттуу документалдуу аңгемеси кыргыз элинин баатыр уулу Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдик эпизоддун бир кыйла дурус элестеткендиги менен айырмаланат. Автор баатырдын башынан өткөн окуяларды санап отурбай, бир гана душмандын ДЗОТун жок кылуу боюнча командирден алган тапшырмасын орундатуу үчүн болгон аракетин толугураак көрсөтүүгө аракетенет да, ошол ажал менен бет-бет кармашкан өтө оор кыйчалыш эпизоддогу Чолпонбайдын ички дүйнөсүн, психологиялык абалын ачып берет.

Андан кийинки фашисттик баскынчылардын образдарын элестүү ачып берген аңгеме-этюдга Ж. Турусбековдун "Айласыз кезигишүүсү" кирет. Анда ырайымсыз, мыкаачы советтик элдин дүнүйө-мүлкүн талап алуу максаты чагылдырылса, К. Баялиновдун "Ал эми жетим эмес", Ж. Турусбековдун "Таза жүрөктөр соккондо", аңгемелери фронттун да, тылдын да турмушун көрсөтүүгө байланыштуу жазылган. Ушундай эле темадагы очерк, аңгемелерге М. Элебаевдин "Алыскы тоодон" очеркин, "Соңку бир түн", "Жолдо" аңгемесин,

Т. Сыдыкбековдун “Пайдага чечилген чатак” аңгемелерин [1, 158-б.,162-б.] көрсөтүүгө болот деп баяндап беришет. Ал эми

**2 топ** аталган тапшырманы Венндин диаграммасын. [5, 207-б.]

**3-топ** Концептуалдык карта [2, 23-б.] стратегиясын**.**

**4-топ** Интервью стратегиясын.

**5-топ** Тегерек стол [3, с. 25] стратегиясын, колдонуу менен лекциянын мазмунун ачып беришет.

Окутуучу студенттердин жоопторун угуу менен алардын ойлорунун канчалык деңгээлде туура экендиктерин, жана алардын презентацияларынын деңгээлине жараша өз пикирин билдирип сабакты жыйынтыктайт.

**Корутунду** Натыйжада, аталган теманы интерактивдүү оозеки речти өстүрүүчү стратегияларды колдонуу менен окутуу аркылуу студенттер: Бирин-бири окутушканга, системалуу ой айтканга, биринин оюн экинчиси урматтаганга, тапкычтыкка, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүргөнгө, ар кандай темадагы лекциянын логикалык композиясын сактай билгенге, жөнөкөйдөн масштабдуу жыйынтык чыгарганга, эске тутуу, элестетүү жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүүгө, натыйжалуу кабылдаганга, берилген маалыматты оозеки айтканга, жазганга үйрөнүшөт. Демек мындай күтүлүүчү натыйжанын ишке ашуусуунан улам максатталган К. Артыкбаевдин окуу китебиндеги “1941-1945-жылдардагы проза жанрын “Зигзаг” жана интерактивдүү стратегиялар” аркылуу окутулган лекциябыз максатына жетти деген жыйынтыкка келсек болот.

**Колдонулган адабияттар**


1. Артыкбаевдин К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: жогорку жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби. 2-бас. – Бишкек: “Турар”, 2015, 158, 162-бб.
2. Низовская И. Сын ой жүгүртүүнү өстүрө турган окуу жана жазуу: программасынын сөздүгү. – Бишкек, 2003, 23-б.
3. Стил Дж., Мередес К., Темпл Ч. Основы развития критического мышления: Пособие 1. – Бишкек: Фонд “Сорос Кыргызстан”, 1998, 25-б.
4. Стил Дж., Мередес К., Темпл Ч. Дальнейшие методы, способствуюие развитию критического мышления: Пособие 2. – Бишкек: Фонд “Сорос Кыргызстан”, 1998.
5. Үкүева Б. Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун жолдору: Жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу китеби. – Бишкек: “Полирафбумресурсы”, 2022, 207-б.


**Рецензент: пед.и.д-р, профессор Үкүева Б.К.**


УДК 811. 161.1
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-222-227



**Ким А.В.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Ким А.В.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Kim A.V.**
KNU J. Balasagun


## Ч.Т. АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ КӨРКӨМ БАЯНДООНУ УЮШТУРУУДАГЫ АКТАНТТАР ЖАНА АЛАРДЫН РОЛУ
## АКТАНТЫ И ИХ РОЛЬ В ОРГАНИЗАЦИИ ХУДОЖЕСТВЕННОГО ПОВЕСТВОВАНИЯ У Ч.Т. АЙТМАТОВА
## ACTANTS AND THEIR ROLE IN THE ORGANIZATION OF ARTISTIC NARRATIVE IN CH.T. AITMATOV


**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада Ч. Т.Айтматовдун «Күн болсо жүз жылдан да узак» романы, алардын өз ара байланышы жана сюжеттик линиясынын өнүгүшүндөгү ролу. Айтматовдун

чыгарманын философиялык жана социалдык-маданий концепцияларын актанттык үлгү аркылуу ачып бергенине өзгөчө басым жасалат. Берилген изилдөө актанттар жана аларды уюштуруу текстти түшүнүүдө жана талдоодо, анын грамматикалык жана семантикалык толуктугун камсыз кылууда чоң роль ойноорун көрсөтөт. Актанттык структураны талдоо автордун ниетине тереңирээк кирип, романдын жашыруун семантикалык катмарларын ачууга мүмкүндүк берет.

**Аннотация:** В данной статье анализируются основные типы актантов в рамках повествования в романе Ч. Т. Айтматова «И дольше века длится день», их взаимосвязь и роль в развитии сюжетной линии. Отдельный акцент делается на том, каким образом Айтматов, посредством актантной модели, раскрывает философские и социокультурные концепции произведения. Представленное исследование демонстрирует, что актанты и их организация играют существенную роль в осмыслении и разборе текста, обеспечивая его грамматическую и смысловую завершенность. Анализ актантной структуры позволяет глубже проникнуть в авторский замысел и выявить скрытые смысловые пласты романа.

**Abstract:** This article analyzes the main actants within the narrative in Ch. T. Aitmatov's novel "And the Day Lasts Longer Than a Hundred Years", their interrelation and role in the development of the plot line. Special emphasis is placed on how Aitmatov, through the actant model, reveals the philosophical and socio-cultural concepts of the work. The presented study demonstrates that actants and their organization play a significant role in understanding and parsing the text, ensuring its grammatical and semantic completeness. Analysis of the actant structure allows us to penetrate deeper into the author's intention and reveal the hidden semantic layers of the novel.

**Негизги сөздөр:** актант; семантикалык синтаксис; сунуш; денотация; предикат; валенттүүлүк; тема; объект.

**Ключевые слова:** актант; семантический синтаксис; пропозиция; денотат; предикат; валентность; субъект; объект.

**Keywords**: actant; semantic syntax; proposition; denotation; predicate; valence; subject; object.

Лингвистический анализ слова и предложения, как фундаментальных компонентов языка, представляет собой ключевую задачу языкознания. Структурная парадигма в изучении предложения концентрировалась на исследовании его формальной организации, исключая при этом рассмотрение содержательной стороны, то есть семантических особенностей и коммуникативных намерений. В 1970-х годах фокус лингвистических исследований сместился в сторону вопросов семантики предложения и его семантической типологии. Представители этого направления акцентировали внимание на смысловом аспекте предложения, а также на его связи с обозначаемой ситуацией.

Смысл высказывания заключается не только в информации, выраженной средствами языка, но и во всем объеме сведений, транслируемых и извлекаемых благодаря общим знаниям участников коммуникации о мире, друг друге и контексте. Семантический синтаксис дает возможность анализировать смысловую составляющую высказываний, опираясь на объективные данные о реальности и вселенной.

Семантический синтаксис прежде всего занимается анализом смыслового содержания предложения (Ю.Д. Апресян, Н.Д. Арутюнова, Т.П. Ломтев, В.Г. Гак, Т.Б. Алисова, Т.В. Шмелева, Е.В. Падучева, Н.Ю. Шведова, Г.Г. Сильницкий, Д.Н. Шмелев и др.).

Т.П. Ломтев, одна из ключевых фигур в российской семантической синтаксической школе, утверждает, что смысл, заключенный в предложении, можно рассматривать как организованную структуру, где элементы связаны определенными зависимостями, либо как структуру, где присутствует единственный элемент с его характеризующим признаком. Вместе с тем, он подчеркивает, что идея о необходимости выделения в содержании, передаваемом предложением, не только главного объекта (субъекта), но и других объектов, уже не раз находила свое отражение в трудах различных исследователей, например, Г. Райхенбаха, И.И. Давидова, Ф.И. Буслаева, А.Х. Востокова, А.А. Потебни, А.М. Пешковского. [7, с. 29-49]

По мнению В.Г. Гака, в языке ключевым элементом является не отдельное слово, а именно высказывание, так как оно обладает коммуникативной ценностью и четко соотносится с конкретной ситуацией. Гак трактует термин «высказывание» в русле идей, предложенных В. Матезиусом и его сторонниками. Под высказыванием он понимает функциональную единицу,

сравнимую по масштабу с предложением, но отличающуюся от него тем, что целью её изучения является не выявление общей и абстрактной структуры синтаксической организации, а демонстрация её связи с контекстом, а также способов и средств описания этого контекста. [4, 170-181]

Центральным элементом семантического синтаксиса выступает ситуация, которую описывает предложение или высказывание.

Высказывание предстает как лингвистический символ, где синтаксическая организация предложения является его означающим, а отражение реального состояния вещей (пропозиция) – означаемым.

Пропозиция – это объективное и неизменное содержание, которое может быть выражено в форме утверждения, вопроса, просьбы или сомнения: Она рисует картины. Говорят, что она рисует картины. Разве ты рисуешь картины? Не всякий рисующий картины – художник.

Ключевым и неотъемлемым элементом любой пропозиции является предикат. Предикат находит свое выражение в предикативной лексике, а именно в словах, обладающих признаковой семантикой. К таким словам относятся глаголы, слова, обозначающие состояние, отглагольные и отыменные существительные (например, "прибытие", "управление", "счастье"), а также качественные прилагательные. Термин "предикат" употребляется как для обозначения пропозициональной функции, то есть значения, которое несет предикат, так и для обозначения пропозициональной формы, другими словами, его словесного выражения. [6, с. 392]

В построении пропозиции ключевую роль играет предметная лексика, представляющая собой обозначения объектов, вовлеченных в описываемую ситуацию, – актанты. Смысл актантов имманентно содержится в семантике предиката и обусловлен его валентностью. Например, предикат доволен имеет два актанта: субъект и объект: кто-то доволен кем-то (чем-то); предикат грустно имеет один актант – субъект: кому-то грустно.

Семантический анализ предложения направлен на обнаружение актантов, связанных со всеми предикатными лексемами.

Актант – это составная часть пропозиции, отражающая событие, которая соответствует действующему лицу или участнику в рассматриваемой ситуации. Иными словами, актант представляет собой элемент, который выполняет действие или испытывает на себе его воздействие, внося вклад в формирование общего смысла события.

Термин "актант" был впервые введен в научный оборот французским языковедом Люсьеном Теньером. Именно он стал пионером в использовании понятия валентности и разработал теорию актантов, которая является частью его валентностной теории. Л. Теньер, анализируя актанты и актантную структуру глагола, акцентирует внимание на том, что разные глаголы характеризуются различным количеством актантов. Исходя из этого, Л. Теньер классифицирует глаголы на четыре категории: 1) глаголы, не имеющие актантов (как правило, обозначающие какое-либо явление); 2) глаголы с одним актантом (описывающие действие); 3) глаголы с двумя актантами (описывающие процессы); 4) глаголы с тремя актантами (действие, в котором задействованы несколько действующих лиц и объект). [8, с. 121-250]

Концепция актантов, введенная Л. Теньером, нашла применение в трудах В.Г. Гака и Ю.Д. Апресяна. Истоки типологии актантов можно обнаружить в теории членов предложения, где были сформулированы такие понятия, как субъект, объект, косвенное дополнение и адресат. Исследования семантики падежа, в частности работы Ч. Филлмора, внесли вклад в разграничение различных видов актантов. Значительный вклад в уточнение понимания актантов был сделан Апресяном в области лексической семантики. Наиболее детальное описание актантов представлено в работах Богданова и Болотовой.

Зачастую классификация актантов тесно переплетается с классификацией пропозиций, что приводит к выделению субъекта действия, субъекта состояния, субъекта восприятия и других. [5, с. 135-138]

Роли участников описываемых ситуаций определяют квалификацию актантов, которым присваиваются разнообразные семантические функции.

Обратимся к наиболее детализированной, по нашему мнению, классификации актантов, предложенной Т.В. Шмелевой. Она подчеркивает, что из-за множественности дифференциальных признаков, классификация актантов не может быть представлена в виде исчерпывающего перечня. Актанты группируются в типы,

соответствующие их функциям в реализации события или ситуации, отраженных в пропозиции. Пропозиция, как предикативная структура, представляет собой ядро смысла высказывания, его информационную ценность или передаваемое утверждение. [9, с. 5-37]

Методом сплошной выборки из текста романа Айтматова «И дольше века длится день» мы выявили следующие семантические роли актантов в зависимости от событийной пропозиции, которая делится на несколько типов:

**1) Бытийная пропозиция:**

Был уже вечер. [1, с. 125]

То была уже глубокая ночь. [1, с. 202]

Пропозиция существования отличается предельной структурной простотой: в её основе лежит единственный актант — объект существования. Поскольку сферы существования закреплены за соответствующими объектами, они нередко остаются невыраженными в самом предложении. Преобразование пропозиции существования в пропозицию местоположения происходит путём актуализации локатива – выдвижения на первый план пространства, в котором располагается объект:

У кладбища Ана-Бейит была своя история. [1, с. 109]

Таким образом, автор помогает читателю погрузиться в мир романа, передавая ощущение реальности без акцентирования на действиях.

**2) Состояние** тоже **одноактантная пропозиция**:

Едигей очень расстроился. [1, с. 34]

Сильно был мрачен Едигей. [1, с. 34]

Дочурки его были счастливы. [1, с. 98]

Едигей покраснел. [1, с. 163]

Манкурт молчал. [1, с. 122]

Едигей, сидя на нём, страдал, занятый собою. [1, с. 195]

Приведенные примеры наглядно демонстрируют, что состояние представляет собой определенный момент в существовании действующего субъекта (агенса). Главный герой, выступая в роли субъекта, является единственным или ключевым участником ситуации, который её формирует. Человеку свойственно переживать разнообразные состояния, которые закономерны в определенных обстоятельствах.

**3) Движение** – событие исключительно физической сферы:

И жена пошла, кивнув. [1, с. 15]

Лисица повернулась и потрусила прочь. [1, с. 22]

Собаки залаяли. [1, с. 20]

Крепко они плакали и причитали. [1, с. 33]

Едигей засмеялся. [1, 161]

Как демонстрируют примеры, пропозиция, описывающая движение, может иметь одного участника (одноактантная структура), где этот единственный участник выполняет роль **Агенса**. Однако зачастую описание движения сопровождается указанием на пространство, в котором оно происходит. Следовательно, предложения практически всегда включают в себя локатив, обозначающий место:

Он привстал с места, как человек, уже принявший решение. [1, с. 14]

Едигей встал и пошёл вдоль берега. [1, с. 59]

Сауле скрылась за углом. [1, с. 223]

Едигей хмуро прошагал в загон. [1, с. 225]

Укубала ходила по берегу. [1, с. 205]

В предложении, описывающем перемещение (пропозиция движения), инициатор действия, или Агенс, является центральным элементом. В представленных случаях он указывает на действующее лицо, которое осознанно и намеренно выполняет передвижение, обладает свободой выбора и управляет процессом, запуская его; обычно выражается именительным падежом.

В более развернутых структурах **Агенс** может быть связан с другими участниками, например, с **Пациенсом** (объектным актантом, тем, на кого направлено действие субъекта) с указанием на местоположение (локатив):

Теперь он вёз самого Казангапа на кладбище Ана-Бейит. [1, с. 142]

Пациенс (объект действия): Казангап (его тело) – хотя физически инертен, семантически является целью производимых манипуляций (транспортировки, захоронения). Он выступает как олицетворение ушедшей эпохи и стимул для раздумий Едигея.

**4) Для пропозиции со значением действия** характерны такие положения дел, при которых имеет место некоторое внешнее проявление:

Едигей нахмурился отчуждённо при этих словах, ещё больше посуровел. [1, с. 14]

И чего Едигей так расплакался, сам не мог понять, никогда с ним такого не случалось. [1, с. 27]

Структура пропозиции действия в данных предложениях одноактантная. Для достижения реалистичности описания глагол требует обязательного наличия актанта-субъекта (Агенса), который в данном

контексте представлен именем собственным в форме Именительного падежа. На протяжении всего романа Едигей играет ключевую роль, являясь активным участником происходящего. Именно он совершает действия (вспоминает прошлое, испытывает эмоции, предает земле товарища), и через его призму разворачивается сюжет. Его внутренние противоречия, раздумья и поступки олицетворяют связь человека с прошлым, воспоминаниями и моральными принципами.

Актантная структура пропозиции действия может быть сложнее: в авторском тексте при построении предложения мы наблюдаем актантную структуру: субъект действия + объекта воздействия (**Пациенс):**

Едигей поднял голову, глянул на неё с горькой усмешкой. [1, с. 14]

Едигей в сердцах накричал на Каранара. [1, с. 30]

Едигей невольно улыбнулся, похлопал жену по плечу. [1, с. 15]

Второй актант отличается множественностью в контексте ситуации и подчиненностью первому.

При описании событийной пропозиции, связанной с действием, в романе присутствует **Результатив** – актант объектного типа, предмет или ситуация, возникающая как следствие выполнения действия. Актантная структура выглядит следующим образом: субъект действия + результат действия + адресат:

Укубала наготовила ему еды на дорогу. [1, с. 213]

Результатив выражает завершенность действия, предикат в таких предложениях обычно выражен глаголом совершенного вида.

В данных примерах той же пропозиции присутствует актантная структура: субъект действия + инструмент действия. **Инструмент** представляет собой тип актанта – объект, применение которого обеспечивает реализацию определённой ситуации:

Люди из ружей стреляли в воздух. [1, с. 211]

Едигей растерянно подвигал плечами. [1, с. 197]

Эрмек теперь сам гадал на камнях. [1, с. 193]

Также может включать ещё и **адресата**:

Едигей пригрозил ему кнутовищем. [1, с. 82]

Едигей боднул его каской в лицо. [1, с. 158]

В повествовании **Инструмент**, выступающий в роли актанта, играет ключевую роль, оказывая существенное влияние на структуру и толкование происходящего, обогащая его смысловое наполнение. Он определяет способ осуществления действия, а его появление способно сместить акцент в восприятии события, акцентируя внимание на методе совершения. Присутствие данного актанта придает повествованию большую детализацию и выразительность, что особенно ценно в художественной литературе. Он активно вовлечен в формирование структуры повествования, оказывая воздействие на то, как воспринимаются события.

В контексте социальных медиа крайне важно сформировать интегрированную систему противодействия фейковым новостям.

Прежде всего, на уровне платформ можно внедрить механизмы ИИ-интервенции для интеллектуального распознавания и предварительного оповещения о высокорисковых прагматических структурах.

Например, при обнаружении в контенте таких семантических конструкций, как «сенсационная информация», «эксклюзивное разоблачение» и подобных, автоматически активируется механизм проверки содержания с напоминанием автору о необходимости перепроверки достоверности информации. [7]

Одновременно с этим следует интегрировать технологии обработки естественного языка (NLP) и алгоритмы распознавания эмоций для создания системы «оценки надёжности языка». Путём количественного анализа таких элементов, как плотность эмоциональной окраски, интонационная направленность и наличие размытых конструкций в тексте, можно обеспечивать поддержку принятия решений о дальнейшем распространении контента. [8] Кроме того, необходимо начинать с образовательного уровня, широко продвигая программы по развитию «грамотности в области интерпретации сетевого языка».

Такая многомерная стратегия позволит не только эффективно выявлять и предупреждать распространение фейковой информации на технологическом уровне, но и посредством образовательных мер повысить общий уровень медиаграмотности населения, что в итоге укрепит способность общества противостоять дезинформации и будет способствовать формированию более здоровой и надёжной

языковой среды в сети Интернет.

**Заключение** Язык социальных сетей, обладая ярко выраженными прагматическими особенностями, глубоко трансформирует механизмы распространения информации и структуру общественного сознания. В данной статье с лингвистической позиции проанализировано, как язык социальных сетей становится инструментом распространения дезинформации, а также на основе эмпирических исследований предложены многоуровневые рекомендации по её регулированию.

Ключевым аспектом борьбы с фейковыми новостями в будущем должно стать не только совершенствование технических средств, но и формирование многоуровневой, междисциплинарной системы комплексного реагирования. В частности, платформы социальных сетей должны продолжать совершенствовать механизмы модерации контента, активно применять технологии обработки естественного языка и распознавания эмоций для точной идентификации и раннего предупреждения о высокорискованной ложной информации.

Одновременно с этим образовательные учреждения и профильные организации должны усилить программы по медиаграмотности, чтобы повысить способности общественности к критическому восприятию и распознаванию дезинформации. Кроме того, государственные органы и регулирующие структуры обязаны ужесточить контроль над деятельностью социальных платформ и стимулировать их к выполнению ответственности за качество распространяемого контента. Только благодаря синергии технологий, образования и политики можно эффективно сдерживать распространение фейковых новостей, обеспечивая здоровую информационную среду и стабильность общественного порядка.

## Список использованной литературы


1. Денисова Т.М. Лингвистические особенности фейков в текстах Интернета // Collegium Linguisticum – 2022: Сборник научных статей Ежегодной конференции Студенческого научного общества МГЛУ. / ред. И.А. Гусейнова [и др.]. – Москва: Московский государственный лингвистический университет, 2022, с. 43-51.
2. Bozkanat E. Detecting fake news on social media: The case of Turkey // Analyzing Global Social Media Consumption. – IGI Global, 2021, с. 19. DOI: 10.4018/978-1-7998-4718-2.ch004.
3. Yang Y., Zheng L., Zhang J., Cui Q., Li Z., Yu P. S. TI-CNN: Convolutional neural networks for fake news detection // arXiv preprint arXiv:1806.00749, 2018. – URL: https://arxiv.org/abs/1806.00749
4. Kholid L., Laksana I. K. D., Sudipa I. N. The Hoax News Text on Social Media: A Critical Discourse Study // International Journal of English Language Studies, 2021, Vol. 3, No. 10, p. 14-21. DOI: 10.32996/ijels.2021.3.10.3
5. Ajšić A. Language Ideology as Fake News // Linguistics Vanguard, 2025. DOI: 10.1515/lingvan-2024-0063
6. Haug M. Mass communication on social media: The case of fake news // Proceedings of the 2020 Computers and People Research Conference (SIGMIS-CPR '20), 2020, p. 169. DOI: 10.1145/3378539.3393852
7. Medeiros F.D.C., Braga R. B. Fake news detection in social media: A systematic review // Proceedings of the XVI Brazilian Symposium on Information Systems (SBSI '20). – New York: Association for Computing Machinery, 2020, Article 38, p. 1-8. DOI: 10.1145/3372923.3404784
8. Thate T., Hattingh M.J. Using Natural Language Processing to Detect Fake News // Semantic Scholar, 2021. – URL: https://api.semanticscholar.org/CorpusID:251621403


**Рецензент: к.филол.н., доцент Касымалиева К.Э.**

УДК 821.512.154
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-254-257

**Мусаева Ж.К.**
К. Карасаев атындагы БМУ
**Мусаева Ж.К.**
БГУ имени К. Карасаева
**Musaeva J.K.**
BSU named after K. Karasaev

ORCID: 0009-0009-2308-1409

# ЗАМАН ЧЫНДЫГЫНЫН А.ӨМҮРКАНОВДУН ПОЭЗИЯСЫНДА ОРУН АЛЫШЫ
# МЕСТО РЕАЛЬНОСТИ ВРЕМЕНИ В ПОЭЗИИ А. ОМУРКАНОВА
# THE PLACE OF THE REALITY OF THE TIME IN A. OMURKANOV'S POETRY

**Кыскача мүнөздөмө:** Кыргыз Республикасынын эл акыны, КР Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, III даражадагы «Манас» орденин ээси Анатай Өмүркановдун поэзиясына баа берүүдө чынчылдыгына, маанисинин тереңдигине жана салмактуулугуна өзгөчө басым жасалат. Акындын ырларынын көбүндө замандын чындыгы, терс көрүнүштөрү бурмаланбай, жумшартылбай, так, даана жана курч берилген. Макалада ушул багытта жазылган ыр жыйнактарындагы ырлары, андагы мезгилдин көйгөйлөрүнүн сүрөттөлүшү тууралуу сөз болот.

**Аннотация:** В поэзии народного поэта Кыргызской Республики, лауреата Государственной премии им. Токтогула, обладателя ордена «Манас» III степени Анатая Омурканова особое внимание уделяется честности, глубине смысла и содержательности. В большинстве его стихов правда времени, негативные явления передаются прямо, четко и остро, без сглаживания и искажения. В статье рассматриваются сборники стихов, написанные в этом направлении, и показ в них проблем эпохи.

**Abstract:** In the poetry of Anatay Ömürkanov, People's Poet of the Kyrgyz Republic, laureate of the Toktogul State Prize, and recipient of the "Manas" Order of the 3rd degree, particular emphasis is placed on sincerity, deep meaning, and gravity. In most of his works, the truth of the era and its negative aspects are conveyed directly, clearly, and sharply – without distortion or softening. This article discusses poems from his collections that illustrate these themes and depict the problems of the time.

**Негизги сөздөр:** поэзия; заман; жанр; чындык; коом; турмуш; жыйнак; тема.
**Ключевые слова:** поэзия; время; жанр; правда; общество; жизнь; сборник; тема.
**Keywords:** poetry; time; genre; truth; society; life; collection; theme.

Поэзия адабият түрлөрүнүн ичинен өзгөчөлөнгөн жанр десек болот. Анда адамзаттын ой-тилеги, санаасы, айрыкча адам баласынын жеке жашоосу же жалпыга тиешелүү кандайдыр бир курч кырдаал ыргакка салынып, көркөмдөлүп, ыр түрүндө иштелип чыгат. Ошондой эле ошол учурдун чындыгын чагылдырууда мезгил менен кошо активдүүлүгүн көрсөтүп келе жатат. Заман чындыгын кыргыз адабиятында тээ баштан эле бир топ акындар ыр менен ыргакка салып айтып келишкен. Өлкөдө кайра куруу мезгилинде ачык айтуу саясаты курчуп, күчөп турганда да поэзия өз милдетин аткара алды. Кыргыз адабиятында ошол учурдун оң жана терс жактарын, айрыкча жетекчилердин кемчиликтерин ачык-айкын айткан акындардын бири Анатай Өмүрканов болду.

«Мөлтүр сезим» аттуу алгачкы ыр жыйнагы менен элге белгилүү болгон акын Анатай Өмүркановдун алгачкы ырлары эл-жерди сүйүү, махабат, эне, Мекенге болгон сагыныч өңдүү темалар болсо, эгемендүүлүк жылдары жазылган ырларында элдин аң-сезимине таасир берген коомчулуктагы терс жактарды таамай айткан, нравалык жактан тарбиялоо максатында жаңы темалар орун алды. Мындай багытта «Күндөгү так», «Асмансыз жылдыздар», «Тушалган чагылган» аттуу жыйнактарында өткөөл заман тууралуу бетке чабар, курч ырлары элге жетип, колдоо тапкан.

«Күндөгү так» жыйнагында «Көңүл көйгөйү», «Тарыхый ырлар», «Жүрөк күүсү», «Арзуу ырлар» деген бөлүмдөр жана баштагы жыйнактарынан тандалып алынган ырлары, обондуу ырлары жана «Ак Мактым» поэмасы орун алган.

Жүрөктөрдү зил аралаш
Капкара так

Күнгө карап
Күчөп барат
Күндөгү так...
Азайгандан элге деген
Ниети ак
Күчөп барат
Күндөгү так...
Күндөгү так,
Күндөгү так
Күн санап көбөйбөчү
Айыкпас жара сымак. [7, 33-б.]

Бул саптарда «күндөгү так» өтмө мааниде берилүүдө. Элибиз илгертеден жаратылыш кубулуштарына, айлана-чөйрөгө өзгөчө көңүл буруп, алар менен тыгыз байланышта жашап, жаратылышка аяр мамиле жасашкан. Жаратылыш кубулуштары менен эртеңки күндү болжолдоп билишкен. Алсак, айдын жаңырганына карап аба-ырыйынын кандай болоорун божомолдогон. Күн бетиндеги так дагы кандайдыр бир жаманчылыктын, кырсыктын белгиси катары кабыл алынган. Акын ырында ошол учурдагы саясий адилетсиздик күчөп, эл башчылардын элге болгон ак ниети азайып бaратканын жамандыктын белгиси катары баалап, күндүн бетиндеги так катары салыштырып берген. Бул аталыш боюнча өзү мындай деген: «Ар бир жыйнак акындын, акын жашаган мезгилдин балдары, ошон үчүн ага атты акын өзү койгону оң. Күндө так бар – деп илимий изилдөөлөр жазып жүрүшөт, бирок жыйнактын аты ал эмес жердеги жашоо, жердеги замандын күнү жөнүндө «кайдан түштү укмуш чагылган» демекчи, төлү эгиз, телегейи тегиз болуп, бай-кедейи билинбеген пейили алпейим, кой үстүндө торгой жумурткалаган заманда эркиндиктин жоолугун бетине калкалап чыныгы жүзүн жашырган бүгүнкү каардуу, таш боор замандын ушу күнгө калтырган тагы жөнүндө болуп жатат. Асман – бул Көк, Теңири, Кудай. Кой терисин жамынган адилетсиз замандын жүрөккө, мезгилге калтырган тагы – ошо асманын, Теңирин, Кудайын, Манасын унуткандан болуп жатат, биз ошондой опоосуз жылдарда жашап жатабыз, ошого өзүмдүн атуул катары, акын катары көз карашымды билдирейин дегендеги кербезим. Чыны ошол». [1]

Анатай Өмүрканов жасакерленгеди жактырбаган, чындыкты бетке айткан акын экенин окурмандар да, адабиятчылар да баса белгилеп келет. Ал өзүнүн жеке адамдык тагдырынан элдин тагдырын жогору коюп, эч кимден коркпой, тайманбастан «Кыргыздын биринчи президенти А.Акаевге», «Хан аз күлөт дечү эле», «Ушул күнгө ким апкелди?», «Уулуң кайда?» деген курч, публицистикалык мүнөздөгү ырларында кемчиликтерди ачык эле сындап жазган.

Күнөө кимде: керкидеби, кемиктеби?
Кедейленди келберсиген элдин теңи.
Ушунча бийлик туруп сен билбесең,
Мафиянды карапайым эл билеби?! [7, 28-б.]

Чындыгында, Анатай Өмүрканов мурда да, кийин да саясатка ыкташып, бийликтин ырын эч качан ырдаган эмес:

Кыймылдатып турган кезде кылымды,
Оозундан жулуп алып ырынды,
Ташын талкан кылып кете береби
Төрт-беш киши жана МВД, КГБ
Ким өчүрсө адилеттик чырагын,
Жан учуруп жалаңдатса чырагын.
Кашайгырга каршылыгым көрсөтүп,
КПССтин катарынан чыгамын – [7, 33-б.]

деп, ашык сөз сүйлөтпөй бир гана коммунисттик идеологиянын жетеги менен боло берсе, ашыкча эле тыя берсе партиядан да чыгып кетүүдөн кайра тартпастыгын ачык айткан.

Базар экономикасы деген түшүнүк кенен жайылып, анын аркасы менен жүргүзүлүп жаткан туура эмес саясаттын айынан элдин жакырланып, оор турмушту башынан өткөрүп жатканына түздөн-түз бийлик башындагы адамдар күнөөлүү деген ойлорун «Канталамай», «Айлык жетпейт», «Эх, элим, ай», «Кайырчылар», «Тилемчи» ж.б. ырларында «Күйгөндөн айтам бир сабак» деген көлөмдүү термесинде кенен баяндаган.

«Канталамай» деген ырында:

Башынан сасып кирген балыкка окшоп,
башталды жогор жактан
канталамай,
канталамай,
канталамай
бийликке эптеп жетер менен
эки жагын эч карабай,
Хеменгуэй чоң балыгын бир заматта,
Талап кеткен үйүр-үйүр акуладай.
талашууда казынаны…
канталамай, канталамай» – деп, эл башчылар жана алардын жакындары карапайым элди ойлобой мамлекттин мүлкүн талап-тоноп, эч нерсе болбогондой жыргап жүргөнүн ал эми жаштардын келечеги туңгуюк болуп турганын элестүү сүрөттөп берген. Мындай темадагы дагы бир ырында «рынок» деген түшүнүктү, капиталисттик коомду эч жактырбаганын мындайча айткан:

Кутурган иттей
Тилин салаңдаткан,
алдуусу алы жогун канжалаткан
Эсти оодарып жардан чыга калгансыган

эшикте жинди рынок, акмак заман...
Куюнга куюлушуп, зуу-зуу учуп кетким келет көз көрбөгөн алыс жакка заман издеп мындан башка, мындан таза. [7, 77-б.]

Акын элдин ичиндеги кээ бир жасакерлердин, өз максатына жетүү үчүн айлакер адамдардын жоруктарын бийликтегилерди кандай сындаса дал ошондой ал адамдарды да сындап жазган:

Башкарма боло калса айлыбыздан,
Күн-түндөп арыз жазып түшүрүшүп,
Келишсе башкармалар башка жактан
Айылым тосуп алат жүгүнүшүп...
А бийлик кылбайт айтчы эмнелерди?!
Директор болуп бир кез өзбек келди.
Айылым унутуп салып кыргызчаны
Бир жылда сүйлөп кетти өзбекчени... [6, 43-б.]

Бул туурасында адабиятчы К. Артыкбаев мындай деген: «Белгилүү акын Анатай Өмүрканов «Айылдаштарыма» деген ырында кемчиликтердин кетип жаткандыгына жетекчилер бир эсе күнөөлүү болсо, жумурай журттун, көпчүлүктүн өзү андан көбүрөөк күнөөлүү экендигин эң сонун элестетип, эгерде эл, масса мансапка кошоматтанып ээрчип кетпей ак, караны ажыратып, биригип ынтымакта туруп жетекчинин кемтигин ачык айтып оңдоп турса, анда терс көрүнүштөр азыраак болор эле деген тыянакка келүүгө окурманды мажбурлайт». [2, 572-б.]

Ушинтип жасакерленгенден көрө ачка калсаң да Адам деген бийик сапатты сактап калуу керектигин «Жардам» деген ырында чечмелеп берген:

Жардам сурап жалдыраба эч убакта
күнүң өтпөй калса да.
Жалдыраба, Жалдыраба!
Андан көрө
Намысыңды
түйүп алып муштумдай,
үмүтүңдү жарык кылып уч тынбай... [5, 384-б.]

Бул ырында кимдир бирөөгө жагалданып, кара курсакты тойгузуп, элде өйдө жашагандан көрө ак эмгек менен күн көргөн артык экенин, ал эми сатып алган атак-даңкты күзүндө түшкөн жалбыракка салыштырган. «... Сен – Адамсың! Ошондуктан өзүңө-өзүң жардамсың!», – деп ак эмгек менен гана баар таап, Адам бойдон калуу негизги идеясы катары берилген.

Өлкөдө ар кыл багытта жүргүзүлүп жаткан реформалардын «реформа» делинип чындыктын, наркуулуктун тескери бурмаланып жатканына жаны ачыган, ал чындык үчүн күрөшкөн, анын «акындыгы» бул чындыкты айтуу:

Чыгып кетсе, чыгып кетсин чымын жан,
Чындык үчүн чыңырганым чыңырган.
Акындыгым сокур тыйын бүгүнкү
Мезгил күүсү билинбесе ырымдан
Канча акындар калк деп көзү жумулган,
Калыстык деп жулунганым жулунган.
Баатырдыгым кокон тыйын эртеңки
Кечээгилер көрүнбөсө ырымдан.

А. Өмүркановдо «заман» темасы замандын кыйынчылыгын курч чагылдыруу менен айырмаланып турат. «Асмансыз жылдар» (2001) деген ырлар жыйнагында «Кандагы кыйкырык» деген бөлүмдү акын бүт бойдон замандын көйгөйүнө арнайт. Андагы «Кыргыз», «Төрт куурчак жөнүндө», «Дүжүр чалдар», «Түнкү кобур», «Кайырчы», «Базардагы кыргыз балдар», «Кемпай», «Эл куту», «Кандагы кыйкырык» жана башка ырларында эгемедүүлүк алып, өз алдынча эркин мамлекет болгондон кийинки кыйын кырдаал, оор жагдай рынок шартынын татаалдыгы, карапайым элдин кыйын турмушу ж.б. замадын ар кыл көйгөйү түрдүү ыкма менен ачылган.

Ал эми «Тушалган чагылган» деген жыйнагындагы «Ит багып алган кыргызга», «Өзүңдү ойлоп», «Күл болот жерим күйбөгөн», «Алдамчы кайырчылар» өңдүү ырларында ошол учурдун социалдык абалын, андагы аракечтик, сойкулук, тирүүлөй жетим калган балдардын тагдыры дагы ушул сыяктуу терс көрүнүштөргө жаны кейийт. «Турмуш чындыгын коом турмушун көрсөткөн адабият заман маселелерине жана талаптарына жооп берүүгө умтулбай койбойт, ошондуктан заман талабына жооп берген адабият гана тарыхка баалуу салым болуп кире алат». [3, 84-б.] – деп, адабиятчы М. Борбугулов белгилегендей, акын Анатай Өмүркановдун ырлары чындыкты тайманбай айтуу менен өзгөчөлөнүп, адабиятыбыздын казынасына өз салымын кошо алды.

**Колдонулган адабияттар**


1. Акын – мезгилдин кардиограммасы // Кыргыз Руху, 2004, № 30.
2. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы. – Бишкек, 1996.
4. Исаева С. Азыркы кыргыз поэзиясы тууралуу этюддар. – Бишкек, 2013.
5. Кыргыз адабияты (Антологиясы). Поэмалар, ырлар. VIII. – Бишкек, 2012.

6. Өмүрканов А. Жанкисе. – Фрунзе: Адабият, 1991.
7. Өмүрканов А. Күндөгү так. – Бишкек: Кыргызстан, 1995.
8. Өмүрканов А. Асмансыз жылдыздар. – Бишкек, 2001.
9. Өмүрканов А. Тушалган чагылган. – Бишкек, 2005.

**Рецензент: филол.и.д-р, профессор Асакеева Д.Ж.**

УДК 371.3:811.512.154
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-257-262

**Мырзанаева М.К., Касымбекова Н.Ж.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ,
И. Арабаев атындагы КМУ
**Мырзанаева М.К., Касымбекова Н.Ж.**
КНУ имени Ж. Баласагына,
КГУ имени И. Арабаева
**Myrzanaeva M.K., Kasymbekova N.J.**
KNU J. Balasagyn,
KSU named after I. Arabaev

ORCID: 0009-00017732-2222, SPIN-cod: 8895-3829

## ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЫНДА АДИСТИК ТЕКСТТЕР МЕНЕН ИШТӨӨ
## РАБОТА С ПРОФЕССИОНАЛЬНЫМИ ТЕКСТАМИ В ВЫСШЕМ УЧЕБНОМ ЗАВЕДЕНИИ
## WORKING WITH SPECIALIZED TEXTS IN HIGHER EDUCATION INSTITUTIONS

**Кыскача мүнөздөмө:** Жогорку окуу жайында адистик тексттер менен иштөө менен студенттердин кыргыз тилин өздөштүрүү ишинде адистик мазмундагы тексттерди колдонуу кеңири практикаланууда. Макалада эл аралык мамилелер багытындагы адистик тексттердин кесиптик кыргыз тили дисциплинасында студенттердин билимин кеңейтүү менен практикалык жазуу жана оозеки ишмердүүлүгү боюнча өздөштүргөн билгичтиктерин, көндүмдөрүн жогорулатуу аркылуу кыргыз тили боюнча алган билимдерин келечектеги кесипте колдонууга багыттоо боюнча талдоолор берилет. Тексттерди өздөштүрүү процессинде жазуудагы айрым типтүү каталар менен иштөөгө жана орфографиялык эрежелердин колдонулушуна маани берип, тексттин окутуудагы мүмкүнчүлүктөрүн окутуучу туура пайданала алат. Бул максатты адистик тексттер менен иштөөдө практикалоого болот. Илимий эмгекте жогорку окуу жайында адистик тексттер менен иштөө методикасы аркылуу студенттердин келечектеги кесипте кыргыз тилин колдонуунун актулдуулугу эске алынат.

**Аннотация:** В научной статье анализируется использование специализированных текстов как средства обучения профессиональному кыргызскому языку в высших учебных заведениях. Определяются актуальность использования кыргызского языка в профессиональной сфере и выполнение информационно-коммуникативных функций, цель использования профессиональных текстов на кыргызском языке. В статье анализируются тематика, содержательная структура текстов, направленных на международные отношения и развитие одного из них в аудитории, методическая разработка текстовых заданий. Правильное и эффективное использование текстов на профессиональном кыргызском языке рассматривается как важный аспект для качественной коммуникации в образовательной и профессиональной сфере. Статья написана в целях совершенствования профессионального обучения кыргызскому языку в высших учебных заведениях с акцентом на методику усвоения содержания текста при обучении текстам по специальности.

**Abstract:** The scientific article analyzes the use of specialized texts as a means of teaching professional Kyrgyz language in higher education institutions. The relevance of the use of the Kyrgyz language in the professional sphere and the performance of information and communication functions, the purpose of using professional texts in the Kyrgyz language are determined. The article analyzes the subject matter, the content structure of texts aimed at international relations and the development of one of them in the audience, the methodological development of text assignments. The correct and effective use of texts in the professional Kyrgyz language is considered as an important aspect for high-quality communication in the

educational and professional sphere. The article is written in order to improve the professional teaching of the Kyrgyz language in higher educational institutions with an emphasis on the methodology of assimilation of the text content in teaching texts related to the specialty.

**Негизги сөздөр:** Кыргыз Республикасы; текст; кыргыз тили; жогорку окуу жайы; адистик; методика; окутуу; элчи; эл аралык мамиле.

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика; текст; кыргызский язык; высшее учебное заведение; специальность; методика; обучение; посол; международные отношения.

**Keywords:** Kyrgyz Republic; text; Kyrgyz language; higher education institution; specialty; methodology; training; ambassador; international relations.

Жогорку окуу жайында адистик тексттер менен иштөө методдору филологиялык эмес факультеттерде кыргыз тилин окутууда кеңири колдонулууда. Окутуу ишинде методикалык процессте белгилүү багыттагы кыргыз тилинде адабияттар, окуу материалдары, адистикке тиешелүү иш кагаздары, чакан илимий макалалардын, тексттердин маанисин түшүнүү, талдоо, кесиптик лексиканы өздөштүрүү жана практикалык колдонуу максаты көздөлөт. Окуу материалындагы ой жүгүртүүгө, жаңы маалыматты өздөштүрүүгө түрткү берүүчү каражат – текст.

Тексттер менен иштөө аркылуу студенттердин кыргыз тилинде кесиптик лексикасын калыптандыруу көндүмү өзгөчө орунда турат. Адистик тексттер башка тематикадагы тексттерден айырмаланып, студенттин келечектеги кесибине тиешеси бар чакан мазмунга, так түзүлүшкө, кесиптик терминдерге жана практикалык маалыматтарга ээ болот. Кесиптик тексттер төмөнкүдөй негизги өзгөчөлүктөргө ээ:

1. Терминдердин көп колдонулушу – ар бир тармактын өзүнө таандык кесиптик лексикасы жана түшүнүктөрү бар.
2. Так түзүлүшкө ээ – көпчүлүк учурларда адистик тексттер логикалык ырааттуулук менен берилет.
3. Илимий негиздүүлүк – кесиптик тексттерде субъективдүү пикирлерге караганда, фактыларга жана далилдерге басым жасалат.
4. Формалдуулук – көбүнчө расмий, публистикалык стилде жазылгандыгы менен мүнөздөлөт.

ЖОЖдун студентине тандап алган кесибине тиешеси бар деген максатта тексттерди тандалып алууда тексттердин теметикалык-түзүмүнүн өзүндө да логикалык ырааттуулук сакталышы маанилүү, алсак жөнөкөйдөн татаалга, белгилүүдөн белгисиздикке карай окутуу. Окутуу процессинде окуу материалындагы ой жүгүртүүгө жана өздөштүрүүгө түрткү берүүчү каражат – текст болгондуктан, тексттер семантикалык-структуралык өзчөлүгүнө, колдонуу чөйрөсүнө ылайыкталып тандалат. “Тексттердин мазмуну өтүлүүчү теманын максатына ылайык окутулат”. [1, 6-б.]

Адистик тексттер менен иштөөдө студенттердин төмөнкү көндүмдөрүн өнүктүрүү күтүлөт:

- Эң биринчи кыргызча окуу жана түшүнүү жөндөмү – студенттер аудиторияда тааныш эмес тексттерди кыргызча өздөштүрүү көндүмү калыптанат.
- Сөз байлыгын өстүрүү – терминдерди жана адистик түшүнүктөрдү өздөштүрөт.
- Аналитикалык ой жүгүртүү – маалыматтарды талдоого жана сын көз караш менен кароого үйрөнүшөт.
- Жазуу жөндөмү – адистик макалаларды жана иш кагаздарын жазууга такшалат.
- Кесиптик даярдык – теорияны келечекте практикалык колдонууга үйрөнүү менен жумушка болгон даярдыкты жогорулатат.

Аталган максаттарды ишке ашыруу үчүн практикалык негизде эл аралык мамилелер багытынын кесиптик кыргыз тилин дисциплинасында иштелүүчү адистикке багытталган тексттердин бири “Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчисин кабыл алуучу өлкөгө дайындоо тартиби. Ишеним жана чакыруу грамоталарын тапшыруу тартиби”. Негизги этаптагы тексттин мазмуну менен таанышууга келсек:

**Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчисин кабыл алуучу өлкөгө дайындоо тариби. Ишеним жана чакыруу грамоталарын тапшыруу тартиби**

Элчиликти Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси жетектейт. Ал келген өлкөдө өз мамлекетинин аккредиттелген расмий өкүлү болуп эсептелет. Эгерде аккредиттеген мамлекеттер каршы болбосо, элчи бир учурда бир нече чет

мамлекеттерде элчи боло алат. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин көрсөтмөсү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл аралык маселелер боюнча комитети менен консультацияларды жүргүзгөндөн кийин Кыргыз Республикасынын Президенти элчини кызматка дайындайт. Тышкы иштер министри элчилик кызматка талапкерди Президентке кат түрүндө сунуштайт. Катка талапкердин өмүр баяны жана анын кесиптик сапаттарын тастыктаган тиешелүү документтер тиркелет. Президент тарабынан элчинин талапкерлиги жактырылгандан кийин, анын администрациясы ТИМди бул жөнүндө маалымдайт. ТИМ өз учурунда Жогорку Кеңештин эл аралык маселелер боюнча комитетине консультацияларды жүргүзүү үчүн талапкерге көрсөтмө жиберет.

Аккредиттей турган мамлекеттен жооп алганга чейин, элчи кызматына талапкер болгон адамга тиешелүү маалыматтар жашыруун болууга тийиш. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл аралык маселелер боюнча комитети менен тиешелүү консультацияларды жүргүзгөндөн кийин ТИМ элчини аккредиттей турган мамлекеттин Тышкы иштер министрлигине агреманга (макулдукка) суроо-талап жөнөтөт. 1961-жылкы Дипломатиялык байланыштар тууралуу Вена конвенциясына ылайык кабыл алып жаткан мамлекет суроо-талапка жооп бербей коюуга укуктуу. Мындай эреже мамлекеттер аралык мамилелердин курчуп кетпеши үчүн каралган. Жооп берилбесе, анда талапкер персона нон грата болуп, ал эми агреман алган талапкер персона грата болуп эсептелинет. Аккредиттей турган мамлекеттен оң жооп келгенден сон, элчинин дайындалышы тууралуу Кыргыз Республикасынын Президентинин чечими Жарлык менен тариздөлөт. Дайындалган өлкөгө кеткенге чейин элчиге ТИМ ишеним грамотасын даярдайт. Ишеним грамотасына президент өз колун коет жана ал Тышкы иштер министринин колу менен күбөлөндүрүлөт. Ишеним грамотасына кол коюлган күндөн тарта элчи өзүнүн ишине киришти деп эсептелет. Жаңы келген элчи кабыл алган мамлекеттин башчысына ишеним грамоталарын салтанаттуу түрдө тапшырат. Өлкөдөгү активдүү иштер келген өлкөнүн расмий жактарына, саясий жана коомдук ишкерлерине, ошондой эле дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн жетекчилерине визиттерди жасоодон башталат.

Сылык визиттер, келген өлкө менен үзгүлтүксүз байланыштарды орнотуу – эки тараптуу достук мамилелерди өнүктүрүп, чындоого умтулган дипломаттын кесиптик милдети болуп саналат.

Протоколдук ченемдерге ылайык, элчи ишеним грамоталарын тапшыргандан кийин өзү биринчи болуп сылыктык жолугушуусуна элчилерге гана бара алат. Ал эми өкүлдөр, туруктуу жана убактылуу ыйгарым өкүлдөр элчи аларга ишеним грамоталарын тапшыргандыгы тууралуу катты бергенден кийин элчиге улуу даражадагы кызматчы катары биринчилерден болуп сылык визити менен барышы керек. Элчи аларга жооп иретинде визит жасайт. Расмий жактардын визиттеринин кезектүүлүгү эреже боюнча жергиликтүү протоколдо жазылып, катуу сакталат; чет өлкөлүк элчилердин жолугушуусунун кезектүүлүгү да жергиликтүү протоколдук ченемдерге жана дипломатиялык корпуста түзүлгөн салтка баш иет.

Ошентип, дипломатиялык өкүлчүлүктүн жетекчисин дайындоо төмөнкү төрт баскычтан турат: а) агреманга суроо-талап; б) кызматка дайындоо; в) өлкөгө келүү; г) ишеним грамоталарын тапшыруу жана кызматка расмий түрдө киришүү. (“Дипломатиялык жана консулдук кызмат” окуу куралынан). [2, 53-54-бб.]

Адатта биринчи текст менен таанышып, мазмунун түшүнүү маанилүү. Окуп жатканда студенттердин мазмундук бөлүктөргө токтолуп, текстте аткарылып жаткан иш-аракеттердин ыраатын элестетүү аркылуу эске тутууга (мүмкүн бир нече жолу окуу) аракети болот. Аудиторияда жүргүзүлүүчү иштерде сабак учурунда тексттин мазмуну менен таанышкандан кийин Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчилерин башка өлкөлөрдө кабыл алуусун, ишеним жана чакыруу грамоталарын тапшыруусун же Кыргыз Республикасынын Президентинин башка өлкөлөрдүн элчилерин кабыл алуу аземдерин YouTube платформасынан сүрөттөрүн, видео маалыматтарын расмий сайттардан көрүү тексттин мазмунун ырааты менен эстеп калуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. Студенттер видеону көрүү менен угуу, көрүү жана окуу аркылуу бир нече сезим органдарын колдонушат. Бул видеолорду, сүрөттөрдү колдонуу ыкмасы материалдын жакшы кабыл алынышына жана эсинде сакталып калышына көмөктөшөт. Негизинен визуалдык видеолор маалыматты аудиовизуалдык формада берип, татаал темаларды жөнөкөйлөтүп түшүндүрүүгө жар-

дам берет. Айрыкча абстрактуу түшүнүктөрдү реалдуу көрүнүштөр менен көрсөтүү студенттердин түшүнүүсүн тереңдетет жана берилген материал студенттерге кызыктуу болуп, окуу процессине болгон кызыгууну арттырат.

Аудиториядагы ишке же үй тапшырма катарында суроолорго жооп жаздырып жана оозеки бышыктап алуу үчүн аталган тестке карата төмөнкүдөй мазмундук суроолорду түзүүгө болот:

**Жогорудагы текстке карата суроолор:**

1. Текстти окуп чыгып, төмөнкү суроолорго жооп бергиле.
2. Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу элчисинин талапкерлигин ким дайындайт?
3. Элчини дайындоодо ТИМ кандай иштерди жасайт?
4. Элчини кабыл алуучу өлкөгө дайындоо баскычтарын айтып чыккыла.
5. Элчиликке талапкер жөнүндө маалыматтар кайсы учурда жашыруун болот?
6. Персона нон-грата жана персона грата деген терминдер эмнени түшүндүрөт?
7. Ишеним грамотасы кандай даярдалат жана тапшырылат?

Текстке карата тапшырма катары дипломатиялык өкүлчүлүктүн жетекчисин дайындоо баскычтарын жазып чыккыла жана элчиликке тиешелүү сөз айкаштарын жазгыла, айрым сөздөргө антоним, синоним жазгыла, тексттин мазмунуна ылайыктуу макалдарды жазгыла деген сыяктуу тексттен кийинки бир нече көнүгүүлөрдү иштетүү, аягында тексттин мазмунун айрым студенттерге айттыруу – тексттин мазмунун терең өздөштүрүүгө жана адистик лексиканы өздөштүрүүгө шарт түзөт. Аудиторияда жана үйгө жазуу иштерин берүү учурда актуалдуу экенин белгилөө маанилүү, себеби жазуу иши аркылуу студенттерди сабаттуулукка үндөө жана такшалтуу иши жүрөт. "Жазма кеп – коомду байланыштыруучу маанилүү маданий фактор. Жазуу тексттери – ар бир адамды курчаган маанилүү компонент, дүйнө, аалам тууралуу маалымат берүүчү негизги булак. Ошондуктан коом өз маданиятын, жамааттык интеллектинин көрсөткүчү катары тилдик нормаларга өтө сезгич болушу зарыл". [3, 157-б.]

Орфографиялык эрежелердин сакталышын түшүндүрүү иши да тексттер менен иштөөдө практикаланып келет. Орфографиялык сабаттуулукка окутуунун методикасына токтолсок, эрежелерди дароо үйгө жаттого берүү дайыма эле ийгилик алып келбейт, мындай ыкма студенттер тарабынан кызыгууну туудурбашын эске алуу маанилүү. Алгач аудиторияда сабаттуу болуунун актуалдуулугун белгилеп, студенттердин мамлекеттик тилге болгон жоопкерчилигин жана кызыгуусун ойготуп, сабаттуулукка мотивациялоо оң натыйжаларды берет.

Тексттер аркылуу иштөө аркылуу орфографиялык сабаттуулукка окутууда кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин соңку редакциясынын эрежелерине таянабыз. [4, 24-25-бб.] Айрым эрежелердин жогорудагы текстте колдонулушуна токтолсок:

**67-§.** Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекеме, ишкана, коом, фонд, уюмдардын аталыштарынын биринчи сөзү баш тамга менен башталып, калгандары кичине тамга менен айрым-айрым жазылат. Бул эрежеге тексттен Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги деген сөздүн жазылышын мисал кылабыз.

**Эскертүү:** Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Баатыры өңдүү расмий аталыштардын бардык сөзү баш тамга менен башталып, айрым-айрым жазылат, текстте кездешүүчү сүйлөмдө: Кыргыз Республикасынын Президенти элчини кызматка дайындайт.

**66-§.** Мамлекет, мамлекеттик жогорку органдардын жана эл аралык уюмдардын аталыштарынын бардык сөздөрү баш тамга менен башталып, айрым-айрым жазылат, текстте: Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешини учурайт. Буга улай кыскартылган сөздөр жана аларга мүчөнүн уланышы боюнча туура жазууну жөнүндө түшүнүк берүү да орундуу: – МИДде, ЖК – ЖКны, КР – КРдин ж.б.

**39-§.** Кызмат орундары. 5. Мамлекеттердин элчилеринин кызмат орундарынын расмий аталыштарындагы кызматчы сөздөрдөн башка сөздөр баш тамгалар менен башталып жазылат. Текстте элчи, атташе, генералдык катчы, император, каныша, хан, шейх деген сөздөр кичине тамга менен башталып жазылат. [5, 78-б.] Бирок текстте белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси деген-де мамлекеттик расмий кызмат катары баш тамга менен жазылып келет, бул Кыргыз Республикасынын дипломатиясы жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзымында да жазылган.

Эске алуучу жагдайдын бири Т. Аширбаевдин Орфографиялык эрежелер. Туура жазуу жана адабий оңдоо боюнча практикалык колдонмосунда кыргыз тилинде туура жазуу боюнча практикалык жагдайлар

бир кыйла кеңири берилген. 2005-жылы жарылангандыктан 2002-жылдын 28-июнунан – 2008-жылдын 26-июнуна чейинки айрым орфографиялык өзгөрүүлөр эске алынып жазылганын баамдалат.

"Орфографиянын прициптери менен эрежелери калың элдин катмарына оңой жана тез өздөштүрүү үчүн анын илимий негизи жеткиликтүү жана түшүнүктүү болушу талап кылынат. Эрежелердин илимий негизи ырааттуу жана түшүнүктүү, так кыска аныкталып түзүлсө, эл аны ыкчам тез үйрөнөт, өздөштүрөт, сабаттуулук ошончолук көтөрүлөт жана артат". [6, 13-б.] Орфографиянын принциптерин текст менен иштөөдө эске алып, анын сакталышын мисалдар аркылуу бекемдеп туруу, сабатсыздык менен күрөшүүнүн негизги ыкмаларынын бири. Кыргыз тилин ЖОЖдордо окутууда бул маселе актуал-дуулугун жоготпой келет.

Тексттер менен иштөө көндүмдөрүн такшалтуу аркылуу студенттер жогорку курстарда илимий-изилдөө иштерине катышып, өз адистигин терең өздөштүрө алышат. Алардын кыргыз тилинде кесиптик лексиканы активдүү колдонушу маанилүү. Мындан улам, жогорку окуу жайларында кыргыз тилинде адистик тексттерге кызыгуу менен иштөө методикасын өркүндөтүү көңүл буруучу маселе.

Жогорку окуу жайында студенттердин адистик тексттерди өздөштүрүүсүн жакшыртуу үчүн ар кандай ыкмалар колдонулары белгилүү. Алардын ичинен негизгилери төмөнкүлөр:

1. Тексттин мазмунун анализдөө – тексттеги негизги ойлорду бөлүп көрсөтүү, түшүнүксүз сөздөрдүн маанисин аныктоо.
2. Конспект түзүү – тексттин негизги мазмунун кыскача жана логикалык ырааттуулукта баяндоо.
3. Терминологиялык сөздүк түзүү – адистик терминдерди колдонуу жана алардын маанисин түшүнүү.
4. Талкуулар жана дебаттар – адистик тексттердин мазмуну боюнча дискуссия уюштуруу.
5. Практикалык тапшырмалар – теориялык материалдарды иш жүзүндө колдонууга үйрөтүү (бул иш тексттин мазмунуна жана окутуу процессинин жагдайына карата ишке ашат).

Тексттерди туура иштетүү методдору аркылуу студенттер илимий-изилдөө иштерине катышып, өз адистигин терең өздөштүрө алышат. Мындан улам, жогорку окуу жайларында адистик тексттер менен иштөө методикасын өркүндөтүү маанилүү маселе бойдон калууда.

Тандалган тексттердин мазмуну, логикалык түзүлүшү дисциплинанын жумушчу программасы менен шайкеш келиши маанилүү. "Тандалган тексттер окутулган адистикке, курска, жумушчу программанын темасына, мазмунуна ылайыкталат". [8, 68-б.] Ошол эле учурда тексттер менен иштөө студенттердин өз алдынча иштөөсүндө кеңири колдонулат. Бул учурда аудиториялык текст менен студенттин өз алдынча иштей турган тексттин функционалдык деңгээлинде, түзүлүшүндө айырмачылык болот. Мисалы эл аралык мамилелер багытындагы тексттерге тарыхтагы белгилүү элчилер Кыргыз Республикасындагы белгилүү дипломаттары, мамлекеттик коомдук кызматкерлер жөнүндө, дипломатиялык сүйлөшүүлөрдө тил маданиятынын орду, эл аралык уюмдардын ишмердүүлүгү тууралуу темаларды берсек болот. "Бул учурда тапшырма ар кандай эле өз алдынча иштин өзөгү катары, бир жагынан өз алдынча таанып-билүү иш-аракетинин баштапкы түрткүсү катары чыкса, экинчи жагынан аудиториялык же аудиториядан тышкаркы сабактардын дидактикалык максаттарына ылайык, студенттин окуу ишмердүүлүгүнүн белгилүү бир структурасын активдештирет". [9, 23-б.]

Аталган тексттер менен иштөө аркылуу милдеттер окутуу процессиндеги төмөнкү компонентти ишке ашырууга болорун белгилейбиз:

1. Билим берүүчүлүк компоненттин максаты – кесиптик кыргыз тили дисциплинасында эл аралык мамилелер багытындадагы тексттер аркылуу студенттердин билимин кеңейтүү. Практикалык жазуу жана оозеки ишмердүүлүгү боюнча өздөштүргөн билгичтиктерин, көндүмдөрүн келечектеги кесипте колдонууга шыктандыруу.
2. Өркүндөтүүчүлүк жана практикалык-кесиптик компоненттин максаты – кесиптик багыт боюнча өздөштүргөн билимин андан ары кыргызча терендетип өнүктүрүүгө жана кесипте кыргыз тилин колдонууга багыттоо.
3. Тарбиялык компоненттин максаты – жаштарды коомчулук алдындагы адамдык парзын, кесиптик компитенттүүлүгүн тексттердин иштелиши аркылуу таанытуу, сабаттуулукка үндөө, улуттук аң-сезимин өнүктүрүү.

**Колдонулган адабияттар**

1. Мырзанаева М.К. Мамлекеттик тилди окутууда кесипке багыттоочу тексттердин мазмуну жана максаты // Вестник КНУ им. Ж. Баласагын, 2019, №3, 141-б.
2. Эл аралык мамилелер багытында окуган студенттерге кыргыз тили боюнча тексттердин жана көнүгүүлөрдүн жыйнагы (окуу куралы) / Түзгөн: М.Э. Зарипова, Г.М. Акунова. – Бишкек, 2017, 140-б.
3. Касымбекова Н.Ж., Алымбаева З.А. Дисграфия – заманбап коом көйгөйү // Вестник Ыссык-Кульского университета, 2024, 59-б.
4. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери.: Соңку редакциясы. КРдин Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия. – Бишкек, 2009, 32-б.
5. Аширбаев Т. Орфографиялык эрежелер. Туура жазуу жана адабий оңдоо боюнча практикалык колдонмо. – Ош, 2005, 116-б.
6. Карасаев Х.К., Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү. – Бишкек, 2009, 640-б.
7. Режим доступа: https://cbd.minjust.gov.kg/203948/edition/850651/kg
8. Мырзанаева М.К. Жогорку окуу жайларда кесиптик кыргыз тилин окутууда улуу ойчул Ж. Баласагындын чыгармасынын орду // Вестник КНУ им. Ж Баласагына, 2024, №3, 491-б.
9. Асипова Н.А., Баялиева А.С., Курманбек кызы Мира. Студенттердин өз алдынча иштерди аткаруудагы чыгармачылык маселесин калыптандыруунун психологиялык педагогикалык маселелери // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2024, №1, 23-б.


**Рецензент: филол.и.к., доцент Бешкемпирова А.И.**


УДК 891.78
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-262-9



**Нарозя А.Г.**
Манас КТУ
**Нарозя А.Г.**
КТУ Манас
**Narozia A.G.**
KTU Manas

ORCID: 0000-0001-6390-8559


# А.А. ФЕТТИН «МЕН САГА САЛАМ АЙТЫП КЕЛДИМ...» ПОЭМАСЫНЫН ТҮРК ТИЛДҮҮ АУДИТОРИЯДАГЫ АНАЛИЗИ
# АНАЛИЗ СТИХОТВОРЕНИЯ А.А. ФЕТА «Я ПРИШЕЛ К ТЕБЕ С ПРИВЕТОМ…» В ТЮРКОЯЗЫЧНОЙ АУДИТОРИИ
# ANALYSIS OF A.A. FET'S POEM “I CAME TO YOU WITH GREETINGS...” IN A TURKIC-SPEAKING AUDIENCE


**Кыскача мүнөздөмө:** Макаланын максаты – А.А. Феттин «Мен сага салам айтып келдим...» аттуу поэмасынын мисалында түрк тилдүү аудиториядагы лирикалык чыгарманын талдоо өзгөчөлүктөрүн аныктоо. Поэманы талдоо үчүн адабий-көркөм текстти анализдөөнүн жана чечмелөөнүн поэтологиялык жана структуралык-семиотикалык ыкмалары колдонулат. Талдоо төмөнкүдөй схема боюнча жүргүзүлөт: көркөм кептин көркөм-чагылдыруучу жана экспрессивдүү каражаттары, ыр түрүндөгү чыгарманын ритмикалык уюштурулушу, образдуу система, сюжет жана композиция, тексттин идеялык жана тематикалык мазмуну. Көркөм текст өз алдынча бир бүтүндү түзүп, белгилүү бир багыт менен уюштурулган биримдик катары каралат жана өзүнүн ички мыйзамдарына ээ. Натыйжада, орус тилин чет тили катары үйрөнүп жаткан студенттер сөз байлыгын кеңейтишет, чыгармачыл фантазияларын, окуу, угуу, сүйлөө жана жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүшөт жана эң негизгиси оозеки көркөм чыгарманын маанисине сүңгүп, анын жаралыш сырын жана мазмундуу форманын кооздугун аңдашат.

**Аннотация:** Цель статьи – выявить особенности анализа лирического произведения в тюркоязычной аудитории на примере стихотворения А.А. Фета «Я пришёл к тебе с приветом…». Для анализа стихотворения используются поэтологический и структурно-семиотический методы анализа

и интерпретации литературно-художественного текста. Анализ проводится по схеме: изобразительно-выразительные средства художественной речи – ритмическая организация стихотворного произведения – образная система – сюжет и композиция – идейно-тематическое содержание текста. Художественный текст рассматривается как автономное целое, определённым образом организованное единство, обладающее собственными внутренними законами. В результате студенты, изучающие русский язык как неродной и иностранный, пополняют словарный запас, развивают творческое воображение, навыки чтения, слушания, говорения и письма, а самое главное проникают в ткань словесного произведения искусства, познавая тайну его создания и красоту содержательной формы.

**Abstract:** The aim of this article is to identify the features of analyzing a lyrical work in a Turkic-speaking audience using the example of A.A. Fet's poem "I came to you with greetings..." The analysis of the poem employs poetological and structural-semiotic methods of literary and artistic text analysis and interpretation. The analysis was conducted according to the following scheme: figurative and expressive means of artistic speech; rhythmic organization of poetic works; imagery system; plot and composition; and the ideological and thematic content of the text. The literary text is considered an autonomous whole that is organized in accordance with its internal laws. As a result, students learning Russian as a non-native and foreign language expand their vocabulary, develop their creative imagination, and improve their reading, listening, speaking, and writing skills. Most importantly, these works delve into the essence of the literary masterpiece, discovering the secrets of its creation and the beauty of its substantive form.

**Негизги сөздөр:** лирика; көркөм-чагылдыруучу жана экспрессивдүү каражаттар; ритм; образ; сюжет; композиция; тема; көйгөй; идея; пафос; жанр.

**Ключевые слова:** лирика; изобразительно-выразительные средства; ритм; образ; сюжет; композиция; тема; проблема; идея; пафос; жанр.

**Keywords:** lyric poetry; figurative and expressive means; rhythm; imagery; plot; composition; theme; problem; idea; pathos; genre.

В программу баклавриата по направлению «Филология» отделения филологии (программа русского языка и литературы) Кыргызско-Турецкого университета «Манас» включён курс «Филологический анализ художественного текста», который изучается в течение четырёх семестров на первом и втором курсах по четыре часа в неделю. **Цель курса** – комплексный анализ формы и содержания художественного текста для выявления функций его компонентов в соотношении как с автором, создавшим его, так и с иноязычным читателем, воспринимающим текст на изучаемом языке. В программе курса предусмотрен анализ прозаических и поэтических произведений русской классической литературы. **Цель статьи** – выявить особенности анализа лирического произведения для тюркоязычной аудитории на примере стихотворения А.А. Фета «Я пришёл к тебе с приветом…».

Прежде чем приступить к анализу стихотворения, необходимо остановиться на специфике лирики как литературного рода. Как отмечается в «Литературной энциклопедии терминов и понятий», «лирика (греч. lyrikos, от lyra – струнный музыкальный инструмент) – литературный род, выражающий мысли, чувства и переживания субъекта, провоцирующий у читателя (слушателя) иллюзию сопереживания и тяготеющий к стиховой форме». [1, стлб. 450] Лирика – наиболее субъективный род литературы: поэт выражает свои индивидуальные мысли, чувства, вызванные различными явлениями жизни. Они непременно обобщаются, типизируются. В результате этого возникает сопереживание, то есть читатель воспринимает чувства лирического героя как свои, близкие к себе. «При восприятии лирики, в отличие от других родов литературы, происходит максимальное присвоение прочитанного, обретение личностных смыслов в художественном тексте. Лирика позволяет читателю понять сокровенное в себе, поэт как будто предугадывает это, находя для выражения сокровенного соответствующие слова и образы» [2, с. 64], – подчёркивает эту особенность Л.А. Сомова.

После уяснения основных особенностей лирического литературного произведения приступаем к анализу стихотворения А.А. Фета «Я пришёл к тебе с приветом…».

Для начала можно предоставить студентам краткую информацию об авторе, необходимую для анализа стихотворения. **Афанасий Афанасьевич Фет (1820-1892)** – поэт, переводчик, публицист, член-корреспондент Петербургской Академии наук.

Наиболее известен как автор лирических стихотворений, в которых перед читателем предстают увиденные тонким наблюдателем картины природы, мимолётные движения человеческой души, все оттенки чувств и переживаний. Стихи А. Фета необыкновенно музыкальные, многие из них положены на музыку и стали популярными романсами.

Возможно, студентам будет интересно узнать, что «Афанасий Фет в жизни был человеком в высшей степени прозаическим, занятым хозяйственными расчетами, мрачным, склонным к тоске и хандре, таким он видится в воспоминаниях современников и в его собственных. В стихах же, напротив, мы встречаем личность необыкновенно возвышенную, поэтическую, жизнерадостную и светлую» [3, с. 41], – отмечает Н.В. Кулибина.

Остановимся на этапах анализа стихотворения в тюркоязычной аудитории.

**Первый этап – ознакомительное чтение стихотворения.** Здесь важно мастерство преподавателя в умении презентовать текст стихотворного произведения, выразительно прочитав его. Можно использовать аудиозаписи, где текст читают известные мастера слова. При первом прочтении студенты улавливают общее содержание стихотворения, его настроение, тему и идею. На этом этапе важно погружение не только в содержание, но и в музыку стиха. Приведём текст стихотворения.

**Афанасий Афанасьевич Фет**
**Я пришел к тебе с приветом…**

Я пришёл к тебе с приветом,
Рассказать, что солнце встало,
Что оно горячим светом
По листам затрепетало;

Рассказать, что лес проснулся,
Весь проснулся, веткой каждой,
Каждой птицей встрепенулся
И весенней полон жаждой;

Рассказать, что с той же страстью,
Как вчера, пришёл я снова,
Что душа всё так же счастью
И тебе служить готова;

Рассказать, что отовсюду
На меня весельем веет,
Что не знаю сам, что́ буду
Петь – но только песня зреет.

1843 г.

**Второй этап – внимательное чтение** (или так называемое «медленное чтение» [4]) **стихотворения по строкам (стихам)** и детальный анализ каждой из них с целью выявления развития образа-переживания лирического героя в произведении. Следует заметить, что на занятиях используется поэтологический метод анализа текста, который предполагает детальное изучение системы изобразительно-выразительных средств литературно-художественного произведения с целью выявления художественного мастерства писателя или поэта, создающего словесный художественный образ. Такой метод позволяет студентам не только пополнять свой словарный запас, но и способствует развитию образного мышления, что мотивирует их к говорению. Как верно отмечает Л.А. Сомова, «Слова в лирике отличаются ёмкостью, выразительностью, предельной экономией художественных средств. Они порой теряют смысл вне контекста и словесно-звукового оформления строки. В лирике замечено особое единение (взаимопроникновение) содержания и формы, причём элементы формы признаются приоритетными». [2, с. 63-64]

Для уяснения содержания стихотворения студентам предлагается выполнить следующие **задания.**

1. Прочитайте первую строку стихотворения. Передайте своими словами её смысл. Как вы думаете, к кому поэт обращается?
2. Прочитайте первую и вторую строки. Обратите внимание на глагольную конструкцию «…пришёл… рассказать». Как вы её понимаете?

Если вы были внимательны, читая стихотворение, то заметили, что II, III и IV строфы начинаются с того же глагола «рассказать». Какой, по-вашему, была цель визита?

3. Прочитайте всю первую строфу. В какое время суток поэт пришёл в гости?
4. Прочитайте вторую строфу. Как вы думаете, о каком времени года идёт речь? Найдите в тексте подтверждение вашему ответу. Как вы понимаете выражение «лес проснулся»?
5. Перечитав первые две строфы, скажите, к кому поэт мог прийти с такими новостями? Вы можете представить себя на его месте?
6. Прочитайте третью строфу. Предположите, о каких чувствах идёт здесь речь. Подберите синоним слову «страсть». Восстановите в третьей и четвёртой строках

этой строфы прямой порядок слов. Как вы понимаете смысл этих строк?

7. Прочитайте последнюю строфу. Как вы понимаете слова «… отовсюду на меня весельем веет…»? Кому весело: окружающим или …? Найдите подтверждение своему мнению в последних строчках стихотворения. Что значит выражение «песня зреет»?

8. Прочитайте стихотворение целиком. Как вы его поняли и как представляете себе ситуацию, в которой оно могло быть прочитано? Обратите внимание, что поэт передаёт свои чувства, не только прямо говоря о них, но и описывая состояние природы.

9. Выучите стихотворение наизусть.

После постижения студентами образной ткани художественного текста обращается внимание на **структуру произведения: сюжетную и композиционную организацию текста.** Это можно считать **третьим этапом** анализа стихотворения. Анализируя лирическое произведение, студенты учатся выявлять элементы лирического сюжета как системы переживаний, обращают внимание на их расположение в тексте, а также начинают понимать, как создаётся образ-характер лирического героя произведения.

Следует обратить внимание на то, что первые два катрена изображают картину природы, а вторые два передают переживания лирического героя (психологический параллелизм). Хотя уже и в изображении природы выражается настроение лирического героя стихотворения.

**Четвёртым этапом** является работа над **интонационно-ритмической организацией стихотворения.** Для начала нужно уяснить со студентами понятие «ритм» и его составляющие (стих, стопа, размер, рифма, строфа). Здесь мы использовали структурно-семиотический метод анализа литературно-художественного текста, в основе которого «лежит взгляд на литературное произведение как на органическое целое. Текст в этом анализе воспринимается не как механическая сумма составляющих его элементов, и “отдельность” этих элементов теряет абсолютный характер: каждый из них реализуется лишь в отношении к другим элементам и к структурному целому всего текста» [5, с. 11], – пишет Ю.М. Лотман.

**Пятым, заключительным этапом** в работе с текстом является **определение тематики, проблематики, идеи, пафоса и жанра произведения**. Такая работа требует умения обобщать полученные знания и делать определённые выводы. В процессе работы со студентами используются различные интерактивные методы (работа в мини-группах, составление схем, кластеров, таблиц, подготовка презентаций, написание сочинений и т.д.). Всё это способствует не только пониманию текста, но и развитию устной и письменной русской речи. Также студентам даётся задание выучить стихотворение наизусть и выразительно прочитать его.

Мы видим здесь прецедентные имена «Карл Двенадцатый», «Полтава», связанные с событиями Северной войны 1700-1721 гг. между Россией и Швецией. 27 июня (8 июля) 1709 г. состоялось генеральное сражение этой войны – Полтавская битва. Также в отрывке содержится аллюзия на имя Н.С. Хрущева, непосредственно связанного с современной историей Украины, – «картавый», а также знаменитое «Мы вам покажем кузькину мать!», которое в пылу спора с американцами Хрущев произнес в 1959 году.

Вновь приведем в качестве примера «Речь о пролитом молоке». Приведем параллельно в таблице ниже все прецедентные ситуации, к которым обращается в данном отрывке И. Бродский.

| | |
|---|---|
| То есть все основания быть спокойным.<br>Никто уже не кричит: «По коням!» | Восстания и революционные события в России. |
| Дворяне выведены под корень. | Сталинские репрессии. |
| Ни тебе Пугача, ни Стеньки. | Восстания по предводительством С. Разина (1667-1671 гг.) и Е. Пугачева (1773-1775 гг.). |
| Зимний взят, если верить байке. | Штурм Зимнего дворца – одно из ключевых событий Октябрьской революции, взятие большевиками в ночь с 25 на 26 октября 1917 г. резиденции Временного правительства, располагавшейся в Зимнем дворце в Петрограде. |
| Джугашвили хранится в консервной банке. | Забальзамированное тело И.В. Сталина (Джугашвили) было помещено на всеобщее обозрение в Мавзолей Ленина, который в 1953-1961 гг. именовался «Мавзолей В.И. Ленина и И.В. Сталина». |
| Молчит орудие на полубаке. | В 21:40 по приказу комиссара А. В. Белышева комендор Е. Огнев из 6-дюймового бакового орудия «Авроры» произвёл один холостой выстрел, оказавший психологическое воздействие на защитников Зимнего дворца. По версии ряда советских источников, он послужил сигналом для начала штурма Зимнего дворца. Дальнейших выстрелов орудий «Авроры» не последовало. С августа 1944 является музеем-памятником. |

В итоге все приведенные знаки, имена и атрибуты прецедентных ситуаций формируют одну большую картину – «Исторический путь России», который оценивается поэтом как «приведший никуда».

Мы видим, что прецедентные ситуации функционируют в произведениях И. Бродского как часть сложной метафоры, когда происходит соположение реальной ситуации с прецедентной, выступающей в качестве образца. Использование прецедентных ситуаций связано прежде всего с парольной функцией художественного текста вообще и поэтического, в частности, так как незнание исторических фактов приводит к непониманию текста.

Таким образом, творчество И. Бродского содержит много различных отсылок к предшествующим текстам, прецедентным именам и ситуациям, не только русским, но и из других культур: к немецкой и английской классической литературе, событиям мировой значимости, именам и деятельности известных исторических деятелей. Межкультурная прецедентность в поэзии И. Бродского существует либо в качестве вторичных размышлений по поводу исходного текста, либо в качестве обращения к прецедентному тексту намеком, отсылкой, признаком. Так, И. Бродский в своей поэзии одновременно и переосмысляет опыт предшествующих авторов и человеческой истории, и утверждает непрерывность культуры и свое место в ней.

Разнообразие межкультурных прецедентных связей делает текст поэтического произведения полным аллюзий, скрытых и явных намеков, разворачивая и углубляя его смыслы, позволяет рассматривать поэтическое произведение как точку пересечения совершенно разных идей и интенций автора и читателя.

**Список использованной литературы**

1. Караулов Ю.Н. Русский язык и языковая личность. – Москва: Наука, 1987, 262 с.
2. Красных В.В. Этнопсихолингвистика и лингвокультурология. – Москва:Гнозис, 2002,284 с.
3. Гудков Д.Б. Прецедентное имя в когнитивной базе современного русского (результаты эксперимента) // Язык. Сознание. Коммуникация. – Москва, 1998, вып. 4, с. 82-93.
4. Магазаник Э.Б. Ономапоэтика или «говорящие имена» в литературе. – Ташкент: ФАН, 1978, 146 с.
5. Красных В.В. Когнитивная база и прецедентные феномены в системе других единиц и коммуникации / В.В. Красных, Д.Б. Гудков, И.В. Захаренко, Д.В. Багаева // Вестник МГУ, 1997, №3, с. 62-75.
6. Гудков, Д.Б. Прецедентная ситуация и способы ее актуализации // Язык. Сознание. Коммуникация. – Москва, 2000, вып. 11, с. 40-46.
7. Все стихи Иосифа Бродского на одной странице. – URL: https://rustih.ru/vse-stixi-brodskogo-na-odnoj-stranice/ - Загл. с экрана.
8. Худайбердина М.У. Прецедентные имена в ономастическом пространстве лирики И. Бродского: автореф. дисс… канд. филол. наук. – Пермь, 2012, 19 с.

**Рецензент: д-р филол.н., профессор Койчуманова Н.М.**

УДК 821.512:154:398
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-279-284

**Орозалиева Ж.М.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Орозалиева Ж.М.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Orozalieva J.M.**
KNU J. Balasagyn

# К. АРТЫКБАЕВ - ФОЛЬКЛОРИСТ
К. АРТЫКБАЕВ - ФОЛЬКЛОРИСТ
# K. ARTYKBAEV - FOLKLORIST

**Кыскача мүнөздөмө:** К.Артыкбаев – фольклордук адабияттын тарыхчысы катарында анын чыгыш тарыхын, генезисин, табиятын системага салууга аракет кылган окумуштуу. Ал фольклордук материалдардагы теориялык маселелерди чечмелеп, жанрдык маанисин, структурасын белгилөөгө зор аракеттер жумшаган. Фольклордук адабияттын сынчысы катары фольклор тууралуу эмгектерге сын пикир, көз караштарын системалуу билдирип келген. Элдик оозеки чыгармалар жаатында эң актуалдуу жана буга чейин изилдөөчүлөрдүн көңүлүнө түшпөй келген проблемаларды көтөрүп чыгып турган. Изилдөө объектиси болгон фольклордук материалдын өзгөчөлүгүн, илимдеги жана жалпы маданияттагы ордун белгилеп берет. Устат катары өзүнүн көтөргөн проблемалары аркылуу жаш фольклор изилдөөчүлөргө илимий идеялык багыт берет. Макалада мына ушул аталган маселелер чечмеленип, аргументтештирилип сыпатталат.

**Аннотация:** Как историк фольклорной литературы выдающийся учёный К. Артыкбаев стремился систематизировать историю, генезис и сущность фольклорной литературы. Он глубоко исследовал теоретические вопросы, содержащиеся в фольклорных материалах, и внёс значительный вклад в определение их жанрового значения и структуры. Как критик фольклорной литературы, К. Артыкбаев систематически высказывал свои мнения и критические взгляды на труды, посвящённые устному народному творчеству. Он поднимал наиболее актуальные вопросы в области фольклора, которые ранее оставались вне внимания исследователей, и проводил их детальный анализ. Его научные труды направлены на выявление особенностей фольклорных материалов, а также их

значения в науке и культуре в целом. Кроме того, как наставник, он через поднятые им проблемы давал научно-идеологическое направление молодым исследователям фольклора. В данной статье подробно рассматриваются и аргументированно анализируются вышеупомянутые проблемы.

**Abstract:** As a historian of folklore literature, the outstanding scholar K. Artykbayev sought to systematise the history, genesis and essence of folklore literature. He deeply investigated theoretical issues contained in folklore materials and made a significant contribution to the definition of their genre meaning and structure. As a critic of folklore literature, K. Artykbaev systematically expressed his opinions and critical views on works devoted to folk oral creativity. He raised topical issues in the field of folklore, which previously remained outside the attention of researchers, and conducted their detailed analyses. His scientific works are aimed at revealing the peculiarities of folklore materials, as well as their significance in science and culture in general. Moreover, as a mentor, he set scientific and ideological direction for young folklore researchers through the problems he raised. This article discusses and analyses the above-mentioned issues in detail and with arguments.

**Негизги сөздөр:** К. Артыкбаев; фольклор; элдик оозеки чыгармачылык; фольклорист; кошок; айтуучу; жаратуучу; автор; макал; санжыра; жыйноочу; какшык; жомок; чет элдеги кыргыздардын фольклору; фольклористика; айтыш; сөз өнөрү; «Ак Мөөр»; «Жаңыл Мырза»; «Кедейкан»; «Жаныш-Байыш»; «Курманбек» эпостору; "Манас" эпосу.

**Ключевые слова:** К. Артыкбаев; фольклор; устно народное творчество; фольклорист; кошок; сказитель; творец; автор; пословица; санжыра; собиратель; какшык; сказка; фольклор кыргызов зарубежья; фольклористика; айтыш; речевое искусство; «Ак Мөөр»; «Жаныл Мырза»; эпосы «Кедейкан»; «Жаныш-Байыш»; «Курманбек»; эпос «Манас».

**Keywords:** K. Artykbaev; folklore; oral folk art; folklorist; koshok; narrator; creator; author; proverb; sanzhyra; collector; kakshyk; fairy tale; folklore of the Kyrgyz abroad; folkloristics; aytysh; speech art; «Ak Moor»; «Janyl Myrza»; epics «Kedeikan»; «Janysh-Baiysh»; «Kurmanbek»; epic «Manas».

К. Артыкбаев адабиятчы, сынчы гана эмес, дасыккан фольклорист катары да адабий коомчулукка белгилүү. Окумуштуу катары изилдөө арсеналы кең, ар тараптуу универсал изилдөөчү экендиги анын эмгектеринин адабияттын дээрлик баардык жанрларында жана салааларында көрүнүшү эле далилдеп турат. «К.Артыкбаевдин илимий кызыкчылыктары ар кайсы жанрлар, авторлор менен байланышта болсо да, адабият жана фольклор, кыргыз адабиятындагы социалисттик реализм методунун калыптанышы, көркөм сөз өнөрүндөгү салт жана жаңылык маселелери анын изилдөөчүлүк негизги уңгусун түзөт. Маселен, анын «Адабият таануубуздун актуалдуу маселелери». «Айтуучубу, же жаратуучубу?», «Октябрь жараткан илим», «Мезгил элестери» сыяктуу макалалары – адабиятыбыздын айрым башы ачыла элек маселелерине арналган, алдына чоң илимий маселелерди койгон жана аларды өз алдынча чечкен эмгектер» [1, 1984] – деп баа берген адабиятчы О.Ибраимовдун пикирине толугу менен кошулуу аркылуу бул чакан макалабызда окумуштуунун фольклорист катары изилдөө уңгусун белгилөө аракетин аркалайбыз.

К.Артыкбаев элдик оозеки адабияттын кайсы гана жанрында жазбасын алгач ошол түрдүн же жанрдын табиятын ачып берүүнү алдыңкы планга коет. Анын жанрдык өзгөчөлүгү, эл турмушундагы орду, генезиси сыяктуу проблемаларды чечмелөө менен окумуштуунун ар бир изилдөө эмгеги конкреттүүлүк, тактык, маселени терең карагандык сымал белгилерди өз ичине камтып турат. Анын фольклорист-окумуштуу катарындагы эмгектеринин баалуулугу мына ушунда. Окумуштуу макаланын көлөмү чакан болсо да изилдөөчүлүк этикетти сактоо менен так, кыска, түшүнүктүү жана далилдүү ойлорду окурман алдына аргументтүүлүк менен даяр түрдө тарта салат. Ошону менен катар сөз болуп жаткан маселенин келип чыгыш тарыхынан баштап, анын негизги мазмунун, өзүмдүк сапат-белги, касиеттерин кошо мүнөздөп объективдүү түрдө жалпы маалыматтарды да бере билгени анын чоң эрудициялуу окумуштуу экендигинин ачык далили катары көрүнөт. Ар бир макаласында изилдөөчү кыргыз элинин бай казыналуу оозеки адабиятынын кереметтүү күчүн көргөзүүгө негизги басымды жасайт. Кыргыз фольклористикасынын илим катары өнүгүшүндөгү али чечилбей келе жаткан маселелерди чечмелөөгө, ал аркылуу кыргыз элинин укмуштуудай бай мурасы тууралуу илимдин өсүш процессине зор салымын кошкону анын ар тараптуу, көп грандуу окумуштуу, анын ичинде аты атпай журтка таанымал белгилүү фольклор таануучу катары беделин бир кыйла бийиктетет.

К. Артыкбаев адабият майданына келип кирген 50-жылдардын аягында эле ал эл адабиятына кызыгуу менен карап, фольклордук материалдарды жыйноо жана изилдөө ишинде эпкиндүү ат салыша иштегендиги ошол жылдардын адабий летописине сереп салганда эле байкала түшөт. Демек, изилдөөчү адабиятчы катарында фольклордук адабияттын бай казнасына кызыгып, ал тууральсында байкаган илимий ойлорун, көз караштарын, гипотезаларын мезгилдүү басма сөз беттерине жана атайын жыйнактарына жарыялоо менен эл оозеки адабиятынын чечиле элек жана ошондой эле илимде талаш пикирлерди туудурган орчундуу маселелерине үн кошуп, оригиналдуу ошол эле учурда обьективдүү көз караштарды камтыган корутундуларын үзбөй берип турганын белгилебей коюуга болбойт.

60-70-жылдар фольклорист К.Артыкбаев үчүн өтө жемиштүү учур болгону бир караган көзгө дароо учурайт. Чыгармачылык күчү толуп-ташып, адабиятчылык анын ичинде изилдөөчүлүк эрудициясы бийиктеп турган бул мезгилде окумуштуу эл арасындагы айтылып жүргөн накыл сөздөрдү, ар түрдүү жанрдагы чыгармаларды жан үрөп жыйноого жана жарыялоого күч жумшаган.

Анын 1967-жылы чыккан «Макал жана санжыра» деген илимий макаласы кыргыз фольклористика илиминин тарыхындагы эң баалуу материалдардан болуп саналат. Мында илимпоз айылдык мугалим Садыков Жумагул карыянын өз алдынча жазып, жыйнап жүргөн материалдарына адабий талдоо берет. Биринчисинде жалаң кыргыз элинин оозунда айтылып, бирок али жарык көрө элек элдик чыгармалар, алардын ичинде макал-лакаптар, ал эми экинчисинде болсо жалаң санжыралар чогултулуп-жазылган материалдар чынында К.Артыкбаевди кайдыгер калтырбай койгон эмес. Ал материалдар менен толук таанышып чыгып, алардын мындан мурда жарык көрүп келе жаткан макал-лакаптардан болгон айрымачылыктарына, илимий баалуулугуна токтолуу менен изилдөөчү өзү эскерткендей алардагы негизги жаңылыктарды ачып берүүгө демилге көтөргөн. Ошону менен бирге элдик кенчти чогултуу ишинин өзгөчөлүктөрүн белгилеп келип, «Албетте, элдин сөз байлыгын кастарлап, аны кумдан алтын издегендей таап чогултуу оңой-олтоң иш эмес. Ал үчүн аны жан дилинден сүйүш керек, сүйүп гана тим болбостон, элдик кенчти чогултуу үчүн дайыма талыкпай аракеттенүү керек» [2,1967] – деп элдик чыгармачылыкты жыйноо ишинин ары татаал, ары майда мүнөзүн ачып берген. Жумагул карыянын чыгармачылыгын, өмүр жолун очерктик ыкма менен кыскача айтып келип, анын макал-лакаптарды жазып алуу манерасын баяндап өтөт. Демек, изилдөөчү жазылып алынган макалдарга адабий анализ берип тим болбостон өзүнө гана тиешелүү тактык жана тыкандык менен жыйноочунун толук таржымалы тууралуу да кеңири маалымат берет. Бул жерден да демейдеги Артыкбаевдин өзүнө гана таандык стиль, окурманга майда-чүйдөсүнөн бери деталдаштырылып, «чайнап» берүүчү кадимки өзүнчөлүгү көрүнүп турат. Алакандай чакан макалада жыйноочуга жана ал тарабынан жыйналган материалдарга толук анализ жасалып тааныштыруу иретинде жалпы мүнөздөмө берилген. Бул илимпоздун баяндоо, информация берүү жана актуалдуу проблеманы көтөрө билүү жөндөмдүүлүгүн жана изилдөө этикасын так сактагандыгы. Санжыра тууралуу да окумуштуу ошол өз мезгилинде али изилдөө предмети катары чети оюла элек, ал турсун заман идеолологиясына [2, 1967] тескери делген маселелердин бири экенине карабай, алгачкылардан болуп өз пикирин коомчулукка ачык айта алган. Ал гана эмес санжыраны элибиздин тарыхы катары илимий көз караштан үйрөнүү, иликтөө жүргүзүү зарылдыгын белгилеп, эл тарыхын, маданиятын өздөштүрүүдө баалуу курал болорун айтып, жаш изилдөөчүлөргө чыйыр салуу менен жол көрсөтүп, изилдөө багытын белгилеп, анын «жандуу тарыхтын кызматын көрсөтүп…» турган өзгөчөлүгүн билдирет да фольклорист окумуштуулардын ичинен биринчилерден болуп кыргыз элинин санжыраларынын өтө баалууларын, тарыхый маалыматтары барларын жарыялоого карата сунушун берет. Буга удаалаш окумуштуу санжыра жанрынын мыкты үлгүлөрүнүн бири катары Бала Айылчынын «Кыргыздардын санжыра тарыхы» деген көлөмдүү кол жазмасы тууралуу да кеп козгойт. Биздин оюбузча улуттук маданиятыбыз муунуп турган 60-70-жылдарда жогорудагыдай улуттук тарых, санжыра маданияты, эл арасынан чыккан санжырачылар тууралуу сөз козгоо эр жүрөктүүлүк эле болсо керек. Бул изилдөөчүнүн өзгөчө патриоттук таза сезимин, чындык үчүн чыркыраган атуулдук ариетин чагылдырып турат.

Ушул эле ойду изилдөөчүнүн «Коймотой какшык» макаласынан [4,1984; 16] да байкоого болот. Мында автор жумгалдык Капсалаң уулу Карабектен жазып алган элдик чечендик жөнүндөгү уламыш окуялар тууралуу сөз кылып, эл арасындагы таланттуу адамдар

тарабынан ишке ашырылып, кызыл тилдүүлүк менен аткарылган ж.б. элдик чечен, насаат сөздөргө адабий анализ жүргүзөт. Коймотойдун какшык кептеринин аңыз болуп эл оозунда айтылышын белгилеп, алгачкы жарыяланып жаткандыгы менен жалпы окурмандарды тааныштыруу максатын аркалаган бул эмгек да келечектеги илимий изилдөө иштерине баалуу материал болуп кала берерлиги талашсыз.

«Эркек кошок кошобу?» аттуу чакан макаласында да кыргыз элинде кеңири таралган кошок жанрына токтолгон. Адам өлгөндөгү жоктоо кошогу бул кыска макалада таасын иликтенген. Адат катары алгач терминге түшүнүк берилип, адабий кыска обзор-анализ жүргүзүлөт. «Жакын адамы дүйнөдөн кайтканда аза күтүп кайгыруу, ошол оор жоготууну ый аралаш ыр менен билдирүү, өлгөн адамдын кылган иштерин, ата-тегин, атак-данкын, адамдык асыл сапаттарын даңазалоо, күйүп жаткан кишиге кайрат айтуу дал ошол өлгөндү урматоо мазмунуна жык толгон кошоктордо ачык чагылдырылган.

Адатта кошокту баардык эле аялдар кошкон. Бирок ошонун ичинде да таланттуу акын аялдар чыгып, кошокту эки-үч ооз кайыруу менен гана чектелбей, өзүнчө бир поэтикалык чыгармачылыктын деңгээлинде айтышкан. Андай кошоктордо өлгөн адамдын аз болсо да өз көркөм образы түзүлүп, анын ким экендигинен кадыресе маалымат алуу мүмкүнчүлүгү ишке ашкан. Мындайча айтканда аял затынын акындык талантын билдирип, жалпы журтка айгине кыла турган бирден-бир маанилүү аудитория кошок кошуу учуру болгон» [3, 1996; 9]. Алынган үзүндүдөн көрүнүп тургандай изилдөөчү алгач кошок жана кошокчу тууралуу жалпы сөзгө токтолуп, аны менен катар ага адабий-теориялык баяндама жасап кетүүнү артыкбаш эсептебейт. Чындыгында эле бул артыкбаш эмес, тескерисинче, дал убагындагы маанилүү баяндоо катары окурмандарга зор жардамын тийгизет. Жазылып алынган текстти окуурдан мурда окурман жогорудагыдай жалпы теориялык түшүнүккө ээ болуп, даярдыгы артылгандан кийин гана тексттик материалды өздөштүрөт. Белгилүү болгондой кошоктордун негизги өзгөчөлүктөрү, мааниси, угуу чөйрөсү, аткаруудагы чеберчилик тууралуу кыскача билдирүү макаланын негизги өзөгүн түзөт. Ушул өңдүү жалпы маалыматтардан соң гана изилдөөчү негизги проблемага өтөт. Жалпыга аялдардын гана аткаруусунда белгилүү болуп келген бул жанрдын эркек кишилердин аткаруусундагы өзгөчөлүгү тууралуу маалыматтар берилет. «Эл арасы чыгармачылыктын ордосу» болгонун, калк ичинде түрдүү кубулуштар, көрүнүштөр болорлугу белгиленүү менен кошокту өлүм үстүндө аялдар гана айтат деген калыпка салынган түшүнүктүн калпыстыгы ушул макалада камтылган турмушта кездешкен фактылык материалдын негизинде айгинеленет. Автор өзү күбө болгон окуялардын негизинде кошок жанрындагы дагы бир деталдык өзгөчөлүктү белгилеп кошоктун комуз менен айтылыш үлгүсүнө да иликтөө жүргүзөт. Муну менен бирге ал «жазма адабият пайда болгондон кийин фольклордук адабият өзүнүн өнүгүп-өсүү процессин токтотот» деген эрежени да четке каккан да бул макалага негиз болгон материалдар азыркы турмуштан алынгандыгын белгилейт. Улуу «Манас» эпопеясын жараткан уюткулуу кыргыз элинин дагы эле болсо да уучу куру калбай таланттуу адамдар бар экендиги да далилденет. Болбосо кылымга жакын мезгил туташ кат-сабаттуулук өнүккөн, санариптешкен заманда жашаган учурда мындай эл чыгармаларынын жаралаары анча ишендирбейт, изилдөөчү мына ушул субьективдүүлүктү реалдуу чындык позициясынан карап аны далилдеп бере алган. Демек, эл болгондон кийин эл арасындагы таланттуу адамдар тарабынан кандай мезгил болбосун элдик чыгармалар жарала берери табигый көрүнүш экендиги белгилүү болот.

К. Артыкбаев – кыргыз эл оозеки адабиятын жыйноочу катары да зор эмгек кылган окумуштуу. Анын студенттерге жылына уюштурулган фольклордук-диалектикалык практика учурунда эл арасында болуп, өз кулагы менен эл ичинде таланттуу адамдар тарабынан али да болсо кагазга түшпөй оозеки аткарылып келе жаткан нукура үлгүлөрүн угуп, жазып алып Алтын фондуга өткөрүп турганын фольклордук адабияттын узак өмүр сүрүшүнө камкордук катары карасак жаңылышпайбыз. Муну менен аны кыргыз фольклористика илиминин калыптанышына зор салымдарды кошуп илимдин телчигишине өзүнүн баалуу таасирлерин тийгизген профессионалдуу жыйноочу деп да белгилөөгө болот. Окумуштуу чогулткан материалдарды жыйнап, жазып алып гана тим болбостон, аны талдап, изилдеп, иликтөө предметине айландырып турганына анын «Сөз өнөрүн кимдер жыйноо керек» [5, 1976; 12] деген макаласы да күбө болот. Элдик оозеки адабияттын бай казынасы окумуштуу К. Артыкбаевдин интерпретациясында өтө

чеберчилик менен анализденип, аягында жалпы окурман журтчулугу кеңири таанышсын деген максатта айрымдарынын текстин жарыялаган.

Башта айтылгандай изилдөө арсеналы кең илимпоз эл арасындагы элдик мурастарды, оозеки чыгармаларды түпкүрдө уюп жаткан кенч катары таап чыгып, жыйнап-чогултуп, аларга адабий анализ берип, ошону менен бирге жалпы окурмандарды тааныштыруу иретинде мезгилдүү басма сөз беттерине жарыялап турушу анын элдин кызыкчылыгын ойлогон патриоттуулугун көрсөтөт. Өзү уккан же күбө болгон элдик чыгармаларды басмага даярдоо иши деле оңбогондой чеберчиликти талап кылары белгилүү. Эл тагдырын, жаш муундардын келечегин ойлогон чыныгы атуул катарында К.Артыкбаев эл арасында айтылып жүргөн чыгармаларга кызыкчылык артып, андагы проблемалардын башын ачып берип гана тим болбостон, чет мамлекеттерде жашап жаткан кыргыз элинин чыгармаларын да илимий иликтөө объектисине айлантканы таң калтырбай койбойт. Буга анын «Ала-Тоо» журналына жарыяланган «Кытайдагы кыргыздардын жомогу» деген макаласын күбөгө тартсак болот. Мында деле К.Артыкбаев өзүнүн изилдөө стилинин өзгөчөлүгүнө ылайык илимий-теориялык жана адабий түшүнүктөргө, мазмунуна талдоо берет, андан кийин кыргыздардын жомокторунун өзгөчөлүктөрүн жергиликтүү элдин варианттарындагы жалпылыктар жана окшоштуктар, аткарылыш жана таралуу чөйрөсү туурасында кеңири сөз кылат, салыштырма-типологиялык илик жүргүзөт.

Элдик мурас-кенчти жазып алып, жыйнап-топтоп, адабий иликтөө жүргүзүп кайра элге тартуулоо азыркы мезгил талабынан алып караганда адабиятчы илимпоздордун алдында турган кечиктирилгис баалуу милдет болуп саналат. Ал эми К. Артыкбаев болсо мына ушул милдетти чыгармачылык изденүү жолунда туу тутуп, элдик чыгармаларга өтө аяр мамиле жасагандыгы биз сөз кылып жаткан мисалдардан эле даана байкалат. Демек, К. Артыкбаевди кыргыз адабиятында белгилүү фольклорист катары бийик баалап, анын фольклордук чыгармаларды жыйноого жана изилдөөгө кошкон зор салымын реалдуулук үчүн белгилей кетүү аша чапкандык болбос эле.

Адатта, адабияттагы теориялык маселелерди чечмелөө, анализдөө өтө чоң чеберчиликти талап кылат. Бул жагынан алганда К. Артыкбаев окумуштуу катарында алдын ала көрө билген сезгич изилдөөчү. Фольклордук адабияттын бир ири жанры болгон кошоктордун XX кылымдын 70-жылдарына чейин изилдөө аренасында али да болсо бузулбаган дың катары тыңгылыктуу изилденбей келе жатышын байкаган илимпоз кошоктордун табиятына, айтылыш өзгөчөлүктөрүнө жана чөйрөлүк таралышына кеңири токтолгон көлөмдүү изилдөө макаласын 1970-жылы жарыялайт [6, 1970]. Бул изилдөө эмгегинде дагы бир жолу кошоктордун табияты, анын баштапкы үлгүлөрү, байыркы жазма адабий эстеликтердеги көрүнүшү жана мааниси тууралуу кеп болот. «Кошок» сөзүнүн этимологиясы чечмеленет. Кошок жанрынын фольклористика илиминдеги буга чейинки изилдениши, изилдөөчүлөрдүн берген аныктамасы жана алардын ортосундагы айрымачылыктар тууралуу хронологиялык тартипте маалыматтар ирети берилет. Кошоктордун жаралышы алардын поэтикасы, бөтөнчөлүгү белгиленүү менен кошок жанрына тиешелүү теориялык-адабий түшүнүктөрдү чечмелеп берет, зарылдыгына жараша турмуштук реалдуу фактылардан мисал алуу менен өз ойлорун бекемдейт. Муну менен кошоктун жалпы элдик оозеки адабияттагы орду, азыркы күндөгү баалуулугу, алин маданий турмушундагы ээлеп келген ролу иликтөөгө алынат. «Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин оозеки поэзиясынын бир түрү болгон кошоктор дүйнөдөн кайткан ар бир адамдын өмүр жолунун өзгөчөлүктөрүнө жараша кошокчу тарабынан традициялуу поэтикалык көркөм каражаттарды колдонуу жана өз талантынын мүмкүнчүлүгүн кеңири пайдалануу менен айтылуучу реалисттик багыттагы поэтикалык жанр болуп эсептелет» [6, 1970] деген жыйынтык менен кошок жанрына кыска жана так, ошол эле учурда берген мааниси терең адабий-теориялык бүтүмүн чыгарган. Ошентип ал:

- Кыргызстандын ар түрдүү райондорунан эл адабиятынын үлгүлөрүн жазып алып, мезгилдүү басма сөз беттерине жана атайын жыйнактарга жарыялап келген. К. Артыкбаев кыргыз жеринин баардык аймактарынан жана чет жерде жашаган кыргыз элинен элдик чыгармалардын үлгүлөрүн жыйнаган.
- К. Артыкбаев башка фольклордук адабиятты жыйноочу жана изилдөөчүлөрдөн айрымаланып, чет мамлекетте жашаган кыргыз элинин чыгармаларын азыркы кыргыз тилине которуу менен жарыялаган.

- К. Артыкбаев фольклордук чыгармаларды чогултуу менен аны басмага да даярдап берет.

- Фольклордук чыгармалар боюнча эң актуалдуу жана буга чейин изилдөөчүлөрдүн көңүлүнө түшпөй келген проблемаларды көтөрүп чыккан.

**Колдонулган адабияттар**


1. Ибраимов О. Көп кырдуу изденүү // Ленинчил жаш, 1984, 13-декабрь.
2. Артыкбаев К. Макал жана санжыра // Ленинчил жаш, 1967, 24-март.
3. Артыкбаев К. Эркек кошок кошобу? // Кыргызстан маданияты, 1996, 21-март, №4, 9-б.
4. Артыкбаев К. Коймотой какшык // Кыргызстан маданияты, 1984, 15-март, №11, 16-б.
5. Артыкбаев К. Сөз өнөрүн кимдер жыйноо керек // Кыргызстан маданияты», 1976, 12-апр., №7, 12-б.
6. Артыкбаев К. Кошок тууралуу сөз // Кыргызстан маданияты, 1970, 14-январь, №3.
7. Артыкбаев К. Айтуучубу же жаратуучубу? // Кыргызстан маданияты, 1973, 12-апрель, №15, 4-5 бб.
8. Артыкбаев К. «Манас» эпосун кимдер жараткан? Китепте: «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы. – Бишкек, 1995, 16-б.
9. Артыкбаев К. Айтыш өнөрү тууралуу // Советтик Кыргызстан, 1974, 18-июль.
10. Карымшаков С. – Режим доступа: chrome-extension://efaidnbmnnnibpcajpcglclefindmkaj/http://lib.knu.kg/files/2015/vestnik_special_3_ffl_2015.pdf, 48-б.
11. Устабаева Г. – Режим доступа: chrome-extension://efaidnbmnnnibpcajpcglclefindmkaj/http://lib.knu.kg/files/2015/vestnik_special_3_ffl_2015.pdf , 71-76-бб.
12. Режим доступа: https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/KNUUSTABAEVA%20G.K.%20avtoref..pdf
13. Турдубаева Н. – Режим доступа: chrome-extension://efaidnbmnnnibpcajpcglclefindmkaj/http://lib.knu.kg/files/2015/vestnik_special_3_ffl_2015.pdf , 70-71-бб.
14. Режим доступа: https://arch.kyrlibnet.kg/uploads/KNUKULALIEVAK.2015-6.pdf
15. Качкынбай Артыкбаев. – Бишкек: КМУУ, 2004.


**Рецензент: филолог.и.д-р, профессор Эгембердиева А.А.**


УДК 911.52

DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-284-288



**Осмоналиева Г.К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Осмоналиева Г.К.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Osmonolieva G.K.**
KNU J. Balasagyn


# ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КУУДА МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИ КӨП ТИЛДҮҮ ЧӨЙРӨДӨ ОКУТУУ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА «КЫРГЫЗТЕСТ» СИСТЕМАСЫН КОЛДОНУУ ТАЖРЫЙБАСЫ ЖӨНҮНДӨ
# О ВОПРОСАХ ПРЕПОДАВАНИЯ ГОСУДАРСТВЕННОГО ЯЗЫКА В УСЛОВИЯХ МНОГОЯЗЫЧИЯ И ОПЫТЕ ПРИМЕНЕНИЯ СИСТЕМЫ «КЫРГЫЗТЕСТ» В КНУ ИМЕНИ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА
# ON THE ISSUES OF TEACHING THE STATE LANGUAGE IN MULTILINGUAL CONDITIONS AND THE EXPERIENCE OF USING THE "KYRGYZTEST" SYSTEM IN THE KNU JUSUP BALASAGYN


**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада мамлекеттик тилди көп тилдүү шарттарда окутуу маселелери жана «Кыргызтест» системасын Жусуп Баласагын атындагы КУУнун факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасында колдонуу тажрыйбасы жөнүндө айтылат. Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча жаңы Улуттук программанын кыргыз тили эне тили, кыргыз тили экинчи тил катары талаптарын аткаруу жана тил

каражаттар системасындагы – эң негизги тил үйрөтүүдөгү компонеттердин бири – лексиканын ролу жөнүндө баяндалат.

**Аннотация:** В данной статье на примере учебно-методической работы межфакультетской кафедры государственного языка КНУ им. Жусупа Баласагына рассматриваются проблемы и опыт преподавания государственного языка в многоязычной среде. Также рассматривается новая национальная программа развития государственного языка в области преподавания кыргызского языка как родного, второго и говорится о значении лексического минимума в изучении государственного языка в целом.

**Abstract:** The article discusses the problems and experience of teaching the state language in a multilingual environment, on the example of the interfaculty department of the state language of the Jusup Balasagyn KNU. A new national program for the development of the state language in the field of teaching Kyrgyz as a native, second and the importance of the lexical minimum in the study of the state language as a whole is also being considered.

**Негизги сөздөр:** Мамлекеттик тил боюнча улуттук программа; Кыргызтест системасы; талаптар; кыргыз тили экинчи тил катары, эне тил катары; деңгээлдер; тил үйрөтүү көйгөйлөрү; тажрыйба.

**Ключевые слова:** Национальная программа государственного языка; система Кыргызтест; требования; кыргызский язык как родной, как второй язык; уровни языка; проблемы обучения; опыт.

**Keywords:** National Program of the State Language; Kyrgyz Test; requirements; Kyrgyz as a mother tongue, as a second language; language levels; learning problems; experience.

Кыргыз Республикасында ЖОЖдордун “Болон” системасына толук өтүлүшү жана Европалык стандарттарга жооп берген программалар, долбоорлор жана ар кандай расмий документтердин иштелип чыгуусу – билим берүү тармагына ар кандай өзгөрүүлөрдү алып келүүдө. Буга байланыштуу, мамлекеттик тилди окутуу жаатында да айрым өзгөрүүлөр болуп жатат:

1. 2020-2025 жылдарга карата Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди жана тил саясатын өркүндөтүү боюнча жаңы Улуттук программа иштелип чыкты.[5;6]

2. Кыргыз Республикасынын ар бир жараны – бала бакчадан, мектептен баштап, ЖОЖдорго чейин, европалык стандарттарга жооп берген, денгээлдер боюнча тилди окутуу жана тилдик каражаттарды толук камтыган Кыргызтест системасына өтүү шарт.




Белгилүү болгондой, тил каражаттар системасында – лексика эң негизги, керектүү компонеттин бири болуп эсептелет жана **Угуу, Сүйлөө, Окуу, Жазуу** багытында кепти өркүндөтүүдө негизги элементтердин бири болуп эсептелет.

✓ Тилди мыкты өздөштүрүү үчүн – тилди үйрөнүү гана максатты көздөбөстөн, аны өнүктүрүү жана баалоо системасын аныктоо зарыл.

✓ Биздин өлкөдө мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо максатында **Кыргызтест** системасы иштелип жайылууда. Аталган Кыргызтест системасы – тилди үйрөтүү эл аралык тажрыйбаларга таянып, үйрөнүүчүлөрдүн негизги коммуникативдик

компетенцияларын өркүндөтүүгө жана баалоого көздөлөт.

✓ Аталган система Кыргыз Республикасындагы жарандардын, башка улуттагы элдердин жана чет өлкөлүктөрдүн кыргыз тилин билүү деңгээлин жана башка тилди колдонуу компетенттүүлүгүн аныктайт.

✓ Көп жылдар бою кыргыз тилин окутуу **формалдык грамматиканы үйрөтүү** түрүндө окутуп келген деп эсептелет. Ал эми кыргыз тилин үйрөнүп жаткандар, чет тилдерди үйрөнгөндөрдөн айырмаланып, көбүнчө эрежелерди жаттап, бирок сүйлөө речин, сөз байлыгын өнүктүрө албай келгени белгиленет.

3. Андыктан, Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылга карата иш-чаралар планынын №131 жана 5-пунктунда Мамлекеттик тилди эне тили, экинчи жана чет тил катары окутуунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен кыргыз тили жана адабиятын окутуу концепциясын өркүндөтүү каралган. Мамлекеттик тилди **эне тил жана экинчи тил** катары окутуунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен кыргыз тили жана адабиятын окутуунун өркүндөтүлгөн концепцияларынын долбоорун даярдоо үчүн КББАнын 2021-жылдын 20-апрелинде №3/20 буйругунун негизинде атайын жумушчу топ түзүлгөн. Албетте, ар бир иш-аракеттер Кыргыз Республикасынын малекеттик тилге карата камкордугун жана мамлекеттик тилди жайылтуу жана жогорку, сапаттуу деңгээлде окутууга багытталган жолдору болуп эсептелет. Ошону менен бирге төмөнкүлөрдүн бардыгын комплекстүү түрдө гана ишке ашырганда натыйжалуу жыйынтыкты көрө алабыз.

Буга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча 2020-2025-жылына Улуттук программанын жана Кыргызтест тарабынан мамлекеттик тилди билүү деңгээлине коюлган талаптардын негизинде, кыргыз тили боюнча – сөздөрдүн жана сөз айкаштардын жыштыгы сунушталып, ар бир тил билүү деңгээлдери көп тилдүү чөйрөгө багытталып киргизилген. [6]

**Алар:** А1 элементардык; А2 базалык; В1 ортоңку; В2 ортодон жогору; С1 жогору деңгээлдерди түзөт. Аталган **Минимум** – кыргыз тилин өз алдынча үйрөнүүгө сунушталган жана тил билүү деңгээлин аныктоого багытталган. Сунушталган минимум – дүйнөлүк жана Европалык стандарттарына, тил билүү деңгээлдер шкаласына жана европалык чет тилдерди үйрөтүү стандарттарына негизделип, Кыргыз республикасынын коомдук-социалдык өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен түзүлгөн.

**1. Элементардык** А1 деңгээлде 900 сөз бирдигин жана негизги этикеттик сөз айкаштарын билүү зарыл жана бул деңгээлге төмөнкүдөй тилдик жана кептик көндүмдөр ишке ашырылат:

-лексиканы жана грамматиканы колдоно билүү;

-чакан көлөмдөгү текстти же билдирүүнү окуп, жалпы маанисин түшүнө билүү;

-чакан көлөмдөгү так жана жай айтылган же окулган аудиотексттин же билдирүүнүн жалпы маанисин түшүнө билүү;

-кыргыз тилинин адабий ченемдерин сактоо менен өзүнүн оюн оозеки жана жазуу түрүндө билдире алуу.

**2. Базалык:** А2 деңгээлде – 1300 активдүү сөз бирдиги жана негизги этикеттик сөз айкаштарын камтыган лексикалык минимум болуш керек:

-лексиканы жана грамматиканы колдоно билүү;

-чакан көлөмдөгү айтылган же окулган аудиотексттин же билдирүүнүн жалпы маанисин түшүнө билүү;

-кыргыз тилинин адабий ченемдерин сактоо менен өзүнүн оюн оозеки жана жазуу түрүндө билдире алуу;

**3. Орто: В1**деңгээлде студенттер жана жалпы тил үйрөнүүчүлөр 3000 активдүү сөз бирдигин жана негизги этикеттик сөз айкаштарын камтыйт:

-лексиканы жана грамматиканы колдоно билүү;

-ушул деңгээлге ылайык келген текстти же билдирүүокуп, негизги мааниси түшүнө билүү;

-чакан көлөмдө так жана жай айтылган же окулган аудиотексттин же билдирүүнүн негизги маанисин түшүнө билүү;

-кыргыз тилинин адабий ченемдерин сактоо менен өзүнүн оюн расмий жана расмий эмес стилде оозеки жана жазуу түрүндө билдире алуу.

**4. Ортодон жогору: В2** деңгээлге жараша төмөнкүдөй тилдик жана кептик көндүмдөр ишке ашырылат:

-лексиканы жана грамматиканы колдоно билүү;

-түрдүү жанрдагы текстти же билдирүүнү окуп, негизги жана көмүскөдө

берилген (имплициттик) маалыматты түшүнө билүү;

-чакан көлөмдө айтылган же окулган аудиотексттин негизги маанисин түшүнө билүү;

-кыргыз тилинин адабий ченемдерин сактоо менен өзүнүн оюн расмий стилде оозеки жана жазуу түрүндө билдире алуу.

Ортодон жогоруу дэңгээлде сүйлөгөн адамдын өзүнүн иш чөйрөсүнө жана кырдаалга жараша таасир этүүчү мүнөздөгү кайрылуулар.

Ортодон жогору деңгээл В2 – 6000 активдүү сөз бирдигин жана этикеттик сөз айкаштарын камтыйт.

-Ал эми **жогорку: С1** деңгээл 9000 активдүү сөз бирдигин жана этикеттик сөз айкаштарын камтып, жогорку деңгээлге жараша төмөнкүдөй тилдик жана кептик көндүмдөрдү камтыйт:

-лексиканы жана грамматиканы колдоно билүү;

-түрдүү жанрдагы көлөмдүү текстти окуп, негизги жана көмүскөдө берилген (имплициддик) маалыматты түшүнө билүү;

-табигый ылдамдыкта айтылган оозеки кепти түшүнө билүү;

-кыргыз тилинин адабий ченемдерин сактоо менен өзүнүн оюн расмий жана расмий эмес оозеки жана жазуу түрүндө билдире алуу.

-жогорку деңгээлде сүйлөгөн адам өзүнүн иш чөйрөсүнө жана кырдаалга жараша, оозеки же жазуу жүзүндө таасир этүүчү мүнөздөгү кайрылуулар менен эл алдында даярдыгы жок сүйлөй билүүсү ишке ашырылат.

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасынын ишмердүүлүгүн алсак, ЖОЖдордун арасында аталган кафедра мамлекеттик тилди окутууда эң алгачкылардан болуп "Кыргызтест" системасы боюнча окутууну баштаган. [9; 10]

2017-жылдан баштап: европалык деңгээлдик шкала принциптерине таянып жана Кыргызтест системасынын **жөнөкөйдөн – жогорку деңгээлге** чейин кыргыз тилин үйрөтүү принциптерин ийгиликтүү колдонуп келе жатат. Көбүнчө окутуу кыргыз студенттерге багытталгандыктан, кыргыз тили сабагынын жумушчу программасы В2 деңгээлдеги багытта түзүлүп, лексикалык минимум жана башка тиешелүү тапшырмалар ошол деңгээлге даярдалат. Ал эми КУУнун айрым факультеттериндеги өзгөчөлүктөрдү эске алып жана чет өлкөлүк студенттер үчүн А1-А2 жана В1 деңгээлдеги программалар, Sillabustar түзүлүп, атайын аппробациядан өткөн тексттер, сөздүктөр сунашталат. Мисалы: Кыргыз-кытай, Эл аралык мамилелер, Тарых жана чөлкөм таануу, орус жана славян факультети ж.б. Андан тышкары, кесиптик багытта лексикалык минимумдарды, чакан текст, сөздүктөрдү студенттердин тил билүү деңгээлине жараша түзүп келүүдө.

Албетте, деңгээлдер боюнча окутууда – лексикалык минимудардын түзүлүшүнө жана активдүү сөздүктү системалоого кылдат мамиле кылып жана жазуу, кеп речин анализдөө зарыл. Буга байланыштуу, кыргыз тилин үйрөнүп жаткан жарандар, студенттер, кайсы деңгээлде үйрөнбөсүн, эң негизгиси:

✓ Коммуникативдик принциптерге ээ болуп, тилдик каражаттарды туура колдонушу зарыл;

✓ Логикалык ой жүгүртүүгө басым коюп, сөздөрдү, сөз айкаштарды группаларга бириктирип, тема жана тематика боюнча бөлүшү керек;

✓ Тилди үйрөнүп жаткандар, ар-бир тилдик каражаттарды түшүнүп, туура колдонууга мүмкүнчүлүгүн жумшаш керек;

✓ Өздөрүнүн оюн – так жана кысылбастан билдириш керек;

✓ Тиешелүү иш кагаздарын жаза билүүгө шарт.

Демек, тажрыйба көрсөткөндөй факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасынын мисалында кыргыз тилчилердин астында эң негизги 4 аспекттен турган максаттар аткарылышы зарыл:

1. Студенттерди кыргыз тилин окутууда комплекстүү түрдө, келечекте мамлекеттик тилди мыкты өздөштүргөн адис катары даярдоо;
2. Билим берүүдө европалык шкала, эл аралык деңгээлдик принциптерди жана Кыргызтест системасын колдонуп окутуу;
3. Университеттин өзгөчө спецификасын эске алып, кесиптик багытка басым кылып факультет, институт жана профильдик кафедралар менен тыгыз иштешүү.
4. Мамлекеттик тилди эне тили жана экинчи тил катары окутуунун өзгөчөлүгүн эске алуу менен бирге окутуунун негизги максатын көздөп – окуучулардын кеп ишмердигин (сүйлөөсүн, баарлашуусун) жакшыртуу жана өркүндөтүү.

Кыргыз тилинен билим алуу процесстеринде "...улуттук менталитеттин базасында мыкты, маданияттуу сүйлөй билүүгө жана өз оюн мыкты жаза билүүгө үйрөнүшү зарыл. Эне тили сабагы окуучуга ар

кандай турмуштук чөйрөлөрдө, жагдай-шарттарда кимдер менен кандай сүйлөшүүнүн стандарттуу жана стандарттуу эмес негиздерин, маалымат алмашуунун түрдүү жагдайларын, этномаданий баалуулуктарды туюндурулган текстти толук түшүнүүнүн жана түзө билүүнүн ыкмаларын үйрөнүшү зарыл ”

Жыйынтыктап айтканда, Мамлекеттик тилди өркүндөтүү жана өздөштүрүү максаттары мурунку мезгилдин талаптары катары актуалдуулугун жоготуп, жалпы сөз катары кабыл алынып калды десек жаңылышпайбыз. Ал эми жаңы муундун талаптарына жооп бере турган, замандын агымына туура келген багыттарды өнүктүрүү, жайылтуу мезгилдин убактысы келди деп эсептейбиз жана бул таризде ар бир тил

✓

кафедралардын астында негизги маселелерди чечүү зарыл:

✓ Көп тилдүү билим берүүдө мамлекеттик тилдин ролун көтөрүү;

✓ Тил илиминд көп тилдүүлүктүн жана мультитилдүүлүктүн ордун жана ролун аныктоо;

✓ Мамлекеттик тилди “Кыргызтест” системасы жана эл аралык стандарттар боюнча окутуу тажрыйбасын жайылтуу;

✓ Мамлекеттик тилди чет өлкөлүк жана бөтөн тилдүү студенттерге окутууну жайылтуу;

✓ Тилдерди окутууда заманбап интерактивдүү ыкмаларды жана жасалма акылды колдонуу жолдорун өнүктүрүү аркылуу:




**Колдонулган адабияттар**


1. Биялиев К.А. Кыргыз тилин чет тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек: «Кут-Бер», 2015, 360 б.
2. Дабаев К.Д. Обучение кыргызскому языку в русскоязычной школе. – Бишкек, 2000.
3. Топоева-Ставицкая Б.Б. Мамлекеттик тилди билүү деңгээлине коюлган талаптар. – Бишкек, 2017.
4. Мусаев С.Ж. Эмне үчүн Конституциялык реформа зарыл...? 27.04.21.
5. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук программасы, 2021-2025-жыл.
6. КРдин 2014-2020 жылдын мамлекеттик тилди өркүндөтүү жана өнүктүрүү боюнча улуттук программасы.
7. КР. Өкмөтүнүн 2017-жылдын, 21-ноябрындагы № 757 токтому.
8. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринде кыргыз тилин эне тил, экинчи тил жана чет тил катары окутуунун концепциясы.С.К.Рысбаев, п.и.д., профессор Кыргыз билим берүү академиясы, 2022-ж.
9. Осмоналиева Г.К. Кыргыз тили боюнча тесттердин жыйнагы. – Бишкек: Ж.Баласагын атындагы КУУ, 2017.
10. www.kygyztest.gov.kg.


**Рецензент: пед.и.д., профессор Добаев К.**

УДК 82-31
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-289-292

**Осмонкулова С.Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Осмонкулова С.Т.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Osmonkulova S.T.**
KNU J. Balasagyn

# П. ЗЮСКИНДДИН «ПАРФЮМЕР. ИСТОРИЯ ОДНОГО УБИЙЦЫ» ЖАНА П. АКРОЙДДУН «ПРОЦЕСС ЭЛИЗАБЕТ КРИ» ЧЫГАРМАЛАРЫНДА «ТАРБИЯЛЫК РОМАН» ЖАНРЫНЫН ӨЗГӨРҮШҮ

# ТРАНСФОРМАЦИЯ ЖАНРА «РОМАН ВОСПИТАНИЯ» В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ П. ЗЮСКИНДА «ПАРФЮМЕР. ИСТОРИЯ ОДНОГО УБИЙЦЫ» И П. АКРОЙДА «ПРОЦЕСС ЭЛИЗАБЕТ КРИ»

# THE TRANSFORMATION OF THE «BILDUNGSROMAN» GENRE IN P. SUSKIND'S «PERFUME: THE STORY OF A MURDERER» AND P. ACKROYD'S «THE TRIAL OF ELIZABETH CREE»

**Кыскача мүнөздөмө:** Тарбия романы өспүрүмдүн чоңойуп, ички өзүн таанып билүүсү менен байланышкан. Тарбия романы каармандын коом ичинде болгон сыноолор жана тажрыйбалар аркылуу коомдон өз ордун табуусу менен курулган. Бирок XX – XXI кылымдарда орус жана чет элдик чыгармаларда жанрдык түзүлүштүн өзгөрүлүшү байкалат. Каармандар сыноолордон өткөндөн кийин руханий жетилишүүнүн ордуна деградация жолуна түшүшөт жана коом менен байланыш түзө албай калышат. Моралдык баалулуктар бурмаланып, тарбия романынын классикалык канондору бузулат. Биздин максат – П. Зюскинддин «Парфюмер. История одного убийцы» жана П. Акройддун «Процесс Элизабет Кри» чыгармаларында салттуу тарбия романынын канондорунун өзгөрүшүн изилдөө. Бул чыгармаларда классикалык тарбия романынын элементтери бар, бирок алар бурмаланып, салттуу каарманга карама – каршы образдарды жаратат. Макалада бул чыгармаларда классикалык «тарбия романынын» жанры кандайча так өзгөрүп, кайсы канондор сакталып калганы, кайсынысы постмодернисттик аң-сезимдин таасири астында өзгөрүп жатканы каралат.

**Аннотация:** Традиционный роман воспитания связывается с процессом взросления и внутреннего самопознания героя. Роман воспитания отражает формирование личности через испытания, опыт и взаимодействие с социумом; герои в конце произведения находят свое место в обществе. Однако в XX-XXI веках в русской и зарубежной литературе наблюдается трансформация жанровой структуры романа воспитания. Герои после всех испытаний вместо духовного становления деградируют и не могут найти контакт с социумом. Моральные ценности искажаются и происходит разрыв канонов романа воспитания. Цель данной статьи – проследить трансформацию традиционных канонов романа воспитания в произведениях Патрика Зюскинда «Парфюмер. История одного убийцы» и Питера Акройда «Процесс Элизабет Кри». В обоих произведениях есть элементы жанра романа воспитания, но они деформируются и создают героя, противоположного герою классического романа воспитания. В статье рассматривается, как именно трансформируется жанр классического романа воспитания в этих произведениях, какие каноны сохранились, а какие меняются под влиянием постмодернистского сознания.

**Abstract:** The traditional Bildungsroman is associated with the process of growing up and the inner self-knowledge of the hero. The Bildungsroman reflects the formation of personality through trials, experience and interaction with society; the heroes find their place in society at the end of the work. However, in the 20th-21st centuries, a transformation of the genre structure of the Bildungsroman has been observed in Russian and foreign literature. After all the trials, the heroes degrade instead of spiritual development and cannot find contact with society. Moral values are distorted and the canons of the educational novel are broken. The purpose of this article is to trace the transformation of the traditional canons of the educational novel in the works of Patrick Suskind «Perfume. The Story of a Murderer» and Peter Ackroyd «The Trial of Elizabeth Cree». Both works contain elements of the genre of the educational novel, but they are deformed and create a hero opposite to the hero of the classic educational novel. The article examines how exactly the genre of the classic «educational novel» is transformed in these works, which canons are preserved, and which are changing under the influence of postmodernist consciousness.

**Негизги сөздөр:** тарбия романы; инсандын калыптанышы; өзүн таанып билүү; коом; трансформация; деградация; постмодернизм.
**Ключевые слова:** роман воспитания; формирование личности; самопознание; социум; трансформация; деградация; постмодернизм.
**Keywords:** bildungsroman; personality formation; self-knowledge; society; transformation; degradation; postmodernism.

Традиционным романом воспитания считается жанр литературы, отражающий процесс формирования личности, нравственное развитие героя и его духовное становление.

Структура традиционного романа воспитания включает:

1. Рождение героя, его детство, взаимосвязь с родителями; и в один момент герой покидает свой родительский дом, чтобы найти свое место в обществе.
2. Проходит испытания, получает опыт, формируется его мировоззрение.
3. Происходит самопознание и формирование личности, после чего герой интегрируется в социальную среду.

Настоящая статья исследует трансформацию жанра «роман воспитания» в произведениях П. Зюскинда «Парфюмер. История одного убийцы» и П. Акройда «Процесс Элизабет Кри».

С XX века происходят изменения в жанре «роман воспитания». В постмодернистской литературе зачастую духовного развития героя не происходит, он деградирует и изолируется от общества.

Роман Патрика Зюскинда «Парфюмер. История одного убийцы» является подлинным образцом постмодернизма в немецкой литературе. Роман привлек внимание читателей, критиков и литературоведов. Их интересовала его поэтика, стилистика и жанровые особенности. Этот роман сочетает в себе черты трех разновидностей жанра романа: «роман воспитания», «роман о художнике» и «криминальный роман».

Роман «Парфюмер» вначале полностью соответствует всем жанровым канонам романа воспитания. В первых трех частях рассказывается о рождении, взрослении, обучении и странствии главного героя Гренуя. Но каждый этап его жизни противоречит мотивам романа воспитания. После всех испытаний, вместо нравственного становления мы наблюдаем обратный процесс – становление зла как выбор героя, предопределенный, однако, социальным окружением.

С самого рождения у него отсутствует запах и это делает его отверженным среди людей. На протяжении всей жизни герой не встречает человека, который бы отнесся к нему с симпатией, все избегают его, и были даже попытки его убийства. У главного героя отсутствует не только запах, но и любовь и чувства. Вместо интеграции с обществом нашего героя ждет отчужденность. Значимую роль в произведении играет универсальная метафора «запах», которая является символом его отчужденности от мира. Главный герой совершенствует все свое мастерство на создании запаха, который сделает его притягательным. «Он пил этот запах, утопал в нем, напитывался им до самой последней внутренней поры». [8] Главный герой жил только запахами, он не знал любви и ненависти. Все его разрушения и убийства он совершал ради идеального запаха.

Осознание своего отличия от других людей у героя происходит в изоляции и отстранении в пещере. Он хочет овладеть всеми запахами, научиться сохранять их, а главное – создать запах, внушающий любовь. Герой хочет не только стать таким как все, но и власти над обществом при помощи своего мастерства. Целью его обучения у парфюмера Бальдини является овладение техникой создания и сохранения ароматов, а не процесс социализации. Этап обучения в классическом романе – это путь к просвещению и самосовершенствованию, а у героя Зюскинда он становится орудием убийства и власти над людьми.

Цель героя тоже противоположна цели традиционного романа воспитания. Гренуй хочет создать совершенный аромат, чтобы властвовать над людьми, он не стремится обрести смысл жизни и влиться в общество. Чтобы достичь своей цели, герой становится убийцей. И после убийства разрушается система классического жанра, происходит разрыв канонов жанра «романа воспитания». Гренуй убивает двадцать пять девушек и делает аромат, о котором мечтал. После этого аромата все люди начинают любить и боготворить его. «Человек в голубой куртке предстал перед всеми самым прекрасным, самым привлекательным и самым совершенным существом, какое они могли вообразить; монахиням он казался Спасителем

во плоти, поклонникам сатаны – сияющим князем тьмы, людям просвещенным – Высшим существом, девицам – сказочным принцем, мужчинам – идеальным образом их самих». [1, с. 278]

Вместо морального становления происходит аморальное возвышение. Главный герой достиг своей цели, но герой испытывает лишь отвращение к людям, потому что он не может сам чувствовать любовь и обожание. Герой понимает, что это все обман, они не любят его самого, его истинную душу, а это лишь эффект, который дает аромат. После всех раздумий и возвращения в Париж герой дает себя на растерзание толпе, которая его боготворила.

Последняя часть, где герой самоуничтожает себя, противоречит всем канонам романа воспитания. В классическом варианте романа воспитания герой должен пройти испытания и после духовных воздействий найти свое место в обществе, а герой П. Зюскинда после долгого пути предает свою цель и дает себя уничтожить. Таким образом, П. Зюскинд предлагает образ антигероя воспитания, для которого становление означает не интеграцию в общество, а абсолютную отчужденность и разрушение моральных основ личности.

Роман Питера Акройда «Процесс Элизабет Кри» – тоже постмодернистская трансформация романа воспитания. Здесь история молодой женщины, которую обвиняют в убийстве мужа и других, связанных с ней убийствах в Лондоне XIX века. Подобно классическому герою романа воспитания, повествование начинается с детства главной героини. Она рано потеряла мать, она сирота и лишена социального и культурного капитала, живет в ужасных условиях. Несмотря на это, она стремится к самореализации и образованию, посещает библиотеку, умеет читать и писать, интересуется наукой и искусством.

Несмотря на благопристойность, которую ей внушала мать, Элизабет оказывается жестокой и опасной. Она использует свои навыки и знания не для просвещения, а для утаивания своей внутренней сущности. Ее путь ведет к отчуждению, обману, также как и у Гренуя. Самовоспитание в произведении ведет не к нравственному становлению, а к разрушению. В романе наблюдаются дневники, протоколы судебных заседаний, газетные статьи, разговоры персонажей, и они создают эффект множественности точек зрения. В повествовании личность героини раскрывается через домыслы и фрагменты. Во фрагментах ее дневника есть ее размышления. «Мужчинам всегда нужно знать, кто виноват. Я – подходящая цель. Они никогда не поймут, что все началось не с убийства, а с самого начала – с того, как я научилась молчать». [4, с. 121] Воспитание Элизабет происходит при наличии насилия и подавления. Ее мать никогда не показывала ей свою любовь и была к ней очень строга. Из-за этого она научилась адаптироваться, скрываться и выживать.

Формирование личности Элизабет не происходит постепенно, линейно, это результат столкновения внутренних целей и давления окружающей среды, где моральные ценности утрачены. Образ героини – это, так же как и у П. Зюскинда, образ антигероини романа воспитания. Элизабет Кри не находит нравственного просветления, а наоборот, самоутверждается через убийства. Элизабет носит маску, маска для нее инструмент для скрытия своей внутренней натуры и инструмент для выживания в жестоком обществе.

Таким образом, оба произведения демонстрируют постмодернистскую трансформацию жанра романа воспитания. Несмотря на то, что они принадлежат разным культурам, оба произведения показывают определенные недостатки общества того времени, из-за которых оно не всегда способно формировать полноценную нравственную личность.

Гренуй и Элизабет – антагонисты классических героев романа воспитания. Они не стремятся к духовным и моральным ценностям, они погружаются в темные, жестокие стороны человеческой натуры. Они проходят этап обучения не ради интеграции в общество, а ради власти над ним. Гренуй хочет любви, свободы и власти с помощью созданного им аромата, а Элизабет – с помощью манипуляций и убийств.

В романах П. Зюскинда и П. Акройда образование теряет свою гуманистическую суть. Образование в произведениях – не путь к просветлению, а путь к контролю и изоляции. В обоих произведениях личность формируется не благодаря обществу, а вопреки его культурным и нравственным установкам, а точнее, их отсутствию в жизни героев, и в итоге происходит не интеграция в общество, а отчуждение, они становятся угрозой для окружающей среды. Кульминацией романов становятся преступления героев, что совершенно противоположно классическому роману воспитания. Оба автора сохранили

привычную форму жанра, но содержимое противоположно. Здесь жанровая форма классического романа воспитания использована как характерное цитирование классического наследия писателями-постмодернистами.

Таким образом, романы «Парфюмер. История одного убийцы» и «Процесс Элизабет Кри» демонстрируют трансформацию романа воспитания в духе времени. Если для классического романа воспитания характерна фиксация внимания на развитии героя, его становлении и совершенствовании, на поисках своего места в жизни, если герой романа воспитания после всех испытаний и неудач обретает зрелость и интегрируется в общество, то путь формирования личности в анализируемых нами романах ведет не к интеграции, а к изоляции, не к нравственности, а к преступлению. Эта трансформация отражает утрату моральных ценностей в обществе, где освоение знаний и воспитание не спасают от преступления. Через иронию, интертекстуальность и разрушение линейного повествования П. Акройд и П. Зюскинд создали новый тип романа – антироман воспитания.

**Список использованной литературы**


1. Зюскинд П. Парфюмер. История одного убийцы. – Москва: Азбука, 2018.
2. Бахтин М.М. Эпос и роман // Вопросы литературы, 1970.
3. Ханзен Л. Постмодерн и роман воспитания. – Москва: Логос, 2014.
4. Акройд. П. Процесс Элизабет Кри / пер. с англ. – Москва: Азбука – Аттикус, 2019.
5. Аникеева Е.А. Интертекстуальные игры Патрика Зюскинда: «Парфюмер» как «римское воспитание», 2016. – Режим доступа: https://cyberleninka/ru/article/n/intertekstualnye-igry-patrika-zyuskinda-parfyumer-kak-roman-vospitaniya
6. Можейко Е.Д. Двойное кодирование в романе П. Акройда «Процесс Элизабет Кри». – Режим доступа: https://cyberleninka/ru/article/n/dvoynoe-kodirovanie-v-romane-p-akroyda-protsess-elizabet-kri
7. Лихачев Д.С. Развитие русской литературы: Эпоха классицизма и романтизма. – Санкт Петербург: Издательство СПбГУ, 2000.


**Рецензент: д-р филол.н., профессор Койчуев Б.Т.**


УДК 82.09:82.532.1

DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-292-296



**Оторбаев Б.К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Оторбаев Б.К.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Otorbayev B.K.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0006-8664-6428


# А.САСПАЕВДИН «САРАЛА ИТ» АТТУУ АҢГЕМЕСИ ЖАНА ПРОФЕССОР К.АРТЫКБАЕВДИН АГА КАРАТА АЙТКАН ПИКИРИ БОЮНЧА БААРЛАШУУ САБАГЫ
# РАССКАЗ А.САСПАЕВА «РЫЖАЯ СОБАКА» И УРОК-БЕСЕДА ПО ОТЗЫВУ О НЕМ ПРОФЕССОРА К. АРТЫКБАЕВА
# THE STORY OF A. SASPAEV "RED DOG" AND A LESSON-CONVERSATION ON THE REVIEW OF HIM PROF. K. ARTYKBAEVA


**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада жазуучу А.Саспаевдин «Сарала ит» аңгемеси, темасы, идеялык мазмуну, убагында жаш сынчы жана адабиятчы К.Артыкбаевдин гезитке жазган сынынан улам далай талаштуу жагдайларды жаратып, чыгарманын авторун бир топ түйшүктөргө кириптер кылышы, адабиятчынын пикиринин, адилеттүү сынынын талданып, ички катылуу «сырынын» чечмелениши тууралуу айтылат. Макала ушул азыркыга чейин акырына дейре ачыкталбай келген

көйгөйлүү жагдайды чечмелеп берүүгө жасаган аракети менен баалуу. Ал эми класста өтүлчү баарлашуу сабагы катары маанилүүлүгү өзүнчө сөз.

**Аннотация:** В статье рассказывается о рассказе писателя А.Саспаева «Рыжая собака», тематика, идейное содержание которого в свое время были высоко оценены молодым критиком и литератором К.Артыкбаевым. В его газетной критике говорится о том, что рассказ создает много спорных ситуаций, погружает автора произведения в немалые заботы, анализирует мнение, приведя справедливую критику, интерпретирует внутреннюю тайну в ней. Статья ценна своей попыткой интерпретировать эту проблемную ситуацию, которая до сих пор не была раскрыта до конца. А важность проведения беседы по теме как урока в классе – это отдельное слово.

**Abstract:** The article describes the story of the writer A.Saspaev "The Ginger Dog", the subject matter and ideological content of which were highly appreciated by the young critic and writer K.By Artykbaev. His newspaper criticism says that the story creates many controversial situations, immerses the author of the work in considerable worries, analyzes the opinion, giving fair criticism, interprets the inner mystery in it. The article is valuable for its attempt to interpret this problematic situation, which has not yet been fully disclosed. And the importance of having a conversation on a topic as a lesson in the classroom is a separate word.

**Негизги сөздөр:** баарлашуу сабагы; инсан катары жетилтүү; көйгөйлүү жагдай; жашоо жөндөмү; чыгармадагы гумандуулук; адилеттүүлүк маселеси.

**Ключевые слова:** урок общения; формирование личности; проблемная ситуация; жизнеспособность; гуманность в произведении; вопрос справедливости.

**Keywords:** communication lesson; personality formation; problematic situation; vitality; humanity in the work; the question of justice.

Жазуучу Аман Саспаевдин «Сарала ит» аңгемеси кыргыз орто мектебинин IX классында окутулат. Тексти окулуп бүтүп, аны ар тараптуу талдоого киришүү, баарлашуу сабагын баштап жатып, адабият мугалими бул жерде педагогика илимдеринин доктору, профессор Б. Алымовдун айтып-жазганын айныгыс факты келтире кеткени туура болчудай. Аалымдын андагы айткан пикири төмөндөгүдөй:.

«Анткени менен «Сарала ит» А. Саспаевди кыйла убарага салды, бирок анын атагын чыгарып, алыска тааныткан да ушул аңгеме. …Арийне, маани-маңызына терең үңүлүп кирбей, желдирип баратып, ат үстүнөн бир караган адамга аңгемеде жан дүйнөңдү, ички сезимиңди козгоп жиберчү анчалык деле эч нерсе жоктой байкалат. Баарынан коркунучтуусу, партиянын ошол кездеги идеологиялык саясаты боюнча «бул аңгеменин идеясы калпыс» деп анын авторуна саясий айып коюп, же: «Ажал жетсе адам да өлөт. Ээ, бир каңгыган жолбун ит өлсө өлгөндүр. Тема табылбай калгансып, мунун эмнесин жазгандай», – деши да мүмкүн болчу. Дал ушул чен-өлчөм менен бааласак, «Сарала ит» түккө турбайт. Анткени айылдагы бүт адамдарга, кала берсе өзүнүн кандаш-тектеш ит «журтуна» – дегеле бүт жандуу-жансызга батпай, каңгып жүргөн бир дейди ит «ууру» деген жаман атты менен атылып өлөт. Аңгемедеги бар болгон окуя ушул. Ошол кездеги көз караш менен караганда, окуянын ушундай «жупунулугу», «маанисинин бүдөмүктүгү» ырасында да аңгеме жөнүндө ар кандай ой чаргытууга өзүнөн өзү «жем таштап» отурат.

Жазуучу таржымалында аңгеме туурасында жазылган сынга болгон нааразылыгын жашырбаптыр. Аны да түшүнсө болот. Ата конушу көздөн учуп, Кытайдан жаңы эле келип, агасынын эски үйүн оңдоп алып, эми бир жаңсыл чыгармачылыкка киришип, эптеп күн көрүп келатканда, тигинтип сындалып отурбайбы. Ошондон кийин үстөккө-босток иши каралып, нанга жетпей отурса, күйбөй турган жорукпу...». [2, 328-329-бб.] IX класс үчүн «Кыргыз адабияты» окуу китебиндеги «Сарала ит» аңгемеси тууралуу талдоо баянында проф. Б. Алымов мына ушундайча лирикалык чегинүү жасайт.

«Сарала ит» анчалык деле көлөмдүү чыгарма эмес, болгону 3,5 бет. Аңгемедеги окуяны автор төмөндөгүдөй киришүү сөзү менен окурманга таааныштырып баштайт:

**«Мурда дээрлик көрүп жүргөн, кадимки бир сарала иттин өмүрү, кийинки күндөргө чейин эсимде сакталып, итке байланыштуу көп ойлорду туудурду. Жандуулар ичинен бул өңдүү тиричиликке жүгүнү бош, өзүнө кайдыгер караган немени аз кезиктиребиз. «Дүйнөдөгү ар бир нерсенин жашап турушу – күрөш!» дейбиз. А бирок...**

**Мени да, башкаларды да ойлонто турган ушул сарала иттин тирүү кезинде**

**«ау!» деп бир ирет да үргөнүн жебирер аял короосунан кууп чыкканда бөйрөгүнө тийген муштумдай таштын зардабынан болсо да «каңк!» этип койгонун уккан эмесмин. Ит башы менен мынчалык чыдамкайлык жана сабырдуулукту ушунчалык өздөштүрүп алышына эмнелер себеп болгонун билүү кыйын. Айтор, көптөн бери адамдарга белгилүү болгон ойго карата айтсак, ал мүмкүн, жашоо үчүн күрөшүүдөн тажаса керек. Карап турсаңыз, бечара, ар качанда өзүнүн жалпы аалам алдында күнөөкөр экенин сезген немедей кишилерге, малдарга, ал түгүл өсүп турган чөптөргө да жалтана карайт. Эң бир өкүнүчтүү жери, байлоодогу тиши кычышкан иттер да түн ичинде аны көрсө көрмөксөн болуучу, же мүлдө көргүсү келүүчү эмес. Бечаранын башка иттерге деген шыгын айта турган болсок, жолбун итти көргөндө, көкүрөгүндө жаны бар ар кандай ит, кыйратып таштоочудай үрүп жетип бараарын, анан ага кыр көрсөтүп куйругун чагарактатып, а жер, бу жерин жыттап калаарын, андан ары болсо, чийге же куурайга бутун көтөрүп калаарын баарыбыз эле билебиз. Ал эми жолбун ит кезигишип калган күндө Сарала ит ага тик карап койчу беле! Быйпыйып, дайыма тердеп жүрүүчү мала-кызыл мурдун ишке салып, таштандыларды, уңкул-чуңкулдарды жай гана шимшип жүрө берүүчү. Деги анын жүрүшүнүн өзү бир башкача эле. Кажет болгон бир багытты көздөй, алаксыбай шыдыр кетип бара жатканын эч ким билбейт. Бирок бир орунга айланчыктап, шимшилеп көпкө туруп да калуучу эмес. Аны бирде коруктан, бирде көчөдөн, бирде короодон көрүп калчубуз. Күн күйүп турган ысыкта да, бирер бактын түбүндө, тилин чыгарып көлөкөлөп жатканын көрбөдүк».** [5. 168-169-бб.].

Сарала иттин мына ушул адаттан тыш «жашоо-мүнөзүн», «баскан-турганын» – бүткүл «пенделик сапатын тереңден иликтеп-изилдеген калемгер өзүнүн бул шордуу айбан каарманын: «…ал мүмкүн, жашоо үчүн күрөшүүдөн тажаса керек... Өмүрдө кездеше берчү сансыз карама-каршылыктар анын жалынын өчүрүп, баш көтөргүс кылып салса керек. Карап турсаңыз, **бечара, ар качанда өзүнүн жалпы аалам алдында күнөөкөр экенин сезген немедей кишилерге, малдарга, ал түгүл өсүп турган чөптөргө да жалтана карайт**», [5. 168-б.] – деп баяндоого алат.

Сарала ит ырасында эле өз керт башынын аманчылыгы, тынччылыгы үчүн аракет кылбайт. Бүткүл жашоосунда бир да жолу «арс» этип үрүп койбоду, үстөкө-босток таш менен урушса да, үн чыгарып наразылыгын билдирбеди. Күчүк кезинде башка иттер сыяктуу эле анын да ээси болуптур. Бирок короого көз болгондук кылып, бир да жолу үн чыгарып үргөнгө жарабаптыр. Ээси анын башка иттерге окшобогон боштугунан тажаганынан бир күнү: «Бар эми, өз күнүңдү өзүң көр», – деп үйүнөн кубалап жиберген имиш. Дегеле итке окшобойт. Ит болуп туруп итке окшобосо, адамга пайдасы болбосо, анын кимге кереги бар? Дал ушул сыяктуу түбү көрүнбөгөн миң-сан суроолорду жараткан бул «Сарала ит» деп аталган чыгарма алгач ирет 1963-жылы «Ала-Тоо» журналынын 12-санында басылып чыккан. Ал жылдары адабиятта адилеттикти, гумандуулукту туу туткан социалисттик реализм принцибинин арааны жүрүп, андан кичине эле четтеген сүрөткерлер жазага тартылып, жазгандары тыптыйпыл жоготулуп, адабий чөйрөдөн аёосуз куулап турган. Анан эле «Сарала ит» жарык көрүп, авторуна «А. Саспаев Сарала итти туура эмес позицияда, калпыс идеяда сүрөттөгөн, Сарала ит эмненин, кимдин образын чагылдырарын түшүнүп болбойт, идеясы так эмес» деген сыяктуу дооматтар биринен сала бири басма сөз беттеринде байма-бай айтылып, жазылып баштаган. Ооба, мында кеп акын, журналист, адабиятчы окумуштуу К. Артыкбаевдин 1964-жылы 23-июлда «Советтик Кыргызстан» гезитинде жарык көргөн «Күн менен Сарала итте эмне айып?» аттуу сын макаласы жөнүндө жүрүп жатат. Жыйынтыгында А. Саспаев Жазуучулар союзунун мүчөлүгүнөн куулуп, жазгандарын басып чыгарууга такыр тыюу салынып, беш жыл бою адабият майданына жолой албай калган.

Мындагы «күн» жаш жазуучу Т. Акматовдун 1963-жылы «Ала-Тоо» журналынын № 3 санына жарыяланган «Күн болбой куруп кал» аңгемесине байланыштуу. [1] Андагы жаш сынчы жана адабиятчы К. Артыкбаев эки башка автордун эки башка чыгармасынын көйгөйлөрүн бир тематикага бириктирип, «Күн менен Сарала итте эмне айып?» деген аталыштагы макаласын жарыялаган болучу. К. Артыкбаевдин пикиринде А. Саспаев аңгемесинин башкы кейипкери «Сарала итти туура эмес позицияда, бүдөмүк максатта, калпыс идеяда сүрөттөп көрсөткөн». [3] Ушундан улам «Советтик Кыргызстан» газетасы К. Артыкбаевдин

макаласы тууралуу: «…Кийинки кездерде «Ала-Тоо» журналында чыгармаларды тандоодо принципиалдуу талаптын кыйла бошоңдоп кеткени байкалат. …Ошондуктан жогорку макалада көрсөтүлгөндөй, идеялык жагынан калпыс, ал гана турсун зыяндуу, жалган эстетикалык чыгармалар жарыкка чыгып кеткен», [6] – деп жазып, калыс, адилеттүү пикирин билдиргени белгилүү.

Айтмакчы, профессор К. Артыкбаев аталган макаласында жогоруда эки аңгемеге идеялык жактан дооматын артканы менен, аларды биротоло жокко чыгаруу максатын көздөгөн эмес көрүнөт. И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин доценти Г.К. Устабаева таасын белгилеп кеткендей, «болгону советтик окурман туура тарбия алууга мүмкүн болбогон чыгарманы жаратуу эч пайда алып келбесин гана күн тартибине коюп, «…эч жардамсыз калган кемпир, же жазыксыз өлгөн сарала ит сыяктуу алгылыксыз кокустук, натуралистик көрүнүштөрдү зордоп, жасалма жол менен типтештирүүгө аракет кылбай, доорубуздун күрдөөлдүү арышын көрсөтүүчү мүнөздүү көрүнүштөрдү – башкы нерселерди ылгап алып, алардын тарбиялык маанилерин ачып көрсөтүүгө умтулуулары керек» [6] болучу.

А. Саспаевдин «Сарала ит» аңгемеси өткөн XX кылымдын 90-жылдарынан берки эгемендүүлүктүн, өз оюн, пикирин ачык айтуу эркиндигинин колдоосу менен азыркы учурда өзүнүн татыктуу ордун таап, «Жашоо жөндөмү» эмес, өз аты менен аталуу мүмкүнчүлүгүн алды. Ушунда дале проф. Б. Алымовдун жазганына кайрылалы: «...Эгер жашоого жөндөмүң жок, жүүнүң бош болсо, аркы-беркини аңдабасаң, анда корсуң, тирүүнүн өлүгүсүң, бардык балаа сени издеп табат, өмүрүң акыры бөөдө өлүм менен бүтөт, – деген ойду окуучуга тымызын айткым келген... Ким көрүнгөн кордогон өмүрдө эмне лаззат! Андан көрө өлгөн жакшы... дедим да, Сарала итти өлүм жазасына буйруп, катаал, бирок адилет өкүм чыгардым... Сарала ит турмушта өз үлүшүн алды. Андай кылбаска акым жок эле», – дейт жазуучу өзүнүн жазып берген таржымалында. А. Саспаевдин бул айтканы ал кездеги жазылган сындарга түп-тамырынан карама-каршы. Ачыгыраак айтканда, жазуучу Сарала итти түз маанисинде эмес, турмушта кор болуп жашагандан көрө жашабай койгон артык деген каймана мааниде алып, ал аркылуу адам тагдырын сүрөттөгөн». [2, 321-б.]

Кантсе да жазуучунун бул аталган «Сарала ит» аңгемеси акыры өз ордун тапты окшоду. Жазуучу жана котормочу Ашым Жакыпбеков өзүнүн «Дербиш» аттуу макаласында: Аман Саспаевди сейрек кездешчү мыкты аңгемечи катары жөндөмшыгын көтөрө чалып мактап, анын сүрөткерчилик чеберчилигин орус жазуусу А.П. Чеховдун феномен устаттыгы менен тең катар баалайт. Анын айтымында, А. Саспаев кыргыз аңгеме тегин жок эле дегенде бир тепкичте көтөргөндөй. [4]

Оюбузду жыйынтыктасак, бул айтылгандар – азыркы күндөгү көркөм чыгармачылык жамаат, замандаштарыбыз тарабынан түздөн-түз, расмий түрдө кабылданган көз караш-позициялар жана да калемгер А.Саспаевдин «Сарала ит» деп аталган чакан адабий туундусуна карата аалым Б.Алымов менен калемгер А.Жакыпбековдун айтылып-жазылган пикирлери, адабиятчы-окумуштуу, кесипкөй сүрөткер мисал өздүк ой жоруу-корутундулары. Биздин жеке оюбузда, профессор К.Артыкбаевдин аталган кара сөз чеберинин чакан көлөмдөгү адабий туундусу жөнүндө жазып калтырган жекече ой-бүтүмүн, келип токтогон жыйынтык пикирин бир топ эле колдоп койгонубуз туура болчудай. Аталган чакан көлөмдүү адабий туундуда короочу ит баласыбы же адам пендесиби, өзүн өлөр-тирилериңе карабай мушташып, тытышып болсо да коргой албаса, тирүүлүккө деген эрегиште өзүн көрсөтө албаса, анда эле анын жашоого, күнүмдүк тиричилигин бейкапар, өзү билип-каалаганындай кылып өткөрүүгө эрк берилбечүдөй, аны тегерегиндегилер эле жеп-жутуп коёт деген катаал бүтүм чыгарылгандай. Ушундан улам андай пенденин бул тирүүчүлүктө аманчылыкта күн көргөнгө да укуксуз деген таш боор өкүм алдыга жылдырылып отурат. Автордун кынтыксыз логикасына таянсак, бу жарыкчылыкта өкүмзор зордукчулар гана доорону сүрүп, ал эми өз бактысы үчүн күрөшө албаган жармач, жоош жандар кордукта кала берет экен да?! Демек, бул жарык дүйнөдө жомоктук циклоп сымал токмогу күчтүүлөр гана жашап, ал эми өзүн коргой албагандар тепсендиде кала бериши жашоонун бузулгус мыйзамы, мыйзам ченемдүүлүктүн жеткен жери сыяктанат!.. Мындай кылганда болбойт да. Алсыз чымчыктын балапаны да мышыкка жем болбой, тирүүчүлүктө калгысы келет. Аңгемеде баяндалгандай сымак бечера Сарала итти жана ал сыяктанган алсыз жандарды жадесе кибиреп өз тиричилигин тынымсыз эмгектенүү менен өткөргөн кумурскага да залалы тийбеген тынч жашоосунан зордук-

зомбулук, зөөкүрдүк жолу менен ажыратканыбызда, адамгерчилик, боорукердик, жармачтын жеңилин жерден, оорун колдон алуу туюмдарын кайда катабыз? Кейпи, «Сарала итте» азыркы учурдун бөрү заманы чагылдырылып, ал ай-асманга чыгара макталып даңазаланган сыяктанат. Демек, ошол өткөн кылымдын 60-жылдарындагы жаш сынчы жана адабиятчы К. Артыкбаевдин бул адабий туундунун түпкү идеясы оош-кыйыштуу, так эмес деп чыгарган жыйынтык-корутундусу бир жагынан туура эледей, адилеттүү, калыс айтылганы айныксыздай.

Мындагы баарлашуу сабагы окуучулардын бири-бири менен жакындан ой бөлүшүүлөрү, алдыга коюлган маселе – ошол өткөн XX кылымдын 60-жылдарындагы жаш сынчы жана адабиятчы К. Артыкбаевдин жазуучу А. Саспаевдин «Сарала ит» кара сөз туундусу жөнүндө жазган пикири боюнча өздөрүнүн жекече ой-пикирлерин ачык айтып талашып-тартышуулары, акырында конструктивдүү бир пикирге келип токтолуулары мисал алып барылат. Ушунда К. Артыкбаевдин аталган аңгемеге карата айтылган сынында карманган адилеттүүлүк, гумандуулук позициясы ачыкталып, класстагы окуучуларды ар бир турмуштук жагдайга карата өзүнө гана тийиштүү жекече пикири бар өсүп жетилген инсан, коомдун татыктуу мүчөсү катары калыптандыруу милдети дайым көңүлдүн борборунда турганы ылайык.

**Колдонулган адабияттар**


1. Акматов Т. Күн болбой куруп кал. // Ала-Тоо, № 3.
2. Алымов Б. Кыргыз адабияты. 9-класс үчүн окуу китеби. – Бишкек: Билим-компьютер, 2007, 416-б.
3. Артыкбаев К. Күн менен Сарала итте эмне айып? // Советтик Кыргызстан, 1964, 23-июль.
4. Жакыпбеков А. Дервиш // Кыргызстан маданияты, 1989, 29-декабрь.
5. Саспаев А. Сарала ит. // Жаңы Ала-Тоо, 2012, № 9 (41), 168-172-бб.
6. Устабаева Г.К. К. Артыкбаевдин алгачкы макалаларында полемикалык сындын берилиши. – Режим доступа: jarchy.arabaev.kg.


**Рецензент: пед.и.к., профессор Байсабаев Б.А.**


УДК 82.512.154-С-138
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-296-299



**Сагидаева С.А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Сагидаева С.А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Sagidaeva S.A.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0009-0000-1464-0357


# ЧЫНДЫК ҮЧҮН КҮРӨШКӨН ИНСАН
# ЧЕЛОВЕК, БОРЮЩИЙСЯ ЗА ПРАВДУ
# A PERSON FIGHTING FOR THE TRUTH


**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада адабиятчы К.Артыкбаевдин жазуучу, акын, сынчы, илимпоз, жогорку окуу жайлары жана орто мектептер үчүн окуу китептеринин автору, башкача айтканда, кыргыз элинин маданияты менен адабиятынын проблемалары үчүн тынымсыз күрөшкөн, чындыкты издеген жана аны жайылтууга умтулган инсандык ийгиликтери тууралуу сөз болот.

**Аннотация:** В статье говорится об успехах К. Артыкбаева как личности – литератора, писателя, поэта, критика, учёного, автора учебников для вузов и средних школ. Особое внимание уделяется его неустанной борьбе за решение проблем культуры и литературы кыргызского народа, стремлению к истине и желанию донести её до широкой аудитории.

**Abstract:** The article discusses the personal achievements of K. Artykbayev as a literary scholar, writer, poet, critic, and academic, as well as the author of textbooks for universities and secondary schools. It

highlights his tireless efforts in addressing the issues of Kyrgyz culture and literature, his pursuit of truth, and his dedication to spreading it.

**Негизги сөздөр:** адабият; тарых; чыгармачылык; макала; эмгек; байланыш; чындык; проблема.

**Ключевые слова:** литература; история; творчество; статья; работа; общение; истина; проблема.

**Keywords**: literature; history; creativity; article; work; communication; truth; problem.

Жазуучу, акын, сынчы, илимпоз, жогорку окуу жайлары жана орто мектептер үчүн окуу китептеринин автору, башкача айтканда, кыргыз элинин маданияты менен адабиятынын проблемалары үчүн тынымсыз күрөшүп келаткан Качкынбай Артыкбаев – кыргыз окурмандарына таанымал инсан. Аны жазуучу, акын дегенибиздин себеби, ал – "Байчечекей", "Тоолор менен сырдашуу", "Колдор жана тагдырлар", "Таазим", "Жаркын өмүр", "Замана" аттуу бир топ ырлар, поэмалар жыйнактарынын автору. Ошондой эле "Чалгын", "Сын сапары", "Ар түрдүү издер", "Чыгармалар жана ойлор", "Мезгил элестери", "Тандалмалар", "Изденүүлөр жана табылгалар", "Акыйкат сабагы", "Кыргыз совет адабиятынын тарыхы" деген адабий сын, адабий изилдөө эмгектеринин ээси. Акындын өмүр баянына кайрылып олтуруунун деле эч кажети жок. Анткени, К. Артыкбаевдин "Био-библиографиялык маалымдамасы" 1992-жылы жарыкка чыккан. Аны менен таанышып көргөндө ал кишинин чыгармачылыгынын ар түрдүү экендиги ачык эле көрүнүп турат. Мына ушул маалымдамада өмүр баянынан баштап, адабият жаатына тиешелүү ар тармактуу иликтөөлөрү, козгогон илимий актуалдуу маселелери, адабий сында талыкпай иштеген эмгекчилдиги, адабий талкууларды уюштурууга демилгечи болгон макалалары, ыр китептери, котормолору алаканга салгандай даана.

К. Артыкбаевдин 1990-жылдан бери эле 50дөн ашык макалалары, 5 китеби жарык көргөн. Кытай кыргыздарынын чыгаан тарыхчысы Анвар Байтурдун "Кыргыз тарыхы лекциялары" китебин чыгарып, Ж. Алыбаевдин "Тандалмаларын" түзүп, Бала Айылчынын өзү жазып алган санжырасын жарыялаган. Чыгармачыл адам болгондуктан, убактысын текке кетирбеген "бал жыйнаган аарыдай" эмгекчилдиги жогорку фактылардан да ачык эле байкалат.

Сен качан уктайсың?-деп тамаша кылган жолдошторуна, кээде агай: -Эл катары эле уктайм. Болгону убактыны туура пайдаланганга аракет кылам, мында тамаша кылгыдай эч нерсе деле жок, ооруканада жатканда да убакытты өлтүрбөй, көптөгөн иштерди бүтүрүп алам, отпуска учурунда иштеген учурларым да көп болду. Кыскасы, иштөө мага өнөкөт оору болуп калгандай көрүнөт, - деп калат. Агайдын чыгармачыл адам экендиги адабият майданында жаралган көптөгөн эмгектеринен көрүнүп тургандыктан, анын баарын бир чакан макалада айтып берүү мүмкүн эмес. Ошондуктан биз бул макалада К. Артыкбаевдин эмгектеринин кээ бирөөлөрү жөнүндө гана учкай көп козгоого үлгүрсөк деген максатта болдум.

К. Артыкбаевдин "Акыйкат сабагы" китебине киргизилген "Маданий байланыштардын санжырасы" деген макаласында кытайлык туугандар менен болгон карым-катыштары кандай жол менен башталгандыгы жөнүндө баяндалат. Алардын бир туугандык байланышы 1957–58-жылдарда башталгандыгы, Асанбек Табалдиев аркылуу Пекин, Үрүмчү шаарларында окуган, иштеген Мухаммад Ху, Чжень Хуа, Сакен Өмүр, Мамбет Асан, А. Токторовдор менен кат аркылуу таанышкандыгы, алардын каттарын "Ленинчил жаш" газетасына жарыялап тургандыгы азыр өзүнчө эле бир жандуу маданий тарых катары кабыл алынат. Көп убакыт өтпөй, бул байланыш үзүлүп калат. Анткени, кытай жергесинде болуп өткөн чуулгандуу "маданий революциянын" тийгизген таасири эле. Кийин, 1983-жылы кыргыз жергесине келген кытайлык тарыхчы, философ Абдүшүкүр Мукаммет Имин аркылуу кайрадан табышкан. Башкача айтканда, алардын табылышына К. Артыкбаевдин өзүнүн ыр китеби себепкер болгондугу эскертилет. Ошентип, К. Артыкбаев азыр бир топ кытайлык талантуу адамдар менен тыгыз чыгармачылык байланышта. К. Артыкбаев кыргыз акын-жазуучуларынын китептерин, чыгармаларын кытайлык кыргыздарга, ошондой эле кытай кыргыздарынан чыккан акын, жазуучулардын чыгармаларын кыргызстандыктарга тааныштырууга көп эмгек жумшады. Кытай кыргыздарынан чыккан акын кыз Гүлайымдын катын, жазган ырларын кошуп, 1988-жылы 2-августта "Ленинчил жаш" газетасына "Кытай

кыргыздарынын акын кызы" деген ат менен кыргыз элине тааныштырган. Кытайлык тарыхчы, илимпоз Анвар Байтурду кыргыз элине таанымал кылган да К. Артыкбаев агай болгон. Маданий байланыштар тээ илгертен эле болуп келген. Буга казак эли менен кыргыз элинин ортосундагы достук, бир туугандык байланыштары катары Токтогул менен Жамбылдын, С. Карачев, К. Тыныстанов, А. Токомбаев Магжан Жумабаев, С. Сайфуллиндин Ч.Айматов менен М.Ауэзовдун карым-катнашы күбө. Алсак, К.Артыкбаев өзүнүн "Магжан, Мукай, Касим" деген макаласында кыргыз менен казак элинин ортосундагы маданий байланыштардын бекем экендигин конкреттүү мисалдар менен так көрсөттү. Магжан менен Касымдын бирин-бири жакшы билгендиги тууралуу фактыларды келтирүү аркылуу, К.Тыныстановдун ыр жазуусуна Магжандын тийгизген таасирин баса белгилеп өткөн. Эки акындын ыр түзүлүшүндөгү, мазмундук жагындагы үндөштүктөрү жөнүндө, айрым синтаксистик курулмалардын жакындыгы бар экендиги жөнүндө далилдүү айтылат. Бул өңдүү мисалдар айта берсе арбын. Мындай байланыштар жөнүндө биринчилерден болуп К. Артыкбаев белсенип иштеп, көптөгөн макалаларды жазган.

Кайра куруу жана андан кийинки капитализмге өтүү мезгилинде Октябрь революциясынан кийинки турмушту, элдин тарыхын жазган чыгармаларды саясаттын талабына гана жараша жазылып калган деп эсептегенде совет өлкөсүн күнөөлөгөн пикирлер да айтылууда. Бул пикирлер бир жактуу болуп, түйүнү чечилбей келе жатат. Ушул проблемалар жөнүндө К. Артыкбаевдин макалаларында кеңири сөз козголуп, чындыкка баш ийүү, эскичилик принциптери курч коюлуп, жогорку бир беткей пикирлердин негизсиз экендиги далилденген.

К. Артыкбаев айткандай, "эч бир жазуучу өзү жашап жаткан коомдогу турмушту бурмалап, башка дүйнөнү чагылдырып берүүгө эч мүмкүн эмес, адам баласы жашап жаткан коомдун оң, терс көрүнүштөрүн реалисттик планда чагылдырып берүү чыныгы реалдуулукка жатат". Бул, биздин оюбузча, эске аларлык ой.

1989-жылга чейин өкүм сүрүп келген идеологиялык кысым көрсөтүү саясаттын чыныгы күнөөкөрлөрү жалпы социалисттик коомбу же аны бурмалаган айрым бир партиялык жетекчилерби деген суроого токтолуп, К. Артыкбаев бул маселе боюнча өзүнүн көз караштарын эч жалтактабай ачык айта алган. Өзгөчө бул маселеге байланыштуу мурда басылып келген Белек Солтоноевдин эмгектерине жана Арстанбек ырчынын "Тар заманына" "Акыйкат сабагы" китебинде берген адабий талдоолору К. Артыкбаевдин түшүнүгүнүн ар тараптуу жана терең экендигин айгинелейт.

Ал эми 1994-жылы жарыкка чыккан "Талант сыры" аттуу китебине К. Артыкбаевдин 1990–1993-жылдары жазган макалалары көбүрөөк киргизилген экен. Мындагы "Кыргыз адабиятынын тарыхындагы түзөтүүгө муктаж айрым маселелер" деген көлөмдүү макалалары окуган ар бир зээндүү окурман согуштан кийинки адабий өнүгүшүбүз менен адабий сыныбыздын көп маселелеринин бурмаланып, саясат түрүндө таңууланып келгендигине кайсы партиялык жетекчилер күнөөлүү экендигин ачык, конкреттүү далилдерди окуу менен туура түшүнүүгө мүмкүндүк ала алышат. Өзгөчө Молдо Кылыч, Калыгул, Арстанбек маселелери менен Октябрь революциясына чейин кыргыз элинин жазуусу болгон эмес деген маселе боюнча. К. Артыкбаевдин күйүп-жанган дагы бир маселеси – бул мамлекеттик тилибиздин көйгөйлүү жагдайлары. Бул маселе боюнча да ал 7-8-макала-жарыялады. Айрымдарын белгилүү драматург М. Тойбаев менен бирдикте жазды. Өзү адабиятчы болсо да, тил маселелерине терең, сүңгүп кирип, тилчилер айтпаган маселелерди козгоп, кыргыз тилин кантип мамлекеттик тилдин деңгээлине көтөрүү керек деген суроону күн тартибине курч коюп, кандай практикалык иш чараларын жүзөгө ашыруу керектигин баяндап берген. Мисалы, ал 1991-жылы 12-октябрда "Мугалимдер газетасына" "Тил үйрөнүү зарылдыкпы же кыстообу?" деген макаласында кыргыз тили мамлекеттик тил деп жарыяланганы менен аны башка улуттардын өкүлдөрүнүн барктабай, үйрөнгүлөрү келбей жатканына кыжаалат болот да, мамлекеттик тилди керектөө атмосферасынын түзүлбөй жаткандыгын бул ишке бийликтегилердин түздөн-түз күнөөлүү экендиктерин ачык айтат. К. Артыкбаев минтип жазат: "Кыргыз эли кандай эл болуп келгенин анын байыртадан берки тарыхынан кабардар болуп, бир аз билгенде гана элдин үрп-адат, салт-санаасын, маданиятын, адабиятын, искусствосун анча-мынча билгенде гана республикада жашаган орус адамы кыргыз адамы менен дилдеш, тилдеш болуп кетиши мүмкүн". [2]

Бул чындыгында эле туура пикир, жазуучу бул пикирди жөн жеринен айткан

жок, кыргыз тилин, өзгөчө адабияты менен тарыхын үйрөнүү орус мектептерине, техникумдарга, жогорку окуу жайларына киргизилбесе, мамлекеттик тил эч убакта кадырланып баркталбасын ачык билдирет. Ошондой турмуштук зарылчылыкты сезүү менен гана кыргыз тилин үйрөнүү керек деген автордун пикирине толук кошулабыз. Андан кийинки "Кош тилдүүлүк кыргыздар үчүн эле керекпи?" деген макаласында К.Артыкбаев: "Кыргызстанда жашаган бардык граждандардын акырындык менен кош тилдүү болушу камсыз кылынат" деген кошумчаны Конституциядагы "кыргыз тили мамлекеттик тил болуп эсептелинет" деген стъатяга улай жазууну сунуш кылар элек" деп жазган. Ошондой эле "Конституцияга кыргыз тили гана мамлекеттик тил болуп киргизилгенде улуттук трагедиянын процесси токтолуу багытына өтмөк, "кош тилдүүлүк ишке ашмак" деген пикирин айткан.

Андан ары К. Артыкбаев "Кыргыз тили мамлекеттик тилдин деңгээлине жетиш үчүн өкмөттүк, мекемелик, чарбалык, маданий, почта, байланыш, укук, медицина, нотариалдык контора, үй башкармалары ж.б. тармактардын бардыгында кагаздары мамлекеттик тилде жүргүзүлгөндө гана мамлекеттик тилди кадырлоо атмосферасы түзүлөт" деген пикирин билдирген. Бул пикирлерге кошулбай коюуга да болбойт. Бул мезгилдеги жылдарда К. Артыкбаевдин адабият майданында, анын ичинде адабий сында активдүү иштегендиги автордун жогорку макалаларынан жетиштүү деңгээлде сезилип турат. Адабиятыбыздын байыркы мезгилинен тартып, бүгүнкү күнгө чейинки көйгөйлүү маселелерин камтыган проблемалуу макалаларына жогорку мисалдар деле толук далил болуп бере алат. К. Артыкбаевдин макалаларына мүнөздүү бир касиет – түйүндүү проблемаларды козгоо, талаш-тартыш иштерге сын көз менен илимий дыкаттыкта кароо. Сынчынын дагы бир ийгилиги же чыгармачылыгына мүнөздүү белгиси өзүнүн оюн кур эле баяндай бербей, атайы адабий факт-материалдардын, далилдердин негизинде ынандырарлык айта алат.

К. Артыкбаевдин адабият таануу менен адабий сындагы өжөрлүгүн, өз концепциясын акыр аягына чейин талашып, туура экендигине ынандыра алгандыгын бир эле мисал менен көз алдыга келтирсек болот. 1967-жылдан бери ал орто кылымдагы адабий мурастарыбызды, өзгөчө Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашкарды адабиятыбыздын тарыхына киргизип, үйрөнүү маселесин өтө курч коюп келди. Орто мектептердин кыргыз адабияты боюнча программасы талкууланганда да К. Артыкбаев Жусуп Баласагын менен Махмуд Кашкарды программага киргизүү маселесин кайта-кайта казып, чогулуштарда сүйлөп, бүткүл коомчулуктун көңүлүн өзүнө буруп турду. Акыры алар орто мектептердин, жогорку окуу жайлардын программаларына киргизилди. Атүгүл Кыргыз улуттук университетибизге Жусуп Баласагындын атын коюу демилгесин да К. Артыкбаев биринчи баштаган. "Кутадгу билиг" дастаны, "Дивани лугат ат-түрктөгү" адабий мурастар боюнча кеңири иликтөө жүргүзүп, биринчи жолу көзгө толорлук эмгектерди жазган да ушул К. Артыкбаев. Ал эмгектер адегенде гезит-журналдарга, анан "Акыйкат сабагы" китебине жарыяланган.

К. Артыкбаевдин эмгеги өтө көп кырдуу, көп тармактуу. Ал акын, котормочу, күчтүү публицист-журналист. Анын изилдөөлөрү, көп жактуу эмгектери боюнча өз алдынча илимий изилдөөлөрдүн жүргүзүлүшү күн тартибине коюла баштады. Биз алардын айрымдарын гана чолуп-чолуп айткан болдук. Окумуштуунун кайрылган ар бир темадагы макалалары проблемалуулугу менен айырмаланып турат.

**Колдонулган адабияттар**

1. Магжан, мукай, Касым // Мугалимдер газетасы, 1991, 18-октябрь.
2. Артыкбаев К. Тил үйрөнүү зарылдыкпы же кыстообу? // Мугалимдер газетасы, 1991, 12-октябрь.
3. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы: адабий сын макалалар // Акыйкат сабагы. – Бишкек, 1991, 284-б.
4. Артыкбаев К. Талант сыры аттуу сабагы: адабий сын макалалар. – Бишкек: КЭ башкы ред., 1994, 5-82-бб.
5. Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы сабагы. – Фрунзе: Мектеп, 1982, 347-б.

**Рецензент: филол.и.д-р, профессор Эгембердиева А.**

УДК 82.14(575.2)
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-300-306

**Сардарбек кызы Н.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Сардарбек кызы Н.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Sardarbek kyzy N.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0000-0001-5617-1982

# А. ОСМОНОВДУН ПОЭЗИЯСЫНЫН ОРУСЧА КОТОРМОЛОРУНДАГЫ ЛИРИКАЛЫК КААРМАНДЫН ОБРАЗЫНЫН ТРАНСФОРМАЦИЯСЫ
# ТРАНСФОРМАЦИЯ ОБРАЗА ЛИРИЧЕСКОГО ГЕРОЯ В РУССКИХ ПЕРЕВОДАХ ПОЭЗИИ А. ОСМОНОВА
# TRANSFORMATION OF THE IMAGE OF THE LYRICAL HERO IN RUSSIAN TRANSLATIONS OF A. OSMONOV'S POETRY

**Кыскача мүнөздөмө:** Макала кыргыз элинин залкар акыны А.Осмоновдун поэзиясынын орус тилиндеги котормолорун лирикалык каармандын образынын трансформациясынын аспектисинде изилдөөгө арналган. Акындын лирикалык чыгармаларынын түп нускаларын жана орусча котормолорун салыштырма талдоо авторго үч тилде (кыргыз, орус жана англис тилдеринде) акындын жүзгө жакын ырлары кирген «Ысык-Көлдүн толкундары» аттуу ырлар жыйнагындагы бир катар тандалган чыгармаларды карап чыгууга мүмкүндүк берди. Кароонун негизги объекти 1944-1945-жылдары жазылган поэтикалык чыгармалардын орусча котормолорундагы лирикалык каармандын образына байланыштуу котормочулук трансформациялар болду. Изилдөө көрсөткөндөй, А.Осмоновдун лирикасы көп кырдуу жана ар түрдүү, белгилүү деңгээлде оозеки-поэтикалык чыгармачылык салттары менен өз ара байланыштуу, бул фольклордук чыгармаларга жана акындык поэзияга мүнөздүү бир катар көркөм ыкмаларды колдонуусунда байкалат. Изилдөөдө негизги басым акындын философиялык лирикасына багытталды. Бул аспекте акындын лирикасынын орус тилинин каражаттары аркылуу поэтикалык-ыр формасын, образдык түзүлүшүн, стилистикалык жана синтаксистик өзгөчөлүгүн сактоо жана жеткирүү жагынан көркөм котормонун сапаттары каралды. Материалды тандоо принциби А.Осмоновдун поэтикалык чыгармачылыгын которгон анча белгилүү эмес котормочулардын котормочулук практикагасына негизделди. Жалпысынан алганда, акындын лирикалык чыгармаларынын орусча котормолору анын чыгармачылыгынын кеңири аудиторияга жайылышын жана таасирин кеңейтүүгө жана оор тагдырга туш болгон акындын поэтикалык сезимин түшүнүүнү тереңдетүүгө салым кошкону белгиленет. А.Осмоновдун чыгармаларынын көбү адамгерчиликтүү мүнөзгө жана күчтүү гуманисттик пафоско ээ, лирикалык каармандын жалпы адамдар үчүн өзүн курмандыкка чалууга даярдыгын так билдирген позициясы байкалат, ал өз элинин жана замандаштарынын жаркын келечеги үчүн бийик асыл сезимдерге жөндөмдүү.

**Аннотация:** Статья посвящена исследованию русских переводов поэзии выдающегося кыргызского поэта А. Осмонова в аспекте трансформации образа лирического героя. Сопоставительно-сравнительный анализ оригиналов и русских переводов лирических произведений поэта позволил автору рассмотреть ряд избранных произведений, из вошедших в сборник стихов под названием «Волны Иссык-Куля», в котором представлено около ста стихов на трех языках: кыргызском, русском и английском. Основным объектом рассмотрения явились созданные в 1944-1945 гг. стихотворения и их русские переводы с точки зрения переводческих трансформаций, касающихся образа лирического героя. Исследование показало, что лирика А. Осмонова многогранна и разнопланова, в определенной мере взаимодействует с традициями устно-поэтического творчества, что наблюдается через использование ряда художественных приемов, характерных для фольклорных произведений и акынской поэзии. Основное внимание при исследовании было направлено на философскую лирику поэта. В этом аспекте были рассмотрены проблемы художественного перевода с точки зрения сохранения и передачи стихотворно-поэтической формы, образного строя, стилистического и синтаксического своеобразия лирики поэта средствами русского языка. Принцип отбора материала основывался на недостаточно изученной переводческой практики в отношении поэтического творчества А. Осмонова менее известными переводчиками. В целом отмечается, что русские переводы лирических произведений поэта способствовали расширению сферы влияния

творчества на более широкую аудиторию и углублению осмысления поэтического мироощущения поэта с непростой судьбой. Большинство произведений А. Осмонова носит характер человеколюбия и имеет выраженный гуманистический пафос, наблюдается четкая и определенная позиция жертвенности ради людей на земле у лирического героя, он способен на высокие благородные чувства ради светлого будущего своего народа и современников.

**Abstract:** The article is devoted to the study of Russian translations of the poetry of the outstanding Kyrgyz poet A. Osmonov in the aspect of transformation of the image of the lyrical hero. Comparative analysis of the original and Russian translations of the poet's lyrical works allowed the author to consider a number of selected works, which were included in the collection of poems entitled “Waves of Issyk-Kul”, which contains about one hundred poems in three languages: Kyrgyz, Russian and English. The main object of consideration was the poems created in 1944-1945 and their Russian translations from the point of view of translation transformations concerning the image of the lyrical hero. The study showed that A. Osmonov's lyrics are multifaceted and diverse, interacting to a certain extent with the traditions of oral poetic creativity, which is observed through the use of a number of artistic techniques characteristic of folklore works and Akyn poetry. The main attention in the study was directed to the philosophical lyrics of the poet. In this aspect, the problems of artistic translation from the point of view of preserving and transmitting the poetic form, figurative structure, stylistic and syntactic uniqueness of the poet's lyrics by means of the Russian language were considered. The principle of material selection was based on the insufficiently studied translation practice in relation to the poetic work of A. Osmonov by less known translators. In general, it is noted that the Russian translations of the poet's lyrical works contributed to the expansion of the sphere of influence of the poet's work on a wider audience and deepening of the understanding of the poetic worldview of the poet with a difficult fate. Most of A. Osmonov's works are characterized by humanity and have a pronounced humanistic pathos, there is a clear and definite position of sacrifice for the sake of people on earth in the lyrical hero, he is capable of high noble feelings for the bright future of his people and contemporaries.

**Негизги сөздөр:** А. Осмонов; лирикалык каарман; образ; котормочулук трансформация; поэтикалык котормо; лирика.

**Ключевые слова:** А. Осмонов; лирический герой; образ; переводческая трансформация; поэтический перевод; лирика.

**Keywords:** A. Osmonov; lyrical hero; image; translation transformation; poetic translation; lyric.

Идея написания данной статьи возникла после знакомства со сборником избранных стихов выдающегося кыргызского поэта Алыкула Осмонова (1915-1950) под названием «Волны Иссык-Куля». [1] В пределах ста лирических произведений поэта собраны в этой книге и представлены на трех языках. Русские переводы стихотворений опубликованы в выполнении разных переводчиков: М. Синельникова, И. Волобуевой, М. Петровых, М. Ватагина, Н. Стефановича, С. Липкина, В. Мартынова, В. Потаповой и мн. др. Переводы на английский язык с русских версий произведений поэта осуществил Уолтер Мэй.

Принцип отбора лирических произведений для сравнительного анализа в рамках этой статьи основывался на малоизученности отдельных русских переводов, выполненных не столь широко известными переводчиками. Подавляющее большинство русских переводов поэзии А. Осмонова принадлежит Б. Синельникову, С. Липкину, Н. Чуковскому, М. Ватагину, к образно-поэтическим особенностям их переводов обращались многие исследователи: Ч.Т. Джолдошева, А. Садыков, О. Ибраимов, Д.А. Крутиков и мн.др. [См. более подробно об этом труды: 2; 3; 4; 5; 6; 7]

В данной работе рассматриваются русские переводы, выполненные менее известными переводчиками кыргызского поэта, такими как Ал. Щербаков, В. Леонович, В. Мартынова, И. Волобуева, М. Петровых, Б. Голубева, А. Глоба. Объектом исследовательского внимания стали произведения поэта, созданные им в период творческого расцвета, в 1944-1945 гг., в сопоставительном аспекте с их русскими переводами с точки зрения трансформации образа лирического героя.

Безусловной ценностью обладают стихотворения поэта, наполненные философскими раздумьями лирического героя. Наиболее знаковым представляется стихотворение «Менин жылдызым» («Моя звезда»), написанное 2 декабря 1944 года. Перевод осуществила И. Волобуева. Символическое название стиха характеризуется настроением поэта, желающим увидеть на небе свою звезду,

которая, к его горькому сожалению, исчезла навсегда. Поэт смутно помнит, как когда-то друг отца показал ему, поэту, его звезду. С тех пор прошло много лет, а его звезда скрылась, поэт хочет увидеть ее. Метафорический образ звезды представлен как символ поиска поэта, она нужна ему как собеседник, он хочет рассказать ей о своем желании справедливого времени и, возможно, мечтает о том, что она смогла бы помочь осуществиться его желанию.

На первый взгляд, бросается в переводе попытка воссоздать поэтическую форму стиха, и в целом переводчику это удается. Обратимся к примеру.

Атамдын ДОСу дешчү эс-эс билем,
Мне помнится смутно…Я был еще мал,
Аксакал чоң абышка Касым деген
Отцовский приятель Касым-аксакал,
Бир түнү койнуна ороп алып чыгып,
Закутав, на улицу вынес меня
Көрсөтүп бир жылдызды колу менен:
И в небе большую звезду показал.
«Таанып ал, тээтиги сеники, уулум,
«Запомни, сынок, – говорил он тогда, –
Карачы жаңылыгын, сулуулугун.
Вот это – твоя золотая звезда,
Билип жүр, сен батканда кошо батат,
Умрешь ты, и в небе погаснет она,
Сөзү ушул бизден дагы мурункунун!». [1, 16]Так мудрые люди считают всегда». [1, с. 17]

Оригинал написан преимущественно одиннадцатисложником, метрический эквивалент в переводе представлен четырехстопным амфибрахием, местами включающем спондей. С ритмико-интонационной точки зрения перевод в достаточной мере наполнен функциональным соответствием. Несомненно, сохранение единства поэтического строя и образности поэтической речи – дело достаточно сложное, поскольку существуют объективные факторы языковых несоответствий на уровне грамматических систем, а также метрического стихосложения. Однако при всем возможном формальном преобразовании поэтического текста важно передать прежде всего образ лирического героя, который в поэзии Алыкула Осмонова чаще всего идентифицируется с личностью поэта. Воссоздание доминирующего настроения в стихотворении достигается максимальным сохранением образного строя поэтического текста. В оригинале стиха имеет место ассонанс, в переводе его нет, однако адекватный звуковой строй воспроизводится путем сохранения мужской рифмы. Передача транслитерацией имени собственного «Касым» и слова-реалии, использованного в качестве эпитета к нему «аксакал», способствует сохранению национальной специфики переводимого текста и, безусловно, обуславливает достижение качественного перевода. При всем этом переводческие трансформации коснулись отдельных частей, касающихся образного строя текста. В переводе наблюдается упущение одного важного элемента, который носит информативно-сакральный характер: маленького сироту, которому ночью не спится (возможно, от тоски по родителям), выносит на улицу, пригрев на груди (букв. «за пазухой»), друг покойного отца. Данный контекст в переводе утрачен и заменен нейтральной глагольной формой «закутав». Мудрый аксакал Касым успокаивает малыша, показывая звезду на небе, которую он описывает, называя ее «новой (молодой), красивой». В переводе звезда приобретает эпитет «золотая». На наш взгляд, такого рода замена способствует утрате скрытого сравнения звезды с юным поэтом – параллели, которая ассоциативно возникает у кыргызского читателя. Стилистически неверным воспринимается отсутствующий в оригинале глагол «умрешь», так как это не характерно для кыргызского старца (аксакала) – употребить его в адрес маленького, только начинающего жить мальчика. В оригинале использован поэтический образ «заката», в жизни человека он не всегда может быть связан со смертью, скорее всего поэт подразумевает свое мироощущение, настроение грусти, вызванное своим болезненным состоянием.

Перу И. Волобуевой принадлежит и перевод стихотворения «Каркыра» (5. 12. 1944). Название передано через семантический аналог «Журавли». Семь строф оригинала, состоящих из четверостиший, сохранены переводчиком в полной мере. Однако обращают внимание некоторые неточности, уводящие внимание читателя от переживаний и раздумий поэта. Сочетание философской и пейзажно-метафорической лирики создало произведение выраженного жизнеутверждающего пафоса. В стихе лирический герой условно вступает в диалог с перелетными птицами, спрашивая у них о том, что написано на их крыльях, ответ птиц метафоричен:

«Турмушта бакыт да бар, байлык да бар,
«Узнай, что, как перья на птичьем крыле,
Болушкан бирин бири көрүүгө зар.

Богатство и счастье живут на земле,
Мына эми биздин күндө кошулат дейт,
Извечно друг к другу стремятся они,
Сен да кел, ошол жакка биздин сапар…»
Ты скоро в своем их увидишь селе».
Аз, көппү, санабадым күн эсебин,
Ни мало ни много промчалося дней,
Колхоздо бир рече ирет орулду эгин,
Не раз урожай собирали с полей,
Арадан күндөр бат-бат алмашылып,
И вновь я вернулся в родные места,
Айланып Каркыра аттуу жерге келдим. [1, 26]Где видел когда-то весной журавлей.[1, с.27]

Философское содержание стиха отмечено важностью для людей таких категорий, как счастье и богатство, которые взаимозависимы, причем поэт уверен, что единственным путем их достижения является человеческий труд. Несмотря на то, что в переводе использован отсутствующий в оригинале сравнительный оборот, мироощущение поэта не воссоздается полностью, так как утерян смысл того, что журавли зовут поэта с собой в путь, обещая ему показать жизнь, наполненную счастьем и богатством, поскольку они уверены в том, что встретят их (счастье и богатство) на своем пути. Перевод конкретизирован, происходит замена, которая передает несколько сниженную тональность, подчеркивая осуществление мечты уже в реальной действительности. Далее в переводе происходит существенная трансформация, переводчик игнорирует топоним Каркыра – долину, расположенную в восточной части Иссык-Куля, заменив его «родными местами», соответственно, перевод утрачивает лаконичное описание поэтом красоты местности: «Көйкөлүп мелт-мелт этет жайык бети». [1, с. 26] Такого рода опущение, безусловно, не способствует полной передаче авторского замысла, для поэта важно было, что он увидел на летнем пастбище новую жизнь колхозного пастуха, наполненную достатком и счастьем. Таким образом, в переводе утрачен социально-исторический пласт жизни кыргызского народа, который образно представил поэт в данном произведении.

Одним из наиболее известных стихотворений философского значения является «Отузжаш» («Тридцатилетие»), написанное 8 декабря 1944 года. На русский язык воспроизвела М. Петровых. Данное стихотворение богато по своему образному строю, ритмической организации, эмоциональной наполненности.

Ырас өмүр кандай кыска, кандай аз…
Да, коротка эта жизнь. Как во сне –
Тагдыр ошол, өлчөмүнөн көп кылбас.
Вмиг промелькнет. Даже в завтрашнем дне
Бирок чиркин аздыгына мейли эле
Нету уверенности…Так зачем же
Анын октой тездигине катат баш.
С молнией, с пулей летит наравне?
Кечээ гана тиги кырда жок эле,
Как же на взгорье возник этот всадник Кайдан чыкты боз ат минген отузжаш? [1, с.29]

Тридцатилетье – на сером коне? [1, с.31]

Достаточно зримым кажется отсутствие метрического соответствия одиннадцатисложнику оригинала. В переводе наблюдается в основном десятисложный стих с преобладанием логаэдического ритмического рисунка. Перевод лишен поэтической образности подлинника и воспринимается как литературная обработка подстрочного перевода. Попытка сохранения стилистических фигур за счет увеличения количества риторических вопросов не способствует передаче всей художественно-поэтической палитры оригинального текста. В результате существенно обедняется образная структура произведения. Философское осмысление жизни исходит из объективного понимания и приятия кратковременности жизни, повиновения судьбе, однако поэт не хочет мириться с быстротечностью жизни, он не понимает, почему она так быстро уходит. Настроение лирического героя наполнено жаждою жизни, для него важно полноценно насладиться ею. Метафорический образ тридцатилетнего возраста, поэтически представленного всадником на белом коне, трансформирован в переводе посредством буквальной передачи эпитета «боз» (букв. серый), так как в соответствии с особенностями кыргызского миропонимания глубокое и сакральное значение имеет прилагательное «ак» (белый), которое чаще всего или почти всегда наряду с цветообозначением несет в себе дополнительное значение «священного», поэтому кыргызы, традиционно подразумевая белое, могли употребить и другие словоформы, обозначающие цвет, к примеру серый: «**Ак жалгасын** – "ак" дегенде түстү гана эмес, касиеттүү деген маанини да түшүнсө болот. Кыргыздар "ак" деген сөзгө абдан чоң мани беришкен. Алар сүт азыктарын ыйык көрүп, эч качан жерге төккөн эмес. Эгер ирип кетсе сууга же суурдун ийинине төгүшкөн. "Ак" деп эң жогорку чындыкты түшүнүшкөн. Мындан улам ак үйдү – "кызыл

үй", ак атты – "боз ат" деп тергешкен. Ал эми "ак жалгасын" деген – бардык жакшылыктарды тилөө же каалоо дегенди билдирет» [8]. Таким образом, с точки зрения этнокультурного восприятия: «ак» и «боз» синонимизируются. Переводчику следовало воссоздать образ белого коня, «боз» переводчиком неверно интерпретировано.

Творческим подходом и качественно высоким уровнем отличается перевод стихотворения «Табият жана музыка» (27.12.1944) – «Природа и музыка», выполненный Б. Голубевой. Семь строф, состоящих из четверостиший, сохраняется в полном объеме, включая метрическое соответствие 11-сложнику:

Өмүр кең, соолур гүлдөр…өчөр, жанар,
Цветенье и тлен, возрожденье и смерть,
Бат карып, бат эскирип, бат жаңырар.
Извечный пульс жизни, ее круговерть…
Эмесе, бул дүйнөгө туулуу менен
Ты смертным рожден на земле, человек,
Кайрадан ар адамдын өлмөйү бар.
Так было всегда, так останется впредь.
Өлүм ак, пейли сараң, көңүлү тар,
На время скупа, смерть с расчетом спешит,
Күчү жок, бирок мени коркута алар!
Меня он не минет, но мало страшит.
Себеби мен өлгөндө ордум басат,
Другой мое место под солнцем займет,
Менден соо, менден жакшы, акылдуулар! [1, с.50] Мудрей и сильнее, он больше свершит. [1, с. 51]

Особенностью образного строя в данном стихотворении можно отметить контраст, который достигается использованием такой стилистической фигуры, как антитеза. В обоих вариантах она присутствует в той мере, в какой может быть использована по объективным законам литературных норм каждого языка. Внутренний смысл данной строфы базируется на сосуществовании противоположных понятий, связанных с извечными философскими вопросами жизни и смерти, начала и конца, старого и нового и т.д. Лаконичное звучание стихотворения поэта о быстроте жизни усиливается использованием, с одной стороны, рефрена «бат» (быстро), а в переводе – рефрена «так», с другой стороны – аллитерации. Во второй строфе приведенного отрывка перевод дополнен понятиями, отсутствующими в оригинале. К примеру, «расчет» дополнен и компенсирует недостаточно раскрытый в переводе образ смерти, в котором она обозначена священной категорией, но наделенной негативной характеристикой с точки зрения нежелательности для человека, она «священна, так как неизбежна, скупа и завистлива». Однако поэт не страшится ее, поскольку уверен, что его место в жизни не опустеет, родятся новые люди, которые будут лучше, здоровее, умнее. Перевод здесь дополнен еще одной деталью – «место под солнцем», думается, это оправдано, поскольку использовано устойчивое выражение, адекватно соответствующее оригиналу.

Драматизмом проникнуто стихотворение «Оорулуу акын» («Больной поэт»), написанное 6 февраля 1945 года и переведенное В. Мартыновой.

Оорулуу акын,
Занедужил поэт…
Ойго жакын,
Тусклый зимний рассвет
Ооруп алсыз олтурат,
Темной ночи приподнял кошму.
Акын, акын,
Занедужил поэт –
Акын баркын –
То ли явь, то ли бред?..
Өлүм билбей кол сунат
Злая смерть уже скачет к нему.
Оорулуу акын,
Бледный-бледный, худой, –
Сөздөрү алтын,
Просветленный душой,
Алсыз, жалгыз олтурат.
Лист бумаги со вздохом он взял;
Кантсин акын,
Одинок, без друзей,
Ак кагаздын
Пред кончиной своей
Бетин ырга толтурат. [1, с. 71]
Золотые слова написал! [1, с. 72]

Перевод имеет расхождение с оригиналом в аспекте образно-смысловой адекватности, можно рассматривать его как полная вольная интерпретация подлинника. Текст перевода наполнен отсутствующими в оригинале включениями, в стихотворении нет ни слова ни о времени года, ни о времени суток, для поэта это не имеет никакого значения. Было бы целесообразно передать калькой рефрен «оорулуу акын», так как его замена «занедужил» имеет разговорно-сниженную окраску, не передает глубины драматизма стихотворения. Утрачена одна из основных мыслей лирического героя – смерть не щадит никого, не знает и не понимает ценности поэта, перед ней все равны. Очевидная трансформация образа поэта происходит за счет существенных дополнений, нацеленных

на конкретизацию образа поэта, в то время как в оригинале прослеживается мысль, что для поэта, пребывающего в состоянии серьезной болезни и одиночества, одна отрада – писать стихи.

Истинный человеколюбивый дух поэта царит в стихотворении «Адамзат» («Человечество»), стихотворение было написано 7 февраля 1945 года. На русский перевел В. Леонович. Стихотворение отмечено своеобразной строфикой: логически и интонационно объединены в одну строфу самостоятельные четверостишие и двустишие, причем двустишие выполняет роль своеобразного рефрена. В оригинале таких строф насчитывается 6, в то время как перевод очевидно сокращен до 5, более того пятая строфа передана лишь четверостишием. Оригинальный текст написан 12-сложником, а перевод неоправданно передан 14-сложником, в результате чего получился абсолютно вольный перевод, лишенный художественного звучания и образности оригинального текста:

Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырап,
Агып жатса мал кечпес жашыл аралда:
Көк арчадай өңдөн азбас болсун деп,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга.
Мүрөктүн суусун ичирейин дегеним:
Адам деген картайгыч тура бечара. [1, с. 75]

Если бы живая вода, нетронута и свежа,
В обычном русле текла, словно простая река,
Людей бы я напоил, каплею дорожа,
Каждому бы налил, себе не взяв ни глотка.
Ведь я хочу, чтоб они жили для цели большой,
Телом не старясь, вовек не увядая душой. [1, с. 76]

Вольная переводческая интерпретация стихотворения не позволила русскому читателю ознакомиться с произведением выраженного гуманистического пафоса. Перевод в основном получился информативного плана, абсолютно нивелируя главные эстетические задачи оригинала. В плане образной системы утрачен ряд символических образов, существенно влияющих на идейное содержание произведения. К примеру, важным гуманно-культурологическим значением наполнен образ мнимого островка, отличающегося чистотой и нетронутостью, в котором протекала бы родниковая вода. Образ символичен, так как поэт хочет напоить физически людей этой водой, которая поможет им сохранить бодрость молодого тела, жизненную энергию, и, следовательно, чистоту духа и помыслов. Поэт сочувствует людям и готов себя принести в жертву, отказавшись испить родниковой воды ради людей. Колоритный образ «зеленой арчи» – «көк арча» – упущен, поэтому утрачена мысль о том, что вместе с молодостью поэт хочет для всех людей и долголетия.

Философско-гуманистическую направленность также имеет стихотворение А. Осмонова «Замандашыма» (14.02.1945) – «Современнику» (пер. Ал. Щербакова), в котором поэт передает сокровенные мысли о торжестве жизни, ее бесценной радости, поэт оптимистичен, в его словах слышится призыв к активной жизненной позиции. Относительно небольшое стихотворение, всего пять строф по четыре строки, но с аксиологической точки зрения весомое, так как поэт говорит о быстротечности жизни, о необходимости наполнить жизнь смыслом, заключенном в благих делах и поступках ради человечества. Такая принципиальная личностная позиция поэта характеризует его активную творческую сущность, наполненную жизненной энергией, которая, в свою очередь, обогащается творчеством и созиданием. Несмотря на сложную жизненную ситуацию, связанную с серьезным диагнозом и личной драмой, поэт не сдается, он продолжает творить. Данное стихотворение написано с элементами кыргызских устно-поэтических традиций, что придало неповторимое звучание гражданско-философской лирике поэта.

Жашылала жагоо тагып желбиреп,
Венок зеленый надевали
Жакшы өмүрдүн жарашыгы биз элек.
Красою жизни представали,
Жаштык күндүн ар бир соккон сагаты,
Любви свидетельством мы были,
Жаш сүйүүдөй койнубузда эркелеп.
Ее лелеяли и звали.
Жашоо эркине жаратылып бирилет,
Мы красный галстук надевали
Карап көрсөң кандай эмгек кылдым деп.
И смыслом жизни представляли.
Кайран күндөр бекер кеткен экен деп,
Надежд свидетельством мы были
Ойлоп-ойлоп өкүнөрүн ким билет?.. [1, с. 87]
И их лелеяли и звали. [1, с. 88]

Кыргызский традиционный 11-сложник с типовым ритмическим рисунком 4+4+3 с ударением на 4-м, 8-м и 11-м слогах передан 4-стопным ямбом с пиррихием и женской рифмой. В данном случае такое метрическое воссоздание можно определить логаэдическим аналогом. Относительно образной структуры можно отметить ряд неточностей. Индивидуально-авторская интерпретация оригинала позволила переводчику

использовать компенсацию «венок» вместо понятия «жашылала жагоо» (зеленый галстук) в первой строфе. На наш взгляд, такой метод переосмысления недостаточно оправдан, так как ношение венка не характерно для той среды, которую описывал поэт. Оригинал построен по законам устно-поэтического творчества, поэтому выраженные аллитерации, анафора и эпифора определяют общую архитектонику стиха. В переводе утрачен сравнительный оборот «как любовь», переводчик преобразовал данную конструкцию, придавая любви активную позицию и реальное действие, тем самым уводя от основной мысли поэта, для которого любовь воспринимается как самое нежное и возвышенное чувство. Трепетное отношение поэта к ней мы наблюдаем через сравнение дней молодости именно с любовью. Вторая строфа приведенного фрагмента не имеет смысловой и образной адекватности, так как совсем не отражает сути строфы. Поэт говорит о необходимости наполнить смыслом каждый день, чтобы после утраты не жалеть о том, что не успели сделать. Таков смысл активно-гуманистического стихотворения А. Осмонова.

Лирика А. Осмонова многопланова и разнообразна, однако в пределах объема статьи нам удалось рассмотреть его поэтические произведения, наполненные философскими раздумьями о жизни и смерти, молодости и старости, быстротечности и мгновенности жизни, о высоких чувствах, таких как любовь и дружба, радость и печаль, счастье и тоска и т.д. На основе проделанного анализа приходим к выводу о том, что русские переводы лирических произведений кыргызского поэта значительно расширили сферу влияния творчества А. Осмонова. Так, в последние годы наблюдается активизация переводов его произведений на другие языки мира чаще всего через посредство русских переводов. В этом отношении целесообразно продолжить подобного рода исследования с целью определения качества переводов и выделения наиболее удачных переводческих решений.

**Список использованной литературы**


1. Осмонов А. Ысык-Көл толкуну. Ырлар. Поэма / Волны Иссык-Куля / WavesofIssyk-Kul / Түз. П. Казыбаев. – Бишкек: Турар, 2020, 288-б. (кыргыз, орус, англис тилдеринде).
2. Джолдошева Ч.Т. Своеобразие русских переводов поэм А. Осмонова // Вопросы литературы и искусства: Научный журнал, 2007, № 1, с. 14-18.
3. Джолдошева Ч.Т. Взгляд на отечественную литературу: Научно-критические статьи разных лет. – Бишкек, 2014, 288 с.
4. Садыков А. Кыргыз поэзиясы орус тилинде (Токтогул, Жоомарт, Сүйүнбай жана Алыкул). – Бишкек, 2005, 112-б.
5. Ибраимов О. История киргизской советской лирики (20–50-е гг.). – Бишкек: Кыргызстан, 1991, 306 с.
6. Крутиков Д.А. Альтернативная переводческая интерпретация стихотворения А Осмонова «Ата Журт» // Этносы и культуры Кыргызстана в историческом взаимодействии. Тюрко-славяно-германские культурно-языковые связи: Труды Междунар. науч. конф. КРСУ, 25-26 сентября 2012 г. // Вестник КРСУ: Спец. выпуск. – Бишкек, 2013, с. 375-382.
7. История киргизской советской литературы / Отв. ред. З.Г. Османова. – Москва: Наука, 1970, 543 с.
8. Султаналиев И. Адалдан түгү жок, азармандан безерман. Фразеологизмдердин маанисин билесизби? – Режим доступа: https://sputnik.kg/20160512/1025201963.html – Загл. с экр.


**Рецензент: д.филол.н., профессор Койчуманова Н.М.**


УДК 81.42
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-306-309



**Султанова Г.К.**
Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Юридикалык академиясы
**Султанова Г.К.**
Юридическая академия Генеральной прокуратуры Кыргызской Республики
**Sultanova G.K.**
Law Academy of the Prosecutor General's Office of the Kyrgyz Republic

# МАДАНИЯТ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ КОНТЕКСТТИНДЕ ОРУС ТИЛИН ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
# ОСОБЕННОСТИ ПРЕПОДАВАНИЯ РУССКОГО ЯЗЫКА В КОНТЕКСТЕ МЕЖКУЛЬТУРНОЙ КОММУНИКАЦИИ
# FEATURES OF TEACHING RUSSIAN LANGUAGE IN THE CONTEXT OF INTERCULTURAL COMMUNICATION

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада орус тилин чет тили катары окутуунун өзгөчөлүктөрү маданияттар аралык байланыштын контекстинде каралат. Чет элдик студенттерди окутууда маданий, социалдык жана тилдик аспектилерди эске алуу зарылдыгына басым жасалат. Автор тилди эффективдүү өздөштүрүү жана маданияттар аралык компетенттүүлүктү калыптандырууга көмөктөшүүчү ыкмаларды талдайт.

**Аннотация:** В статье рассматриваются особенности преподавания русского языка как иностранного в условиях межкультурной коммуникации. Акцент делается на необходимости учета культурных, социальных и лингвистических аспектов при обучении иностранных студентов. Автор анализирует методы и подходы, которые способствуют эффективному усвоению языка и формированию межкультурной компетенции.

**Abstract:** The article examines the specifics of teaching Russian as a foreign language (RFL) in the context of intercultural communication. The emphasis is on the need to take into account cultural, social and linguistic aspects when teaching foreign students. The author analyzes the methods and approaches that contribute to effective language acquisition and the formation of intercultural competence.

**Негизги сөздөр:** орус тили чет тили катары; маданияттар аралык коммуникация; лингвокультурология; окутуу методологиясы; маданияттар аралык компетенттүүлүк.

**Ключевые слова:** русский язык как иностранный; межкультурная коммуникация; лингвокультурология; методика преподавания; межкультурная компетенция.

**Keywords**: russian as a foreign language; intercultural communication; linguacultural studies; teaching methods; intercultural competence.

Преподавание русского языка как иностранного в современном мире приобретает новые черты, связанные с глобализацией и усилением межкультурных контактов. В условиях межкультурной коммуникации важно не только научить студентов грамматике и лексике, но и сформировать у них понимание культурных особенностей носителей языка. Это требует от преподавателей русского языка как иностранного особого подхода, который учитывает как лингвистические, так и культурные аспекты. Эффективное преподавание русского языка как иностранного невозможно без учета культурных аспектов, которые напрямую влияют на восприятие языка и успешность общения между носителями разных культур. Межкультурная коммуникация становиться неотъемлемой частью образовательного процесса, что требует разработки новых методических подходов. Чтобы овладеть чужим языком, необходимо осознавать, что носитель чужого языка является и носителем чужой культуры, надо научиться общаться с ним в формате его культуры, то есть овладеть межкультурной коммуникацией.

Межкультурная коммуникация представляет собой процесс обмена информацией и установления взаимодействия между людьми, принадлежащими к разным культурам, что неизбежно связано с определенными трудностями. В контексте преподавания русского как иностранного межкультурная коммуникация имеет решающее значение, поскольку язык является не только средством передачи информации, но и носителем культурных кодов, традиций, особенностей мировосприятия и ценности русскоязычного общества. В этом большую роль играют преподаватели русского языка, которые должны учитывать как лингвистические, так и культурные аспекты.

Данная статья рассматривает основные аспекты, которые помогают эффективно обучать студентов и предотвращать возможные коммуникативные барьеры:

1. Роль культуры в обучении русскому как иностранному: Знание языка невозможно без учета культурных особенностей, которые формируют повседневное общение в процессе обучения русскому как иностранному важно не только научить грамматике, но и познакомить их с культурой, традициями и ценностями, которые лежат в основе русского

языка. Это помогает студентам понимать контекст общения, что особенно важно в межкультурной коммуникации.

2. Интеграция межкультурной компетенции: Преподавание должно включать развитие межкультурной коммуникации, которая предполагает способность эффективно взаимодействовать с носителями языка, понимая и уважая культурные различия. Это требует использования методик, ориентированных на сравнение культур, разбор ситуаций, в которых могут возникнуть недоразумения, и обучение студентов правильным способам разрешения таких ситуаций.

3. Методы преподавания и материалы: В преподавании русского как иностранного в контексте межкультурной коммуникации могут использоваться различные методы, включая диалоги, ролевые игры, анализ текстов и ситуаций, дебаты, которые отражают межкультурные различия и особенности. Важным элементом является использование аутентичных материалов, таких как фильмы, литература, музыка и медиа, которые демонстрируют реальные культурные практики и позволяют студентам не только учить язык, но и погружаться в его культурный контекст, также могут помочь студентам научиться эффективно коммуницировать с носителями языка.

4. Эмоциональный и социальный аспекты: Преподавание русского как иностранного требует учета эмоциональной и социальной составляющей, которая проявляется в процессе межкультурной коммуникации. Например, студент может столкнуться с трудностями в восприятии юмора, особенностей общения или этикета, что требует от преподавателя внимательности и терпимости.

5. Психологический аспект обучения: Обучение русскому как иностранному всегда сопряжено с психологическими барьерами, такими как страх ошибиться, неуверенность в языке или трудности в восприятии новой культуры. Важно создать поддерживающую атмосферу, где студент чувствует себя комфортно, а ошибки воспринимаются как часть учебного процесса.

При преподавании русского как иностранного мы сталкиваемся с рядом проблем. Проблемы и перспективы изучения РКИ являются важными аспектами современного преподавания, так как они касаются как теоретических, так и практических вопросов, связанных с обучением иностранцев русскому языку.

Рассмотрим основные проблемы и перспективы, которые выделяются в данной области. Основной проблемой является отсутствие универсальной методики преподавания русского как иностранного, которая бы подходила для всех студентов, независимо от их родного языка, культурных особенностей и уровня подготовки. Студенты могут иметь разные потребности и стили обучения и для их удовлетворения нужно разрабатывать разнообразные подходы. Например, для носителей европейских и азиатских языков требуются разные методики и стратегии преподавания, что требует от преподавателя гибкости. Студенты, изучающие русский язык, могут сталкиваться с культурными барьерами, которые влияют на восприятие языка и успешность обучения. Часто эти стереотипы мешают правильному восприятию языка, что делает процесс обучения более сложным.

Также к важным проблемам можно отнести мотивацию студентов. Мотивация играет важную роль в процессе обучения языка. На данный момент для многих студентов изучение русского языка может не иметь очевидных практических преимуществ (по сравнению с более популярными такими языками, как английский, китайский и др.). Это может снизить интерес к языковым курсам. Проблема мотивации также касается того, как правильно стимулировать интерес к языку и культуре.

Следующей проблемой считается недостаток высококвалифицированных преподавателей. Проблема заключается в том, что преподавание русского как иностранного требует не только знания языка, но и умения обучать студентов, учитывая культурные, психологические и социальные особенности. Также проблема состоит в отсутствии современных учебных материалов. Многие учебные пособия, используемые для преподавания, на всегда соответствуют современным требованиям и тенденциям. Это снижает эффективность учебного процесса, так как студенты не всегда получают актуальные знания и навыки.

Для решения этих проблем необходимо:

- разрабатывать учебные программы, интегрирующие лингвистические и культурные аспекты;

- повышать квалификацию преподавателей в области межкультурной коммуникации;

- активно использовать аутентичные материалы (фильмы, книги, статьи), которые отражают современные реалии русскоязычного общества;

- использовать новые технологии (онлайн-платформы, мобильные приложения и программы, искусственный интеллект), которые способствуют улучшению качества обучения;

- развивать международное сотрудничество и обмен опытом. Это откроет возможности для создания более гибких и эффективных программ обучения, адаптированных к потребностям студентов разных стран;

- делать акцент на практическое использование языка. В будущем преподавание русского как иностранного (РКИ) будет направлено на развитие навыков практического общения, а не только теоретических знаний.

Преподавание русского языка как иностранного в контексте межкультурной коммуникации представляет собой динамично развивающуюся область лингводидактики, требующую от преподавателей не только глубоких знаний, но и понимания психологических, культурных и методических аспектов обучения. Современные тенденции в методике русского как иностранного направлены на создание персонализированных, коммуникативно-ориентированных программ, учитывающих особенности различных категорий учащихся и использующих новейшие технологические достижения. Эффективное обучение русскому языку как иностранному возможно только при комплексном подходе, сочетающем:

- систематическую работу над всеми аспектами языка (фонетика, лексика, грамматика);
- развитие всех видов речевой деятельности;
- учет родного языка и культуры учащихся;
- создание мотивирующей образовательной среды;
- использование современных технологий и методик.

Дальнейшее развитие методики русского как иностранного связано с углублением исследований в области межкультурной коммуникации, когнитивной лингвистики и цифровых технологий обучения, что позволит сделать процесс освоения русского языка как иностранного более эффективным и значимым для будущей профессиональной и личной жизни студентов.

**Список использованной литературы**


1. Верещагин Е.М., Костомаров В.Г. Язык и культура. – Москва, 2005.
2. Пассов Е.И. Основы коммуникативной методики обучения иноязычному общению. – Москва, 1989.
3. Тер-Минасова С.Г. Язык и межкультурная коммуникация. – Москва, 2008.
4. Щукин А.Н. Методика преподавания русского языка как иностранного. – Москва, 2012.


**Рецензент: к.филол.н., доцент Кадыралиева Д.Дж.**


УДК 801.80+390.5
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-309-313



**Сыдыков Н.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Сыдыков Н.**
КНУ имени Ж. Баласагын
**Sydykov N.**
KNU J. Balasagyn


## Ч. АЙТМАТОВДУН ПОВЕСТТЕРИНДЕ ДОБУЛДУН СҮРӨТТӨЛҮШҮ
## ОПИСАНИЕ ГРОЗЫ В ПОВЕСТЯХ Ч. АЙТМАТОВА
## DESCRIPTION OF THUNDERSTORM IN THE STORIES OF CH. AITMATOV

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Ч.Айтматовдун повесттериндеги добулдун сүрөттөлүшү жөнүндө сөз болот. Мында Ч.Айтматовдун «Жамийла», «Делбирим», повесттериндеги добулдун көркөмдүк функциясы ачылып берилет. Макала адабият таануучуларды жана жалпы эле окурмандарды кызыктырат.

**Аннотация:** В статье речь о повестях Ч. Айтматова, в которых раскрывается художественная функция грозы. Это повест «Жамила» и «Тополек мой в красной косынке». Статья представляет интерес не только литератураведам, но и широкому кругу читателей.

**Abstract:** The article explores the description of a thunderstorm and its artistic function in Chingiz Aitmatov's novellas: «Jamila», «My Poplar in a Red Scarf». It analyzes how the thunderstorm is used as a literary device to create atmosphere, convey emotional tension, and reveal the characters' inner experiences. This article will be of interest not only to literary scholars but also to a wide audience of readers interested in Aitmatov's work.

**Негизги сөздөр:** автор; добул; пейзаж; адабият таануучу; повесть; роман; символ; жазуучу; табигат.

**Ключевые слова:** автор; гроза; пейзаж; литературовед; повесть; роман; символ; писатель; природа.

**Keywords:** author; thunderstorm; landscape; literary scholar; novella; novel; symbol; writer; nature.

Биринчиден добул, кимдир бирөө менен ой бөлүшкөн милдет аткарса, экинчиден, каармандын ал-абалы менен психологиялык параллель жүргүзөт, үчүнчүдөн, ал символикалык мааниге ээ. Добулдун символикалык мааниси мындайча: адам турмушундагы жана өсүп-жетилүүсүндөгү бурулуш мезгилин билдирет. Бул жөнүндө адабиятчы Б. Галанов минтип жазат: «... жаратылыш ар дайым бейтараптуу болгону менен искусстводо бейтараптуу пейзаж болбойт. Чагылгандын жаңырыгы капчыгайда жаңырыктайт. Бирок бул жаңырык, Короленко айткандай, бир нече сезимдерден өтүп, жан дүйнөңдөн үн салат. Булутсуз ачык асман, адатта, жымжырт сезим туудурса, ал эми булут каптаган, чагылгандуу асман чочулоону, коркунучту билдирет. Айрым учурларда ачык асман эң жакын кишисин жоготкон адамдын терең кайгысын билдирсе, ал эми чагылгандуу, бүркөк асман кимдир бирөөгө шаттык жана кубаныч тартуулайт»

Мында автор пейзаждын жалпы эле искусстводогу, адабияттагы функциясына токтолуу менен бирге, добулду берүүдөгү эки принципке басым жасаган. Адабиятчы туура белгилегендей, табигат ар дайым нейтралдуу, бейтарап пейзаж болбойт. Анын адам мүнөзүн ачуудагы, психологиясын берүүдөгү ролу зор. Чыңгыз Айтматов «Жамийлада» ушул принциптердин ичинен экинчисин тандап алган. Табигаттын абалы Ч. Айтматовдо баарыдан мурда, бул адамдын абалы, психологиясы же символдук мааниге ээ.

«Жамийладагы» добулду пейзаж-комплекс деп кароого болот. Ал каармандын ар кандай абалын чагылдырган бир нече пейзаждардын жыйындысынан турат. Булардын ар бири өз-өзүнчө турбастан, бир бүтүн идеяга баш ийдирилип, добулдун айланасына топтоштурулган. Добул болоордун алдында, түн ортосу ченде Жамийла суута түшүп, салкынданып алып, Данияр жаткан саманга келет. Суу – тазалыктын символу катары баарыбызга белгилүү. Айрым учурда, суу дене кирин гана тазалабастан, көңүл кирин кетирүүчү касиетке ээ. Бул жерде жазуучу мына ушуга басым коёт. Анын сууга түшүшү – аруу сезиминин, бүткүл жан-дүйнөсүнүн тазарышы.

Чыгармадагы Жамийла менен Данаярдын тагдырынын чечүүчү мезгили чагылгандуу түнгө, добулга таандык. Повесттеги бул пейзажды кароодон мурда, орус адабиятында добулду берүүдөгү айрым бир учурларга токтолуп кетүүнү ылайык таптык. А. Островскийдин «Добул» аттуу драмасында добул Катеринанын жетилген курагындагы, махабатка болгон умтулуусундагы бурулушту символдоштурат. Мында добул чыгарманын бүткүл турпатына, бүткүл идеясына сиңдирилип жиберилген. Н. Гоголдун «Өлүү жандарында» да добул пайдаланылат. Бул чыгармада ал Чичиковду Коробочкага барууга мажбурлайт.

Ал эми М. Шолоховдун «Тынч Дон» романында күн күркүрөгөн кара булуттун фонунда Наталья ырымчыл Ильиничнага коркунучтуу көрүнөт. Бирок чагылгандуу добулдан кийин алар мурдагыдай эле сүйлөшүүгө өтүшөт. Мында адамдын ал-абалы менен жаратылыш кубулушу параллель сүрөттөлүп, пейзаж Натальянын дүрбөлөңдүү дүйнөсүн ачууга кызмат кылат. Ошондой эле Л. Леоновдун «Орус токоюнда» добул

Вихровду орус токоюнун мындан аркы келечеги үчүн болгон жаңы күрөштөргө шыктандырат.

Жогорудагы мисалдардан көрүнүп тургандай, ар бир жазуучу добулга чыгармачылык менен мамиле жасап, ар кандай кырдаалга, ар кандай шартка жараша колдонот. Бирок, пейзажды сүрөттөөнүн түпкү мааниси, адам мүнөзүн ачуучу касиети эч качан өзгөрүлбөйт. Мына ошентип, көркөм адабиятта добулдун аткарган функциясы көп кырдуу, көп маанилүү экендигине ынанабыз.

Добул, биринчиден, чыгармада фон катары функция аткарат. Экинчиден, каармандын абалы менен параллель жүргүзүлөт. Үчүнчүдөн, символикалык мааниге ээ. Добулдун символикалык мааниси мындайча: адам турмушундагы өсүп жетилүүсүндөгү бурулуш мезгилин билгизет. Пейзаждын адам мүнөзүн ачуудагы, психологиясын берүүдөгү ролу зор. Табигаттын абалы- Ч. Айтматовдо баарыдан мурда бул адамдын абалы, психологиясы. Ал символдук мааниге ээ.

“Жамийладагы” добулду пейзаж-комплекс деп кароого болот. Ал каармандын ар кандай абалын чагылдырган бир нече пейзаждардан турат. Булардын ар бири өз-өзүнчө турбастан, бир бүтүн идеяга баш ийдирилип, добулдун айланасына топтоштурулган.

Добул болордун алдында, түн ортосу ченде Жамийла сууга түшүп, салкынданып алып, Данияр жаткан саманга келет. Суу – тазалыктын символу. Айрым учурда, суу дене кирин гана тазалабастан, көңүл кирин кетирүүчү касиетке ээ. Бул жерде жазуучу мына ушуга басым коет. Анын сууга түшүшүаруу сезиминин, бүткүл жан дүйнөсүнүн тазарышы. Жамийла Даниярга ушундай аппак тилек, ак ниет ой менен келип отурат.

Демек, жазуучу Жамийланын жан дүйнөсүн ачууда, Даниярга болгон жалындаган махабатын көрсөтүүдө бул эпизодду өтө чеберчилик менен колдонгон.

«- Данияр, мына мен өзүм келдим! – деди ал акырын шыбырап. Жымжырт тынчтык, асман капталдап чагылган ылдый сойлоду.

Сен таарындыңбы? Катуу таарындыңбы, я?

Дагы эле айлана тыптынч, нары сууда кемерленген жээк “чолп” этип жумшак кулады».

Жамийланын суроолоруна Даниярдын ордуна табият жооп берет. Бул эмне шарттуулукпу? Жок, пейзаж, ал жан дүйнөнү чагылдыруучу күзгү катары милдет аткарууда. Бул тынчтык абал – табияттын таң алдындагы угулбаган, сыртка чыкпаган дем алуусу. Бул – чагылгандуу добул болоор алдындагы жымжырттык. Жаратылыш жандуу нерсе катары дем алуучу, үн чыгаруучу касиетке ээ. Бул жымжырттык – бакыт кушу коноор алдындагы, эңсеп, күтүп жүргөн адамы менен кошулаар алдындагы Даниярдын ичке каткан күрсүнүүсү. Ушул жымжыртка удаа автор «асман капталдап чагылган сойлоду», «нары сууда кемерленген жээк чолп этип жумшак кулады» деп жазат. Көз ирмегенче жаратылыш жанданып, кыймылга келет. Бул баарынан мурда, адамдын кыймыл-аракети, каармандын ал-абалы, түрсүлдөп соккон эки жүрөктүн кагышы, бири-бирине умтулуусу. Мында табигаттын абалы менен адамдын абалы түздөн-түз параллель жүргүзүлүп, пейзаж каармандын көп кырдуу психологиясынын ар тарапта ачылышына көмөкчү болуп жатат.

«Тоо кыркалап күн күркүрөдү. Чочуп кеткен Жамийла “жалт” бурулуп караганда, чагылган анын жүзүн жапжарык кылып көрсөттү. Ошол замат Жамийла Даниярды кучактап жакындай бергенде, ал аны өзүнө тартып, кучагына кысты.

Акактап күйүккөн шамал талаадан жулунуп келип, саманды уйгу-туйгу сапырыштырып, кырмандын четинде кынырыла боз үйгө бир тийип, жол менен сабалап куюндады. Чагылгандар булуттун арасына көгүлтүр жалын ойнотуп, карагай сынгандай кургак чатырап күн күркүрөдү. ... Күн күркүрөгөн акыркы чагылгандуу добул табигаттын сүрдүү көркүн ачып, жайдын аягын бүтүрүп келатты».

Кулак, мурун кескен жымжырттык көпкө созулган жок. Жаратылыш жандуу нерсе катары кыймылга келип, эңсешкен эки адамдын бири-бирине жакындашуусуна, ички сырын бөлүшүүсүнө шарт түзөт, түрткү болот.

Күндүн күркүрөшү, чагылгандын жаркылдашы – бир кишиге айланган кош жүрөктүн түрсүлдөгү, сезимдердин уйгу-туйгу түшүшү. Бул баарыдан мурда, махабаттын, кубанычтын жаңырыгы. Ал эми акактап күйүккөн шамал – тилеги, ой-максаты бир жерден чыккан эки адамдын кыймыл-аракети, ичте көпкө чейин сакталып жүргөн буктун сыртка чыгышы. Адам мүнөзүн ачууда, психологиясын жана кыймыл-аракетин берүүдө жазуучу жаратылыштан мына ушундай параллелди табат. Табигаттын абалы – бул баарыдан мурда адамдын абалы. Чыңгыз Айтматов ар дайым пейзажды ушул мааниде, ушул принципте колдонот. Мындай учурда жаратылыш картинасы каармандын толук кандуу образын түзүүдө кошумча компонент катары функция аткарып турат.

«Добул күчөп келди. Шамал учурган үйдүн үзүгү кулаалы канат каккандай далбандап

жулунду. Бирде кыйгачынан, бирде тик куюлган нөшөр жерди сагынгандай үстү-үстүнө өпкүлөп, асмандын каптал-капталынан көчкү жүргөнсүп, күн күркүрөдү. Кызгалдактын жазгы өртүндөй, жалын алган чагылгандар тоо боорлоп, төш-төшкө жайнады».

«Бул сүйлөм, – деп жазат адабиятчы А. Садыков, – Жамийла Даниярды шаңшыган бүркүткө теңештирип, ага жан мээримин таратып жатканга удаалаш берилген. Демек, бул жерден биз жөнөкөй эле үзүктүн далпылдашын көрбөйбүз. Бүркүт менен кулаалынын контрасттык салыштыруу болуп түшүүшүнүн сыры бар. Ошол түнү Жамийла «шаңшыган бүркүттүн» (Даниярдын С.Н.) кучагында жатты, ички дүйнөсү, турпаты боюнча Даниярдын карама-каршысында турган Садыктан алыстады, кол үздү. Жалпы эле түнкү жаандын нөшөрлөп жаап, чагылгандын чартылдашы да жөн-жай эле берилген көрүнүштөрдөн эмес, анда символикалык маани турат. ... Мына көптөн берки Жамийланы эзип кыйнаган сүйүү күчү чагылгандай чартылдап жарылып, анын артынан нөшөрлөгөн жаандай Жамийланын Даниярга деген асыл зат сөздөрү төгүлө баштады. Ал Даниярды «бүркүтүм, шаңшыган бүркүтүм» деди. Ага удаалаш автор кулаалынын далбактап канат каккан элесин берди. Сүйүшкөн эки жаштын тагдырларына терең өзгөрүш алып келген ошол түн кандай сыйкырдуу болсо, табият да ага үн алышкандай жандуу, кыймылдуу, баары адамдарчасынан сүйлөп, пикирге пикир кошумчалап турат. Бул жазуучунун майда нерселерге чоң маани берген чеберчилигин аныктайт».

Ошентип, чыгармадагы добулдун берилиши көп кырдуу жана ар тараптуу. Добул, биринчиден, чыгармага фон катары кызмат кылса, экинчиден, каармандын абалы менен түздөн-түз психологиялык параллель жүргүзүлдү. Үчүнчүдөн, ал бирин-бири сүйүшкөн эки жаштын турмушуна зор өзгөрүү алып келүүчү символикалык мааниге ээ. Мына ушул добулдан кийин, кайрадан повесттин башталышындагы картинага кабылабыз. «Сүрөттүн тээ ички тереңинде күзгү асмандын ала-бүркөк чет жакасы. Шамал бирин-серин булуттарды бир жакка бет алдырып, алыста кылтыйган чокуларга жандантып, кыялата айдап бара жатат. Андан берки көрүнүштө – бозоргон сары талаа, кең өзөн чет-четтен чийлер ыкташып, жаан-чачындан кийин топурагы борпоң тоборсуп карайган жолдо, катарлаш баскан эки жолоочунун изи тигинден бери чубайт. Жолоочулар улам жакындаган сайын алардын издери жерге даана түшүп, өздөрү дагы бир-эки кадам шилтешсе, алкактын сыртынан аттап, ушундан ары кетип калчудай сезилет».

Картинадагы эки жолоочу – Данияр менен Жамийла эле. Чындыгында эле, алар рамкадан суурулуп келишип, бакыт издеп кыйын сапарга чыгышты. Бул-«көп улуттуу совет адабиятынын бермети болгон чыгарманын лейтмотиви» (И. Нонешвили). «Жамийладагы» жаратылыш картинасынын жандуулугу, жаңычыл мүнөзү ушул жыйынтыкка алып келет. Ошондуктан, чыгармада «сүрөт тарткан боёктун ар бир сүрткөн сызыгынан Даниярдын обону угулуп, сүрөт тарткан боёктун ар бир сүрткөн сызыгында Жамийланын жүрөк оту» жанып турат. Бул жеке эле «Жамийлада» эмес, таланттуу жазуучунун бүткүл чыгармачылыгынын кредосу болуп калды.

Ч. Айтматовдун «Делбирим» повестинде да добул сүрөттөлөт. Мында Илияс менен Аселдин баш кошкон алгачкы түнүндө добул болуп өтөт. Ушул көрүнүшкө көңүл буруп көрөлүчү.

«Каш карайып кетти. Асманды каптаган булут көл бетин ныгыра басып келди. Көл каралжын тартып, тынып турду. Тоо башында чагылган жарк-журк эте баштады. Добул келаткансыйт.

Асман тарс жарылып, күн күркүрөдү. Дем кысып, аба тумчуга түшүп, анан бороондун эпкини келди да, алай-дүлөй жамгыр шатырата куюп жиберди. Тынып турган көл чабалактай түшүп, аздан соң оор толкундар жээкке күр-шар уруна баштады. Быйылкы жазда алгач күн күркүрөгөнү ушул эле. Асел экөөбүздүн да алгачкы түнүбүз ушул эле. Кабинанын үстү дабырап, айнектеринен чууруп жаан суусу салаа-салаа түнөргөн көлгө чагылган келип, сайылып жатты».

Жаратылыштын бул сүрдүү көрүнүшү «Жамийладагы» добулдун сүрөттөлүшүнө окшоп кетет. Анда да добул болор алдында айлана-тегеректе жымжырттык өкүм сүргөн эле. Ушул сыяктуу «Делбирим» повестинде да көл толкубай тынып турат. Көл тынымы – бул каармандын ичке каткан бугунун козголо элек учуру. Бирок тынчтык абал көпкө созулган жок. Ичтеги тосмонун бөгөтү алынып, катылган сырлар жамгырдай шатырата төгүлө баштады. Добулдан кийин жаратылыш кандай сергилең тартып, кулпуна түшсө, ал каармандын турмушуна да ошончолук терең өзгөрүү, бурулуш алып келет. Добулдун символдук мааниси – мына ушунда.

Ушул сыяктуу айрым окшош көрүнүштөр «Жамийла» повестинде да берилген эле. Бул – эки чыгармадагы жалпылык турмуштук кырдаалдын окшоштугу. Ал эми эки пейзаж добулдагы айырмачылык: биринчисинде – күздүн акыркы добулу, экинчисинде – жаздын алгачкы добулу сүрөттөөгө алынат. Күз – токтоолуктун, сабырдуулуктун белгиси болсо, жаз чалпоолуктун, өзгөрмөлүүлүктүн символу. Мына ушул көрүнүштөрдөн эле каарман жөнүндөгү түшүнүктү алдын ала болжолдоого болот. Алгачкы нерсе ар дайым карама-каршылыктуу болот. Ар кандай кырдаалга жараша оң же терс жакка ооп кетиши ыктымал.

Ушул ой жүгүртүүдөн кийин, каармандын турмушуна, тагдырына кайрылсак, сөзүбүздүн чындыгына ынанабыз. Эки каармандын жаштык мезгили эки башка учурга, бири согуш мезгилине, экинчиси согуштан кийинки тынчтык күндөрүнө туш келет. Экөө тең жетим жүрүп, жетилген азаматтар. Негизинен, бул – сырткы гана окшоштуктар. Ал эми Данияр менен Илияс мүнөзү, көз карашы боюнча да айырмаланып турушат. Данияр – сыртынан түнт, жоош көрүнгөнү менен ички дүйнөсү бай, максаттуу, чоң нерсеге умтулган каарман. Илияс – ачык-айрым, киши менен тез эле аралашып кете турган жагымдуу, көздөгөнүнө жетпей койбогон өжөр да. Бирок ал алдын-артын карабаган шашма, коллектив менен, жолдоштору менен эсептеше бербеген өзүмчүлдүк мүнөзү да бар. Ошондуктан, Илияс өжөрлүгү менен көп нерсеге жетишсе да, өзүмчүлдүгү аркылуу ошончолук көп нерседен айрылып отурат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Галанов Б. Живопись словом. – Москва: Советский писатель, 1972.
2. Пришвин М. Незабудки. – Вологда, 1960.
3. Асаналиев К. Движение во времение. – Фрунзе: Кыргызстан, 1978.
4. Садыков А. Кыргыз залкарлары. 3-том. – Бишкек: Бийиктик, 2012.
5. Үкүбаева Л .Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. – Фрунзе: Кыргызстан, 1984.


**Рецензент: КР УИА академиги Акматалиев А.А.**


УДК 550.88(145)01
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-313-317



**Тилекова Н.Д.**
Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети
**Тилекова Н.Д.**
Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б. Сыдыкова
**Tilekova N.D.**
Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov


## ТАРЫХЫЙ РОМАНДАРГА КАРАТА ИЗИЛДӨӨ ИШТЕРИН ЖҮРГҮЗҮҮДӨ ОКУМУШТУУ К. АРТЫКБАЕВДИН ЭМГЕКТЕРИНИН МААНИСИ
## ЗНАЧЕНИЕ РАБОТ УЧЕНОГО К. АРТЫКБАЕВА В ИССЛЕДОВАНИИ ИСТОРИЧЕСКИХ РОМАНОВ
## THE SIGNIFICANCE OF THE WORK OF SCHOLAR K. ARTYKBAEV IN THE STUDY OF HISTORICAL NOVELS


**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз эл жазуучусу Качкынбай Артыкбаевдин 1982-жылы жарык көргөн “Кыргыз совет адабияты-нын тарыхы” жана 2004-жылы жазылган “ХХ кылымдын кыргыз адабиятынын тарыхы” жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китептеринин улуттук жазма адабият калыптанып баштаган мезгилинен тарта токсонунчу жылдарга чейинки мезгил аралыгында жазылган романдарга карата кенен адабий талдоолору тууралуу сөз болот.

**Аннотация:** В статье рассматривается литературный анализ исторических романов в учебниках доктора филологических наук, профессора, народного писателя К. Артыкбаева “История кыргызской советской литературы”, изданная в 1982 году и “История кыргызской литературы XX века”, изданная в 2004 году.

**Abstract:** The article examines the literary analysis made on historical novels in the textbooks of Doctor of Philology, Professor, People's Writer K. Artykbaev “History of Kyrgyz Soviet Literature” published in 1982 and the textbook “History of Kyrgyz Literary Arts of the 20th Century” published in 2004.

**Негизги сөздөр:** адабияттын тарыхы; адабий процесс; адабий сын; мезгилдештирүү; тарыхый романдар; тарыхый жана көркөм каарман; көркөм образ; адабий анализ.

**Ключевые слова:** история литературы; литературный процесс; литературная критика; периодизация; исторический роман; исторический и художественный образ; литературный анализ.

**Keywords:** literary history; literary process; literary criticism; periodization; historical novel; historical and artistic image; literary analysis.

Өмүр бою улуттук адабияттын тарыхын изилдеген окумуштуу Качкынбай Артыкбаев өзүнүн эмгектеринде роман жанрын, анын ичинде тарыхый романдарды изилдебей мындан кыйгап өтө албайт болчу. Анын бир катар эмгектеринде кыргыз тарыхый романдарына карата талдоолору азыр адабият таануу менен адабий сындын кайталангыс мурастарына айланды. Айрыкча профессордун “XX кылымдын кыргыз адабиятынын тарыхы” жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китебинде [1] улуттук жазма адабият калыптанып баштаган мезгилинен тарта токсонунчу жылдарга чейинки мезгил аралыгында жазылган романдарга карата кенен адабий талдоолорун жасаган.

Окуу китебинин “Жаңы социалистик коомдогу кыргыз адабиятынын жаралышы жана калыптанышы (1917-1940)” деген бөлүмүндө ошол жылдары жарык көргөн бир катар аңгеме, повесттерге обзордук анализ жасап, “кыргыз прозасында роман жанрындагы чыгармалар отузунчу жылдардын орто ченинен тартып жарала баштайт”, [1, 86-б.] – деп келип, Мукай Элебаевдин “Узак жол”, Касымалы Жантөшевдин “Каныбек”, Түгөлбай Сыдыкбековдун “Кең суу” романдарына кенен анализ жасайт. “Узак жолду” талдап жатып, ал андагы баш каарман Мукайдын көркөм образына кенен токтолгон,”... каармандын реалдуу образын түзүп берүү – бул отузунчу жылдардагы социалисттик реализм методунда өнүгүп жаткан прозабыз үчүн өз алдынча жаңы көрүнүш болчу...” [1, 87-б.] деп оюн жыйынтыктайт. Андан ары К. Артыкбаев “Каныбек” романын кенен талдоого алган. “Эмнеси болсо да, - дейт, окумуштуу, “Каныбектин” алгачкы китептери ал кездеги кыргыз окурмандары тарабынан жылуу кабыл алынган, анын мындай ийгилиги ал кездеги окурмандардын фольклордук эстетиканын таламдарына али жакын турган кабылдоосу менен түшүндүрүлүүгө тийиш”. [1, 88-б.] Окуу китебинин автору Т. Сыдыкбековдун “Кең суу” романына адилетүү баа берип, анын айрым кемчилдиктерин да жашырган эмес. Ал мындай жыйынтык-бүтүмгө келген: “Албетте, мындай ийгиликтер менен бирге, бул романда сюжет түзүү, айрым бир образдарды сүрөттөө жаатында айрым бир кемчилдиктерге жол берилген. Бул кемчилдиктер кийин элүүнчү жылдары кайрадан редакцияланып, “Тоо арасында” деген ат менен чыккан романында оңдолгон. Дегинкиси, “Кең суу” отузунчу жылдардагы кыргыз адабиятында реалистик романдын калыптанышын айкындаган мыкты ийгиликтердин бири эле”. [1, 89-б.] “Кең суугa” удаа (1939-1940-жылдары) Т. Сыдыкбеков “Темир” романын жазды, - дейт да автор бул боюнча адабиятчы, сынчы К. Асаналиевдин пикирин келтирет. “Бул китеп өзүнүн тематикасы, идеялык багыты менен “Кең суу” романынын түздөн-түз уландысы болду. “Темир” өзүнүн сюжеттик курулушу, композициялык түзүлүшү, образдардын чечилиши жагынан өз алдынча бүткөн чыгарма”. [2, 21-22-бб.]

К. Артыкбаевдин мында сөз болуп жаткан окуу китебинин “Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз адабияты” аталыштагы ири бөлүмүндө ошол жылдардагы оңдогон аңгеме, повесттерге удаа жазуучу Т. Сыдыкбековдун “Биздин замандын кишилери”, Н. Байтемировдун “Салтанат”, “Акыркы ок” романдары тууралуу айтылып келип, “Тоо арасында” (“Кең суу”), “Каныбек” романдарына кайрадан кайрылат. Автор эми бул романдардын кийинки китептерине жана мурдагыларынын редакцияланып, оңдолгон варианттарына карата талдоо жүргүзөт. Алардын ар бирине адилетүү баа берүү менен окумуштуу алардын улуттук адабий процесстен алган ордун белгилеген.

Окуу китебинин кийинки бөлүмү “60-80-жылдардагы кыргыз адабияты” деп аталып, мында 1961-жылдан 1984-жылга чейинки кыргыз прозасына карата анализ жасалган. Мында да автор алгач ошол жылдардагы аңгемелер менен повесттер тууралуу айтып келип, бир катар романдарга карата ойлорун айткан. “Роман жазууга бел байлаган кыргыз

жазуучуларынын ар кимиси өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша жанрдын табиятын өздөштүрүп, эл турмушун кеңири чагылдырган чыгармаларды берүүгө аракеттеништи. Кыргызстан жазуучуларынын VI съездинде жазуучу Ш.Бейшеналиевдин "Даңкка жараша жүк" романы чабандардын турмушун, күрөшүн көрсөтүү жагынан айырмаланган чыгарма катары бааланды", [1, 286-287-бб.] – деп келип буга удаа бир катар романдарды, асыресе, сюжеттери ретроспективдик ыкмада курулган Н.Байтемировдун "Турмуш элеги", "Санта", "Тарых эстелиги" жана Ж. Мавляновдун "Бийиктик" романдарын талдоого алынат. Удаа жазуучу Ш. Абдырамановдун "Дыйкандар", "Гүлазык", С. Сасыкбаевдин "Түпкүрдөгү нур", Т. Сыдыкбековдун "Зайыптар", С. Өмүрбаевдин "Телегей", К. Каимовдун "Атай", Ш. Бейшеналиевдин "Болот калем", "Таалай жолу", "Урпактар үнү", М. Борбугуловдун "Элеттик жигит", Ж. Мавляновдун "Жаңы таң", Т. Сыдыкбековдун "Курбулар", "Сыр ачуу", К. Сактановдун "Адат азабы", "Абат дүйнө", С. Өмүрбаевдин "Бороондуу күндөр", Ш. Садыбакасовдун "Күндөр", Ө. Даникеевдин "Көкөй кести", У. Абдукаимовдун "Майдан" романдары кенен талдоого алынган.

К. Артыкбаев жазуучу Узакбай Абдукаимовдун "Майдан" романын айрыкча кеңири талдап келип, анын баш каарманы Качикенин образына ачуудагы автордун ийгиликтерин адилеттүү баалаган, ал мындай дейт: "Автор каарманынын ички дүйнөсүн, психологиялык абалын аналитикалык талдоо аркылуу терең ачуу ыкмаларын сөзсүз орус адабиятынын мыкты тажрыйбаларынан үйрөнгөн". [1, 291-б.]

Ырас, чыгармачылыктагы таасир маанилүү нерсе, айрыкча, согуш учурунда жоокердин психологиялык абалын кынтыксыз өздөштүрүү, аны көркөм образда каармандын абалы менен синтездештирүү маселесине келгенде кыргыз жазуучулары орустардан үлгү алганы дурус, кеп мында жазуучу У. Абдукаимовдун "Майдан" романындагы баш каарман Качикенин образы тууралуу бара жатат.

К. Артыкбаев сөз болуп жаткан окуу китебинде жазуучу Өскөн Даникеевдин "Көкөй кести" романына айрыкча кенен токтолуптур. "Ө. Даникеевдин "Көкөй кести" романында улуу Ата Мекендик согуштун учурундагы тылдын турмушу сүрөттөлөт. Бир караган адамга мунун өзү аябай көп жазылган, жедеп тааныш болуп калган турмуштук объект катары да кабыл алынышы мүмкүн. Бирок чыгарманы окуп чыккан окурман согуш мезгилиндеги эч кимдин оюна келбей тургандай турмуш чындыгы сүрөттөлүп жаткандыгына күбө болот. Алыскы улуу тоолордун арасындагы метеорологиялык станцияда иштеген үч жигиттин үй-бүлөсүнүн төрт жыл бою чоң жардан бөлүнүп калган кыйчалыш турмушу жөнүндө, ушул аралыктагы төрт адамдын кайгылуу өлүмү жөнүндө баяндалган бул чыгармадагы күтүлбөгөн катаал кырдаал (экстремалдык кырдаал) биздин эсибизге көп нерселерди түшүндүрүп отурат. Албетте, мында бүт адамзат дүйнөсүнөн ажырап калган Робинзон Крузонун жашоо үчүн күрөшкөн аракетиндей жалгыздык жок. Тургунбек, Дубаш өңдүү жолдошторундай жарактуу болбой талма оорусунан улам армиядан калып калган Мурат, анын келинчеги Сакинай, Тургунбектин энеси Айша, келинчеги Гүлшан, Дубаштын жубайы Дарийка, анан кичинекей Изат – ушул алты адамдын турмуш тиричилигин, ой-санаасын, күрөшүн бир караган адамга жалгыздык деп айтууга эч кандай негиз жок сыяктуу... "Көкөй кести" романынын идеялык-эстетикалык деңгээли кыйла жогору болгондугу үчүн ал коомчулук жана адабия сын тарабынан жакшы катарында бааланып, Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгына арзыган". [1, 293-295-бб.] Андан ары автор жазуучу Жунай Мавляновдун "Ачык асман" романын, Сагындык Өмүрбаевдин "Өзгөргөн өрөөн" жана "Бороондуу күндөр", "Көк жайык" романдарын кенен талдоого алып, аларга карата адилеттүү баасын берген. Өндүрүш темасына арналган Ш. Абдырамановдун "Дыйкандар", "Гүл азык", К. Ашымбаевдин "Интергельпо" романдарын, тарыхый темага арналган Ш. Бейшеналиевдин "Болот калем", Н. Байтемировдун "Тарых эстелиги", К. Баялиновдун "Боордоштор", Т. Касымбековдун "Сынган кылыч", К. Осмоналиевдин "Көчмөндөр кагылышы", "Ыйык жер" романдарын да ушул тарыхый романдар өңүтүнөн карап адилеттүү баа бериптир. Жазуучу Касым Каимовдун "Акырын күтпө" жана Казат Акматовдун "Мезгил" романдарына карата талдоо иштерин да автор ушул бөлүмгө жайгаштырган.

К. Артыкбаевдин окуу китебинин кийинки бөлүмү "Кайра куруу жана капитализмге өтүү мезгилиндеги кыргыз адабияты (жыйырманчы кылымдын аягындагы мезгил)" деген аталыш менен адаттагыдай эле ошол мезгилдин коомдук-маданий

кырдаалына, поэзиясына, прозасына, драматургиясына жана кинодраматургиясына карата анализин жасаган экен. "Учурдагы турмуш чындыгын дароо көркөм чагылдыруу жагынан поэзияга салыштырганда көркөм прозанын алда канча "кашаң", "ыкшоо" экендиги байыртан берки адабий тажрыйбадан белгилүү. Бу саам да ошондой болду. Кайра куруу жана капитализмге өтүү мезгилиндеги турмуштук чындык канчалык орчундуу, канчалык татаал, курч экендигине карабастан проза поэзиядагыдай тез, ыкчам, ачык бетке айткандай түз чагылдыра албады", – дейт, автор. [1, 596-б.] Бул бөлүмдү автор Ч. Айтматовдун "Кыямат" романын талдоодон баштаган. Мында ал ар кандай аргумент-фактылар менен аталган романдын көркөмдүк ийгиликтерин белгилеп "... жазуучунун биз реализмдин башкы принциптеринен тайбай, аны ар тараптан байытып, тереңдетип келди деп айта алабыз", – деген бүтүмүн жасаган.

Жазуучу К. Акматовдун "Күндү айланган жылдар" романын, андагы каармандардын көркөм образдарына кенен талдоо жүргүзүп, романдын улуттук адабий процесстен алган ордун белгилейт. "Күндү айланган жылдар" романындагы, – дейт, К .Артыкбаев, – Элебай Сатаровдун, Осмон Атабековдун, Саманчиевдин, Орозбаевдин ж.б. образдарын түзмөк болгондо автор булардын кээ бир окуяларын, библиографиялык маалыматтарын, атүгүл, портреттик кейп-кебете, тулку боюн реалдуу адамдардан алган. Ошондуктан айтайын эле башкача атап койгону болбосо, алардын көп тараптары тарыхта болгон адамдардын элесин көз алдыга келтирип туруп алат да, кантсе да ошол маалыматтардын так, туура болушу жана ар тараптан аналитикалык иликтөөлөргө алынып, терең сүрөттөлүшү өтө зарыл деген талапты эске салат". [1, 600-601-бб.]

Окумуштуу мында кайра куруу жылдардан кийинки адабиятта Сталиндин көркөм образын түзүү аракеттери жасала баштаганын айтып келип, К,Акматовдун сөз болуп жаткан романында да түз болбосо да кыйыр мааниде Сталиндин образы чагылдырылганын айтат. Ушул эле тема (Сталин темасы) жазуучу К. Сактановдун "Маркумдар үнү" романында берилишине карата оң пикирин билдирип, "... анын оң-терс жактарын объективдүү калыс баяндап берүү аракеттери болгондугун" жазат.

Адабий процессти мезгилдештирүү принцибине ылайык окуу китебиниин "Кайра куруу жана капитализмге өтүү мезгилиндеги кыргыз адабияты" деп аталган бөлүмү улуттук адабияттагы 1985-жылдан кийин жарык көргөн адабий туундуларды талдоого алганы, бир чети, теориялык, методологиялык жактан да туура. Анткени бул жылдарда жазылган чыгармалар мурдагылардан кескин айырмаланып, кайра куруунун деми менен сөз эркиндигине ээ болгон жазуучулук аракеттер жатат.

Жогоруда сөз болгон романдарга удаа К. Артыкбаев сексенинчи жылдардын аяк чендеринде жарык көргөн бир катар романдарга карата обзордук анализин сунуш кылган. "Маркумдар үнүнө" удаа жазуучу З. Сооронбаеванын "Чоочун киши", К. Жусубаелиевдин "Муздак дубалдар", Т. Сыдыкбековдун "Көк асаба", К. Осмоналиевдин "Көчмөндөр кагылышы" Т. Касымбековдун "Келкел", токсонунчу жылдары жарык көргөн С. Өмүрбаевдин "Өрттүү кечүү", А. Стамовдун "Жортуул", Э. Өмүракуновдун "Жылаандар ханышасы", А. Жакыпбековдун "Теңири Манас" романдарына карата анализ жасалат. Булардын айрымдарына обзордук анализ жүргүзүлсө, ал эми "Көк асаба", "Көчмөндөр кагылышы", "Келкел", "Жортуул" сыяктуу этаптуу тарыхый романдарга абдан эле кенен токтолгон экен.

Кыргыздардын Батыш Сибирь, азыркы Алтай, Саян тоолорунун арасында, Энесай, Орхон дарыяларынын боюнда жашаган мезгилиндеги тарыхый окуяларын чагылдырган (бирок отуз жылдай жарык көрбөй кармалып жаткан) "Көк асаба" романына К. Артыкбаев мында абдан эле адилеттүү баа бериптир. Буга удаа "Көчмөндөр кагылышына" да кенен анализ жасап, романдын реалдуу турмушту реалдуу чагылдырган чыгарма катары баасын берет. "Жалпы алганда он тогузунчу кылымдын экинчи жарымы, жыйырманчы кылымдын башындагы түндүк Кыргызстандын коомдук турмушуна мүнөздүү айрым чындыктар бул чыгармада бир кыйла дурус баяндалган", [1, 608-б.] – деп жыйынтыктайт. Мында К. Артыкбаев айрыкча "Келкел" романына кенен токтолуп, ошондогу адабий кырдаал тууралуу, кийин аталган бул роман тууралуу жазылган пикирлерге чейин аргумент фактыларды келтирет. Романга беш – алты жыл себепсиз басылбай жүргөндүгүн айтып келип оң баа берген. Окуу китебинен "Жортуул" менен "Жылаандар ханышасы" романдарына карата да мына ушундай кенен анализдин жасалганын көрөбүз.

Ошентип, окумуштуу К. Артыкбаевдин улуттук адабий процессти анализге алуу,

андагы этаптуу чыгармаларга (айрыкча, тарыхый романдарга) карата изилдөө иштери кыргыз адабият таануусу менен адабий сынынын ажырагыс бөлүмү болуу менен тарыхта кала турган, аларды ар тараптан изилдей турган эмгек болуп калды.

**Колдонулган адабияттар**


1. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: Жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби. – Бишкек, 2004, 656-б.
2. Асаналиев К. Түгөлбай Сыдыкбеков. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1962.


**Рецензент: филол.и.к., доцент Сарыков С.Т.**


УДК 801.81
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-317-9



**Толубаева Ч.Д.**
К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети, Каракол ш.
**Толубаева Ч.Д.**
Иссык-Кульский государственный университет имени К. Тыныстанова, г. Каракол
**Tolubaeva Ch.D.**
Issyk-Kul State University named after K. Tynystanov, Karakol

ORCID: 0009-0004-2096-9377


## КАНЫКЕЙДИН ОБРАЗЫ АРКЫЛУУ АДЕПТҮҮЛҮККӨ ЖАНА ПАТРИОТТУУЛУККА ТАРБИЯЛОО
## ВОСПИТАНИЕ ПАТРИОТИЗМУ И НРАВСТВЕННОСТИ ЧЕРЕЗ ПРИЗМУ ОБРАЗА КАНЫКЕЯ
## THE IMAGE OF KANYKEY BAR RAISING PATRIOTISM AND MORALITY


**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада “Манас”эпосундагы башкы каармандын бири –Каныкейдин образы ар тараптуу каралат. Каныкейдин Манас баатырдын кыргыз эли үчүн жасаган ар бир кадамынын кеңешчиси, сынчысы, туура жолго сала турган өмүрлүк жары катары кылган ак кызматы, кыргыз элинин ынтымагы, эркиндиги үчүн жасаган иш аракеттери тексттик үзүндүлөр менен талдоого алынат. Муну менен катар Каныкейдин жеке өзүнө тийиштүү адамдык сапаттары, адамгерчиликтин үлгүсү катары белгиленет.

**Аннотация:** В статье образ Каныкей, одной из главных героев эпоса «Манас», рассматривается многоаспектно. Каныкей выступает как советчица, критик и верная спутница Манаса-батыра. Она оказывает влияние на каждое его действие во имя благополучия кыргызского народа. Её роль в укреплении единства и свободы народа анализируется через текстовые фрагменты. Подчеркиваются личные качества Каныкей как образец человечности.

**Abstract:** The article examines the multifaceted image of Kanykey, one of the main characters in the epic “Manas.” Kanykey serves as an advisor, critic, and faithful companion to Manas the hero, influencing every action she takes for the sake of the Kyrgyz people. Her role in strengthening the unity and freedom of the people is analyzed through textual excerpts. The personal qualities of Kanykey are also highlighted as an example of humanity.



**Негизги сөздөр:** эпос; образ; акылмандуулук; тарбия; кыргыз эли; кеңешчи; ынтымак; мекенчилдик.

**Ключевые слова:** эпос; образ; мудрость; воспитание; кыргызский народ; советчица; единство; патриотизм.

**Keywords:** epic; image; wisdom; education; Kyrgyz people; advisor; unity; patriotism.


Каныкей – калк кадырлап, журт сыйлаган сулуулук менен акылмандыкты айкалыштырган, мээрмандык менен берилгендикти чагылдырган улуу каарман. Каныкей – “Манас” үчилтигинде улуу жолдорду басып өткөн, Мекендин тынчтыгы үчүн башын канжыгага байлаган, Манас жана анын тукуму үчүн от менен сууну кечип курман болуудан

коркпогон, аялзаттын акылмандыгын жана чыдамкайлыгын чагылдырган бийик образ. Каныкей баскан ар бир кадамы, жасаган иши менен "калк энесине" айланган каарман. Анын каармандыгы Манас менен баш кошкон күндөн бери эл арасында айтылып, кыргыздын кыздарын адептүүлүккө, узчулукка, билимге чакырып келет.

Эпосто Каныкей жөнүндө Манаска Бакай билдирет. Манастын Каныкейге чейин олжого түшкөн аялдары болгон. Акылай менен Карабөрк -Манаска ылайык келген жарлар. Алардын сулуулугуна эч ким тең келе албайт. Бирок Манастай баатырдын жары болуш үчүн сулуулук эле эмес, ички рухий дүйнөсү бай, колунан бардык аялга тийиштүү чеберчилик келген, китепте окуган билимин турмушта колдоно алган, ордого келген ар бир адамга мамиле күтө билген мыкты зайып туура келген. Андыктан Манастын Каныкейге чейинки аялдарынын сулуулугунан башка адамдык адемгерчилик сапаты билинбеген аялдар болгон. Алардын ушундай сапатын байкаган Бакай Манаска ылайык деп Букар элинин ханы Темиркандын кенже кызы Каныкейди туура көргөн.

"Он эки кыздын кенжеси,
Кудайдын сүйгөн мендеси,
Карасурдун сулуусу,
Бусурмандын нурдуусу,
Узун чачтын ыктуусу,
Ургачынын мыктуусу,
Кең көйнөктүн тазасы,
Ургаачынын баашасы
Беризаада бейбактын
Берендиги белгилүү,
Ургаачы башын эр кылып,
Кайгуулга чыккан канаты,
Кыз кезинде бейтаалай
Кылым чайкап, журт бузган
Каныкейдин адаты.
Он эки кыздын кенжеси
Төбө чачын өргөнү
Төрт миң катар уулдан да
Муну жакшы көргөнү
Айтып турган адамга
Сүйлөсө сөзү зар эле,
Алты айчылык азапты
Азыр айтып берүүчү,
Оң ийнинде ал кыздын
Жылаңач бала бар эле" [3, 498-б.].

Темиркандын он эки кызы он эки хандын жары болгон. Кенжеси Каныкейге С.Каралаевдин вариантында Бакай жуучу болуп барып, атасынын макулдугун алат. Манаска чейин Каныкейдин колун сурап көп киши жуучу түшөт. Бирок Темиркан кызынын эркине коёт. Каныкей келген жуучуларга макул болгон эмес. Анткени дилинде ал Манасты күтүп, анын мусулман элдеринин баскынчылырынан кутултуп жаткан эрдиктерин угуп, өзүнө тең көрүп, аны жактырып жүргөн. Манастан башка эркекти өзүнө ылайык көргөн эмес. Натыйжада, Манас менен Каныкей бирин бири толуктаган, байлыгы, мансабы жагынан бир бирине төп келген. Каныкейдин Манастыкынан кем эмес баатырдык жагы болгон. Кыз болсо да колуна кылыч кармап, элине катылгандын катыгын берген. Каныкей Букар элин чаап алам деп келген далай эрлердин башын кыя чапкан. Айтылуу нойгут элинин кулуну, Акбалтанын Чубагы Букар элин басып алам деп келип, Каныкей менен жекеме жеке чыгып сайышка түшөт. Ошондо Чубак баатыр болсо да, Каныкейден жеңилип калып, араң качып кутулат. Каныкей Манасты жактырып күйөөлөп келгенде макулдугун берет. Анын дагы бир касиети – алты ай мурун боло турган окуяларды биле турган олуялыгы болгон Эпосто анын оң ийнинде периштеси бар деп айтылат. Каныкейдин дагы бир мыкты сапаттары саймачылыкка, үйдү дыкаттык менен кооздоого шыгы болгон, дасторконго түркүн түстүү даамдуу аштарды жасай билген. Ал эле эмес, Каныкей көп окуп, көп изденген билимдүү, адептүү ургаачы болгондугу баяндалат. Манас Кумайыкты таап алганда Бакайдын сунушу менен таза зайып бакса, алгыр ит болуп чыгат деп, Каныкейге багуу милдетин жүктөйт. Кумайыкты таштаганына алты ай болгондон кийин аны көрүүгө келгенде, иттин жойлоор кези болуп, мой-нундагы каргысын жара тиштеп, куйругун күлгө чаап, күйүп калат. Так ошол учурда Манас күйөөлөп түшүп калат. Ал Кумайыктын күйгөн куйругун көрүп, ишенип таштаса күйпүл күчүк кылыптырсың деп Каныкейдин кабыргаларын сындыра тээп салат. Аял кылып ала элек жатып, Каныкейге ачуусу келген Манаска каяша бир сөз айтпайт. Бул Каныкейдин адептүүлүгү эле эмес, эстүүлүгүн көрсөткөн. Каныкей колуна кылыч кармаса, Манас менен беттешсе, далай согуштук аракеттерди көрсөтмөк. Бирок ал Манаска каршы чыкпайт. Намыстанып ала элек жатып, кол көтөрөт деп арданбайт. Анткени куру намыстан улам согуш чыгып, Манастын каарынан Букар эли жабыркап бөөдө курмандык болуусунан коргойт. Каныкей Кумайыкты багып жатканда эле сары санаага батып, далай уйкусуз түндөрдү өткөрөт.

"Өлүп калса Кумайык
Түпкө чогуу жетеби,

Алакандай Букарды
Такыр чаап кетеби?
Кумайыкты шылтоолоп,
Жазаны башка салабы?
Букардын каны атама
Кызыкты чогуу салабы” [3, 547-б.].

Байтал бээни сойдуртуп, бир кишиге көргөзбөй, тили менен Кумайыктын оозун ачтырып, казысын сордуртуп көп азапты, аракеттерди кылып жатып багат. Мындай аракетинин мээнети кайтып, Кумайык Манаска, Семетейге, Сейтекке ак кызмат кылат.

Каныкей Манас үчүн эле эмес, кыргыз элинин ынтымагы үчүн кызмат кылат. Манастын өмүрлүк жары катары эле айтылбастан, анын кеңешчиси, сырдашы да болгон. Манас Каныкейдин айтканын баалаган. Манасты көп ажалдан сактап калган да Каныкей болгон. Ошондой эле Чоң казатка аттанган жоокерлердин кулазыгын, кийимин, дары-дармегин Каныкей даярдаган. Каныкей бир эле Манастын кийимин даярдабастан, нөкөр кыз-келиндери менен бирге кырк жигиттин, жоокерлердин кийимин даярдаган. Ал абдан билимдүү, табиятта адамдын ден соолугуна пайда алып келе турган чөптөрдү ажырата билген касиетке ээ эле. Канча мээнет менен “эбеп”, “себеп” дарыларды жасаткан. Дары-дармектен башка жоо-жарактын жүктөлгөнүн да Каныкейден Манас сураган:

“Бадыша Манас тагынан
Бастырып чыкты салкайып.
Жоо-жарактын баарысын
Каныкейден кан Манас,
Сурап турду заңкайып.
Катын, - деп айткан оңбосун,
Муну катын дегендер
Эгерим эки болбосун!
Жай-жарактын баарысын
Жайлап жүргөн эмеспи.
Атышка киер кийимди
Камдап жүргөн эмеспи.
Кан Манастын Аколпок
Тиштеп жатып Каныкей
Кашка тиши жоюлган,
Тиктеп жатып Аколпок
Кара көзү оюлган.
Кокон менен Ташкенге
Колу жетип турганда,
Алты шаар, Самаркан
Алы жетип турганда,
Анжыянды чалдырган,
Ак була жибек алдырган,
Курч темирден өгөндү
Устадан жыйып алдырган,
Арасына салдырган.
Чындап жасап, көп койгон:
“Алтымыш кытай, миң калдай
Атыша чыга келгенде
Ок өтпөсүн”-деп койгон.
Он эки бөлүп толгогон,
Ак олпокту Каныкей
Он эки жылда оңдогон” [3, 562-б.].

Манас үчүн Каныкей ок өтпөс тонду он эки жыл жасаган. Манастын ар бир көз карашынан эле анын эмне ойлоп, эмнеге кабатыр экенин сезген. Бир эле ак олпокту жасабастан, балбан күрөшкө кие турган кандагай шымды да кырк кызы менен тиккен. Ал кандагай шымды Манас кийсин деген ниет менен жасайт, бирок кары Көкөтөйдүн ашында Кошой абам күрөшкө түшүп кийип калабы деп ичинен беш сөөмгө чоңойгудай кылып узчулук менен кынтык кетирбестен даярдайт. Каныкей сезгендей эле Көкөтөйдүн ашында Жолой дөөгө каршы эч ким даабай койгондо кыргыздын намысы үчүн Кошой карыя каршы чыккан. Бирок бул күрөшкө чыгыш үчүн атайын кандагай шым талап кылынат. Каныкей алдын ала сезе билген касиети менен шымды даярдайт. Кандагай шым табылып, Кошой карыяга туура келбей, батпай калганда, Манастын ачуусу келип, аз жерден Каныкейге камчысы менен тили тие жаздайт. Акылмандык кылып Кошой баба Манаска шым батпай калды деп айтпай, адегенде “Каныкей эстүү жан эле батпай турган себебин издегиле”, – дейт. Ошондо Каныкей ичинен сөгүлө турган жери бар экенин билдирет. Анткени шым Манас үчүн даярдалган. Кошой абам кийип калабы деп, аны да ойлоп ичинен сөгүлө турган жерди билгизбей каптап коёт. Кандагай шымдын катылган тигиши сөгүлгөндө дал эле Кошой баба үчүн тигилгенсип чапчак болуп, багалекке багелек белине бел туура түшөт. Мына ошол жерде Кошойдун даанышмандыгы, кокус шым туура келбей калса, Манастын ачуусу чукул эле Каныкейге тили тийип калбасын деп ойлойт. Кокус тили тийип калса, тилинде мөөрү, көзүндө калы, каргаса каргышы кайтпаган касиети бар экенин эскертет. Кошой Каныкейге ыраазы болуп “оомийин” деп бата бергенде, ашка келген жалпы эл бата берет. Кошойдун батасы жөн кетпей, Каныкей Семетейди төрөйт. Ошондуктан Семетей эпосто “батадан бүткөн бала” деп айтылат. Бата болгондо да кыргызга тишин кайрап, колунан келсе басып алсак деген душмандар да Кошой менен кошо алакан жайып бата тилейт.

Манас Чоң казатка аттанып, Тал-Чокуда Бөлөкбай уста жасаган дүрбүнү колго

алып Таласты карайт. Таласта Манастын жогун пайдаланган Абыке, Көбөш, алты арам элге, малга ээ болуп калганын көрөт. Манас Бээжинден аман кайтпайт деп өз билгендерин кылып карапайым калкка салыктын ар кандай түрлөрүн салып, өздөрү султан болуп калышканын байкайт. Манастын топтогон байлыгына кол салып, баш ийбегенин сабашат. Мына ошондой иштерге нааразы болгон Каныкей колуна курал алып, Манастын талоонго түшкөн байлыгын ордуна койдуруп, качкандардын алдын тосуп, катын болсо да, Таласка ээлик кылганын көрүп ыраазы болот. Ошондо Каныкейдин канча жолу аны ажалдан алып калганын эстейт. Көзкамандар алдап Манастын ич койнуна кирип, калп эле бир тууган болуп алгандан кийин аны уулап, эс-учун жоготуп калганда, Манастын башын кесип кетерде, Каныкей куткарып калат. Эч бир жанга билгизбей чала жан болгон Манасты дарылап, кайра өз калыбына келтирет. Манас Каныкейге ыраазы болгон. Аны менен тагдыры бир болуп, турмуш өткөргөнүнө кудайга ыракмат кылган. Бирок кокус көзү өтүп кетсе, кежиге чачы чөп эле, мен өлгөндөн кийин шору кайнап, күн көрөрү тайкы эле деп кейийт.

Каныкей дилинде согушту жек көрөт. Согуш дегенде безилдеп, Манасты ал жолдон алыс кылгысы келет. Бирок эпостогу жоокерчилик заманда согушсуз турмуш өткөрүү мүмкүн эмес эле. Манас катылгандын катыгын бербесе, ээн баш талаа душмандары элди бөлүп, улуттугун жоготуп, тилинен, дининен ажыратат. Чоң казаттан Манас Бээжинди алып, алты ай сурак жүргүзгөндө, Каныкей безилдеп кат жөнөтөт. Катта "Бээжинди билди дегиче мээнетти билесиң, жакын адамдарыңан ажырайсың, тезирээк кайт", – деген аруу тилегин билдирет. Бирок Манас ошончо Бээжинди билип жатып Каныкейдин тызылдоосуна көңүл бурбайт. Акыр аягы эпостун казаттын финалы Сыргактын, Алманбеттин, Чубактын жана башка баатырлардын өлүмү менен аяктайт. Манас алган жаратынан улам Таласка кайтып келгенден кийин өлөт. Каныкейдин кайраты, акылы аялзатынын чыдамкайлыгын, кандай күн болбосун тагдырга баш ийип, жашоо үчүн үмүт үзбөй, келечек муун үчүн кандай кыйынчылык болсо, аны көтөрүп, келечек үчүн белин бекем бууган, жакшылыктын символу катары өз жолун улоого күч берет.

**Колдонулган адабияттар**

1. Байгазиев С. Улуу "Манас" эпопеясы-дүйнөлүк көркөм маданияттын өчпөс жылдызы. – Бишкек, 2016.
2. Бегалиев С. О поэтике эпоса "Манас". – Бишкек, 2024.
3. Манас. Саякбай Каралаевдин вариантында. – Бишкек, 2010.
4. Толубаева Ч.Д., & Жумашова, Н.А. Отражение морально-нравственных проблем в эпосе «Манас» // Вестник науки и образования, 2020, 1(25), с. 25-29.
5. Толубаева Ч.Д., Искакова А. "Манас" эпосундагы кырк-жигиттин портретинин көркөм эстетикалык мааниси // Вестник МУК, 2022, №2 (46).
6. Толубаева Ч.Д. Манас эпосундагы образдар системасы аркылуу жаштарды мекенчилдикке жана адеп-ахлактуулукка тарбиялоо // Вестник Исык-Кульского университета, 2022, №53.

**Рецензент: филол.и.к., доцент Кадыркулова Ү.К.**

УДК 82.0:821.512.154
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-320-328

**Турдубаева Н.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Турдубаева Н.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Turdubaeva N.**
KNU J. Balasagyn

SPIN-код: 1523-6069, AuthorID: 1010061 ORCID: 0000-0001-5107-4286

# КАЧКЫНБАЙ АРТЫКБАЕВ ЖАНА "ЖАШ ТОЛКУНДАР" АДАБИЙ ИЙРИМИ
# КАЧКЫНБАЙ АРТЫКБАЕВ И ЛИТЕРАТУРНЫЙ КРУЖОК "МОЛОДЫЕ ВОЛНЫ"

## KACHKYNBAY ARTYKBAEV AND LITERARY CIRCLE "MOLODYE VOLNY"

**Кыскача мүнөздөмө:** Өткөн кылымдын тарыхында ар бир улуттун филологиялык өнүгүүсүндө жаш калемгерлерди, же акын-жазуучуларды өстүрө жана сындай турган адабий ийримдер пайда болгон. Маселен, орус адабиятында М.Горький атындагы адабият институтунда "Ленский", "Белкин" (2007) аттуу адабий ийримдер жашап, азыркы күндө дагы социалдык барактарын ачып, окурмандарынын ой-пикирлерин топтоп, жаш акын-жазуучуларды диалогко тартып келсе, ал эми Кыргызстанда кыргыз филологиясы факультетинде бир кылымдык тарыхы бар "Жаш толкундар" адабий ийрими болуп саналат. Аталган макалада "Жаш толкундар" адабий ийримин 70-80-жылдары жетектеген профессор Качкынбай Артыкбаевдин жасаган чыгармачылык иштеринин жыйынтыктуу аракеттери хронологиялык багытта жазылат. К.Артыкбаев "Жаш толкундар" адабий ийримди жетектеп турганда жергиликтүү басма сөздөргө байма-бай макалаларынын жарыялап турган. Ар бир макаласында "Жаш толкундар" адабий ийримдин ар убакта жасаган чыгармачылык ийгиликтерин, андагы катышкан мүчөлөрүнүн чыгармаларын кошо жарыялоого жетишкен. Ошол кездеги "Ленинчил жаш", "Кыргызстан маданияты" жана улуттук университеттин "Путь к знаниям" аттуу орус, кыргыз тилдеринде чыккан гезитинде ийримдин ишмердүүлүгүн К.Артыкбаев жарыялоо менен ийримдин өткөн кылымдык тарыхынын барактарын кийинки муундарга калтырууга чоң эмгек жумшагандыгы аталган макаланын мазмуну далилдейт.

**Аннотация:** В прошлом столетии по всему миру сформировались литературные кружки для поддержки молодых авторов, включая российские кружки «Ленский» и «Белкин» при Литературном институте им. М. Горького, которые активно работают в соцсетях, и кыргызский кружок «Молодые волны» на факультете кыргызской филологии, имеющий вековую историю. Эти сообщества играют важную роль в филологическом развитии народов, предоставляя молодым писателям и поэтам платформу для развития и взаимодействия с читателями. В этой статье рассказывается о творчестве профессора Качкынбая Артыкбаева, возглавлявшего литературный кружок «Молодые волны» в 70-80-х годах. Он регулярно публиковал статьи в местных изданиях о творческие успехах литературного кружка «Молодые волны» в разное время, а также произведения его членов. Содержание статьи доказывает, что К. Артыкбаев, публикуя статьи о деятельности кружка в газетах того времени «Ленинчил жаш», «Кыргызстан маданияты» и «Путь к знаниям» Национального университета на русском и кыргызском языках, вложил немало сил, чтобы запечатлеть историю кружка для будущих поколений.

**Abstract:** In the course of the last century, literary circles emerged in the philological development of each nation, which nurtured and criticized young writers or poets. For example, in Russian literature, literary circles called "Lensky" and "Belkin" (2007) existed at the M. Gorky Literary Institute, and today they still open social pages, collect the opinions of their readers, and engage young poets and writers in dialogue, while in Kyrgyzstan, the "Young Waves" literary circle, which has a century-old history, is located at the Faculty of Kyrgyz Philology. This article chronicles the creative work of Professor Kachkynbai Artykbaev, who headed the "Young Waves" literary circle in the 70s and 80s. When K. Artykbaev headed the "Young Waves" literary circle, he regularly published articles in local publications. In each article, he managed to publish the creative successes of the literary circle "Young Waves" at different times, as well as the works of its members. The content of the article proves that K. Artykbaev, by publishing the activities of the circle in the newspapers of that time "Leninist Youth", "Kyrgyzstan Kultury" and "Put k znaniyam" of the national university in Russian and Kyrgyz, put a lot of effort into leaving the pages of the circle's past history for future generations.

**Негизги сөздөр:** адабий ийрим; акын-жазуучулар; гезиттер; факультет; сабактар; жаш толкундар; ырлары; чыгармалары; маалыматтар.

**Ключевые слова:** литературный кружок, поэты и писатели, газеты, преподавательский состав, уроки, молодежные волны, стихи, произведения, информация.

**Keywords:** literary circle, poets and writers, newspapers, faculty, lessons, youth waves, poems, works, information.

1991-жылы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз филологиясы факультетинин босогосун аттап, студенттик жашоонун сабактарына чөмүлүп, ар түрдүү мүнөздөгү агайлардын сабактарына катышып, алардын ар бир окуган лекциялык сабактарын окуп, бирде түшүнсөк, бирде түшүнбөй жүргөн күндөрүбүздүн биринде

профессор Качкынбай Артыкбаевдин сабагынан 13 студент баа ала албай, окуудан чыгып жатат деген кабар тарады. Жаңыдан студенттик окуунун тепкичтерине жетип, эми гана окуунун талаптарына көнө баштаганда профессор К. Артыкбаевдин студенттерди окуудан чыгарып жатат деген кабарды укканда баарыбыз корко баштадык. 2-курстун студенттеринен агайдын кабарын сурасак: "Экинчи курстан К. Артыкбаевдин сабагынан өтсөң, анда бешинчи курска жетесиң", -деген гана сөздөрдү угабыз. К. Артыкбаевдин өңүн билбейбиз, болгону аты-жөнүн жана студенттерди эзет деген сөздөрдү гана угабыз. Ошентип, 2-курска да келдик. Агайдын атын 1-курста эле угуп, анын сүрүнөн коркуп, лекцияларын калтырбай барабыз. Кышкы сессия келди. К. Артыкбаевдин сабагынан – экзамен. Кулаганы болуп жатат, арабыздан эң жакшы деген баага татыган студенттер да болууда. Ошентип, агай алгач бетме-бет отуруп, бизди экзамен алды. Албетте, жатаканада даярданып, бири-бирибизден китептерди алып окуп, К. Артыкбаевден ийгиликтүү тапшырдык. Көрсө, "Артыкбаев" деп атаган ар бир студенттердин чочулоосу бизге билинбей чоң сабак алып келгенин ошол кезде түшүнбөгөн экенбиз.

Профессор К. Артыкбаевдин ишмердүүлүгүндө, же изденүүчүлүк аракетинде, келечек муундарга жол көрсөткөн устаттык мамилесинде кайталангыс адамдык касиети менен үлгүлүү жасаган иштери артында калды. Кайсы багытынан албайлы, К. Артыкбаевдин күжүрмөндүк эмгегин ким тана алат? Ар дайым агайдын талыкпаган эмгегин эстеп, анын бир гана улуу бабабыз Жусуп Баласагынга байланыштуу аткарган кажыбас эмгеги кимди гана кубантпайт. Азыркы учурда Улуттук университеттин аты менен Жусуп Баласагын аты менен аталган сайын Качкынбай Артыкбаев ар бирөөбүздүн эсибизге түшөт. Жусуп Баласагындын атын Кыргыз улуттук унверситетине койдуруу үчүн 35 жыл эмгегин жумшады. Бул, билгенге кайталангыс чоң эрдик. Азыр түрк дүйнө илиминде дагы бул тууралуу кеңири изилдөөлөр жүргүзүлүүдө. К. Артыкбаев улуттук университеттин кыргыз филологиясы факультетинин кыргыз адабияты кафедрасын 40-жылдан ачык башкарды. Анын чыгармачылык өнөрканысындагы ийгиликтерден сырткары, мойнуна алган милдеттемелерин жоопту жана бийик аракеттер менен аткарууга бел байлагынын ар бир кыймылында байкалып отурат. Маселен, К. Артыкбаев кафедра башчысы болгон күндөн тартып, 20-жылдардын аягында уюшулган, адегенде **"Кызыл учкун" (1927),** кийин **"Турмуш толкундары" (1960),** анан **"Жаш толкундар" (1970)** деп аталган адабий ийримди жетектеп келген. Аталган ийримди К. Артыкбаев кайсы жылдардан баштап жетектеп келген? -деген суроо пайда болот.

Кыргыз эл акыны Шайлообек Дүйшеевдин "Агай тууралуу алты ооз сөз" аттуу макаласында: "1975-жылы ноябрында, КМУнун филологиялык факультетине окууга өтүп, "Жаш толкундар" ийримине келип, ийримдин жетекчиси Качкынбай Артыкбаев агай – кыргыздын көрүнүктүү илимпозу, белгилүү адабиятчы, сынчы, публицист, акын экенин кийин билдик...", – деп жазганына караганда, Качкынбай Артыкбаев 1975-жылдан баштап "Жаш толкундар" адабий ийриминин жетекчиси болгон. [1, 31-б.] Мындай ийримди жөн эле жетектеп келбестен, ар дайым акын-жазуучулар менен жолугушууларды уюштуруп, кечелерге студенттерди катыштырып, жаңыдан телпинип чыгып келе жаткан жаш акын-жазуучулардан тартып, алардын жаңыдан жазган чыгармаларын талкууга койдуруп, алар тарабынан айтылган сындарды кабыл алып, ал маалыматтарды **"Жаш ленинчил", "Путь к знаниям", "Кыргызстан маданияты"** аттуу гезиттерге жарыялап, эл – журтка кабарлап турганы менен архивдик материалдарды сактап калды. Маселен, Ж. Баласагын атындагы кыргыз улуттук университенин "Путь к знаниям" аттуу студенттик гезити орус, кийинчирээк кыргыз тилинде жарыяланып, университеттеги илимий-практикалык конференцияларды, иш чараларды, студенттердин жашоо турмушу тууралуу маалыматтарды жарыялап турган. Ал мезгил 50-80-жылдар аралыгына чейин жашап, көп студенттердин, мугалимдердин сүйүктүү гезиттеринин бирине айланганы тарыхый чындык. Ошол гезиттин беттеринде "Жаш толкундар" адабий ийриминдеги өткөрүлгөн иш чаралар тууралуу жана чыгармачылык менен алек болгон студенттердин поэзиялык, прозалык чыгармалары кыргыз, орус тилдеринде жарыяланып турган. 50-жылдары жалаң эле гезиттин беттериндеги материал орус тилинде жарыяланып келсе, 70-жылдардын аягында кыргыз тилинде жарыялана баштаган. Бул аракеттер профессор Качкынбай Артыкбаевдин демилгеси менен иш жүзүнө ашырылса керек. Маселен, **1977-жылы 9-июнда** профессор К.Артынбаевдин **"Акындар менен жолугушуу"** аттуу макаласы жарык көрөт. [2, 4-б.] Аталган

маалыматта кыргыз филологиясы факультетинин студенттери Кыргызстандын белгилүү акын-жазуучулар менен чыгармачылык жолугушуу өткөрүшкөнүн, Улуу Октябрь революциясынын 60 жылдыгына арналып өткөрүлгөн жолугушууда акындар өздөрүнүн Улуу Октябрдын 60 жылдыгында арналган чыгармаларын окуп беришкенин, ал кездеги акындар С. Жусуев, Т.Адышева, С. Урмамбетов, филология илимдеринин кандидаты, адабиятчы, сынчы, кыргыз адабияты кафедрасыны башчысы К. Артыкбаев, акын А. Жакшылыковдор ырларын студенттерге канааттануу менен угушканын эскерип өткөн. Ал эми **1979-жылы** газатанын бир бетин толук “Жаш толкундар” деген чоң аталыш менен берип, ошол беттин башын **“Шыктууларга жол ачык”** аттуу көлөмү чакан сөз башын К.Артыкбаев баштап, факультеттин студенттери Баратбай Аракеевдин “Жаш прозаиктин ийгилиги”, Нуралы Капаровдун “Катарлаш ыр жазып жүргөндөргө”, Анарбай Ормоновдун “Ыр”, Абдыраимбек Мамытовдун “Элегия”, Шайлообек Дүйшеевдин “Өлтүрүштү”, “Салт ушундай имиш” аттуу сатиралык аңгемеси кошо жарыяланган. [3, 3-б.] Көп узабай, кайрадан **1980-жылы** К.Артыкбаевдин **“Жаш таланттардын өстүрөбүз”,** аттуу макаласы жарыяланат. [4, 4-б.] Көрсө, университеттин алдында уюштурулган «Жаш толкундар» аттуу адабий ийримдин иштеп жатканынан жарым кылым, же 50 жылдан ашуун убакыт өтүп, ийримдин тарыхы 1920-жылдардын аягында башталып, педтехникумдун учурунан бүгүнкү күнгө чейин анын эске алына турган бай традициясы жана тажрыйбасы түптөлүп калган экен. Ийримден тарбия алган көп сандаган акын-жазуучулар, сынчы-адабиятчылар, журналисттер, же коомдук ишмерлер, атүгүл азыркы күндө дагы республиканын маданий тармактарында активдүү иштеп жатышканын автор К. Артыкбаев белгилеп өтөт. Өзгөчө, ал кездеги КПСС БКнын чыгармачыл жаштар менен иштөө жөнүндөгү токтомунан кабыл алынгандан кийин ийримдин иши бир кыйла жанданып, анын мурдагы традициясы жана иш тажрыйбасы дагы катар жаңылыктар менен толукталып, адабий ийрим традициялуу кечелерди, жолугушууларды, талкууларды өткөрүүдөн тышкары республиканын чыгармачылык союздары менен бирдикте айрым бир пайдалуу иш чараларды дагы кошо өткөрүп турушканын да кеңири жазылган. Буга мисал катары, ал кездеги Кыргызстан жазуучулар союзунун алдындагы чыгармачыл жаштар менен иштөө секциясы жана КУУнун кыргыз адабият кафедрасынын биргелешүүсү менен өткөрүлгөн семинар кеңешмесиндеги иш чаралардын жүрүшүнөн байкасак болот. Семинар кеңешменин ишинде азыркы мезгилдин белгилүү акын-жазуучулары Ж. Мамытов, Д. Казакбаев, С. Тургунбаев, А. Жакшылыков, К. Сактановдор сыяктуу көркөм сөздүн өнөрлөрү, сынчылары, басма сөз кызматкерлери катышып, тажрыйбалуу пикирлерин ортого салышкан. Ошол мезгилдин жаш таланттары Кыргыз ССРинин эл жазуучусу, Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты Т. Сыдыкбеков, акын Р. Рыскулов ж.б. акын-жазуучулар менен жолугушуу кечелерин өткөрүшкөн. Ошол учурда, профессор К.Артыкбаев атайын бөлүп жазган пикиринде «Ленинчил жаш» газетасында “Жаш толкундар” адабий ийриминин мүчөлөрү жазган ырларын, чыгармаларын жарыялап туруугa атайын бир бети берилип, жарыяланып турганы материалдар менен кошо далилдеген. Ошону менен катар “Жаш толкундар” адабий ийримин мүчөлөрүнүн чыгармалары республикалык радио аркылуу да берилип, уктуруулар уюштулурулуп турганы да бар экен. Профессор К. Артыкбаевдин максаттуу иштегенинин негизги багыты, мамлекеттин талаптарын, өкмөт тарабынан коюлган маселелерди так аткаруу принциптери күч алган. Өзгөчө, 80-жылдары “Жаш толкундар” адабий ийриминин жыйынтыктуу иштери тууралуу жазган макалаларында ал кездеги аталган КПСС БКнын идеологиялык иштерин жакшыртуу боюнча жакында кабыл алынган токтомундагы талаптар ийримдин негизги багыт берүүчү көрсөтмө болгонун баса белгилеп жазган. Маселен, **1980-жылы “Таланттар тарбияланышат”** аттуу макаласынан окууга болот. [5, 4-б.] Аталган макаласында ал кезде мамлекеттин талабында «Чыгармачыл жаштар менен иштөө жөнүндөгү” токтом кабыл алынган. Ошол токтомдон кийин «Жаш толкундар» адабий ийриминин иштеринде да ийгиликтер жаралып, ийримдин мүчөлөрүнүн чыгармалары радиодо уктурулуп, мезгилдүү басма сөз беттеринде үзгүлтүксүз жарыяланып, атүгүл «Жаш толкундар” ийриминин таланттарынын ырлары телекөрсөтүү аркылуу да көрүүчүлөргө көрсөтүүгө даярдалган. Ал кезде мурдатан келе жаткан традиция боюнча окуу жылынын башталышында акын-жазуучулар менен үзгүлтүксүз жолугушуулар уюштурулуп, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты Ж. Абдыкалыков сыяктуулар меймандa болуп,

аны менен ийримдин мүчөлөрү пикир алышып, Ж.Абдыкалыковго дагы өздөрүнүн жазган чыгармаларын окуп беришип, кеңеш алышканын да окууга болот. Ошол арада, "Жаш толкундар" адабий ийримдин кээ бир мүчөлөрүнүн чыгармалары «Учкун» сыяктуу жаштар альманахтарында жана мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыялануу менен окурмандар арасында белгилүү болуп калганын, алардын катарына К. Кичинемолдоева, Б. Табалдиев, Ж. Акунова, Ф. Абдалова, Ө. Тиллебаев, Ж. Саалаев, К. Кулуев өңдүү талапкерлерибизди айтууга болоорун профессор К. Артыкбаев ireттүү эскерип жазган. Мындан сырткары, ошол жылдары республикалык «Ала-Тоо поэзиясы-80» фестивалында "Жаш толкундар" адабий ийриминин мүчөлөрү К. Кичинемолдоева жана К. Кулуев катышып, Кыргызстан ЛКЖС БКнын "Ардак грамоталары» менен сыйланган экен. Ийримдин иш планында көп маселелер каралып, ар жума күнү ийрим мүчөлөрүнүн чыгармаларынан тартып, классиктердин ар түрдүү жанрдагы чыгармаларына чейин талкуулар жана белгилүү акын – жазуучулардын юбилей кечелери дагы өтүп турган экен. Маселен, акын Ж. Бөкөмбаевдин 70 жылдык юбилейи белгиленип, акындын жаркын элеси жөнүндө сөздөр сүйлөнүп, студенттер акынга арналган өздөрүнүн ырларынан да окуп беришип, коомчулукту өздөрүнө тартып турган. Мындан сырткары, «Жаш толкундар» адабий ийрими башка ВУЗдар менен жолугушууларды, кызыктуу кечелерди өткөрүп, жеке эле республикабыздагы окуу жайлары эмес, боордош республикалардын жогорку окуу жайларындагы адабий ийримдер менен да байланыштарды түзүүгө дагы профессор К.Артыкбаев пайдубал түзгөн. **1981-жылы "Ийримдин иши илгерилей берет"** аттуу макаласында «Учкун» сыяктуу жаштар альманахтарында жана мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыялануу менен окурмандар арасында белгилүү калган акындар: Бектуруш Табалдиев, Фатима Абдалова, Өмүрбек Тиллебаев, Мелис Эшимканов, Жедигер Саалаев, Болотбек Бөкөлеев, Кожогелди Кулуев өңдүү талапкерлерди атап өтсөк болот деген макаланын мазмуну менен соңуна чыгат. Экинчиден, 1980-жылы "Кыргызстан маданияты" газетасы менен бирдикте "Жаш толкундар" адабий ийриминин демилгеси менен конференциялар да өткөнүн белгилеп жазган К.Артыкбаев. Ошондой эле, ийримдин мүчөлөрү Бурулкан Сарыгулованын "Эңсөө", Клара Кырбашеванын "Көл дүйнөсү", Абдыраимбек Мамытовдун "Тандагы ыр", Бектуруш Табалдиевдин "Чөп", Жедигер Саалаевдин "Бир келин", Жакыпбек Ашымовдун "Сага" ырларын жана "Белек" аттуу аңгемеси жарыяланган. [6, 5-б.] **1988-жылы** "Жаш толкундар" адабий ийриминин 60-жылдыгына карата **"Путь к знаниям"** аттуу гезитинин 2 санынын толук алып, юбилейлик маалыматтарга карата окурмандарга тарыхый пайдубал түзө турган көлөмдүү, мазмуну кызыктуу макаласын жарыялаган. [7, 1-4-б.] Макаланын биринчи эле бетинин башатында Кыргыз эл акыны Аалы Токомбаедин "Кызыл учкундун" төрөлүшү" аттуу 1937-жылы жарыялаган макаласын окурмандарга сунуштаган. Макаланын мазмунунда "Жаш толкундар" адабий ийрим алгач аталышында "Кызыл учкун" деп аталганын, анын мындай аталышы улуу көсөмүбүз В.И. Лениндин кайтыш болуп кеткенине байланыштуу болгонун, 1927-жылга чейин "Кызыл учкун" кружок катарында эмес, адабий уюм укугунда жашап, 1927-жылдын ноябрь айында кыргыз педтехникумунун имаратында адабият менен искусскусствого шыктуу бардык окуучулардын катышуулары менен уюшулганын, алардын бардыгы комсомол менен пионер жашындагы окуучулар жана кызматчылар боло турганын, Кыргыз техникуму «Кызыл учкун» советтик кыргыз искусствосу менен адабиятынын ал кездеги пионерлеринин, азыркы ветерандарынын уясы десек боло турганын, ал кездеги СССРдин эл артисти А. Малдыбаев, Кыргыз ССРинин эл сүрөтчүсү Г.Айтиев, азыркы адабиятчы-жазуучуларыбыз: Қ. Баялинов, К. Жантөшев, К. Маликов, Т. Сыдыкбеков, Т. Үмөталиева, М. Абдыкаримов, А. Убукеев, С. Сасыкбаев, У. Абдыканмов, Ө. Жакишев. М. Токобаев, Т. Саманчин, З. Бектенов. К. Эшмамбетовдор; маркумдар: К. Рахматуллин, Ж. Бөкөмбаев,Ж. Турусбеков, А. Осмонов, Т. Байжиев, М. Элебаев, Ж. Жамгирчинов жана М. Кырбашовго окшогондор советтик кыргыз адабияты менен искусствосунун алгачкы ветерандары болгонун, алар жазуучулар, композитор, сүрөтчүлөр Союзун уюштурууга катышып, алар коомдун алгачкы агартуу күчтөрү болуп калганы тууралуу жазган макаласын окурмандарга сунуштап, А.Токомбаевдин макаласы менен **"Таалим – тарбиянын башаты"** аттуу өзүнүн макаласын К.Артыкбаев кошо берген. Аталган макаласында өзүнүн чыгармачыл жана изденген окумуштуу катары таанылып калышынын бир себебинде, өзү жашаган

коомдун таасири болгонун атайын белгилеп жазып: "Чынын айтуу керек, мындай чыгармачылык, илимий натыйжаларга жетүүгө алгачкы түрткү берген көрөңгө өзүм окуган, азыр өзүм иштеп жаткан университетимдин чыгармачылык илимий атмосферасы болду десем, чындыкты айткан болор элем. Студент кезде биз К. К. Юдахин, Б. М. Юнусалиев, И. А. Батманов, К. К. Сартбаев, Б. Орузбаева, А. Жапаров, К. Иманалиев, К. Асаналиев, Б. Керимжанова өңдүү профессорлордон, тажрыйбалуу окутуучулардан сабак алып калдык. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими, профессор Бейшегүл Үмөталиева эже кыргыз тилинен сабак берип жатып да биздин чыгармачылык шыгыбызды өстүрүүгө аракет кылчу. Бир жолу кош сөздөрдү катыштыруу менен чакан аңгеме жазууну тапшырганы эсимде. Мындай тапшырмаларды ал киши көп берер эле. Чыгармачылык шыгыбыздын өркүндөшүнө окутуучулардын берген кеп-кеңештеринен тышкары университетте иштөөчү адабий ийримдин көп жардам бергендигин бул жерде атайы баса белгилеп өтүүгө туура келет. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Киреше Иманалиев ийримге жетекчилик кылган кезде ийримдин ишин кыйла жандандырып, «Жаш калем» аттуу дубал газетасынын чыгармачылыкка койгон талабын жогорулатып, талкууларды көп-көп өткөрүп турганы эсимде", - деп жазып келип, ошол Киреше Иманалиевдин жетектөөсүндө, "Биздин үн" аттуу кол жазма журналы уюштурулуп, анда ийримдин мүчөлөрүнүн чыгармалары эки айда бир жолу жарыяланып, 1954-жылы 1-саны чыгып, ал нускасы К. Артыкбаевдин өзүндө сакталып турганын жазган. Журналга редакциялык топ уюшулуп, анын составына К. Иманалиев, К. Артыкбаев, К. Атагулов, Қ. Бобулов, Ж. Алыбаев, Ж. Садыков, М. Сейталиев кирип, ал эми редакторун Сатар Үсөнов дайындалган экен. Журнал түп нуска түрүндө машинкага басылып, мукабаланып, анан китепканага, окуу залына коюлуп, эки айда бир чыгуучу журналдын биринчи санына Молдобаевдин «Эмгек – ата», «Жер – эне», М. Сейталиевдин «Үч ыр», К. Бобуловдун «Чоң кой», Ж. Алыбаевдин «Университет», «Итике», К. Атагуловдун «Университетке», «Орус тили», К. Артыкбаевдин «1-Май», «Тоо тереги», «Саякат», Т. Касымбековдун «Пионерге өтүптүр», Ж. Абдраимовдун «Жаз», С. Урмамбетовдун «Сүйүү деген эмне», Ж. Садыковду «Тамсилдер», К. Осмоналиевдин «Кыял» («Нурбек» романынан үзүндү), К. Кулматовдун «Кенебес» деген чыгармалары жарыяланып, студенттердин окуй турган китепчесине айланганы тууралуу да эскерүүлөр бар. Ошону менен катар, К.Артыкбаев маркум К.Маликовдун дагы ийримге жетекчи болуп калып, ийримдин мүчөлөрүнүн чыгармаларын окуп, бири-бирине пикир айттырып, акырында К.Маликов өзү айтып, тулкуулар уюштулуп турганын эскерип жазуу менен өзүнүн «Эки көлөкө» аттуу ыры катуу талаш-тартышка түшкөнүн дагы эскерип жазган. Эң алгач ырынын дурус жазылганын, бирок мазмуну анча ачык болбой, бүдөмүк ойлордон болуп калгандыгы ачык далилденип, Кубанычбек Маликов дегеле ыр жазган студенттердин көбүнө мүнөздүү болгон тематикалык жардылыкты айрыкча баса белгилеп көрсөтүп, коомдук мааниге боло турган темаларды тандап жазууга, кичинекей нерседен чоң маани таба билүүгө үндөп, кургак романтикага берилбей, күйүү, сүйүү сыяктуу майда сезимдерден чыга албай жаткандарын айтып, К. Маликов ийримдин мүчөлөрүн кеңири ойлонууга жетелегенин белгилеп өткөнү байкалат. Ошондой эле, "Жаш толкундар" адабий ийримин Кымбатбек Укаев дагы жетектеген. Ал тууралуу К. Артыкбаев: "...Өзгөчө биздин ийримге сынчы Кымбатбек Укаев жетекчи болуп иштеген мезгилде чыгармачылык шыгыбыздын өркүндөшүнө көбүрөөк практикалык жардам болгондугун айта кетүү орундуу болор эле. Ал ийрим мүчөлөрүнүн жазгандарын республикалык газета, журналдарга сунуш кылып, жарыялап, чыгармачылыкка дайыма дем берип турду. «Москвич» сатып алган үй бүлөнүн психологиясын элестетмек болуп жазган бир ырымды К. Укаев «Ала-Тоо» журналына сунуш кылып, атүгүл атын «Москвич жөнүндө диалог» деп өзгөртүп чыгарган", -деп кубануу менен жазганы дагы тарыхтын бир күбөсү болуп калды. Ооба, К. Укаев «Ленинчил жаш» газетасына (1954, 26-май) «Жаш таланттардын уясы» деп макала жазып, адабий ийримдин айрым мүчөлөрүнүн чыгармачылыгы жөнүндө кыскача кабар берип тааныштырган макаласы да бар [8, 3-б.]. Мындай ийримдин жыйынтыктуу чыгармачылык иштеринин бири, бул активдүү катышкан мүчөлөрдүн ырларын чогултуп, 1956-жылы «Толкун» аттуу ырлар жыйнагын басмадан жарыялаганы жаш калемгерлер үчүн кайталангыс кубаныч болгон. Аталган жыйнакка Ж. Садыков, С. Абдыкадырова, И. Исаков, Ш. Садыбакасов, М. Тойбаев, Ш. Абдрамановдордун алгачкы ырлары кирген экен. Мындай ийримдин кыймылдуу

аракеттери чыгармачыл студенттердин ой толгоолорун, сезимдерин кыймылдатып, алардын жазуу стилинин бөтөнчөлүктөрүн көрсөтүп, ар бир жазган чыгарманды жоопкерчилик менен кароого үндөй турган мектеп болгонунун К.Артыкбаев эскерип жазган. Совет доорунун жаштары эмгекчил жана өкмөт тарабынан айтылган буйруктарды аткарууга умтулган учурга К.Артыкбаевдердин мезгил замандаштары туш болгону баарыбызга маалым. Ал кездеги жаштар адабий талкуулар болот десе, артын карабай, бардык иштерин таштап катышууга милдеттүү аткарышкан. К. Артыкбаевдин жазуусунда студенттер жаңы китептер, же чыгарма чыкты десе эле, дароо чогулуп, өздөрүнчө талкуулап, дем алыш күндөрү да эс албай, университеттин аудиторияларын эртелеп келип, ичинен бекитип алып, кечке чыгармачылык менен алек болгон деп эскергенин дагы окууга болот. Көрсө, тынбай иштөө менен изденүү жолунда жүрүп, акыры өжөрлүк менен республикадагы таанымал акын-жазуучулар, драматургдар, адабий сынчылар, илимпоздор, окумуштуулар өсүп чыгууга чоң пайдубал түзгөн мектеп тургузулган экен. Мындай ийгиликтин башатында Кыргызстандын мамлекеттик басмаканасынан К.Артыкбаев кетип, университеттин кыргыз филологиясына келип, иштеген күнүнөн баштап, "Жаш толкундар" адабий ийримди көп убакыт жетекчиликке алган. Анын жетектөөсүндө талкуулар уюштурулуп, ийримдин мүчөлөрүнүн чыгармалары каралып, басма сөздөргө жарыялап, басма сөздөр аркылуу аларды миңдеген окурмандарга тааныштыруу менен ийримдин ишин жоопкерчилик менен аткарып турганын анын жазган макалалары далилдейт. Анын аракетинде «Кыргызстан маданияты», «Ленинчил жаш», «Мугалимдер газетасы» сыяктуу газеталарга ийримдин поэзиялык, прозалык чыгармалары жарыяланып турганы чындык. Атүгүл, ийримдин мүчөлөрүнүн китептерин дагы жарыялоого жетишкен. Маселен, ийрим мүчөлөрүнүн К. Даутов, А. Рыскулов, Р. Карагулова, А. Эркебаев, К. Эдилбаев, К. Байжигитов, Б. Базарбаев, У. Касыбеков, К. Ибраимов, Э. Калдаров, С. Самсалиев, Д. Маанаева, М. Жуматаев, Ч. Өмүралиев, Ө. Тиллебаев, Ш. Дүйшеев, Н. Капаров, А. Акималиев, Б. Табалдиев, М. Каримов, Ж. Саалаев, К. Кулуевдер автор катары таанылууга жолдор ачылып, Табылды Мукановдун китеби Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгынын лауреаты болгону деген маалыматтар бар. К.Артыкбаевдин жазуусунда "Жаш толкундар" адабий ийримдин музейин ачуу демилгеси көтөрүлүп, бирок бул демилге азыр дагы токтоп турганы баарыбызга маалым. Ошентип, профессор К. Артыкбаев "Жаш толкундар" адабий ийриминин 60 жылдыгында жергиликтүү басма сөздөргө отчеттук макалаларын жарыялаган. 1988-жылы **"Жаш толкундарга 60 жыл"** деген рубриканын алдында гезиттин 1-бетинде жогорудагыдай 1937-жылы А. Токомбаевдин макаласы менен К. Артыкбаевдин макаласын жарыяласа, экинчи бетинде "Тарых барактарынан" деген рубрика менен "Биздин үн" кол жазма журналынын жарыяланышынын тарыхы менен Эл акыны Акбар Рыскуловдун "Кайрадан ... Кызыл учкун" аталса..." аттуу 1-курстун студенти Толкунбек Мендебаев менен болгон маеги, белгилүү сындын өкүлү К.Байжигитовдун "Ишеним алга жетелейт" жана "Жаш толкундар" адабий ийриминин чет өлкөлүк байланыштары К.Артыкбаев менен Мирсаид Миршакардын кыргыз, орус тилинде жазган каттары кошо жарыяланган. Ар бир маалымат өз алдынча тарых. Маселен, ийримдин "Биздин үн" аттуу кол жазма журналы, же "Жаш толкундар" ийрими "Кызыл учкун" деп, алгачкы аты кайра берилсе, же ийримдин чет өлкөлүк байланыштары менен коомубузга белгилүү сынчылардын өсүп чыгышына шарттар өбөлгө болгонун тууралуу маалыматтар өткөн кылымдын тарыхында чыгарамчылык адамдардын өсүү жолунда аракеттеринин бир элеси көз алдыбызга тартыла түшөт. Ошону менен катар, 50-60-жылдардагы адабий ийримдин мүчөлөрү: Т. Касымбеков, Ж. Садыков, Б. Жакиев, М. Байжиев, М. Буларкиева, Ж. Алыбаев, Э. Ибраев, К. Артыкбаев, А. Жакынбеков, Ж. Абдыкалыков, М. Тойбаев, Б. Сабиров, С. Үсөнов, С. Асанбеков, К. Бобулов, С. Жигитов, Э. Турсунов, О. Султанов, М. Турсуналиев, Т. Молдобаев, М. Сейталиев, К. Кулматов, К. Жапаров, К. Жусупов, К. Осмоналиев, К. Жуманазаров, Э. Медербеков, А. Стамов, А. Өмүрканов, А. Токтогулов, С. Урмамбетов, Б. Алагушев, С. Тургунбаев, Д. Жамансартова, Б. Асаналиев, О. Соороновдор болсо, 50-жылдары адабий ийримдин мүчөлөрү: И. Мансуров, Т.Касымбеков, Ж. Кыдырмышев, С.Урманбетов, Ж. Садыков, Т.Осмоев, С.Асанбеков, С.Осмонов, М.Абдыкадырова, М.Абылкасымова, К. Укаев, Т. Сыдыкбеков, Ш. Бейшеналиев. А. Белеков, К. Атагулов, С. Жетимишев, Ж. Абдраимов, Т. Молдобаев, К.Бобулов, К. Артыкбаев, Жылкычиев, Конокбаев, Э. Турсуновдор

болгонун да К.Артыкбаевдин макалаларынан байкоого болот. Ийримдин мүчөлөрү башка элдердин да мыкты адабий чыгармаларын которууга багыт коюшуп, Н.Некрасовдун, С. Маршактын, П. Вороньковдун, М. Миршакардын, П. Вершигоранын, тажик акыны Мирсаид Миршакардын «Алтын кыштак» поэмасын Э. Турсунов, «Федя» поэмасын К. Артыкбаев которушкан. Кийин ал поэмалар басмадан жарык көрүп, көп окурмандардын алкоолоруна ээ болгон. Эң кызыгы, "Жаш толкундар" адабий ийримдин байланышын Эл аралык деңгээлге жеткирүүдө К. Артыкбаевдин жасаган аракеттери да бар. Маселен, тажик акыны Мирсаид Миршакарга К. Артыкбаевдин жазган каты буга күбө. Ошол 1955-жылдары К.Артыкбаев менен М. Миршакардын бири-бирине жазган каттарын окурмандарга өзгөрпөй берсек. К. Артыкбаевдин каты:

**Здравствуйте, многоуважаемый Мирсаид Миршакаров!**

Примите братский привет из долин солнечного Киргизстана. Студенты высших учебных заведений нашей республики любят Ваши произведения и ценят их по достоинству. Безусловно, нашу симпатию вызвали Ваши те произведения, которые переведены на русский язык (Золотой кишлак» и др.). За это мы бесконечно благодарны Великому русскому языку, в то же время нам хочется прочитать Ваши произведения в оригинале. Пока что, это наше желание неосуществимо, ибо исполнение его зависит от степени обладания нами таджикским языком. Тем не менее нам бы хотелось знать Ваше личное мнение о качестве переводов Ваших произведений на русский язык. Члены литературного кружка филологического факультета Киргизского государственного университета знакомы с Вашей поэзией для детей. Отличные мысли, выраженные в них, имеющие огромное воспитательное значение, побудили нас как можно скорее довести их до молодых киргизских читателей. С этой целью из Ваших произведений для детей мы сделали поэтический перевод в объеме одной книжечки. Сюда входят: поэма «Федя», стихотворения «Ручка», «В гости» и другие. Переводы были обсуждены на заседании нашего творческого кружка, которым руководит человек, специально назначенный СП Киргизии. Обсуждение внесло в переводы некоторые исправления и уточнения. Теперь мы считаем, что будущая книжечка почти готова к печати. Имея сведения о творчестве классиков таджикской литературы, таких, как Фирдоуси, Омар Хайям, Хафиз, Рудаки и др., нам бы хотелось поближе познакомится с современными представителями таджикской национальной культуры. Поэтому мы также просим Вас, уважаемый Мирсаид аке, ознакомить нас с Вашими новыми произведениями и новинками таджикской поэзии вообще, если это не затрудняет Вас. Желательно, чтобы Вы выслали нам для самостоятельного подстрочного перевода оригиналы книг для детей и их последние издания на русском языке. Желаем Вам крепкого здоровья и дальнейших успехов в Вашем благородном труде. По поручению коллектива с искренним братским приветом" – деп жазган. К. Артыкбаевдин катына жооп:

**Дорогой товарищ Артыкбаев Качкынбай!**

Ваше письмо получил. Очень рад, что Вы и Ваши товарищи по Университету так заинтересованы моим скромным творчеством. Вы спрашиваете мое мнение качестве перевода моих произведений на русском языке. На такой вопрос трудно ответить. Дело в том, что у меня переведено более 8 тысяч строк на русском языке, среди которых имеются отличные и хорошие переводы (например переводы Адалис, Державина, Гудзенко) и имеются посредственные и плохие переводы. Качество перевода зависит прежде всего от переводчика. Однако, какие бы не были переводы, все же я многом обязан моим переводчикам, ибо благодаря их труду мои произведения стали известны широким кругам читателей. Посылаю Вам мою новую поэму «Ленин на Памире» - на, таджикском языке. На русском языке еще перевода не имеется. Когда будет перевод, обязательно вышлю вам и на русском языке. Прошу передать мою благодарность всем членам Вашего литературного кружка. Желаю Вам успеха в учебе. С сердечным приветом", – деп, тажик акыны Мирсаид Миршакаров 1955-жылы 4-апрелде жооп берген. К. Артыкбаев менен Мирсаид Миршакаровдун бири-бирине жазган каттарынын мазмунун окуганыбызда, албетте "Жаш толкундар" адабий ийриминин эл аралык байланышты чындоо тажрыйбаны кеңейтүүгө жол ачылган алгачкы аракет болсо керек. Мындай алгачкы аракеттер кийинки жылдары иш жүзүндө ашканы, же ашпай калганы тууралуу маалыматтар жок. Бирок, алгачкы Эл аралык адабий байланыш түзүүгө К. Артыкбаев демилге көтөргүнү биз үчүн жаңы сабак. Келечекте байланыш күтүү керек. Азыркы учурда онлайн деген кайтарым байланыш бар. Колдон келсе, М. Горький атындагы адабият институтундагы "Ленский",

"Белкин" сыяктуу адабий ийримдер менен байланыш түзүп, кыргыз тилинде окуган студенттерди орус тилиндеги аудиторияга көндүрүү керек. Албетте, К.Артыкбаев "Жаш толкундар" адабий ийриминин юбилейлик убакытын эч качан унутта калтырбаган. Анын "Дарыя башаттан башталат" аттуу макаласы "Жаш толкундар" адабий ийриминин 60-жылдыгына арналып жазылган [9,4-б.]. Аталган макаласында К.Артыкбаев "Жаш толкундар" адабий ийримдин алгачкы максаттуу өнүгүүсүнө ылайык кайрадан партиянын койгон талаптары иш жүзүнө ашкандыгын айтуу менен кириш сөзүн баштап, 1927-жылы "Кызыл учкун" деген аталыш менен педтехникумдун алдында адабий ийрим уюшулуп, ал ийримдин өкүлдөрү Абдылас Малдыбаев, Гапар Айтиев, Мукай Элебаев, Жума Жамгырчиев, Касымалы Жантөшев, Кубанычбек Маликов, Жоомарт Бөкөнбаев, Темиркул Үмөталиев, Жусуп Турусбеков, Мамасалы Абдукаримов, Айткулу Убукеев, Узакбай Абдукаимов, Өмүркул Жакишев, Молдогазы Токобаев, Тазабек Саманчин, Саткын Сасыкбаев, Алыкул Осмонов, Райкан Шүкүрбеков, Мидин Алыбаев, Касымбек Эшмамбетов, Калим Рахматуллин өңдүү белгилүү тарыхый адамдар кийинчирээк Кыргызстандагы белгилүүлөрдүн катарын толуктаган кыргыз интеллегенциясы болуп калганын баса белгилеп өткөн. Ошентип, К. Артыкбаевдин чыгармачылык изденүүсү менен бирге уюштуруучулук аракети күчтүү экендигин байкоого болот. К.Артыкбаевден башка "Жаш толкундар" адабий ийримин жетектеген жетекчилердин бир-экин гана макалаларын көрүүгө болот. Аларга салыштырмалуу К. Артыкбаев ар бир кыймылынын кадамдарын, ийримдин багыттары менен аракеттерин окурмандарына тааныштырып турганы жогоруда аталып өткөн макалалары жооп берет. Негизи, элде: "Баскан-турган кадамдарыңды эскерип жазып тур", – деген акылмандык сөздөрү көзүң өтүп кетсе дагы, жазганың тарых болуп кала берет деген чындык ушул. К.Артыкбаевдин макалалары өткөн кылымдын барактарында жашап өткөн тарыхый адамдар тууралуу кабар берсе, экинчиден "Жаш толкундар" адабий ийримдин ийгиликтүү кадамдарын тереңирээк билүүгө жардам берери шексиз. К.Артыкбаев өзүнүн ишине тыкан, жоопкерчиликтүү мамиле кылуу менен бирге азыр дагы баасын жоготпой турган кадамдарды таштап кетти. Анын аркетиндеги кээ бир максаттары азыр дагы аткарылбай жатканы өкүнүчтүү. Маселен, 1927-жылы "Жаш толкундар" адабий ийриминин 100 жылдыгы өтө турганы болуп турат. Ошол аралыкка, биринчиден, адабий ийримдин макалалар жыйнагын чыгаруу керек.

Экинчиден, жогоруда макалабызда эскерип өткөндөй, ийримдин музейин уюштуруу керек. Бул дагы келечек муундар үчүн кайталангыс тарых болуп калат эле.

**Колдонулган адабияттар**


1. Дүйшеев Ш. Агай тууралуу алты ооз сөз // Китепте: Качкынбай Артыкбаев жөнүндө эскерүү.Бишкек, 2011, 31-б.
2. Акындар менен жолугушуу // Путь к знаниям, 1977, № 19(732), 9-июнь, 4-б.
3. Артыкбаев К. Шыктууларга жол ачык ("Жаш толкундар"адабий ийрими) // Ленинчил жаш, 1979, 17-февраль, 3-б.
4. Артыкбаев К. Жаш таланттарды өстүрөлү ("Жаш толкундар" адабий ийриминин мүчөлөрүнүн чыгармачылыгы жөнүндө) // Кыргызстан маданияты, 1980, 7-февраль, 4-б.
5. Артыкбаев К. Таланттар тарбияланышат // Путь к знаниям, 1980, 30-декабрь, № 35-36(861-862), 4-б.
6. Артыкбаев К. Ийримдин иши илгерилөөдө // Кыргызстан маданияты, 1986, 30-ноябрь, №44(1031), 5-б.
7. Артыкбаев К. Жаш толкундарга 60 жыл: Таалим – тарбиянын башаты // Путь к занаиям, 1988, 20-январь, №3-4, (1127-1128), 1-4-бб.
8. Укаев К. Жаш таланттардын уясы // Ленинчил жаш, 1954, 26-май, 3-б.
9. Артыкбаев К. Дарыя башаттан башталат // Советтик Кыргызстан, 1988, 6-май, 4-б.
10. Сыдыков Н. Газета жана окурман (К. Артыкбаевдин адабий ийримдеги уюштуруучулук иштери) // Ленинчил жаш, 1979, 6-январь, 4-б.
11. Чыгармачылык көрөңгө тууралуу маек. К. Артыкбаев менен маектешкен А. Түмөнбаев // Ленинчил жаш, 1987, 12-ноябрь, 4-б.


**Рецензент: пед.и.к., профессор Оторбаев Б.К.**

УДК 982.066(45)08
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-329-334

**Турдугулов А.Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Турдугулов А.Т.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Turdugulov A.T.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0004-0002-5264-1541

# АДАБИЙ ПРОЦЕССТИН ИЗИЛДЕНИШИНЕ ПРОФЕССОР К. АРТЫКБАЕВДИН САЛЫМЫ (“XX КЫЛЫМДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН ТАРЫХЫ” ОКУУ КИТЕБИ БОЮНЧА)
# ВКЛАД ПРОФЕССОРА К. АРТЫКБАЕВА В ИССЛЕДОВАНИЕ ЛИТЕРАТУРНОГО ПРОЦЕССА (НА МАТЕРИАЛЕ УЧЕБНИКА «ИСТОРИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ В XX ВЕКЕ»)
# PROFESSOR K. ARTYKBAEV'S CONTRIBUTION TO THE RESEARCH OF THE LITERARY PROCESS (BASED ON THE TEXTBOOK "HISTORY OF KYRGYZ LITERATURE IN THE 20TH CENTURY")

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада улуттук адабий процесстин изилдениши филология илимдеринин доктору, профессор К. Артыкбаевдин республиканын жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн жазылган “XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы” окуу китебинин негизинде каралды. Мында окумуштуунун адабият таануу, адабий сын жаатындагы жеке өзгөчөлүктөрү менен бирге улуттук адабияттын жаралышынан тартып, калыптанышы, өнүгүшү жана учурдагы абалы адабий анализге алынган.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается, как реализовано изучение литературного процесса в учебнике доктора филологических наук, профессора К. Артыкбаева “История кыргызской литературы XX века”. Акцентируются ю его особенности в изучении литературного процесса с точки зрения литературоведения и литературной критики с момента формирования национальной литературы.

**Abstract:** This article discusses how the study of the literary process is implemented in the textbook of Doctor of Philology, Professor K. Artykbaev “History of Kyrgyz literature of the 20th century.” The focus is on its features in the study of the literary profession from the point of view of literary studies and literary criticism since the formation of the national literary profession.

**Негизги сөздөр:** адабий процесс; адабият таануу; адабий сын; мезгилдештирүү принциптери; проза; поэзия; драматургия; адабий анализ.

**Ключевые слова:** литературный процесс; литературоведение; литературная критика; принципы и критерии периодизации; проза; поэзия; драматургия; художественный анализ.

**Keywords:** literary process; literary criticism; literary criticism; principles and criteria of periodization; prose; poetry; drama; artistic analysis.

Адабий процесстин системалуу изилдениши үчүн ар бир улуттун адабиятынын тарыхы жазылышы керек, мындай табигый зарылдыктан улам орус адабиятынын тарыхы ондогон томдор менен басылды, кошуна казак элинин адабиятынын тарыхы отуз том, өзбектер элүү том кылып басышты. Шүгүр, кыргыз адабиятынын тарыхы да академик А.Акматалиевдин жалпы редакциясы астында Улуттук илимдер академиясынын кызматкерлери тарабынан он томдук даярдалып, бир нече ирет басмадан жарык көрдү. Демек, башка улуттар сыяктуу эле кыргыз адабиятынын тарыхы да көп томдуктар абалында жазылыптыр. Мындай болгон күндө ал тарыхты өзүнчө китеп кылып жазуунун канчалык зарылдыгы бар эле деген табигый суроо жаралышы толук ыктымал. Адеп белгилеп алуучу маселе – он томдук улуттук адабияттын тарихынын бардык этаптарын (фольклордон азыркы адабиятка чейин) толук камтыйт, ал ушунусу менен баалуу. Ошол он томдук деле улуттук адабияттын тарыхы, азыр сөз боло турган К. Артыкбаевдин көлөмдүү окуу китеби деле улуттук адабияттын тарыхы... Булардын типологиялык ажырымы

эмнеде, айырма-жалпылыктары кай жерден тогошот, кайсы бири маанилүү, а кайсынысы анын көлөкөсүндө калат? Мындай суроолордун да жаралышы толук мүмкүн.

Маселе ошол эмгектердин статусунда. Мындан улам ошол эмгектерде сөз болушу керек болгон маселенин объектиси менен предметинде, изилдөө багыты менен материалдарды сунуш кылуу манерасында, бир сөз менен айтканда, маселеге карата жасалган мамиленин методологиясында дейличи. Академиялык басылма статусундагы фундаменталдуу он томдук тарых менен бир автор жазган тарыхтын материалдары экөө эки башка деген пикир жаралбашы үчүн, азырынча мына буларды айта туралы: улуттук адабияттын жаралган мезгилинен тартып (оозеки форматта) бүгүнкүсүнө чейинки абалы он томдукта жалпы сомосунан этап-этап менен сунуш кылынат (алар салыштырмалуу кыска маалыматтык абалында берилет), арасында адабий портреттер болот, антпесе фольклордон азыркы жазма профессионал адабиятка чейинки тарыхты он томго сыйдыруунун өзү мүшкүл иш болмок. А окуу китебине материал салуу – такыр башка маселе. Мына ушундан улам К.Артыкбаевдин окуу китеби тууралуу, анын мазмундук жана формалык, композициялык жана структуралык өзгөчөлүктөрү тууралуу айтуу зарылдыгы өзүнөн-өзү жаралат.

К. Артыкбаевдин “XX кылымдын кыргыз адабиятынын тарыхы” эмгегинин статусу – окуу китеби. Республиканын жогорку окуу жайларында билим алып жаткан студенттер үчүн жазылган окуу китеп. Демек, мунун объектиси менен предмети, изилдөө багыты менен материалдарды сунуш кылуу манерасында, мазмундук-формалык анализге алуу технологиялары академиялык басылмадан кескин айырмаланып турат. Анын ошого жараша спецификалык өзгөчөлүктөрү болот. Окуу китебинин теориясындагы критерийлерге ылайык анын мазмуну менен формасынын диалектикалык биримдикте болуп, анын структурасынын элементтерин түзөт, ушундан улам анын окуу китеби катары функциясы аныкталат. Профессор К. Артыкбаевдин муну мыктылап өздөштүргөнү анын орто мектептер үчүн жазылып, кырк жылдан ашуун мезгилден бери окутулуп келе жаткан бешинчи класстын (авторлошу Бектур Исаков) “Биздин адабият” окуу китебинен көрүнөт. Ал он биринчи класстын Кыргыз адабияты окуу китебинин да авторлошторунун бири, мында ал жазуучу Т.Сыдыкбеков менен драматург Т.Абдумомуновдун чыгармачылыгы тууралуу бөлүмдөрдү жазган. Качкынбай агай өзү бир жолушканыбызда “сен да окуу китебинин автору экенсиң, билесиң, мектептер үчүн окуулук жазуу абдан түйүшүктүү”, - дегени бар эле. Анын орус окумуштуулары Л.В. Занковдун, Д.Б. Эльконindin, В.В. Давыдовдун (булар окуу китебинин теориясы менен методологиясын толук иштеп чыккан адистер) эмгектери менен ичкертен тааныш экендигине кепил боло албаймын, бирок К. Артыкбаевдин окуу китебин жазуунун технологиясын мыкты өздөштүрүп алганына ынанган элем.

Ал эми жогорку окуу жайлары үчүн жазылган окуу китебинин түйшүктүүлүгү андан да оор, маанилүү, опурталдуу да жагы бар. Опурталдуулугу – адистерди даярдоо ишинде зарыл болгон билимдерди сунуш кылып, ошончолук арбын материалдардын ичинен эң эле зарылдарын гана тандап алууда турат. Ырас, алар студенттин тээ мектепте окуган, өздөштүргөн окуу материалдарынан кескин айырмаланып, аларды улам толуктап олтурушу керек. Ал материалдарды студентке сунуш кылуунун стили да кыйла башкача болот. Мында эми маалыматтар гана эмес, ар бир маселе боюнча кенен жүргүзүлгөн анализ, тийиштүү жыйынтыктар чыгарылып олтурат. Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китебин даярдаш үчүн автор кандайдыр бир спецификалык даярдыктарга ээ болушу абзел, К. Артыкбаевде мындай даярдык бар экен. Ал филфактын экинчи-үчүнчү-төртүнчү курстарында студент системалуу өздөштүрүшү керек болгон “Кыргыз адабиятынын тарыхы” курсунун методологиясын жакшы өздөштүргөнү үчүн анын жаралуу, телчигүү, калыптануу, өнүгүү эволюциясын ыраатын бузбай, түшүнүктүү абалда сунуш кылганга жетишти. Окумуштуу Д.Б. Эльконин минтип жазат: “Для изучения учебников высшей школы требуется предварительная подготовка. Школьную литературу понимают все люди, а вот учебники для вузов предполагают наличие специальных знаний. Отличает учебники для студентов большее количество дисциплин и узкая направленность изучения конкретной дисциплины. Данная особенность учебников высшей школы появилась в связи с углубленным изучением определенного направления какой-то конкретной дисциплины”. Ошол конкреттүү дискурс (дисциплина) биздин шартыбызда – улуттук адабияттын тарыхы.

Менин пикиримде, улуттук адабий процессти изилдөө ишинде мындай окуулукка мүнөздүү болгон улуттук адабияттын тарыхын

мезгилдештирүү принциби К. Артыкбаевде туура берилген. Мунсуз анын методологиясын туура аныктап, туура жолго коюу кыйын. Жыйырманчы кылымдын башындагы кыргыз адабияты (1900-1917) бөлүмүндө фольклордон башат алган адабияттын акындар чыгармачылыгында, андан ары профессионал жазма адабиятка өтүү процессинин эволюциялык мүнөзү ачылат. Бул мезгил башкалардан кыйла айырмаланган, өзгөчөлөнгөн мезгил болчу, муну автор тарыхый-маданий кырдаалдын контекстинде билгичтик менен анализдейт, туура жыйынтык-бүтүмдөрдү жасаган. Ошол мезгилдеги тарыхый-маданий кырдаалдын минтип кенен сунуш кылынышы методологиялык жактан алганда абдан эле туура, анткени адабий-маданий мурастардын жаралышына, алардын идеялык-тематикалык салмагына барып-келип ошол кырдаал таасир кылат эмеспи. "Жаңы социалистик коомдогу кыргыз адабиятынын жаралышы жана калыптанышы" деген ири бөлүмдө автор улуттук адабияттын тарыхын өзү сунуш кылган мезгилдештирүү принцибине ылайык 1917-1940-жылдар менен чектейт. Ошондогу коомдук-маданий кырдаалдын улуттук адабиятка карата таасири айтылып келип, поэзияга өзүнчө, прозага өзүнчө, драматургияга өзүнчө токтолот. Ушул бөлүмдө кинодраматургияны да унуткан эмес. Айта кетүүчү маселе, мындай көрүнүш окуу китептерин жазуу тажрыйбасында жаңылык нерсе, кинодраматургия улуттук маданияттын кыртышында карала турган жанр болгону менен анын пайдубалында, түпкүрүндө адабият жатат, мен мында сценарий тууралуу айтып отурамын. Ошондуктан улуттук адабияттын тарыхында кинодраматургиянын кошо каралышы, асыресе, уникалдуу мүнөзгө ээ болгон көрүнүш.

Кыргыз адабиятында социалисттик реализмдин калыптанышы чакан бөлүмдө каралганы менен автор мында буга чейин калыптанып калган идеологиялык адабий доктриналарга кайрадан кайрылганы байкалат. Идеологиялашкан адабияттын шартында буга башка өңүттөн карап баа берилип жүргөнү айгине болчу. К. Артыкбаевдин пикиринде "эгерде алдыңкы маданияты бар орус элинин адабияты жол көрсөтүп көмөктөшпөсө, башка советтик элдер менен тыгыз карым-катышта болбосо, ошондой эле дүйнөлүк маданият, адабият менен таанышпаса, кыргыз эли он беш-жыйырма жыл ичинде өзүнүн жаңы жазма адабиятын түзүп, анын бардык жанрын өздөштүрүп, жаңы чыгармачылык методду өзүнүн улуттук адабиятынын тажрыйбасында иштеп чыгып, таанымал адабияттардын катарына кошула албайт эле". [2, 104-б.] Ырас, соңку мезгилдерде айрым окумуштуулар социализмди биротоло жерип, ал коомдон эч бир алгылыктуу нерсени көрбөй, социалисттик реализм методун жалаң гана коммунисттик режимдин камчысы катары баалаган, айтылып, жазылып жүргөн пикирлер жок эмес. Канткен менен тарыхый факт өзүнүкүн бербейт, экинчи жагынан, мында кеп болуп жаткан бул эмгек улуттук адабияттын тарыхы боюнча жазылган эмгек, буга азыркы мезгилдин учурдагы контекстинен туруп мамиле жасоо, бери дегенде тар ойлом. К. Артыкбаев да мындайга карамандай каршы эле. Сөз болуп жаткан бөлүмүнө автор Касым Тыныстановдун адабий портретин кенен сунуш кылган, мунун өзү логикага сыйымдуу, ансыз улуттук адабияттын жаралуу, телчигүү, калыптануу мезгилин элестетүү мүмкүн эмес эле. К. Тыныстановдун чыгармачылыгына айрым авторлордой үстүрт эмес, ичкертен баам салып, анын бүтүндөй мурасын ошол мезгилдин контекстинде жеткире баа бере алган. Анын бир дагы чыгармасын калтырбай, ар бирине адабий аналитикалык ойлорун, пикирин көшөрүп жазыптыр.

Касым Тыныстановдун жыйырманчы жылдардын башында казак тилинде жазылган "Таң", "Бүгинги күн", "Алачка", "Булбулга" алгачкы ырларынан тартып, 1927-1931-жылдардын аралыгында эми өз эне тилинде жазылган "Ант беребиз дагы да", "Таң нурунда", "Социалисттик талаада", "Трактор" аталыштагы ырларынан тарта "Жаз", "Кыш", "Жайлоо" (пейзаждык лирикасы), "Айрылуу", "Алданган сулуу", "Кышкы түндө", "Ырдаба, сулуу, кыйнаба", "Эриксиз ажырашканга" чейинки махабат лирикаларына чейин кенен анализдейт. Айта кетели, булардын көбү ушул күндөргө чейин кенири адабий анализге алына элек болчу. Касымдын ар кандай жанрдагы чыгармачылыгына карата анализ жүргүзүп келип, К. Артыкбаев анын фольклордун негизинде жазылган "Жаңыл Мырза" поэмасына өзгөчө маани берип, ошого басым жасап талдаган. Адабий-аналитикалык кенен талдоолордон соң маселеге карата туура жыйынтык-корутунду жасоо милдети болот. К. Артыкбаев муну да жакшы түшүнгөн.

Ал К. Тыныстановдун совет доорундагы кыргыз элинин жазма адабиятын баштоочуларынын бири катары жыйырманчы кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхынан алган ордун белгилейт. Касымдын болгону бир гана ырлар жыйнагы жарык көргөнү менен идеялык-эстетикалык сапаты жагынан анын

адабий мурастары өз мезгилдештеринин деңгээлинен кыйла жогору болгонун адилеттүүлүк менен айтат. Касымдын ошол жылдары эле илимди түшүнүп, тил илимине негиз салуучу катары бааланганы да автор тарабынан белгиленгени адилеттүү болуптур.

К. Артыкбаевдин мында сөз болуп жаткан окуу китебинин кийинки маанилүү бөлүмү – Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки мезгилдеги кыргыз адабияты, буга автор 1941-1960-жылдарды киргизет, мунусу да мезгилдештирүү принцибинин критерийлерине ылайык келип турат. Маселеге карата анализ жүргүзүүнүн Артыкбаевдик манерага ылайык мында да ошол мезгилдин коомдук-адабий кырдаалына баа берип, адабий мурастардын ошол кырдаалга жараша жаралып жатканы, буга чейин биздин адабият таанууда толук кандуу талдоого алынбай жүргөн чыгармаларга карата туура анализин жасагандыгы менен бөлүм баалуу. Адаттагыдай эле автор мындай поэзия, проза, драматургия жана кинодраматургия жанрларын кенен талдап келип, бөлүмгө Мукай Элебаев, Жоомарт Бөкөнбаев, Жусуп Турусбеков, Алыкул Осмонов, Райкан Шүкүрбеков жана Мидин Алыбаевдин адабий портреттерин сунуш кылат. Адабий процесстеги бул мезгилдин тээ алгачкы, телчигүү, калыптануу жылдарындагы абалынан идеялык-тематикалык, мазмундук-формалык, композициялык, проблематикалык жактан кыйла бийикке көтөрүлгөнү окуу китебинде ынанымдуу факт-аргументтер менен берилген.

Кийинки ири бөлүм алтымышынчы-сексенинчи жылдардагы улуттук адабияттын идеялык-көркөмдүк, жанрдык-тематикалык жактан өсүү, өнүгүү тенденциясына арналып, автор мында 1961-жылдан 1984-жылга чейинки мезгилдик мерчемди анализге алуу милдетин койгон. Мунун да себеп-жөнү бардай, анткени сексенинчи жылдардын ортосунан тарта адабий мурастарга карата мамиле кескин өзгөрүп, эми адабий-маданий мурастарга болгон мамиле тарыхый аренадагы кайра куруу жана капитализм дооруна өтүү мезгили менен шартталган абалда болду. Буга окуу китебинин кийинки бөлүмү арналган. Азыр улуттук адабий процесстин эң эле жандуу, көркөмдүк, идеялык жактан да баалуу, тематикалык жактан бай, кенен этап болгону алтымышынчы-сексенинчи жылдар тууралуу кебибизди бөлбөй туралы. Бул жылдардын драматургиясы да, прозасы да, айрыкча, поэзиясы мурда болуп көрбөгөндөй бийиктиктерди алганы тууралуу китептин автору адилет белгилейт. Бөлүмдө адабий портреттердин сунуш кылынганына назар салыңыз: Аалы Токомбаев, Касымалы Баялинов, Касымалы Жантөшев, Кубанычбек Маликов, Абдрасул Токтомушев, Темиркул Үмөталиев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Насирдин Байтемиров, Чыңгыз Айтматов, Токтоболот Абдумомунов, Сүйүнбай Эралиев, Шүкүрбек Бейшеналиев, Төлөгөн Касымбеков, Жалил Садыков...

Ошол жылдары прозада элден кем эмес эмгектенген Касым Каимовдун, Аман Саспаевдин, драматургияда Бексултан Жакиевдин, Мар Байжиевдин, Шатман Садыбакасовдун адабий портреттери негедир кирбей калганы таң калыштуу. Катарга “кирбей калганы” демекчи, К.Артыкбаевдин 1985-жылы жарык көргөн (ушул китептин алгачкы, мурдагы мууну) “Кыргыз совет адабиятынын тарыхы” окуу китебинде жалпы обзордук маалыматтарга да, адабий портреттердин тизмесине да кыргыз романистикасынын чебери Төлөгөн Касымбековдун кирбей калганы ошондо көбүбүздү таң калтырган, жадесе, ошол жылдары басма беттеринде макалалар да чыгып кеткен эле (алардын айрымдары объетивдүү айтылганы менен айрымдарына субъективдүүлүк мүнөздүү болгонун айта кетүүм калыстык болоор эле), эми бул башка маселе деп туралы. Качкынбай Артыкбаевдин улуулугу – ошондогу кетирген кемчил-диктерин моюнга алып, “тарыхынын” бул редакциясында айрыкча Төлөгөн Касымбековдун адабий мурастарына атайын көңүл токтотуп, анын ар бир чыгармасына кенен талдоо жасаганында. Т. Касымбековдун, айрыкча “Сынган кылыч”, “Кел-кел” романдарына удаа жазуучунун “Баскын”, “Кыргын” романдарынын тарыхый, идеялык, көркөмдүк баасын жогору көкөлөтө баалаганы болду. Жазуучунун чыгармачылыгына карата К. Артыкбаев мындай жыйынтык-бүтүм жасайт: “Кыргыз элинин башынан өткөн эң орчундуу тарыхый мезгилин – Россиянын кыр-гыз жергесин каратып алуу учурдун жана ошол тарыхый кырдаалдагы эл турмушунун нукура чындыгын алгачкы жолу тарыхый роман түрүндө көркөм чагылдыруу менен жазуучу Төлөгөн Касымбеков кыргыз адабия-тынын масштабына тарыхый роман жазуунун классикалык үлгүсүн жакшы баштап берүүгө жетишти. “Сынган кылыч”, “Кел-кел” тары-хый романдары менен Төлөгөн өлбөстөрдүн катарына кирди”. [2, 540-б.] Адабиятчы, сынчы Кеңешбек Асаналиевдин “Тазбаймат кимди унутту” дегендей проблемалуу маселе

койгону сыяктуу (ырас, анын ал макаласынын объектиси менен предмети башка!), этаптуу эмгек жазууда улуттук адабияттагы масштабдуу романдардын кирбей, "унутулуп" калышы, чынында акылга сыйбас көрүнүш эле. Жок, аны өз мезгилинде моюндап, кетирген каталарын кайра оңдоо жагы адабиятта, айрыкча, илимде көбүнүн колунан келе бербеген иш го! Балким, Качкынбай агайдын улуулугу да мына ушунда...

К. Артыкбаевдин "тарыхында" адабий процессти изилдөөнүн туура жоболору катары мезгилдештирүү принцибинин дагы бир туура жана алгылыктуу жагы ушул болду – идеялык-мазмундук жагынан бири-экинчисинен кескин айырмаланып турган эки мезгилдин, "эки адабий процесстин" жалпылыктарын да эске алып, бирок айырмаланган мезгил адабиятын бөлүп көрсөткөндүгүндө болду. Тарыхый жашоо мүнөзү окшош болгон элдердин адабиятында (ошол эле казактар менен өзбектерде, тажиктер менен түркмөндөрдө) "кайра куруу же капитализмге өтүү мезгилинин" адабияты жок. Бар болсо да алар адабий процесстин өзүнчө турган этабы катары карашпайт. К. Артыкбаев бул мезгилдин да адабий портретин мезгилдин тарыхый контекстинин призмасына салып карай алган, алгылыктуу жыйынтык-бүтүмдөрдү чыгара алган. Муну мен автордун мурда жарык көргөн "Кыргыз совет адабиятынын тарыхы" (1985) окуу китебинен кескин айырмаланган, маселеге кыйла кенен караган редакциясы мына ушул окуулук дегим келип турат. Ырас, ал жылдары биз баарыбыз соцреализм методун карманбаган адабияттын мезгилин, кайра куруу же капитализм мезгилине өтүү адабиятына күбө болушубуз мүмкүн эмес болчу. Тарыхый жактан алганда да бул өзүн-өзү актай ала турган эле нерсе го. Колубуздагы окуу китебинин мурдагысынан кескин айырмаланган экинчи бир белгиси – мында автор кытай кыргыздарынын адабиятын өзүнчө бөлүм иретинде кошкондугунда болду. Бул логикага сыярлык эле көрүнүш, анткени башка өлкөдө өмүр сүрүп жатканына карабай алар кыргыз улутунун жарандары, алар жазган адабияты кыргыз адабияты болбой таш болмок беле... Ие, санай берсек сөз болуп жаткан окуу китебинин артыкчылыктары арбын, кези келгенде кенен кеп кылаарбыз, а азырынча мына ушулар менен чектелип туралы. Айтса-айтпаса төгүнбү, К. Артыкбаев качандыр жазылышы керек болгон, бирак эч ким белсенип киришпеген окуу китебин жазып калтырды. Бул улуттук адабият менен маданияттын өзгөгө бергис олжосу.

Ошентип, профессор Качкынбай Артыкбаев адабият таанууда, улуттук адабият менен маданияттын тарыхында, адабий сында, поэзияда, публицистикада жемиштүү иштеди. Ал он жети окуу китебинин (мында биз алардын бирөөсү тууралуу гана кеп кылдык), ондогон окуу куралдарынын, программалардын, он эки адабий-изилдөө, адабий-сын китептин, беш монографиянын, он чакты ырлар жыйнагынын, беш жүздөн ашуун макаланын автору. Филология илимдеринин доктору, анын илимий жетекчилигинин астында филология илимдеринин ондон ашуун кандитаты даярдалды. Эл аралык Айтматов академиясынын академиги, өмүрүнүн он чакты жылын басма сөз тармагында: газета, журнал, басма редакциясында иштеп жазып такшалды. Кыргызстан жазуучулар жана журналисттер союздарынын мүчөсү. Жыйырма жыл ашуун убакыт филология илимдери боюнча кандидаттык, доктордук диссертацияларды коргоо боюнча ведомстволор аралык диссертациялык советтин окумуштуу катчысы жана мүчөсү болду. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыктын, Жусуп Баласагын атындагы сыйлыктын, "Ардак белгиси" орденинин, "Даңк" медалынын, "Эмгектин ветераны" медалынын ээси. К. Артыкбаев "Мезгилдин мага болгон бул өңдүү көңүл көтөрүүчү сый-урматына кулдугум бар", [2, 652-б.] деген ыраазычылыгын сөз болуп жаткан китебинде айтыптыр...

Убакты-сааты, мезгили келгенде К.Артыкбаевдин улуттук адабий процессти системалуу изилдөө ишиндеги жана мунун зарыл формуласы катары кыргыз адабиятынын тарыхын жазуудагы эмгектери тууралуу дагы кенен сөз болоор, бул гана эмес, анын адабий сынчылыгы, адабият теоретиги, акындыгы, публицисттиги, мамлекеттик тилге көргөн камкордугу, Жусуп Баласагындын (орто кылым түрк адабияты) мурастарын, анын ысымын түбөлүк калтыруу боюнча түйшүктүү да жемиштүү да аракеттери тууралуу кесиптештери айтышаар, жазышаар...

2024-жылдын күз айларында окумуштуу агайыбыздын, жакшы санаалаш кесиптеш агабыздын токсон жылдык мааракe аземинде, ал боюнча уюштурулган эл аралык илимий-практикалык конференцияда дагы көптөгөн кызыктуу кептер, каалоо-тилектер айтылды...

**Колдонулган адабияттар**

1. Кыргыз адабиятынын тарыхы. I-X томдор (Академик А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында). – Бишкек, 2002-2016.

2. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Бишкек, 2004, 656-б.

**Рецензент: филол.и.к., доцент Исаева С.Н.**

УДК 988.06(014)08
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-334-338

**Турдугулов А.Т.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Турдугулов А.Т.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Turdugulov A.T.**
KNU J. Balasagyn

ORCID: 0004-0002-5264-1541

# А. ТОКОМБАЕВДИН «КАНДУУ ЖЫЛДАР» РОМАНЫ: 1916-ЖЫЛДАГЫ УЛУТ ТРАГЕДИЯСЫНЫН КӨРКӨМ РЕАЛИЗАЦИЯЛАНЫШЫ
# РОМАН А. ТОКОМБАЕВА «КРОВАВЫЕ ГОДЫ»: ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ВОСПРИЯТИЕ НАЦИОНАЛЬНОЙ ТРАГЕДИИ 1916 ГОДА
# A. TOKOMBAEV'S NOVEL "BLOODY YEARS": AN ARTISTIC REALIZATION OF THE NATIONAL TRAGEDY OF 1916

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада 1916-жылдагы улуттук трагедиянын искусствонун бир катар тармактарынын, анын ичинде көркөм адабиятта чагылдырылышы бул ирет акын, жазуучу, драматург, котормочу А. Токомбаевдин “Кандуу жылдар” тарыхый романынын контекстинде каралды. Мында ошол тарыхый окуянын адабий чыгармаларда көркөм реализацияланышында автордун чыгармачылык өзгөчөлүгүнө басым жасалат. Ал трагедиялуу тарыхый окуяны көркөм сүрөттөөдө акындын, жазуучунун жана драматургдун жеке өзгөчөлүктөрү ачылган.

**Аннотация:** В данной статье рассматривается художественная реализация национальной трагедии 1916 года в контексте романа писателя, поэта, дараматурга и переводчика А. Токомбаева “Кандуу жылдар” (Кровавые годы). Акцентируются художественные особенности каждого автора в реализации трагедии такого масштаба, место и роль его творчества в литературном процессе.

**Abstract:** This article examines the artistic realization of the national tragedy of 1916 in the context of the novel “Kanduu Zhyldar” (Bloody Years) by the writer, poet, dramatist and translator A. Tokombaev. The focus is on the artistic characteristics of each author in the realization of a tragedy of this scale, the place and role of his work in the literary process.

**Негизги сөздөр:** искусство чыграмалары; көркөм адабияты; тарыхый роман; драма; көркөм стиль; тилдик каражаттар; соцреализм; тарыхый чындык жана көркөм чындык.

**Ключевые слова:** произведения искусства; художественная литература; исторический роман; драма; художественный стиль; особенности языка автора; соцреализм; исторический факт и художественный вымысел.

**Keywords:** works of art; fiction; historical novel; drama; artistic style; features of the author's language; socialist realism; historical fact and fiction.

Кыргыз элинин ошондогу тарыхый окуяларын көркөм чагылдыруу маселесинде акындар менен жазуучулар, драматургдар менен кино, театр ишмерлери совет мезгилинде да эгемендүүлүк жылдарда да жакшы эле аракеттерди жасашты. Ал тема искусство чыгармаларынын көбүндө, айрыкча, көркөм адабиятта активдүү трансформацияланды. Тема коммунисттик идеологиянын искусство чыгармаларына койгон талап-критерийлерине бир эсе, ылайык келбеген, экинчи жагынан, бул теманы

көтөрүү опуртал маселе болгонуна карабастан совет мезлининде эле 1916-жылдагы улуттук – боштондук көтөрүлүшкө арналган ар кандай жанрдагы чыгармалар жазылып келген. Совет мезгилиндеги кыргыз адабиятында Үркүн учурундагы улуттук трагедия искусствонун эң эле таасирдүү тармагы болгон көркөм адабиятта ар кандай жанрларда трансформацияланды дедик. Акындык поэзияда Алдаш Молдонун (Алдаяр Жээнине уулу) «Үркүн» казалы, Ысак Шайбековдун «Азган эл», «Кайран эл», «Кайткан эл» поэма-трилогиясы, жыйырманчы жылдарда калыптанып, телчигип баштаган кыргыз профессионал жазма адабияттын алгачкы өкүлдөрү Касым Тыныстановдун «Сурачы, досум, сурачы» деген аталыштагы 82 сап ырдан турган көлөмдүү чыгармасы, Касымалы Баялиновдун «Ажар» повести, андан берки жылдарда Мукай Элебаевдин «Бороондуу күнү» аңгемеси, “Кыйын кезең” повести, «Узак жол» автобиографиялык романы, Жусуп Турусбековдун «Ашууда», «Ук, жер жүзү» ырлары, «Ажал ордуна» драмасы, Аалы Токомбаевдин ыр менен жазылган «Кандуу жылдар» романы…

Ар кандай жанрларда, ар кайсы авторлордун ар кайсы жылдарда жазылган мындай адабий мурстарды бириктирип турган бир гана тема - үркүн темасы, андагы улут трагедиясы эле. Бир эле теманы авторлор ар кандай ракурста, ар кандай абалда бири экинчисинен башкача, өзгөчө ыкмада интерпретациялашты. Мында биринин фонунда экинчи бир автордун жөндөмү чектелип, мааниси, ролу төмөндөп калган жок, не алар ар түрдүүчө сүреттөгөн трагедиянын мааниси төмөндөгөн жок. Тескерисинче, ар түрдүү жанрдагы ал адабий мурастар бирин экинчиси толуктап, ошондо жүз берген улут трагедиясынын, опуртал окуянын трагизм палитрасын даана, ачык, элестүү берүүдө бири экинчисине көмөк болду. Элдин тарыхында болгон (өткөн) окуянын көркөм адабият менен искусстводо көркөм трансформацияланышы-нын ички табияты ушундай.

Ал эми постсоветтик мезгилде, өлкө эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин бул темага кызыгуу жанданып, ошол окуялардын себеп-натыйжаларын реалдуу чагылдыруу көркөм адабияттын бирден-бир милдетине айланды. **1916-жылдагы улуттук трагедия** темасына арнап, элдин ошондогу азап-тозогун, кыйчалыш драматизмин, трагедиясын жогорку деңгээлде мыкты чагылдыра алышкан. Искусствонун кандай гана тармагы болбосун, анын негизги максаты элдин, улуттун башынан кечирген ар кандай окуяларын, айрыкча, трагедиялуу окуяларын көркөм чагылдыруу милдетин алаарын айткан элек. Мунун бир нече факторлору бар, асыресе, **биринчиден,** ар кандай улуттун басып өткөн тарыхый жолунда ири этаптуу окуялар тарыхый-хронологиялык өңүттөн гана каралып чектелбей, андай окуялардын адабият менен искусство чыгармаларында көркөм трансформацияланышы мыйзам ченем көрүнүш, мындай болбоого дегеле мүмкүн эмес. Бул алмуздактан бери жашап келе жаткан заң, мыйзам, жоболор, чыгармачылыктын мыйзам, жоболору. Мындай болбогон бир да улутту жолуктурууга болбойт. Байыркы Вавилон өлкөсү, Маверенахр же Рим империясы, андан бери мезгил, доорлордо өнүгүп, кайрадан кыйрап келе жаткан мамлекеттердин тарыхы, андагы олуттуу окуялар ошол улуттун адабияты менен искусствосунда сөзсүз көркөм чагылдырылган. Кыргыз улуту да ошол салтты улантып келет... **Экинчиден,** тигил же бул тарыхый окуяга тарыхый, социологиялык, этнологиялык, саясий жана идеологиялык баа берүү ар качан бир жактуу, анан жетишсиз болуп келген. Андай окуянын адабият менен искусство чыгармаларында көркөм трансформацияланышы алда канча кызыктуу жана жеткиликтүү болоору талаш жаратпаган аксиомага айланды. Эстеп көрөлүчү, Фридрих Энгельстин түшүнүгү боюнча Онорэ де Бальзактын романдары аркылуу француз элинин турмушу жөнүндө тарыхчылардын, экономисттердин, статисттердин эмгектерине караганда көбүрөөк, кененирээк билүүгө болоорун айткан эле. Бекеринен Лев Толстойдун романдары “адамдын жан дүйнөсүнүн диалектикасын” иштеп чыккан чыгармалар катары бааланбайт... **Үчүнчүдөн,** окуянын тарыхый фактыларын бурмалабай туруп, анын адабият менен искусство чыгармасында көркөм реализацияланышы кыйла элестүү болуп, окуп жаткан адамга жугумдуу болот, андай окуяга таасирленүү артып, андан тийиштүү сабак алууга ыңгайлуу шарт, өбөлгөлөр түзүлөт. Адабият менен искусство чыгармаларынын таасирдүүлүгү да мына ушунда...

**Трагизм** (трагедиялуулук) – эстетиканын категориясы. Эгерде эстетиканы жалпы адамзаттык баалуулуктардын тарыхый жол менен шартталган маңызы катары, ал баалуулуктарды жаратуунун, кабыл алуу – түшүнүүнүн жана баалоонун критерийлерин иштеп чыгуучу илим тармагы катары кабылдасак, же жөн гана искусствонун теория-

сы менен методологиясы жөнүндөгү илим катары таанысак, анда, талашсыз, искусство чыгармаларындагы (демек, көркөм адабияттагы) эстетикалык категориялар: асылдык (прекрасное), идеяны ашкере даңазалоо (возвышенное), комедиялуулук (комическое) трагедиялуулук (трагическое) жөнүндө сөз болушу керек. Эстетика искусствонун табиятын, мыйзамдарын жалпылаштырганы үчүн нормативдүү мүнөзгө ээ. Демек, трагедия – нормативдүү эстетиканын категориясы. Трагедия – орду толгус жоготуулардан улам кайгы-муң аралаш ырдалган аза ыры. Эстеп көрөлүчү: «кабылан Манас өлгөндө, карагай ыйлап, тал ыйлап, калың журттун баары ыйлап, карап турган дагы ыйлап»… Ырас, өзү идеал кармаган баш каарманын өлтүрүп алып, айтуучу, карагай-талга чейин ыйлатып (табият ыйы), иштин канчалык трагедиялуу экенин, канчалык орду толгус чоң жоготуу экендигин далилдегиси келип отурат…

Улут трагедиясын көркөм формада (эми драмада) мыкты чагылдырган дагы бир этаптуу чыгарма Жусуп Турусбековдун “Ажал ордуна” драмасы. Драма Жусуптун да, жалпы улут адабиятынын, маданиятынын, искусствосунун да тарыхында этаптуу чыгарма болуп калды. А балким, ошол мезгилде көркөм адабиятта эң эле аз чагылдырылып жаткан актуалдуу темага айланган, 1916-жылдагы улуттук трагедияны көркөм трансформациялаган ошондогу бирден-бир чыгарма катары калды... Эмнеси болсо да сахнага коюу үчүн ылайыкташтырылып жазылган бул драма көлөмдүү келип, көп актылуу, жети көшөгөлүү, жети сүрөттөн турат, катышкан каармандары да көп. Чыгармасына автор «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» деген эпитафия коёт. Ошол эл четиндеги, жоо бетиндеги каарман Искендер – намыстуу, кайраттуу жигит. Көптү көргөн, ак сакал карыя Бектур («Ажал ордуна – өмүр» деген ураан-чакырык, жакшы кабар ушул карыянын оозунан айтылат). Кабыл, Зулайка, Кармышак, Зулайканын атасы менен энеси - мына булар Үркүндө качып барып, кытай менен уйгурлардын кордугун көтөргөн эл өкүлдөрү. Каршысында куу болуш Максүт, өкүмдар манап Алымбай, Кулжадагы соодагер, куу Учей-Фу, анын жигити (желдети) Гуан-Сиуа жана башкалар турушат. Булар падыша аскеринин огунан качып, үркүп, өлүмдөн кутулуп, өлбөстүн күнүн көрөлү деп тентип барган элди ого бетер эзген, укугун тебелеген ажал өкүлдөрү эле.

Драманын ички табиятына, мүнөзүнө жараша окуя курч өнүгөт, андагы конфликт да курч, улам өнүгүп, курчуп отуруп, тарс жарылчу кульминация да мыкты иштелген. Ойлордун, пикирлердин, мүнөздөрдүн кагылышуусу андагы ар бир каармандын портретин ачууга баш ийдирилген.

Бул ирет да жамандык жалгыз келген жок. Элдин трагедиясы эми жеринде болуп көрбөгөндөй абалына жетти... Жүрүп олтуруп, эркиндиктин таңы да атты... Өлүмдү алмаштырган өмүр, «ажал ордуна – өмүр» эми гана салтанат куруп, жаңы жашоо, эркин жашоо күндөрүнөн кабар берип турду. Трагедиялуулуктун табияты илимий методологияда эмне деп айтылчу эле: «Трагедия - скорбная песнь о невосполнимой утрате и радостный гимн бесмертного человека. Именно эта глубинная природа трагического проявляется, когда чуство скорби разрешается радостью, смерть – бессмертием» [2, 38-101-бб.]. Үркүн мезгилиндеги улуттук трагедияны көркөм трансформациялаган «Ажал ордуна» драмасынын финалы ушул.

1916-жылдагы улуттук трагедияны Ж. Турусбеков эки ырында («Ашууда», «Ук, жер жүзү») көркөм трансформациялады. Бири качкан элдин жолдо баратып ашуудагы азабын, бөөдө өлүм тапкан («Ашуунун борошолуу бороонунда, баратат дүрдүгүп эл жанталашкан», «бирөөлөр ар кай жерде тоңуп өлгөн») кейиштүү тагдырын сүрөттөгөн трагизм ыры болсо, экинчиси көтөрүңкү пафосто (возвышенное) чакырык иретинде жазылган ыр. Мында, улут тарыхындагы болуп көрбөгөндөй апаат күндөр, каргашалуу окуя акындын көзү менен, жүрөгү менен ушундай кабылданып, ушундай каныркк түтөткөн саптардын жаралышын шарттады. А балким, ал ыр саптарына айрым комментарий-түшүндүрмөлөрдүн зарылдыгы деле жок. Ошол трагедияны көтөрсө жалгыз гана Жер көтөрүп турду, ага жалгыз гана Жер күбө эле, ошол үчүн акын:

> Мына бул жер – мундуулардын энеси,
> мына бул жер - өткөн күндүн элеси...
> Ачкалыктан канча адам ал жерде,
> калган эле көмүлбөстөн денеси.
> Сөөктөрүн карга кузгун мүлжүгөн,
> ойлоп көрүп, азыр болуп жаткандай,

кан бузулуп, кайгыланып, сүрдүгөм, – дейт каңырыгы түтөгөн акын. Отто, окто, ашууларда кырылып,

> жардан кулап, бешик ыйлап, чыңырып,
> ушу элим көп кордукту көргөн эл,

Ак-Суу, Турпан, Ак-Ыязды кыдырып... Мүңкүрөгөн эл жансоогалап Турпанды көздөй кирип барды…

Жамандык жалгыз келбейт. Мөндүрдөй жааган октон, жолдогу азап-тозоктон, бөөдө өлүмдөн алты саны аман калгандар Кытай жергесинде деле жыргап жашап кеткен жок.

Трагедиянын экинчи баскычы мына эми башталды. Андагы кемсинүү, азап, кордук элди бир жолу сөөгүнө жеткире мүңкүрөттү.

Кыргыз прозасында Үркүн трагедиясын көркөм трансформациялаган көлөмдүү чыгарма - Мукай Элебаевдин «Кыйын кезең» повести менен «Узак жол» автобиографиялык романы. Ырас «Узак жол» жөнүндө көп жазылды, окуу программаларында көп жылдардан бери орун алып, мектеп, жогорку окуу жайларында окутулуп келет, окуу китептери, окуу куралдары, монографиялар жетиштүү эле жазылды. 1916-жылдагы улут трагедиясын мынчалык кеңири планда баяндоо маселесинде бул романдын этаптуу, ири көркөм мурас катары мааниси талашсыз.

Арийне, К. Баялинов да М. Элебаев да бири чакан повестте, экинчиси ири көлөмдүү романда ошол кандуу каргашаны баштан-аяк баяндап, анын себептерин териштирүүнү, андан бир саясий, идеологиялык, социалдык тыянак-бүтүм жасоону көздөшбөгөн чыгаар. Искусстводогу сүрөткердин, көркөм адабияттагы акын, жазуучу же драматургдун милдетине бул кирбейт. Белгилүү нерсе ушул: алар окуяны баяндап берүүнүн трагедиялык жолу, ыкмасы менен ошол каргашалуу окуянын эл турмушунда болуп өткөнүн эки каармандын көзү менен (биринде Ажар, экинчисинде автордун өзү) реалисттик ыкмада көркөм баяндап олтурушат. Улут тарыхында болгон окуяны кийинки муун билип жүрүш үчүн көркөм формада трансформациялоонун ички маңызы, мыйзамдары ушул.

Муну акын, жазуучу, драматург, котормочу жана публицист Аалы Токомбаев да жакшы түшүнгөн. Анын, айрыкча, ыр менен жазылган **“Кандуу жылдар”** романы 1916-жылдагы улут трагедиясын башкалардан, ошондогу замандаштарынан кем эмес чагылдырды. Мындай масштабдуу эпикалык поэзия жаратуу анын замандаштарынын көбүнүн колунан келе бербеген иш эле. Анын масштабдуулугу – турмуштук материалдын (теманын) өзү чоң, окуялары кенен, катышкан каармандарынын саны да арбын. Автор муну отузунчу жылдардан алтымышынчы жылдарга чейин отуз жылдын аралыгында улам кайра редакциялап, оңдоп, кошумчалап жүрүп олтурду. Антсе да анын башкы каармандары (Алымкул, Жунуш, Мурат, Нуржан, Токо, Железнов, Антон, Мария) өзгөргөн жок, автор булардын көркөм образдарына гана кошумча-алымчаларды киргизгени болбосо романдын “Таң алдында” деген вариантында кандай болсо ошондой берилген.

Опурталдуу мезгилде опурталдуу теманын үстүнөн иштегени авторго кыйла, кыйла түйшүктөрдү жаратпай койгон жок. Кыркынчы жылдардан алтымышынчы жырдарга чейинки мезгил аралыгында роман боюнча ар кандай пикирлер жарыяланып жатты. 1948-жылы Ж.Бердибеков, 1949-жылы Ө.Жакишев “Чындыгы аз чыгарма”, “Зыяндуу чыгарма” сыяктуу сын макалалар жарыяланса, тескерисинче, анын жакшы жактарын белгилеген макалалар (К. Эсенкожоев 1941-жылы, С. Лицкин, М. Богданова 1947-жылы, К. Кулиев 1958-жылы) жарыяланды. М. Шагинян, К. Зелинский, К. Артыкбаев, Ш. Үмөталиев, Б. Маленов сыяктуу адабиятчылар романдын дурус жактыр менен буруш жактарын адилетүү баалашты. Адабият таануу менен адабий сында романга карата кийинки мезгилдерде да ар кандай пикирлер айтылып келди. Эгемендүүлүгүн алгачкы жылдарында, 1992-жылы гана жзуучу А. Стамовдун “Эркин Тоо” газетасына “Үч чындык жана Улуу Үркүн сабактары” деген макаласы А. Токомбаев тууралуу буга чейин айтылып жүргөн ар кандай пикирлерге чекит койду окшойт.

Опурталдуу тема демекчи, 1916-жылдагы улут трагедиясына алып келген саясий-идеологиялык кырдаалдын өзү, аны көркөм адабиятта трансформациялоонун өзү опуртал болчу. Чыгармадан саясат издөөнүн түпкүрү, себеби да ушул эле. Мынча болду, “Кандуу жылдар” романынын темасы менен идеясын тактап алуу зарылдыгы бар. Менин пикиримде, анын темасы 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш, анын чыгыш себептери менен жүрүшү, жыйынтыктары болсо, анын идеясы – улуу трагедияга дуушар болгон элдин эркиндик үчүн күрөшү, анын ага жетиши болду. Элдин эркинин майтарыл-бастыгы жазуучунун тынчын алып, жан дүйнөсүн козгогон, аны чыгарма жазууга чакырган турмуштагы тигил же бул окуя ошол чыгарманын темасы болсо, ал сөзсүз пафос менен тыгыз байланышта болот. Жазуучунун турмуштук кайсыл теманы (турмуштук мате-риалды) тандап алганы гана эмес, анысын кантип жазуу керек, кандай позициядан туруп жазуу керек, анысынын идеялык багыты кандай болушу керек сыяктуу маселелер да чоң мааниге ээ. Ошол чыгармада автор эмнени

айткысы келди – бул анын пафосуна байланыштуу нерсе. Автордун чыгармасынын темасы коомдук, жалпы адамзаттык жана улуттук (алкактык, локалдык) маселелер ошол чыгарманын темасын каңкуулап турушу шарт. Булардын баары жазуучунун аң сезиминде бир учурда жаралат. А.Токомбаев 1916-жылдагы улуттук көтөрүлүш тууралуу ойлонгондо ага чейинки, учурундагы жана анын кийинки акыбети, ошондогу элдин турмушу, социалдык абал автордун каңырыгын түтөтүп бул чыгарманы жаратууга өбөлгө болду. Ал эми мунун идеясы автордун айтайын деген ою, ал эмнени айткысы келди, мында эмнеге басым жасашы керек – ушуга байланыштуу.

Ошентип, "Кандуу жылдар" романынын темасы 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш, анын акыбети менен элдин башына келген улуттук трагедия болсо, анын идеясы элдин эркиндике болгон умтулуусу, башын калкалап башка өлкөгө качкан элдин азаттыгы. Элдин эркинин майтарылбастыгы... Романды окуп жатканда окурман эмнелерге көңүл токтотушу керек: Мезгилдин социалдык кырдаалы; көтөрүлүштүн чыгыш себептери; чыгармада ошол тарыхый мезгилдеги элдин турмушунун көркөм чагылдырылышы; элдик көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчтөрү, элдин катуу, ырайымсыз жазаланышы; элдин Кытай тарапка качышы, жолдогу көргөн азап-тозоктору; Кытайдагы оор күндөр, элдин ырайымсыздыкка дуушар болушу; Кыргызстанда Кеңеш бийлигинин орношу; романдын көп кырдуулугу, татаал сюжети, ыр менен жазылгандыгы, окуяларынын сүрөттөлүшүнүн кеңдиги, катышкан каармандарынын көптүгү; каармандардын көркөм образдарынын реалдуулугу, окуялардын трагедиялуулугу; чыгармадагы мекенди сүйүү, азаттыкка умтулуу, махабат жана достук темасы; Алымкул, Жунуш, Антон, Мурат, Железнов сыяктуу эл тарабындагы каармандардын аракеттери; элге каршы турган Төлөк, Жанай, Чолпонбай сыяктуулардын образдары; кыргыздарга геноцид алып келген падыша аскерлери, кытай феодалдары жана эл ичинен чыккан кыргыз төбөлдөрү; каармандардын мүнөзүндөгү жекелик жана жалпылык касиетбелгилер; каармандардын образдарын көркөм типтештирүү маселесинин ыңгайлуу чечилиши; романга карата жазылган адабий сындагы К. Артыкбаевдин "А. Токомбаевдин "Таң алдында романы", А. Садыковдун "Революциянын ырчысы" жана А. Стамовдун "Улуу трагедиялуу чындык" сыяктуу эмгектери. Бул изилидөөлөрдө аталган романдын бир катар артыкчылыктары тууралуу айтылган.

А. Токомбаевдин "Кандуу жылдар" романына карата пикирин жазып жатып, окумуштуу К.Артыкбаев мындай оюн айтыптыр: "Бүткөн чыгарманы кайра ондоп, жетилтүү жагынан алганда А.Токомбаевдин ыр менен жазылган "Таң алдында" романы өзгөчө кеп козгоого арзыйт. Чындыгында бул роман А. Токомбаевдин акындык кудуретин толук чагылдырган эпикалык поэзиянын кыл чокусу гана болбостон, жалпы эле жыйырманчы кылымдагы кыргыз поэзиясынын ири жетишкендиктеринин бири". [3, 338-б.] Аталган романдын 1935-жылы жана 1940-жылы жарык көргөн "Кандуу жылдар" аталыштагы биринчи бөлүмү менен автор 1947-жылы жарыялаган "Таң алдында" аталышындагы экинчи бөлүмү бириктирилип, ондолуп, кыскартылып, алымча-кошумчалары менен кийин алтымышынчы жылдардын башында гана окурмандарына сунуш кылды. Ал 1991-жылы кайрадан басылды. Бул романдын үзүндүлөрү тээ отузунчу жылдарда эле гезит-журналдардын беттеринде жарыяланып жүргөн. Романдын биринчи китеби жарык көрөөрү менен кыргыз журтчулугуна чагылгандай тез таркап кетти, ошондогу шартта эң эле окумал чыгарма ушул роман болду.

Ошентип, кыргыз адабий процессинде көлөмдүү роман жазуу ийгилиги дей турган болсок, А. Токомбаевдин "Кандуу жылдар" романы Мукай Элебаевдин автобиографиялык "Узак жол", Түгөлбай Сыдыкбековдун "Кең суу" жана Касымалы Жантөшевдин "Каныбек" романдарынан кыйла мурда жазылып гана тим болбой, улуттук романистика жанрынын ири роман жазуу ийгилигинин төл башы болуп калды деп айтууга негиз бар.

**Колдонулган адабияттар**


1. Токомбаев А. Кандуу жылдар: роман. Чыгармаларынын томдугу. – Фрунзе: Кыргызстан, 1885, 323-б.

2. Турдугулов А. Кыргыз классикасы: адабий мурас – руханий дөөлөт башатында: монография. – Бишкек: Кыргызполиграфкомбинат, 2005, 386-б.

3. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу китеби. – Бишкек, 2004, 338-б.


**Рецензент: филол.и.к., доцент Турдубаева Н.**

УДК 801.8
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-339-343

**Үкүева Б.К.**
Ош мамлекеттик университети
**Укуева Б.К.**
Ошкский государственный университет
**Ukueva B.K.**
Osh State University

# ОКУМУШТУУНУН ТАЛАНТ ДААРЫГАН ТАРЫХЫЙ ИНСАНДАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНА КИРГИЗГЕН ТАКТООЛОРУ
# УТОЧНЕНИЯ, ВНЕСЕННЫЕ УЧЕНЫМ В ТВОРЧЕСТВО ТАЛАНТЛИВЫХ ИСТОРИЧЕСКИХ ЛИЧНОСТЕЙ
# REFINEMENTS MADE BY THE SCHOLAR TO THE WORK OF GIFTED HISTORICAL FIGURES

**Кыскача мүнөздөмө:** Бүгүнкү кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөө жана үйрөнүүдө эске алына турган көп жагдайлар бар экендиги, анын бири Октябрь революциясына чейинки, кийинки мезгилдерде жүргүзүп келген бийлик элдеринин күчкө салып зордоо, кысымга алуу саясатынан улам өзүбүздүн тарыхыбызды билбей, билсек да аны ачык айта албай келгендигибиз. Мындай жагдайдан улам, кыргыз элинин жазуусу, тарыхы болгон эмес деген түшүнүктө болгондугубуз. 1940-1977-жылдары Кыргызстан Коммунисттик партияны жетектеп турган К. Орозалиев менен Т. Усубалиевдердин кетирген кемчиликтеринен улам адабиятыбыздын тарыхына туура эмес мамиле жасалып Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч сыяктуу акындарыбыздын чыгармачылыгына, Молдо Кылычтын чыгармачылыгын изилдеген Т. Саманчинге жана А. Токомбаев, К. Маликовдорго каршы партиялык жетекчиликтин чабуулу катуу болгондугун билебиз. Ошонун натыйжасында аты аталган инсандардын чыгармалары адабияттан алынып ташталгандыгы окумуштуу К. Артыкбаев тарабынан тарыхый фактылар менен берилген. Кечээ гана кайра куруудан кийин бул инсандардын ысмы кайра адабиятыбыздын тарыхынан орун ала баштагандыгы эскертилип, деги кыргыздар ким, кайдан келген деген суроолорго тактап жооп берип, Токтогул менен А. Токомбаевдин, К. Тыныстановдун чыгармачылыгына тактоолор киргизет. Мындай тарыхый чындыкты студенттерге бүгүнкү күндүн талабына ылайык түшүндүрүү ар бир адабиятчынын чоң милдети экендиги макалада белгиленет.

**Аннотация:** При изучении истории кыргызской литературы сегодня необходимо учитывать множество обстоятельств. Одно из них заключается в том, что из-за политических мотивов, проводившихся правящим классом до и после Октябрьской революции, мы не знаем своей истории, а даже если бы и знали, то не могли бы открыто её изложить. В связи с этим сложилось впечатление, что у кыргызов нет письменной истории. Известно, что из-за ошибок К. Орозалиева и Т. Усубалиева, возглавлявших Коммунистическую партию Киргизии в 1940-1977 годах, история нашей литературы была искажена, и партийное руководство нападало на творчество таких поэтов, как Калыгул, Арстанбек, Молдо Кылыч, Т. Саманчин, исследовавший творчество Молдо Кылыча, а также А. Токомбаев и К. Маликов. В результате произведения этих личностей были изъяты из литературы, что, по словам учёного К. Артыкбаева, подтверждается историческими фактами. Отмечено, что лишь после перестройки имена этих людей вновь стали появляться в истории нашей литературы, и они ясно отвечают на вопросы: кто такие кыргызы и откуда они пришли? Вносят ясность в творчество Токтогула и А. Токомбаева, К. Тыныстанова. В статье отмечается, что великий долг каждого писателя – доносить до учащихся историческую правду в соответствии с требованиями сегодняшнего дня.

**Abstract:** There are many points to consider when studying and researching the history of modern Kyrgyz literature, one of which is that we did not know and could not talk openly about our history because of the policy of violent coercion, oppression of the people by the authorities conducted in the period before and after the October Revolution. Due to this situation, we had a perception that the Kyrgyz people had no written language and no history. From 1940-1977 he headed the Communist Party of Kyrgyzstan. Orozaliev, etc. Due to the shortcomings of the Usubalievs, the wrong attitude was applied to the history of our literature, in particular, to the work of such poets as Kalygul, Arstanbek, Moldo Kylych, who studied the work of M. Kylych. Samanchinu and A. Tokombaev, K. We know that the attack of the party leadership on the Malikovs was harsh. As a result, the works of eminent personalities were withdrawn from literature. Provided by Artykbaev with historical facts. Only yesterday, after perestroika, the names of these people began to take

their place in the history of our literature again.Who are the Kyrgyz and where did they come from? with Toktogul A. Tokombayev, K. Clarifies the work of Tynystanov. The article notes that the great task of every literary scholar is to explain this historical truth to students in accordance with the requirements of today.

**Негизги сөздөр:** тарых; тактоолор; чыгармачылык; изилдөөлөр; окумуштуу; фактылар; адабият.

**Ключевые слова:** история; разъяснения; творчество; исследования; ученый; факты; литература.

**Keywords:** history; explanations; creativity; research; scientist; facts; literature.

**Киришүү** Белгилөөчү жагдай окумуштуу, акындын Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы тарабынан 1994-жылы Бишкектен жарык көргөн «Талант сыры» эмгеги (Адабий изилдөөлөрү жана адабий портреттери) башка жарык көргөн мурдагы эмгектеринен ички мазмуну, тематикалык – идеялык өзгөчөлүгү, тарыхый аргументтүү фактыларга байлыгы менен изилдөөбүздүн актуалдуулугун пайда кылып олтургандыгын белгилеп көрсөтүү макаланын негизги ички маңызы болуп саналат. Анткени, бул зарылдык окумуштуунун улам тереңден тереңдикке умтулгандыгынан, тарыхка так карагандыгынан, адабиятка адилет мамиле жасагандыгынан келип чыгып отурат десек туура болот жана жаңылышпайбыз. Бул позициядан алганда окумуштуу жана адабиятчы К. Артыкбаевдин «Талант» сыры эмгегинин ички мазмуну аркылуу анын кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөчү окумуштуу жана сынчы катары талантынын бир кырын гана ачып берүү, болгондо да кыргыз адабиятыбыздын тарыхындагы таланттуу чыгармачыл инсандардын чыгармалачылыгына илимий жактан тактоо киргизип, тарыхыбызга тактоолорду сунуштап, биз атай турган инсандардын эмгегине адилет баа берип, ал инсандардын тарыхыбыздагы салмагын таразалап көрсөтүү менен ага адилет баа берүү максатыбыз болгондугун ачык көрсөтүү болду.

Колдонулган метод: илимий теориялык.

**Талкуу жана натыйжа** Таланты таш жарган тарыхый инсандарыбыз өтө көп. Бирок алардын улуу тарыхыбыздан алган орду ушул мезгилге чейин илимпоз тарыхчы, адабиятчыларыбыз тарабынан такталбай, белгиленбей жатканы өкүнүчтүү. Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдеген чыгаан улуу окумуштуу катары К. Артыкбаев мына ушул маселе боюнча олуттуу иштерди жасаган. Айрыкча "кыргыз" деген ат, уруу кайдан чыккан, кай жерлерде жердеген?, деги эле Кыргызстандын ар кайсы регионунда жашаган кыргыз эли эзелтен бери өз жерин жердеп келе жатышабы же көчкүн калкпы? деген сыяктуу олуттуу проблема көтөргөн маселелердин тегерегинде жогоруда белгилегендей Анвар Байтурдун колдо бар, так аргументтүү фактыларына таянып бир нече толуктоолорду бергени кыргыз тарыхы үчүн да, адабиятты үчүн да табылга болду. Дагы бир ушундай бир табылга окумуштуунун бизге аты анча тааныш эмес Сары-Өзөн Чүйдүн ( мурдагы Москва районундагы) Жарды-Суу айылынан чыккан, болжол менен 1858-жылы туулган санжырачы Бала Айылчы тууралуу берген изилдөөсү болду. Анткени аталган санжыра Бала Айылчынын өз колу менен араб алфавитинде жазылган. [1, 52-б.]

Бул санжырачынын башкалардан болгон айырмасы катары окумуштуу төмөнкүлөрдү санайт: 1) Ата-бабаларыбыздын кимисинен кимиси таралгандыгын санап жүрүп отурууга караганда кимдердин учурунда кандай окуялар болгон эле деген суроого аз, үстүрттөн болсо да жооп берүүсү, тарыхый чындыкка көп жагынан дал келгендигинде. Айрыкча калмактарга каршы күрөш Ысык-Көл, Ала-Тоодон сүрүлүп, кайра баскынчыларды кууп өз жерине келгендиги. 18 – кылымдын баш ченинде кыргыз элинин бир бөлүгү калмактардын кысымынан улам тажик жергесине Тосар, Гуляб тоолоруна качуусу. 2) Азыркы Ооганстандагы кыргыздардын түпкү теги Гисар, Гуляб тоолорунда жашаган кыргыздар ооган жери менен чектеш туруп, кайра өз жерине кайтышканда Козордун, Эмгектин чөбөрөсү Талкан бийдин уулу Бегиш башкача айтканда Тагайдын уругу ошол жакта калгандыгы. 3) Ал эми Тажикстанда сүрүлгөн кыргыздардын кайра келишинде кытай Амурсанынын чоң себепкер экендигин бир топ тарыхый адабияттар аркылуу бизге жеткиргени кыргыз улутунун тары-

хына дагы бир даректүү материал келгендигинен кабарлайт. Ошентип Бала Алайчынын санжырасын билүү аркылуу өзгөчө түндүк кыргыз урууларынын ата тек таралышын, алардын уруу башчыларынын учурундагы окуялар жөнүндө тарыхый негизи бар кабар алуу менен элибиздин өткөндүгү тарыхын туура түшүнүүгө өбөлгө алдык.

Ал эми окумуштуунун "Токтогулдун мурастарын жарыялоодогу оң, терс көрүнүштөр" тууралуу изилдөөсүндө жалпы эле акындын 1938, 1940, 1950, 1954, 1956-жылдыр аралыгында жарык көргөн жыйнактарында улуу акындын мурастарына өтө этият мамиле керектигин эскертүү менен 1964-жылы Токтогулдун 100 жылдык юблейине карата чыккан чыгармаларынын эки томдугуна өзү да редакциялык мүчөсүндө бар экендигин эскертет. Ал томдуктун кандай мээнет, күч менен чыккандыгын да белгилеп көрсөтөт. Ошондой эле Токтогулдун адабий мурастарын элге жеткирүүдө Калык Акиевдин ролу зор экендигин, анткени 1938-1940-жылдар чыккан жыйнактар, "Кедейкан" поэмасы толугу менен Калык Акиев тарабынан жыйналгандыгы тууралуу сөз кылат. Андан аркы изилдөөнүн учу 1989-жылы Токтогулдун 125 жылдгына карата бир топ иштер жасалгандыгы, башкача айтканда союздук, чет мамлекеттерден коноктор чакырылгандыгы, өз жеринде акындын музейи ачылгандыгын, мүрзөсү, турак үйү жаңыртылгандыгын, салтанаттуу чогулуштар Москвада, Фрунзеде өткөрүлгөндүгүн, баарынан да 1964-жылы чыккан жыйнак кайрадан басылгандыгын белгилейт. Бирок кайра аны басып чыгарууда орчундуу олдоксондук кетирилгендигин мындай тастыктайт. 1) Айрым ырлардан алынып, кээ бир ырлар үзүп жарылып берилгендиги. 2) эки томдуктагы ырларга берилген "түшүнүктөр", "комментария" деген сөз менен алмашылганы. 3) Эч кандай ондоо, толуктоо киргизбегендиктерине карабай мурдагы редакциялык коллегия - Т. Сыдыкбеков, С. Закиров, К. Артыкбаевдердин редакциялык коллегиялык мүчөдөн таптакыр сызылып ташталышы адилеттүүлүккө жатпай тургандыгын белгилеп келип, ал жыйнакты (1964) чыгарууда көп эмгек талап кылышкандыгын эскерет.

Ошону менен бирге 1964-жылы жарык көргөн жыйнакта ушул мезгилге чейинки томдуктарда келтирилген бир топ кемчиликтер эске алынгандыгын белгилеп көрсөтөт. Анын бири Токтогулдун шакирттеринин жазып берген материалдарын өтө урматтоо менен кылдат пайдаланылгандыгы. Токтогулдун мурастарын жазып берген шакирттеринин арасында атактуу акын К.Акиевдин алынгандыгы. Анткени, ал эс тартканда Токтогул менен бирге жүрүп, таалим алып, ырларын үйрөнүп, анын идеялык-көркөмдүк жагынан жогору турган негизги чыгармаларын бүт жатка айткан адам катары бизге жетип отургандыгын ага баалоо менен мамиле кылгандыгы.

Бирок окумуштуунун илимий көз карашына караганда буга чейин чыккан акындын томдуктарында К. Акиевдин эмгегинин эске алынбагандыгы, экинчиден кээ бир ырларынын строфаларын бузуп ,бөлүп жаруулар кездешендиги аталган жылдарда жарык көргөн чыгармаларынан тактап көрсөткөн улуу акындын чыгармаларына мындай мамиле албетте адабиятчы катары К. Артыкбаевди гана тынчсыздандырбастан, бизге окшогон адабиятчыларды да тынчсыздандырат. Экинчиден гумманист демократ акындын ырларынын ушул акыбалга келиши анын аброюн да төмөн түшүрөт. Үчүнчүдөн акындын жалпы чыгармачылыгын илимий жактан изилдөөдө да өзүнүн залакасын тийгизбей койбойт. Ошон үчүн мындай талант даарыган адамдарга олуттуу мамиле жасоо бир эле адабиятчы же илимпоздордун эмес, бүткүл кыргыз атуулу үчүн жоопкерчиликтүү милдет деп ойлойм.

Деги эле окумуштуунун бул китеби кыргыз адабиятынын тарыхына көптөгөн тактыкты, толуктоолорду алып келгендиги өтө кубанарлык көрүнүш. Себеби биз бул китеп менен тааныш болгонго чейин А. Токомбаевди К. Тыныстановдун жетишкендигин, талантын көрө албаган ичи тар адам деген түшүнүккө келгенибиз анык. Жалпы адабиятты сүйүүчүлөрдү бул ойдон окумуштуунун "А. Токомбаев жана К. Тыныстанов" деген изилдөөсү менен тааныш болгондон кийин ал оюбуздун жаңылыштыгын ачык сезүүгө туура келип отурат. Ага К. Артыкбаевдин кашкайган төмөнкү фактылары күбө. Көрсө А. Токомбаев өзүнүн тунгуч "Ленин тууралуу" деген ыр китебинин кол жазмасын 1924-жылы басмага тапшырганда жыйнакты рецензиялоо К. Тыныстановго тапшырылган экен. Кол жазма менен К. Тыныстанов таанышып чыгып, А. Токомбаевге Лениндик образы туура эмес түзүлгөн. Бул китепте жол башчы Ленин эмес эле Троцкий болуп калган деп жыйынтык чыгарып басмага уруксат бербей коет. Бул фактыны окумуштуу К.Артыкбаев архивден таап олтурат. Көрсө жогорудай жыйынтык менен К. Тыныстанов басмага уруксат бербей койгондон кийин А. Токомбаев китебин

Ташкенттен чыгарып алат. Мына ошондон Тыныстанов колдонуудан алып таштоо сунушу менен партиянын областык кеңешинин мүчөсү катары комиссияны макулдатып, комиссиянын атынан обкомго кайрылган, андан жыйынтык болбогондон кийин 1937-жылы Кыргызстан КПБКнын биринчи секретары Белоцкийге кат менен кайрылгандыгын көрөбүз. Анын мазмунунда өзүнүн жыйынтык сөзүн айткандыгын, мүмкүн эмес болсо да кайра ал Ташкенттен жарык көргөндүгүн. Ага санкция берилбегендигин жыйнак жарык көргөндөн кийин анын идеялык-эстетикалык көркөмдүгү начарлыгын белгиленген Догдуровдун макаласы жарык көргөндүгүн, ага карама-каршы көз караштагы Рахматуллиндин макаласы жарыялангандыгын ал макалада жыйнак макталуу менен бирге К. Тыныстанов бул жыйнакка контреволюциялык мамиле жасаган деген пикири "Кызыл Кыргызстан" газетасына чыгарылгандыгын бул материалдан кийин К. Тыныстанов Таукинге (1934) кайрылгандыгын, андан жыйынтык чыкпагандан кийин гана секретарга кайрылгандыгы так фактылар менен жазылган.

Мындай ыксыз санда берүүлөрдү туура эмес деп эсептеген окумуштуу К.Артыкбаев өз оюнда К. Тыныстановдун бул мамилеси туура эмес экендигин белгилеп келип, мына ушундан адабий атмосферадан улам А. Токомбаев башка авторлор менен биргелешип жазган К. Тыныстановдун "Академия кечелери" циклынын айрым "Шабдан", "Таптардын" таламдары" бөлүмдөрү ынанымсыз чыгып калгандыгын көрсөткөн. Бирок ал жазган бөлүмдөрдүн баарын каралоо болгондугун калган бөлүмдөрүнө ''Мундуулар'' берген он баасынан көрүүгө болот. Бирок А. Токомбаевдин чыгармачылыгынын 10-жылдыгына карата юбилейлик макалаларда К. Тыныстанов анын чыгармачылыгына оң баа берип, жазма адабиятыбызда биринчи орун ага тиешелүү экендигин көрсөтөт. Андан 3 күн өткөндөн кийин 1933-жылы 9-июнда "Кызыл Кыргызстан "газетасына "Мен баскан жол, менин чыгармам, менин ырым", деген малакасын жарыялап, "Алаш ордо" партиясынын катарында болуп, байчыл, манапчыл идеялогиянын жактап келгендигин ошол көз караштардын айрымдары " Академия кечелерине" кирип кеткендигин мойнуна алып жазган. Бирок андан төрт жыл өткөндөн кийин Белоцкийге мындай катты жазышы К. Тыныстановдун оюнда баары бир бир нерсе бар экендигин далилдейт. Муну К. Артыкбаев да мындайча белгилейт."Саясий айып коюп каралоо аракетинин К. Тыныстанов тарабынан биринчи башталгандыгын эске алсак анда "сынашуу", "атаандашуу" күрөшүнүн эки тараптан тең болгондугун өзгөчө биринчи "ок атуу" приоритети К. Тыныстановго тиешелүү туура туюнуу анча кыйынчылыкка турбайт" дешинин өзү эле биздин артыбыздагы келечек муундарыбыз ар нерсени өз аты менен атап, жокту жок, барды бар деп тарыхты бурмалабай түшүнүүсүнө ал эле эмес ошол мезгилдеги коомдук атмосферанын өзү көп нерсе алып келгендигин түшүнүп, адилет жыйынтык чыгарууга түрткү болот десек болот.

Ал эми "Тарыхчы, фольклорист, акын" деген эң сонун изилдөөсүндө тарыхый инсан Белек Солтоноев кыргыз элинин тарыхын 1890-жылдан баштап ар кандай булактарга, илимий пикирлерге, элдик оозеки чыгармаларга таянуу менен өзүнүн "Кыргыз тарыхы боюнча материалдар" деген кол жазмасына калтырып кеткендиги баяндалат. Бул баян жөн эле курулай сөздөн эмес тарыхчынын китепти жазуудагы чыныгы аракеттери толук фактылары менен берилген. Болгондо да кыргыз элиндеги биринчи жолу сабаттуу, билимдүү орус тили жакшы билген тарыхчы болгон. Анын бул эмгеги С.М. Абрамзондун, Ш. Бабаевдин эмгектеринде белгиленген. Белек Солтоноевдин тарабынан: бир "Кыргызча алиппе китеби","Акыл деген эмне?", "Жетим кыздын ыры", " Кыскача кыргыз тилинде словарь", "Кыргыз макалы", "Жыл он эки ай" жана башка эмгектери 1924-жылга чейин жазылгандыгын окумуштуу эскертет. Ошону менен бирге Б. Солтоноев 20-жылдагы орус классиктеринин китептерин которгондугун жана ал таланттуу акын экендигин анын "Балачак"поэмасынан бир нече лирикалык чыгармаларынан жана өмүрүнүн акырында өз уулу Румканга арнап жазган "Румкан" поэмасы аркылуу билүүгө боло тургандыгын окумушту изилдөөгө алган.

**Жыйынтык** Ошентип жыйынтыктай келгенде окумуштуу, кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөчү жалпы эле адабиятчы, сынчы, акын жана котормочу К. Артыкбаевдин "Талант сыры" адабий изилдөөлөрдөн, адабий портреттерден тургандыгын байкадык. Буга чейин жазылган "Чалгын" (1962) , "Изденүүлөр жана табылгалар" (1966), "Ар түрдүү издер" (1968), "Чыгармалар жана ойлор"(1974), "Мезгил элестери"(1979) монография, адабий изилдөө, адабий сын тууралуу жарык көргөн китептеринен бир топ эле айырмалангандыгын көрдүк. Ал өзгөчөлүү албетте адабиятчынын

талантынан, болгондо да окумуштуу улам жыл өткөн сайын өзүнүн билимин улам тереңдетип, ал үчүн күн, түн эмгектенип отургандыгынан көрүнөт. Аны өзү да ушул китебинде ачык далилдөөгө жетише алган. Бекеринен аталган китеп "Мезгил", "Адабият" жана "Талант сыры" деген бөлүмдөрдөн турбастыгы анык. Ал өзүнүн китебинин биринчи бөлүмүндө улам коом өзгөргөн сайын ошол мезгилдин шартына ылайык тарых да өзгөрүлөөрүн, адабияттын тарыхы да өзүнөн өзү ошол коомдук шартка ылайыкташаары жөнүндө сөз кылат. Бирок коом өзгөргөн менен анын тарыхы башкача айтканда мурда баштан өткөн тарыхты өзгөртүп жиберүүгө мүмкүн эместиги, мейли ал коомду танalы, бирок болгон тарыхты бүгүн танып эч жакка качып бара албастыгыбызды, болгон нерсе ал азыр жок болуп кетсе да мурдагы өз ордунда кала тургандыгын бир канча аргументтүү материалдары менен далилденет. Айрыкча адабиятыбыздын, адабият таануубуздун, адабият сыныбыздын алгачкы мезгилдеринен баштап согуштан кийинки этаптарына чейин көптөгөн тактоолор киргизиле тургандыгын маалымдаган тарыхый фактылар бүгүнкү күнү адабиятыбыздын жогоруда аталган бөлүмдөрү боюнча бир канча тактоо толуктоолор керектигин кабарлоо менен адабият тарыхын жазуучуларга түздөн-түз милдеттендирет. Айрыкча бул зарылдык "Кыргыз адабиятынын тарыхындагы түзөтүүгө муктаж айрым маселелер, " Нукура кыргыз тарыхы жөнүндө сөз", "Бала Айылчы жана анын санжыра тарыхы" деген изилдөөлөрүн окугандан кийин дайын эле көрүнөт. Ушул убакка чейин "кыргыз" деген сөздүн, улуттун кайдан чыккандыгын так айта, далилдей албай, бир пикирге келе албай жүргөн биз үчүн эң чоң материал. Ал эми окумуштуунун бул эмгеги адабиятчылар үчүн эле эмес, тарыхчылар үчүн өтө керектигин ушул жерден билинет. Айрыкча кыргыздардын Улуу Октябрь революциясына чейинки улуу тарыхын изилдөөдө бул эмгек табылгыс мурас-кенч болуп берет. Дагы бир кызыгы көбүнчө адабият таанууда, сында Т. Токомбаевди, К. Тыныстановдун ашыккан "Оппоненти" катары караган көз караштар бүгүнкү күнгө чейин өкүм сүрүп келе жатат. Аталган эмгекти окугандан кийин А. Токомбаевге болгон көз карашым башка оң жакка бурулгандыгын мен да да айта кетишим керек.

Муну өзү окумуштуу, адабиятчынын адабиятыбыздын тарыхын терең изилдеп, ага терең маани берип, ошол өзгөчөлүгү менен жалпы адабиятты изилдөөчүлөрдү өзүнө тартуучу касиетке ээ болгондугун далилдейт. Ал эми тарбия берүү жагы көптү билдирүү менен гумандуулукка тарбиялап, ар бир окурманды адилет, жашоого так, адептүү болууга үндөйт.

**Колдонулган адабияттар**

1. Артыкбаев К. Талант сыры: Адабий изилдөөлөр, адабий портреттер. – Бишкек, 1994, 52-б.
2. Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Бишкек: Мектеп, 1982.
3. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 1 том. – Бишкек: Илим, 1987. 2 том, 1990.
4. Ачуу чындыктын азыраак кени // Кыргызстан маданияты, 1991, 21/XI.
5. Маданиятка партиялык жетекчиликтин кедергиси // Кыргызстан маданияты, 1991, 28/XI.
6. Тарых такталбаса, тарыхый чыгарманын тагдыры кандай болот? // Кыргызстан маданияты, 1991, 9/XII.
7. Сөз нукура кыргыз тарыхы жөнүндө // Кыргыз туусу, 1992, 14-19/XII.
8. Бала Айылчанын санжырасы тууралуу // Чүй баяны, 1993, 15/У.
9. Токтогулдун мурастарын жарыялоодогу оң, терс көрүнүштөр // Эл агартуу, 1989. №10.
10. А. Токомбаев жана К. Тыныстанов // Эркин Тоо, 1991, 19-5/X.
11. Тарыхчы, фольклорист, акын // Кыргызстан маданияты, 1989, 12/XII.

**Рецензент: пед.и.д-р, профессор Колдошев М.**

УДК 801.8
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-344-349

**Үкүева Б.К.**
Ош мамлекеттик университети
**Укуева Б.К.**
Ошский государственный университет
**Ukueva B.K.**
Osh State University

# УЛУУ ОКУМУШТУУНУН КӨӨНӨРБӨС МУРАСТАРЫ
# БЕССМЕРТНОЕ НАСЛЕДИЕ ВЕЛИКОГО УЧЕНОГО
# THE INDELIBLE LEGACY OFA GREAT SCIENTIST

**Кыскача мүнөздөмө:** Аталган макалабызда улуу окумуштуу Качкынбай Артыкбаев адабият таануу илимине опол тоодой эмгегин кошкон кадырлуу адабият таануучу, тажрыйбалуу педагог, таасирлүү сынчы, курч калемдүү публицист, таланттуу котормочу, акын катары бир топ эмгектери менен бизге белгилүү экендигин, башкача айтканда, бери эле дегенде адабий изилдөөлөрү жана адабий сындагы жараткан эмгектери 12 ден ашса, ал эми анын окуу китептери, окуу куралдары, окуу программалары 14 төн ашыктыгын, коомго адабиятчы, окумуштуу катары таанылбастан акын катары да аттын кашкасындай белгилүүлүгүн «Байчечекей» (1964), «Тоолор менен сырдашуу» (1968), «Жаркын өмүр» (1975), «Жолдор жана тагдырлар» (1981), «Таазим» (1987), «Замана» (1994), ”Дил сыры”(2004) жана башка ырлары, поэмалары, дастандары камтылган жыйнактары, жана котормолору бар экендигин баяндайбыз. Окумуштуунун мындай табигый көп кырдуу касиеттерине таянуу менен бул инсанды кайталангыс талант катары окурманга таанытуу макаланын максаты болуп саналат. Демек жогорудагыдай аргументтерге таянуу менен К.Артыкбаевдин өмүр чыгармачылыгы изилдөөгө татыктуу жана аны изилдөө улуттук адабиятты сүйгөн жана аны кадырлап, сыйлап адабияттын тарыхын билүүгө кызыккандар үчүн ар дайым актуалдуу болуп кала бере тургандыгын чагылдыруу макалабыздын милдети болуп саналат.

**Аннотация:** В данной статье речь идет о великом ученом Качкынбае Артыкбаеве, известном нам как уважаемый литературовед, опытный педагог, влиятельный критик, публицист с острым пером, талантливый переводчик, внесший значительный вклад в литературоведение. Его литературные исследования и критика превышают 12 публикаций, а его учебников, учебных пособий учебных программ более 14. Качкынбай Артыкбаев известен обществу не только как литератор, ученый, но и как поэт. Ему принадлежат сборники стихов, поэм, дастанов «Байчечекей» (1964), «Тоолор менен сырдашуу» (1968), «Жаркын өмүр» 1975), «Жолдор жана тагдырлар» (1981), «Таазим» (1987), «Замана» (1994) “Дил сыры” (2004) и др. Принимая во внимание его природные многогранные качества ученого, мы можем признать эту личность как уникальный талант. Жизнь и творчество Артыкбаева достойны изучения, и целью нашей статьи является отражение того, что изучение его наследия всегда будет актуально для тех, кто любит литературу и интересуется историей национальной литературы.

**Abstract:** In- this- article, the great-scholar. Kachkynbai Artykbaev is known to us as a respected literary-scholar, an-experienced teacher, an-influential critic, a publicist with a sharp-pen, a talented translator; and a poet who has made a significant-contribution to literary studies. That is, at least his literary studies and literary criticism-exceed 12, and his textbooks, teaching aids and curricula exceed 14- Kachkynbai Artykbaev is known to the society not only as a literary-scholar but-also as a poet. He owns collections of poems, poems, epics "Baichechekey" (1964), "Joldor jana tagdyrlar" (1968), "Yarkyn-zhamur"- (1975), "Roads and destinies"-(1981), "Taazim" (1987), "Zamana" (1994) “Zamana”(2004) and others, and translations prove to-him. Based on such natural multifaceted properties of the scholar, we can recognize this personality as a unique talent. Consequently, relying on arguments such as those given above. The life and work of Artykbaev is worthy of study, and the purpose of our article is to reflect that his study will always be relevant for those who love national literature and are interested in the history of literature, respecting and honoring it.

**Негизги сөздөр:** окумуштуу; адабиятчы; сынчы; педагог; акын; публицист; көп кырдуу талант; чыгырмачылыгы.

**Ключевые слова:** ученый; литератор; критик; педагог; поэт; публицист; разносторонний талант; творчество.

**Keywords:** scientist; literary scholar; critic; teacher; poet; publicist; versatile talent; creativity.

**Киришүү** Кыргыз адабият таануусуна элүүнчү жылдардан баштап опол тоодой өлбөс, өчпөс эмгегин калтырып кеткен көрүнүктүү илимпоз, адабиятчы, сынчы, акын жана публицист, котормочу, Кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын ээси, Кыргыз Республикасынын коомдук илимдер академиясынын академиги, 400дөн ашык илимий макалалардын, 12 монография жана адабий сын жаатындагы эмгектердин, 14төн ашык окуу китебинин жана окуу куралдардын, окуу программаларынын, 9 ырлар жыйнактарынын, 5 котормолордун автору, филология илимдеринин доктору, профессор, өмүрүнүн акырына чейин Ж.Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин кафедра башчысы Качкынбай Артыкбаевдин чыгармачылык өмүр жолу чындыгында кайталангыс өмүр жол. Анын ар бир эмгегинин мазмундук, тарбиялык салмагы ат көтөргүс жана изилдөөгө татыктуу.

**Колдонулган метод:** Илимий -теориялык.

Талкуу жана натыйжа

Устатыбыз профессор Киреше Иманалиев: "Өмүрүнүн жайында кирген суудай буркан-шаркан түшүп ташкындаган, кээде уч-кыйрына көз жетпей мелмилдеген дайрадай болуп, жай аккан мезгилин, анын ачуу менен таттуусун бүтүндөй адабий ишке арнаган инсандардын арасынан адабиятчы – илимпозчулукту, акын жана котормочулукту, сынчы жана педагог – нускоочулукту бирдей алып жүргөн, ушулардын ар биринде кайталангыс талантын көрсөтүп, бир элдин адабият - искусствосуна, илим менен маданиятына, билим жана тарбия берип, кадр даярдоо ишине көрүнүктүү салымын кошуп, көңүл кушун көкөлөтүп, эстетикалык рахат тартуулаган ондогон поэтикалык китептердин, сын жыйнактарын, илимий монографиялар менен окуу китептерин, публицистика менен котормолорду өз элинин адабий казнасына тартуулаган кайсы элде болсо да өтө сейрек кездешет. Мына ошондой сейрек кездешкен таланттардын бири Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, филология илимдеринин доктору, профессор Качкынбай Артыкбаев" (Качкынбай Артыкбаев. Бишкек. – 2004. 170-бет.) -деп белгилегендей биз бир аз лирикалык чегинүү жасап, окумуштуу К.Иманалиевдин оюн тастыктоо иретинде улуу окумуштуунун көөнөрбөс эмгектерине анын ичинен адегенде монография, сын китептерине аз да болсо хронологиялык тартипте обзор жасай кетүүнү туура көрдүк. Оюбузду төрт бөлүккө бөлүп берсек болчудай.

I бөлүк. Монографиялары жана адабий сынга байланыштуу эмгектери

Улуу окумуштуунун таланты мектепте жүргөндө эле башталгандыгын анын 1951-жылы университетке кирүү экзаменин тапшырып жатканда жазылуучу сочинениесин жалаң ыр менен жазып, "эң жакшы" деген баага татыктуу болгондугунан, университетте окуп жүргөн кезинде эле "Жаш акындардын чыгармачылыгындагы А.Осмоновдун таасири" аттуу алгачкы адабий сын макаласын 1956-жылы "Ленинчил жаш" газетасына жарыялагандыгынан билебиз. Айрыкча кыргыз адабият таануу илимине профессионал сынчынын келгендигин "Чалгын" Фрунзедеги Кыргызмамбасмаканасынан 1962-жылы, 275 беттен турган адабий сын китебинин жарык көрүшү кыргыз адабий сындын тарыхындагы биринчи китеп катары таанылып, адабий коомчулукта жакшы ой пикирлерди туудургандыгы менен баалуу болгондугунан көрөбүз. Андан көп узабай 1965-жылы окумуштуу Асанбек Табалдыев менен бирге Советтер Союзунун баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин эрдиги тууралуу маалыматтарды тактоо менен жазышкан "Баатырлар сымбаты" Фрунзедеги "Мектеп" басмасынан чыккан 140 беттен турган очерктер жыйнагы болгон. Ага удаалаш 1966-жылы "Изденүүлөр жана табылгалар" монографиясы жарык көрүп, анда профессионал адабият таануу илими менен адабий сындагы айрым урунтуу маселелер менен бирге жазуучуларыбыздын адабий портреттерине адабий сынчы катары омоктуу адилет ойлорун айтып коомчулукка таанылган. Эгерде жогоруда белгилегенибиздей окумуштуунун андан аркы хронологиялык тартиптеги эмгектерине токтолгонубузда " Ар түрдүү издер" (1968, 160бет) окумуштуунун адабият таануу, адабий сындагы үчүнчү китеби катары белгилүү болуу менен анда азыркы мезгил менен айтканда улуу муундагы К. Баялиновдун, А. Токомбаевдин, М. Токобаевдин, Ж. Турусбековдун чыгармачылык өнөрканасына токтолуп, алардын чыгармаларынын жазылыш тарыхындагы идеялык удаалаштык принцибинин сакталгандыгын чыгармалары

аркылуу далилдеп көрсөткөндүгү. Окумуштуунун "Сын сапары" (1970, 256-б.) аттуу макалалар жыйнагында басымдуу орун М. Элебаевдин, Ж. Бокөнбаевдин, К. Жантөшевдин, А. Осмоновдун чыгармачылык өнөрканасындагы мурдагы эмгектеринде белгиленбей, байкалбай кеткен чыгармаларынын көркөмдүк эстетикалык касиеттерин ачып көрсөткөндүгү. Мындан анын кыргыз адабиятындагы азырынча чечилбей жаткан, кандайдыр себептер менен алиге чейин туура эмес талкууланып жүргөн орчундуу жактары тууралуу адилет жана актуалдуу ойлорун таанууга болот. "Чыгармалар жана ойлор" (1974, 246-б.) сын китеби кыргыз адабиятынын орчундуу маселелеринин тегерегинде өзгөчө фольклор менен жазма адабияттын карым катнашы тууралуу А. Токомбаев менен К. Маликовдун чыгармачылыгындагы өзгөчөлүктөрдү, андагы кездешкен оош кыйыштарды көркөм далилдер менен ишенимдүү, илимий практикалык жактан негиздүү анализдеп бере алган. Фрунзедеги Кыргызстан басмасынан 1979-жылы жарык көрүп, 196 беттен турган "Мезгил элестери" китебине негизинен макала жана адабий портрет сыяктуу эки түрдүү жанрдагы макалалары кирген. Башкача айтканда адабият таануу илимибиздин адабияттын тарыхы, адабий сын, адабият теориясы өндүү үч бөлүмүнүн өз ара карым катнашы, эволюциялык процессиндеги закон ченемдүү тенденциялары илимий, так, ынанымдуу көркөм натыйжалары менен көрсөтүлүп берилген. Андан кийинки 1984-жылы жарык көрүп, 334 беттен турган "Тандалмаларынын" негизги мазмунун окумуштуунун мурда жарык көргөн изилдөөлөрүнүн, адабий сын макалаларынын, адабий портреттеринин айрымдары түзөт. Өзгөчө "Изденүүлөр жана табылгалар" монографиясындагы А. Токомбаевдин чыгармачылык өнөрканасына жана К. Баялиновдун "Көл боюнда", М. Мураталиевдин "Жаңы конуш" повестерине, "Мезгил элестеринде" Т. Сыдыкбековдун, Ч. Айтматовдун, К. Баялиновдун, К. Жантөшевдин, А. Стамовдун чыгармаларына анализ жасоо менен Орто кылым адабияты тууралуу да илимий көз караштарын далилдүү ачып берген.

Илимпоз адабиятчы, адабий сынчы, публицист, акын педагог жана коомдук ишмер К. Артыкбаев "Акыйкат сабагы" (Бишкек: Адабият, 1991, 286-б.) эмгегинде байыркы жана орто кылымдагы кыргыз адабиятын үйрөнүүдө болгондо да Жусуп Баласагындын "Кут алчу билим", Махмуд Кашгаринин "Дивани-лугат-ат түрк" эмгектерин кыргыз элине таандык экендигин өздүк жана илимий концепцияда аргументтүү материалдардын негизинде тастыктайт. Ошондой эле К. Акиевдин чыгармаларынын эволюциясы тууралуу сөз козгоп, тарыхчы, этнограф, фольклорист, акын Б. Солтоноевдин, Арстанбектин мурастары кыргыз элинин маданиятынын тарыхына кирүүгө толук акылуу экендигин өз ойлорунда таасын, так, ынанымдуу бекемдейт.

Кыргыз адабиятынын өнүгүш тарыхында К. Баялинов менен М. Алыбаевдин өз орду бар чыгармачыл инсандар катары алардын өмүр таржымалындагы жана чыгармачылыгындагы айрым мүчүлүштүктөргө тактоолорду "Кыйын өткөөл", "Унутулбас Мидин" деген темаларда киргизип, окумуштуу тарабынан такталгандыгы кубанычтуу көрүнүштөрдүн бири десек болот. Ал эми таланттуу акын жана драматургдарыбыз Ш. Садыбакасов менен Ж. Садыковдун драма жаатындагы ийгилиги "Көркөм сөздүн дыйканы", "Көрөңгөлүү чыгармачылыкта" белгиленсе, чындыкты, акыйкатты акыйкат таануу, дүйнөнү акыйкат таануу Ч. Айтматовдун "Кыямат" романында канчалык деңгээлде көркөм чагылдырылгандыгы "Акыйкат сабагында" анализге алынат. Төрөлгөндөн алты айдан кийин айнектей эки көзүнөн ажыраган А.Бердибаевдин чыныгы акындык жана инсандык жүзү "Төкмөлүктөн профессионал поэзияга карай" деген макаласында таасын баяндалат. Дегинкиси биз жогоруда окумуштуунун монографияларын, адабий изилдөөлөрүн, адабий сын китептерин хронологиялык тартипте берүүгө аракеттендик.

Макалабыздын экинчи бөлүгүндө окумуштуунун таасын педагог катары жазган эмгектерин Улуу окумуштуу тууралуу илимий иш жазуучулар: аспиранттар, магистранттар, докторанттарга кереги тийип калабы деген максатта толук хронологиялык тартипте берүүнү эп көрдүм. Анткени азыр айрым чыгаан инсандар тууралуу маалымат табуу кыйынга турган мезгил.

## II ОКУУ КИТЕПТЕРИ, ОКУУ КУРАЛДАРЫ, ОҢУУ ПРОГРАММАЛАРЫ

**Кыргыз тилинде:**

**12.** «Фольклордук практиканын» программасы (С. Бегалиев менен бирге) – Фрунзе, 1976, 15-б. **13.** «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» курсу боюнча программа. Кыргыз республикасынын жогорку

окуу жайларынын филология факультеттеринин студентгери үчүн (Авторлор менен бирге). – Фрунзе, 1982, 74-б. **14**. «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы». Республиканын жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студентгери үчүн окуу китеби. – Фрунзе: Мектеп, 1982, 528-б. **15**. Адабият таануута киришүү» курсунун программасы. Кыргыз республикасынын жогорку окуу жайларынын филология факультеттери үчүн (Ж. Шериев менен бирге). – Фрунзе, 1982, 20-б. **16.** Биздин адабият. IV класс үчүн окуу китеби (Б. Исаков менен бирге)». – Фрунзе: Мектеп, 1986, 352-б. **17.** Кыргыз акындарынын чыгармачылыгы». Окуу куралы. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студентгери үчүн (С. Закиров, А. Абдыразаков, Л. Үкүбаева менен бирге). – Фрунзе, 1988, 172-б. **18**. Биздин адабият. IV класс адабият. IV класс үчүн окуу китеби. 2-басылышы. (Б. Исаков менен бирге). – Фрунзе: Мектеп, 1988, 352-б. **19.** Аалы Токомбаевдин акындык чеберчилиги. Окуу-методикалык курал. – Фрунзе, 1990, 144-б. **20.** Биздин адабият. У класс үчүн окуу китеби (Б. Исаков менен бирге). – Фрунзе: Мектеп, 1990, 288-б. **21.** Кыргыз адабиятынын тарыхы» курсу боюнча программа (Байыркы мезгилден XX кылымга чейин). Жогорку окуу жайларынын Филология факультеттеринин студентгери үчүн. (А. Абдыразаков менен бирге). – Фрунзе, 1990, 36-б. **22**. Биздин адабият. V класс үчүн окуу китеби. 2-басылышы. (Б. Исаков менен бирге). – Бишкек: Мектеп, 1992, 288-б. **23**. Кубанычбек Маликовдун чыгармачылыгы. – Бишкек: КМУ, 1992, 118-6. **24.** XXкылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: Жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби. – Бишкек: “Турар”, 2015, 656-б.

## III ЫР КИТЕПТЕРИ

**Кыргыз тилинде:**

**25**. Байчечекей. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1964, 158-б.

**26.** Тоолор менен сырдашуу. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1968, 140-б. **27.** Жаркын өмүр. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Мектеп, 1975. 206-б. **28.** Жолдор жана тагдырлар. Ырлар жана поэмалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1981, 180-б. **29**. Таазим. Ырлар жана поэмалар. - Фрунзе: Мектеп, 1987, 198-б. **30.** Замана. Ырлар менен дастандар. – Бишкек: Мамлекеттик «Учкун» концерни, 1994. **31**. Дил сыры. Ырлар, поэмалар, котормолор. – Бишкек: Бийиктик, 2004.

Орус тилинде:

**32**. Мой день. Ключ сердца; Стихи. – Фрунзе: Кыргызстан, 1965, 18-48-бб.

**33.** Дороги и судьбы: Стихи и поэма. – Фрунзе: Мектеп, 1972, 80-б.

## IV КОТОРМОЛОРУ

**34.** Гамзатов Р. Менин чоң атам. – Фрунзе: Кыргыз окуу педмамбас, 1960, 16-б. **35.** Гамзатов Р. Ырлар. Китепте: Гамзатов Р. Бийик жылдыздар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1964. **36.** Мирсаид Миршакар. Федя. Поэма. Китепте: Памир жылдыздары. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1962, 285-291-бб. **37.** Александр Прокофьев. Ырлар. Китепте: Орус мейкини. – Фрунзе: Кыргызмамбас, 1962, 236-240-беттер. **38**. Жусуп Баласагын. Кутадгу билиг. Дастандан главалар. Китепте: К. Артыкбаев. Тоолор менен сырдашуу. – Фрунзе: Кыргызстан, 1968, 118-138-бб. **39.** Мырза шафи. Ырлар. Китепте: К. Артыкбаев. Жаркын өмүр. – Фрунзе: Мектеп, 1975, 189-208-бб.

Жогорудагы **II бөлүктө** биз окумуштуунун жогорку окуу жайларында көп жыл бою педагог катары эмгектенүү менен бир канча окуу программаларын, окуу китептерин жазып, жогорку окуу жайдын билим сапатын көтөрүүгө салым кошкондугун биз белгилеп өткөн «Фольклордук практиканын программасы», «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» курсу боюнча программа, «Адабият таануута киришүү» курсунун программасы. «Кыргыз адабиятынын тарыхы» курсу боюнча программа (Байыркы мезгилден XX кылымга чейин) жана ал программалардын негизинде жазылган «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» Республиканын жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студентгери үчүн окуу китеби (1982), «Кыргыз акындарынын чыгармачылыгы». Окуу куралы. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринин студентгери үчүн (С. Закиров, А. Абдыразаков, Л. Үкүбаева менен бирге) (1988), «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы». Жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби.” (2015) эмгектери тастыктай алат. Өзгөчө аталган эмгектеринин ичинен 1982-жылы жарык көргөн «Кыргыз совет адабиятынын тарыхы» окуу китебинин жарык көрүшү коомчулукка күтүлбөгөн жерден резонанс жаратып, билим берүү системасында айрыкча жогорку окуу жайларда кыргыз адабияты боюнча билим берүүдө булуттан чыккан айга окшош эле жагдай туудурду. Окуу китеби жарык көргөн-

дөн кийин илимпоз, акын жана коомдук ишмер Салижан Жигитов айткандай: "өзүлөрү жаза албайт, а жазсаң көрө албайт" дегендей оң жана терс көз караштагы пикирлер айтылды. "Жамандан жакшысы көп" дегендей чындыгында коомчулуктун 95% оң пикирлерди айтып, окумуштуунун андан аркы педагогдук ишине мотивация беришти. Маселен, Өзбек республикасынын Илимдер академиясынын мүчө корреспонденти Матякуб Кошчанов:" Справедливости ради, надо сказать что тов. К.Артыкбаев, благодаря своей эрудиции, таланту и трудолюбию, сделал огромную работу, которую не в силах иногда проделать и групп ученых. Ведь не секрет, что некоторые союзные республики еще не имеют своего учебника для вузов. В этом плане работа тов.К.Артыкбаева приобретает особое значение" [3, 52-б.] десе, Казак республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, филология илимдеринин доктору, профессор Т.Какишев: "Не только портретные характеристики, но и обзорные главы богаты новыми мыслями, оргинальными обобщениями, где автор подвергая анализу литературный материал и привлекая ранее неизвестные, стремится осмыслить их заново, дать свою трактовку". [3, 53-б.] Өзгөчө "Советтик Кыргызстан" газетасынын 1982-жылы, 14-сентябрдагы санына чыккан окумуштуулар К. Асаналиев менен С. Закировдун "Биринчи окуу китеби" деген макаласы адилеттүү, таасын ой пикирлери менен башка көз караштардан айырмаланып турду: "Бул окуу китеби жалаң кыргыз адабий фондусунун өкүлдөрүнүн нагыз жараткан көркөм чыгармалары гана түгүл, аларга карата ошол жарым кылымдан артык мезгилдин ичиндеги жарык көргөн сандаган сынчылардын, окурмандардын, а түгүл авторлордун өзүнүн өз чыгармаларына берген бааларына дейре мүмкүн болушунча тирмийип карап, алардын ар бирине зергерче көз салып, көркөмдөй айтсак, күмүштөн жезди ажыраткандай сортко бөлүп, ар бирин ордуна коюп чыккан бул эмгекти окуп отуруп ыраазы болдук"[6] деп келишип, окуу китебинин биринчи жаңылыгы катары "Кыргыз совет адабияты согуштан кийинки жылдарда" деген бөлүктү көрсөтүшкөн. Анткени, бул мезгилде кыргыз адабиятынын 1946-59-жылдардагы өнүгүү учуру камтылып, мунун өзүнчө объективдүү негиздерин согуштан кийинки кыргыз совет адабиятынын өнүгүшүнө мүнөздүү болгон башкы жыйынтыктар 1958-жылы Москвада өткөрүлгөн адабият менен искусствонун он күндүгүндөгү кароонун жыйынтыктары менен, 1959-жылы болуп өткөн Кыргызстан жазуучуларынын 3-сьезди, 50-жылдардын экинчи жарымындагы, тагыраак айтканда, декадага даярдык көрүү мезгилиндеги адабий чарбанын жетишкендиктери кыргыз адабиятынын мезгилдештирүүгө бөлүп келген фактылардан айырмаланган өзүнчөлүктөрдү бөлүп көрсөткөндүгүн себеп катары көрсөтүшөт. Экинчи жаңылыгы катары мурда орто мектептин окуу китептеринде, "очерк", же "тарыхтарда" адегенде мезгилдештирүүгө ылайык обзордук бөлүктөр берилип, портреттик бөлүктөр бүт бойдон анда кийин жайгаштырылып келгендиги баарыбызга маалым. Андан айырмаланып бул окуу китебинде авторлор белгилешкендей жазма адабиятыбыздын өнүгүшүнүн белгилүү бир тарыхый мезгилине чыгармачылык өмүрү, негизги чыгармаларынын жаралыш учуру туура келген кайсы бир жазуучулар мезгилдештирүүлөрдүн ылайыгына жараша жайгаштырылгандыгын, маселен, М. Элебаев, Ж. Бөкөнбаев, Ж. Турусбеков, согуш мезгилине А. Осмоновдун чыгармачылыгынын берилгендигин белгилешет. Үчүнчү жаңылыгы катары М. Токобаев, Р. Шүкүрбеков, М. Алыбаев, А. Токтомушев, Н. Байтемиров, Т. Абдымомуновдун портреттик бөлүмдөрүнүн мазмундук жаңылыгын жана анын жеткиликтүү иштелгендигин көрсөтүшөт. Жетишкендиктер менен бирге: обзордук бөлүктөрдөгү азыркы кыргыз совет адабияты жөнүндөгү С. Жусуев, Б. Сарногоев, М. Жангазиев, К. Каимов, А. Стамов, К. Жусуповдордун чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн терендетүүнүн жана портреттик бөлүктөрдү дагы толуктоонун зарылдыгын, ал үчүн мурда жазылган программаны кайрадан иштеп чыгуу керектигин белгилеп көрсөтүшөт.

Жогорудагыдай омоктуу ойлорду туура кабыл алган окумуштуу айтылган пикирлерди туура кабыл алуу менен окуу китебинин маңыз мазмунун ондоп, түзөп койгон экен 2015-жылы «XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы». Жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби көзү өткөндөн кийин (2009. ноябрь) жарык көрдү. Анын биринчи бетиндеги редакциялык кеңеште белгилегендей: "Киришүү", "XX кылымдын башындагы кыргыз адабияты (1900-1917), "Касым Тыныстанов", "Төлөгөн Касымбеков", "Жалил Садыков", "Кайра куруу жана капитализмге өтүү мезгилиндеги кыргыз адабияты (XX кылымдын аяк мезгили)", "Кинодраматургия", "Кытай кыргыздарынын

адабияты жөнүндө кыскача маалымат" өңдүү бөлүмдөр жаңы жазылып, калган бөлүктөрдүн, бөлүмдөрдүн баары орчундуу алымча кошумчалар менен учурдун талабына ылайык кайра иштелгендигин" көрөбүз. 34-б.).

Макалабыздын көлөмү чектелгендигине байланыштуу окумуштуунун педагогикалык ишмердиги тууралуу жана анын ЖОЖдор, мектептер үчүн жазган Кыргыз адабияты (4, 5-класстар) окуу китептеринин мазмуну, педогогика илиминдеги алган орду тууралуу окумуштуулардын, практик методистердин, ой, пикир, бааларын кеңири бергенге болчудай эмес. Ошондуктан кыскача **III бөлүмдүн** негизги мазмунун кыскача бергенге аракеттенели.

Адабий чөйрөдө жана коомчулукта К.Артыкбаев окумуштуу, сынчы, адабиятчы, педагог катары маалым болуп келсе, бул алгачкы "Байчечекей" жыйнагы аркылуу ал, акын катары таанылгандыгы, жана ал жыйнактагы ырлардын негизги темасы туулган жер, Ала – Тоо, сүйүү, жашоонун күнүмдүк ыргагы көркөм, идеялык-эстетикалык жактан жогорку денгээлде жалпылангандыгын көрөбүз. Белгилей кетүүчү нерсе, алгачкы ырлар жыйнагы экендигине карабастан, ага акындын "Кайрылган сүйүү", "Саиджа" деген эки поэмасы да кирген. Поэмалардагы айрым сюжеттик мүчүлүштөрүнө карабастан, бул поэмалары жана ырлары поэзия жанрынан өз ордун ала алды десек болот.

Андан кийинки "Тоолор менен сырдашуу", "Жаркын өмүр", ырлар жана поэмалары, "Жолдор жана тагдырлар", "Таазим", "Замана", ырлар менен дастандары, "Дил сыры", ырлар, поэмалар, котормолорунда акындын чыныгы акындык жүзү, чыгармачыл деңгээли, жөнөкөй эле нерседен чоң көркөм ойду бере билген көркөм эрудициянын чебери экендигин тастыктай алды. Акындын кайсы гана поэзиялык чыгармаларын окубайлы анда тарбиялык таасири күчтүү ойлор камтылып жаткандыгына ынанууга болот.

**А. IV бөлүмдөгү** котормолору аркылуу устазымдын илимий-чыгармачылык чабыты ар тараптуу кеңири жана терендигин белгилөө менен кыргыздын адабият таануусунда өзүнүн өлбөс, өчпөс мурастарын калтырып кеткендигин сыймыктануу менен айтууга акым бар деп ойлоймун.

**Колдонулган адабияттар**


1. Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Фрунзе: Мектеп, 1982, 528-б.
2. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы: Жогорку окуу жайларында филология адистиги боюнча окуп жаткан студенттер үчүн окуу китеби." 2-басылышы. – Бишкек: "Турар", 2015, 4-б.
3. Артыкбаев К. Ж. Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети, 2004, 52-53-бб.
4. Кыргызстан маданияты, 1971-жыл, 15-декабрь.
5. Ленинчил жаш, 1982-жыл, 18-март.
6. Советтик Кыргызстан, 1982, 14-сентябрь.


**Рецензент: пед.и.д-р, профессор Колдошев М.**

УДК 821.512.154
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-350-354

**Умарова Р.М., Дарманова З.А.**
К. Карасаев атындагы БМУ
**Умарова Р.М., Дарманова З.А.**
БГУ имени К. Карасаева
**Darmanova Z.A., Umarova R.M.**
BGU named after K. Karasaev

ORCID: 0009-0005- 8346-7582
ORCID: 0009-0003-00005-1692

# А. ТОКОМБАЕВДИН АКЫНДЫК ЧЕБЕРЧИЛИГИ
# ПОЭТИЧЕСКОЕ МАСТЕРСТВО А. ТОКОМБАЕВА
# A. TOKOMBAEV'S POETIC SKIL

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада А. Токомбаевдин алгачкы чыгармачылыгы, поэзиясы, акындык изденүүлөрүндөгү чеберчилиги тууралуу сөз болот. Акындын поэзиясынын тематикалык-идеялык багыты, чыгармачылыгынын алгачкы жана Улуу Ата Мекендик согуш жана андан кийинки жылдардагы мекен, сүйүү, достук, жашоо, өмүр тууралуу жазылган лирикалык ырларындагы көркөм сөз менен иштөө чеберчиликтери, акындык табылгалары иликтенген.

**Аннотация:** В статье рассказывается о раннем творчестве, поэзии, поэтических исканиях, мастерстве А. Токомбаева. Исследованы поэтические находки, тематико-идейная направленность поэзии поэта, мастерство работы с художественным словом в лирических стихах о Родине, любви, дружбе, жизни в годы первой и Великой Отечественной войн и в последующие годы.

**Abstract:** In this article talks about Tokombaev's early work, poetry, poetic pursuits, and skill. The poetic finds, the thematic and ideological orientation of the poet's poetry, the skill of working with the artistic word in lyrical poems about the Motherland, love, friendship, life during the First and Great Patriotic Wars and in subsequent years are studied.

**Негизги сөздөр:** поэзия; жанр; образ; тематика; идея; эстетика; форма; мазмун; акын; чеберчилик.

**Ключевые слова:** поэзия; жанр; образ; тематика; идея; эстетика; форма; содержание; поэт; мастерство.

**Keywords:** poetry; genre; image, theme; idea; aesthetics; form; content; poet; art.

А. Токомбаев – кыргыз адабиятынын баштоочуларынын жана негиздөөчүлөрүнүн бири. Ал көркөм сөз өнөрүнүн бардык жанрларында чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрүн жарата алган. Ошентсе да анын поэзия жаатындагы изденүүлөрү молдугу, тематикалык-идеялык жактан көп түрдүүлүгү менен, эстетикалык деңгээлинин бийиктиги менен айырмаланып турат. Анын акындык талантынан жаралган ырларынын эстетикалык жактан жогорулашы 1930-жылдардын экинчи жарымына таандык деп эсептөөгө болот. Анын төмөндөгүдөй «Ленин тууралуу» (1927) «Аял айнеги» (1929), «Атака» (1932), «Эмгек гүлү» (1932), “Биздин китеп” (1934), “Канаттуу достор” (1935), “Иргелген ырлар жана поэмалардан үзүндү”(1935), “Комуз күүсү” (1960), “Мезгил үнү” (1965), “Жылдызым” (1976) “Токтолбойт толкун түбөлүк” (1995) сыяктуу бир нече ырлар жана поэмалар жыйнактары, чыгармалары жарык көргөн. А. Токомбаевдин отузунчу жылдардын биринчи жарымына чейин жаралган ырларынын мазмуну көбүнчө үгүт, насаат жана пропаганда, чакырык мүнөзүндө болуп, Октябрь революциясынын жеңишин, совет бийлигин келишин, жаңы замандын жаңылыктарын, Ленинди, партияны даңазалаган, элди билимге умтулууга чакырган ырлардан турган.

Бул маселе тууралуу окумуштуу Б. Алымов да мындай деп жазган: ”Тап күрөшүнө арналган саясий жана граждандык лирика А. Токомбаевдин андан аркы бүт чыгармачылык жолунун негизги өзөгүн, багыты менен мазмунун түздү. Саясий ырларды жазуу менен ал акындык парзын, поэзиянын түпкү максатын сөз өнөрүнүн дөөлөтү менен наркын түшүндү. Кийинчерээк жазылган “Поэзия”, “Жүрөк канын сыя кыл”,”Милдеттенген ачык кат”, ”Жүр барабыз”, ”Каламга” ж.б. ырларында акындын коом алдындагы милдети

кандай болуу керектигине көңүл бурган." [1]

Көркөм чыгармачылыктагы мындай көрүнүш ошол мезгилдеги көпчүлүк кыргыз акындарынын чыгармачылыгына тиешелүү сапаттардан болчу. Аталган маселенин келип чыгышынын түпкү маңызын окумуштуу С. Байгазиев А. Токомбаевдин замандашы Ж. Турусбековдун чыгармачылыгы тууралуу сөз кылып жатып мындай деп жазат: "Оңутту бийик, чабыты кенен, өлчөөнү түз алууга жолтоо болчу дагы бир нерсе бар эле. Бул болуп өткөн революциялык бурулуштун жүрүп жаткан гиганттык өзгөрүүлөрдүн, зор кайра куруулардын тикеден-тике таасири астында акындын терисине батпай, толкуп-ташып, сыймыкка кубанычка чакап, күчтүү эмоционалдык абалда тургандыгы. Мындай эмоционалдык абал тема менен автордун ортосундагы дистанцияны кармоого кедергилик кылып, маселени акын атаан кылган мерчемдин бийиктигине, көздөгөн масштабдын алкагына алып чыгып ырдоого капшабын тийгизүүгө мүмкүн болчу." [2

А. Токомбаевдин отузунчу жылдардын экинчи жарымынан кийинки жазылган поэзиясында Ата Журт, Мекен, тынчтык, жашоо, турмуш, өмүр, өлүм, махабат, достук темасындагы ырлары басымдуулук кылат. Акындын чыгармачылык изденүүлөрүнөн жыл өткөн сайын анын поэзиясынын мазмундуулугу артып, философиялык ой жүгүртүүлөрү тереңдеп, тематикалык жактан да, көркөмдүк-эстетикалык деңгээли жагынан да өсүп- өнүгүп турган.

Акын Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде жана андан кийин да туулган жер, Мекен тууралуу да күчтүү патриоттук сезим, чакырыктарга сугарылган "Жогол согуш, "Сакчынын ыры," "Тынчтык", "Мекеним", "Мекен-Эне", "Жеңген эл, "Кыргыз урааны, "Республикам,“ ”Аткан таң өндөнөт Ата Журттун элеси" сыяктуу бир канча поэзиялык чыгармаларын жазган. Акындын мындай ырларынан эл-жерге болгон сүйүүсүнүн чексиздиги, туулган жерге сыймыктануусу, кубанычы, аны өмүр бою даңазалап даңктап, барктап келген жүрөк сезимдери ачык-айкын көрүнүп турат. Акын поэзиялык чыгармаларында элдин бактысын, эркиндигин, келечегин өлкөнүн Октябрь революциясынан кийин ээ болгон боштондугу менен байланышта карап, совет мамлекетинин гүлдөп өнүгүп жаткандыгын зор ишеним менен жар салып ыр жазып келген. Бул багытта өмүр бою канча ыр жазса да мазмуну менен көркөмдүк сапаттары жагынан кайталангыс ырларды жарата алган. Эл-жер үчүн согушкан кыргыз жоокерлеринин эрдиктерин поэтизациялаган чыгармачылыгы азыркы муун үчүн эл алдындагы эр жигиттин милдетин, Ата журт ыйыктыгын туюндуруудагы зор тарбия, үлгү, тарыхый сабак катары да татыктуу баага, зор салмакка ээ деп айтууга ылайыктуу. Акын "Угасыңбы" деген ырында Улуу Ата Мекендик согуштагы жоокерге кайрылуу, чакырык жасап, Эне Мекендин атынан жоокер уулуна мээрим төгүп сагына эркелетип да, буйрук да берип дем күч кайрат тартуулап душманды жеңүүгө үндөйт. Тагыраак айтканда, согуш мезгилинде жазган ырларында жоону жеңүүнү, эр жигиттин эрдигин элге болгон сүйүүсү катары санап, душманга каршы чакырык таштоонун ар кандай формаларын колдонуп, бир канча ырлардын үлгүсүн жарата алган.

Акындын сүйүү темасында жазган ырлары да арбын. "Түгөйүмө", "Мунар", "Чын сүйүү", "Махабат", "Ак жылдыз", «Жооп кат», «Телефон», «Дайым көрүп уксам деймин сөзүңдү», «Экөө», «Унут дедиң», «Эскерем», «Сизге», «Эмне үчүн?» «Элестетем», «Түбөлүк деп түшүнбө» деген сыяктуу махабат, ашыктык темасындагы ырларынын көпчүлүгү анын "Мунарым" аттуу жыйнагына да топтоштурулган. Акындын жубайына арнап жазылган сүйүү темасындагы ырларынын бири -"Мунарым". Ырды акын жубайынан айрылгандан соң аны эңсеп, сагынып, жоктоо маанисинде жазгандыгы байкалып турат.

Талпынсам таппайм айласын!
Талаада калган өңдөнөм,
Таалайым Мунар кайдасың.
Кучактап турсам туйлаган,
Жүрөгүңдү сагындым.
Эңкейсең эрке чайпалган,
Күбөгүңдү сагындым,
Муңаям таппай айласын!

Токомбаев А. Мунарым. – Бишкек: "Учкун", 2004, 21-б.

Акын бул ырында өмүрлүк жарысыз жашоонун кунары кетип, ансыз жан дүйнөсү жалгызсырап калганын жашырбайт. Ошондой эле жубайынын көз алдында калган сүйкүмдүү, жагымдуу элесин, көз ирмемдерин күйүткө батып эңсеп, комсоп, сыздап, жүрөгү эзилип, түшүндө бир көрүүгө зар болгон муңканган сезими менен алоолонуп алпурушат. Ансыз көңүлү суз тартып, аргасыз калган абалын ыры аркылуу айтуу менен ага болгон сүйүүсүнүн күчүн да ачыктай алган.

Бул жыйнакта А. Токомбаевдин андан сырткары жарандык лирикалары да орун алган. Акын кайсы гана темада ыр жазбасын

образдуу табылган көркөм сөз каражаттарын, таамай табылган салыштырууларды колдонуп, бийик идеялуу поэтикалык саптар менен жеткире айтып, жашоодогу өзү сүрөттөгөн ар бир көрүнүш аркылуу адам баласынын сезимдериндеги сулуулукту, карама-каршылыктарды, жашоонун татаалдыктарын поэзиянын тили менен чебер сүрөттөйт.

А. Токомбаев өзү акындык өнөрдүн кадырын баарынан жогору коёт. "Момия" деген ырында момиянын табылгыс дарылык касиетин, анын аскадагы мээр чөптүн тамчысынан жаралышын айтып келип, поэзияны да аскадан сызылып чыккан момияга салыштырат. Мындан А. Токомбаев акындык касетин өзүн бийик кол жетпеген аскага, акындын тубаса таланттуу сезиминен сызылып чыккан саптарды мээр чөптөн тамчылаган момияга теңеген үн угулуп турат. Акындын чыныгы поэзиянын нукура касиети, андагы ойдун тунуктугу адамдын жан дүйнөсүн тазартуучу сырдуу күчү, тууралуу ойлору мына мындай саптардан да бизге маалым болуп турат:

Ойлосом поэзия – мол момия, Өмүргө өң жараткан сырдын өзү. Асканын салмагынан сызылгандай тамчылап жалт-жулт этет ар бир сөзү. [3]

"Кыялды талдаганда" деген ырынан акындарга гана тиешелүү болгон мүнөз, адамдык сапат, умтулуу, изденүүлөр ачыкка чыгып, ар бир ырдын жаралышынын артында турмуштук көрүнүштөргө ырахаттануу менен, таңыркоо, суктануу, менен кошо көңүл калуу, жапа чегүү, баа берүү, ой жоруу, жооп издөө сыяктуу убараланууну, изденүүнү талыкпас эмгекти көрө алабыз. Демек, акындык өнөрдөгү маңдай тери менен эргүүнүн натыйжасында жаралган жекече ой сезимдерди жалпы акындарга тиешелүү касиетти, образды А.Токомбаев мына бул сыяктуу саптарга чөгөргөн:

Кээде дениз толкун болом шамалсыз, Кээде кушмун –учпай калам амалсыз. Кээде көптү жандай көрөм сүйөмүн, Кээде жалгыз, жүргүм келет адамсыз. [Токомбаев А. Мунарым. – Бишкек: "Учкун", 2004, 158-б.]

Акын бул ырында кыялга батып, акындык кыялын талдоого алган. Өзүнүн да, бүтүндөй акын аттуунун да кыялдарына, сырдуу дүйнөсүнө баам салып, сын көз менен карап, аны деңизге, деңиз толкунуна салыштырат. Анткени мындай салыштыруудан, элестөөдөн сыртынан караганда жай ойлуу, эч нерседен кебелбегендей болуп көрүнгөн акындын ички дүйнөсүндө көлкүп-чалкыган ой чабыты терең, калкып-балкыган түрдүү сезимдердин өз ара кагылышы, оргуштаган сезим толкундарынын элеси жашагандыгы көз алдыбызга келет. Акындын сезим дүйнөсү дайыма турмуштун түрдүү карама-каршылыктары менен өйдө-ылдый жактарын аралап назар салып, кеңири кулач жайып чабыттап, кубулуп, бирде жай, бирде шар агым менен күүлөнүп улам зор күчкө ээ болуп, эч нерсеге ээ-жаа бербей, толкуп ташып, өзүнө бетме- бет келген карама - каршылыктарды жайпап аралап өтүп, кээде кайра толкун сымал артка тартып, толгонуп деңиз толкуну сымал алга сүрүлүп, ыр түрмөктөрүн жаратат. Ошол кыял кээде токтоп бир аз тыным алып, "кайра амалсыз учпай калган куш" сыяктуу токтой калат. Ырында айтылгандай, акындын кыялы кээде көпчүлүктү жандап эл менен бирге болгусу келсе, кээде жалгыздыкты гана сүйөт, кээде сезимдери баладай чимирилип шоктонот да, кайра эле буркан-шаркан түшүп нөшөрлөп, токтоосуз эркин агылып жөнөйт."Кызыл чокко кээде каалап түшөмүн деп", акындык кыялы оттой ысык, сезимди жалбырттап кыйнаган көрүнүштөргө кез келип, аны да жеңип аралап өтүп, от болуп алоолонуп амалсыз азаптарга да туш болот.

А. Токомбаевдин "Акын кыялы"деген дагы бир ырын талдап караганыбызда бул ырында да акындын кыялын толкунга теңейт, акын кыялын кармап калчу, токтотчу чек жоктой, кандай гана учур болбосун ал мезгил же мейкиндикти да тандап отурбайт, ойлору түрмөктөлүп, бирде себеленип, бирде чачылып, ойдун молдугунан сырлары ыр болуп кайра жаралып, бирде чачырап, кайра пайда болуп акын кыялындагы ойлор менен дайыма алпурушат. Акынды өкүндүргөн нерсе аз өмүрдө бул тирүүлүктө артында өлбөс-өчпөс ак эмгек жаратуу, из калтыруу. Акындын кыялы көп түрдүү жана турмуштук таасирлерге, максаттарга бай. "Акын кыялы" деген ушул ырында ошондой эле турмуштун өтө катуу да, ачуу да пенде баласы каалагандай ийге келбеген, билип-билбеген сыры да, көп тилкелүү кырлары бар экендигин да айтып өткөн, ошентсе да ырында жашоодогу маселелерди чечүү өзүнүн милдети экендигин моюнга алат.Ушул ырында өмүрү өткөндөн кийин келүүчү доорго да көз чаптырат. Мезгил өтүп өзүнүн качандыр бир күн жер астында каларына ишенет, келерки доордун да акындары болоору, өзү жашаган доор тарых барагында калып, өзү туу туткан чындыктын кийинки муундар аркылуу жокко чыгып жарамсыз болуп, түрдүү баалоолорго кабыларын да эскертип өтөт. Фрунзе шаары өсүп, жер жаңыланып, жаңырышын,

техникалардын жаңы түрлөрү пайда болуп, билимдүүлөр көбөйүп, тил саясаты алмашып, "таптар сөзү жомок болот" адамдар тапка, топко бөлүнбөй каларын, таптык күрөштүн да убактылуу саясат экенин тартынбай айткан экен. Поэзияга, чыгармачылыкка болгон мамилелер өзгөрүп, мезгили келгенде өз баасын аларына ынанып, акыйкат ой жүгүртө алган.

Акын чындыкты жогору баалаган инсан. Акындын "Үч чындык" деген атактуу ыры түрмөдө отурганда жазылган экен, бирок аны менен бирге "Эгер болсом", "Үч суроо" ж.б. ырларында сыйдырылган ойду пессимистик маанайда жазылган ыр катары баалашып, жарыялоого тоскоолдуктар болуп келгенин айрым адабиятчылар белгилеп келишет. Ырдын мазмунун талдап, баа берип караганыбызда өтө философиялуу жана адам мүнөзүндөгү чындыкты, акыйкаттын сабактарын образдуу табылган сөз айкаштары менен ачып бере алган.

"Үч чындык" деген ырынын биринчи куплетинде адам бактысынын чектери, адам пендесинин табиятынын, ички каалоолорунун өтө көптүгү, түгөнбөстүгү, бакытка баткан сайын анын таттуулугу артып кумардантып, кайра күсөтүп, күчтөнткөн адам напсисинин эч качан тойбостугу тууралуу философиялык ойлору берилген. Ырдын мазмуну адам баласы колуна тийген эсепсиз бийлик менен, ченеми жок байлык, мүмкүнчүлүк менен да эч качан бактыга, жашоонун кызыгына тойбогондугу, тескерисинче ого бетер кызыгы артып, канча көп, бактылуу жашаса да ага канааттанбаган адам мүнөзүнүн табиятын да эске салат. Бул ырында жашоонун таттуулугу, кыскалыгы, ошондой эле адам баласына гана таандык болгон пендечиликтин мүнөздүн топуксуз, шүгүрсүз табияты тууралуу ойлор чөгөрүлгөн деп да айтууга болот. Экинчи куплетинде адам кандай гана абалда болбосун тирүүлүктүн баркынын жогорулугун, өмүргө, жашоого тойбостугун өтө чебер бере алган. Куплеттин биринчи жана экинчи сабында аллитерацияны чебер тапкычтык колдонгон, адам кылым бою керемет өмүр сүрүп кыр ашып келип, кыймылсыз жашап калса да өмүргө тойбостукту, жашоодо бар болуунун өзүнүн ченемсиз нерсе катары туюндура алган, анын бардыгын кармап турган күч бул үмүт экендиги менен ырды жыйынтыктайт.

А. Токомбаевдин акындык чеберчилиги тууралуу сөз кылганда анын жаратылыш көрүнүштөрү, пейзаждык лирикасы да өзгөчө орунга ээ. Буга "Тулпарым" аттуу ырын да мисалга тартууга болот. Бул ырынын мазмунунан акындын жан-жаныбарлардын арасынан аттын бөтөнчө бир касиетин башка жаныбарларга окшобогон табиятын суктануу, эргүү менен баян эткендигин көрүүгө болот. Тулпар аттын чуркаганда зымырап шукшурулуп агылып учкан кыймылын ырахаттануу менен өтө узун саптуу ыр түрмөктөрү менен баяндап, тулпардын чуркаган кездеги көрүнүшүн көз илгиртпеген кыймылын, анын ар бир дене мүчөсүнүн сымбатын, басыгына чейин берилип поэтикалык тил менен өтө образдуу тамшанта сүрөттөй алган. Көкүлү жибек көрүнөт, Маңдайдан эки бөлүнөт, Ийнедей болгон кирпиги, Ийменбей терге чөмүлөт, Дүбүртү жерди ойготот, Даңканы чаңды ойнотот, От жүрөктүү эрлерди,

Обу жок күлүк ойлотот. [3] – деген сонун керемет саптарда аллитерацияны колдонуп, рифма, ритм, образдуу табылган уйкашкан көркөм сөз каражаттары менен тулпардын чуркап бараткандагы көркөм портретин элестүү, көңүлгө уюп каларлык деңгээлде сүрөттөгөн. Бул ырдын жаралышы тууралуу окумуштуу А.Садыков мындай деген: А.Токомбаевдин " Тулпарым" деген ырында элдик көркөм сөз каражаттары менен шөкөттөлгөн эпостук стилдеги сүрөттөө айкын сезилип турат" [4]

"Айлуу түндө Ысык –Көл" деген ыры да акындын көлөмдүү пейзаждык ырларынын бири. Ысык-Көлдүн Айдын жарыгындагы түнкү көрүнүшүн элестүү тарта алган. Акын табияттын кайсы көрүнүшүн ыр саптары менен чагылдырса да чебер, элестүү айтып берүүгө мүмкүн болбогон майда көрүнүштөргө чейин шөкөттөп, жаратылышты сүрөттөйт да, окурмандын да эмоциясын козгоп, андагы дагы ажайып бир сулуулукту ачып берет. "Айлуу түндө Ысык-Көл"деген ырында риторикалык кайрылуу, риторикалык суроолорду чебер колдонуу аркылуу асмандагы көз жеткис бийиктиктен орун алган сулуулуктун суудагы элесин, көрүнүшүн сүрөттөп, көпкөк болгон асмандын ай, жылдыздуу эгиз сыяктанган картинасы көз алдыбызга тартыла түшөт. Акында импровизациялык таланттын күчтүү болгондугу жогоруда аталган ырларынан башка көпчүлүк поэзия жанрында жазылган чыгармаларынан даана байкалат.

Жалпылап айтканда, акын А.Токомбаев чыгармачылык жолунда тынбай иштеп, изденип көркөм чыгармачылыктын бардык жанрларында чыгармаларын жаратып, поэзия жанры аркылуу да жүрөк сезими менен терең

туйган, өзү көрүп-билген турмуш сабактарын, чыгармачылыгын өзгөчө эргүү менен жазып, акындардын мектебин да түзө алган чебер, таланттуу акын.

**Колдонулган адабияттар**


1. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. 1-т., 6-б.
2. Байгазиев С. Талант жана адабий прогресс. – Бишкек, 2012, 155-б.
3. Токомбаев А. Мунарым, Токомбаев А. – Б., “Учкун”, 2004, 221-б.
4. Садыков А.Кыргыз залкарлары.1-т. – Бишкек: Бийиктик, 2012, 34-б.


**Рецензент: пед.и.к., доцент Ибраимов К.**


УДК 821.512.154
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-354-358



**Уркунчиева Г.Ж.**
К. Карасаев атындагы БМУ
**Уркунчиева Г.Ж.**
БГУ имени К. Карасаева
**Urkunchieva G.J.**
BSU named after K. Karasaev

ORCID: 0009-0000-1430-56-63


## XX КЫЛЫМДАГЫ КЫТАЙДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ К. АРТЫКБАЕВДИН ИЗИЛДӨӨСҮНДӨ
## КЫРГЫЗСКАЯ ЛИТЕРАТУРА КИТАЯ XX ВЕКА В ИССЛЕДОВАНИИ К. АРТЫКБАЕВА
## KYRGYZ LITERATURE IN CHINA OF THE TWENTIETH CENTURY IN THE STUDY OF K.ARTYKBAEV


**Кыскача мүнөздөмө:** К. Артыкбаев көрүнүктүү адабият изилдөөчүсү жана адабий сынчысы. Ал коомдогу жана адабият таануудагы актуалдуу маселелерди курч коюп, аларды чечүүгө болгон аракетти жумшап келген. Биз бул макалабызда көп изилдөөгө алынбаган К. Артыкбаевдин изилдөөсүндөгү Кытайдагы кыргыз адабияты боюнча сөз кылганыбызды жөндүү деп эсептедик. К. Артыкбаевдин Кытайдагы кыргыз мекендештерибиз менен болгон мамилеси, ал жактагы боордош адабияттын абалы жана ошондой эле ошол жактагы адабиятчылар, алардын чыгармачылыктары тууралуу ойлору талдоого алынмакчы.

**Аннотация:** К. Артыкбаев – выдающийся литературный исследователь и литературный критик. Он сосредоточил внимание на актуальных проблемах общества и литературоведения и приложил все усилия для их решения. Данная статья посвящена исследованиям К. Артыкбаева кыргызской литературы в Китае. Проанализированы отношения Артыкбаева с кыргызскими соотечественниками в Китае, состояние братской литературы, а также его мысли о писателях Китая и их творчестве.

**Abstract:** K. Artykbaev - he is an outstanding literary researcher and literary critic. He focused on current problems of society and literary studies and made every effort to solve them.

In this article, we are going to tell about Kyrgyz literature in China, the research of K. Artykbaev. We have analyzed Artykbaev's relations with our Kyrgyz compatriots in China, the state of fraternal literature, as well as his thoughts about Chinese writers and their work.



**Негизги сөздөр:** адабият; элдик оозеки чыгармачылык; кытай адабияты; жазма адабият; изилдөө.

**Ключевые слова:** литература; фольклор; китайская литература; письменная литература; исследование.

**Keywords:** literature; folklore; Chinese literature; written literature; research.

Кыргыз эл жазуучусу Ш. Бейшеналиев профессор К. Артыкбаевдин кыргыз адабиятына жасаган эмгектерине: "К. Артыкбаев ишке ойлуу, калыс, өзүнчө далилдүү, маданияттуу мамиле жасоо менен пайдубалы чоң эмгектерди жаратты" [Артыкбаев К. жөнүндөгү ойлор, пикирлер (Макалалар, ырлар, баяндама, тезистер). – Бишкек, 1994, 4-5-б.] – деп бекеринен жогорку баасын бербесе керек.

К. Артыкбаевдин "XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы" деген студенттерге арналган окуу китебинин алгачкы варианты 1982-жылы жарыяланган. Ошондон тартып, ал эмгектин үстүнөн дайым иштеп, кайрадан толуктап, кийин жарыяланган илимий-теориялык материалдардын бардыгын анализдеп, талдап эмгекке кошуп, улам чыгарып турган. Бул окуу китептин соңку беттерине "Кытайдагы кыргыздардын адабияты жөнүндө кыскача маалымат" деген бөлүмдү киргизип, Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгы жана жазма адабияты тууралуу болушунча көзгө толумдуу маалымат бергени бул эмгектин бирден-бир жаңычылдыгы болуп эсептелет.

К. Артыкбаев бул эмгекти жаратуусуна анын кытайлык кыргыздар менен 50-жылдардан бери уланып келген алака-катышы себеп болду десек жаңылбайбыз. Алгач бул мамилени философия илимдеринин доктору, профессор А. Табалдиев киришип, кийин профессор К. Артыкбаев өзү уланткандыгын басма сөз беттерине жарык көргөн макалалары ырастайт. Төмөндө Артыкбаевдин бул маселе боюнча эмгектерин санап кетели: "Боордоштук салттын уланышы" [Кыргызстан маданияты, 1982, 2-июль]; "Бет ачар" [Кыргызстан маданияты, 1988, 9-февраль]; "Кытай кыргыздарынын акын кызы" [Ленинчил жаш, 1988, 2-август]; "Кытайлык кыргыздардын тарыхчысы" [Ала-Тоо, 1989, №10.]; "Бир туугандык байланыштар" [Кыргызстан маданияты, 1989, 20-апрель]; "Кытайдагы кыргыз жазуучуларынын чыгармалары" [Фрунзе шамы, 1990, 20-сентябрь]; "Маданий байланыштардын санжырасы" [Ала-Тоо, 1991, №9-10.]; "Кытай эли социализмди куруп жатат" [Ленинчил жаш, 1959, 30-сентябрь]; "Бишкек менен Артыш жакындашат" [Бишкек шамы, 1993, 21-август] ж.б. Бул эмгектеринде адабиятчы Кыргызстандык кыргыздарга Кытайлык кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгы, жазма адабияты жөнүндө макалаларды жарыялоо менен алардын көркөм сөз маданиятын, тарыхын тааныштырып, чагылдырып берген.

К. Артыкбаев мекендештерибиздин адабиятын изилдөөдө көңүлдү XX кылымга гана бурган. Мунун бирден-бир себеби, "XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы" окуу китеби аты айтып тургандай ичине XX кылымдагы адабиятты ичине камтыгандыктан, башка кылымдагы адабият тууралуу сөз кылуу орунсуз болуп калмак. Ал эми дагы бир себеби катары автор: "...ошол XX кылымдын өзү деле кытайдагы кыргыздардын адабиятынан кабар берүүгө жетишерлик материал боло алат, тагыраак айтканда, элдин көп кылымдык басып өткөн маданий, адабий жолун (жетишкен жыйынтыгын) кандайдыр бир деңгээлде бир аз элестете алат го деп ойлойбуз" [Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004, 625-б.] – деп түшүндүрмө берет.

Адабиятчы Кытай Эл Республикасындагы боордошторубуз менен болгон карым-катнаш тууралуу "Көз жетпеген жерге сөз жетет" [Артыкбаев К. Талант сыры. – Бишкек, 1994.] – деген макаласында илим үчүн, адабий тажрыйба үчүн мааниси зор кызыктуу маалыматтарды талдап сөз кылат.

Кытайлык чыгармачыл мекендештерибиз менен алака түзүүнүн башында 1957-1958-жылдары эле ошол кездеги аспирант Асанбек Табалдиев менен ошол жылдары "Ленинчил жаш" гезитинде бөлүм башчы Качкынбай Артыкбаевдер турушкан. Бул эки жаш адабиятчыларыбыздын дилгирлиги, чапчаң иш-аракеттери менен ошол кезде Үрүмчү, Пекин шаарларында окушкан кыргыз, дунган чыгармачыл жаштары жана Кыргыз Автономиялуу областынын борбору болгон Артуш менен Кашкар шаарларында иштешкен жумушчулар менен кат алышып, китеп, гезит, журналдарды алмашып алака-катыштарды түзүп башташкан. К. Артыкбаев каттардын айрымдарын ошол кезде эле 1958-жылы 16-ноябрында "Фрунзе-Пекин" деген ат менен "Ленинчил жаш" гезитине жарыялайт. Тилекке каршы бул эки башка өлкөдөгү кыргыз адабиятчыларынын алака-катышы Кытай жергесинде өкүм сүргөн улуу державачыл шовинисттик саясаттын кесепетинен үзүлүп калды.

Бир нече жылдан кийин, т.а. 80-жылдардын башында эки өлкөнүн ортосундагы үзгүлтүккө учураган мамилени кайрадан жакшыртуу максатында иш-аракеттер башталат. Ошол убакта 1983-жылы Синьцзянь университетинин профессору, таанымал окумуштуу, эстетик, тарыхчы,

философ жана акын Абдушүкүр Мухаммет Имин Кыргызстанга келип, Фрунзеде көпкө отурукташып калат. Бул окуя үзүлгөн мамилени улаганга чоң мүмкүнчүлүк болгон.

Абдышүкүр Имин кийин кыргыз адабиятчыларына “Жалпы эстетика”, “Уйгур классикалык адабиятынын тарыхы” ж.б. көптөгөн өзүнүн эмгектерин жиберип турган. Бул окуя аркылуу К. Артыкбаев бир нече жыл мурун чыгармачылык байланыштын пайдубалын түптөшүшкөн Асанбек Табалдиев, Мамбет Асан Мухаммад Ху, Чжень Хуа жана Сакен Өмүр сыяктуу достору менен кайрадан байланышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ошондон тартып, К. Артыкбаев эки өлкөдөгү адабияттын өкүлү болуп калды десек жаңылышпайбыз.

К. Артыкбаев XX кылымдагы Кытайдагы кыргыздардын адабиятынын өнүгүшүн эки чоң мезгилге бөлүп карайт: Биринчиси – 1949-жылкы революция жеңгенге чейинки феодалдык коомдогу адабият; экинчиси – 1949-жылдан берки мезгил. Себеби, 1977-жылга чейин “маданият төңкөрүшү” деген саясаттын кесепетинен адабий өнүгүү солгундап, көптөгөн акын-жазуучулар куугунтукталып, чыгармалардын мазмуну башка нукка түшкөн. Ал эми, 1977-жылдан тартып адабияттын өнүгүшүнө бардык эшиктер ачылды.

Адабиятчы, доцент С. Карымшаков кытайдагы кыргыздардын адабиятынын кыргыз адабиятына тийгизген таасири боюнча: “Бүгүнкү күндүн жазуучу, манасчысы Жусуп Мамай баш болгон кытайлык кыргыз акын-жазуучуларынын, тарыхчыларынын көөнөрбөс чыгармалары кыргыз адабияты менен маданиятынын алтын казынасынан орун аларлыгы зор ынтаа менен пропагандаланат” [Качкынбай Артыкбаев (Макалалар жыйнагы). – Бишкек, 2004, 323-б.] – деген баасын берген.

К. Артыкбаев “Кытайдагы кыргыздардын адабияты жөнүндө кыскача маалымат” деген эмгегинде Кытайга отурукташып калган кыргыздардын арасынан чыккан таланттуу адамдар тууралуу кеп козгоп, ар биринин өмүр баянына токтолот. Бабык акын, Бечел акын, Аамат Ысманалы, Мамбет Кулуш, Ибрай Мамбет өңдүү акындар, ошондой эле журтка таанымал манасчылар да болгон: Ибрайым, Жүзүбакун, Эшмат Мамбетжусуп ж.б. эл арасынан чыккан чыгармачыл инсандар жыргалчылык турмушта жашашкан эмес. Тескерисинче Кытайда революция жеңгенге чейинки татаал турмушту, теңсиздик, адилетсиздикти баштан кечирип, замандын кыйындыгын чагылдырып, күйүттөрүн чыгармалары аркылуу беришкен. Бирок, алардын чыгармачылыгы да ээн-эркин болгон эмес. Алар турмуш чындыгын, так айтканда, бийликтин адилетсиздигин, зордукчулугун калайыкка ачык айтып, жар салып чыккандары үчүн бийлик тарабынан куугунтукталып, камалып, жада калса башка аймактарга “айдалышкан”. Бийликти сындап, анын адилетсиздигин ырлары менен ачык айтып камакка алынган акындардын ичинен Ибрай Мамбетти айтсак болот. Ал 15 жашынан тартып комуз менен элдин күйүтү, жашоонун адилетсиздиги, бийликтин паракорлугу ж.б. бийликке тиешелүү терс көрүнүштөрдү өз көзү менен көрүп, ырларында чагылдырган. Алсак “Арманым” деген ырында:

Абалың тыңшаар киши жок,
Айланып көзү тунарат.
Албаң салык бергин деп,
Артынан дорго кубалап.
Карматпай качат кедейге,

Карачы дөөлөт жумалак,- деп бийликти сындап, ашкерелегендиги үчүн 1944-жылы Ибрай түрмөгө камалат. Ушул өңдүү бир топ боордош акындарыбыз бийликтин курмандыгы болгонун К. Артыкбаевдин эмгегинен көрө алабыз.

Бирок, ар бир “Карарган түндүн агарып аткан таңы бар” деген сыяктуу, кытайдагы чыгармачыл мекендештерибиздин да жашоосуна 1949-жылдагы революциянын жеңиши жарык таңын алып келет. Бул тууралуу К. Артыкбаев: “1949-жылы революция жеңгенден кийин адабий өнүгүшкө, өзгөчө Кытайдагы кыргыздардын жазма профессионал адабияты менен элдик оозеки чыгармачылыктын өнүгүшүнө бир кыйла дурус шарт түзүлдү. Мурдагы теңсиздик заманды ашкерелеп ырдап келген Бечел, Ибрай, Мамбет Жусуп Пайыз, Абдыракман Жусуп, Мамут Кубат өңдүү акындар эми жаңы заманды, жаңы турмушту даңазалап ырдашып, эркиндик, теңдик болоруна элди үмүттөндүрүштү” [Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004, 631-б.] – деп XX кылымдагы Кытайдагы кыргыздардын адабиятынын басып өткөн доору тууралуу эмгегинде сөз кылат.

Бул эмгек кыска убакытта жаралып, окурмандардын колуна тийип калган жок. Буга К. Артыкбаевдин 50-жылдардан берки кытайлык мекендештерибиз менен болгон жакындык мамилеси, изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы десек калпыс болбос. “Кытайдагы кыргыздардын адабияты жөнүндөгү кыскача маалыматты” окуу менен окурмандар эки

элдин байланышы жана башка көп маалыматты өздөрүнө сиңиришет. Себеби, К. Артыкбаев бул эмгекке көп жылдык эмгегин жумшады, ошондой эле тилге жатык кылып кызыктуу, түшүнүктүү жазып окурмандарга, өзгөчө студенттерге тартуулады.

1989-жылы К. Артыкбаев Пекиндеги аз улуттар институтунун профессору Мухаммед Ху Чжень Хуа Кыргызстанга келгенин угуп, аны университетке чакырып окутуучулар жана студенттер менен жолугушуу уюштурат.

Бир нече жылдан кийин 2002-жылы туристтик делегация менен келген акын Мамбет Асан К. Артыкбаев менен жолугуп кетүүгө ынтызар болуп, эки дос бетме-бет 44 жылдан кийин жолугушат. Ошентип, Мамбет Асан бир нече күн көгүлтүр Ысык-Көлдө К. Артыкбаевдин коногу болуп, Бишкекке келгенден кийин ректор А.Ч. Какеевдин демилгеси менен университеттин жамааты жана кыргыз адабияты кафедрасынын окутуучулары менен жолугушуу уюштурулган.

Ошентип, К. Артыкбаев 50-жылдардан баштап келе жаткан маданий байланыштын негизинде чогулткан материалдары менен окурмандарга тааныштыруу максатында кыргыз филологиясы факультетине “Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгы жана адабияты” деген жаңы сабак киргизүүнү сунуш кылган. Бирок муну Окуу-методикалык комиссиянын бардык мүчөлөрү бир ооздон колдоп кетишкен жок. Айрымдары буга каршы чыгып, андай болсо, Кытайдагы эле эмес башка коңшу элдердеги (Тажикстан, Өзбекстандагы) кыргыз адабияты да окутулсун деген сунуштарын айтышат. Бирок, К. Артыкбаев өзүнүн сунушун окумуштууларга ынандыруу үчүн бир нече факт, аргументтерди келтирет. Натыйжада, К. Артыкбаевдин жетектөөсү менен окуу программасы түзүлүп, программанын негизинде 54 саат көлөмүндө лекциялык курстун иш программасы иштелип чыгып, факультеттин Окумуштуулар Кеңешинде жактырылган.

Ошентип, К. Артыкбаев бир топ кытайлык таланттуу адамдар менен тыгыз чыгармачылык байланышта болду. Ал кыргыз акын-жазуучуларынын китептерин, чыгармаларын кытайлык кыргыздарга, ал эми кытайдагы кыргыздардан чыккан акын-жазуучулардын чыгармаларын кыргызстандыктарга тааныштырууга талыкпаган мээнет жумшады.

К. Артыкбаев бир нече жылдар бою жүргүзүп келген илимий иштерди окуу менен Кытайдагы мекендештерибиздин саны 150миңге жетпеген адамдардын ичинен ушунча көп талanттуу адамдардын чыгып жаткандыгы, алардын бийликтин кысымына да карабай чындык, адилет үчүн күрөшкөнү, кийин басмадан тышкары журнал (“Шинңжан кыргыз адабияты” жана “Тил жана котормо”), гезит (“Кызыл-Суу гезити”), альманах (“Керме-Тоо”) чыгырып жатышкандары ыраазычылык сезимибизди козгойт...

Акыры К. Артыкбаевдин изилдөөлөрүнүн, талыкпаган мээнеттин натыйжасында “Кыргыз адабиятынын тарыхын” окутууда биринчи жолу “Кытайдагы кыргыздардын эл оозеки чыгармачылыгы жана адабияты” деген чоң лекциялык курс окутула баштаганын дагы бир жолу баса белгилей кеткенибиз орундуу болор.

Жыйынтыктап айтканда, Качкынбай Артыкбаевдин тарыхта калган эмгектери, ошондой эле К. Артыкбаевдин Кытайдагы кыргыз адабиятчылары менен болгон мамилеси, эки өлкөдөгү кыргыз адабиятынын карым-катышы тууралуу сөз болду.

Эч бир башка адабиятчылар батынып колго алып изилдебеген ишти К. Артыкбаев биринчилерден болуп изилдөөнү колго алган. Ошондой эле, орток түрк мурастары деп аталып келген “Кутадгу билиг”, “Дивани лугат ат түрк” аттуу эмгектердин авторлору болгон Жусуп Баласагун менен Махмуд Кашкарини кыргыз жергесинен чыкканын, ал улуу инсандарды биздин ата-бабаларыбыз экенин далилдөөгө болгон күч аракетин жумшады.

К. Артыкбаев бир топ кытайлык таланттуу адамдар менен тыгыз чыгармачылык байланышта болду. Ал кыргыз акын-жазуучуларынын китептерин, чыгармаларын кытайлык кыргыздарга, ал эми кытайдагы кыргыздардан чыккан акын-жазуучулардын чыгармаларын кыргызстандыктарга тааныштырууга талыкпаган мээнет сарптаган. Бул эмгектери менен Качкынбай Артыкбаевдин кыргыз адабиятындагы орду чоң деп ооз толтура айта алабыз.

**Колдонулган адабияттар**


1. Артыкбаев К. Бет ачар // Кыргызстан маданияты”, 1988, 9-февраль.
2. Артыкбаев К. Бир туугандык байланыштар // Кыргызстан маданияты, 1989, 20-апрель.
3. Артыкбаев К. Бишкек менен Артыш жакындашат // Бишкек шамы, 1993, 21-август.

4. Артыкбаев К. Боордоштук салттын уланышы // Кыргызстан маданияты, 1982, 2-июль.
5. Артыкбаев К. жөнүндөгү ойлор, пикирлер (Макалалар, ырлар, баяндама, тезистер). – Бишкек, 1994.
6. Артыкбаев К. Кытай кыргыздарынын акын кызы // Ленинчил жаш, 1988, 2-август.
7. Артыкбаев К. Кытай эли социализмди куруп жатат // Ленинчил жаш, 1959, 30-сентябрь.
8. Артыкбаев К. Кытайдагы кыргыз жазуучуларынын чыгармалары // Фрунзе шамы, 1990, 20-сентябрь.
9. Артыкбаев К. Кытайлык кыргыздардын тарыхчысы // Ала-Тоо, 1989, №10.
10. Артыкбаев К. Көз жетпеген жерге сөз жетет. Талант сыры – Бишкек, 1994.
11. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. – Бишкек, 2004.
12. Карымшаков С. Качкынбай Артыкбаевдин илимий-сынчылык ишмердиги: монография. – Бишкек, 2001.

**Рецензент: филол.и.к., доцент Исаева С.**

УДК 81'27(575.2)
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-358-362

**Шадыбекова Г.К.**
Ош мамлекеттик университети
**Шадыбекова Г.К.**
Ошский государственный университет
**Shadybekova G.K.**
Osh State University

ORCID: 0000-0001-8072-6001

## МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДИН ӨНҮГҮҮСҮ: МАҢЫЗЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ
## РАЗВИТИЕ ГОСУДАРСТВЕННОГО ЯЗЫКА: ЗНАЧЕНИЕ И БУДУЩЕЕ
## DEVELOPMENT OF THE STATE LANGUAGE: SIGNIFICANCE AND FUTURE

**Кыскача мүнөздөмө:** Бул макалада кыргыз тилинин мамлекеттик макамга ээ болуу тарыхы, учурдагы абалы жана келечектеги өнүгүү багыттары талданып, тил саясатынын маанилүү аспектилери боюнча сунуштар берилет. "Улуттун күчү тилинде, тилдин күчү дилинде" деген макал аркылуу улуттук тилди сактоонун жана аны келечек муундарга өткөрүп берүүнүн мааниси баса белгиленет. Башкысы – улуттук тилибизди жоготпой, аны кийинки муундарга таза жана толук жеткирүү зарыл экендиги көрсөтүлөт.

**Аннотация:** В статье рассматривается исторический путь приобретения кыргызским языком статуса государственного, его современное состояние и перспективы развития. Также представлены рекомендации по совершенствованию языковой политики. Пословица «Сила нации – в её языке, сила языка – в её душе» подчёркивает важность сохранения родного языка. Особое внимание уделяется необходимости сберечь государственный язык и передать его будущим поколениям в чистом и полноценном виде.

**Abstract:** This article deals with the historical process through which the Kyrgyz language acquired official status, examines its current state, and discusses its future prospects. It also provides recommendations regarding language policy. The proverb “The strength of a nation lies in its language, and the strength of the language lies in the soul” underscores the importance of preserving the native language. Above all, the article emphasizes the vital need to safeguard the national language and pass it on, in its pure and complete form, to future generations.

**Негизги сөздөр:** мамлекеттик тил; кыргыз тили; мамлекеттүүлүк; улуттук иденттүүлүк; макал-лакаптар; мурас; эгемендүүлүк.

**Ключевые слова:** государственный язык; кыргызский язык; государственность; национальная идентичность; пословицы; наследие; суверенитет.

**Keywords:** state language; Kyrgyz language; statehood; national identity; proverbs; heritage; sovereignty.

… Эне тилибиз – ар бир Ала-Тоолук атуулдун ар-намысы, улуттук паспорту (Э. Ибраев)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндөгү мыйзамы 1989-жылы 23-сентябрда кабыл алынган. Мына ошондон тартып 36 жылдын ичинде мамлекеттик тилибизди өнүктүрүү максатында мамлекеттик деңгээлде белгилеп келебиз. Кыргыз тили – билим берүү мекемелеринде, орто мектептерде, ЖОЖда, мамлекеттик иш кагаздарда кеңири колдонулуп келүүдө. Кыргыз тилине мамлекеттик тил статусунун берилиши – коомдун руханий жаңылануусуна, жаңыча ой жүгүртүүсүнө, кыргыз тилинде иш алып баруусуна биринчи себеп багыт болгон. Кыргыз тили – Кыргызстандын мамлекеттик тили. Анда ошол улуттун бардык асыл нарк-насили сакталган: руханий байлыгы, маданияты, каада-салты, үрп-адаты, айкөл пейили. Мамлекеттүүлүк – бул бир элдин тарыхый, саясий, аймактык жана маданий биримдигин чагылдырган форма. Ал эми тил – ошол биримдиктин өзөгү. Улуттук тилди мамлекеттик деңгээлде сактап, өнүктүрүү – эгемендүү мамлекеттин жоопкерчилиги. Көрүнүктүү жазуучубуз Ч.Айтматов: «Ар бир элдин тили – ошол элдин нечен кылымдык акылынан жаралган кымбат мурасы» – деп таамай айткан.

Ар бир тил өз элине улуу. Карт тарыхы бар эзелки элимдин тили, Манас бабабыздын, too булбулу Токтогулдун, залкар жазуучу Чыңгыздын тили. Кыргыз тили – эгемендиктин символу! Ооба! Кыргыз тилинин мамлекеттик тил статусунун алышы – бул кыргыздардын эгемен өлкө экендигинин биринчи далили жана ыйык символу. Демек, эгемен өлкөнүн ээси болгон түпкү улуттун эне тили башкача айтканда, кыргыз тили кыргыздардын гана эмес, Кыргызстанда жашаган бардык башка улуттардын дагы өлкө ичинде баарлаша турган орток тили.

Тил тазалыгы – дил тазалыгы деп туура айтат элибизде. Эне тилин билбесе, аны ардактап сүйбөсө, Ата Журтумду сүйөм деп көкүрөк каккандын эмне пайдасы бар? Ата Журтуна кызмат кылбаса анын керемет көрктүү тоолорун, анда өскөн жыпар гүлдөрүн, туптунук суулары менен көлдөрүн, арчалары менен кайың-карагайларын, ак куусу менен уларын, элиги менен бугусун сүйбөсө, өз элинин бир сулуусун «сүйөм» деп айтышы кандай гана уят! Жыл сайын тил майрамына карата, залкар жазуучулардын маарекелерине арналган иш чаралар байма-бай өткөрүлүп турат. Мен да учурунда мектепте көп жыл бою иштеп, окуучулар менен биргеликте, тилди даңазалап, сахналаштырылган коомдук көрүнүштөрдөн даярдап жүрдүм. Мына ошондогу окуучулардын кырдаалдык абалын, жазуучулардын чыгармаларынын аталышы аркылуу жагдайын түшүндүргөн бирден сүйлөм – даана чоң маңыздуу сюжетти чагылдырган. Мисалга алсам:

1. Бүгүнкү эл – «Биздин замандын кишилери».
2. Окуучуларга мектеп менен үйдүн ортосу – «Узак жол».
3. Окуучулар үчүн алты сааттык окуу – «Кылымга тете бир күн».
4. Жаман окугандардын чөйрөсү – «Жараланган жүрөк».
5. Өз эне тилибизди билбесек, сыйлабасак анда – «Кыямат».

Тилдин лексикалык байлыгы – элибиздин кылымдар бою терип-тепчип жыйган байлыгы. Көркөм чыгарманын күчү адамдардын турмушун, жашоого, дүйнөгө болгон көз караштарын, психологиясын, философиялык ой-чабытын, адамдарга болгон мамилесин, дүйнө таануусун өзгөртөт. Мындагы чыгармаларды окуган окурман гана анын түпкү маанисин түшүнө алат.

Эл аралык байланышты аткарган орус, англис, немец, француз, кытай, араб, түрк тилдерин үйрөнүп, дүйнөлүк тил маданиятын сиңиргенибиз пайдалуу. Ушуга байланыштуу улуу жазуучубуз Ч. Айтматовдун «Кыргыз тили – бир канатым болсо, орус тили – экинчи канатым» – деп айтканы көп тилди билүүгө жолдойт. Анткени, куш учууда эки канатын пайдаланса, биздин жашообузда эки же андан ашык тилдерди билүү зарыл. Бул жөнүндө А. Осмоновдун

Бирге жүрөм, эне тилин кадырлайм,
Бул тил менен иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм.
Башка тилди кандай жакшы көрсөм да,
Эне тилди сүйгөнүмдөн жаңылбайм.

деп бизге насыят берген сөзүн эсибизден чыгарбашыбыз керек. Кайсыл гана тил болбосун, бирде төмөндөп, бирде жогорулары бышык. Ал ошол тилге көз каранды. Ал элдин өзүнө жараша, мурасы – улуу инсандары, же тарыхый баатырлары, же байыркы архитектуралык курулушубу, же музейи болот эмеспи. Кыргыздар мукам үндүү үч кыл комузу, ак калпагы, боз үйү, бал кымызы, кол өнөрчүлүгү, мал чарбачылыгы, негизгиси тили менен тарыхта белгилүү. Кыргыздар кеп багып, сөзгө маани берип «Өнөр алды – кызыл тил» деп сөздү баалап, ар бир сөздү салмактап

сүйлөгөн. Анткени сөз өнөрү жогору бааланып, ооздон-оозго айтылган. «Манастын» үчилтиги ооздон-оозго өтүп, бүгүнкү күнгө чейин бизге жеткен. Кепти көркөм жана таасирдүү сүйлөө кыргыз элинин эзелтен келе жаткан маданий баалуулуктарынын бири болуп саналат. Ата-бабаларыбыз сөздүн маңызын терең түшүнүп, ойлорун так, образдуу жана таасирдүү жеткирүүгө өзгөчө көңүл бурушкан. Бул өнөр макал-лакаптарда, каада-салттарда жана элдик ырларда кеңири чагылдырылып, азыркы күнгө чейин өз маанисин сактап келе жатат. Ошондой эле, бул мурастын сакталышына ак таңдай акындар менен улуу манасчылар чоң салым кошкон. Алар элдин тарыхын, каада-салтын жана руханий дүйнөсүн даңазалап, муундан-муунга өткөрүп келишкен. Кыргыз эли руханий байлыкты материалдык байлыктан жогору койгон касиеттүү эл. Байыркы бабаларыбыз кечкисин малды жайлагандан кийин тамакты асып коюп, айрыкча кыштын узак түндөрүндө, кемегедеги алоолоп турган оттун илебинде, узак сөзгө киришкен. Мында не деген гана асыл кептер айтылбаган – кыргыз көркөм тилинин укмуштуудай бир ажайып кооздуктарын, элестетүүлөрүн, урпактан урпакка өтүп келе жаткан улама сөздөрүн бала күнүнөн руханий дүйнөсүнө сиңирген. Кемеге кепте, ар бир адам ички дүйнөсүн ачып таштап, төгүлө-чачыла, черлери жазылганча сөздүн кызуусуна кирип кетишкен. [1] Айтсак, бабалардын санжырасы, жаштарга нуска, жөө жомоктор, уламыштар, макал-лакаптар, тарбиялык мааниси терең окуялар, андан өтүп тамашага чейин айтылып, ачылып-чачылып ортого төгүлгөн. Ар кимге сөзүнө жараша баа беришкен. «Буттан жыгылган турат, ооздон жыгылган турбайт» деген таасын сөздү бийик тутушкан. Балдарын күч колдонбостон эле сөз күчү б.а. макалдар аркылуу таалим-тарбия беришкен. Төмөнкү макал-лакаптар турмуш-тун элегинен өтүп, эл оозуна алынып кеңири колдонулуп турат.

«Айтылган сөз – атылган ок»

«Жакшы таап айтат, жаман каап айтат»

«Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат»

«Калк айтса , калп айтпайт»

«Сууну сиңген жерге сеп, сөздү уккан жерге айт».

Тил жөнүндө макалдарыбыз да өзгөчө мааниге ээ:

«Улуттун күчү тилинде, тилдин күчү дилинде»

«Улут тили менен өсөт, дили менен толот»

«Тил элден өсөт, үрөн жерден өсөт»

«Тили балдын дили бал, тили уунун пейли тар»

«Тилин жээриген, элин жерийт, динин жеригендин ыйманы кетет»

«Тил – баш жарат, жел – таш жарат»

«Эненин мээрими – жүрөгүндө, баланын мээрими – тилинде»

«Эне тил – улук, эне сүт – ыйык»

«Эне тилди сүйгөн адам, улут үчүн күйгөн адам»

«Эне тилин билбеген эси жогун аныктайт,

Эне тилин сүйбөгөн элин сүйүп, жерин сүйүп жарытпайт»

Ат жалында өмүр кечирген көчмөн кыргыз калкы да, дүйнөлүк тарыхый агымдын арасында эң бир татаал тарыхты, башынан кечирип, кээде биригип, кээде чачылып, байыркы салттарынын терең тамырлары менен бекем чырмалышып, күрдөөлдүү эл журтка айланып, «кыргыз» деген этнонимди эчендеген кылымдар бою сактап келди. Көптөгөн окумуштуулар кыргыз элине кепке шыктуу, куюлуштура кулакка угумдуу, маани-маңызы терең сүйлөшөт деп баа беришкен. (В. Радлов ж.б.)

Э. Ибраев эң туура белгилеген:

«Улук болсом, тилим менен улукмун,

Улут болсом, тилим менен улутмун». Азыркы кезде кыргыз тили билим берүүдө, мамлекеттик иш кагаздарда, маданият тармагында, маалымат каражаттары жана интернетте кеңири колдонулуп келе жатат. Ошентсе да, тилдин өнүгүшү үчүн техникалык терминдерди кыргызчага которуу, билим берүү системасында тилди активдүү колдонуу жана жаш муундарга үйрөтүү маанилүү бойдон калууда. Тил саясаты билим берүү, мамлекеттик башкаруу, маалымат каражаттары жана маданият сыяктуу тармактарда ишке ашырылууда. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча атайын программалар түзүлүп, тилдин колдонуу чөйрөсүн кеңейтүүгө багытталган иш-аракеттер жүргүзүлүп келет. [2] Кыргыз тили бардык деңгээлдеги билим берүү мекемелеринде окутулат:

- Мектептерде – мамлекеттик тил милдеттүү сабак катары өтүлөт. Кыргыз тилдүү мектептерде башка сабактар да кыргызча окутулат;
- ЖОЖдордо – бардык багыттарда мамлекеттик тил курстары каралган.

Мамлекеттик кызматкерлер үчүн – тил үйрөнүү курстары уюштурулуп, мамлекеттик тил боюнча сертификат талап кылынат.

Бирок тил окутуудагы кээ бир маселелер:

- Окутуу ыкмалары заманбап талаптарга жооп бербейт;
- Санариптик куралдардын жетишсиздиги;
- Шаар жеринде айрым окуучулар, студенттер кыргыз тилин жетишсиз деңгээлде билишет.

Ошол эле учурда практикада кыргыз тилинин мамлекеттик деңгээлде толук кандуу колдонулушу дагы эле кыйынчылыктарга дуушар болууда. Себептеринин арасында:

- кадрдык жетишсиздик;
- тилди үйрөтүүдө методикалык базанын жетишсиздиги;
- техникалык терминологиянын толук калыптана электиги.

Баса, кыргыз тили эмне үчүн керек? Анткени кыргыз тили болсо, анда кыргыз эли болот. Эгер кыргыз эли болсо, анда эгемен эли болот, анын мамлекети болот.

Бүгүнкү мамлекеттик тилибиздин абалы, акыбалы ар бир кыргызмын деп денесинде каны ойногон кыргызды ойготушу керек. Себеби, биздин эркиндигибиздин ачкычы – тилибизде. Эгерде тилибиз жоголсо, аны менен кошо дилибиз да, улутубуз да жоголот. [3] Кыргыз тилинин эртеңи кандай? Бул суроо бардыгыбызды ойлондурбай койбойт. Анткени жаштардын көпчүлүгү кыргыз тилине салкын көз караш менен карашат. Мамлекеттик тилибизди өзүбүз урматтабасак, өзгө келип урматтабайт. Мамлекеттик тилди терең жана ыкчам үйрөтүү – улуттук идентүүлүктүн, маданий мурастын жана эгемендүүлүктүн ажырагыс бөлүгү. 2023-жылы Президент Садыр Жапаров мамлекеттик тилди өнүктүрүүнү колдоо тууралуу жарлыкка кол койгон. Бул – кыргыз тилинин коомдук турмуштун бардык тармагында кеңири колдонулушуна жол ачкан маанилүү кадам. [4] Кыргыз тилин өнүктүрүү жана окутуу – мамлекеттик тил саясатынын өзөгүн түзөт. Замандын талабына жооп берген ыкмалар, санариптик ресурстар жана коомдук колдоо аркылуу гана тилдин келечеги камсыз болушу мүмкүн.

- Кыргыз тилине болгон кызыгууну арттыруу үчүн санариптик платформаларды түзүү керек. Мисалы, Duolingo сыяктуу кыргызча атайын колдонмо, жаштар арасында тил үйрөнүү мотивациясын жогорулатып, аларга кызыктуу жана ыңгайлуу шарттар түзө алат. Эгерде мындай платформалар түзүлсө, кыргыз тилин үйрөнүү процесси заманбап жана жеткиликтүү болот.
- Интерактивдүү жана коммуникативдик ыкмаларды жайылтуу.Тил үйрөнүү процессин кызыктуу жана мотивациялуу кылуу үчүн интерактивдүү ыкмаларды колдонуу керек. Мисалы, ролдук оюндар, видео сабактар, дебаттар жана башка коммуникативдик ыкмалар аркылуу үйрөнүү процесси динамикалуу жана креативдүү болуп, жаштардын катышуусун жандандырат. Бул ыкмалар тилди активдүү колдонууга жана түшүнүүгө өбөлгө түзөт.
- Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана жаңы муун үчүн кызыктуу программаларды иштеп чыгуу. Кыргыз тилин окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу өтө маанилүү. Мугалимдер үчүн профессионалдык тренингдер жана курстарды уюштуруу, заманбап окутуу методдору менен тааныштырган программаларды иштеп чыгуу, тилди үйрөнүү процесстерин кызыктуурак жана эффективдүү кылууга жардам берет. Ошондой эле жаңы муун үчүн жөнөкөй жана түшүнүктүү, заманбап окутуу программаларын иштеп чыгуу зарыл.
- Техникалык, илимий, укуктук терминдерди кыргызчага адаптациялоо жана стандартташтыруу. Кыргыз тилинин толук кандуу иштеши үчүн техникалык, илимий жана укуктук терминдерди адаптациялоо жана стандартташтыруу маанилүү. Эл аралык стандарттарга ылайык терминдердин туура жана так колдонулушу кыргыз тилинин дүйнөлүк билим берүү жана ишкердик чөйрөсүндөгү ролун күчөтөт.
- Кыргыз тилин коомдук турмушка киргизүү жана анын колдонулушун кеңейтүү үчүн кыргыз тилдүү басылмалардын жана медиа контенттин көлөмүн көбөйтүү керек. Мамлекет тарабынан колдоо көрсөтүү, маалымат каражаттары аркылуу кыргыз тилинде сапаттуу контентти кеңири таратуу, ошондой эле аны коомдук пикирде активдүү колдонуу тилибиздин келечегин бекемдейт. Бул өз кезегинде тилдин коомдук маанисин күчөтөт жана анын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

Улуттук тилибиздин мартабасын мамлекеттик тил катары жаңы деңгээлге көтөрүүдө, өркүндөтүүдө, жаңы технологиялардын тилине айландырууда, интернет жолу аркылуу дүйнөлүк маалыматтар мейкиндигине алып чыгарууда да, даңазалуу дастаныбыздын мааниси баа жеткис. Бул жагынан «Манас» эпосу, акыйкатта да кыргыз тилинин көөнөрбөс алтын казынасы болуп эсептелет. Чынында, бул эпосту окуган адам андагы сан жеткис сөз өнөрүнүн асыл берметтерине, аңыз-

уламыштарына туш болот. Ал эне тилибиздин дүйнөдөгү эң бай, кооз, таасирдүү, элестүү кудурети ийкемдүү тилдердин катарында экенин тастыктайт. Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын туруктуулугун жана улуттук биримдигин сактап турган, элибиздин руханий байлыгы. Эне тилибизди урматтоо жана муундан муунга өткөрүп сактоо – бул улуттук аң-сезимдин көрүнүшү. Ошол эле учурда, кыргыз тилинин байлыгы менен өзгөчөлүгүн дүйнө жүзүнө таанытып, анын маданий баалуулугун кеңири жайылтуу ар бир жарандын милдети.

Кыргыз тили-кыргыздын жаны! – деп койсом аша чапкандык болбойт. Бул сүйлөмдүн өзүндө эле терең маани-мазмун жатат. Ошондуктан эне тилибиздин эртеңки келечеги үчүн колубуздан келген көмөгүбүздү аябайлы. Кылымдарды карыткан тилибиздин тазалыгын сактап,байлыгына байлык кошуп, дүйнөлүк коомчулукта кеңири орун алуусуна олуттуу салымыбызды кошолу!

**Колдонулган адабияттар**


1. Кутбилим сабак « Кыргыз нарк дөөлөтү – чечендик өнөр», февраль 2018.
2. Жумабаева А. Кыргыз тилин үйрөтүүнүн заманбап ыкмалары жана көйгөйлөрү // Жогорку билим журналы, 2022, №1, 66-71-б. – Режим доступа: https://edu-journal.kg/jumabayeva
3. Станалиев С. Эл дөөлөтү-эне тил. – Бишкек, 2012.
4. Жапаров С. Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жөнүндө Жарлык. – Режим доступа: https://president.kg


**Рецензент: филол.и.к., доцент Ызабекова Д.А.**


УДК 398.21/22 (=951.1) (574/575)
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-362-368



**Шисыр И.С., Касымова М.М.,**
Ж. Баласагын атындагы КУУ,
КР УИА Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту
**Шисыр И.С.[1], Касымова М.М.[2]**
КНУ имени Ж. Баласагына[1,]
Институт истории, археологии и этнологии имени Б. Жамгерчинова НАН КР[2]
**Shisyr I.S., Kasymova M.M.**
KNU J. Balasagyn,
Institute of History, Archeology and Ethnology named after B. Jamgerchinov NAS KR


## ДУНГАН АДАБИЯТЫ: БҮГҮН, ЭРТЕҢ ЖАНА КЕЛЕЧЕК
## ДУНГАНСКАЯ ЛИТЕРАТУРА: ВЧЕРА, СЕГОДНЯ И ЗАВТРА
## DUNGAN LITERATURE: YESTERDAY, TODAY AND TOMORROW


**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Борбор Азиядагы дунган көркөм адабиятынын өнүгүү процесси каралган. Белгилүү болгондой, ал Кыргызстандын аймагында калыптанган. Ошондуктан, жалпы жонунан алганда, ал кыргыз адабиятынын маңызын: өзгөчөлүгүн, эстетикасын, поэтикасын камтып турат. Ушул негизде дунган адабиятын кыргыз адабиятынын бир бөлүгү катары так айта алабыз. Дунган адабияты кыргыз адабиятынын бир бөлүгү катары негизинен Кыргызстандын реалдуу чындыгын өзүнүн мазмунунда чагылдырган. Жазуучулар өз дооруна таянып, курчап турган коомдук турмуштун типтүү образдары болгон көркөм каармандарды жаратышкан.

**Аннотация:** В статье рассматривается процесс развития дунганской художественной литературы Центральной Азии. Она формировалась в Кыргызстане и в целом хранит в себе своеобразие, эстетику, поэтику кыргызской литературы. На основании этого можно однозначно считать дунганскую литературу частью кыргызской литературы. Дунганская литература, как часть кыргызской литературы, естественно, отражала реальную действительность Кыргызстана. Исходя из своего времени, литераторы создавали образы художественных героев, которые являются типическими для окружающей социальной жизни.

**Abstract:** The article discusses the development process of Dungan artistic literature in Central Asia. As is known, it was formed in Kyrgyzstan. Thus, it generally retains the essence of: the uniqueness, aesthetics, and poetics of Kyrgyz literature. On this basis, Dungan literature can definitely be considered part

of Kyrgyz literature. Dungan literature, as part of Kyrgyz literature, naturally reflected in its content the real reality of Kyrgyzstan. Writers created, based on their time, artistic heroes that are typical images from the surrounding social life.

**Негизги сөздөр:** дунган адабияты; Борбор Азия; Кыргызстан; калыптануу; өнүгүү; өзгөчөлүк; көркөм каармандар; айланадагы коомдук жашоо.

**Ключевые слова:** дунганская литература; Центральная Азия; Кыргызстан; формирование; становление; своеобразие; художественные герои; окружающая социальная жизнь.

**Keywords:** Dungan literature; Central Asia; Kyrgyzstan; formation; development; uniqueness; artistic heroes; surrounding social life.

Дунгане, как отдельный народ, сформированы на Великом Шелковом пути. Соответственно, культура известного народа пропитана цивилизацией многих народов, живших и живущих по обе стороны большой Дороги жизни. В традиции дунган отчетливо отслеживаются компоненты культурного наследия различных народов (арабов, тюрков, персов, китайцев и др.), сыгравших определенную роль в формировании этноса дунган. Сегодня духовность дунган представляет собой результат сложной трансформации различных этнических, философских, моральных, эстетических взглядов на окружающий мир.

Дунганская письменная литература Центральной Азии (Кыргызстана, Казахстана и Узбекистана), как известно, сформирована в Кыргызстане. В целом она хранит в себе своеобразие, эстетику, поэтику кыргызской литературы. На этом основании можно однозначно считать дунганскую литературу частью кыргызской литературы.

Дунганская литература, как часть кыргызской литературы, отражала главным образом реальную действительность Кыргызстана. Литераторы, исходя из своего времени, создавали художественных героев, являющихся типическими образами окружающей социальной жизни.

Естественно, дунганская письменная литература в период своего творческого становления была связана с Октябрьской социалистической революцией. Для так называемых младописьменных литератур народов СССР известные события послужили катализатором для бурного развития. Все этносы, которые до сих пор не имели письменной литературы, благодаря серьезной поддержке государственной политики, активно приступили к созданию национальной культуры в этой области.

Видный востоковед Б.А. Васильев, подчеркивая этот незыблемый факт, в статье «Октябрь и дунганская литература» писал: «Говорить об Октябре и дунганской литературе – это значит говорить о дунганской литературе в целом, потому что своим появлением и существованием она обязана исключительно Октябрьской революции и национальной политике советской власти». [1]

На самом деле, до известного времени дунгане Средней Азии и Казахстана даже не имели своего письма. Только в январе 1928 года на II Пленуме ЦК Кыргызской АССР был утвержден проект дунганского алфавита[3] на основе латинской графики. [49] С этого времени, получив орудие своего культурного роста, деятели культуры из среды дунганского народа начали создавать национальную письменную литературу.

1 января 1931 года при Киргосиздате, в связи с развитием новой национальной письменной литературы, образовалась целая автономная секция по изданию. Уже с 1 июня 1931 года в кыргызской газете для малограмотных «Savattəbol», для оказания шефской помощи дунганской культуре была отведена 4-я страница, где материалы печатались на дунганском языке.

В 1932 году начала выходить регулярная газета «Dvuņ xuohioŋ» («Искра Востока»)[4], сыгравшая большую роль в развитии дунганской письменной литературы. Вокруг этой газеты сконцентрировалась группа талантливой литературной молодежи: Д. Абдуллин, Я. Джон, А. Магиев, К. Маев, Х. Макэ, Ю. Цунваза, Я. Шиваза, Ю. Яншансин и мн. др. О значении газеты К. Маев тогда писал: «В области хозяйственного и

[3] В истории дунганской письменности выделяются 3 этапа: 1) 1927-1928 годы – попытки создания письменности на основе арабографичной системы «сяоэрцзин», разработанной в Китае мусульманами хуэйцзу; 2) 1928-1953 годы – письменность на основе латиницы; 3) с 1953 года – письменность на основе кириллицы.

[4] В истории культуры дунган Центральной Азии впервые однодневная газета под таким же названием «Dvuņ xuohioŋ» («Искра Востока») была растиражирована 4 мая 1930 г. в г. Ташкенте.

культурного развития трудящихся-дунган газета «Dvuņ xuohiœ» выполняет огромную роль подлинного организатора и агитатора трудящихся масс». [2]

В 1933 году при Союзе писателей Киргизии была организована секция дунганской литературы, в которой работали 3 литературных кружка: поэзии, драматургии и прозы. Секцию посещали более 30 человек, пробовавшие свои силы на литературном поприще. Несколько позже члены секции уже участвовали в работе I съезда писателей Киргизии. С трибуны съезда Я. Шиваза, принятый в члены Союза советских писателей, рассказал делегатам о первых успехах дунганской литературы. [6, с.159]

С этого периода начинает свое развитие дунганская литература Центральной Азии, которая до последнего времени тесно связана с кыргызской литературой. Дунганская литература Кыргызстана, исходя из волнообразного развития страны, делится на этапы: 1924-1939 годы; 1940-1957 годы; 1953-1992 годы и 1993-2020 годы. При ознакомлении с дунганской литературой, лучше всего исходить из вышеозначенных этапов, что позволяет наблюдать становление национальной культуры с точки зрения развития государства.

1924-1939 годы. Дунганская литература совершает исторический рывок. Во Фрунзе впервые в культуре дунган Центральной Азии на дунганском языке вышли в свет поэтические сборники «Лёнминщин» («Утренняя звезда»), «Гэминди лон» («Волны революции») Я. Шивазы [26; 27; 28; 29]; «Ту йигэ гункў» («Первый труд») Х. Макэ [3, с.7]; «Кемар» («Кэмар») К. Маева [17]; «Гункў хуар» («Цветы труда») К. Маева, Х. Макэ, Ю. Яншансина [13] и др. В Алма-Ате в эти же годы издают сборники стихов Ю. Цунвазы «Җынҗан» («Борьба»), «Йүнчи» («Счастье») [24; 25] и др.

В скором времени появляются переводы сочинений дунганских литераторов на другие языки. В 1932, 1941 годах во Фрунзе на кыргызском языке (в переводе нескольких авторов) выходят в свет сборники стихов Я. Шивазы «Революция толкуну» и «Чолпон: ырлар жана поэмалар жыйнагы» [31; 32]. В 1937 и 1939 годах в Москве на русском языке выходят сборники стихов Я. Шивазы «Избранные стихи» (в переводе Ф. Ошакевича ) и «Китайский рисунок» (в авторизованном переводе). [32; 33]

Естественно, активная работа по развитию национальной литературы связана также с драматургией. Энергично осваивается знакомая уже по фольклору форма передачи реальной действительности – драма. Молодые литераторы, используя опыт традиционного народного художественного мышления и других более зрелых литератур, пишут первые драматические произведения. Например, выходят в свет отдельными изданиями «Салир» («Салир»), «Мынжянү» («Девушка из рода «Мын») Я. Шивазы.

В декабре 1922 года Всесоюзный съезд Советов принял декларацию и утвердил договор об образовании СССР. В связи с этим актом возникла необходимость создания единой денежной системы страны. Этот процесс занял с декабря 1922 года почти два года. В целях сокращения денежной массы и укрепления денежного обращения в России в 1922 и 1923 годах были проведены две деноминации. В результате 1 млн. рублей прежних образцов был приравнен к 1 рублю денежных знаков образца 1923 года. В соответствии с декретами СНК от 25 июля и 11 октября 1922 года были выпущены в обращение червонцы – банковские билеты, которые обеспечивались на 25% драгоценными металлами и на 75% краткосрочными векселями и легко реализуемыми товарами. Червонец имел золотое содержание в 7,74234 грамма и приравнивался по своей "твердости" к царской 10-рублевой золотой монете. Параллельно с червонцами в обращении находились катастрофически обесценивающиеся советские знаки. Поскольку червонцы обслуживали оптовый оборот, а розничный испытывал нужду в разменной валюте, в обращение были выпущены дополнительно к червонцу казначейские билеты достоинством в 1, 3, 5 рублей, что вошло в историю как второй этап денежной реформы 1922-1924 годов. Обмен совзнаков на рубли производился в соотношении 50 000:1. Кроме того, были выпущены серебряные и медные монеты. С 15 февраля 1924 года был прекращен выпуск совзнаков, а с 10 марта до 30 апреля 1924 года совзнаки и другие денежные знаки, обращающиеся на окраинах, подлежали выкупу на новые деньги. В результате

денежной реформы на территории созданного Советского Союза была введена устойчивая валюта – червонец и создана единая социалистическая денежная система.

Реформа явилась положительным фактором в развитии промышленности и сельского хозяйства, в завершении восстановительного процесса народного хозяйства. 1925 год был годом максимального за весь восстановительный период подъема промышленности. За этот год планируемая промышленная продукция выросла на 57% по сравнению с 1924 годом, производительность труда – на 40%. С 1 октября 1923 года по 1 октября 1925 года балансы банков увеличились в 5 раз, вклады и текущие счета – почти в 6,7 раза, учетно-ссудые операции – в 4,7 раза. [2, с.345]

Таким образом, интенсивное развитие операций кредитных учреждений на базе твердой валюты содействовало ускорению темпов экономического подъема.

Следует отметить, что на протяжении всей истории существования Союза правительством постоянно предпринимались меры по укреплению денежной системы. Так, после Великой Отечественной войны, нанесшей серьезные разрушения народному хозяйству и денежной системе страны, по постановлению СМ СССР и ЦК ВКП(б) от 14 декабря 1947 года «О проведении денежной реформы и отмене карточек на продовольственные и промышленные товары», в стране была проведена денежная реформа. Она ставила задачу – ликвидировать последствия войны в сфере денежного обращения, восстановить полноценный советский рубль и облегчить переход к развернутой торговле по единым ценам без карточек. Старые деньги обменивались на новые в соотношении 10 к 1, что привело к значительному уменьшению денежной массы на всей территории страны. Одновременно была произведена льготная переоценка вкладов в сберкассах. Денежные средства государственных предприятий и организаций, хранившиеся на их счетах в банках, сохранились без изменения. В результате реформы было изменено наименование банковских билетов, которые стали выпускаться не в червонцах, а в рублях. Одновременно были отменены карточки и снижены розничные цены, что создало условия для повышения покупательной способности и перевода рубля на золотую основу. Золотое его содержание было установлено в размере 0,222168 грамма чистого золота.

Быстрое развитие послевоенной экономики, рост объемов производства и товарооборота к концу 50-х годов привели к тому, что в стране гигантски разрослись денежные потоки. Для обеспечения улучшения организации учета денег, расчетов в народном хозяйстве и номинального уменьшения наличной денежной массы по постановлению Совета Министров от 4 мая 1960 года в стране с 1 января 1961 года был укрупнен масштаб цен. По этому постановлению все действующие цены были уменьшены в 10 раз. Обмен денег образца 1947 года производился на вновь выпущенные в расчете 10 к 1. Изменение масштаба цен 1961 года и унификация размеров банкнот способствовали облегчению планирования, учета и контроля в народном хозяйстве. В 60-е годы денежное обращение характеризовалось относительной стабильностью, а в 70-х годах в денежном обращении Союза стала наблюдаться тенденция замедления. Появились сбои в товарообороте, диспропорции в спросе и предложении, в доходах и расходах населения.

С началом перестройки хозяйственного механизма, начатой в середине 80-х годов в стране, проявились все негативные явления в экономике, накапливавшиеся годами: неблагоприятная структура экономики, хронический дефицит продовольствия, товаров и услуг, дефицит государственного бюджета, который достиг 200 млрд. рублей в 1990 году, что отрицательно сказалось на денежном обращении. Признаки финансового кризиса особенно обострились в 1990 и 1991 годах. Если ежегодная эмиссия наличных денег до 1988 года составляла от 0,4 до 5,8 млрд. рулей, то в 1989 году – 17,9, в 1990 году – 26,6, в 1991 – 127,6 млрд. рублей. [3, с.20] В этих условиях инфляция и цены росли высокими темпами, и денежное обращение становилось в стране все более неуправляемым. Иначе говоря, расстройство денежного обращения создало определенные экономические условия, содействующие и способствующее усилению процесса развала основ общества в тот период. История Союза полностью подтверждает это. Распад СССР в декабре 1991 года и тот неуправляемый "парад суверенитетов", который начался на его территории, еще больше усилили несбалансированность в денежном обращении и с неизбежной быстротой привели к развалу единого экономического организма и его денежной системы.

Распад Советского Союза оказал негативное влияние на экономику всех бывших союзных республик, в том числе и на Кыргызскую Республику. Это подтверждается следующими данными: в 1992 году по сравнению с 1991 годом произведённый национальный доход сократился на 17%, объём промышленного производства – на 26,3%, выпуск товаров народного потребления – на 59%, объём инвестиций – на 33%. Дефицит государственного бюджета составил 12,5% ВВП, что значительно превышает международно признанный допустимый уровень в 5%. Уровень инфляции превысил 1340%. [4, с.2] Тяжёлое социально-экономическое положение, сложившееся в Кыргызстане в начале 1990-х годов, обусловлено рядом объективных, специфических для республики факторов, в числе которых:

- **исторически сложившаяся структура экономики**, характеризующаяся технологической отсталостью и низкой эффективностью использования ресурсов, а также разрушением устоявшихся экономических связей в конце 1980-х – начале 1990-х годов;
- **высокая степень зависимости от торговли со странами СНГ,** что в условиях распада единого хозяйственного пространства сделало экономику Кыргызстана крайне уязвимой перед макроэкономическими потрясениями и ухудшением торговых отношений с бывшими союзными республиками;
- **зависимость от экономической политики России,** не учитывавшей особенности и потребности кыргызской экономики, что способствовало углублению кризисных явлений – инфляции, спаду производства, нарушению денежного обращения как в наличной, так и в безналичной формах;
- **отсутствие согласованной экономической политики в рамках СНГ**, включая бюджетную, кредитную и эмиссионную сферы;
- **постоянный рост цен на энергоносители**, который усугублял дефицит платёжного баланса, ухудшал финансовое положение предприятий и населения, а также способствовал дальнейшему росту цен.

В условиях экономического кризиса одним из ключевых шагов по стабилизации ситуации в Кыргызстане стало введение национальной валюты. Этот шаг позволил снизить напряжённость, вызванную несбалансированностью товарных и денежных потоков внутри страны.

Вопрос о введении собственной валюты дважды рассматривался Верховным Советом республики. Впервые – в апреле 1993 года, когда депутаты не поддержали предложение правительства о введении национальной денежной единицы. Тогда было решено вернуться к обсуждению этого важного вопроса после 10 мая 1993 года.

Однако на 12 мая того же года Международный валютный фонд, членом которого стал Кыргызстан, запланировал рассмотрение вопроса о предоставлении республике крупного кредита. Одним из ключевых условий получения этой финансовой помощи было наличие собственной национальной валюты.

С учётом этого обстоятельства, 10 мая 1993 года была срочно созвана внеочередная сессия Верховного Совета. В ходе детального обсуждения было принято постановление о введении в обращение национальной валюты – кыргызского сома.

Официальный обменный курс, установленный при введении национальной валюты, составлял:

- 1 сом = 200 рублей,
- 1 доллар США = 4 сома,
- 1 фунт стерлингов = 6,1180 сома,
- 1 немецкая марка = 2,4860 сома.

Такое соотношение действовало лишь в течение первых пяти дней обменной кампании. После этого был введён «плавающий курс», определяемый спросом и предложением на валютном рынке.

С целью защиты сбережений населения Комитетом по введению национальной валюты было принято решение пересчитать все рублёвые вклады по курсу 1 сом = 150 рублей.

По оценкам специалистов, на момент перехода на сом, объём денежной массы в обращении составлял около 50-53 млрд. рублей. Из этой суммы население предъявило к обмену лишь около 6,5 млрд. рублей, а ещё примерно 7 млрд. поступили через торговые точки и магазины. Оставшиеся средства были частично использованы в приграничной торговле с соседними государствами и Россией, а также отложены населением на будущее.

Все советские и российские рубли, собранные в ходе обмена на сомы, были возвращены в Центральный банк России. Эти средства были зачтены в счёт погашения

государственного долга Кыргызстана перед Российской Федерацией.

Одной из отличительных черт денежной реформы в Кыргызстане стала её открытость. Население страны было официально уведомлено о введении национальной валюты 7 мая 1993 года, а государства СНГ — за 54 дня до начала реформы.

В связи с тем, что часть населения Кыргызстана по объективным причинам не успела обменять рубли на сомы в основной период с 10 по 14 мая 1993 года, Комитет Кыргызской Республики по введению национальной валюты принял решение о проведении дополнительного этапа обмена. Он был организован для тех граждан, которые во время реформы находились в больницах, командировках, за границей, а также для чабанов и других работников, находившихся в отдалённых регионах страны.

На этом этапе принимались к обмену только российские рубли, и курс оставался прежним – 1 сом за 200 рублей. Заключительный, третий этап обмена прошёл 3-4 июня 1993 года. В этот период обмен союзных рублей на сомы производился уже по рыночному курсу и исключительно для граждан Кыргызской Республики.

Таким образом, денежная реформа в Кыргызстане проходила в три этапа, что выгодно отличает её по структуре от аналогичных реформ, проводившихся ранее в СССР и России.

Следует отметить, что установленный обменный курс 1:200 имел фактически конфискационный характер. Введение новой валюты сопровождалось резким изменением масштаба цен: стоимость товаров и услуг значительно возросла, что негативно отразилось на уровне жизни трудящихся.

Ведение национальной валюты в Кыргызстане стало важным этапом в формировании собственной денежной системы. В ходе реформы были затронуты все ключевые элементы этой системы:

- введена новая денежная единица – сом,
- изменены номиналы денежных знаков,
- установлен новый масштаб цен,
- определён порядок эмиссии и обращения денег,
- зафиксированы валютные курсы к российскому рублю и доллару США,
- определён орган, отвечающий за регулирование денежного обращения.

Основные цели введения национальной валюты заключались в следующем:

1. Освобождение от зависимости от рублёвой зоны и обеспечение республики собственными наличными средствами. Российская Федерация в условиях гиперинфляции уже не могла удовлетворять потребности всех бывших союзных республик в денежной массе.

2. Обретение экономического суверенитета – возможности самостоятельно формировать финансово-кредитную, налоговую и ценовую политику, а также устанавливать уровень заработной платы.

3. Снижение негативного влияния инфляционных процессов в России, от которых особенно страдали малые государства, вынужденные подстраиваться под решения более крупных экономик.

Все эти задачи в определённой степени были решены.

Значение этой реформы трудно переоценить: с введением сома начался процесс формирования национальной денежной системы Кыргызстана. Были заложены основы для дальнейшего экономического развития и укрепления финансового суверенитета страны.

**Список использованной литературы**

1. Койчуев Т., Плоских В. Сом – проблемы и надежды. – Бишкек: Илим, 1993, с. 10.
2. Атлас З.В. Социалистическая денежная система. – Москва: Финансы, 1969, с. 245.
3. Калядина И. От развала Союза к разделу рубля // Вопросы экономики, 1991, №12, с. 20.
4. Программа правительства Кыргызской Республики по углублению экономических реформ // Слово Кыргызстана, 01.03.1993, с. 2.

**Рецензент: д-р э.н., профессор Есеналиева Б.Б.**

УДК 940.5:958:327.7
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-441-445

**Омурова Ж.О., Айбек кызы А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Омурова Ж.О., Айбек кызы А.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Omurova J., Aibek kyzy A.**
KNU J. Balasagyn

# "БИР АЛКАК – БИР ЖОЛ" ДОЛБООРУНУН АЛКАГЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАН МЕНЕН КЫТАЙДЫН ТРАНЗИТТИК КЫЗМАТТАШТЫГЫ
# ТРАНЗИТНОЕ СОТРУДНИЧЕСТВО МЕЖДУ КЫРГЫЗСТАНОМ И КИТАЕМ В РАМКАХ ПРОЕКТА «ОДИН ПОЯС – ОДИН ПУТЬ»
# TRANSIT COOPERATION BETWEEN KYRGYZSTAN AND CHINA WITHIN THE FRAMEWORK OF THE "ONE BELT – ONE ROAD" PROJECT

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кытай Эл Республикасы "Бир алкак, бир жол" демилгеси алкагындагы Кыргызстан менен Кытайдын транзиттик кызматташтыгы талдоого алынган. Кыргызстан географиялык абалынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу бул демилгеде маанилүү ролду ойнойт. Макалада Кытайдын Кыргызстандагы инвестициялык долбоорлоруна өзгөчө көңүл бурулуп, алардын аткарылышынын механизмдери, масштабдары жана Кыргызстандын экономикасына тийгизген таасири изилденет. Аталган долбоордун алкагында Бишкек-Нарын-Торугарт автожолунун реабилитациясы, ошондой эле Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолу жана Түндүк-Түштүк альтернативдик жол сыяктуу ири долбоорлор ишке ашкан. Ушул долбоорлор Кыргызстандын инфраструктурасын өнүктүрүү, аймактар аралык байланыштарды чыңдоо жана транспорттук потенциалын арттыруу аркылуу өлкөнүн туруктуу өнүгүшүнө олуттуу салым кошууда.

**Аннотация:** В статье анализируется транзитное сотрудничество между Кыргызстаном и Китаем в рамках инициативы «Один пояс – один путь», инициированной Китайской Народной Республикой. Кыргызстан играет важную роль в этой инициативе благодаря своему уникальному географическому положению. Особое внимание в статье уделено китайским инвестиционным проектам в Кыргызстане, рассматриваются механизмы их реализации, масштабы и влияние на экономику Кыргызстана. В рамках данного проекта были реализованы такие крупные проекты, как реабилитация автодороги Бишкек-Нарын-Торугарт, а также железной дороги Китай-Кыргызстан-Узбекистан и альтернативной дороги Север-Юг. Данные проекты вносят значительный вклад в устойчивое развитие страны, развивая инфраструктуру Кыргызстана, укрепляя межрегиональные связи и увеличивая его транспортный потенциал.

**Abstract:** The article analyzes the transit cooperation between Kyrgyzstan and China within the framework of the "One Belt – One Road" initiative initiated by the People's Republic of China. Kyrgyzstan plays an important role in this initiative due to its unique geographical location. The article pays special attention to Chinese investment projects in Kyrgyzstan, examines the mechanisms of their implementation, scale and impact on the economy of Kyrgyzstan. Within the framework of this project, such major projects as the rehabilitation of the Bishkek-Naryn-Torugart highway, as well as the China-Kyrgyzstan-Uzbekistan railway and the alternative North-South road were implemented. These projects make a significant contribution to the sustainable development of the country, developing the infrastructure of Kyrgyzstan, strengthening.

**Негизги сөздөр:** "Бир алкак – бир жол"; Улуу Жибек жолу; Кытай; Кыргызстан; Түндүк-Түштүк альтернативдик жолу; Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолу.

**Ключевые слова:** «Один пояс – один путь»; Великий Шелковый путь; Китай; Кыргызстан; альтернативный путь Север-Юг; железная дорога Китай-Кыргызстан-Узбекистан.

**Keywords:** "One Belt – One Road"; the Great Silk Road; China; Kyrgyzstan; the alternative North-South route; the China-Kyrgyzstan-Uzbekistan railway.

**Киришүү:** Кытай элдик республикасынын (КЭР) «Бир алкак – бир жол» демилгеси (BRI), кээде "Жаңы Жибек Жолу" деп да аталат, Пекин тарабынан ойлоп табылган эң дымактуу инфраструктуралык долбоорлордун бири. 2013-жылы КЭРдин төрагасы Си Цзиньпин тарабынан башталган өнүктүрүү жана инвестициялык демилгелердин кеңири

топтому алгач Чыгыш Азия менен Европаны инфраструктура аркылуу байланыштыруу үчүн иштелип чыккан. Акыркы он жылдын ичинде долбоор Африкага, Океанияга жана Латын Америкасына кеңейип, Кытайдын экономикалык жана саясий таасирин бир топ кеңейтти. [1]

КЭРдин «Бир алкак – бир жолдун» демилгесинин алкагында «21-кылымдын Деңиз Жибек Жолу» жана «Жибек Жолунун Экономикалык алкагы» концепцияларын сунуштаган. Бул долбоордун идеясы дүйнөлүк цивилизациянын тарыхында болуп көрбөгөндөй ой пикир, талкуу жаратууда. Аталган долбоор кеңири географиялык аймакты, көптөгөн өнөктөш өлкөлөрдү (Борбор Азиянын, Европанын жана Африканын 60тан ашык өлкөлөрүн), инвестициялардын эбегейсиз көлөмүн ишке ашыруунун узак мөөнөтүн камтыйт. [2]

Акыркы жылдары кыргыз-кытай мамилелери жаңы деңгээлге чыгып, стратегиялык өнөктөшкө айланды. Кыргыз Республикасынын Президенти С. Жапаров белгилегендей: «Кыргызстан Кытай Эл Республикасы менен бирге өнүгүүгө, экономикалык өсүшкө гана эмес, байыртадан бери элдерибизди байланыштырып келген Улуу Жибек жолунун кайра жаралышына салым кошкон бекем жана өз ара пайдалуу байланыштарды түзүүгө умтулат». [3]

«Бир алкак – бир жол» долбоорунун ишке ашырылышы менен Кыргызстандын экономикасына көп кытайлык компаниялар инвестиция салууда. Кыргызстан үчүн Кытай менен өз ара кызматташуу абдан олуттуу болууда, себеби Пекин тарабынан биздин республикада ишке ашып жаткан долбоорлорго бир кыйла инвестицияларды ишке ашырууда кытайлык адистер катышат. Кытай коңшу өлкөлөргө салган инвестициясы негизги багыттары энергетика, тоо кен тармагы, авто-унаа жолдорун реконструкциялоо жана темир жол тилкелерин куруу менен байланыштуу. Ошону менен катар Кытай Кыргызстан үчүн маанилүү болгон электр энергетика тармагындагы бир катар долбоорлорду ишке ашырууга катышууда. [4]

Кыргызстан Кытайдын түндүк-батыш тарабы менен чектешет. Биз мурдатан эле жакшы коңшулук мамилени сактап келебиз. Кытай 2013-жылдан 2019-жылдары «Бир алкак – бир жол» долбоорунун алкагында бир катар инвестициялык долбоорлор ишке ашырылган. [5, б. 240-242]

**Белгилүү ишке ашырылган кытайлык инвестицияларга кыскача токтолсок [6]**

| | **Инвестиция долбоорлору** |
|---|---|
| 1. | 500 кВ Датка Кемин аба электр чубалгысын жана 500 кВ Кемин АЭСти куруу. Долбоордун баасы 389,8 млн. АКШ доллары. |
| 2. | Бозымчак (алтын – 30 тонна, жез – 203 мин тонна). Алтын жана жез өндүрүү. Долбоордун баасы 373,3 млн. АКШ доллары. |
| 3. | Кыргызстандын түштүгүндөгү электр линияларын жаңылоо. Долбоордун баасы 208 млн. АКШ доллары. |
| 4. | Иштамберди (алтын 30 тонна). Долбоордун баасы 166,7 АКШ доллары. |
| 5. | Бишкектин жолдорун куруу жана реконструкциялоо(10 участок). Долбоордун баасы 30 млн. АКШ доллары. |
| 6. | Бишкек-Нарын-Торугарт автожолун реабилитациялоо. Долбоордун баасы 423,6 млн. АКШ доллары. |

Бул инвестициялык долбоорлор Кыргызстандын эгемендүүлүк алгандан берки тарыхындагы эң ири чет элдик инвестиция катары кароого болгон. Өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү жараянында чет өлкөлүк инвестициялар эбегейсиз роль ойнойт. КЭРден келген инвестиция 1995-жылдан башталган. Ал эми 2013-жыдан баштап «Бир алкак, бир жол» долбоорунун алкагында 2013-2014-жылдардын эволюциясын карасак жогорку темпте өскөн. [7, б. 79]




**Кытай инвестицияларынын статистикасы [8]**

Учурда КЭР менен Кыргызстандын ортосундагы «Бир алкак, бир жол» алкагында бир нече амбициялуу инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу пландалууда. Демилге боюнча эң белгилүү кытай инвестициялык долбоорлорунун бири: Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун курулушу жана Түндүк-Түштүк альтернативалык жолунун курулушу актуалдуу маселе болууда. [9] Аталган темир жол тилкесин куруу XX к. акырында эки мамлекеттин мамлекет башчылары тарабынан каралып, бир нече жолу келишимдерге, макулдашууларга кол коюлуп келген. Бирок бул долбоор кагаз жүзүндө калып ишке ашпай келген.

Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолун куруу 2016-жылдан баштап алгылыктуу иш аракеттер башталган. [10] Аталган стратегиялык долбоор 2022-жылдын сентябрь айында Самаркандда Кыргызстан менен Кытай автожолду куруу долбоору боюнча кызматташуу келишимине кол коюшкан. Ал эми 2023-жылдын май айында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун Кытайга болгон иш сапарынын жана Сиань шаарында өткөн “Кытай-Борбордук Азия” саммитинин жыйынтыгында бул транспорттук-логистикалык демилгени ишке ашыруу боюнча мындан аркы кадамдар боюнча Жол картасы бекитилип, техникалык-экономикалык негиздеменин акыркы варианты жарыяланган. [11]

Ал эми 2024-жылдын 20-декабрында Кыргыз Республикасынын менен КЭРдин ортосунда «Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан» темир жолу компанияларынын ортосунда инвестициялык макулдашууга кол коюлган. Бул инвестициялык макулдашууга Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги, ал эми инвестор тараптан – «Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан» темир жолу компаниясынын директорлор кеңешинин төрагасы Чжун Шэнгуй кол койгон. [12] Бул долбоор 4 млрд 700 млн АКШ долл. бааланган. 2024-жылдын 18-июнда бул каражаттын 51% Кытай, ал эми калган 49% Кыргызстан менен Өзбекстан тең бөлүп каржылай тургандыгы белгилүү болгон. Темир жолду курууга Кытайдын «China Railway International» компаниясы, Кыргызстандын «Кыргыз темир жолу» мамлекеттик ишканасы жана Өзбекстандын «Узбекистон темир йуллари» акционердик коому жооптуу болот.

Темир жол «Кашкар – Торугарт – Макмал – Жалал-Абад – Анжиян» багытында курулат. Бул каттам жүктөрдү жеткирүүнүн убактысын 7-8 күнгө, 900 чакырымга кыскартат. Темир жол Кыргызстандын аймагында жалпысынан 304,94 чакырымды түзөт. Анын ичинде жалпысынан 20 бекет, 42 даана көпүрө, 25 туннел каралган. [13] Бул темир жолдун ишке кириши Кыргызстандын континенттер аралык жүк ташуудагы позициясын олуттуу бекемдейт жана Кыргызстандын деңизге чыгуусун камсыз кылган жаңы эл аралык транспорт коридорлорун өнүктүрүүгө түрткү берет.

Учурда Иран–Түркмөнстан-Өзбекстан-Кыргызстан каттамы иштеп жатат. Темир жол линиясы Бандар-Аббас портунан Ош шаарына чейин созулат. 2023-жылы тогуз айда бул багытта 33 миң тоннадан ашык жүк ташылган. Тараптар Иран менен Кыргызстандын ортосунда контейнердик поездди сыноодон өткөрүү мүмкүнчүлүгүн карашууда. Ал ортодо Кыргызстан жана Түркиянын чек арасына Иран жолдору аркылуу жетүүгө үмүттөнүүдө. Бул үчүн Кыргызстан-Өзбекстан-Түркмөнстан-Иран-Түркия мультимодалдык коридору түзүлүүдө. [14]

Ал эми түндүк-түштүк альтернативдик жолдун курулушу 2014-жылы башталган. Түндүк-түштүк же Балыкчы – Жалал-Абад жолу: Кочкор, Чаек, Көкөмерен, Казарман аркылуу өтөт. Жалал-Абад – Казарман автожолунун курулушунун биринчи этабын 2018-жылы бүтүрүү пландалынган, экинчи долбоордо Казарман-Арал, үчүнчү долбоордо Арал-Кочкор-Балыкчы автожолун куруу каралган. Бишкек-Ош жолунан айырмаланып альтернативдүү жолдо ашуулар жок, эң бийик жери деңиз деңгээлинен 2 миң метр бийиктикте жайгашкан. Бул Көк-Арт ашуусундагы туннел, узундугу 4 миң метр. Нарын дарыясына узундуктары 400м жана 1000м болгон эки эстакадалык көпүрө курулган. Жол Нарын жана Жалал-Абад облустарынын кооз жерлеринен өтөт жана аталган областарды байланышын камсыздайт. [15]

Түндүк-түштүк долбоору Кыргызстандын ички аймактарынын экономикасынын өнүгүүсүнө шарт түзөт. Долбоорду ишке ашыруу келечекте автомобиль жолдорунун тармагын өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет, бул транспорттук каттамдардын санын жана ошого жараша түштүк менен түндүк аймактардан жүргүнчүлөрдү жана жүктөрдү ташуу чыгымдарын кыскартат. Жолдун курулушу эл аралык жана ички туризмди өнүктүрүүгө чоң салым кошот. Аталган маршрут жайгашкан аймактар – Сузак, Тогуз-Торо, Жумгал, Кочкор райондору социалдык-экономикалык өнүгүүгө кошумча мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Жаңы стратегиялык жолдун пайда болушу менен инфраструктура жакшырат – заманбап соода-сатык түйүндөрү, тамак-аш сатуучу, май куюучу жайлар, техникалык тейлөө станциялары пайда болуп, жаңы жумуш орундардын болуусун камсыздайт. [16]

Келечекте транзиттик жолдун аркасында Кыргызстанга Жакынкы Чыгыш жана Россия мамлекеттерине чыгуу менен эл аралык жүктөрдүн көлөмүн бир нече эсеге көбөйтүүгө мүмкүндүк ачылат. Келечектүү Түндүк-Түштүк альтернативдик жолу 2026-жылы ачылары болжолдонууда. [17] Дагы бир мультимодалдык коммуникация долбоору Кыргызстан менен Кытайдын ортосундагы автотранспорттук өткөөлдөрдүн системасын өнүктүрүү болуп саналат. Бул багыттын алкагында буга чейин Бедел ашуусу аркылуу Кытай менен жаңы автомобиль байланышы ачылган. 1996-жылдан бери кыргыз-кытай чек арасындагы бул өткөрүү пунктун ачуу маселеси чечилбей келген. Акыркы жылдарда бул жерде жаңы өткөрүү пунктунун инфраструктурасы модернизацияланат, ошондой эле Барскоон-Учтурфан-Аксуу автожолунун курулушу боюнча кытай тарап менен биргеликте иш алып барышууда. Бул Эркеч-Там жана Торугарттан башка үчүнчү чек арадан өтүүчү унаа өткөөлү болуп, логистикалык борборлор түзүлсө, келечекте олуттуу долбоорлордун бир болуп калаары шек жаратпайт. Натыйжада Кытайдын Кашкар шаарынан Өзбекстандын чек арасына жүк ташуу Казакстан аркылуу 10 күн болсо, Кыргызстандын автожол тармагы аркылуу 2 күндө жеткирүүгө болот. [18]

**Корутунду:** Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй тыянак чыгарсак.

Азыркы кезде Кыргыз Республикасы менен Кытайдын кызматташтыгынын аймактык стратегиясында – «Бир алкак – бир жол» долбоорунун алкагында энергетика, тоо кендерин иштетүү, транзиттик жолдорду куруу ж.б. ири программаларын ишке ашыруу негизги орунда болууда. Ошону менен катар аталган долбоор алкагында кытайлык инвесторлордун кредиттик каржылоосу жылдан жылга көбөйүүдө.

Ал эми Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолу курулуусу ишке ашса транзиттик контейнердик ташуулардын өсүшүн камсыз кылуу менен Борбордук Азия өлкөлөрүнүн транзиттик деңгээли жогорулайт. Жаңы каттам калыптанган сайын анын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү жогорулап, ири өндүрүш ишканалары түрүндөгү жаңы жүк жөнөтүүчүлөр тартылып, транзиттик ташуулардын көлөмү көбөйүп, ташуунун өзүнүн баасы төмөндөйт. Ошентип, азыркы деңиз жана кургак коридорлордун тыгынын эске алганда, Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолунун альтернативасы жашоого жөндөмдүү жана Европа менен Азиянын ортосундагы көптөгөн байланыштардагы транспорттук деңгээли олуттуу болуусуна көмөктөшмөк.

**Колдонулган адабияттар**

1. China's Massive Belt and Road Initiative. – URL: https://www.cfr.org/backgrounder/chinas-massive-belt-and-road-initiative February 2, 2023.

2. Си Цзиньпин. Кытай Эл Республикасынын төрагасынын Назарбаев Университетиндеги сөзү // Жэньминь жибао онлайн. – 7-сентябрь, 2013. – Кирүү режими: http://russian.people.com (кайрылуу күнү: 28.02.2025).

3. Кыргыз-кытай чек арасындагы «Бедель» өткөрмө пунктунун ачылышына карата Кыргыз Республикасынын Президентинин кайрылуусу. – Кирүү режими: https://president.kg/news/all/25685 (кайрылуу күнү: 03.03.2025).

4. «Датка–Кемин» ЛЭП $400 миллионго ишке берилди // РИА Новости, 2015, 28-август. – Кирүү режими: https://ria.ru/20150828/1212297728.html (кайрылуу күнү: 04.03.2025).

5. Омурова Ж.О. Сотрудничество Кыргызской Республики с Китайской Народной Республикой в рамках проекта «Один пояс – один путь» // Вестник Волгоградского государственного университета. Серия 4. История. Регионоведение. Международные отношения, 2019, т. 24, № 5, с. 236-249. – DOI: https://doi.org/10.15688/jvolsu4.2019.5.17

6. Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы Улуттук стратегиялык демилгелер институту. Кыргыз-кытай кызматташтыгы. – Кирүү режими: https://nisi.kg (кайрылуу күнү: 06.03.2025).

7. Омурова Ж., Шаршембиева Т., Айпери Шаршенбек к. Инвестиционная деятельность КНР в Кыргызской Республике // Мировая экономика и международные отношения, 2024, т. 68, № 4, с. 77-86. – Режим доступа: https://doi.org/10.20542/0131-2227-2024-68-4-77-86 EDN: UKCPTT

8. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, Улуттук статистика комитети. – Кирүү режими: https://stat.gov.kg (кайрылуу күнү: 06.03.2025)

9. “Кылымдын курулушу”. “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан” темир жолу. – Кирүү режими: www.bbc/com (кайрылуу күнү: 30.03.2025)

10. Ashyrbekova A., Su Lei. Investment in highway construction in Kyrgyzstan under the “one belt and one road” initiative. Section 4. World economy. – URL: https://cyberleninka.ru/article/n/investment-in-highway-construction-in-kyrgyzstan-under-the-one-belt-and-one-road-initiative

11. Перспективы взаимодействия СУАР КНР и стран Центральной Азии в пространстве. – Режим доступа: https://shygystanu.kz/rus/archives/3414 (дата обращения 09.09.2023)

12. Кыргызстан “Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан” темир жол долбооруна Кытайдан насыя алат. – Кирүү режими: https://www.ayattyk.org (кайрылуу күнү: 30.03.2025)

13. Кыргыз Республикасынын Экономика жана Коммерция министрлиги. Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолу качан курулуп бүтөт. – Кирүү режими: https://mineconom.gov.kg (кайрылуу күнү: 30.03.2025).

14. Темир жол инфраструктурасынын жаңы доору: ККӨ темир жолу // Пояс и Путь. – Кирүү режими: https://rus.yidaiyilu.gov.cn (кайрылуу күнү: 30.03.2025).

15. Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги. Түндүк–Түштүк альтернативдик жолу. – Кирүү режими: https://mtd.gov.kg (кайрылуу күнү: 03.04.2025).

16. Түндүк–Түштүк альтернативдик жолу // PIU MOTC. – Кирүү режими: https://piumotc.kg (кайрылуу күнү: 09.04.2025).

17. Түндүк–Түштүк альтернативдик жолунун ачылыш аземи кийинки жылга жылдырылды. – Кирүү режими: https://kaktus.media (кайрылуу күнү: 11.04.2025).

18. «Бедель» чек ара өткөрмө пунктунун ачылышы Кытай менен байланыштарды чыңдайт // Xinhua. – Кирүү режими: https://xinhua (кайрылуу күнү: 11.04.2025).

**Рецензент: т.и.д-р, профессор Карыева А.К.**

УДК 321.013
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-445-451

**Сыдыкбаев Ч.М., Сүймөнова Ж.М., Ормонбекова Ж.Ы.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Сыдыкбаев Ч.М., Суймонова Ж.М., Ормонбекова Ж.Ы.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Sydykbaev Ch.M., Suimonova J.M., Ormonbekova J.Y.**
KNU J. Balasagyn

## БОРБОРДУ КОТОРУУ – ЭКОЛОГИЯЛЫК, ДЕМОГРАФИЯЛЫК ЖАНА САЯСИЙ-СОЦИАЛДЫК ЧЫҢАЛУУНУ ТОКТОТУУНУН ЖАЛГЫЗ ЖОЛУ

# ПЕРЕНОС СТОЛИЦЫ – ЕДИНСТВЕННЫЙ СПОСОБ ПОЛОЖИТЬ КОНЕЦ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ, ДЕМОГРАФИЧЕСКОЙ И ПОЛИТИКО-СОЦИАЛЬНОЙ НАПРЯЖЕННОСТИ

# RELOCATING THE CENTER IS THE ONLY WAY TO PUT AN END TO ENVIRONMENTAL, DEMOGRAPHIC, AND POLITICAL-SOCIAL TENSIONS

«Эскини эптейм деп эсиң кетет, жаңысын кур»
(Элдик накыл)

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада Кыргызстандын борбор калаасына тийиштүү көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору сунушталат. Борбор калааны Кочкор районуна көчүрүү менен бир катар: социалдык, экологиялык, демографиялык керек болсо аскердик маселелерди чечип алуу мүмкүндүгү аналитикалык негизде сунушталат. Сунушталган аймактын артыкчылыктуу жактары, айрым геосаясий, географиялык факторлор талданат жана тийиштүү сунуштар берилет. Ошондой эле макалада автор өзүнүн жүйөөлөрүн бир катар чет элдик жана ата мекендик окумуштуулардын илимий гипотезаларын мисал келтирүү менен бекемдейт.

**Аннотация:** В статье предлагаются способы решения проблем, касающихся столицы Кыргызстана. Наряду с переносом столицы в Кочкорский район, на аналитической основе предлагается возможность решения социальных, экологических, демографических проблем. Анализируются приоритеты предлагаемой территории, некоторые геополитические, географические факторы и даются соответствующие рекомендации. Также в статье автор подкрепляет свои аргументы примерами научных гипотез ряда зарубежных и отечественных ученых.

**Abstract:** The article suggests ways to solve the problems concerning the capital of Kyrgyzstan. Along with the transfer of the capital to the Kochkor district, the possibility of solving social, environmental, and demographic problems is proposed on an analytical basis. The priorities of the proposed territory, some geopolitical and geographical factors are analyzed and appropriate recommendations are given. Also in the article, the author supports his arguments with examples of scientific hypotheses of a number of foreign and domestic scientists.

**Негизги сөздөр:** Кыргызстан; капитал; көйгөйлөр; коомдук; демографиялык; экологиялык; капиталды котоpуу; Кочкор району.

**Ключевые слова:** Кыргызстан; столица; проблемы; социальные; демографические; экологические; перенос столицы; Кочкорский район.

**Keywords:** Kyrgyzstan; capital; problems; social; demographic; environmental; transfer of the capital; Kochkor district.

Кыргызстан эгемендикке жетишкен 34 жылдан бери башкалаада көйгөйлөр көбөйө берип кабат-кабат болуп кетти. Бишкек шаары негизи 500 миң кишиге эсептелген. 2024-жылдын декабрь айында Жогорку Кеңештин тармактык комитетинин жыйынында энергетика боюнча эксперт Э. Карыбеков борборду Кочкор районуна көчүрүүнү сунуш кылды.

«Проблемы Бишкека со смогом и пробками требуют комплексного, системного подхода. Как в Казахстане сделали с Алматы и Астаной, – привел он тогда пример и объяснил плюсы переноса столицы в Кочкорскую долину. – [Там], по новой дороге Север-Юг, поместятся пять Бишкека с аэропортами. Это центр Кыргызстана, [есть] готовая инфраструктура. В 60-80 км можно построить ТЭЦ Кара-Кече. Если надо, она возводится быстро. Вдоль автомобильной дороги проходит линия электропередачи Датка-Кемин в 500 КВт. На расстоянии локтя – Иссык-Куль, Сон-Куль, Чатыр-Куль и другие озера, красивые джайлоо», деп айтылат анын сунушу тууралуу басма сөздө таркаган маалыматта. [6]

Э. Карыбековдун борборду Кочкорго көчүрүү боюнча сунушу көп жагынан жөндүү. Мен бул боюнча Кочкор өрөөнүнүн эксперт санап өткөн артыкчылыктарынан башка факторлоруна токтолуп кетүүнү туура көрүп турам.

Азыркы Бишкектин башкы планы 60-жылдары түзүлүп, бир нече жолу өзгөртүлгөн, ал ошол замандын чен-өлчөмдөрү менен курулган. Ал учурда ордо калааны 40тан ашык жаңы конуш курчап калаары ойго да келбесе керек. Азыр алардын саны 99га жетти.

Бишкек шаарынын жолдору 40 миң автоунаага ылайыкталган болсо, азыр алардын саны 427 миң. Эгер жаңы борбор азыр пландалып долбоорлонсо, ал заманбап көз караш, шаар куруунун 1950-60-жылдардагы стандарттары менен эмес, азыркы замандын талаптарына шайкеш илимий жактан

негизделип, эл аралык адистер менен биргелешип даярдалмак. Улуттук илимдер академиясында окумуштуу техника илимдеринин доктору В.С. Энгелшт «Горение графита» деген илимий долбоорун ийне-жибине чейин изилдеп, эсеп-чотун чыгарып, айтып, ар кайсы аткаминердин эшигин кагып какшап жүрүп өтүп кетти. Ал Кара-Кече кенин казып ташыбай, жеринде шахта куруп жер астынан күйгүзүп газ кылып, түтүктөр менен тартып келип Ысык-Көл, Нарын, Чүй облустарын газ менен 300 жыл камсыз кылса болот деп илимий жактан негизделген долбоор сунуш кылган. Мен билгенден ал долбоор азыр анын уулунун колунда. Кара-Кече менен Кочкордун ортосу 90 чакырымга жакын.

Аталган өрөөн боюнча дүйнөлүк география, геосаясат илиминде да кызыктуу гипотезалар белгилүү.

Айтсак, англиялык окумуштуу географ, кийин геосаясат илиминин негиздөөчүсү Х. Макиндер «Хартленд» (дүйнөнүн жүрөгү, борбору) деген түшүнүктү киргизген. Анын пикири боюнча «Хартленд» Евразиянын борбордук бөлүгүндө тоолуу аймакта жайгашкан. Илимпоз жана геосаясатчы “ким «Хартлендге» ээлик кылса, ал дүйнөгө ээлик кылат” [4, с. 227] деп баса белгилейт.




Ал эми ата мекендик окумуштуу, геология жана минералогия илимдеринин кандидаты, доцент М.Н. Суюнбаев Х. Макиндердин концепциясын андан ары улантып, географиялык меридиан, координаттар боюнча эсептеп чыгып, «планетанын борбору Балыкчы шаарынан 42 чакырым түштүк-батыш тарапта, Кочкор кыштагына жакын жер» [1, с. 69-70] деп өзүнүн «Геополитические основы национальной безопасности Кыргызстана» деген илимий эмгегинде жазганы бар:

«Центр континента Евразия находится в районе вблизи озера Сонкуль в Кочкорском районе Кыргызстана (малоизвестный факт). Это нетрудно проверить: сложить широту юга и севера континента, разделить пополам, на этой широте (примерно 40°с.ш.) сложить долготу западной Испании и восточной части Японии и также сложить пополам. Из-за искажений картографических проекций на плоскость, визуально кажется, что центр Евразии находится на северо-востоке Казахстана. Следовательно, регион, включающий в себя Казахстан, Кыргызстан, Таджикистан, Туркменистан, Узбекистан, является географическим центром планеты (т.к. Евразия – самый большой континент), но при этом до сих пор не имеет общепринятого наименования на научной основе». [7]



Автор деги эле чөлкөмдүн «Борбор Азия жана Казакстан» деп аталышына каршы анын ордуна «Борбордук Евразия» деп атоо анын географиялык жайгашуусуна толук жооп берерин белгилейт:

«Понятие «Центральная Азия» в отношении анализируемого региона абсурдно в силу следующих причин.

1. Регион географически расположен не только в Азии, но и в Европе (территория Казахстана западнее р. Эмба) – это сведения из учебника географии за 7 класс.

2. Центр Азии находится в Турфане (Синьцзянь) – за пределами региона, «обзываемого» сейчас «Центральная Азия»! Никто же не называет НАФТА «Латиноамериканским Союзом». Хотя вроде и в Америке, и Мексика – латиноамериканская страна. А здесь: часть Казахстана – в Европе, центр Азии в Синьцзяне – и вот вам: «Центральная Азия».

3. Страны региона находятся и в европейских структурах – ОБСЕ, EuropeAID/TACIS, ЕБРР.

4. Страны региона находятся и в евразийских структурах – СНГ, ОДКБ, ЕврАзЭс, ТС, ШОС, ОИК, СВМДА, ЕЭП.

5. Страны региона не входят ни в одну чисто азиатскую структуру. В Азиатский банк развития входят Австралия, страны Океании и евразийский Казахстан. В Исламский банк развития входят европейская Албания, исламские страны Африки, евразийские Казахстан и Турция.

6. В культурологическом отношении народы региона представляют собой и Азию, и Европу: европейский стиль образования. Кто из жителей региона сомневается, пусть попробует сходу назвать 5 великих китайских художников, 5 великих индийских писателей и 5 великих японских композиторов. Уверен, что, например, с немецкими композиторами, французскими писателями и итальянскими художниками у местного читателя проблем будет намного меньше». [7]

Ал эми Кочкор району жөнүндө айтсам, география илиминде өрөөн деген түшүнүк бар. Өрөөн – бул айланасын тоолор курчаган түздүк. Кыргызстанда мындай өрөөндөр саналуу. Мисалы, түштүктө Токтогул өрөөнү, түндүктө Кочкор өрөөнү. Кочкор Кыргызстандын борбордук бөлүгүндө жайгашкан, Түндүк-Түштүк альтернативдик жолу келгени тогуз жолдун тоомуна айланды. Жогоруда белгиленгендей, негизи борбор шаар кылууга ыңгайлуу эки өрөөн бар: бири түштүктө жайгашкан ал Токтогул району, экинчиси ушул Кочкор району. Токтогулда стратегиялык мааниси бар Токтогул суу сактагычы жайгашып, түздүгүнүн көпчүлүк бөлүгүн суу басып турат.

Э. Карыбековдун сунушунун тарыхый да негизи бар. 1920-жылдардын башында республиканын борборун аныктоо боюнча добуш берүүдө Кочкор району да коюлуп, аз гана добуш менен өтпөй калганын тарыхчы, профессор З. Курманов өзүнүн «Политическая борьба в Кыргызстане в 1920 годы» [5, с. 37-39] деген эмгегинде айтып өтөт. Ал эми ага чейин Кочкор кыштагы город Столыпино деп аталып, бир убакта 70 күн бою Кыргызстандын борбору болгон.



Эл аралык эксперттердин божомолунда, жакынкы эле он жылдыкта дүйнөдө климаттык миграция күч алат. Жер шарынын айрым аймактарында күндүн табы кескин ысып, жашоого жөндөмсүз боло баштайт. Ошол өлкөлөрдөн жумуш издеп эмес, жан багууну башкы максат кылып миндеген адамдар, үй-бүлөлөр тоолуу, суу башындагы аймактарга агылат. Ата мекендик айрым эксперттердин божомолунда, биздин өлкөгө 1 миллиондон 1,5 миллионго чейин «климаттык мигранттар» агылып кирет. [9, с. 22, 29] Ал жүрүмдүн айрым белгилерин азыр деле байкасак болот.

Айрым эколог-географ окумуштуулар Бишкек шаарына күч келе берип абал жыл санап оорлоп баратканын белгилешет: “Акыркы 14-15 жылдын ичинде урбанизация агымы (темпи) будун-чаңга (стихия) кептелди. Шаардын айланасында обочолонгон "микрорайондор" пайда болуп, алардын көпчүлүгү бир кабаттуу үйлөрдөн туруп, эч кандай инфраструктураны эске албастан курулуп, шаардын санитардык-эпидемио-логиялык жана экологиялык абалы-нын курчушуна (төмөндөшүнө) алып келди” дейт. [12, с. 95-98] М.М. Дылдаев өзүнүн илимий макаласында.

Азыр Бишкек шаарына туш тараптан күч келип, чыңалуу күчөп баратат. Бүтүндөй кичирайондор салынып жатат. Бара-бара аларды шаардын тазалоо шаймандары, канализациясы, суу түтүктөрү, суу менен камсыз кылчу резервуарлар көтөрө албай калчу учур деле алыс эмес. Бул Бишкек шаарындагы кышкы ыш менен жол тыгынын айтпагандагы көйгөйлөр. Бул түбөлүккө созулушу мүмкүн эмес. Бишкек тургай республиканы бага турган, түшүмдүүлүгү жогору Чүй өрөөнү ички жана тышкы миграциядан жабыр тартып жатат. Бул өз кезегинде улуттук коопсуздукка, тагыраагы тамак-аш коопсуздугуна коркунуч жаратат. [3, 367-369-бб.]

Абал ушул бойдон кала берсе мамлекет Бишкектин батыш тарабындагы Сокулук районуна караштуу жүздөгөн гектар түшүмдүү жерлерде турак жай салууга да уруксат берүүгө аргасыз болот. Бишкек батышты көздөй гана өсө алат, башка жол жок. Бул болсо өз кезегинде тамак-аш коопсуздугуна коркунуч жаратат. Демек, жакынкы эле келечектеги тамак-аш коопсуздугунун зарылчылыгынан да борборду которууну пландоо ишин баштоо максатка ылайыктуу. Планетанын калкынын саны 9 миллиардга жетсе, жер адамдарды бага албай калат деген да божомол бар. [3, 4-45-бб.]

Эми Кочкор районуна борборду көчүрүүнүн ыңгайлуулугунун бир нече себептерин айта кетели. Кочкор өрөөнүнүн узундугу 88, туурасы 22 чакырым. Кышы катаал эмес, кар дээрлик жатпайт. Жеринин түшүмдүүлүгү аз, демек түздүктөрдөгү айдоо аянттарына кылчактабай туруп шаар долбоорлосо болот. Түркия, Италиядагыдай адырларды, бөксө тоо беттерин да турак жай куруш үчүн көбүрөөк колдонсо болот. Дыйканчылыктын ордуна багбанчылыкка басым жасоо зарыл. Себеби, алма, өрүк, алмурут, карагат, малина – баары бышат. Кар жаабас кара Кочкордон башталган Чу дарыясы өрөөндү так ортосунан башынан аягына чейин жарып өтөт жана аны эки жээги токойго айланган. Сөөк, Каракол капчыгайлары жана Кызарт тараптан соккон жел илгери эле “Үч Көөрүк” деп аталып өрөөндүн батышынан чыгышына карай шамаал согуп табигый вентиляция милдетин аткарат. Күн дайым тийип тургандыктан жана Кочкордун кара шамаалы ар дайым согуп тургандыктан желден, күндөн алынчу кубат булактарын көбөйтүүгө шарттар жетиштүү. Балыкчыдан Кочкорго темир жол баратат. Ал жол андан ары түштүккө чыгып, Жалал-Абад, Ош аркылуу өтүп, Баткенди аралап кайтат. Союз убагында бул маршрут Тажикстандын Канибадам шаарына чейин барчу, Баткенге Канибадам аркылуу жетчүбүз. Ал жакта мурдагы Жалал-Абад-Фрунзе темир жолуна кошулушу стратегиялык жактан маанилүү.

Бир кезде борборду Ошко көчүрүү боюнча идеялар көп айтылган. Бирок ал идеялар коопсуздук жагдайын эске алган эмес. Дүйнөдө бир тууган катары кабыл алынып келген мамлекеттер да айыгышкан согушка өтүп, касташып калышты. Өлкөнүн түштүгүндөгү коңшулар менен мамиле татаалдашып кетпешине кепилдик жок. Эгерде согуштук кырдаал түзүлсө, өлкө борбору бир заматта изоляцияда, блокадада калып калуу тобокелдиги бар. Мындай шартта мамлекеттин борбору Ош, Баткен облусунда жайгашканы опурталдуу. [9, с. 84-89]

Ошондуктан борборду көчүрүү боюнча илимий негизделген сунуштардын ичинен Токтогул шаарчасын же анын тегерегин ылайык көргөн адистердин да пикирлери эске алууга татыктуу. Атап айтсак, Кыргызстандын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтунун изденүүчүсү Жыргалбек Касаболотов «Кыргыз Республикасындагы күч түзүмдөрүнүн функционалдык дисбаланс маселеси» аттуу макаласында негизинен коопсуздук жаатындагы бир нече жагдайды, ошондой эле Бишкек жана Ош шаарларынын ашыкча жүктөмүн, логистикалык жана башка факторлорду эске алуу менен борборду Токтогулга көчүрүүнү сунуш кылган. [2, 52-53-бб.]

Чындыгында эле Токтогул менен Кочкор аскер күчтөрүн жайгаштыруу, өлкөнүн түпкүрүнө дислокациялап кайра жайгаштыруу, тездик менен жылдыруу маселесинде да ыңгайлуу. Чек ара аскерлерине борбордогу негизги аскердик контингенттен көмөк өлкөнүн бардык аймактарына тез жетиши

өзгөчө маанилүү. Кочкордон жаңы курулган жол менен Ошко 5 саатта, Баткенге 7 саатта, Жалал-Абадга 4 саатта аскер күчтөрүн жеткирсе болот.

Кыргызстан – тоолуу өлкө, анын аймагынын 90% ашыгы тоолордон турат. Тоолуу шартта согушууга ылайыкталган, мыкты даярдыктагы жөө аскерлер бөлүктөрүн жайгаштырууга эң ылайыктуу (негизги түздүктөн башка да) чоң коктулар, капчыгайлар Кочкор өрөөнүндө жетиштүү. Себеби аскерлерди даярдоодо классикалык салттарды тоолуу шартта аракеттенүү менен айкалыштырып даярдоо зарылдыгы бышып жетилгенине көп болгон. Кыргызстандын аскердик доктринасы тоолуу согуш талаасына ылайык түзүлүшү керек экенин мындан бир нече жыл мурун эле аскер эксперти Леонид Бондарец жазып чыккан жайы бар. [8, с. 26]

Эске ала турган дагы бир жагдай: Нарын облусу – Кыргызстанда аймагы эң чоң, бирок калкынын жыштыгы эң төмөн аймак. Демографиялык гигант Кытай менен чектешкен Ат Башы районунун эле аймагы Чүй облусунан чоңдук кылат. Демографиялык потенциалы жана тынч экспансия саясаты менен бүт дүйнөнү сестенткен улуу Кытай коңшубуз менен чектешкен облуста жаңы борбор жайгашып, ал жак социалдык-экономикалык, демографиялык жактан өнүгүшү да стратегиялык чоң мааниге ээ.

Миграциялык процесстердин негизги себебин география илимдеринин доктору М.М. Дылдаев түшүндүрөт:

Кыргыз Республикасындагы миграциялык процесстерде социалдык-экономикалык фактор басымдуулук кылып жатат, ал өлкөдөгү экономикалык туруксуздуктан келип чыгат, б.а. жумуш орундарынын жоктугу, жашоо деңгээлинин төмөндүгү жана жакырчылыктын жогорку индекси өлкөнүн жарандарын жакынкы жана алыскы чет өлкөлөргө жумуш жана жакшы жашоо издөө үчүн жөнөтүүгө мажбур кылууда. [11, с. 2] Бул фактор тоолуу Нарын регионуна өзгөчө мүнөздүү болуп саналат жана өлкөдө территориясы эң чоң бирок калкы эң аз, андан калса, Кытай менен чектешкен өлкөдө элдин саны азая бериши коопту.

